Кырг
О 57

С. ӨМҮРБАЕВ

ӨЗГӨРГӨН ӨРӨӨН



САГЫНДЫК ӨМҮРБАЕВ

ӨЗГӨРГӨН ӨРӨӨН

(РОМАН)

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1982

84 Ки 7
Ө—99

Өмүрбаев Сагындык.
Ө—99 Өзгөргөн өрөөн: Роман. — Ф.: Кыргызстан, 1982. — 432 бет.

Адамды адам кылган эмгек экенин даңазалаган бул романдын башкы каарманы — Адыл Акбаевдин прототиви — Социалисттик Эмгектин Баатыры, партиянын Кочкор райондук комитетинин биринчи секретары Корчубек Акназаров.

Ал жеке эле чарбалык жана саясий жетекчи болбостон, жер тилмери — баба-дыйкандык кадыр-баркка чейин жеткендигин, башкаларга үлгү болоорлук уюштургуч демилгекендигин, сергектигин жазуучу Сагындык Өмүрбаев озүнүн «Өзсин, сергектигин жазуучу Сагындык Өмүрбаев озүнүн «Өзгөргөн өрөөн» аттуу романында көркөм чагылдырууга аракеттенет.

С (Кирг)2
ББК 84Ки7

Ө 70303—199
145—82. 4702280200
М 451 (17)—82

Рецензиялаган филология илимдеринин кандидаты М. Түлөгабылов.

© «Кыргызстан» басмасы, 1982-ж.

Сагындык Омурбаев

ОБНОВЛЕННАЯ ЗЕМЛЯ

(Роман)

(на киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Рецензент *М. Түлөгабылов.*
Редактору *У. Токтомамбетов.*
Көркөм редактору *Д. Лысогоров.*
Сүрөтчүсү *А. Акматов.*
Тех. ред. *Ж. Сооронкулова.*
Корректору *Ж. Елтинова.*

ИБ № 1924

Терүүгө 24. 05. 1982-ж. берилди. Басууга 10. 10. 1982-ж. кол коюлду. Д—01899. Басмаканалык № 3 кагаз. Жөнөкөй жаңы ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84×108 1/32. 13,50 физ. басма табак, 22,68 шарттуу басма табак, 26,445 учеттук табак. 22,838 боёк түшүрүү. Тиражы 10. 000. Заказ № 212. Баасы 1 с. 70 т.

Элдердин достугу ордендүү
«Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

«Нандып адамга керектиги ушунча дейсиз: дүйнөгө көз жарып келээр менен нансыз жашай албайбыз да, өлүм сааты жеткенге чейин нанды эч тана албайбыз»

(А. О. Перментье)

1

Адеп, тиги улуу тоо башын аймалап, кыл чокунун мөңгүсүнө көлкүгөн күндүн нурун жамы жаратылыш жардана карап калды:

— Касиеттүү күн келатат!

Ушуну адегенде тоо-талаада шаңкайып жаткан таң айтып, ордунан козголду. Анан бел-белестер, апай беттер, таштак адырлар, торгой таңшыгына толгон мел-мел талаалар да ошо сөздү кайталап, утурлай карашты:

— Касиеттүү күн келатат!

Шофердун жанында отурган Акбаев да ошо мөңгүлүү чокуга колкүгөн күндү тиктеди. Булар отурган УАЗ-469да ошо күндүн мурду тийген тарапка безилдеп баратты.

Мөңгүдөн төмөн жайпаган күн тээ карын каккан күнгойлөргө келип бир тийип, бироокумда аркы какшыган адырларды аймалады.

Жолсуз таштак менен декилдеген УАЗ-469 күнгө дал ошо адырдын этегинен жетип бир тийди. Машинанын маңдайкы терезесинен тийген күн Акбаевге да жаба берди. Эңкее берип машинадан түшүп жаткан Акбаев куду күнгө жүгүнүп тургандай көрүндү. Кокту-колотко мелт-калт болуп, андан ары тээ, ойду карай жайпап бараткан ошо күн шарына кириниш турду. Ооба, ал мелмилдеген дайрага чабак ургандай, өзүн жайпаган күнгө кулачын кере таштап, козун чылк жуумп жиберип, шадылуу кош колу менен мүлдө жүзүн укалай ракаттанып жатты:

— Аххх! — Ушу мүнөттө ал ичинен тилек этип, кыялданып койду:

«— Ах! Дал ушундай суу мол болсо?..»

84 Ки 7
Ө—99

Өмурбаев Сагындык.
Ө—99 Өзгөргөн өрөөн: Роман. — Ф.: Кыргызстан, 1982. — 432 бет.

Адамды адам кылган эмгек экенин даңазалаган бул романдын башкы каарманы — Адыл Акбаевдин прототиви — Социалисттик Эмгектин Баатыры, партиянын Кочкор райондук комитетинин биринчи секретары Корчубек Акназаров.

Ал жеке эле чарбалык жана саясий жетекчи болбостон, жер тилмери — баба-дыйкандык кадыр-баркка чейин жеткендигин, башкаларга үлгү болоорлук уюштургуч демилгесин, сергектигин жазуучу Сагындык Өмурбаев өзүнүн «Өзгөргөн өрөөн» аттуу романында көркөм чагылдырууга аракеттенет.

С (Кирг)2
ББК 84Ки7

Ө 70303—199 / М 451 (17)—82 — 145—82. 4702280200

Рецензиялаган филология илимдеринин кандидаты М. Түлөгабылов.

© «Кыргызстан» басмасы, 1982-ж.

Сагындык Омурбаев

ОБНОВЛЕННАЯ ЗЕМЛЯ

(Роман)

(на киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Рецензент *М. Түлөгабылов.*
Редактору *У. Токтомамбетов.*
Көркөм редактору *Д. Лысогоров.*
Сүрөтчүсү *А. Акматов.*
Тех. ред. *Ж. Сооронкулова.*
Корректору *Ж. Елтинова.*

ИБ № 1924

Терүүгө 24. 05. 1982-ж. берилди. Басууга 10. 10. 1982-ж. кол коюлду. Д—01899. Басмаканалык № 3 кагаз. Жөнөкөй жаңы ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84×108 1/32. 13,50 физ. басма табак, 22,68 шарттуу басма табак, 26,445 учеттук табак. 22,838 боёк түшүрүү. Тиражы 10. 000. Заказ № 212. Баасы 1 с. 70 т.

Элдердин достугу ордендүү
«Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

«Нандыл адамга керектиги ушунча дейсиз: дүйнөгө көз жарып келээр менен нансыз жашай албайбыз да, өлүм сааты жеткенге чейин нанды эч тана албайбыз»

(А. О. Перментье)

1

Адеп, тиги улуу тоо башын аймалап, кыл чокунун мөңгүсүнө көлкүгөн күндүн нурун жамы жаратылыш жардана карап калды:

— Касиеттүү күн келатат!

Ушуну адегенде тоо-талаада шаңкайып жаткан таң айтып, ордунан козголду. Анан бел-белестер, апай беттер, таштак адырлар, торгой таңшыгына толгон мел-мел талаалар да ошо сөздү кайталап, утурлай карашты:

— Касиеттүү күн келатат!

Шофердун жанында отурган Акбаев да ошо мөңгүлүү чокуга көлкүгөн күндү тиктеди. Булар отурган УАЗ-469да ошо күндүн мурду тийген тарапка безилдеп баратты.

Мөңгүдөп төмөн жайпаган күн тээ карын каккан күнгөйлөргө келип бир тийип, бироокумда аркы какшыган адырларды аймалады.

Жолсуз таштак менен декилдеген УАЗ-469 күнгө дал ошо адырдын этегинен жетип бир тийди. Машинанын маңдайкы терезесинен тийген күн Акбаевге да жаба берди. Эңкее берип машинадан түшүп жаткан Акбаев куду күнгө жүгүнүп тургандай көрүндү. Кокту-колотко мелт-калт болуп, андан ары тээ, ойду карай жайпап бараткан ошо күн шарына кириниш турду. Ооба, ал мелмилдеген дайрага чабак ургандай, өзүн жайпаган күнгө кулачын кере таштап, көзүн чылк жуумп жиберип, шадылуу кош колу менен мүлдө жүзүн укалай ракаттанып жатты:

— Аххх! — Ушу мүнөттө ал ичинен тилек этип, кыялданып койду:

«— Ах! Дал ушундай суу мол болсо?..»

84 Ки 7
Ө—99

Өмүрбаев Сагындык.

Ө—99 Өзгөргөн өрөөн: Роман. — Ф.: Кыргызстан, 1982. — 432 бет.

Адамды адам кылган эмгек экенин даңазалаган бул романдын башкы каарманы — Адыл Акбаевдин прототиви — Социалисттик Эмгектин Баатыры, партиянын Кочкор райондук комитетинин биринчи секретары Корчубек Акпазаров.

Ал жеке эле чарбалык жана саясий жетекчи болбостон, жер тилмери — баба-дыйкандык кадыр-баркка чейин жеткендигин, башкаларга үлгү болоорлук уюштургуч демилгесин, сергектигин жазуучу Сагындык Өмүрбаев озүнүн «Өзгөргөн өрөөн» аттуу романында көркөм чагылдырууга аракеттенет.

С (Кирг)2
ББК 84Ки7

Ө 70303—199
М 451 (17)—82 145—82. 4702280200

Рецензиялаган филология илимдеринин кандидаты М. Түлөгабылов.

© «Кыргызстан» басмасы, 1982-ж.

Сагындык Омурбаев

ОБНОВЛЕННАЯ ЗЕМЛЯ

(Роман)

(на киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Рецензент *М. Түлөгабылов.*
Редактору *У. Токтомамбетов.*
Көркөм редактору *Д. Лысогоров.*
Сүрөтчүсү *А. Акматов.*
Тех. ред. *Ж. Сооронкулова.*
Корректору *Ж. Елтинова.*

ИБ № 1924

Терүүгө 24. 05. 1982-ж. берилди. Басууга 10. 10. 1982-ж. кол коюлду. Д—01899. Басмаканалык № 3 кагаз. Жөнөкөй жаңы ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84×108$^{1}/_{32}$. 13,50 физ. басма табак, 22,68 шарттуу басма табак. 26,145 учеттук табак. 22,838 боёк түшүрүү. Тиражы 10. 000. Заказ № 212. Баасы 1 с. 70 т.

Элдердин достугу ордендүү
«Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

«Нандыл адамга керектиги ушунча дейсиз: дүйнөгө көз жарып келээр менен нансыз жашай албайбыз да, олүм сааты жеткенге чейин нанды эч таңа албайбыз»

(А. О. Перментье)

1

Адеп, тиги улуу тоо башын аймалап, кыл чокунун мөңгүсүнө көлкүгөн күндүн нурун жамы жаратылыш жардана карап калды:

— Касиеттүү күн келатат!

Ушуну адегенде тоо-талаада шаңкайып жаткан таң айтып, ордунан козголду. Анан бел-белестер, апай беттер, таштак адырлар, торгой таңшыгына толгон мел-мел талаалар да ошо сөздү кайталап, утурлай карашты:

— Каспеттүү күн келатат!

Шофердун жанында отурган Акбаев да ошо мөңгүлүү чокуга көлкүгөн күндү тиктеди. Булар отурган УАЗ-469да ошо күндүн мурду тийген тарапка безилдеп баратты.

Мөңгүдөн төмөн жайпаган күн тээ карын каккан күнгойлөргө келип бир тийип, бироокумда аркы какшыган адырларды аймалады.

Жолсуз таштак менен дөкилдеген УАЗ-469 күнгө дал ошо адырдын этегинен жетип бир тийди. Машинанын маңдайкы терезесинен тийген күн Акбаевге да жаба берди. Эңкее берип машинадан түшүп жаткан Акбаев куду күнгө жүгүнүп тургандай көрүндү. Кокту-колотко мелт-калт болуп, андан ары тээ, ойду карай жайпап бараткан ошо күн шарына киринип турду. Ооба, ал мелмилдеген дайрага чабак ургандай, өзүн жайпаган күнгө кулачын кере таштап, көзүн чылк жуумп жиберип, шадылуу кош колу менен мүлдө жүзүн укалай ракаттанып жатты:

— Аххх! — Ушу мүнөттө ал ичинен тилек этип, кыялданып койду:

«— Ах! Дал ушундай суу мол болсо?..»

Акбаев өр талаша жөө чыгып баратты. Тээ, бийиктен төмөн түшкөн аңырайган кең кокту; кокту таманында шылдыраң суу; суу жүргөн кокту мына бу таштак кең чалкакты тең жара болуп жатат. Арык уйдун кабыргасындай жылаңач чыбырлар, какшыган адырлар, кырча ташына каниет эткен бозоргон төштөр... Бул чөлкөмдө чөп ордуна таш осуп калгандай көрүндү Акбаевге. Шагыраган таш арасынан сербейген шыбак менен алтыгана ошо таштан корунуп-чүнчүп тургандай жикирейет.

Бийиктен кокту менен көчүп келип токтоп калгансыган көш кызыл дөбө турат бет маңдайда. Акбаев тартаңдай басып берки дөбөгө чыгып барды. Таш көмүрдүн чогундай кызыл тоону чок ортосунан боло чаап таштагандай экен, ортосунда сай, сай таманында суу жатат. Чоктой көш дөбөнү анан коктудагы сайды тоорула караган Акбев өзүнөзү айтып жатты.

«— Так ушул жерден тосулса — суу сактагыч болот. Бул өзү кара суу. Кышынан-жайына сакталган суу менен мына бул адырларга жан киргизүүгө болот. — Адырларды, чыбырларды олчөй карап жатты бийиктен. — Миң гектар келет. Муну сөзсүз колго алуу керек, сөзсүз!»

Аймак кең, ошо кеңине жараша чөбү буралган шалбаа болсо эмне?! Ным сактабас какыр таштак. Бул арага жайылган кой-эчки гана таш арасынан сербейген шыбак искебесе өзгө тирилик көзгө чалдыкпай какшып жатат. Тигинден аркы майда чыбырлар арасында бирин-серин бузулган эски тамдардын дубалдары, ошол айланада тилке-тилке айдоо жер... Ана, ошолор мурунку кыштактардын орду, майда кыштактардын али аттары өчө элек: Май-Чыбыр, Тогуз-Булак, Кара-Күңгөй, Көш-Дөбө, Кара-Саз, Көш-Булуң, Сары-Чат... Кокту-колот, жыбыт-жылгалар, ошолордогу майда колхоздор бир кездеги...

Балапандарын эбак учуруп кеткен торгойдун уяларындай болуп, боз чыбырларда кичинекей боз дубалдардын нугу жатат. Ушул чыбырларды аралап, тоодон ойду карай кулач таштаган Кара-Күңгөй сайы жатат. Бая күнү ушулардан кой кайтарып жүргөн чал алиги кичине колхоздордун атын тогуз корголдой санап берген, чалдын санатына баш иркеген Акбаевге мына бу бет алдындагы чыбырлар куду тогуз корголдун тактайындай көрүнгөн эле. Чал бу чөлкөмдүн аба-ырайын: илгертен эгин-чөбүнүн өсүмүн, мөңгүсүнүн эрип, суусунун киргенин сүйлөп отурган:

«...Бир жылдары ушул Кара-Күңгөй суусун атчан кече албай калганбыз. Күкүктөп кирген. Деги ошо жылдары суу кыйын кирчү, балык суу менен жайылып келчү айдоого,

ушу чыбырларга чийип эле сээп койсок аштык жети богок байлачу. Арпанын сабагын түтүк кылып, кымыз ичишчү балдар, камыш сыяктуу жоон болчу эле жарыктык».

А күнү чал менен кыйла маектешкен: чалга бу — меймандай ал — үй ээсиндей көрүнгөн. Өз үй-жайын тааныштырып тургансыган анын ар бир созүн кетирбей тыңшап, мына бу жер менен иркектеш чалдын карапайым өмүрүнө, тажрыйбасына кызыккан. Акбаев дегеле жеринен ушундай кишилер менен ынак. Алар менен ар дайым таттуу сырдашат. Ана, тал союлу менен жерди чукуп сүйлөгөн чал: «Мына ушуларга чийип эле коюп сээп таштасак аштык жети богок байлачу». Муну угуп турган Акбаев арпанын ар бир богогун коңулүндө өлчөп, көз алдына келтирди: «Демек, жер семиз. Замандан бери дың жаткан жер. Демек, бул аймакты жалаң эле таш экен деп таштап коюуга болбойт. Бул жерге эмгек гана сиңирүү керек. Кадимки суу сиңгендей эмгек гана сиңсе болду, калганы жайында».

Өзүнчө ушинткен Акбаев дөбөдө туруп, бул өрөөндү аягынан-башына көз чаптырып жатты: ушундан тээ, булут кочкон моңгуго чейинки боз адырлар жер жаралганы жайылган суу корбогон, соко тиши тийиш жарыбаган дың. Чалкайып жаткан өрөөндүн коздон далдаа кокту-колотунун көбү мына ушул абалда экенин баамдап койду бул. Береги суу жаткан сайга түшүп, сайды өйдө өрдөп, тээп, чыбырларга чейин барып, андан кадуулап отуруп, бу Кара-Күңгөй коктусунун бетин шашкеге чейин жоо кыдырып жүрдү. Жеден, өзөгү кararган анын бутунун сөөгү какшап ооруп чыкты. Көбүрөөк басканда, күн бүрколгөндө ушинтет, эски кызыл жүгүрүктүн салдары.

Өйдө калган машинага жете келген ал каалгасын акырын ачып, ичкери жакка баш катты: арткы орундукка кырынан жаткан шофер жигиттин коңуругу машинага толуп турунтур. Орундук алдынан көөнөргөн сумканы алган Акбаев тиги жигитти жумшак ойготуп жатты:

— Ишен... э, Ишен? — Башын бир булкуп алган шофер дароо көзүн укалап жиберди да шаша туруп машинаны айдамак болду эле Акбаев аны токтотуп кайра унчукту:— Жүрү, оокаттанабыз.

Муну укkан Ишен али уйкулуу көзү менен маңдайындагы Акбаевди таңыркай карады. Бул: «Кайдан оокаттанабыз? — деген көз караш эле,— же бул айланада үй болбосо?..»

Шыңга бойлуу, аксаргыл жигит унчукпай ээрчиди Акбаевди. Машинадан бери каксоого келип отурган Акбаев ортого газета жайды да ага: бир жапкан нан, бир баш пияз,

эки тилим эт койду, сумканын бир бурчуна тикесинен салган термозду бери алды да анын оозундагы калпакчасын чыгарып чай куйду, ошону Ишенге сунду:

— Кел, баатыр! Идишибиз бирөө, андыктан кезек менен ичебиз. Мунун баарын тап кетирбей карап отурган Ишен чайды аден алуудан шарт баш тартты, озунчо ыңгайсызданып шашып калды:

— Жо, жок, кокуй! Алыңыз, ала келициз?

Чай сунган колун кайра тарткан Акбаев алдыдагы даамды жаңсады Ишенге.

— Анда, алдыңдагы даамдан чайнай отур, улуу эмесминби мен баштайын. Ишен жанынан маки алып, панды туурамак болду эле, Акбаев жай минтти:

— Колуң менен үз, жумшак жапкан панды кол менен үзүп жеген жакшы. Маки менен тиги этти гана бортүп койсоң болот.

Нан үзгөн Ишендин коз кыйыгы Акбаевде: арыкчырай канжайган кишинин кок тарамышы чыккан шадылуу колу эттен мурун бир үзгөн нан алды да нан даамына ошончо маанырлана чайдан ууртады. А Ишен болсо бармак-соомөйүнүн учу менен чымчый кармаган бир үзүм панды анчейин сыпайгерчилик үчүн гана четинен кетип отурду. Далайдан бери нан жей электей нан даамына ыракаттана чайнап, чай ууртаган Акбаевди азыр көргөндөй кыя карап отурду Ишен.

Акбаевдин өңү-түсү да, үстү-башы да ото жупуну эле. Бырыштуу жазы мандай, кагелес кишинин алагай жайдары көзү кишини токтоо да, жагымдуу да карайт экен. Созду ашыкпай кайырган кожогойрок, коңур үнүнөн ал сөзгө өтө маани бергендик, аны айтып турган адамга коңүл болгондук сезилет. Ал сүйлөгөндө куду бир жазап жаткан буюмун ашыкпай көздөн өткөрүп, анын өөнүн жонун жаткан зергердей ар созду табы менен салмактуу сүйлөйт экен. Бу Ишен көрүп-билип жүргөн жетекчилердин бирде-бирине окшобогонсуйт: өктөмдүгү жок экен, бир нерсеге чарт-чурт буйрук айтып, же бироолорду зекип жибербейт.

Баса, Ишен адегенде бул кишини өгөйлоп жүрдү. Сугатчылардан бетер таңкы саат 5тен кечикпей талаага чыгат да ошо сугатчыдай болуп талаадан бирдеме шам-шум этип кечке жумуш үстүндө. Алар менен аралашып иштей кеткенин айтпайсыңбы, сугатчынын колунан күрөк, кетмен талашып. «Райком да ушундай болобу?! Таң атпай муну айдан жүргөн ким бар?! Жайма-жай түштөнөм десе буга богүлбөй турган ким бар ушу тапта?! Колдон келип турганда, жырга, баягы Асанбаев аксакалча!..»

Машинанын баранкасын мыкчай карман, ачуулана, жаагы карышкан Ишен өз ичинен ушуну айтып, мындан мурунку секретарь менен сүргөн «дооранын» эстеп баратты. Тээ, суу жээгиндеги калың токойду кылчак карады.

Асанбаев аксакал баратканда ат-атка тийбей, ал түшкөн жерге той-тамаша, козулардын башы бырчылдап ыргып, арак менен коньяк суудай акчу. Ырас ал да өндүрүштүн абалын билем деп талаа кыдырчу, ошондо да алиги, той-тамаша ал барган жакка ээрчий жүрчү: бирде жогору — тоо арасына, бирде тиги чоң суу жээгиндеги — токой арасы, жашыл саябанга... тыягынан шишкебек чыжылдап, быягынан куйрук-боор кезек күтүп... ал эле эмес, жаңы мода менен жасанган жаш келиндер Асанбаев аксакалга кылыктана коньяк сунуп... атаңдын гана көрү десеңчи!.. Кээде, ушул Ишен өзү аксакалына шишкебек же куйрук-боор кармап турчу эмес беле эпилдеп.

Аксакал тиги токой жарып аккан көк-кашка дайрага чабак уруп сергичү, ал чабак уруп ойноп жүргөндө да коньяк закускасы менен жээкте кол талашып, ооба, колдон-колду талашып, жээк бойлоп аны ээрчий жүгүрүп жүрчү эмес беле! Кереги кечке, кээде, түнгө чейин сайрандаган булар үйгө кеч кайтып, түшкө чейин уктачу. Анда өзгө түгүл ушул Ишендин тынчын алган жан жок. Ким көрүптүр таң атпай минтип тоо-талааны ачка кыдырып жүргөндү. Сыйдан качкан мындайды ким көрүптүр.

«...Саат 4то туруп, төрт жарымда келе кал. Биздин иш күнүбүз эрте башталат Ишен баатыр». Акбаевдин оозунан муну аден укkан Ишендин көзү бакырая түштү. Ишендин көзүн көргөн Акбаев минтип кошумчалады. «Үйкуң катуу беле? Эчтеке эмес, а үйкунун нормасын толтуруп алабыз. Түшкө чейин иштеп, чак түшто бир кере уктап койсок барбы!..»

Өзү айткандай мындай «кыйноону» көрбөгөн Ишен таң атпай уйкуга мас, туруп баратып жыгылып, далайга ордунда чайпалып, анан озунчо ыйлактап, өзүнчө сөгүнүп, колун тетири шилтеп үйүнөн чыкчу эле.

— «Чыгам кызматынан! деп булкунчу,— кереги жок мага мындай кыйноонун! Бүгүн арызымды жазам да кетем мындан! Аныкудай урган киши экен! Кишини да уктатпайт, өзү да уктабайт». Машина айдап баратканда да кулагы зыңылдап, каракушу лукулдап, тула-бою тутушуп жүрдү. Устоко-босток эстеп уйкусу ачылбай бараткан Ишендин колунан тизгинди Акбаев өзү алган күндөрү да болду:

— Ишен, токточу баатыр? Кана, мен айдап көрөйүн, ацгыча сен кыйшайып уктап ал. Ии, антпесек болбойт да.

Ишен муну адеп укканда ынана бербей какшыкпы деди, Акбаевдин озуно машинанын тизгинин шарт бере коюудан ийменди, кыйылды, бирок Акбаев айтканын кылды: тизгинди озу алып, Ишенди тынч уктатып койчу болду. Бул Ишенге какшыктай же кекетуудой эмес, анчейин гана баласына кам коргон, баласын аяган атадай сезилди. Оо, бир оокумда, Ишен магдырап ойгонгондо гана жумшак үн жай угулат:

— Ишен баатыр, уйку кандыбы? Ии, мына эми сергек жүрөсүң.

Ишендин ичиндегесин кирпигинен коргон Акбаев аны менен жакын жолдошундай баарлашып калчу эле. Акбаевдин кечке барар жери, бутурор иши күн мурун Ишенге дайын, ошон үчүн кайда бет аларды сурап отурбай, буйдалбай шар жүрө бермей: Топурак-Белдин талаасы, Кочкоратанын сайы, Шамшынын алкымы... Бул жерлерди бүгүн кыдырууну бул экөө кечээ сүйлөшкөн. Андагы механизаторлорду көрүп, сугатчылардын абалын байкап, анан ошо сугатчылар менен чогуу-чаран отуруп түштө тамактанып алып, кайра ишке кирмей. Сугатчылар демекчи, эки күн мурун бир окуя болду, аны эстеген Ишен азыр да мыйыгынан күлүп отурат...

* * *

Булар таң кулан-өөгүндө чыгып, тээ, Чалай коктусун ордоп башына барып, андан бери Куу-Мамынын куп-куу чалтарын кыдырып, бери Ара-Көлгө түшүп келишкенде күн көтөрүлүп калган эле. Суу жаткан талааны көрүштү. Кулактарды коо кылып жеп кеткен суу боз талаада ээн. Арык кырында эки күрөк сайылып турат. Машина тык токтоду, багажниктеги күрөгү менен резина өтүгүн, сумкадагы азыгын алып калган Акбаев Ишенге айтты:

— Сен эми кете бер да түш оой кел.

Алыш бойлоп декилдеген УАЗ-469 бир аздан кийин көрүнбөй калды. Жырылган кулактарды бекитип, кулактарды которуп, тартандай баскан Акбаев тынбай кулак байлап, ала терип жүрдү.

Күн түш болду. Боз талаада суу жылдыздан жатты. Көлкүгөн жерге маашырланган Акбаев жазы мандайынан мончоктогон терди шыпырууга буямасы келбей, жылдыздаган сууну жетелеп, жумушка кызыды. Ушу тапта тээ, ойдогу кыштактан чыккан эки сугатчы көрүштү муну:

— Ой, тиги биздин сууда жүргөн ким ыя?

— Баягы акмак бригатың кылган го?! Бат бүткүло деп ошо жиберген да!

— Баары бир бизге жазылат,— деп, долдогой кара камыраган жок.

— Ой, тиги жүргөн эме жаздырабы?! — деп чебеленди жапалдаш сары.

— Жаздырбай көрсүнчү, күрөк менен жаткыра чабайын! — Долдогой кара бир барк этип басылды.

Ачуулуу келатышкан эки сугатчы тээ, айдоонун аягынан кыйкырышты Акбаевге:

— Ээй! Э-ээй! Эмне кылып жүрөсү-үң?!

— Оо, сугары-ып... сугарып жүрө-өм! — деген Акбаевдин үнүн угушкан берки экөө, аны карап жанагыдан бетер жаалдана кетишти:

— Оо, атаңдын оозуга...— деп ызырына кетти берки жапалдаш сары.

— «Сугарып жүрөм» дейт тура! О, ким чакырды сени сугарып бер деп ыя?

— Айда-а! — деп барк этти долдогой кара, берки жолдошунун сөзүн сүрөп. — Ушунчалда келген жагыңа кет! Артыңды караба! Ато, бирди көрөсүң!

— Ай, ай баатырлар!..— Акбаевдин үнү беркилерди жайкай чыкты. Сабыр эткилечи, антпей жай сүйлөшөлү, бери келсеңер? — Ушу тапта берки экөө бирин-бири карап, өздөрүнчө кобурай калышты:

— Ой, ой, бул өзү?..

— Бу биздин калкосдун кишиси эмес. Жүрчү, жанына баралы.

Суу жаткан алыштын үстүнкү жээгине чыгышкан берки экөө, калкамандай басып келишип, мунун шилисине келип бир токтошту:

— Сен кимсиң ой?

Акбаев баш көтөрүп күлө-бакты, буларга салам айтты да күрөгүнө сүйөндү.

— Менби?

— Ооба, сен?!—деди, берки жапалдаш сары демите кетти.

Акбаев күрөгүнө сүйөнө, күлө-баккан калыбын жазбай жооп кайтарды:

— Мен... киши элемин го?

Муну укkан жапалдаш сары жанагыдан бетер тиртеңдей кетти:

— Тикини, тикини! Кер сүйлөп маа! Киши экениңди көрүп турам! Ой, сен кайдан келген эмесиң дейм?! Биздин калкостон эмессиң, ыраспы?!

— Ии,— деди Акбаев тиги сугатчынын суроосуна эми түюнгандай. Анан ошондой дебейсиңби. Мен тиги Шамшыдан болом, жардамга жиберишкен.

Муну угушкан тиги эки сугатчынын кыбасы канды. Күлкү аралаш жарыша минтип, беттеп калышты Акбаевди:

— Оо, аа... кайран гана көсөл! Болду, болду, сен да бир көсөл экенсиң!

— Жазаңды тартып жүргөн эмесиң го? Ха-ха-ха-а!

— Жазасы жок эле келгем,— деди Акбаев, жанагы күлөбаккан калыбында. — Эмне силерге жардам берген жаманбы?

— Жардамчылын мунун! — деди берки жапалдаш сары. — Андай күчүң тапып турса ошо Шамшынын сугаты жокпу ыя?! Ээ, тайсалдаба! Арактын азабы да билеебиз биз да, баш бышкаан! Аракечтиктин ыштарабын тартып жүрөм дебейсиңби, а-бу деп тайсалдабай. Адам болсоң бир ботөлкө ала келгендирсиң? — Долдогой кара жолдошун сүрөп, чөнтөгүнөн карта суурду:

— Ке... ботөлкөң бары ырас болсо, ошону сайып бир сыйдыр тартышалы? Ке, күн ылдыйлагыча...

— Койгула баатырлар,— деди Акбаев, тартаңдай басып ала терүүгө кирди.

— Өзүм бир күнгө жардамга келсем, анан силер менен арак сайышып картага киргенде... Анүстүнө арагым да жок, ичпейм.

Муну карап турган жапалдаш сары чыкчырыла кетти:

— Ичпейм дейби? Ий ата-а!.. Анык дөдөй го?

— Аа...— деп, дар этти, берки жолдошун коштогон аркы долдогой кара...

— Билдим, аракты таштаган неме тура бу, жалккан да.

— Ха-ха-ха-а! — каткырып ийди жапалдаш сары. — Биле-ем, таштай албайсың. Саа окшоп, нечен сапар таштап көргөнбүз. Аша мактансаң эки күн, а үчүнчү күнү өзүң сурап ичесиң. Баштан өткөөн баатыр!

— Ой, ке...— деди жанагы эле үнү менен, өзү алыш жээгине малдаш урунуп, кончунан бүктөлгөн газета сууруп жая салды да ага шакылдата карта тартты. — Ке, ботөлкөң жок болсо бөтөлкөлүк тыйынын бардыр?

— Кел, өлбөгөн жанга бир күлдөп ал,— деп шакылдады жапалдаш сары.

Түш оой кетти. Эки сугатчы алыш жээгинен турбай сыйдыр ойноп отурушат. Алиги «жардамга келген» киши төмөндө — сугатта жүрөт. Эки сугатчы аны оюнга азгыра алышпады, кычык сөзгө чычалабаган да неме экен, бир ыңтаасын жумушка эле коюп, нормасын аткарышка ашыгып жаткандай.

Ушу тапта тээ, ойдон чыга түшкөн УАЗ-469 бери карай безилдеп келатты. Оюндун кызуусуна түшкөн эки сугатчы-

нын бири башын көтөргөндө машинаны көрө коюп селт этти:

— Кокуй, дебит экен! Биздин башкарма болуп жүрбөсүн ыя?!

— Бол, туралы. — Экөө картасын шаша жыйнады. Эртеден бери арыктын кырында сайылган бойдон турган күрөктөрүн карай элендей басышты. А тиги «жардамга келген» сугатчы да күрөгүн ийнине салып, ошо келаткан машинаны утурлап баратыптыр.

2

Ушунун эртеси колхоз, совхоздун жетекчилери райондогу суу тармагынын кызматкерлери, айрым алдыңкы сугатчылар райондук кеңешмеге чакырылды. Алардын арасындагы кечээки эки сугатчы да бар эле.

Чакырылгандар райкомдун заседания залына чогулуп жатышты. Кеңешменин мааниси: мына ушул чечүүчү мезгил — сугат компаниясын уюшкандыкта өткөрүү жөнүндө экенин күн мурун билишет. Айрым алдыңкылар райком тарабынан берилчү сыйдан, алкыштан да үмүткер.

Кеңешме башталардын алдында кечээги эки сугатчыны биринчи секретарга чакырып кетишти. Аны көргөндөр өзүнчө түкшүмөлдөп, өздөрүнчө кобуран калышты:

— Ии, буларды өйдөрөк сыйлайт экен.

— Орденге чектейт го, ыя?

* * *

Биринчи секретарга ээрчише кирген экөөнүн көзү тиги торкү столдо отурган кишиге түштү. Кечээги «Шамшыдан жардамга келген сугатчы» ушул экенин дароо тааныган экөө кирген жерде делдейип туруп калышты. «Акбаев өзү турбайбы!» Бул кишини келеке кылган кечээги өздөрүнүн үнү азыр өздөрүнүн кулагына жаңырды: «Оо-аа, жазаңы тартып жүргөн неме турбайсыңбы!» Бир бөтөлкө ала келгендирсиң?»

Эки сугатчынын көзүнө болмо ичи калкылдап көчүп турду. Булар кээде өлөрчө мас болгондо кадимки арак дүкөндүн ичи же өз үйүнүн ичи мына ушинтип, асты-үстү аңтарылып көччү эле. Тула-бой ымыр-чымыр болуп экөөнү тең кара тер басты. Киргенде салам айтуу салтын унуткан экөө оболу өздөрүнө орун көргөзгөн Акбаевдин үнүн да укпай калгандай, дел.

— Ии, келгиле, өткүлө быякка? — Минткен Акбаев тиги босогодо бой тирешип, үнсүз турган экөөнө эми да даана-

лап назар салды: оң жагында турганы — барбагай таноо, жапалдаш, сары, кечээ өзүн желкелеп өзүнөн адеп бөтөлкө доолаган ушул эмес беле. Беркиси—далысы дүгдүйгөн алибеттүү долдогой кара жигит: «Жыйырма беш, отуздар чамасында го булар? — деп болжоду Акбаев. — Экөө тең жаш, алибеттүү азаматтар, белсенип кирсе тоону томкорор кубаты бар, толуп турган кездери».

Арадан тыным убакыт өттү. Экөөнө көз токтоткон(кечээ булардыкадала караган эмес, шек алдырбай иштей бербеди беле) Акбаевдин үнү жумшак чыгып бет маңдайынан оруи көргөздү аларга:

— Келгиле, өткүлө бери. — Экөө болсо адепки калыбында, адепки ордунда бири-бирине көз кыйыгын таштап, калпактарын колдоруна кармаган бойдон тарткынчыктап, кантерин биле алышпай турушту. Кокус экөөнү азыр тышка чакырса шашканынан бирин-бири жыга түртүп эшик таялашмак, бирок, андай болгон жок, бет алдындагы отко селкирчүдөй калтаарыган, алардын саал бөкчөйө калганын байкады Акбаев, ооба, ошентишти. Беде арасынан бодоно тооругансыган алар демин ичине тартып, табышын жашыра аяк шилтешти. Муун-жүүнү бошоп, кол-буту саал калтыраганы байкалат.

Акбаев көргөзгөн орунга — анын бет маңдайына келишти экөө.

Орунтуктардын жөлөнгүчүнө коомай тийди алардын колу, куду айнекти сындырып алчудай аяр жылдырып отурмак болушту эле, стол менен орунтуктун арасына олдоксон деле батпай, жердеги килемди орунтуктун буту менен жыйра түрүп алды долдогой кара жигит. Темир кийип алгандай болу-буту коомай: тизе араң бүгүлүп стол астынан жай тапса, колжойгон манчалардын батар жери болбой, ошо манчалар бар күчүн: кармап турган калпактардан гана чыгарып мыжыгып жатты. Ооздор батташып, тил сүйлөөгө түгүл, күрмөөгө келбей, тил ошо ооздун өзүнө батпай кургап турат. Атаа, кечээги сөздүн бири оозго кирсечи: «Аныкдөдөй го! Ий, ата-а!» Ушинтпеди беле, кечээ, бул кишини, береги кец таноо жапалдаш сары.

— Ко-ош! — деди бир оокумда Акбаев,— деги кечээ киминер уттуңар поллитрди? Мен шашып кетип калбадымбы.

Берки экөөндө үн жок, бири-бирин көзүнүн үстү менен карап коюшту, секретарга көз кыйыгы түштү экөөнүн: Акбаев жумшак жылмайып туруптур, ошо калыбында булардыкепке алды: — Бу, колхоздо иштегениңерге көп болдубу? — Дагы эле бирин-бири сүзүп алчудай карашкап экөө күңк-мыңк этишти: К-көп...

— Көп эле...

— Ошол колхоздон туулуп-өскөнсүңөр? — Суроого экөө катар баш ийкешти.

— Жакшы-ы. Сиздин атыңыз ким? — Акбаев берки четки албеттүү кара жигиттен сурады эле ал мурдунун астынан мыңк этти:

— Дүйшобай.

Анан, Акбаев берки жапалдаш сарыга жүзүн бурду:

— Сиздикичи?

— Бейшебай,— деди калпагын мыжыгып отурган жапалдаш сары.

— Ко-ош, Дүйшобай, Бейшебай...

Акбаев аденки калыбында күлө багып сүйлөдү. — Кечээ, анча тааныша албай калбадыкпы, аты-жөнүбүздү да сурашса албай калыппыз. Мен сураган күндө да силер оң жоопко келбейт элеңер ырасы? Анткени, мен бөтөлкөсүз куру кол барып калыпмын. Мына эми бүгүн бөтөлкө да табылат, сырдашып да алабыз.

Берки экөө үн дей алышпай катып калышты, экөөнү тең кара тер басты. Акбаев буларды кечээги жигиттерге окшоштура албай отурду. Мүнөзү да, баскан-турганы да, а түгүл оңу-түсү да өзгөргөндөй көрүндү минтип.

— Бу, сугатка жардамдашып жүргөнсүңөр го? — деп соз улады Акбаев. Буга жооп кылып башын гана ийкеди тер баскан кара жигит.

— Ошо, киши жетпегенден..,— деди калпагын мыжыккан калыбында берки жапалдаш сары, үнү мууналып. Экөөнү карап отурган Акбаев азыр аларды кубаттап койду:

— Албетте, мунуңар абдан жакшы. Кара сугат минтип кычап турган маалда силерден башка ким бел болот. — Мунуугуп турган экөө тең жандана түштү, алиги жапалдаш сары кадимкидей батына сүйлөп ийди:

— Жылыга кара сугатка биз жардамдашабыз.

Бул экөөнүн сугатта убактылуу гана жүргөнүн билген Акбаев андан ары тактап сурады:

— А негизи кандай кесиптесиңер?

— Мыканысатырбыз,-- деди Дүйшобай.

— Трактыр айдайбыз,— деп кошумчалады Бейшебай.

— Мунуңар абдан жакшы,— деди дагы бир жолу Акбаев. — Бирок бу сугат маалын кечээгидей «жардам» менен илгерилете албайбыз го?

* * *

Чогулуш башталаар алдында залга ээрчише киришкен Дүйшобай менен Бейшебайдын калтаарып, ымшып турга-

нын байкашты жанындагылар. Бул экөө элден көзүн ала качып, а тиги президиум жакка көрүнбөскө аракеттеништи эле, буларды Акбаев өзү алдыга чакырып калбаспы:

— Дүйшөбай, Бейшебай! Экөөң тең алдыга өткүлө.

Иштин жагдайын али биле элек залдагылар баягыдан бетер мына ошол экөө жакка моюн созуп, ал экөөнү суктана карап калышты, саал кобур аралады:

— Азаматтар! Секретардын көңүлүнө толгон экен го!

— Булар кайсы колгоздон эле?

Залдагылар буларды көколоткон мактоо угабыз деген ойдо эле.

Середеги президиумда отурган Акбаев элди кыдырата карап, ар бирине көз токтотуп жатты. Ал ушу тапта комузун күүлөй баштаган комузчуга окшош эле: сол кол комуздун кулагында, оң колдун сөөмөйү кылга аяр тийип, «дыңдуң» үн коштоп койгон өңдөндү. Жо, кыл али бош экен, али чыңоо керек. Залды тегиз караган Акбаевге мына бу жаңы көчүк басып жатышкан экөө — Дүйшөбай менен Бейшебай көрүндү: «комуздун кылымына ушулар болуп жүрбөсүн? Ушул экөө аркылуу күүгө келип жүрбөсүн?»

Эл тегиз орун алып, зал ичи тынч алгыча өзү менен өзү талкуулашкан Акбаев эми жарыш сөзгө чыккандардын сөзүнө кулак төшөдү. Алар алынган милдеттерди атап, өз ара социалисттик мелдештердин абалында жетишилген ийгиликтерди баяндап беришти. Кай бирлер карандай ийгиликтерди эле айтып отуруу менен чектелишкен жок, алар айрым жан кейиткен мүчүлүштөрдү да далилдеп, сынга алып өтүштү. Мүчүлүштөр колхоз, совхоздогу техникада, мүчүлүштөр дал ошо техниканы башкарып жатышкан айрым адамдарда экенин айкын далилдер менен айтылды. Ушу тапта талааларга суу жетпей айдоо аянттары кургап баратканын мында келген колхоз, совхоздун өкүлдөрү күйүгө сүйлөдү. Айдоо аянттары аз, мал жайыты аз, суу жетпейт... сөздүн оодугу мына ушул айланада жүрдү. Ал эми ошо айдоо аянттарын кантип кеңейтүү керек, мал жайыттарын кандайча пайдалануу керек экени, а түгүл, сууну ырааттуу урунууга эмнелер жана кандай аракеттер керек экени азырынча оозго кирген жок. Булардын баарын эсепке алып, кичинекей блокнотуна бир перселерди белгилеп коюп отурган Акбаев сөздү элден кийин алды:

— Жер жөнүндөгү маселе биз үчүн эң башкы маселе,— деп баштады ал. Жер биздин бардык байлыктарыбыздын булагы экени баарыга белгилүү. Айыл чарбасына жарактуу жерлер башкача айтканда: мал жайыттары жана дыйканчылык зоналары биздин райондо да өзгө кай бир район-

дордогудай эле ченелүү экенин өзүңүздөр билесиздер. Ошондуктан, бардык айыл чарба кызматкерлери жерге өтө сарамжалдуулук менен мамиле кылууга, айдоо аянттарынын натыйжалуулугун арттыруу боюнча дайым камкордук көрүүгө тийишпиз. Бул маселе бизди тынчсыздандырып жана көп перселерге ойлондуруп жатат. Баарыдан мурда ар бир чарчы метр жерди сарамжалдуулук менен пайдаланууга жана анын асылдулугун көтөрүүгө милдеттүүбүз.

Кишилер көп жылдардан берки тажрыйбага таянып, айрыкча кийинки мезгилдерде жерге болгон мамилени түптамырынан өзгөртүп, ага өзгөчө маани бере баштады. Анткени, жерге канчалык эмгек көп жумшалса, анын акыбети ийгиликтер менен гана кайтарылат го. «Жер байлыгы — эл байлыгы» дешет элибиз. Ак сөз го. Эгер жер болбосо элдин байлыгы, түмөндөгөн мал, дагы башкалар кайдан болмок. Дагы эле кайталарыбыз: жер бул — жаратылыштын бир асыл белеги го бизге берген. Мына ушул асыл нерсени асылдай пайдалануу үчүн, анын бар берекесин төкпөй-чачпай урунуу үчүн аракет жана аракет, талбас эмгек гана керек экенин менден бу сиздер өзүңүздөр жакшы билесиздер. «Колдон келишинче иштеп жатабыз бирок...» деген сөздөр болду мында.

Бу адам баласынын колунан келбей турган иш жок. Бирок, кишинин бардыгы билген бойдон жаралбайт. Билүү үчүн умтулуу, аракеттенүү, талбай түйшүктөнүү, көп иштөө, көңүлдө уялаган максаттарды ишке ашыруу үчүн тырышуу, далалаттануу, билбеген же түшүнбөгөн нерсени эч уялбастан башкалардан, тажрыйбалуу адамдардан сурап үйрөнүү зарыл нерсе. Кипи туулгандан баарын үйрөнө туулбайт да, андыктан окуу, үйрөнүү бул өмүрдүн акырына чейин кишини коштой жүрө турган жан жолдош. Илгерки карылар мына ошону үчүн айтышкан эмеспи: «иштегениң мен үчүн, үйрөнгөнүң — озуң үчүн» дегенди. А чындыгында биз жаш чакта айрым көптү билген карылар менен кошо жүрүп, алардын сугатын сугарып, кошун айдай жүрүп үйрөндүк дыйканчылыктын сырын. Анда соко-шайман өп-чап, суу мындан да тартыш. А чындыгында суу аз эмес, ошо сугат жерлерине чыкчу арыктар аз эле. Эмкидей трактор менен казылган каналдар кайда, күрөк, кетменден тартылган ичке арыктарга сүрүп келген сууну канча сугатчы талашып, күнү-түнү менен суу башында жүрчүбүз. Сугат маалында уйку дегенди унутуп калчубуз. Кирпик ирмебей жүрүп эгинди сугарып калсак, өз суусунубуз канып, жыргап калар элек. Мына эмки кай бир жолдоштордой сууну ээн таштап коюп кеч киргизүүнүн амалын ойлочу эмеспиз,

53228

Акбаев алдыңкы катарда отурушкан Дүйшобай менен Бейшебайды карап турган калыбында сүйлөдү. Ал экөөнү баягыдан бетер тер басып, орунтукта жымырылып, боюн жашырып баратышкан эле. Бирок бу залкайган экөөнүн боюн орунтук жашыра алган жок, залдагы көздөр да ошол экөөнө жаап турган эле. Экөөнө зал ичи жанагыдан бетер асты-үстү көчүп жатты.

— Менин негизги кесибим — мугалимдик...

Сөзүн мына ушинтип улаган Акбаев биртике тыным жасады. Ал мынабу Дүйшобай менен Бейшебайды карап чыйрыга түшкөн кишилердин көңүлүн өзүнө бурду. Сабырдуу ызаттоо менен карап отурушкан эле. Куду мугалимин тыңшаган адептүү окуучулардай сөзгө жан-дили менен берилүү, кызыгуу бар эле алардын жүзүндө. Отургандардын биринин көзү чанагынан чыгып, Акбаевдин азыркы сөзүнө аша таңыркаганы шарт тышына чыкты. «Кесибим — мугалимдик» ал ушуну укkан кулагына ишенбей тургандай же бир кыйладан көрө элек кишисин көргөндөй кубанып кетти. Минткен — ушул эле Ишен шофер. Ишендин кубанганы таңыркаганы аралаш эмеспи азыр. Кубанганы — Акбаевдин кесиби — мугалим экени, таңыркаганы — өз оюпун, өз баамынын туура чыгып отурганы. Ишен бул кишини кадимки өзү билген райкомдун секретарларына эмес, өзүн окуткан мугалимине окшотуп жүрчү, бая, кичине кезинде өзүн мектепте окуткан мугалими дал ушул мүнөздүү, мээримдүү, сөзү жумшак адам эле. Ким билет, айтор, бул кишини сыйлаганбы, же ошо өзүн окуткан оорукчан улгайыңкы мугалимин эстегендиктенби, бул Акбаевдин баскан-турганы, сүйлогону, а түгүл, күлгонүнөн өйдө ага окшоп, муну бир сүймөнчүлүк менен карап эле калчу. Мына азыр андан бетер таңыркап, өзүнчө күбүроп ийди: «Айтпадым беле! Мугалим эле болчу дейм да! Мына, мен да оңой билгич эмес экемин го!..» Ушинтип ал ичинен өзүн котөро чалды. Ушу тапта Акбаев да куду класста отуп жаткан сабагын улагандай мунайым үн катты: — Андан соң агрономдук кесипке ээ болдум,— деп жумшак гана күлө баккан ал отургандардан кечирм сураган өңдөндү. — Карап туруп мен таржымалымы айта турган болдум. «Мунун таржымалынын кереги эмне?» дебес бекенсиңер? — Залда жандануу, дуу-дуу боло кетти:

— Жоо, жо, антпей калалы!

— Айтсаңыз, айтсаңыз? Дал ошо керек эмеспи бизге?

— Анын баары бизге өрнөк гана болор.

— Чынында, антпесе, киши оз башынан откөнүн орто-

го салбаса да болбойт. Ансыз чечилип сүйлөшө албай туруп алат. Менин ошондоюм бар,— деген Акбаев адепки калыбында жагымдуу жылмайды. — Кийин партиялык жогорку мектепти бүтүрдүм. Ошентип, партиялык кызматта көп жыл иштөөдө уюштуруу маселелерин талыкпай өздөштүрүүгө туура келди. Эл менен иштөө көптү үйрөттү. Мына силер менен биз бири-бирибизге үйрөткөндө, бири-бирибизге акыл кошуп, тажрыйбабызды кошкондо, кандай гана иште болбосун бири-бирибизди көзөмөлдөшүп турганда гана жалпы иш алга жыларын жакшы билесиздер. Антпесек эл айткандай: «жалгыз дарак токой болобу да, жалгыз таруу ботко болобу». Качан болсо «көп түкүрсө — көл» көптүн колунан келбес эч нерсени көрө да, уга да элекбиз. Муну ар ким айтар, ар ким билер сөз. Ал эми ынтымак, жер, эмгек жөнүндөгү сөздөр канча айтыла берсе ошончо уга берер, куду нанды адам танбаган сыякту көп экени белгилүү. Ынтымактан кеткенде, эмгектен танганда бир-эки адам эмес жалпы адамзат коому эмне болоору жалпыбызга белгилүү...

Мал жайыты, дыйканчылык зоналары биздин райондо аз экени улам кайталанып айтылып жатат. Аз экени ырас, бирок, мелмилдеген жайыт шалбааларын, көйкөлгөн эгин аянттарын даяр бойдон кайдан алып келе алабыз? Жут болгон жылдары тоют сурап алат экенбиз, эгин алат экенбиз, малды да оолашууга болот. Ал эми жерди кайдан көчүрүп алабыз? Эгин-чөбү жайкалган жерди?.. Акбаев дагы тыным жасады. Элди сыдыра карады. Бул жайынча суроо болсо кол көтөрүп тура калчулар чыгат беле, «мындай кылсак, андай кылсак» деп акыл кончулар чыгат беле? Мына бу кепке жалпы такалышты мындагы эл, көп кошуунун ордуна, жооп берүүнүн ордуна бу жүйөлүү суроону кубаттоо гана, ага ыраазы болуу гана корүндү бери жамыраган жүздөрдөн. Кишилерди ойлуу, тунжурай карап турган Акбаев тынымдан соң үн катты:

— Жер көп бизде. Миллион баш малга жайыт да тоют болор, ар гектарынан тоодой кызыл күрөп алар жердин асылы мына ушул биздин райондо...

Муну айтып турган Акбаевдин оозун бу залдагылар жапагыдан бетер таңыркай карашты. Суроолуу көз караштар... Алар, сүйлөгөн Акбаевди эле эмес, бири-бирин да кыя карап коюшту: «Бу киши эмнени айтып турат?» «Баса, бу кандай көп?» «Азыр өзү сүйлөп турган көйкөлгөн шалбааны же жайкалган эгин талаасын кайдан көчүрүп келе калмак ыя?» Мына бул суроо ар кимисинин жүздөрүндө, көздөрүндө турду. Бирок, аны кимде-кимиси ооз эки сурап жиберген жок, тек сөз аягын күтүп тым-тырс...

— Кылымдардан бери пайдасыз жаткан андай жерлерди мен айтайын, сиздер угуп көрүңүздөрчү?

Кишилер жанагыдан бетер тацыркап, демин ичине алышты: «Капырай! Ушул өрөөндөн андай биз көрө элек ажайып жай кайда болду экен?» Муну ичтеринен ар кимиси ойлоп, айран-таң.

— Кара-Күңгөйдү билесиздер ээ?

— Билебиз.

— Биз ошо Кара-Күңгөйдөн...— деп жиберди эки-үч үн.

— Аа, жакшы эмесе, биз сөздү мына ушул Кара-Күңгөйдөн баштайлы. Балким ишти да ушундан баштарбыз. Бул күңгөй Кочкор өрөөнүн босогосу, анустүнө иш баштоого да ыңгайлуу сыяктанат. Кана, ушуга көз чаптыралы.

Ушул сөз Акбаевдин өзгө бирөөнүн оозунан чыкса аны жабыла жаалап ордунан тургузбай салышмак же ачуусуна чыдабай ага тил тийгизип ийгендери да болмок: «Эмнени оттоп турат бу?!» «Деги бу жинденген немеби?!» «Жоо, акыл-эси ордунда эмес го? Ой, а Кара-Күңгөйдө таштан башка эмне бар?!» «Баса, таштан башка, жылан, кескелдириктен өзгө бу эмне көрдү экен андан!» Муну айткандар колун тетири шилтеп салып чыгып да кетмек, сүйлөшүп отурмак эмес. Бирок азыр Акбаевге эч ким тетири сүйлөп жибере алган жок, тетири сүйлөшкө кудай-акы эч ким даай албады. Далайынын айтар каяшасы оозунда турса да өзүн тыйды: «Кой, айланайын! Секретардын кыйыгына калгыча...» Минткендер жымырылып гана отурун калышты. Алардын сактанары да эп эле. Акыйкат айтабыз деп мурдагы Асанбаев секретардан нечен курдай кагуу жеп, ал эле түгүл кызматынан айрылып калгандары да болгон. Канткен менен эл деген эл экен, канчалык жымырылышса да канчалык баштарын агылгалашса да арадан бир үн дүрт этип басылды:

— Аксакал, ал Кара-Күңгөй кырча эле таш эмеспи!..

Залдагылар ушул үнгө жапырт карашты. Бул, жанагы кара-күңгөйлүктөн бирөө экен. Ал тамылжын төрдеп кетти да элди жалтаң карап, элден көзүн ала качты. Аны жапырт караган кишилердин көздөрүндө аны аёо да, кээлеринде аны мыскылдоо да бар эле: «ушу, саа эмне жок экен!..» «Айлыгыңан ажырай турган шордуу экенсиң ээ?!» — деген көздөрдөн жалтанды ал. Чынында анын өз үнү өзүнө жаңырыктап, «каң» этип басылды. Акбаев баш ийкеп, анын сөзүн макулдады. Көз алдында Кара-Күңгөй...

Кочкорго кире бергендеги чыгыш-түштүк тарапта моңгулуу чокулары гана көзгө илинген залкар тоолор, ошо тоолордун этегиндеги көз мелжиген кең чалкак, эзелтен кысыр

жаткан, эзелтен какшып жаткан таштак, купкуу адырлар... Буларга жазында гана кой-эчки бир аз күнү көк куун, анан жайдын алды менен чобу учуп, кеберсип жата берет. Ал арада кескелдирик, жыландан өзгө тири жандык козго чалынбай, какшыган адыр-чап, какыраган таштакты ошолор гана мекендейт замандан бери.

— Бул өрөөндөгү ээн жаткан жерлерди мен жаңыдан көрүп жатам. Ал эми ушунда туулуп-өскөн сиздер жердин коен жатагына чейин билесиздер. Тиги жигит айтканы рас: Кара-Күңгөй кырча таш, анда суу жок. Демек, эзелтен суу көрбөгөн какыраган ташка эгин айдайм деш эселектикке жатат, кантсек болот?..— Ушинткен ал кайтып эле адам эмгегине токтоду. Атам-замандан адам баласын бага келген жер менен суу жөнүндөгү улуу сөздөрдөн үлгү айтты. «Фархад, Ширин» дастанын кыска сүйлөп берди. Акыры жер, жер болуп, жер бетине адам жаралгандан берки адам үмүтү, адам тилеги мына биздин күндө гана келгенин, кылымдарды күндөй санап, какшып жатчу кадимки куш канаты күйгөн чөлдөргө бүгүн адам колу, адамдын өнөр-айласы жараткан кереметтерди айкын элестетип келип:

— Акыры эмгек деген улуу күчкө сыйыналы. Жардамды да мына ушул өзүбүздөгү улуу күчтөн гана күтөлү. Анткени, бизди бардык кыйынчылыктан чыгарып келаткан жана чыгарар, бизди бактылуу кылган дагы, бактылуу кыла берер ушул улуу күч...— анын муңайым үнү жумшак төгүлүп турду.

Мына бу залдагылар чогулушта эмес, эртеден бери жер кыдырып, саякаттап жүрүшкөндөй, өмүрү буту баса элек жактарга барышып, ата-бабалар көрбөгөн жаратылыш менен таанышып, киши колунан, кишинин өнөр-айласынан гүлзарга айланган чөлдөрдү, жашыл тоолорду көрүшүп, таңыркап, кадимки ажайып кинону көргөндөй кумарланып отурушту.

— Мына, Кара-Күңгөйдө миң гектар жер жатат. Өзүңөр билгендей таш менен тикен ээлеген миң гектар... Анын ташын терүү колдон келеби?

— Албетте, келет!

— Ташын каптап тере албайлы! — Зал ичинен жандануу, кубаттоо угулду.

— Мына, ишти ушундан баштайбыз,— деди Акбаев тигилерди коштоп.

— Үстүңкү ташын териш текей тергендей! — деп бирөө чамына кетти эле аны беритен бирөө тосту:

— «Текейди» тапкан экенсиң! А астыңкы ташын эмне кыласың? Асты баары бир таш!..— Зал ичи улам жанданып,

дуулдап баратты. Жанарак үп болуп турган теребелдей дымыккан зал ичи азыр жамгыр төгүп ийген тор-талаадай адеми сергилең тартып, тор-талаадай кепеле түштү. Кишилер да ошо талаада чөп чаап жүрүшкөндөй шайдоот, сергек эле...

3.

Бет-маңдай кочкул аскалардын тумшугунан Соок-Каракол суусу кошулуп, эки кептештен атырыла чыга калышып, чарпыша кеткен жапайы арстандай чамынган эки озон күркүрөп, өйүз-бүйүз жарды койгулап, жолунда үйдөй таштарды көмө коюп, албууттанып, кок-буурул толкун чамгарак атып, буркан-шаркан.

Азоо дайрадан бир секирип өтчүдөй төмөнтөн өкүрөндөп келаткан УАЗ-469 бийик кашаттын кырына жүткүнө барып, дик этип, артына силкинип токтоду. Күч-кубаты толук чымыр кишидей чакыйган төрт чарчы машина—машина башы менен мынабу айкырган тоо дайрасынан апкаарый калгандай өзүнүн дүркүрөгүн тып басып, ошо тиги албуут шарды тыңшап калды.

Машинанын оң колтугунан суурулган Акбаев эки кадам илгери басып, дайранын шарын маашырлана карап калды. Ушундай дайра боюнда балалыгы калган. Ушундай шарга бой таштап, чабак уруп, жаштыгы өткөн мунун.

Күлүмкан! Акбаевдин көзүнө элес-булас Күлүмкан көрүндү. Күлүмкан түнү бою дайра башынан, жоо түнү бою Адыл өзү күтпөдү беле. Дайранын дал ушу бүгүнкүдөй кирген убагы эле. Өчөшкөнсүп дал ошо түнү таңга чейин нөшөр төгүп, баса ошо түнү...

— Салоому алейкум, аксакал! — Арттан бирөө шап кучактай калгандай селт этти Акбаев, ою чарт үзүлүп кетти. Өзүн карай кол сунуп кызыл-чийкил киши туруптур. Ашыга кол берген Акбаев адегенде тигинин күлүңдөгөн көзүн, күлкүдөн жыйылбай турган жука эрдин көрдү. «Аксакал» дегенине караганда бул Акбаевден кичүү болмок эле бирок, өң-түсүнөн муну кичүүлүккө кошор эмес. Бул бери болгондо Акбаев менен тең же эки-үч жаш улуулугу бардай. Адылдын көзү тигинин үстү-башына түштү: согуштан келгени кийим алмаштыра элек комсостав же ошо согуш мезгилиндеги партиялык жетекчи кызматкерлерге окшоп кетти бул: сур китель, шым, ушуга өңдөп башындагы фуражкасынын тумшугу кайкалап турат, анысын чекеге чыкыйта койгон экен. Озунун сунган кош колун Акбаевдин колунан албай эпилдеп ал-жай сурады:

— Оо, аксакал! Келишиңиздер менен! Кандай? Үй-бүлө, бала-бакыра тегиз аманбы, аксакал? Балдар оорубай-сыркабай жүрүшөбү?

Бул киши Акбаев менен мурунтан ашына-кошунадай жан-алы калбай учурашты. Акбаев да жылуу чырай менен муну бүшүркөй карады: «Бу кайсы ашына болуп кетти?» Ал мурда иштеген жердеги кишилерди эстеп, көз алдынан откорүп жатты. Жок, муну мындан мурда көргөн эмес. Бир көргөнүн жасемдебес адаты бар эле Акбаевдин. Кимди кайдан көрдү, анын аты-жөнү, аткарган кызматы баары унутулчу эмес. Акбаев бул жаатынан, жер жүзүндөгү куштарды оңүнөн чыгарган окумуштуу орнитологко окшочу. Көргөн кишилер мунун көңүлүндө жат. Эми мына бу ичи-көюнга кирген киши бейтааныш экени анык.

— Ко-ош, иш кандай? — деди Акбаев оз кезегинде адеп танышуудагы сыпайгерчиликти унутпай, бирок, тигинин аты-жөнүн, кызмат абалын азырынча сурап жиберген жок, анын жүзүнө назар салып турду.

— Эң... эң эле сонун аксакал! — Берки жанагыдан да жыпылдай кетти. — Бу көкүрөк зонадагы сугаттан биз алдыдабыз. Күнү-түнү менен сугаттабыз. Тамчы сууну текке кетирбей...— деген ал оозундагы сөзүн бирөө жула каччудай шаша сүйлөп, жан алакетке түшүп бадыратып ийди.

УАЗ-469 ордунда калды. Булар кашаттан тиги дайраны карай тике түшүштү.

Сугатчылар ары өйүздө, тээ, тоо этегинен мелмилдеп жаткан түз экен. Атам-замандан суу жетпей кеберсип жаткан тоо этеги деңиз болуп мелмилдеп, ошо деңизге кичинекей кайык менен чыккан балыкчылардай алыстан эрбеңсербең эткен сугатчылар. Ошолорду көргөзө эпилдеди бу:

— Тигине аксакал, тетиги биздин сугатчылар. Мен да ошерде сугатта элем, быяктан тиги сиздин «дебитти» көрүп эле... Эми, иш ушундай аксакал. Эми, иш болсо ойдогудай жүрүп жатат. Эми, айып этпесеңиз...— деген бу ар сөзүнө «эмини» копоктоп минтти: — Эми, айып этпесеңиз, менин бир өтүнүчүм бар эле?..— мунун сөзүн басып баратып уккан Акбаев тык токтой калды да буга тигиле карады:

— Ии, айтыңыз? — Беркинин көзү кылыңдап, кандайдыр бир кетирген күнөөсүн ушул азыр айтып салчудай жасакерленет: — Ии, айта бериңиз? Акбаев оз суроосун кайталады эле тиги киши бу сапар шар кетти:

— Эми айып этпесеңиз, аксакал, биздикинен бир түштөнүп алсаңыздар?

Өтүнүчүн муну менен бүтүрбөдү, бул төбөдөгү күндү көргөзө кетти:

— Мына күн да түш болуп калыптыр. — Минткен киши Акбаевдин алдында жанагыдан бетер чебеленип жиберди. Акбаев чорт айтып басып кетеби деп чочуду: «ракмат, убакыт жок!»

«Акбаев эч кимге конокко барбайт экен» деген сөз угулуп калган элге. Бышып, алдына келген далай козунун эти желбей калып, секретарь жумушка шашып, буга жагынабыз деген далайлар комутта калган имиш.

Бирок, ушул азыр күтүлбөгөн иш болду. Бу кишини карап, биртике тура калган Акбаев, колундагы саатына карады да минтти:

— Оокатыңыз качан бышат? — ушуну укkан кулагына ишенбей калган берки сүйүнүччүнөн карбаластай кетти:

— О... э... азыр аксакал! Азыр эле даяр кылабыз.

Акбаев жана тактап сурады:

— Бышып калды беле?

— Бышкан аксакал. Эбак бышып даяр эмеспи. Сиздин келериңизди угуп, сиздин келаткаңызды биле самат сойдура салгам.

— Анда мындай кылалы,— деди Акбаев жайма-жай. — Анда ушу жерге эле алдыра койбойсузбу? — Тиги баягыдан бетер жан-алакетке түштү:

— Ие... ошо... эң эле сонун болот!

— Ошентели,— деди Акбаев,— муноу суунун жээгине отуралы.

— Ананчы, ананчы! Азыр эле алеки сатта келтирем. — Ушинткен киши тетиги жээкте турган «Волганы» карай жүгүрө басып бироонун атын атап, кыйкыра сүйлөп баратты. — Аай! Оо-аай! Асанкул! Бери, бери тарт машинеңди?— Бу кишинин шашкан үнү бир нерсени сүйүнчүлөп бараткандай эле. Шашылыш үндөн машина да шашылыш от алды...

Чай кайнамга айланган жок. Булуңдагы кыштакка кандай жетсе ошондой кайткан «Волга» жээкке келди. Машинадан адегенде бир кылактаган жаш аял чыкты. Машинадан эки кадам аралыкта турган Акбаевге бир паска сүзүлө караган ал эки капынын ортосун үйрө калып, угулар-угулбас назик үн менен кылыктана учурашты:

— Жакшысыздарбы?

Аялдын үстүндөгү ак кымкап көйнөк күнгө чагылышып, үстүнөн бермет тогуп ийгендей жалтылдап мунун бар кыймылын, кылыгын коштойт. Оймо-чиймелүү кызыл-ала кымкап жоолук куду көк жайыктын калкан көпөлөгүндөй мунун чокусунда гана конуп жүрөт. Аялдын субагай кызгылт жүзү, кырдач мурдуна жарашып, тынымсыз үйүрүлүп, сержилген капкара каш алдындагы азгырык көз сүзүлө калып,

куду күнго чагылган күзгүнүн сынығындай жылт чагыла түшүп жатты Акбаевге. Жумуру акбалтырга жарашып, буттагы аппак лак туфли суу жээгиндеги мамыктай шиберде лыпылдап табышсыз. Булар ушу суу жээгине биротоло көчүп келгендей кам көрүшүптүр, «Волгадан» кок-кызыл шырдак, тукаба тошоктор, жаздык, анан кадимки сервантка коюлчу тунук хрусталь рюмкалар кымбат фарфор идиштер, күмүш вилка, бычак, кашыктар... Чоң суунун жээгине мунун баары бир заматта жайгашты да мына ушу жерге жаңы көчүп келип конгон мартабалуу үй көз алдыга даяр болду: жанагы кок-кызыл оймосунан көз тайгылган чоң шырдак шиберге салынып, анын үстүнө жашыл тукаба төшөк жайылып, кучак жеткис куш жаздыктар лап-лап ташталды. Жалтылдаган жибек дасторкон салынып, анын үстүнө чоң чарага добо эт коюлду. Эзиле бышкан козунун этинин үстүнө табактай куйрук, козунун сары куйка башы басылыптыр. Ушул чаранын айланасын ар түрдүү ачкыл салаттар тизилип, капкактуу ак чакадагы сорпо ошо дасторконго чукул коюлду. Капчыктуу күроң булгаары сумканын жез сыдырмасы ачылып андан башбактаган коньяк, шампанский да мына бу берекелүү дасторконду кылтыя шыкаалап турушту. Мунун баарын көздөп өткөрө унчукпай турган Акбаевге караган конок ээси жагалдана кетти:

— Кана-а, эмесе! — мунун үнүндө жанагыдай аптыгуу жок эле. Мунун эртеден бери батына албай сүрдөп турганы, дары ичкен соң басылган баш оору сыяктуу жок болду. Бул эми бар кыйындыктан өтүп алгандай бакыбат: «көрдүң го менин дасторкомумду!» дегендей көңүлү көтөрүңкү:

— Аксакал эми, сиздин сурагаңызгдай жасадык: мына чоң суунун жээги, мына даяр тамак...

— Оо, абдан жакшы! — деди Акбаев жадырап,— баары жакшы. Эми менин дагы бир өтүнүчүм бар ошону аткарар бекенсиз?

— Э кокуй! Э жарыктык...— деп адепкисиндей эпилдей кетти берки киши Акбаевге андан аркысын айттырбай ашыкты. — Сиздин созду орундабаганда анан... анан кимдин созун орундамакпыз?

— Аа, орундасацыз жакшы-ы,— Акбаев тээ, тоо этегин карап сүйлөдү. — Анда, тээ-тиги сугатчыларды да чакыртыңыз? Мына ошолор менен чогуу отуруп жейли? Өзүңүз айткандай түш болуп калбадыбы.

Акбаевдин маңдайына турган мейман ээси саал делдее калды. Ал укkан кулагына ишенбей тургандай эле. Бу түгүл тиги мейман камында суйсала басып жүргөн сулуу аялдын да кулагына шиш менен сайгандай тийди мына бу кеп.

Ушуну айткан Акбаевге бул аял жанагыдай жоодурай карап кылык көргөзбөй, аны чоочуркай карап турган эле: «кайдагы сый билбес бул өзү?! Сугатчыларга биз козу союп, кол куушурчу белек! Сугатчылар райком менен отуруп сый көрчү беле!» аял мына ушуну жактырмаксан жүлжүйө караган көзүнөн айтып, бир шумдук коргондой өзүнчө шыпшынып да койду. Чоңго жагынууга кынык алган, мына дал ушинтип чоңго капыстан жолугуп, аны байкоостон колго алууга жедеп маш болгон береги киши али таңыркап турду: өзгө райком болсо «устүгө киши киргизбе!» демек, өзүнчө отурмак. Акбаевди бүшүркөй караган мейман ээси бу кептин оюн-чынын али айра албады. Кээлер ушинтип тамашалап да коет эмеспи. Бирок, бу кептин чын экенин Акбаевдин өңү айтып турду. Тиги кыраакы киши дароо байкады аны, калп күлгөн болду, кара күчкө жалпактаган болду:

— Э, мейли аксакал, мейли ошо... сиз айткандай эле болсун!

Чакырык дароо жетип, күрөк-кетменин арыктын башына калтырган сугатчылар алеки-саатта келишти. Алар мында жыйналыш болот дешкен: «Акбаев чогулуш өткөрөт экен го. Мына ушу сугат абалын сүйлөшөт да».

Мына ушул ойдо: кимиси канча сугарганын, мындан ары күн сайын канча сугарарын, анан алган милдеттенмелерин ыр жаттагандай ичинен улам кайталап келатышкан алты сугатчы мына бу суу жээгинен жыйналыш эмес, жайылган дасторконду көрүштү. Али дасторконго отурбай тигини менен маектешип басып турган Акбаевди көрүштү да ар кимиси ичинен күдк этти: «Уу, Мукаш шумпай муну да колго алып ийген экен!» Бирок аны тынына чыгарган жок, алтоо жарыша салам айтышты:

— Ассалоому алейкум!

— Ассалоому алейкум, аксакал!

— Аалейкума ассалам! — Акбаев сугатчылар менен тегиз кол алышып, ал-жай сурашкан соң дасторконду жайсады: — Кана, орун алгыла, тиги дасторконго карагыла, ии?..

Сугатчылар адегенде бирин-бири карашты анан Акбаевге кайра берки Мукашка көз кыйыгын ташташтары. Булар ушул мейандостукка ынана албай коопсуп турушкан эле. Ушу тапта бу алты сугатчынын ар бири өзүнчө мүнтип чочулашты: «...бир балаа болгон го?.. Жакшы эле сугарып жаттык эле. Бирөө чагым салды бекен? Антсе да мына ушул Мукаш митайым өзү!» А Мукаш болсо буларды алдыртан жекире карап турган эле. Айтор, бу сугатчылар ушул азыр не кыларын билбей жалтайлап тура беришмек, аңгыча өзү жол баштап, дасторконго өткөн Акбаев беркилерге өнтолөдү:

— Ии келгиле, өткүлө. Эмне карап калдыңар? Пейлибиз туура экен, баарыбыз минтип бышкан эттин үстүнөн чыгып отурабыз.

Сугатчылар иймене, тартына бирин-бири түртүшүп атып, дасторкон тегеректеп жатышты. Мына эми тиги өйүздө машинасында жүргөн Ишен да шыпылдай басып жетип келди. Ишенди көргөн тиги сулуу аялдын көзү шилисинен кайнап каны ичине тарта түшкөнүн отургандардын кээлери байкап калышты. Адегенде аны олуй бир карап алган Ишен андан кийин ага назар салган да жок. Сугатчылардын арасынан орун алып, мына ушул аштын ээсиндей батына кыймылдады: чарадагы этти шакылдата устукандап кирди. Бу жаш жигиттин ошончо батымдуулугуна таңыркап отурушту сугатчылар. Сугатчылар дагы эле кысынып, бирин-бири чыкалагы менен укуп, бирок, мына бу үлпөткө эч бири шар аралашар эмес:

— Кана,— деди Акбаев, өз алдына коюлган устуканга кол жазган. — Ал, алгыла баатырлар! Колдор болсо жуулудур? Сугатчынын колу дайыма жуулуу да.

«Сен ал, мен ал» менен дагы саал тартынып турган сугатчылар ортодогу этке колдорун коомай узатышты. Буту калпыс оруптукка кочүк койгондой оздорү да коомай отурушту. Булардын бар кыяпатын байкап отурган Акбаев сугатчылардын боюндагы кысынууну сүргүсү келди. Алардын өзөгү ачылып ацгемелешүүсүн күсөдү. Алиги сумкадан моюн созгон ботөлкөлөрдү жацсады береги Мукашка:

— Тигинден аз-аздан куюңуз бу жигиттерге. Этти жакшы жешет сугатта жүрүшпойбу.

Муну уга албай турган Мукаш ботөлкө ачкыча шашып, алиги сулуу аял хрусталь рюмкаларды жарк-журк катар тизе салды дасторконго: «Акбаевиц озү арац турган экен...» деген ой жылт этти буларга. Коньяк тегиз куюлду: Акбаев менен шыцгырата рюмка кагыштырган сугатчылар кандай тартып ийишкенин сезбей калышты да бош рюмкалар кайра дасторконго тизиле түшкөнүн алдынан көрүштү.

Сугатчылар мына ушундан кийин эттен батыра алышып, кужу-кужу созго аралашты. Булардын ар бири чечилип сүйлөгүсү келип, ар бири өз ийгилигин айткысы келди. Акбаев буларга аденкидей сүрдүү бейтааныш киши эмес, башынан оздорү менен аралаш жүргөн жакынындай ысык көрүндү. Алардын көңүлү көтөрүлдү. Тиги жүлжүк көз кызыл жигиттин бети ого бетер албырып, тээ, төмөн кыштак жакты кылчак карап отурду. Мына ушул абалга көңүлү эргиген ал кечинде колуктусу алдына койгон аштан ооз тийгиси жок: «О жана түштө Акбаев аксакалдын озү менен бир-

Ушуну айткан Акбаевге бул аял жанагыдай жоодурай карап кылык көргөзбөй, аны чоочуркай карап турган эле: «кайдагы сый билбес бул өзү?! Сугатчыларга биз козу союп, кол куушурчу белек! Сугатчылар райком менен отуруп сый көрчү беле!» аял мына ушуну жактырмаксан жүлжүйө караган козунөн айтып, бир шумдук коргондой өзүнчө шыпшыныл да койду. Чоңго жагынуурга кынык алган, мына дал ушинтип чоңго капыстан жолугуп, аны байкоостон колго алууга жедеп маш болгон береги киши али таңыркап турду: өзгө райком болсо «үстүгө киши киргизбе!» демек, озунчо отурмак. Акбаевди бүшүркөй караган мейман аэси бу кептин оюн-чынын али айра албады. Кээлер ушинтип тамашалап да коет эмеспи. Бирок, бу кептин чын экенин Акбаевдин өңү айтып турду. Тиги кыраакы киши дароо байкады аны, калп күлгөн болду, кара күчкө жалпактаган болду:

— Э, мейли аксакал, мейли ошо... сиз айткандай эле болсун!

Чакырык дароо жетип, күрөк-кетменин арыктын башына калтырган сугатчылар алеки-саатта келишти. Алар мында жыйналыш болот дешкен: «Акбаев чогулуш өткөрөт экен го. Мына ушу сугат абалын сүйлөшөт да».

Мына ушул ойдо: кимиси канча сугарганын, мындан ары күн сайын канча сугарарын, анан алган милдеттенмелерин ыр жаттагандай ичинен улам кайталап келатышкан алты сугатчы мына бу суу жээгинен жыйналыш эмес, жайылган дасторконду көрүштү. Али дасторконго отурбай тигини менен маектешип басып турган Акбаевди көрүштү да ар кимиси ичинен күдк этти: «Уу, Мукаш шумпай муну да колго алып ийген экен!» Бирок аны тыпына чыгарган жок, алтоо жарыша салам айтышты:

— Ассалоому алейкум!

— Ассалоому алейкум, аксакал!

— Аалейкума ассалам! — Акбаев сугатчылар менен тегиз кол алышып, ал-жай сурашкан соң дасторконду жаңсады: — Кана, орун алгыла, тиги дасторконго карагыла, ии?..

Сугатчылар адегенде бирин-бири карашты анан Акбаевге кайра берки Мукашка көз кыйыгын ташташтары. Булар ушул меймандостукка ынана албай коопсуп турушкан эле. Ушу тапта бу алты сугатчынын ар бири озунчө минтип чочулашты: «...бир балаа болгон го?.. Жакшы эле сугарып жаттык эле. Бирөө чагым салды бекен? Антсе да мына ушул Мукаш митайым өзү!» А Мукаш болсо буларды алдыртан жекире карап турган эле. Айтор, бу сугатчылар ушул азыр не кыларын билбей жалтайлап тура беришмек, аңгыча өзү жол баштап, дасторконго өткөн Акбаев беркилерге өнтолоду:

— Ии келгиле, өткүлө. Эмне карап калдыңар? Пейлибиз туура экен, баарыбыз минтип бышкан эттин үстүнөн чыгып отурабыз.

Сугатчылар иймене, тартына бирин-бири түртүшүп атып, дасторкон тегеректеп жатышты. Мына эми тиги өйүздө машинасында жүргөн Ишен да шыпылдай басып жетип келди. Ишенди көргөн тиги сулуу аялдын көзү шилисинен кайнап каны ичине тарта түшкөнүн отургандардын кээлери байкап калышты. Адегенде аны олуй бир карап алган Ишен андан кийин ага назар салган да жок. Сугатчылардын арасынан орун алып, мына ушул аштын ээсиндей батына кыймылдады: чарадагы этти шакылдата устукандап кирди. Бу жаш жигиттин ошончо батымдуулугуна таңыркап отурушту сугатчылар. Сугатчылар дагы эле кысынып, бирин-бири чыканагы менен укуп, бирок, мына бу үлпөткө эч бири шар аралашар эмес:

— Кана,— деди Акбаев, өз алдына коюлган устуканга кол жазган. — Ал, алгыла баатырлар! Колдор болсо жуулудур? Сугатчынын колу дайыма жуулуу да.

«Сен ал, мен ал» менен дагы саал тартынып турган сугатчылар ортодогу этке колдорун коомай узатышты. Буту калпыс орунтукка кочүк койгондой оздорү да коомай отурушту. Булардын бар кыяпатын байкап отурган Акбаев сугатчылардын боюндагы кысынууну сүргүсү келди. Алардын өзөгү ачылып аңгемелешүүсүн күсөдү. Алиги сумкадан моюн созгон бөтөлкөлөрдү жаңсады береги Мукашка:

— Тигинден аз-аздан куюңуз бу жигиттерге. Этти жакшы жешет сугатта жүрүшөйбү.

Муну уга албай турган Мукаш бөтөлкө ачкыча шашып, алиги сулуу аял хрусталь рюмкаларды жарк-журк катар тизе салды дасторконго: «Акбаевиң озү арақ турган экен...» деген ой жылт этти буларга. Коньяк тегиз куюлду: Акбаев менен шыңгырата рюмка кагыштырган сугатчылар кандай тартып ийишкенин сезбей калышты да бош рюмкалар кайра дасторконго тизиле түшкөнүн алдынан көрүштү.

Сугатчылар мына ушундан кийин эттен батыра алышып, кужу-кужу созго аралашты. Булардын ар бири чечилип сүйлөгүсү келип, ар бири өз ийгилигин айткысы келди. Акбаев буларга адепкидей сүрдүү бейтааныш киши эмес, башынан өздорү менен аралаш жүргөн жакынындай ысык көрүндү. Алардын көңүлү көтөрүлдү. Тиги жүлжүк көз кызыл жигиттин бети ого бетер албырып, тээ, төмөн кыштак жакты кылчак карап отурду. Мына ушул абалга көңүлү эргиген ал кечинде колуктусу алдына койгон аштан ооз тийгиси жок: «О жана түшто Акбаев аксакалдын озү менен бир-

ге отуруп козу жедик эле». «...Ии, ботом?» — деп таңыркай кеткен колуктусуна бу баягыдан бетер чечеркей сүйлөшкө даяр: «...ээ, бир асыл киши экен. Бая Мукаштын кара козусун бышыртып туруп, арыктын башына апкелип ортобузга койду го! Чогуу отурдук сугат жонүндө сүйлөштүк...»

Ушуну ойлоп, өзүнчө магдырап, тердеп семиз козунун бүлкүлдөгүн чеңгелдей туурап да, сугунуп да отурган жулжүгүй кызыл жигитти акырая карады Мукаш: «Акысы күйгөнсүгөн гана акмак! Буларды мен чакырып келгенсин!.. Бир сый билбес экен да! Мындайын сезгенде...» ичинен ушинткен Мукаш Акбаевге да кыртыштап отурду. Ал баяты Асанбаев аксакалды эстеди. «...кайран гана Асанбаев!.. Мына сенин ордуң ачышты. Аны меймандаш өзүнчө соолөт эле го. «Буларга чоочун көз, бейчеки киши жолобосун!» Ушинтип буйруп, ээн-эркин чардачу эле го. Эми бүгүн минтип отурбаймынбы... Аррам гана салпаяктар!» — ушинтип кыжынган Мукаш мына бу бажактаган сугатчылардын күлкүсүнө куйкасы курушту. А сугатчылар болсо айтарга кеп таппай, куду атасын көргөн баладай мына бу Акбаевге эркеп, жарыша сүйлөп, жагалданып отурушту:

— Аксакал, биз ушу колхоздон туулуп-өстүк. Ушу колхоз үчүн каны-жаныбызды аябайбыз...

Минткен алар бири-биринен озуп, мына ушул колхоз жөнүндө, сугат жөнүндө, сугат ишинде ар кимиси оз ыгын, өз тажрыйбасын ортого төккүсү келишти. Акбаев булардын ар бирине сабырдуу, жагымдуу карап, ар биринин сөзүнө кунт коюп, өзү да сөзгө кызуу аралашып отурду. Бу сугатчылар жаны-дени менен берилип, кыпындай сыр жашырбай сүйлөгөнүнө кумар болуп отурду. Булардын мына ушул тең талаадай даалдаган айкын оюна ыраазы болуп, дал ушулар суу жайган тетиги эгин талаасындай көөлгүп, канып отурду.

Мейман ээси Мукаш да, береги дасторкон тейлеген сулуу аял да аралашкан жок тигилердин сөзүнө. Денесин солк эттире бир улунутуп алган Мукаш эми мына бу сулуу аялга таштады көз кыйыгын. Ал да береги сугатчыларды көрөйүн деген көзү жок экен. Кысынбай ичип-жеп, кызуу сөзгө кирген аларга кыжыр кайнап турганын аялдын көзүнөн көрдү бул. Тиги Мукаштан бетер мунун ой-санаасында деле Асанбаев турган эле. Мына бу Акбаевдин не өңү-түсү, не кыял-жоругу окшобойт ага. Тек ачкоо балача жайнап күлгөн Акбаев сугатчылар менен теңтушундай сүйлөшүп отурат. Оо, мындайда, ал Асанбаев келгенде ал отурган жер: таң-тамаша, ыр-күүгө толуп, анын жанына обончу, комузчу жигиттер, не бир сулуу кыз-келин чакырылып, алдыртан

көз кысып, каш серпишүүлөр күчөп, тек жаны-денди чымыраткан бир рахат көрүнүчү ошо Асанбаевдин азыгырык кызгылт көзү Асанбаев менен өткөн андай үлпөттү мына мындай сугатчылар түгүл, тиги төмөнкү колхоздун кырк жылдан берки башкармасы Баястанов аксакалдын өзү да билчү эмес. Мына бу суйсалган сулуу аял мына ошол аксакалдын келини болучу. Колхоздун механизатору ошо Баястановдун иниси мына бу Ишендин досу эле. Аялынын кылык-жоругун ал ушул досунун алдына нечен курдай дастан кылып, сырдашкан болучу...

Акбаев сугатчылардан өзгөгө көңүл бөлчү түрү жок бу дасторкон үстүндө. Ооба, анын оозундагы сөзү түгүл ойсанаасы бүт бойдон сугатчыларда экенин ачык билди бул аял. Адеп келгенден ушул дасторконго отургандан бери нечен курдай чалгындаган сулуунун азгырык көзү тиги Акбаевдин алагар көзүнөн өзүнө ылымта эчтеке таба албады. Акбаевдин алдындагы алтын жээк тарелканы булка кармаган сулуу аны ичинен жекирди: «...жан жыргалын билбес! Ушу баткак кечкен сугатчылар сени жыргатар болсо отура бер! Кайран Асанбаев болгондо...» Мукаштын арманын бу да ичинен кайталап, анын кыял-жоругун эстеп улутунду.

...Мунун башкарма кайнагасынын жасалгалуу үйү. «Асанбаев бүгүн ушундай түштонот», деген кабар жетип, булар бүлүнүп калышты. Жан-жөкөрү менен дүрбөп келип түшүп калган Асанбаевге кол алышууга, ага шынарлап, кошомат айтууга жетише алышпай аптыккан кишилер... Демейкидей кадырлуу мейманга дасторкон жаюу, чай сунуу милдети ушул сулуунун дайындалган. Ошо күнү мунун кыймыл-аракети да өзгөчө болчу: жасана кийинген бу бутунун башы менен жорголой басып, кыял көргөзө сылаң этип, сызылта чай куюп, илбериңки чай сунганда алдыртан кирпиги менен ата карап отургандарды кытыгылап жүрдү.

Ошо күнү келиндин кирпиги аден Асанбаевге урунду белем. Сунулган чайды алып жаткан Асанбаев мунун орто-сөөмөйүн пияланын түбүнө кысып туруп тиктеди. Келиндин көзү коюла түштү. Пияла түбүндөгү тентек колдор купуя сүйлөшүп, азгырык көздөр жүрөк туйлатты.

Мына ушундан соң кең-кесири ойноп-күлүүгө ээн-жайкын орун керек эле. Түштөнгөн Асанбаев мындан аттанды. Кайдагы бир «жаштардын чогулушуна катышат» шылтоосун мында жарыя айткан Асанбаев ошо күнү ушул кызыл келинди өзү менен кошо кымтый кетти. Булар ошондо тээ, капчыгай өрдөп барышып, ушул дарыянын гүл бураган жээгинен орун алышты. Асанбаевден калбас үлпөт

дарыя жээгине ээрчий келген экен. А ал ошо жерде шапар тебүү, ошол жерде сармерден башталып, чөйчөк сунушуу күчөп, жүрөк сырлары чок ортодо жалындап күйүп турбады беле.

Баса кайран, Асанбаевдин буйругу менен мына ошол жээкке ак үй тигилип, чучуктай жээрде жабагы союлду. Баглан козулар чокко кактаган пишкебектей тизилип, тээ, үйдөн обочо, шилби түбүндө. Ушу Мукаштар жанкалактап жүрүшкон: «...кокуй, соер козуну аксакалдын өзүнө тандатпасак чатак...» Ырас, чатагы — чатак. Асанбаев аксакал өзү көрүп, өзү тандабаган козунун этин жебей койчу, астына келген этти жинкирип, колунун арты менен түртчү: «Бу козубу же улакпы?!» «Козу. эле аксакал, козу» — деп алдастап калган үй ээсин кекетчү: «Козубу? А козу дегендин куйругу болот!» Ушинткен аксакал печен жерден эттен ооз тийбей аттанып, кээлер анын кыйыгына калган, кызматынан бошоп, жаза тарткан. Ушуну укканлардын үрөйү учуп, Асанбаев аксакалды чакырчулар күн мурун айылдан баглан куйруктуу козу издешчү да аны жоктон таап, куйруктуу козуга үч эсе кунун төлөп бөлүнүп калчу: «Ээ, не болсо а болсун, акыры аксакалга бир чай берип койбосок...» «Аксакал, куйрук боорду жакпы көрөт!» — ушинтип ага жагынып, ага куйрук боор сунуп турган үй ээсин беритен сүрөп кетишчү жан-жөкөрлөр: «Ээ, жеген оозго жарашат! Кээлер «май жакпайт» деп тыйтайышат экен ой!» «Ээ, алар бир ырыс кесерлер да! Андайларга арыктан суу сузуп бер. Ха-ха-ха-а!»

Сүрөөнгө эриген Асанбаев аксакал мындайда коньякты стакан толо шыңгытып, жазы кесилген куйрук боорду кабаттай сугунчу. Чыгып келаткан атты сүрөгөндөй сүрөөн алды-артынан дуулдап: «Мына-а! Жеген оозго жарашат! Бали-и! Аксакал алат экен да! Тимеле баягы илгерки...»

Коньяктын кызуусу, элдин сүрөөсү менен алаптаган Асанбаевдин оюна ардемелер келчү: мелдеште койду, а түгүл тайды бүт ашап кеткендер... Өмүрүнчө тайдын гана этин жеп өткөн Медет-датканын арманы: «...мен өлгөндө ким жээр экен кызыр эмдинин этин?..»

...Ушундай үлпөттүн биринде ал булкуна туруп мындай буйрук айтты:

— Ошо, Медет-датканын конушун көргөзчү мага?

Асанбаев аксакалды ээрчишке шылтоо эле таппай турган жан-жөкөрлөр алаптап, шашып, ат-атка тийбей калды: — Кокуй ал мына бул эле жерде.

— Азыр эле жетип барабыз, аксакал!

Айткандай, ошо замат жетип барышты датканын конушуна. Шар суу жарып аккан кок өзөн. Мына ушул жаздоо, күздөө конушу датканын. Мына так ушул конушта бал кымыз чайкатып, кысыр эмди тай жеп жаткан датка.

Ээрчишкен машиналар туланды жойкуй келип токтоп, андан чалкалаган кишилер түштү. Кишилерди ээрчий жүргөн мол тамак-аш, мол арак-шараң жайылган дасторконго жайнады. Бирок, ошо жайнаган дасторконго эч ким түшө калган жок, эч ким аны тегеректеп отура калбады. Анткени, тиги аксакал өзү ары-бери басып турган эле. Эки колун артына алып чалкалаган анын эки көзү маңдайкы ак-чаң адырларда: желе тарткан адырлардан үзүлүп калгансыган болок добонун чокусунда — бузулган күмбөз — Медет-датканын күмбөзү. Асанбаев аксакалдын жан-жөкөрлөрү соз талаша сүйлөп ага жагынуунун айласында. Бирок, создү канча талашканы менен бу күмбөз баянын, датка окуясын эч ким тамшанта сүйлөй албады.

— Чиц! — деп алаканын көтөрүп, баарынын үнүн баскан аксакал мына ушу Мукашка бурулду. — Сен тиги Ара-Колго чап. Анда бир санжырачы чал бар деген, мына ошону алып тез кел!

Буйрук алеки-саатта аткарылды. Машинадан ийменип түшкөн кары чүштөдөй аксакалы бар, эти качкан кагелес киши экен. Баарын көзү чалган чал өзүнчө күбүрөп койду:

— Жер ченеп жүрүшөбү булар? Ооба, каршы-терши арыш ташталганына караганда жер ченеп жүргөндөй, жо, тиги жайылган дасторконго карасам бейит башына келишкендей?.. Ыя? Булар Медет-даткага эле куран окубаса андан озго бейит жок бул арада?..— Ушу тапта арытан Асанбаев бак этти:

— Аа, чал, кандай? — Чал үн дебеди. Салт боюнча улуу кишиге салам айтуу керек эле. Мунун чал экенин жеке коро койгонсуп ороодогон эмнеси? Нарктуу карынын көңүлүнө кир кетти. А тиги Асанбаев баягыдан катуулап, эми бу карыга кошуп, оз жан-жөкөрлөрүн каарыды:

— Ой, бу чалыңар дүлөйбү ыя?!

Ушундан улам куурумчу жөкөрлөр күйпөктөп, бу чалды жутуп жиберчүдөй карашты; карыга соз үйротүштү:

— О, кокуй, жарыктык! Саламдашпайсызбы, аксакал менен!

— Бул киши — Асанбаев аксакал эмесни!

— О, кокуй, жарыктык десе!..

Ушинтип эл алды жанкалактагандын бири ушул Мукаш болчу. Мунү дароо тааныган эле баамчыл кары, теше карап туруп үн каткан:

— Ие!.. Баса, кокуй силерсиңер го? Салтты унуттуңарбы? Улууга саламды кичүү айтат. Аксакалчылык ишине эмес, жашына карай болот. Менден улууңар болсо айткыла, айыбымы тартайын? Менин баамымда мында турганыңар менин балам түгүл, баламдын баласынын курагындасыңар. Ие... саламдын ордуна «чал» деп чапчыды бу «аксакалыңар!» Ээ, чал экенимди озүм да билем. Жай маек куруп, ал-жай сурашты коюп; «дүлөй» деп чакчандады. Ие, андай оргу-баргы кепти укканда укпай дүлөй болгон жакшы. Ээ, андай аксакал экениң ырас болсо...— деп келаткан карынын сөзүн оозунан жулуп алган Асанбаев жанагыдан бетер чамынды:

— Эк, какчандаган какбаш! — Жулкуна баскан Асанбаевдин жамажайынан ак көбүк буркулдады, көзү канталады. Муну укkан карынын чүштөдөй сакалы титиреп, өңүнөн кан-сөл качты, былбыраган эриндери да көгүш тартып, титиреп, суюк кирпигинен жаш ирмелди бекен, айтор, агарып чел баса баштаган козу жашылданып аянычтуу эле. Оозу ачылып, эндирей калган карыя каргылдана унчукту бир оокумда:

— Бу, сен да карыйсың балам! Сен да маа окшоп... менин азамат уулум өткөн урушта окко учкан. Ал сен экөөбүздү коргоболу беле?!

— Тигини! — деп булкунду Асанбаев. — Сөзүн кара өлорман чалдын! Закүнчүсүн мунун! Асманыңды таштап ий! Ушу сениби! Ушу сенин эле тамырыңды кырка албасам!..

Карыя чыйрала түштү, ал тилин тартпай оозундагысын айтып салды:

— Ээ, балам... мен сага сыңар тал куурай эмесмин, тырс жулуп алып ыргытып койгудай.

Карыяны жыга чапчудай маңдайына чукул барды Асанбаев. Анын көзү канталап, үнү кекээр:

— Ии? Анан эмнесиң сен?!

— Менби? — деди, анан ошо канталаган көзүно айбатту караган чал. — Мен — арчамын. Тамырым тереңде-е!.. Кыркам десең колуң жооруйт. А түгүл балтаң сынат. Оюн эмес, менин тамырым токсон балтадан калган.

Ачуусу тумшугуна чыгып, карыяга ыкыс берип кирип барган Асанбаевди дале мына ушул Мукаш арачалаган ошо күнү:

— Аксакал, койсоңуз аксакал, бир ачууңузду бизге берсеңиз? Ушул өларман чалга теңелип нетесиз.

Анын кыялы Мукашка гана жат. Аксакалынын ички сырын алаканынан көрүп турган ал анын көңүлүн таап койчу: Асанбаев аксакал ичип-жеп чер жазган турабы? Же кыз

жандап көңүл ачкысы келеби? Айттырбай билип койгон Мукашты далыга чаап каткырып калчу Асанбаев: «Ой, ушу сен олуясың го ыя? Деги бир балаан бар сенин? Ха-ха-ха-ха-а!»

Асанбаев аксакалдын купулуна толгон Мукаш эми бу колхозду оюнча билип, эркинче чардады. Ал өз колхозу гана эмес, өзго колхоздордун ишине кийлигише баштап, алардын активдерин жайгаштыраарда ушу Мукашка кадимкидей кецешип калчу болгон Асанбаев: «Ак-Жардын башкармасын которуш керек эле. Кимди алпарсак экен ыя?» — мындайда Мукаш өз ашыналарынан бирди таап, аны төөдөй мактай кетчү: «Мен билгенден тиги Түкөнбайдан мыктысы жок: иш билги, уюштургуч, анан жеткен март...

Аксакал менен болгон мындай купуя кецещти кишилер дароо угуп, анын айныбай орундалганын дароо билип калышчу. Андай учурда ошо Асанбаев өзү эмес, бу чөлкөмдө Мукаш аксакал боло калгандай анын аброю асмандай түшчү да бу район чөйрөсүндө кызматка көтөрүлүүдөн үмүтү барлар, же кызматынан төмөндөп кырсык чалгандар ушу Мукашка арызга отуруп, ушунун көзүн карашчу: «...жалгасаң-каргасаң колундамын, Мука! Өзүң ак десең — ак, көк десең — көк... Ушунун өтөсүнө чыксаң мал-башым тартуу».

Мына, береги сугатчылар түгүл анда Мукашка бакандай активдер батына алчу бекен?! Активдерин өзү Мукашка кол куушуруп турчу эле... Эми бүгүн Мукаштын өзү артып калбадыбы момингип!.. Акбаев бу Мукашты коё туруп, сугатчылардын маегине канып отурат тигинтип. Мындан кийин ушу сугатчылар муну тогото коер дейсиңби?! Мукаш бул Акбаевди андый да, жектей да карап отурду. Андыганы — Акбаевден күмөнсүгөнү: «дени соо кишиби деги? Сугатчылар менен ушунча эзилишип, сырдашат да?» дегени. Жектей караганы — «сый билбес» деп кыжырданганы. Эбактан берки асылкеч-тецтушуна кезиккендей сугатчылар менен тамаша куруп, күлүп-жайнап отурган Акбаевди ушу тапта Мукаш көзүндө огу болсо атып койгудай эле.

Дасторкон тейлеген сулуунун курушкан куйкасы жазылбай эртегиси эсинен кетпей, Асанбаев аксакал менен тепкен шапар көзүнө көрүнүп, анын үнү угулат мунун кулагына: «...көрүп ка-ал дүйнөнүн жыргалын!» Мунун белинен сыга кучактаган Асанбаев... бул да кош ак билегин анын мойнуна кайчылаштырып салбады беле. «Кайран гана көкжал!» — минтип өкүнүччүн өзүнө купуя айткан ушул сулуу аял ичине толуп турган бугун жашыра албай, кашын үйрүп кабак чытты да шуу үшкүрүп ийди. Мунун армаңы менен

иши эмне, козунун этине карк тойгон сугатчылар ортодогу табактан кийиндей беришти да ушу дасторкондо шуу үшкүргөн эмеге чоочуркай карашты. Берки четки эки сугатчы азыр эле эт шилеп сугунган күроктой чецгелдерин ушул аялга карай кесей сунуп, мындан майлык-кол аарчы сурап турушкан эле. Сулуу буларга жек коро тирмейип, кол аарчыны сугатчылардын бетин карай серпти да маңдайында тишин чукуп отурган Мукашка кашын үйрүп ыргыштай кетти:.

— Жыйнайынбы?! Жеп бүттүңөрбү?! — Мунун кекээрин Мукаш дароо туюнду: — «Ардактуу меймандарың ушуларбы?! Мени эмне убара кыласың?!» — дегени.

— Ие, мейли, мейли анда? — минткен Мукаш жалтайлап калды. Демейкидей болсо бул өзү чогоолой калып бата тилеп деле жибермек, азыр анте албады. Бата түгүл озүнөзү тилдеп олтурган бу: «...ит болдум! Кайран сыйым! Кайрын гана... баары наатка кетти ээ!»

Бир дасторкондо сугатчылардын сөзү да, ой-санаасы да ар башка — эки айрык жолдо бараткан эле ушул азыр...

Секретарь менен сугатчылардын бул жолугушуусу туздаам татышуу менен бирге чакан кецешмеге айланды. Дасторкон үстүндө: иш тажрыйбалар, кыйынчылыктар, табигаттын марттыгы менен катаалдыгы дастан болуп жатты: бу көкүрөк зонасында арпаны кеч айдап, үшүкко алдырган жылдар, эгин суудан өксүп, аңыз кара так калган жылдар... «Ээ, кагылайын кар жатпас өрөөндүкү ушу да, тегеле атамзамандан ушу»,—деген кишилер күнөөнү жерге кышкы кардын жогуна тогоп коюшчу.

— Андай аке Чүйдой ал эмес, береги эле Жумгалдай кар жатсынчы!.. дешчү, күнү кечээ эле ушул өрөөндөн уучтап-кулактап эгин алганын эскеришчү кишилер негедир.

Эгинди мол алып жиберүүгө эмкидей техника, а түгүл айыл-чарба шайманы да жетишсиз эле. Оного илээндилик да кошумча болчу. Бу көкүрөк зонасынын кээ дыйкандары, чарба жетекчилери да илээндиликке жеңдирип, жалкоолонуп, эгин, чопко жарыбай малын кобойто албай мына ушул өрөөндүн кышкы ырацындай али жарды эле чарба. Кишилердин оокат-тиричилиги да оп-чап эле. Айдаган жерден мээнет кайтпай ар гектарынан арацдан зорго 5—6 центнерден арпа орун алган жылдар...

Муну береги сугатчылар биринен-бири талаша сүйлөп, биринин сөзүн бири толуктап жатышты. Сугатчылардын чечекейи чеч ушу тапта: кечке тышта жүргон нариете кечинде ата-энесине коргон-билгенин айтып түгөтө албай энтелейт го, булар да ошо нариете бала сыңарында эле азыр,

Адегенде дасторкондон четтеп, бу Акбаевге бет-бага алышпай жалтайлашпады беле: «Баягы Дүйшөбай менен Бейшебай болбойлу кокуй!» Ушуну ичинен ойлогон ар кимиси сак отурушкан адегенде. Акбаев менен арак сайышып карта ойномок болушкан ал экөөнүн жоругу бул өрөөнгө орттой дуу дей түшкөн да анан ошол окуяны күлкү аралаш сүйлөшүп, кайра артын кайтаргандар болгон: «...аларга күлгөндү коюп өзүбүз сак бололу, кокуй!» «Ошону айтсаң, жупуну кийинип, жумушта жүргөндө Акбаевди эч ким тааныбайт экен ой, камырабагандар ага өздөрү барып кабылат экен...»

Акбаев жаатынан минтип, өздөрү сүйлөп, өздөрү сактанганы да эстеринен чыгып кеткен мына бу сугатчылар эми жан бирге курбусуна кезиккендей чери жазылып, жырган, ушул ыманы ысык кишинин жандарынан кетиргиси келбей отурушат.

4

Нөшөрлүү ак боз булут астында каракөк тоолор жатат локүйүп. Түндөтөн бери көз ачырбай асман-жерди чалмакейлеп турган ак жаан жаңа күн бешимге оогондо гана сээлдеп, нөшөрлүү булут тиги ары бийиктеп этек түрдү.

Тээ, күн батар туштагы аппак булут ээрип бараткан болоттой көз чагылтып жаркырап, мына ошо булуттан жерге жамгыр эмес күмүш жаап жаткандай. УАЗ-469 дал ошо «күмүш жаап» турган күңгөйдү карай декилдеп барат. «Нур жаап жатат!» Ушул сөз кулагына угулду Акбаевдин. Бул өзүнүн кары энесинин үнү болчу. Жамгырдан кийин тышка чыгып, алаканын мандайына серепчилеген кары ушинтип кобурап коёр эле. Ырас эле, нур эмей анан! Жазгы жамгырдын өзү да бу жерге төгүлгөн касиеттүү нур го.

Жаңы төрөлгөн наристедей жаратылыш кирсиз: нөшөргө көл-шал кирип алган жашыл адырлар күлпунуп, мелмел түздөр уч-кыйырсыз жашыл жибек жамынып суйкаят.

Акбаевдин көңүлү да кирсиз эле ушул азыр. Машинанын терезесинен: жаандан кийинки жашыл талаага, тээтиги «күмүш жаап турган» күңгөйгө куштар боло карап келет. Кандайдыр бир обонду өзүнчө кыцылдап келатканын кулагы чалды шофердун.

Бул обон Ишенге тааныш. Таанып болгондо бул мурда эл оозунда ырдалып жүргөн деле обон эмес. Акбаевдин өзү гана сызылта созгонун ушул менен экинчи жолу угушу.

Обон шандуу да эмес, же анча... Кандайдыр муңкана чыгып, буулугуп басылып, жүрөк мыкчыган бир кусалык угулат.

Акбаев адеп ушул обонду сызылтканда (баса, ошо күнү да дал ушу бүгүнкүдой жамгыр төгүп ачылган. Кечке маал булар тиги Ак-Учук тараптан келатышкан) аны күтпөгөн Ишен бир селт этип, куду чоочун киши көргөндой жанындагы Акбаевди тиктеп алган. Үнү гана түгүл, муюн өңү да кусалуу экенин байкаган Ишен: айланасы майда бырышка толгон, алагер көзүнүн кычыктары жашылданып, жазы маңдайына, жайык ууртуна колокологон бир эңсоо, жүрөк ачыштырган кусалык жүргөн. Анын обону кадимки ырдын обонундай эмес, оксүктүү, бироонүн улутунганындай эле. Жамгырга жуунган адыр-түздү муңкана карап, муңкана созуп бараткан...

Булар азыр Күйгөн-Көпүрөнүн түшүнда. Ишен көпүрөнүн нугуна кылчайып тим болду. Акбаевдин коңулу алагды экенин байкаган бул үн дебеди. Болбосо ушул Күйгөн-Көпүрөнүн баянын билгенинче сүйлөп бермек. Ал Акбаевдин өз өтүнүчү эле: «Ишен сен бу жерликсиң да. Мен болсом азырынча жаңымын. Жер-сууну мага баяндай жүр». Мына ушундан улам Ишен бул өрөөндөгү белгилүү кокту-колотту түгүл, тээтиги жол боюндагы төөдөй ташынан өйдо баяндай турган:

— Мына бу таш-мазар. Манас атабыз тээ, кара тоонун жонунан ыргытып, ушу ойдо жаткан жылкыны кайырган экен.

Ишендин баянына Акбаев өзү да үйүр алып, аны-муну озунуп сурай бербей турган.

Күйгөн-Көпүрөдөн өтө түшүп, Акбаевдин обону басылды. Ал туура жагын бурула карап калган экен. Колу рулдагы Ишен да ошол жакты карагыча Акбаев унчукту:

— Ишен, токточу, саал аялда. Тетигиге бурула кетели.

Тормоз берип жаткан Ишен тетиги кашаттагы сугатчыны көрдү.

«Ушу жамгырга аралаш сугарып жүргөн кандай апенди бу?» — Ишен муну өзүнөн сурап, өзү ошо сугатчыдан көз айырган жок. Кечки күн чубагандагы жашыл дениз бетинде көгөргөн бир жел кайык жүргөнсүйт.

Жолдон бурулуп эңкилдеген УАЗ-469 эгинге бир заматта чукул кирип барды. Сугатчы чолок жеңкок көйнөкчөн арык улан экен. Адегенде анын желкесин жапкан коюу чачы, кыржыйган далысы көрүндү. Жан ала кетке түшүп, кулак байлап жүрөт. Бала азыр эгин сугарбай эле кыяп жеген кулактарды бекитип жүрүптүр. Жээкке токтогон машинанын үнүн угуп баш көтөргөн ал, кадимки сугатчылардай күрөгүнө сүйөнгөн жок. Куду союл кармагансып

сабынан бошоң кармай калган ал тиги жээкте өзүн карап турган Акбаевге ашыга, аптыга салам айтып ийди:

— Салоому алейки, байке!

— Алейкума ассалам! — деди Акбаев.

— Оо, иш илгери болсун, баатыр!

Салт боюнча «айтканың келсин», же «андай болсун» деш керек эле. Бала анте албады. Анын ордуна мылмыйып уяң карады, тиги кастарлап алик алып, мунун ал-жайын сурап турган кишини.

Акбаев да баланы бүшүркөп тургандай анын дене-боюна назар салды. «...Бая менин курагымдагы өспүрүм экен». Ушинткен Акбаевдин өз бала чагы эсине түштү. Дал ушу бала курагында, ушу маалда, мына ушуга окшоп сугат сугарып жүргөн жерден кеткен...

* * *

...Жайдын толугу болчу. Чак түш. Магдырап кара көк тарткан тоолор жай ыраатына көлбөп, кыл чокулардагы мөңгүгө өңдөш, чүштөдөй булут ошо чокулардын мойнунда уктап, төмөнкү жашыл кырлар да ушул чак түштүн аптабына ныксырайт. Мелмилдеген кериде бүлкүлдөп закым гана жүрүп, ушу закымды туурап, кош канатын дирилдеткен торгой ободо безейт.

Үрмаралдын кериси. Тетиги закым ойногон көк кашатты — Кемер дешет. Мына ошо Кемерде эрбеңдеген эки караан тынбайт эртеден. Алардын дени да закымга аралашып, ошо закым менен кошо ийрилип, чыйралып илмеңдейт.

Даркан талаа... Чыгаан сүрөтчүнүн зор полотносунда магдырап жаткан даркан талаа, ошонун тетиги четиндеги кош чекиттей бүлбүлдөгөн экөө — Адыл менен Тоймат. Кечээ эртең менен бул экөөнү ушу Кемерге Осмон бригадир өзү ээрчитип келген да минтип буюрган:

— Ушундан тээ, сайга чейин сугарасыңар. Үч соткеде бүтө аласыңарбы?

Балдар шар жооп беришпеди. Бири-бирине суроолуу карап, анан тиги сайга чейин көз мелжий жаткан жашыл талаага көз чаптырышты.

Бул экөөнүн баш терисин көргөн Осмон бригадир куду булар азыр айнып баса берчүдөй ашыга сүйлөп, өз суроосуна өзү жооп бере салды:

— Ой, муну эки соткеде деле бүтүп коёсуңар. Ушу да кеппи! Ой, жолуң болгурлар десе!.. — Буларга жеме арта, чыйратып алган бригадир кайра буларды көтөрө чалып мактап салды:

— Ушу да кеппи. Мындай жерди биз силердей жигит кезде... күнү-түнүнө эле көлкүтүп салчубуз,— деди эмнегедир алиги «соткесин» бу сапар таштап — Силер эми азамат жигит болуп калбадыңарбы!

Жанагы «жигит» эле эмес, эми «азаматын» коштой чаап салган Осмон бригадир кантсе да буларды макул кылганын билди да эми булардын эртеңки азыгынын камын көрүп жатты:

— Тиги, айран, наныңар бүгүнчө жетер дейм?

Булар баш ийкери менен кайра жөнөөгө шашкан бригадир минтип кошту:

— А кудай буюрса, бир сонун жаркөп жасатып алып, эртең менен эрте өзүм чаап жетем, айланайындар!

Ушинтти да бригадир балдарга көзүн кысып, кымыңдап койду. Балдар макулдугун билдирип баш ийкешти. Баса, Тоймат убаданы бышыктап жатты:

— Осмон байке, анан...

Саал такала калган аны бригадир такыды:

— Ии, эмне? Эмне «анан»?

— Анан,— деди токтогон жеринен улаган Тоймат. — Эмгек күнүбүзгө так болсун, чепесециз боло мына бу жерди?

— Хе-хе-хе! — калп күлгөн Осмон бригадир эми жеме артты балага. — Ой, тапан, атаңдын көрүгө чайын! (Тойматты айылда «тапан» дешчү).

— Ой, ушу силердин мээнетиңерди кантип жейин ыя? Бу жер тетиги калкос болгондон бери токсон тогуз чепелген эмеспи. Андай ынанбасаңар кошумча деле жазып берем табилиңерге уктуңарбы? Бол, бол айланайын, чамдагыла!

Ушуну айткан бригадир көк чологун шодоңдотуп жүрүп кетти.

Балдар баш-учун албай чамдады. Кээ сугатчыларча кырк кулактап карап турушмак беле, биринен-бири өтө чаап, суу жетелеп, алакандай ала калтырбай чуркап жүрүштү.

Булардын багына суу мол экен. Бурулган жагына кылкылдап, богок байлаган эгин, тегиз көлкүй берди. Жумушка кызып алган балдар көчүк баскысы жок. Арык толо аркыраган суу аларды шаштырса, ошо суунун өзүн булар шаштырат тыным албай чуркап, ала терип.

Күнү кечке ушу күү менен жүргөн экөө түндө да чырм этишкен жок. Осмон бригадирдин айтканы оюнда буларды: «үч соткеде бүтө алар бекенсиңер? Же эки соткеде эле бүтпөйсүңөрбү? Биз силердей кезде мындай жерди күнү-түнүндө эле бүтүп койчу элек».

«Ой, ээй, алар кыйын экен го бала чагында? А биз эми кем калабызбы ошолордон?»

Суу жетелеген экөөнүн оюнда мына ушул соз эрегиштирип жаткан эле.

Суу ичкен Кемердин секиси мелмилдеп кара көк. Экөө бир жүргондө чарчоону, а түгүл, курсагынын ачын да унутуп коюшат. Эки бала ушул айылда кенедейинен бир чоцойду, мектепке бирге барышты.

Ошентип, бул экөөнүн бүтүрүп жаткан иши эмес ой-санаасы бир: мына ушул жаздата, жайлата тапкан эмгек күнүн чогултса — ал жол каржы, ал расход болот. Мына ошо менен окууга жөнөп, окууга өтүп алышса эле болду. Расход деген соз булардын көцүлүнө жат болуп, а түгүл ушул соз булардын тынчын да ала турган болду. Анткени, окууга расход керек дегенди бул элеттиктердин кимде-кимисинин оозунан угушат. Анан булар өзүнчө сүйлошүп, мына ушинтип расход камдап, анан окуп алышка далбас ургапы далай болду. Ушул расход деген созго аралаш «жетим— оз кипдигин өзү кесет» деген да бул экөөнүн кулагына жакын. Экөө тең эпе-атаны эрте «жалмаган эрендерден» эмеспи. Шаарга окууга кеткен балдарды, кайра шаардан окуудан келген балдарды көргөн бул экөөнүн тең ичи ачышып, ошо балдарга козү түшчү: «...ушу балдардай болуп, окууга барар күнүбүз бар бекен? Деги шаарга барып окур күнүбүз бар бекен?

Сырдашын бүтпөгөн бул экөө кээде, балалык кыялынын канатында зыпылдап жүрүшчү. Мына муну бирипнен-бири өтө сүйлөп, каткырып калышчу.

— О, бая Акбайдын баласы келиптир, кадимки эле өкүмат!

— О, берки Токбайдын баласын көрдүцөрбү? Ал андан бетер.

«Жакшы тилек — жарым ырыс» дешет эл. Карыдыржаштыр ошо жакшы үмүтүн канат кылып ошо жакшылыкка далбас урат эмеспи.

Түнү бою эгинде суу менен жарышкан балдар таңды ошо суу үстүндө тосушту. Тээ, Улуу-Тоонун башынан кылайып келаткан таңды көргөн Адыл эгиндин аягында жүргөн жолдошуна сүйүнчүлөп кыйкырып жиберди.

— Э-эй! Ээ-эй! Шалпаң кула-ак!.. (кулагы калдайган Тойматты курбулары ошентип ат коюп, ошентип тамашалашчу).

Тацкы талаадан чыккан Адылдын үнү тиги Тойматтын кулагына шак этип, ал шарт башын көтөрдү. Бирөөнү чаап ийчүдөй күрөгүн кезей кармаган калыбында турган ал, бу га олондоп алды:

— Эмне дейм?! Оой, эмпе көрдүң?

— Тигине-е,— Адыл тоо тарапты жаңсады. — Сен көргөн жоксуңбу?

Тоймат ошо тарапты аша-чаба карап калды. Демейде тээ, кумайдан кийик көргөн киши ошентет го, аны жетип шыйрактан алчудай алактап калат го. Тоймат азыр да ошондой абалда эле. Кадимкидей алдастап турду ал. Кийикти кыр ашырбай көрүп калайын деп алактай берди:

— Кана-а?! Ой, кана-а? Кийикпи-и?

— Ха-ха-ха-а! — Адыл каткырып ийди. — Шалпаң кулагым-аа! Кайык жүрчү беле үшерде? Тигине, таңды кордүм.

Тойматтын чап жаактуу кубакай бети, калдагай кулагы да таңга бурулду. Улуу-Тоодон ак жээк тартып таң сүрүп келатыптыр. Балдар саал чыйрыкканын сезишти.

Улуу-Тоо башынан күндүн мурду чачырады. Жер жүзүнө жайпап келаткан күн нуруна колбөгөн тоо-талаа ошо эртең мененки анын нуруна оңдошту. Күндүн алгач ууз нурунан суу менен кошо шимирген береги эгин да кулагын делдейтип, күндүн өзүн жардана карады.

Күндү караган эки бала да үйдөгү төшөгүнөн жаңы турушкандай чирене, бой керип, үстөкө-бостөк эстеп алышты. Ошо бой керип, эстеп турган тейде Тойматка кулачын таштады Адыл:

— Ээ-ии... Шалпаң кулагым!..

Шалпаң кулак да тек туруп берген жок. Экөө бой тиреше түшүп күрөшө кетишти. Адыл тигинин ичине кире калып чалды эле, тигил башка амал ойлоп, аны жата калып чапмак болду. Экөө буйдалакташып калды. «Ит жыгылыш»...

Булардын күрөшпөй калган күнү болбойт. «Жыгылган күрөшкө тойбойт» дегенди айтып бирин-бири ардыктырат. Неткен менен бири-бирине жемин жедире койчу да эмес. Тоймат-Шалпаң кулак — турна тарамын келип, шамдагай болчу. А Адылда ык, каруу бар эле.

Уйкудан калып, түнү менен сууда жүргөн дене-бой саал кожоюп турганда күрөш анын баарын айдап, ден жазыла түштү. Балдар тамак ичкиси келди. Кол чаначтын түбүндө бир аз айран, анан нан калган экен. Ары-бери шам-шум этип, кичине тыным алган экөө бүгүнкү бүтүрөр ишин болжоп жатышты:

— Тетиги туура арыкка, андан ары сайга чейин...

—Бүгүн бүтө алар бекенбиз ыя?

Кантсе да ушу бүгүн бүтүшкө бел байлаган балдар, куду командирдин буйругун уккандай орундарынан шапа-шуп турушту.

Түш оой кетти. Алиги туура арыктын үстүн кандыра сугарган балдар сууну эми анын алдына которушту. Уйку-

дан калганын, ачка болгонун эми сезишти булар. Жай саратаны ой-тоого боюн кере таштап, аптап. Балдардын курсагы кабышып, озогу карарып баратат. Булар оздорун алаксытып, обон созуп, аны ышкырык коштоп... бирок ач курсак эч нерсеге багынбай дене-бойду шалдыратып турат. Кез-кез курогун таяна калышат да ышкырыгын шоок кылган экоо тең тээ алыста, закымдан ары бүлбүлдоп жаткан Кок-Ташты карай калышат. Кыштактан келаткан бироо барбы? Жок, эч ким корунбойт. Осмон бригадирден дарек жок. Эртең менен эрте бир «жакшы жаркоп» жасатып келмек эмес беле? Анын убадасын эстеген балдар шилекейин кылк жутту да кыштак тараптан козун алышпады.

Мына, күн да кечээнден барат. Жайылган суу да тээ, сайга чыгарына аз калды. Булар нормасын аткарышат, бирок, Осмон бригадирден дарек жок. Буларды биротоло унутуп койгон окшойт. Сугарган жерди корсо боло?

Экоонун тең оюна аркы-берки түштү, экоонун тең жетимдиги...

Машташкандай курогуно сүйонгон экоо тең, ойго жеңдирген экоо тең мына, кылкылдап жайылган сууну тиктеп, ошо суудан, эгин арасынан бирдеме корун калып, ошону эми коз алдынан кетирбестей тунжурап турушкан эле.

Сайга чыгып калган сууга коз чаптырган Адыл тигиге үн салды.

— Тойма-ат! (адатынча «Шалпак кулак» деп тамаша таштоого барган жок. Тамашалоого ал кана?!) — О-ой, Тоймат!

Курогуно сүйонгон бойдон уктап кеткенсиген Тоймат эми баш котөрдү. Ал тек гана башын котөрүп, муну карады.

— Жү-үр! — деди Адыл, озү курогун арыштата шилтеп, сууга колкүгон эгинди тизесинен кечип баратып унчукту:

— Жүр, кетебиз. Тигине, аягына чыкты суу. Жыгын таштайбыз!

«Жыгын таштайбыз!» Адыл ушуну ызырына сүйлоду. Муну укkан Тоймат дың деген жок, курогун таянып, балтырынан баткак кечип, бери арыктын кырына чыгып келатты.

— Жүр,— деди Адыл жапагы үн менен,— бригадирди кыштактан табабыз.

* * *

Күн кеч бешим. Ээрчише кыштакка кирген экоо Осмон бригадирди издоодон мурда батырак озок жалгоону эңсешти.

Адыл кирген үйдо ээги тизесине тийген кемпир, тестиер арык кара кыз отуруптур. Кемпирдин кемселине оронуп

уктап жаткан да бир секеликтин маңдайына жабышкан саамайы, боорсоктой бети көрүнөт.

Сандыктын түбүндө чий куурчагы менен алектенген алиги арык кара кыз там кырынан секирген улактай серең этип тура калды:

— Байке-ем! Адыл байкем!

Кара кыздын үнүнөн улам ойгонуп кеткен кемпир (алырас эле үргүлөп отурса керек) баш көтөрүп, Адылды утурлап, кобурап койду:

— Ии, келдиңби? Адам, саа эмне болду? Күн-түн бою жоксуң?

Кеберсип жарылган эрдин жалап алган Адыл күлүмсүрөгөн болду:

— Сугат бүтпөй эле...

— Ээ, сугатың менен сумуран кал!

Мүлдө калкостукун сен жаңгыз бүтмөккө касам ичсең да не болду!

Кемпирдин алдында көк койдун тытылган жүнү түтүн болуп, толуп турган эле. Мыйрыгый арык манчасы менен аны жумшак басып койгон кемпир ээги тизесине тийген калыбында ордунан очорулду. Балага тамак бермек эле, аны сезе койгон Адыл озуна кетти:

— Эне, отура бер, мен өзүм эле... Айран барбы?

— Бар эмей,— деди кемпир,— акшак кошкон айран, жапкан нан... Баса, ай, ай кыз! — Ал берки кара кызга колун жазгады. — Түндөгүнү алып берчи, бери?

Мындан тигиге улактай секирген кара кыз, майлыкка оролгон бирдемени ары жүк бурчунан сууруп алып, Адылдын алдына коё салды. Муштумдай эт, кош кабырга экен.

— Кечээ, тиги Карынбайдыкы түлөөсүнө чакырыптыр,— деген кемпир ушул эттин жайын айта отурду. — Баласын отургузган тура.

Адылдын эки жанында отурушкан кемпир менен арык кара кыз муну жыл маалы көрбөгөндөй мындан көзүн алышпайт.

Кабырганы сыйра баштаган Адыл береги өзүн тиктеп, шилекейин кылк жуткан карындашына көзү түштү да берки эттин жармын үзүп сунду:

— Жей кой. — Далысын куушурган кыз алмаксан болду. Кемпирди карап адеп сактады. Кара кызды жемелеп койгусу келген кемпирдин оюна алда-неме келди. Кайра өзү ичинен жашып, ичинен бул экөөнү тең аяды: «Бир тууганың менен куру!- Муну ачка койгонсуп... Курган жетимдер!»

Минткен кемпирдин ээги саал кемшиңдеп токтоду.

— Ал, ала кой, Жамбы, байкең берип атпайбы... Муну кошо ээрчите баргам — деп кошумчалады кемпир. Оозу аны айтканы менен өзүнүн жаштуу көзүндөй ою да тумандап, жүрөгү ачышып турду кемпирдин: «Оо, курган жетимчелерим! Силер да жетилер бекенсиңер?..»

Булар үчүн жүрөгү канап отурган ушул кемпир — Мандаштын кемпири — Күлкан. Булардын чоң атасы — Стамбек, Стамбектен — Мандаш, Мандаштан — Бает, Акбай. Акбай аялы экөө катар өлүп кетип, андан эки кыз, анан ушу Адыл атасы Баеттин колунда калышпадыбы.

Бает өзү да бала-чакалуу, анын үстүнө Акбайдын жетимдери, карган энеси... Уул-келинин өлөрүн өлдү го, жер үстүндө Күлкан кемпир куурады!.. Аны кууратkан кийим да, тамак да эмес мына бу үч жетимдин...

Ушулардын айынан кемпир күндө чөгүп барат. Жылдап эмес, айлап, күндөп эрип бараткансыйт. Кечээгиден бүгүн кыйла карып, эңкейе түшкөндөй башы калчылдап, чел басып баратkан көзү үлүдөп, үнү калтырайт:

«Адылым!.. Бу да эркек бала. Эркек батырак карууга кирет. Кетмен чапса да оокат кылар. Баарыдан береги экөөнө кыйын болду го. Оо, кыз байкуш! Эне-атасыз кыз байкуш кантер экен?!»

Күлкан кемпирди күнүпөн-түнүпө зарна кылып, жүрөгүн ачыштырган мына ушул санаа. Өлгөн Акбайдан улуу ушул Бает да, анын боорукер аялы Татыке да өз балдарынан мурда ушул үчөөнүн үстүнө үйрүлүшөт: «Кокуй, булар ооңчул...» минткен эрди-зайып ар дайым буларга гана өнтөлөп турганына карабай кемпир да тигинтип...

Жеринен тирикарак, зээндүү Адыл, ачуу-таттууну эрте баамдап, карууга эрте кирди. Атасы Баеттин аяганына конбой, кол-арага эрте жарап, тигинтип, колхоздун жумушуна кадыресе дыйкандай аралашып кетти. Бу айылдагылар да аны көтөро чалып чогууда сүйлөшчү болду:

— Анапайын, Акбайдын баласы эр азамат болуптур, ой! Кадимки сокочулардан калышпай кош жыгылгыча айдоодо жүрду.

— А эгиндин кара сугатын чоң сугатчылардан артык басат экен.

— А чөп чапканычы! Тешелеп чаппадыбы өткөн жайда. Анан жеткен илберицки. Аман болсун, айланайын! «Атан өлсө — тайлак бар». Акбай өлбөй калды.

Муну кез-кез кулагы чалган Күлкан кемпирдин ичи тартынчу. Адылга өзүнчө кобурап койчу:

— Анан калса үй бетин көрбөс болдуң го! Жаңгыз сен бүткөрсөң да чактасаң боло, соргун жыгыласың.

Кемпир мына, азыр да ошол тейде бereги аптыга айран ичип аткан балага ичи ачына карап отура берди.

Ары-бери оокаттанган Адыл кичине карындашы менен чоң энесинин кашында отура берген жок, тышка чыкты.

Күн али эрте, тоо башына жаңы кылкылдап баратыптыр. Мына ушул мезгилде айылдагы бир кур балдар чогулуп, кыштак арасында логлой басышчу. Ыгы келсе кечки оюнга (ак чөлмөк, жоолук таштамай, кээде, селкинчекке) камынышып, үйлөрдөн аркан изден калышчу.

Адыл азыр ал оюндар жөнүндө ойлогон жок. Баланын көзү кыштак арасын тинтип — Осмон бригадирди изден жүрдү. Жер жуткандай жок ал. Дегеле аны бүгүн кыштак арасынан көргөн жан болбоптур. Баса, тиги бадачы чалдын айтымында Осмон бригадир кечээ кечинде тиги Күмүштакка кетип баратканын көргөн экен.

Адыл делдейип басып баратат эле арттан бироо чакырды:

— Ады-ыл! Оо, Ады-ыл!

Үндү дароо таанып, бурула бергенде тээ, Үмоттүн тамынын артынан чыгып келаткан Тойматты көрдү. Ансыз да токтой калган буга:

— Токто-о! — деп үн салган Тоймат алыстан кашкайган тишин көргөздү.

Анын айтарын Адыл алыстан болжоду: «ал түнкү оюнга камынган да; балдарга айтып койгон го?»

Тоймат ошо тишин кашкайткан калыбында муну жыл маалы көрө электен бетер алыстан кол суна келди:

— О, кандай, дос?

— Ии?..— Жаңы көрүшүп тургансыган мунун орду жок кыялын жактырбады Адыл. Те, бир коңулу шагдан Тоймат суроолуу карады.

— Ой! — деди мунун оң колун кош колдоп силкилдетип турган Тоймат. — Сенин эмне кабагыңа кар жаап калган ыя? Деги сен тамак ичтиңби же баягы бойдон ачкасыңбы, айтчы?

— Чүш-ш, тарт! Коё берчи колду! — Адыл жанагыдан бетер силкинип, далысын куушура, тигинден колун жулуп алды.

— Ой! — Тоймат мунун көзүнө биртике таңыркай карап. — Ии, эмне ыя? Эмне болду саа? Текенди сойдумбу сенин?! Ха-ха-ха-а! Бул өзү...

Адыл мунун күлкүсүнө кыжыры кайнады. Бетине сайылып жекирди:

— Эмне! Эмне ыржактайсың дайны жок!

— Опей! — Тойматтын күлкүдөн оозу жыйылган жок,

муну менен текоорлошо түштү. — Күлдүрбойсуңбу сен?! Сен эмне... ыя!

— Күлгондой эмне, менин бир жерим көрүнүп атабы?!

Мунун тейин көргон Тоймат күлкүсүн дароо токтотуп, (Осмон бригадирди таппай ачууланып турганын байкай койду) Адылга иштин жөн-жайын айтмак болду.

— Эй, Адыке! Ии дечи. — Мунун «ии» дегенин күткөн жок, сөзүн улай берди. — Бүгүнчү ээ, бүгүн биздин кыштакка райондон киши келиптир. Алар машина менен келиптир,— деп кошумчалады Тоймат. Анан жетим балдарды каттап кээлерин алып кетиптир. Ошо каттагандын ичинде сен экообуз да бар экенбиз. Бая Кенжекулду ала кетишиптир, Кураманын Кенжекулун.

Муну укkан Адылдын оозу ачылды. Чай кайнам гана мурда өзүнөн бөлүнгөн мына бу Тоймат-Шайпак кулак ушунча жакылыкты угуп-биле коёру кимин санаасына келиптир. Болгондо да булардын ой-пикириндеги, тилегиндеги жакылык эмеспи бул. Көпкө делдейип турган Адыл кайталап, тактап сурап, бу Шалпак кулак тамашалап турабы дегендей:

— Койчу, ой? Чын айтчы? Ырас эле райондун өзүнөн келген кишилер бекен алар? Анан кайра районго кетишиптирби же?..

Адылдын суроосун үзүп алып такылдай кетти Тоймат:

— Так райондун өзүнө топтоп жатышыптыр балдарды. Андан ары тиги эле Бурунзанын өзүнө алып кетет экен, уктуңбу?

Угарын укту го Адыл, негедир оозунан алдыргандай комулдай түштү. Ушу тушта кычаган сугат менен Осмон бригадир көрүнө саат болгонун эстеп туталана кетти:

— Кап! Бүгүн кыштакта болгондо, кошо кетмек экенбиз да! Эми эмне кылабыз ыя?

Айласы кетип тегерене түшкөн Адыл мына бүгүн кыштактан жөнөп кеткендердин артынан чуркачудай тээ, район тарапты умсуна карап, улутунуп ийди.

— Эй! Ии, дечи? — Тоймат мунун колунан тартып кымтыңдап койду.

— Менин тилимди аласыңбы?

— Ой, албаганда...— Адыл анын эмне айтарын сурабай туруп шар кетти. Ансыз да ичи ачышып турган Адылга ушул азыр амал-айланын баары Тойматтын колунда тургандай эле.

— Биз бар эмеспи ээ,— деди Тоймат,— биз түнү менен районго баралы. Алигилерди ошондон табабыз. Алар балдарды ошо районго топтойт имиш.

— Ошолор тиги Бурунзага шар кетип калыппады бекен ыя? Түшкөндөрү машине болсо? — Ушуну Адыл күлүмсүрөй сурады. Тиги машина менен кеткендердин багына бу суктанып да турган эле.

Кантип суктанбайт. Бул айылда арабадан өзгө эмне бар. Бул колхоздун ич-ара жумушу түгүл ошол райондун өзүнө тынбай катташкан ушул колхоздун эки арабасы эмеспи. Көктөн түшкөндөй анда-мында тиги чоң жолдон корүнө калган жүк тартчу машинаны карай жарыша чуркаган мына ушул Адылдар эмеспи. Мына ошо машинаны айдаган киши тиринип укмушу, ал машинага түшкөн киши бу дүйнөдөгү бактылуудай туюлчу.

Кокусунан ошо машинага түшүп кеткен алиги Кенжекулдан бактылуу ким?

Ары айтып, бери айтып, акыры экөөнүн кеңеши — районго жөнөп кетишке токтоду. Мындан райондун борборуна 15—20 чакырым. Унаа жок. Бирок, эси-дарты райондо гана турган эмелер анда учун жетүүгө да даяр.

— Ии, дебейсицби? — Тоймат кайра да баягы «ии дедирмейин» кайталап анан акыл айтты: — Түнү менен биз Осмон бригадирди табалы. Күмүштактан келип калар. Окуугa барат деген справка алалы.

Мунун акылын Адыл үзүп кетти:

— Ой, ал справканы кайра келип деле алабыз го, а көрө батырак районго жетип, бизди алар-албасып билсекчи? Балким кошпой койсо?..

Адылдын айтканы жүйөө эле. Кантсе да азыр районду карай жөө жөнөшкө мойну жар бербей турган Тоймат чоң кишилерче ойлонгон болуп, жерден алган сыцар тал куурайды чырт сындырып жатып, каадалуу компойду:

— Баарын коё туруп бүгүн алды-бердибизди бүтүрөлүчү.

«Алды-бердибиз»... мунун сөзүнүн төркүнүн биле койду Адыл: «Сугаттын табилин айтат. Андан өзгө ушу экөөбүздө эмненин алды-бердиси?» Иши кылып кыштактан батырак жөнөшкө ашыгып турган Адыл кайра азгырды беркини:

— Ой, аны кайра келип да бүтүрөбүз. Ушу бойдон жоголуп кетмек белек.

Көчө ылдый келатышкан экөө те кампанын тушунан чыккан бакылдакты уга коюшту.

— Ой, бригадир го? — Ошо тарапка кулак түрө койгон Тоймат жогун тапкандай сүйүнүп кетип токтой калды. Саал кыркыраң чыккан Осмон бригадирдин тааныш үнү Адылдын кулагына да шак этти.

Кампаны карай жарыша баскан балдар кулагы укkан бакылдакка бир заматта аралаша түшүп, салам айтышты.

Булардын саламына алик алган эч ким болгон жок. Осмон бригадир тиги кампачы менен кер-мур айтышып, бая жазында откоргон моюнча-каамыттын эсебин айтып турушту:

— Э, койчу, айланайын, сен да бир...— деген ал бет алдында жарыша салам айтып турган эки баланы эми көрө коюп, оозундагы созун тушурду:

— Ой! — деп чочуду ал алик алардан мурда. — Силер кайдан ыя?

Булардын кайда жүрүп, кайда келатканын эбак унутуп калгандай эле экөөно алмак-салмак карап көзүн тостойткон бригадир. Чочуп ойгонуп кетип, бет алдындагы балдарды али тааный албай тургандай буларды бир тынымга бүшүркөгөн соц унчукту кайра:

— Ой! Ыя, айланайындар! Силер тиги Кемерде эмес белеңер? Сугатта,— деп тактап койду. — Анан, а сууцар кана, сууцар?

— А сиз... — Минтип Тоймат бригадирге доомат койгону келатты эле, Адыл каныстан күлүп ийди.

— Күлөт да бу атандын көрүгө чайын! — Бригадир демите кетти. — Ой, сууцар кана дейм, сууцар?

«Суубузду чонтогубузго сала келди дейсизби? Калды Кемерде». Ушул жоон тилинин учунда ойноп турса да оозу барбады экөөнүн тец. Оц жоон айтты бригадирге:

— Сугарып бүттүк, Осмон аке.

— Ыя? «бүттүк» дейби? — Бригадир бул экөөнү күмөндүү карады.

— Бүттүк, бүттүк, Осмон аке. Баягы сайга чыккыча көлкүттүк да, жыгып таштадык сууну.

— Ай, ким билет? Ала калтырып аңкылдаттыңар го? Теңшерем эртең!

Бригадир кончундагы гезиттен чарчылап айрып алып, колтойто махорка ороп жатып, мукур сөөмөйүн кеседи буларга:

— Өзүм теңшерем! Кокус токумдай ала калтырсаңар кайра сугартам!

— Жүрүңүз, азыр текшериниз! — Бригадирдин сөзүнөн улам ачуусу тумшугуна чыккан Тоймат кызандай кетти. — Унчукпай койсо андан ары!.. Биз соткесине ачка сугардык, билсеңиз! Жаркоп жасатып барам дебединиз беле?!

Муну уккан Осмон бригадир саал тайсалдады. Кантсе да кечээги убадасын эстеп оңтойсузданды:

— Ой, атандын оозуга чайын,— деди жалтайлаган ал, «тапанды» кошкон жок. — Мен болсо... мени тиги Кумуштакка жумуш чыгып...

Бригадирдин жибий түшкөнүн көргөн балдар созду шарта салды:

— Эми, иш өттү, Осмон аке, сугат болсо бүттү.

— Эми табилибизди жаан, эмгек күнүбүздү?..

— Ие?! — Чочуп кетти Осмон бригадир. Алиги колтойто орогон махоркасын бир ууртуна кыскан калыбында сестейди.

— Ошо,— деди, Тоймат,— алды-бердибизди тынышалы.

— Биз окууга барган жатабыз, справка бериңиздер.

— Ой! — деп көзүн тестойткон Осмон жанагыдан бетер таң калып, жанагыдан бетер буларды тааныбай тургандай карады. Чын айтышабы деген кыялда экөөнү алмак-салмак карап, бир оокумга турган соң кайра минтти:

— Ой! А силерди окушка ким жиберет экен ыя? Ыспыранкени ким берет экен?!

Эки ортодо үн катышпай бир оокумга тым-тым боло түшкөн соң Осмон бригадир минтип кошумчалады:

— Окушта эмне, суутуп коюппу силерге?! Эч кайда барбайсыңар!

Ушинтти да атын моюнга салып, ары бастыра берди. Аны менен жанатан кер-мур айтышып турган кампачы ары кампасына кирип кетип, бу эки бала ошо ордунда калды. Баса, жемин жедирбей жана Тоймат күңк этти, тигиндей узап кеткен бригадирдин артынан:

— Барабыз эле! Биздей балдардын баары эле окуп жүрүшпөйбү?

— Өмүр бою сугатта жүрмөк белек! — деп кошумчалады Адыл. А бригадир болсо булардын сөзүн укмаксанга салып кете берди...

* * *

Адыл үйгө киргенде каш карайып, эл орунга отуруп калган эле. Бул жана сугаттан келгенде чоң энеси менен кичине карындашынан өзгө жок үй ичи сомсоюңку эмес беле. Эми үй ээлери—эрли-зайып бала-чакасы менен чогулуп, от ойноп, казан кайнап, акар-чакар. Бает балдарын биринен сала бирин эркелетип, алардын кыялына боору эзилип, балдардын кыткылыктаганы аны сүрөп, айтор, үй күлкүгө толуп-ташып турган экен. Ушу тапта тыштан эл үрксө да туйчудай эмес, Баеттики.

«Эл орунга отурганда»... Мына ушул учурду болжолдойт илгертен жүргүнчү. Ушул учурда айылга жете конууга аңыгат. Эл орунга отурганды маалдачу илгерки ууру. Күнү

бою тынбаган түйшүктөн жаңы тыным алган мал ээсин, үй ээсин аңдып турушчу алар. Ошол сыңары ушул азыр Баеттикин аңдыган ууру болсо да, же тыштан келаткан мейман болсо да эч ким түйбай калмак. Атасын ортого алган балдар: «карышкыр, кой» ойноп жатышкан. Өзгө түгүл Күлкан кемпир да тиги неберелеринин кызыгына батып, күлүп отурган. Каалга ачылганын да, тыштан кирип келип туруп калган Адылды да эч ким элес албас эле, бир гана тиги казан-аякта жүргөн Татыке аны утурлап күлө баккан чырайын көргөзду:

— Ии, келе гой! Ботом, эки күндөн бери эмне болду сага? Ээ, чуулдаган арамдар! — Ал балдары жакка бурулду. — Басылгыла, байкеңерге орун бергилечи, ой? Өт, өтө гой.

— А Кемерде силерден башка сугатчы жок бекен? — деди, балдары менен ойнун токтоткон Бает, озү да ордунан обдула берип, Адылга тигилди.

— Жо. — Үшүгөнсүп эки алаканын жышкан Адыл отурбай жатып минтти: — Мен районго барайынчы? Азыр эле жөнөбөсөк...

Үй ичи тым-тым боло түштү. Балдардын чуусу басылды. Тиги Күлкан кемпир баш болуп муну суроолуу карап калышты. Тымтырсты үй ээси бузду. Муну тиктеп турган калыбында Баеттин үнү чыкты:

— Ии, эмне болуп кетти? Жайчылыкпы айтору?

— Жай эле. — Адыл саал муунапалды. — Бүгүн райондон киши келген турбайбы? А тиги Кенжекулдарды машине менен алып кетиптир го?

Минткен ал, бүгүнкү окуяны бу Баеттин өзүнөн сурап тургансыды.

— Ии... а, жанагы-ы,— деген Бает кептин төркүнүнө эми туюнду го. — А жанагы теттомго бала алып жүргөндү айтасыңбы?

Алаканын ушалап, балдардын катарына жаңы отурган Адылды да, али кулагына чоочун сөздү айтып турган Баетти да курчу кеткен көзү менен үлүңдөй караган Күлкан кемпир, тиши жок оозу ачылган тейде сурап калды:

— Ыя?.. Тетитөм? Ал эмине өзү?

Энесинин суроосун укмаксан болду Бает. Анын ордуна Адылдын айтканын жактырбай аны каптай кетти:

— Кой-аа, жарабаган кепти! Кайдагы бир кудай безерлердин сөзүнө... Ага бир багар-көрөрү жоктор барат тура! А сен эмне бир...

Баеттин үнү ачыпа чыкканын баамдап калды Адыл. Азыр эле балдары менен кыраан-каткы болуп отурган анын

оңу сур тартып, кабагына бырыш толо түштү. А түгүл көзү да... «сен эмне бир багар-корору жок талаада калдың беле?!» деген ачуулу кекээрди көрдү Адыл агасынын көзүнөн.

Тиги, казан-аяк жакта селейип туруп калган Татыке да адегенде бир шыпшынып алып, анан табактагы сүттү эңтерип алгандай чочуду:

— Э, карагүн! Ал эмне деген шумдугуң, Адыке!

Бу, бир шойкомдуу кеп экенин Күлкан кемпир да эми туюна калды бейм жана күндүз кулагы чалганды сурады:

— Таң эртең калаадан бир огой, бир орус келип, жетимканага бала алып жүрөт дешкен, ошону айтып турасыңар белем? А тиги, бая Кураманын жетимин көңкүсүнө сала кетти дештиби балдар?

Адыл үн-созсүз жер чукуп отурду. Карган эме муну укса капа болор деген коомойдо ага дайнын билдиргиси келбеген Бает, мунун баарын озүнөн мурда кемпир угуп алганын билген соң Адылды көрүпө жемелеп, сөздү ачыкка салды:

— Ии, мунуң да ошолор менен барам деп атпайбы! Ошо, Кураманын жетиминин артынан жөнөйм деп отурбайбы!

Адылды жаман көзү менен каран, бир топко буулуп отурган Бает бир оокумда бурк этти:

— Муну мен бул үйдөн куулп аткансып!.. Орду жок ээлиге бергендин кереги эмне! Оню калаада суутуп коюппу саа! — Жанагы Осмон бригадирдин «суутуп коюпсусун» кайталап алган Бает эми көрүпө паалыды. — Жашаялметпиз. Кызыл чиедей балдар, мына. Өзүңөн башкасы алиги аяк бошотор. Төрүнөн көрү жуук энең отурат мамингтин! Менин оорумду колдон алып, карууга кирди деген сенин баш терин бу болсо!..

Атасы менен Адылды тиктеп элейген балдар жанагы кыраан-каткы күлкүсүн тиги тыштан кирген Адыл байкесине алдырып ийгендей тым. Адеп кепке аралаша калган кемпир да, али селейип турган тиги Татыке да батынып үн ката алышпай сестейип калышты.

Баеттен көз кыйыгын албай анын жаны ачына айткандын жүйөө көрүп, ачуу дары ууртап алгансыган кычкыл оңүнө зээни кейиди Адылдын. Зээни кейигенде кантмек? Кандай болбосун окууга баруу керек эле. Чымырканды да оюн чечкиндүү айтты:

— Окубасам болбойт.

Муну бир тынымга кадала тиктеп, анан булкуна колун шилтеди Бает:

— Окумактан... не кылсаң ал кыл! Маа демектен...

Зиркилдеген ал ачуусун кармай албай калды. Адыл тилин албаганына ызаланды. — Окуйсуңбу, чокуйсуңбу апыңменен ишим жок! Андай экенсиң, тиги карындаштарыңы да ала кет! Мен жат экемин саа!..

Адыл селт этти. Агасын тааныбай тургандай тиктеп калды:

«Капырай, бу Бает акесиби? Ата ордуна ата тутуп калган агасы ушу же?.. Мунун оозунан ушу сөз чыгат деп ким ойлоптур. Ата-энеден жаш калган тиги эки карындашы — Жамбы менен Бакен да Акбайдын атын айтпай мына ушул Баеттин кызыбыз дешчү эле го? Ал ошо булардын атасы Акбайдын көзү тирүүсүндө да ары отур, бери отуру жок, сеники-меники жок үй-бүлө караң туруп, эми болушмок беле?! Эми жиктешмек беле мүшкүл?!»

Баеттин ачуусун уккан Күлкан кемпир болоктоп ыйлап ийди:

— Оо, куу өлүм! Ушуну угузмак белең?! Ушул экөөно жик болуштурмок белең куу өлү-үм!!!

Ушу тапта эринин кычкыл оцүпө зааркана карап калган Татыке да ызылдап ичиркенип кетти:

— Ээ-ийй! Карацгү-үп! Ушуну кантип айттың?! Деги ушу кең кантип гана оозуңа барды катыгү-үп?!

Ачуу менен оозунан чыгып кеткен оорсок кепке, береги аялы менен тиги энесинин жүйөөлү акарааты на уккан Бает колун шилтеди да тышка чыгып кетти.

Эсинен танып калгансыган Адыл үн-сөзсүз коломто тиктеп отурат эле ацгыча тышта Тоймат чакырып атат дегенди укту.

— Муну азгырып жүргөн ошо күлапса-а! — Тышка кулак түргөн Татыке алкына кетти. — Бооруңа гана чечек чыккан өлүкканаңды көрөйүн ээ! Ай дээр ажа, кой дээр кожосу жок, күйдүргү!

Эркек балага айтылчу каргыштын бирин калтырбай төгүп жатты бул.

Алоолоп күйгөн от, барактап кайнап турган казан ошо өзүн кайнаткан отко капыстан эңтерилип калгандай үй ичин бырыксыткан бир чуулган түштү заматта.

Бир оокумда тыштан кирген Адыл таңынан тиги районго жөнөрүн чоң энесине билдирди да өзү оозгу үйгө жата кетти.

«Урушуп алган үй-бүлөдөй» деп ушуну үчүн айтат да, Баеттин акар-чакар бүлөсү кечки тамагын тым-тым отуруп ичип, эрте жатты. Эрте жатышканы менен уйку алда-кайда качып, ошо уйку ордуна түйшөлүү, улутунуу өкүм сүрүп турду карацгы үйдө.

өңү сур тартып, кабагына бырыш толо түштү. А түгүл көзү да... «сен эмне бир багар-көрөрү жок талаада калдың беле?!» деген ачуулу кекээрди көрдү Адыл агасынын көзүнөн.

Тиги, казан-аяк жакта селейип туруп калган Татыке да адегенде бир шыпшынын алып, анан табактагы сүттү эңтерип алгандай чочуду:

— Э, караңгүн! Ал эмне деген шумдугуң, Адыке!

Бу, бир шойкомдуу кеп экенин Күлкан кемпир да эми туюна калды бейм жана күндүз кулагы чалганды сурады:

— Таң эртең калаадан бир огой, бир орус келип, жетимканага бала алып жүрот дешкен, ошону айтып турасыңар белем? А тиги, бая Кураманын жетимин көңкүсүнө сала кетти дештиби балдар?

Адыл үн-сөзсүз жер чукуп отурду. Карган эме муну укса капа болор деген көөмөйдө ага дайнын билдиргиси келбеген Бает, мунун баарын өзүнөн мурда кемпир угуп алганын билген соң Адылды көрүнө жемелеп, сөздү ачыкка салды:

— Ии, мунуң да ошолор менен барам деп атпайбы! Ошо, Кураманын жетиминин артынан жөнөйм деп отурбайбы!

Адылды жаман көзү менен карап, бир топко буулуп отурган Бает бир оокумда бурк этти:

— Муну мен бул үйдөн кууп аткансып!.. Орду жок ээлиге бергендин кереги эмне! Ошо калаада суутуп коюппу саа! — Жанагы Осмон бригадирдин «суутуп коюппусун» кайталап алган Бает эми көрүнө паалыды. — Жашаялметпиз. Кызыл чиедей балдар, мына. Өзүңөн башкасы алиги аяк бошотор. Төрүнөн көрү жуук энең отурат маминтин! Менин оорумду колдон алып, карууга кирди деген сенин баш териң бу болсо!..

Атасы менен Адылды тиктеп элейген балдар жанагы кыраан-каткы күлкүсүн тиги тыштан кирген Адыл байкесине алдырып ийгендей тым. Адеп кепке аралаша калган кемпир да, али селейип турган тиги Татыке да батынып үн ката алышпай сестейип калышты.

Баеттен көз кыйыгын албай анын жаны ачына айтканын жүйөө көрүп, ачуу дары ууртап алгансыган кычкыл өңүнө зээни кейиди Адылдын. Зээни кейигенде кантмек? Кандай болбосун окууга баруу керек эле. Чымырканды да оюн чечкиндүү айтты:

— Окубасам болбойт.

Муну бир тынымга кадала тиктеп, анан булкуна колун шилтеди Бает:

— Окумактан... не кылсаң ал кыл! Маа демектен...

Зиркилдеген ал ачуусун кармай албай калды. Адыл тилин албаганына ызаланды. — Окуйсуңбу, чокуйсуңбу апың менен ишим жок! Андай экенсиң, тиги карындаштарыңы да ала кет! Мен жат экемин саа!..

Адыл селт этти. Агасын тааныбай тургандай тиктеп калды:

«Капырай, бу Бает акесиби? Ата ордуна ата тутуп калган агасы ушу же?.. Мунун оозунан ушу сөз чыгат деп ким ойлоптур. Ата-энеден жаш калган тиги эки карындашы — Жамбы менен Бакен да Акбайдын атын айтпай мына ушул Баеттин кызыбыз дешчү эле го? Ал ошо булардын атасы Акбайдын көзү тирүүсүндө да ары отур, бери отуру жок, сеники-меники жок үй-бүлө карап туруп, эми болушмок беле?! Эми жиктешмек беле мүшкүл?!»

Баеттин ачуусун уккан Күлкан кемпир болоктоп ыйлап ийди:

— Оо, куу өлүм! Ушуну угузмак белең?! Ушул экөөнө жик болуштурмок белең куу өлү-үм!!!

Ушу тапта эринин кычкыл оцүнө зааркана карап калган Татыке да ызылдап ичиркенип кетти:

— Ээ-ийий! Карацгү-үп! Ушуну кантип айттың?! Деги ушу кеп кантип гана оозуңа барды катыгү-үп?!

Ачуу менен оозунан чыгып кеткен оорсок кепке, береги аялы менен тиги энесинин жүйөөлү акарааты уккан Бает колун шилтеди да тышка чыгып кетти.

Эсинен танып калгансыган Адыл үн-сөзсүз коломто тиктеп отурат эле ацгыча тыштан Тоймат чакырып атат дегенди укту.

— Муну азгырып жүргөн ошо күлапса-а! — Тышка кулак түргөн Татыке алкына кетти. — Бооруңа гана чечек чыккан өлүкканацды көрөйүн ээ! Ай дээр ажа, кой дээр кожосу жок, күйдүргү!

Эркек балага айтылчу каргыштын бирин калтырбай төгүп жатты бул.

Алоолоп күйгөн от, баракгап кайнап турган казан ошо өзүн кайнаткан отко капыстан әңтерилип калгандай үй ичин бырыксыткан бир чуулган түштү заматта.

Бир оокумда тыштан кирген Адыл таңынан тиги районго жөнөрүн чоң энесине билдирди да өзү оозгу үйгө жата кетти.

«Урушуп алган үй-бүлөдөй» деп ушуну үчүн айтат да, Баеттин акар-чакар бүлөсү кечки тамагын тым-тым отуруп ичип, эрте жатты. Эрте жатышканы менен уйку алда-кайда качып, ошо уйку ордуна түйшөлүү, улутунуу өкүм сүрүп турду карацгы үйдө.

* * *

— Агай, агай! — деди Ишен уктап жаткан кишини ойготконсуду. Ырас, Акбаев бу Ишендин үнүнөн улам терең оюнан ойгонду. Ал жана басып келген бойдон солк этпей, тетиги кулак байлап жүргөн уланды тиктеген калыбында арыктын кырында турган эле.

Күн батып баратыптыр. Тиги сугатчы эми күрөгүн ийнине салып, ары эгин арасындагы кичине таш дөбөнү карай чыгып бараткан экен. Ошо таш дөбөдө анын кийми жаткансыйт. Бала эмеспи, буларга жетип келип учурашууга батына албады көрүнөт.

Чоңбу, кичинеби бу жумуштагы кишиден кыя өтпөй алжай сурашуу бу Акбаевдин адаты экенин жакшы билген Ишен шашып калды:

— Агай, тиги баланы мында чакырайынбы?

— Ии..— деген Акбаев жээк бойлой басты,— озубуз эле барабыз ага.

Көз кайкып, жайдын кечине чалкып жаткан ороон... Замандан бери мына ушул калыбында көптү көрүп, көптү кечире келген даанышмандай айкол чалкаят, батышынан чыгышына жорткон желге серүүндөйт...

Өрөөндүн тоо-талаасына бир көз чаптырды Акбаев. Тоо-талаада калган изин көз алдынан өткөрдү. Ушу тоо-талаанын түгөнбөс жүргүнчүлөрүнүн бири экенин эстеди. Адам түгүл береги бүлкүлдөгөн жел да ушул тоо-талаанын жорттуп жүргөну-жүргөн.

Кишинин жолунун башталышы бар. Ар ким канча жол басканын, ошо жолунун башталган жеринен ченейт, мына ошондон улам баскан жолунда эмне көргөнүн эстейт эмеспи. Эскиргенди эске салып коёр сен келаткан жолун, анан сен өнүп-өскөн ушул эле жер-суу, кишилер.

Акбаевдин жолунун башталышы, анын адепки чакырымындагы бир деген белги өңдөндү мына бу сугатчы бала.

* * *

Бир тук эттиби, этпедиби бала ыргып тура калды. Каалганын коолдогон ачыгынан көгүлтүр-буурул жайдын таңы шыкаалап калыптыр. Бала тышка чыкканда, чоң энеси эбак намазга туруп калган экен. Даарат алган кара кумганын кармаган кемпир желбегей басып келаткан калыбында эрте турган уулуна саал жеме артты:

— Э, жата турсаң боло! Кузгун саардан...

Тээ, Улуу-Тоонун башынан сүрүп келаткан таңды карап, керилип бой жазган бала оозун чоң ачып, эстеп атып сүйлөдү:

— Эрте-е... жоңөбөсөк болбойт.

Бала бети-колун чайкай салып, таар күрмөсүн кийип, анан тиги там боорундагы текче сымал чуңкурга үңүлдү. Андан тышы жыртылган эски география, бурчтары түйрүлгөн төрт дептер алып койнуна катты:

«Кокус, сабактан сурап калса...»

Адыл камынгыча чоң энеси да кемегеде күйпөлдөп жүрдү. От тамызып, бир тутам куурай жаккан кемпир чоюн кашыкка бир чөйчөк сүт бышыра салды да уулун чакырды:

— Кө... кел, муну жылуу ууртап ал. — Ушинткен кемпирдин бир колунда саптуу чоюн кашык, бир колунда нан бар эле.

Жаңы ойгонгон Адылдын жүрөгүнө тамак баспай турган. Ошентсе да чоң энесинин көңүлүн кыйбай көчүк басты да сүттөн ууртап кирди. Адылдын өңү-башынан көзүн албай маңдайында бүкчүйүп отурган кемпир ага өнтөлөй берди:

— Туурап алсаң боло, алдыгы токочтон туурап ал. А ырайонуца жеткиче качан. Өзөгүң карарбайбы.

Чоң энеси айткандай токоч туурамак түгүл жалаң сүттүн өзү да жүрөгүнө баспады. Өропкүйт бала.

— Жыттоочум! Жыттоочум менин!.. — Калтыраган колу менен саал өзүнө тарткан кемпир жанында отурган баланын мойнунан искеди:

— Анан, кокус окушуца өтүп калсаң, бир кайрылып кабарыцы айтып кой, мээнетиңди алайын! А тиги Жамбың менен Бакениңден кам санаба. Көзүм тирүү турганда ал экөөнү ыйлатпайм. А бая кечиңде... — кемпир тиги төркү там жакты карап, үнүн баса сүйлөдү. — Бает саа ачуулганынан ошентип атат. Аны санаанан чыгарып кой. Менин көзүм тирүүсүндө али эки кызды эч ким эшке түртө албайт...

Унчукпай турган Адыл саал жашый түштү, бирок, аны кемпирге сездирген жок.

— Макул, эне,— Адыл эки алаканы менен чоң энесинин эки жаагынан сүйөп, анын бырышка толгон маңдайынан жыттады. — Бат эле келем, өзүң мени ойлобо, макулбу?

Адылдын колуна оозу бүйрүмө бөз баштык сунду кемпир:

— Мамыны кармап ал. Жол азык.

* * *

Күн тиги Улуу-Тоо башынан көрүнгөндө эки бала Үрмарал сайына кирип келишти. Экөө бири-бирине сүйөк-таяк эле.

Таң эртең менен Үрмарал суусу жоон сапга чаба берип, ак канат серпип, куду өзүнүн түбүндогу таштай муздак болчу. Кошоктошуп бири-бирин сүйөп-таяган экөөнүн тең таманы муздай сыйгалак ташты этият басып, экөөнүн тең буту какшагыдай болсо... Жилигинен өткөн муз чучугун тоңдуруп бараткандай. Тамандан тийген шыргалаң төбого шак этип, каракуш какшайт.

Чилеңдеп, суудан чыккан эки бала мына бу сайдын ташында жикиреңдеп баратты. Куду таманына тикенек киртендей жикиң-жикиң баскан алар али жыңайлак.

Ээрчишкен экөө кыяга чыга берди.

Тээ, сай башы ачырайган кокту. Ошондон ары бийикте булут көчкөн ак чокуга көзү урунган Адыл көбурап койду:

— Беш-Кол...

— Кана, Беш-Кол?—Бул көргөндү Тоймат сурап калды.

Тээ, башынан булут көчкөн ак чокуну сөөмөйү менен көргөзгөн Адыл Тойматка укканын сүйлөдү:

— Тээтиги жерде Беш-Кол бар. Үрмарал так ошо жерден чыгат. Үрмаралдын башында чөккөн төөдөй алтын жатат...

— Ошол чын бекен ыя? — Бу кепти сан мертебе укканына карабай кызыга сурады Тоймат.

— Чын эмегенде. — Адыл беркини ынандыра сүйлөдү. — Илгери мергенчилер көргөн экен. Алар калп айтмак беле. Ал да чанда кишиге көрүнөт имиш... Адыл чоң энесинен уккан имишти улап койду. Муну угуп бараткан Тоймат кадимкидей кызыга кетсе болобу:

— Атаңкөрү! Ошо экөөбүзгө көрүнсө ээ?!

Кокус көрүнсө эле ошо чөккөн төөдөй алтынды болбой-жарбай Тоймат ээлеп алчудай сурады Адыл:

— Ии, эмне кылар элең көрүнсө?

— Анда мен,— Тоймат кымындап токтоосуз кетти. — Жармын өзүм алып, жармын жетим балдарга бөлүп берет элем. А сенчи? Сага көрүнсочү? — Минткен ал эми Адылды такыды.

Жыңайлак жолдо бараткан Адыл дароо жооп бербей саалытты. Төөдөй алтынды Адыл ээлеп алып унчукпай тургансып, Тоймат шаштырды:

— Э, болсоңчу эми, айтсаңчы! Кандай каражатка жумшайсың?

— Мепби? — Адыл ууртунан жылмайды. — Мен аны дыйкандарга...

— Дыйкандарга? Кайсы дыйкандарга? — Тоймат беркинин сөзүн үзду.

— Ушул эле колхозчуларга,— деди Адыл. — Эгин айдагандарга, анан тиги бак өстүргөндөрчү ошолорго; алар анда тоо-талаанын баарын токойго толтуруп иймек.

Муну уккан Адылдын көзүнө тиги Талас токою көрүндү. Дарыяны бойлоп жаткан чоң токой... Бул ажайып токойго өзүнчө суктанып, бир чети таң кала берчү: «Ким тикти экен ушунун баарын? Деги канча жыл болду экен? Манас атабыздын убагында эле бар экен го? Биз түгүл Манас атабыз да ушул токойду жактырып, ушул өрөөндү жактырыптыр. Ушундай токой болсо ээ! Тоо-талаа бүт ушундай токой болсо!..»

Мына ушу өз кыялындагыны ачыкка салды Адыл. Тоймат болсо аны жактырбай мойноп койду:

— Ээй, сен жомоктогудай ойлойт экенсиң...

Тойматтын оюнча тиги Үрмаралдын башында чөккөн төөдөй алтын да, аны кимдир бирөө таап алары да кылдай төгүнү жок сыяктуу эле. Алтын барын ырастагандар — аны көргөн мергендер эле эмес, ошо суунун башына торко элек сымал майда тор коюп, алтын чайкап алышкандар да.

Үрмарал суусу. Үрмарал тоосу... Ушу суунун башында бир кезде үйүр-үйүр марал жүрчү экен. Мына ошондон улам бу кокту — «Үйүрмарал» атыгып, кийин чукулуна салып «Үрмарал» делип кетиптир...

Элден дайыма уга жүргөн болмуштарды мына бүгүнкү жаңылыктай бири-бирине сүйлөгөн Адыл менен Тоймат жол кыскартышты.

Үрмарал менен райондун борборунун арасы кыйла. Булар жармаша барууга кылайып араба да көрүнбөдү. Жөөжалаң экөө бул жолдо калганын койсо да балалыгын кое алышпай: алышып, күрөшө кетип, кайра тызылдап жарыша кетишип анан, күйүгө токтоп, жүрүп отурушту.

* * *

Экөө районго жеткенде чоң шашке болчу. Күндү караган Адыл кубанып койду:

— Атчан кишиден бат келиппиз! — Маңдай терин жеңи менен шыпырган Тоймат баягыда Осмон бригадирдин көк чологуна жеткирбей койгонун айтып бажаңдап койду.

Райондогу мекемелердин четинен кирген экөө кечээ, Кенжекулду машина менен алып кеткендерди издеп жүрүштү. Тигинден аркы Үрмаралдан алып келген Курама дегендин жетимин ким билсин. Эң болбогондо ошону алып кеткен кишилердин атын сурап калганда эмне?!

Оңтойсуз боло түшкөн эки бала көчөдө бир аз каңгып жүрүштү. Ары өткөн, бери өткөндүн баарынан сурай бе-

ришке да батына алышпай, кантсе да мекемеден үмүт үзбөй, бир мекемеге баш багып катар тура калышты экөө.

Контордо мандай-тескей отурушкан төрт киши бар экен. Анын экөө — чакылдата чот кагып, экөө шыкырата эсеп-кысап, толгон кагазды кароо менен алек экен. Бу эки балага бирде-бирибин көңүл болгудой чамасы жоктой. Баса, берки четтеги толук кара киши гана чоттун ташын тартып бараткан өз манчасынын үстүнөн балдарды кыя каран коюп, ишин уланта берди.

Босогодо катар тура калган экөө жарыша салам айтышты эле тигилердин айрымдарынын эриндери гана бүлк эткени болбосо, эч кимиси ачык алик алышпады. Кодурандаган балдарды тоготпоонун белгисин билдиришти.

Экөө ага да анча ызаланган жок. Буларга издегенин гана тапса болгону. Экөөнүн үнү кайра жарыша чыкты:

— Байке! Алиги, жетим балдарды... — деп келаткан Адылдын оозунан жулуп алган Тоймат тигинден тыцсынып орусча сурады:

— Алиги, теттом кайда болду экен?

Берки четки толук кара киши кайра мунун озүнөн сурады:

— Теттом? А ким эле?

— Андай аттуу киши жок мында! — деп бурк этти, төркү лөкүйгөн.

Балдар бирин-бири каран, саал мыйыгынан күлдү да буларга теттом жайын түшүндүрмөк болушту:

— Теттом. Ал киши эмес, байке,— деп озунган Тоймат-ты ооз ачырган жок мына бу кара:

— Бар! Бар, нары, көп башты айлантпай! А теттомуң киши болбосо эмне? Азезилби? Бар, айда! Андай азезил издесең көйкапка бар. Андан ары... «баласы атасына... нетип үйрөтөт!» дегендей...

— Ха-ха-ха-а!

— Хе-хе-хе-хе! — Отурган төртоо бири-бирин сүрөй дуу күлүштү.

Балдар же буларга кошулуп күло албай, же ыйлай албай, бир кызарып, бир бозорду.

— Жашабай жатып маа үйрөткүсү бар ой!

Алиги кара киши ымшып турган Тойматты ушинтип кекетти да чотун кага берди.

Кирген бойдон босогодо каккан казыктай турган экөө, ызасынан шар чыгып кете алышпай шалдая түштү эле төркү лөкүйгөн унчукту:

— Барбайсыңарбы эми, барар жериңерге, эрте күндү кеч кылбай?!

Ушуну гана күткөнсүгөн экөө азыр тумшукка чаптырган кошоктолуу көк музоодой жетелешип, андан чыгышты да бет алды басып баратышты. Эми кез келген мекемеге баш багууга батына алышпады булар.

Балдар чогулуп жаткан жер барбы? Кечээ кеткен Кенжекул, аны машинага салып кеткен кишилер көзго чалынар бекен? Ушул үмүт менен кыдырып баратышты булар.

Күн түштөн ооп, аптап. Тиги булар келген Үрмаралдай эмес, кочо үй болуп тургансыйт. Чарчап суй жыгылды балдар. Чацкады, курсак ачты. Мектепти издеп баратышты. Балдарды чогултса эле ошо мектепке чогултар деген ойдо эле булар.

Бактың арасындагы чоң мектепке жакындаган балдардын алдынан шыңга бойлуу, ак жуумал келин чыкты. Анын колтугунда кагаз папкасы бар экен. Издегенин сураштан жалкып калган балдар буга да оозу бата албас беле, акыры келин озү буларды утурлай басып келди да экөөнүн башынан-аягына бүшүркөй карады. Адылдын үстүндөгү таар күрмө-шым, адегенде агыш болгону менен азыр өңү таанылбай калган эле. Күрмөнүн жеңи чыканакта, шымдын багелеги толорсукта, узун бойлуу алагар көз Адылды береги келин бир жерден коргондөй бүшүркөп туруп сурады:

— Кайдан келатасыңар?

Буга экөө жарыша жооп беришти:

— Көк-Таштан.

— Тиги, Үрмаралдан,— деп койду Тоймат.

— Эми кайда барасыңар?

— Теттом...

— Теттомго,— деп жана жарыша жооп берген балдарды алмак-салмак караган келин оңдоп койду:

— Аа, детдом дебейсиңерби?

Келин булардан ашык сөз сураган жок. Түз ээрчитип жүрүп отуруп, райондук милиция бөлүмүнө алып келди.

Мекеменин коридорунда бараткан бул үчөөнү арттан чыккан үн токтотту:

— Фатима! — Өз атын укkан келин артына кылчайып алганын көрүштү аны ээрчиген эки бала.

Шырыктай узун бойлуу чап жаак милиционер экен келиндин атын атаган. Ал келин менен учурашып, анын жайын сурашты коё туруп берки экөөнүн жайын сурады:

— Ии, буларың ким Фатима! Кайдан таап алдың буларды?

— Мен таап алган жокмун, Газиз, балдар мени тапты,— деп күлө баккан келин балдардын жайын айтты.

— А биз кечээ, Урмаралда болгонбуз,— дебеспи, Газиз. — Ошо Көк-Таш колхозуна барганбыз. Андан апкелген бир бала мында.

Муну укkан экөөнүн өлгөн эне-атасы тирилгендей сүйүндү. Ырасын айтсак, мында ээрчитип келген мына бу ак жуумал келин Фатима буларга энесиндей, тиги Газиз атасындай ыманы ысык көрүндү.

Балдарга кошулду экөө. Булар таанышкандан Кепжекул экен. Ал да буларды көрө коюп, мылжыя күлүп жиберди. Жоон топ баланын ичинде ушул экөөндөй 14—15 жашар улардары да, 6—7 жашар кымындайлары да жүрөт. Баса, буларга кошуларда өз таржымалын сүйлөп берген Адыл айылда эки кичинекей карындашы барын айтып, эби келсе, ошол экөөнү да ушу балдар үйүнө кабыл алууну суранды Газизден.

Балдар бул районго бир жума топтолуп бүткөн соң Фрунзеге жөнөйт экен. Адылдын айтканы орундалмак болду. Газиз Адылдын өзүн ээрчитип машинага отурду да кайра Урмаралга жөнөдү.

Машина дегенинде түшкөнү ушу го Адылдын. Кара жол зымырап артты карай учуп, мунун балалык көцүлү абалап, машинадан озот. Тац эртең менен жөө кеткен Адылдын кайра машина менен келатканын чоң энеси, карындаштары, ал эмес, айылдагылар да көрүшөт!.. Киши колун каратпай Жамбы менен Бакенин ала кетет шаарга.

Баеттин эшигинин алдына келип токтогон машина дал эшик алдында ойноп турган балдарды чочутуп ийди. Анын күркүрөгү кирген суудай сүрдүү эле бу балдарга. Мындан мурда эшик алдына чукул келип токтогон машинаны өмүрү көрбөгөн балдар тепсеп кетет деп коркушту го куду каптаган селден качкандай чый-чуй дей түшүп, тамдын артын карай чачырай беришти.

Газиз менен Адыл үйгө киргенде бир гана Күлкан кемпир, анын колтугунда коргологон алты жашар Бакен бар экен. Тиши жок, оозу жарым ачылган кемпир Газизди чоочуркай карап, эми мунуң ким дегенди Адылдан сурап тургандай аны тиктеп калган эле.

— Бакен! Келе гой? Мына бу киши акең болот.

Чоң энесинин колтугунан Бакенди алган Адыл Газизди торго отургузуп, үй-бүлөгө тааныштырды. Үйдө балдар гана толук, а үй ээлери — Бает менен Татыке али талаада, колхоздун жумушунда экен.

Сөздү Адыл баштап, Газиз ага кошумчалап, туюндурду эле өткөн түнкү чырдын аягы ушуга алып келгенин туюнган кемпир, адегенде эле болоктой коё берди:

— Аа, айлапайын, балам! — Ал кайра Газизге арызга отурду. — Бу бала балалык кылып жатат. Адылым бала да. Анын али эне сүтү оозунан кете элек. Анан бу канткенде ушу эки кызга бирдей тогопок болчу?! Андай окуйт экен мунун озүн эле окутуп-чокутуп, киши катарына кошсоцор болбодубу, кагылып кетейи-ин! — Кемпирдин үнү кардыгып, жашып отурду. — Анан... анан, мабу... кенедей эмелерди тим жайына койгула, кагылайын? Менин козүм тирүү турганда буларды кор кыла койбосмун, кагылайын,— деп бая эртецки созүн кайталаган кемпир минтип кошумчалап, Газизге жалооруп турду:

— Эпаада, менин козүм жумулуп кетсе, анан ошондо апкетерсицер. Ацгыча жылуу ордунан козгобогула буларды.

Газиз бу кемпирди бир, Адылды бир карады. А Адыл аны туюнду, бирок, оз оюн берген жок:

— Булар үчүн куураба, энекебай! А коро оз жанынды кара. Өкмот барында биз кор болбойбуз. Биз окуйлу, адам бололу. Анан сенин эмгецицен кутулалы, сени багалы. Буга ынан, энекебай?

Адыл чоц энесинин мойнун кучактап, анын аппак саамайынан жыттап, бырышка толгон бети-башынан аймалады. Андан уруксат сурап, ак жол сурап турду:

— А коро батанды бер. Ак батанды бер, энекебай?!

* * *

Акбаев менен Ишен тиги сугатчынын жанына барганда, ал бир отүгүн колуна кармаган бойдон тура калды. Бала оц бутун кийип, сол бутун кие элек болчу. Ушу тапта булар бир уурусунун үстүнөн чыккансыган улан озүнчо ыцгайсыздана түштү.

— Кие кой,— деди Акбаев аны жайкап. — Шашпай, кийин, биз үйүцө жеткирип коёбуз.

Муну укkан бала абдан шашты. Чулгоосун чала ороп, будаланды.

Бул, береги ак-жарлык чабандыц уулу экен. Ата-энеси коп балалуу. Аларга бел болгон балдарынын туну ушул экен. Гектарлап эгин сугарып берүүгө чабандар да милдет алып, бир аптадан бери сугатта жүргон мунун атасы кечээ гана малга чыгып кетип, ордуна ушул уулун калтырыптыр. Атасынан калган сугатты уулу мына жацы бутун кетип бараткаиы.

Баланын жон-жайын оз оозунан укkан Акбаев ээрчитип баратып сурады:

— Үйүцө чыгасыцбы же кыштакка кайрыласыцбы?

— Үйүбүз жайлоодо, тиги Сары-Ала-Сазда. Бүгүн чыгууга унаа жок,— деди бала. — Эртең киши каттаса, ошолор менен...

Баланы жандай басып, далыга таптап эркелетти Акбаев:

— Жеткирип коёбуз, жигит.

Булар машинага түшкөндө күн тегиз батып, жайдын коңур кечи тоо-талаада момурап жатты.

Сары-Ала-Саз мындан кыйла алыс. Ошо алысына карабай Акбаев жайлоого жеткиче жолдогу сугаттын абалын, анан суу жетпеген жерлерди көрүүгө тийиш. Андан жайлоодогу мал жайытын, малчы жайын биле келбесе болбойт.

УАЗ-469 бereги төштогү кумдак каксоо жолго түшүп, өр талаша декилдеп баратты.

Акбаевдин түгөнбөс жолу... Баса, анын бир учу тээтиктинден ары Үрмаралда жатпайбы.

* * *

Мойнуна оролуп, бети-башынан аймалап, ак батасын сурап турган небересине жалбарды кемпир:

— Садага болоюн, садага! Каралдым менин!.. Кайда жүрсөң аман болуп, бет алган жагыңан бак айтса экен! Ата-бабаңдын арбагы колдосун, айланайын! Мен курулюн... — Кемпирдин ээги кемшеңдей түштү. — Ушу сени эле, анын тиги эки кызды аяганыман...

Ары-бери айтып кемпирди сөзго келтиришкен менен тиги Жамбы булар менен кошо кетишке конбой койсо болобу кашайын.

Карга шыйрак, арык, кара кыз, он эки жашар Жамбы чоң энесинин мойнуна чырмалып алып, тыз-быз этти:

— Барба-айм! Аный, бөлүнбөйм энекемен!

Мындан көрө берки алты жашар Бакен ыкка бат көндү. Беденин түбүндөгү бөдөнөдөй бөгүп отурган ал Адылбайкесин ээрчий карап аны менен мына азыр жөнөшкө даяр. Ушу бөбөгүнө Адылдын жаны-дени жакын деги. Бытыйтып койнуна алып жатып, ага кант, момпойсуй алып келип берип... Ошондон улам Адылды ата ордуна тутуп калган Бакен да аны бура бастырбайт. Үйдө жокто аның жолун карап, кокус ал болбосо өзгөчөлөргө ыгын кошчу эмес, уктабай убара кылчу.

Эми, мына ошо жаны бирге бөбөгүн кийинткен Адылкалган балдардын бетинен өөп, чоң энесинин аппак саамайын жыттап коштошуп жатты.

Бир жумада районго чогулган балдарды дүйшөмбү күнү андан алып жөнөштү.

Жүк ташуучу машинага шыкала отурган балдар куду түнөгүнө конгон таранчыдай чурулдап жүрүп отурушту. Балдардын майдалары ортодо, чоңдору тегерете мына ушул кичинелерге коргон болуп алышкан болчу.

Буларды алып бараткан бая Газиз кабинада, шофердин жанында. Ал маал-маал машинаны токтотуп, кайтарып жүргөн козуларын өңүнөн чыгаргансып, мынабу балдарды өңүнөн чыгарып, оңдоп отургузуп, кыжы-кужусун басып, тартипке чакырат:

— Чүш! Тартип сактагыла! Ээн талаада жүргөндөй чуулдабагыла да. Эми силер кадимки окуучу болосуңар. Шаарга баратасыңар.

Балалык адат болчубу, бир аз жүрө түшүп, баарын унутуп, кайра сөз талашып, чуулдап, укуша кетип, чукулдаша калгандарына сес айтты машинаны токтоткон Газиз бир оокумда:

— Минте берсеңер силерди... Кое тур! Мына бу Олуя-Атага таштап кетпесем! А Фрунзеге силерди алып барып уятка калгыча...

Ушундан улам балдардын чоңунан-кичинесине чейин саал делдейе түштү. Тып басылып, бирин-бири тим гана карап шүк жүрүштү.

Мына, Олуя-Атанын карааны көрүнүп калган. Адыл кичинекей карындашын астына алып отурат. Ал тиги жөн отурбас балдардан коргогону эле. Укуша түшүп, кармаша кеткен эки бала жана тепсеп кете жаздабадыбы!.. Улам токтогон жерде суусун жуткуруп алат бөбөгүнө. Ал кадимки бөккөн бөдөнө көздөнүп, агасынын алдында шүк.

Олуя-Атага жеткен балдар күндүн аптабы менен уюган чаңдан камыгып кетишти. Кичинелер ыйлай баштады. Машина ашкананын жанына токтоду. Ыйлаган кичинелерди кезеги менен көтөрүп сооротко Газиз эми алардын курсагын тойгузуунун камында.

Ошондон тынбай жол жүрүп, Кара-Балтага жеткенин бир билет булар. Фрунзеге чейин токтобой жүрө берсе да болмок, бирок, тиги кичинелердин алып көргөн Газиз ушунда өргүтмөк болду:

— Камыгып кетишти балдар. Ушунда конуп албаса болбойт го? — Ушинтип кобураган ал шоферге кеңешип, өзү, ири алды түшүп жатты.

Кечки тамагын ичишкен балдар Кара-Балтанын чет жагындагы көйкөлгөн бедеге келип жатышты. Бедени жарып аккан кок кашка өзөн бар экен. Айылдан чыкканы тер басып камыккан балдардын дене-бою бир жазылды бе-

лем! Өзөнгө жарыша жетип, чумкуп кирип, бедеге ою-кырынан оонап ийишти.

— Бах!.. Таластын боюндай экен!

— Ой, суу да... суу да Таластын суусундай!..

Газиз балдарды карап, ууртунан жылмаят. Айылдан чыкпай жатып, айылды сагынып калышкан аларды ичинен аяп да турду:

— Ананайыпдар! Али эне сүтү ооздон кете элек. Али ысыкты көрө элек балдар, али шаар да көрүшө элек булар. Кантип конор экен шаарга? Ысыкты көтөрө алышар бекен?..

Даркан талаа. Учу-кыйры көрүнбөс Чүйдүн даркан талаасы кечке аптапта иштеп, эми гана тыным алган бабадыйкандай керилип, үргүлөй чыгышынан батышына мупарыктап жаткан эле.

Момураган жайкы кечке көшүгөн талаа бир оокумда жылдыз толгон көгүлтүр асман жамынды. Бедеде кыркаар жатышкан балдардын көзү да, сөзү да козу жамырагандай ушу жылдыз толгон асманга жамырап, бири-биринен озуна жылдыздарды таанып, аларды атап жатышты:

— Алты аркар тигине!

— Жетиген...

— Алтын Казыкты тапчы?

Жайкы асманга толгон жылдыз да мына ушу балдарды жымыңдай карап турушкан эле.

* * *

Ак-Жар колхозун аралаган УАЗ-469 токтобой декилдеп баратты. Машинадагы үчөөнүн тең көзү кыштак тамдарында. Өзгөчө мына бу арткы орунтукта келаткан алиги сугатчы бала, жүткүнө түшүп, айнекке жабыша калып, качантан бери көрбөй жүрүп, мына бүгүн көргөндөй кыштакка үзүлүп-түшө карайт. «Ата-а, теңтуш балдардан бирди-жармы көрүнүп калбаспы! Акбаевдин озунун машинасы менен баратканын көрүп калбаспы алар! Бул окуяны эртең айтсам ишенбейт да алар эми...»

Рулдагы Ишен мыйыгынан күлүп барат. Ак-Жарда болгон бир окуяны эстеди ал. Көчөнүн оң тарабындагы кызыл тунуке менен жабылган чоң ак тамды көргөн сайын ошону эстейт. «Ай, Асанбаев аксакал!..»

...Асанбаев аксакал бул районго кызматка жаңы келген жыл эле. Мына ошо тунукелүү тамга меймандап калышты. Мейман үйгө кадимкидей шырдак, жумшак төшөктөр, көлдөлөң салынган экен. Сылык-сыпаа үй ээси мейманларын тиги көчөдөн тозуп, үйгө жол баштап, балбыраган салабат туу байбиче босогодон күтүп туруптур:

— Келиңиздер, келгиле айланайындар, откуло.

Бирок, мейман үйгө жаңырт кирип келишкен беш-алты кишинин бирде бири отпой, үйдөн коркунучтуу бирдеме коргондой тык токтошту. Мейманга бар тасмиясы жайылып турган үй ичин оңурандай карады Асанбаев аксакал, ушул үйдөн уурдан соолган малдын этин таап алган кишидей олуна кетти:

— Ким, бул үйдүн ээси?! — Үй ээсин таанып турса да ошентти.

Орто жашаган сыпаа кишн сыпаа жылмайды:

— Мен болом, аксакал.

— Сен өзүң ким болуп иштейсиң?!

Асанбаевдин түрүн көргөн үй-ээсинин да, алиги салабаттуу байбиченин да сеси качты. Эмне балаа болуп кеткенин баамдай алышпай үройүү учун кетти булардын. Биртике буула түшкөн мугалим жооп берди:

— Мугалим болуп иштейм, аксакал.

Асанбаев жанагыдан жаман атырылды:

— «Мугалим» дейт! Мугалимден кеткир! Сенин башыңа отурабызбы мугалим болсоң! — Асанбаевдин ачуусунун торкүнүнө эми туюнду үй ээси, жүйөлүү кептен тартынбай жооп бермек болду:

— Тигиндей, торго, шырдак, колдолоңдун үстүнө отурсаңыз аксакал! Ата-бабабыздын сыйлуу орунуу...

Мугалимдин созун үзүп, аны чаап ийчүдөй чакчаңдап согүнду Асанбаев:

— Ой, сенин ата-бабаңдын сыйын өзүңө кошуп туруп!.. Үйротом мен сага окшогонго ата-бабаңдын сыйын!

— Сокпоңуз! — деди чыйрыга түшкөн мугалим. — Согүшүү сиз менен бизге жарашпайт. Сиз элге жетекчилик кылып, мен бала тарбиялап жаткан кишимин. Э, мейман болбой ак коюңуз! Аны да мына бу активдериңиз сурангашыпап!..

Каяша угам деп ойлобогон Асанбаевдин үнү буулуп, өңү каракок боло түштү. Бир оокумда барып жанындагыларга бурк этти:

— Чыгаргыла! Чыгаргыла, мунун, тиги сасыган кийизкуюсун!

Үй ээлеринин оюна койбой шырдак, колдолоңду тышка алдырып чыккан Асанбаев, аны тээ, айылдын үстүндөгү добого көтөртүп барып, бензин куюп өрттөтүп жиберген:

— Элдин баары корүшсүн муну! Эмгиче маданияттуу жашаганды билишпей, үйлөрүнө шырдак, колдолоң салып!.. Өой! — деген ал ошо жанында тургандарга сөомөйүп кезеп. — Айтқыла, колхозчулардын баарына! Ушу бу-

гүндөн баштап столго отурушсун! Бүгүндөн тартып жерге жалпак отурган кишини көрсөм барбы!.. Үйлөрүнөн шырдак, көлдөлөң көрсөм таарынышпасын. Кайдагы бир эскичиликти...

Өрттөлгөн шырдак, көлдөлөңдүн ээси алиги салабаттуу байбиче Асанбаевди кай-каргап калган: «...көз майымы кетирип атып балама арпап жасаганымы отко салбадыбы оң таппагыр, акыры...»

Ошондон кийин Асанбаев келатат дегенде жасалгалуу үй ичин жылацачтап жиберишчү болду аялдар: «...кокуй, бая шырдак өрттөгөн чоң келатат дейт! Бол, батырак, көздөн далдаа...» — Ушинткен алар жоо тийгендей үркүшчү. Үй ичи жоо чапкандай бүлүнүп, азыр эле үйдү көркүнө чыгарып турган көк-кызыл шырдактар, көлдөлөң тошоктор түрүлүп, жыйылып, шаша катылып...

Андайлардын капчасынын үстүнөн чыккан Ишен. Азыр мунун колу рулда, көзү тиги кыштак үстүндөгү шырдак өрттөлгөн дөбөдө, ууртунда ачуулуу мыскыл бар эле. «Асанбаев аксакалдын жоругу ай!» Антсенине жараша ошо жасалгалуу үйгө такыр кирбей койсо эмне! Каалаган жерине ак үй тиктирип, босогодон төргө толтура салынган шырдактар менен тукаба төшоктөрдүн, көлдөлөңдөр менен аюу талпактардын үстүндө узун-туурасынан кетип, кошу-жубу менен ташталган куш жаздыктарды кесирлене кулачтап, колго түшкөндөй ою-кырынан чабак уруп көрбөдүбү, ошо өзү жериген жасалгалуу үйлөрдө...

Түндө элди кыйнаган мастын жоругун эстегендей ичиркенди Ишен. Түндө көрүнгөнгө асылган мастын созун, жосупун эртең менен бирөө күлө сүйлөп отургандай, мына бу кыштак эскерип турду буга.

Акбаев да «Ак-Жар» колхозунун ар бир үйүнө, короожайына назар салып баратты: колхозду жарып өткөн чоң көчө тээ, тоону карай кулач уруп, чатырчалап жабылган ак тамдар көчө бойлоп, зацкаят. Ар кайсы тамдын жанынан эчки тал багжаят. Огороддорду курчай тосуп, тиги ошо эчки талды малдан коруган ийри-буйру сокмо дубалдар илгертен калган төрткүлдүн ордундай өмбүл-дөмбүл бозоруп жатты. Тоо-талаада жай толукшуйт. Чылк жашыл кийип буластап жаткан кыштак көркүн тиги ийри дубалдар бузуп турду. Көк нооту пальтонун тышынан боз көтөрмөнүн үзүгүн курчанып алган кишидей көрүндү тиги ийри дубалдуу ак үйлөр бу Акбаевге.

«...Элдин турмушу жетиштүү,— деди Акбаев өзүнчө. — Бирок, ошо жетиштүү турмуштун көркүн кетирип турган жетишпегендик али мына: айыл бак-даракган али жарды,

көчөлөр жайдак. Ушу көчө бойлоп, шыпга теректер кетпеспи тиги тоону карай! Огороддор эмне... — Акбаев тиги туташ, чоп басып жаткан огороддорду кыдыра карап баратты: — Момо-дарактан али чоочун. Мына ушул огороддордо алма, өрүк төгүлүп турса эмпе!»

Дүйүм жемиши төгүлгөн жактар көз алдына тартылды сары өзөн Чүй, кең Фергана... Бала чагында барды сары озонго.

5.

Таранчыдай чуркураган топ баланы бая Газиз алып келип, балдар үйүнө тапшырган ошо жыл, ошол ай мунун эси-коонунон кетер эмес. Бир-эки күнү булардын жанында каралап, кайра Таласка кетип бараткан эле Газиз. Кымындай карындашы Бакенди көтөрүп турган Адыл ошо Газизди ээрчип буркурап ыйлаган:

— Байке, бизди ала кетициз. Эптеп ала кетициз? Антпесениз алиги хулиган балдар өлтүрүп коёт.

Минткен Адылды колтугуна кыскан Газиз аны эркелете жайкады:

— Эч кандай хулиган эч нерсе кыла албайт силерге. Мында мугалимдер, тарбиячылар карап турушат. Эмне коркосуң? Түк коркпо. Бир аз күндөн кийин үйүр алышасынар, конүп кетесиңер. — Анан да Газиз муну кошумчалады. — Атайы келип алып, эми кайра айылга барганда кандай? Уят болбойбу? Окууга өтпөй келиптир. дебейби?

Адылды ушу сөз бир аз токтотту. Антпесе балдар үйүп коройүн деген козу жок, андан ушул азыр жоо качууга даяр эле. Өздөрү качаптан коксөп, изден келген балдар үйүп ошончо суук коргозүп койгон мына азыр озү айтып турган хулигандар эмеспи. Тапоосу кыпчылган, ач күсөндой сары бала менен да бир тиртегей кара булардын чекесине чыккан чыйкан болду. Мурдаа күнү келип кошулган буларды кадимки муштум менен тосуп алды ошо экөө. «...Жацы келгендерди сыпактан откоробуз!» деп шудудан, улам бир балага «өнөрүн» көргозүп жүргөн экоопо кап кайтарган эч ким болгон жок, азырынча бу жацы келгендерден. Аларга такаат берер чоцураак балдар түгүл, жөжүрөгөн майдаларды жайына койбой ыйлатып, мына ошого кыбаасы кана каткырып жүрүштү. Ал экөө «өнөрүн» мындагы тарбиячылардын, көзомолчулөрдүн көзү мындай боло калганда баштайт экен. Кичинекей Бакендин колундагы шакылдак оюнчугун жулуп алган киртигий кара (аны жолдо Адыл сатып берген) ташка чаап салды. Бычырап калган

оюнчугун чебеленип баса калган Бакен чыцырып ыйлады. Наристенин күйүтүнө кыбаасы канган киртигий кара аның бетине шилекейин чачырата күлкү аралаш бакырып тилдеди:

— Басыл! Басыл дейм, албарсты! Мууптун олтүрүп салам!

Адыл токтоно алган жок, аны менен бой тиреше кетти:

— Тарт! Тийбе балага! Эмне сындырасыц оюнчугун?!

— Ой-ээй! Момуну кара, ой! Сындырганды азыр сага... — Ушинткен киртигий кара: мойнун жыгжыйта, далысын түйө калып, куду тебүүгө даярданган бала короздой эки жецин түрүнө коломчосонун, ошо колунан мурда сол пөйгөн үшкү башын үстөкө-бостөк шилтеп калды буга. Адыл чалкасынан кетип тура калды. Хулиган кайра сүзүп жыгарында ортого бая Тоймат түштү. Тоймат айылдагы балдардан карылуу да шамдагай эле. Хулиганды карыдан алып, бой тирешти.

Мушташ катуу болоруна баштанган, пе кылган менен айылдан жацы келишкен экоо тиги машыккан эки хулигандан келтекти катуу жеп калат беле, ацгыча, арытан козомолчу жетип келип ажыратты:

— Дагы баягы дардан качкырлар тура! Ата-а, ушул экөөнүкү өттү! Минте берсецер мында токтотпойбуз, чыгарып ийебиз! Укпайбы кулагыцар?! Канча эскертебиз ыя?!

А тигил экөөнүн аны сезер түрү жок. Балдар үйүнөн чыгарып ийсе кабагым-кашым дебей келген жагына баса берип, бая үйрөнгөн өнөкотүнө түшүүгө даяр экенин кыялжоругунан көргөзүп турушат. Шаардагы чөнтөкчүлөрдөн экен. Далайдын чөнтөгүн тиле качып, далай жолу колго түшүп акыры буларды адам кылууга жасаган адамдардын аракети, үгүтү аркасында мында келип отурушканы ушул. А өздөрүнүн айтымында бу шаар боюнча хулигандардын атаманы имиш ушул экоо.

Эки чөнтөкчү ушуну айтып балдардын сезин алып коюшкан эле. Айылдан келген балдар ансыз да ошол экөөнүн чатагынан алыс качып, аларга каяша айтышчу эмес. «Атаман» дешчү ал экөөнү. Мына ошого көрстөп болгон эки чөнтөкчү да өздөрүн кадимки канкор атамандай айбаттуу сезишип, мындагы балдарды коркутуп турганга көнүп алышкан.

«Келлец чымчыктыкындай ыргый элегинде!..» — Ушинткен алар балдардын колунан бир персесин шарт тартып алышка көнгөн. Мына, кечээ, Адыл менен мушташып ажырашканда ошо коркунучтуу сөзүн айтып ызырынышты ал экоо:

— Аа, байкуш! Келлең чымчыктыкындай ыргыйт экен. Угуп кой!,— деди козүн ого бетер жүлжүйтө калган, алиги тиртегей каранын оңу таш астынан баш бактап турган жыландай заар көрүндү. — Угуп кой, эмки жумада келлең, тетиги Аламүдүндүн сайынан табылат!..

Кечээтен бери Адылдын кулагында мына ушул түрү суук соз ышкырып турат. Аны айткан тиртегей кара хулиган да ары-бери өткөн сайын муну тооруй карап, эмки жуманын түнүн гана күтүп турганын билдирип ышкырып өтөт. Анын жолдошу тиги таноосу кыпчылган ач күсөндөй сарыпын андан бетер каны ичине тартып, муну тооруп жүрөт.

Адылдын көзүндө алдастап аккан Аламүдүн... Чарт кесилип, Аламүдүнгө ыргыган Адылдын башы күркүрөп ак канат серпкен шарга кетти... Өзү көксөп келген балдар үйү да, кичинекей карындашы да калды... Баса, Адылды жоготкон балдар сестейип, үрөйү учуп, күбүр-шыбыр:

«Башын кесип, сууга ыргытышыптыр! Денеси Аламүдүндүн сайынан табылыптыр...»

Күпү-түпү менен Адылдын кулагынан мына ушул кетпеди, апап тиги кичинекей карындашынын чыңырыгы кетпеди: «Байке-ем! Байкем капа-а?!» Ушинткен ал агасын изден тыз-быз...

Адыл түндө уктап жарыбады. Улам чочуп ойгонуп, улам түйшөлүп чыкты. Өзү менен жаны бирге бобогун, анын жалгыз каларын эстеп, ыйлагысы келди. Кар астынан жаңы көрүнгөн сыңар тал байчечекейдей серейген кыз арык, чабал эле. Мындагылардан чоочуркап, үйүр алыша элек. Үйүр ала элегине да, кичинекейлигине да карабай аны кыздар менен жаткырып коюшту. А деген түнү алар жаткан болмонун терезесине барып тыңшап, далайга кетпеди Адыл. Таң атпай алардын босогосуна барып турду. «Ойгондубу? Кокус кыздар уруп койгон жокпу?»

Бул агасынан бетер кичинекей арык, кара кыз да арак түшөгөн белем чоочун кыздардын арасына, көзүн ачары менен агасын эстеп, көзүн укалап тышты карай чуркады да босогодо турган Адылдын мойнуна асыла түштү. Өзү көтөрүп ала койгон карындашынын бети-башынан, чачы-башынан аймалап, ага каадалуу чоң кишиче жалбарып жатты:

— Улагым, улагым менин! Садага кетейин каралдым!

Бакендин түнөгү эле башка, күндүз агасынан карыш бөлүнбойт. Аны тутқактап жүргону-жүргон. Кечке буга гана каралап, муну гана ыйлатпай көңүлүн табуунун аракетинде жүргөн Адыл тиги балдардын чырынан четтеп, а түгүл, оңурак балдардын оюнуна да аралаша албайт. Мын-

дагы кай бир тентек балдардан коргоп, канатына калкалап турганы-турган: «Кой, ыйлайт. Коркот кичинекей эме». Мындагы субай-салтанат ойногон балдарга караганда куду жожолуу тоок сыяктанат Адыл. Бобогүно гана үйрүлүп, өзү ооз тие электе ага нанга май сүйкоп карматып, чай ичерде өз шыбагасына тийген бир-эки чагым кантпы, үч-торт момпосуйбу өзү ооз тийбестен ага жымыра келип...

Өзүно да бобогүндо да тиги айылдагы чоң энеси ошентчү эмес беле. Кемпирге шынарлап апын жанын ачтарып турчу эмес беле секелек. Эми ошо чоң эне ордуна да агасын кармап, агасынан карыш болүнсо куса болуп калчудай, кошо басып, кошо туруп, агасынын колокосу өндонөт бу. Адыл да аны ошентип эркелетет. «Көлоком менин!»

* * *

Мына ар жерден келген, ар улуттун балдары үй алышып, кадимкидей үйсүнүп, бири-бирине жан тартып, жакынсып калышкан эле. Ыптымактуу балдарга алиги эки «атаман» да батына албай калган. Мына ушу тапта буларды ар кай жердеги балдар үйүно болуштүрмок болушту. Адегенде чоң-кичинеси аралаш чогулган аларды эми жашына, окуган классына карай болүп, шыгына карай тарбиялоо керек экен. Адегенде эң кенжелерди — алиги Бакендерди болүп алып жонөштү. Мындан кетерде болүпбой кыйнаган экөө — бири — Бакен, экинчиси — дал ошол курактуу татар баласы Илхам болду. Илхам да тиги Бакенге окшоп, агасы Равилдин жанынан чыкчу эмес. Эне-атадан буту жаңы басканда айрылган кымындай Илхам мына ушу агасы — Равилди ата-эне ордуна кармап калган экен. Бобокторун жетелеген ошо Равил менен Адыл күнүгө сырдашчу. Адылдын айылы, туугандары, чоң энеси жонүндо дайым суктанып укчу Равил:

— Айлыңар сонун экен: тоо, токой, талаа, көпкөк дарыя... кандай укмуш жер! Туугандарың, а түгүл, чоң энең да бар экен. Биздин да чоң энебиз болсочу!.. — Ушиптин улутунун ийген Равил мына муну айтчу да тунжурап калчу. — Илхам экөөбүздүн эч кимибиз жок!..

Равил бу Адылга окшоп, өзү чоңойгон айылды, андагы кишилерди кеп кылчу эмес. Балдардын кадимки ызы-чуулуу сөз талашынан окчун, Илхамды гана колтуктап отура берчү. Адылдан бетер апын коругаңы да, апын сак-сактап кайтарганы да ушул иниси — Илхам.

Ал ата-энесинен айрылган коркунучтуу түндү өксүй-өксүй сүйлөчү: «...ошо түнү атам үйдо жок болгондо эмне!

Ошо түнү атам демейкидей үйгө түнөбөй тышта болгондо... анда атам да энем да тирүү калмак. Эл да ошентип айтышат. Өзүм да ошентип ойлойм. Эх, ошо түн!..»

Равил менен Илхамдын атасы чекист, энеси мугалима экен. Өздөрү тиги түштүктүн бир районунда турушчу. Басмачылардын артынан сая түшкөн атасы үй бетин чанда көрчү. Ай бою тышта жүрүп, ошо кечте гана үйүнө келген ал балдарын ооп-жыттан. Мына ушуларды сагынганынан келе калганын, таңынан кайра аттанаарын айтып, тамактанын, жаңы гана жаздыкка баш койгон эле. Кичинекей Илхамы койнунда болчу.

Ачыгыча үстөкө-бостон ок чуулдады тыштан. Ошо чуулдакка аралаш атып турду балдардын атасы.

— Балдарды!.. бол! Балдарды жашыр! Балдарды сакта!

— Куда-ай! — деп бакырып ийген эне эки баласын кучактаган бойдон карацгы бурчка тыгылды. Каалга качыркучур сынганын укту балдар. Капкара түн уюп турган бөлмөгө так ошо түндөн үзүлүп түшкөнсүгөн караандар дүндүп кирип келишти.

— Жырткычта-ар! — кара түндү жара чапкан энесинин үнү ачуу чацырып басылды. Кара түн уюп турган үй асты-үстү ацтарылып кеткенсиди. Андан аркысын билишпейт. Балдар эсинен танып калган эле.

Равилдин айтымында: атасы жеткен эр киши экен. Басмачылардын тобу менен ошо түнү жалгыз кармашып, бир нечесин жарадар кылып, үчөөнү ала жатыптыр. Окуяны кыштак туюп, ыктыярдуу отрядга кабар жетип, акыры алар келип калган кезде булардын эне-атасынын экөө тең жансыз эле. Отряд бу кыштак элин... ооба, кыштак элинин дагы кыйласы кырсыкка кабылат беле, алар коргоп калышты. Ким билет, алар келип калбаса ушул эки бала ошо ата-энеси менен кошо кетет беле!..

Эки баланы ошо айыл эли калкалап, алаксытып, колдонколго алып жүрүштү. Катуу корккон балдар тилге келе албай самандай өңү саргайып, тула-бою калтырап турган эле. Кичинекей Илхам көзүн ача албады, шаркырата эле кусуп жатты:

— Жүрөгү түшүп калган экен,— дешти кишилер. — Деги тирүү кала алар бекен? Ай, ким билет? — деп кобурагандар болду. — Жүрөгү кабынан чыгып калган болсо, аман калары арсар.

Илхам ошо түнкү бойдон ата-энесинин жүзүн көрбөй калды. А бу Равил болсо көрдү. Ата-энесинин сөөгүн үйдөн катар көтөрүп чыккан кишилер алардын жүзүн ачып, Равилди чакырышты:

дагы кай бир тентек балдардан коргоп, канатына калкалап турганы-турган: «Кой, ыйлайт. Коркот кичинекей эме». Мындагы субай-салтанат ойногон балдарга караганда куду жожолуу тоок сыяктанат Адыл. Бобогуно гана үйрүлүп, озу ооз тие электе ага нанга май сүйкоп карматып, чай ичерде оз шыбагасына тийген бир-эки чагым кантпы, үч-торт момпосуйбу озу ооз тийбестен ага жымыра келип...

Өзүнө да бобогүндо да тиги айылдагы чоң эпеси ошентчү эмес беле. Кемпирге шынарлап апын жапын аңтарып турчу эмес беле секелек. Эми ошо чоң эне ордуна да агасын карман, агасынан карыш болунсо куса болуп калчудай, кошо басып, кошо туруп, агасынын колокосу ондопот бу. Адыл да аны ошентип эркелетет. «Колоком менин!»

* * *

Мына ар жерден келген, ар улуттун балдары үй алышып, кадимкидей үйсүнүп, бири-бирине жан тартып, жакынсып калышкан эле. Ынтымактуу балдарга алиги эки «атаман» да батына албай калган. Мына ушу тапта булардын ар кай жердеги балдар үйүнө болуштурмок болушту. Адегенде чоң-кичинеси аралаш чогулган аларды эми жашына, окуган классына карай болуп, шыгына карай тарбиялоо керек экен. Адегенде эң кенжелерди — алиги Бакендерди болуп алып жоношту. Мындан кетерде болупбой кыйнаган экоо — бири — Бакен, экинчиси — дал ошол курактуу татар баласы Илхам болду. Илхам да тиги Бакенге окшоп, агасы Равилдин жанынан чыкчу эмес. Эне-атадан буту жаңы басканда айрылган кымындай Илхам мына ушу агасы — Равилди ата-эне ордуна карман калган экен. Бобокторун жетелеген ошо Равил менен Адыл күнүгө сырдашчу. Адылдын айылы, туугандары, чоң эпеси жонүндо дайым суктанып укчу Равил:

— Айлыңар сонун экен: тоо, токой, талаа, көпкөк дарыя... кандай укмуш жер! Туугандарың, а түгүл, чоң эпең да бар экен. Биздин да чоң эпебиз болсочу!.. — Ушинтип улутунун ийген Равил мына муну айтчу да тунжурап калчу. — Илхам экообүздүн эч кимибиз жок!..

Равил бу Адылга окшоп, озү чоңойгон айылды, андагы кишилерди кеп кылчу эмес. Балдардын кадимки ызы-чуулуу соз талашынан окчун, Илхамды гана колтуктап отура берчү. Адылдан бетер апын коруганы да, апын сак-сактан кайтарганы да ушул ииниси — Илхам.

Ал ата-энесинен айрылган коркупучтуу түндү өксүй-өксүй сүйлочү: «...ошо түнү атам үйдо жок болгондо эмне!

Ошо түнү атам демейкидей үйгө түнөбөй тышта болгондо... анда атам да энем да тирүү калмак. Эл да ошентип айтышат. Өзүм да ошентип ойлойм. Эх, ошо түн!..»

Равил менен Илхамдын атасы чекист, энеси мугалима экен. Өздөрү тиги түштүктүн бир районунда турушчу. Басмачылардын артынан сая түшкөн атасы үй бетин чанда көрчү. Ай бою тышта жүрүп, ошо кечте гана үйүнө келген ал балдарын өөп-жыттап. Мына ушуларды сагынганынан келе калганын, таңынан кайра аттанаарын айтып, тамактанын, жаңы гана жаздыкка баш койгон эле. Кичинекей Илхамы койнунда болчу.

Аңгыча үстөкө-босток ок чуулдады тыштан. Ошо чуулдакка аралаш атып турду балдардын атасы.

— Балдарды!.. бол! Балдарды жашыр! Балдарды сакта!

— Куда-ай! — деп бакырып ийген эне эки баласын кучактаган бойдон караңгы бурчка тыгылды. Каалга качыркучур сынганын укту балдар. Капкара түн уюп турган бөлмөгө так ошо түндөн үзүлүп түшкөнсүгөн караандар дүпдүп кирип келишти.

— Жырткычта-ар! — кара түндү жара чапкан энесинин үнү ачуу чаңырып басылды. Кара түн уюп турган үй асты-үстү аңтарылып кеткенсиди. Андан аркысын билишпейт. Балдар эсинен танып калган эле.

Равилдин айтымында: атасы жеткен эр киши экен. Басмачылардын тобу менен ошо түнү жалгыз кармашып, бир нечесин жарадар кылып, үчөөнү ала жатыптыр. Окуяны кыштак туюп, ыктыярдуу отрядга кабар жетип, акыры алар келип калган кезде булардын эне-атасынын экөө тең жансыз эле. Отряд бу кыштак элин... ооба, кыштак элинин дагы кыйласы кырсыкка кабылат беле, алар коргоп калышты. Ким билет, алар келип калбаса ушул эки бала ошо ата-энеси менен кошо кетет беле!..

Эки баланы ошо айыл эли калкалап, алаксытып, колдонколго алып. жүрүштү. Катуу корккон балдар тилге келе албай самандай өңү саргайып, тула-бою калтырап турган эле. Кичинекей Илхам көзүн ача албады, шаркырата эле кусуп жатты:

— Жүрөгү түшүп калган экен,— дешти кишилер. — Деги тирүү кала алар бекен? Ай, ким билет? — деп кобурагандар болду. — Жүрөгү кабынан чыгып калган болсо, аман калары арсар.

Илхам ошо түнкү бойдон ата-энесинин жүзүн көрбөй калды. А бу Равил болсо көрдү. Ата-энесинин сөөгүн үйдөн катар көтөрүп чыккан кишилер алардын жүзүн ачып, Равилди чакырышты:

— Коштош, кагылайын! Ата-энең менен коштошуп кал! Кеч, эне сүт акынды кеч! — деп айт.

Равил антип айта албай койду. Күнү-түнү ыйлап атып, кооп кеткен өпкөсү анын оозуна соз киргизбей, тили бурулбай койбодубу! Үн тартып эле өңүрөй берди бала. Ата-энесинин өңү сууда тургандай калкылдап турду, мунун жашка толгон көзүнө энесинин ак жуумал өңү шишимек тартып, кирпиги сайлап армандуу жумулуп, уурту саал кыйгач ачылган бойдон калыптыр. Атасынын өңү таанылбайт, казандын кара көөсүндөй, жарылган баш, жарылган бет каткан, уюган кандан көрүнбөйт. Равил өпкө-өпкөсүнө батпай солуктай берди. Анын таман алдынан жер көчүп, өшо жер менен кошо ата-энесинин ачык жүзү калкылдап көчүп баратты. Бала жыгылып бараткан беле? Ким билет:

— Кокуй, карма, кармагыла! Бетине суу чачкылачы.

Ушинткен үндү эшитип, бетине муздак суу чачылганын бир билет. Салт боюнча балдар ата-энесине топурак салуу керек эле, топурак да сала албай калышпадыбы! Эс-учун жоготуп алдан тайып турган эки баланы мүрзого алып барышкан жок кишилер: «Ансыз да кыйналып өлгөн байкуштар тынч жатышсын!». «Балдарынын жашына тумчукпасын бейиши болгурлар!»

Бир гана түндө эне-атанын экөөнөн тең айрылып калган эки жетимди кошунасы багып калды. Жүрөгү түшкөн кичинекей Илхам дагы далай күнү кусуп, колтугу эле согуп турган күндөрү болду. Мына эми араң-араң тирүү калды дегенде ата-энесин эстеп, ата-энесин чакырып, ботодой боздочу болду:

— Эне-е! Энеке-е, үйгө ке-ел!.. Бу паристе агасы Равил менен кошунанын сооротконуна көнбой, тыбырап, тыпка качпу болду:

— Үйгө... үйүмө кетем! Энеме кетем! Энеке-е!..

Паристени соорото албай кошуна алек, кошуна ыйлап, соогу какшачу. Иниси тилге келтире албай ушу Равил убара, Равил ыйлачу.

— Оо, кантейин! Оо, кандай айла кылайын?! Оо, олуктириктин ажырымын билбес эселегим аа. Кандай кылайын эми?! — Ушинтип кошо боздогон кошуна, канкор басмачыны каргачу кайкакшап:

— Оо, убалы гана уктатпасын да-а! Убалы уктатпасын ушу паристенин! Оо, оң таппаган басмачы-ы! Бала-чакаң ушинтип калсын акыры!

Өшо боорукер кошуна аялдын үнү Равилдин кулагынан кетпейт.

— Аны биз эне тутуп калганбыз, эстесе эле ошол эстейт бизди. — Ушинтчү да улутунун ийчү Равил. А Адылдын түшүнө күнүгө кирчү чоң энеси бирде буга айран куюп, оптолоп мандайында отурса, бирде мунун айрылган койногун жаман, кобурай кейичү: «...жакгыз койногун айрып алган тура! Өңү да азып калыптыр, балам куруп калган го?! Ой баса, Бакенин кана ыя? А байкуш кайда жоголду?»

Адыл чочун ойгонду. Болмо карацгы, балдар тегиз уйкуда экен. Ансыз да айылды, чоң энесин сагынган баланын ичи уйгу-туйгу, ысып-күйүп, козүнө жаш тегеренди. Азыр эле түшүндө көргөн чоң энеси мунун оңүнөн кетпей койду: кечээ жоготподубу бобогун, ошону чоң энеси билген белем? Түшкө бекеринен кирбейт дечү эле кемпир өзү да.

Кичинекейлерди болуп алып жоногондо аларды узатып кочого чыга албай калышпадыбы Адылдар. Узата алышпаганы: дайым ачык турчу дарбаза тигилер чыгар менен бекип калды да чоң балдар тарбиячылардан мындай буйрук угушту: «эч кимиң узатып чыкпагыла. Өздөрү жоношот. Алардын айткандыгын да эби бар эле. Бул жерди үйсүп, мында үйүр алып калган паристелер мындагылардан болуп-бой убара кылат дешкен.

Бир уядан чыккан чүрпөлөрдөй он-чакты майда бала тарбиячыны ээрчип, жолдо. Адылдар бек дарбазанын жылчыгынан шыкаалап, жардана калышты. Жылчыктан жарытылуу коро албай калган баягы Равил короо ичинде арыбери чуркап, тынчы кетти:

— Адыл! Жүрү, жүрү дейм, дубалга чыгабыз!

Анын айткандын эп көргөн Адыл дубалга тырмышып, андан, ошо дубал түбүнө чукул тигилген бай түп, кара жыгачка каргып чыгып алды. Жайдын антабына ныксырай коолугуп даректын калың кара-кочкул бариги баланы саматта жымырып алып бери ойго коргозбой калды. Бийиктеги бутакта отурган Адылга кочо алакандындагыдай даана. Тигине, тарбиячыны ээрчип баратышкан майда балдар али узай элек, сыйда терактердин арасындагы аллеяда тизилген катарын бузбай, кужу-кужу үндөрү али ушу үй айланасынан кете элек.

Эрбендеген Бакен балдардын артында экен. Эки өрүм чачынын учу сербендеп далысын сылап, (анын чачын Адыл өзү жууп, өзү өрүп бергү). секелек өз катарында шар жүрбой кылчактап, эки козү артта. Адыл байкесин карап жатат го? Бир-эки мертебе мүдүрүлүп бет мандайынан кете жаздаганын даана кордү бул. Кордү да мууну калчылдап кетти. Алкымына ачуу жаш кептелди. Капча тиштепсе да токтоно албай койду. Шолоктоп ыйлап ийди:

— Ба... Бакеш!.. Бакеним! Оо, серейген байкушум! Эми сен... Улам алыстап бараткан майда балдар куду каар поштордо калгандай көрүндү мунун жаштуу көзүнө. Колоколуу бакшагы менен кошо калкылдап бараткан балдардын карааны тетиги бурулуш көчөдөн ары такыр көрүнбой калды.

Адыл соороно албай койду. Өз жашына озу жуунун, ууртуна салаалап кирген өз жашынын туздуу даамын татканал шолоктоп эле отура берди. Курсагынын ачканын да, кечтин киргенин да эсине албай боботүнүн кеткен жолун карап, мына ушул дарак башында түнго чейин ыйлайт беле, анчыча Равилдин үнү чыкты төмөнтөн:

— Ады-ыл! Оо, Ады-ыл!

Адыл эми арац түйшолду, бирок, даректан шар түшүп кете албай койду. Ача бутакты тээп турган буту солдоюп, уктап, буту түгүл бет мацдайындагы ичке бутакты мыкчый кармаган колу да карышып калыптыр. Даректын бутагына карышкан анын шадылуу, ичке манчалары куду жүзүмдүн соцгогунун мурутундай оролгон калыбында турду.

Жөлөп-таяган балдардын жардамы менен жерге түшконун бир билет бул. Анан баягы Тоймат устүно үйрүлүп, кайра каадалуу кишиче аны жемелей кеткени угулду:

Ой, ой, Адыке, эмне?.. Сага эмне болду ыя? Эртеден бери деги издеп тапсамчы! Бу Равил көрүп калбаса түк таптырмак эмес экенсиц. Ой, жоолуц болгур десе! Ыйлаган турбайсыцбы?! Бакеш кетти деп ыйлаган турбайсыцбы! Ундай балдардын баары кетпедиби. Мына, Равилдин бобогу деле ошондой эмес беле. Кана, мунун ыйлаганы?!

Равилдин ыйлаганы кызарган көзүнөн көрүнүп турса да ошентип койду Тоймат. Равил болсо муну ошо кызарган көзү менен алдыртан карап гана улутунун тим болду, тиги Тойматка окшоп соз каткан жок.

— Бол, жуун,— деди Тоймат муну шаштырып. — Жуунун, тамак ич эми. Балдардын баары кинодо, биз да батырак жетели, бол!

Адылдын жүрөгүнө тамак баспады. Киноду дак каалаган жок. Жуунду да биртике шам-шум этип, жатып алды. Баланын уйкусу келбей түндүн бир — оокумуна түйшолду. Кай маал экенин билбейт, биртике көзү илинсе: айылдагы чоц энесин көрүп, анын созүн угуп, ойгонуп кетпедиби! Адыл эмес, чоц энеси да кызды издеп жүрөт...

Майда балдарды кай жакка алып кетишкенин да ачык билбей калышты булар. Бироолор Ак-Сууга алып кетишти дешсе, дагы бироолор жо, тиги Кол тарапка барат экен дешти. Кай бирлер аларды өтө алыс тарапка, тиги Ош, Жалал-Абадга жеткирет экен деген кеп угуптур.

Чоң энесинин тилин албаганына эми кейиди Адыл: «... көзүм тирүү турганда муну ыйлатпайм, а көрө өзүң оку, муну жөн кой». Ушинтип какшап турганына көнбөй, акыры ушу болду ээ?! Муну укса кантер экен карган эме?! Кымындай эменин менден болүнгөнүн укса... А тиги Бакенчи? Азыр ал кай жерде болду экен? Кантип отурат экен байкушум? Же уктап калды бекен? Ай ким билет? Ыйлап отурат го? Тамак ичпей, уктабай ыйлап отурат го азыр?»

Мунун күн өңүнөн, түн түшүнөн кетпеди бобогу.

* * *

Жанараак, батып бараткан күнгө жарданып, өрттой алоологон булуттар азыр кызгылт-күрөң тартып, күн табына али магдыраган асман да ошо булутка өңдөшүп, жерде кызгылт-күүгүм бар. Ошо жерди жайнаган кызгылт-күрөң күүгүмдү кечкен УАЗ-469 өр талаша декилдеп келет. Бет алдыдан лепилдеген кечки айдарым бар. Машина ичинде сөз жок ушу кечки айдарым гана мындагы үчөөнүн жүзүн жалап-жуктап келет.

Деңиз жээгинен көчкөн булуттай тээтигиндеги агала тоону тиктеп келатты Акбаев. Көл Төр ошо. Мына бу баланы ошого жеткирип, андагы малчыларга жолугуу керек. Чабандардын абалы кандай экен? Алар азыр эмнеге муктаж экен? Малынын жайыты, оздорүнүн ой-пикири, талабы? Акбаевдин оюна мына ушулар урунуп келатты. Көз алдында чабандар, алардын эмгеги, турмуш-тиричилиги, бу күндөгү илим менен техниканын жетишкендиги, бу техника жетише элек кездеги дыйкан менен малчынын турмушу, техниканы үйрөнүүгө, техниканы башкарууга далбас урун жаткан баягы күндөр...

Уч-кыйры жок океандай чалкып жаткан жайдын кечи. Ушул кечке капкайдан чабак урган трактор үнү Акбаевдин оюн улап кеткенсиди.

Берки жолдоштору сыяктуу бу Акбаев да техниканы үйрөнүүгө башынан далалаттанып, бала жаңыдан дитин койгон эле. Өзгөчө, ушу шоферлукту эңсеп, ак эткенден так эткен күндөр. Кашкар кыштак. Ошондогу МТС...

6.

Балдар үйүнөн бая кенжелерди бөлүп кеткенден бир гана жумадан кийин бу Адылдарды да жөнөтүп, Ошко алып келишти. Бирок, булар Оштогу балдар үйүнө байырлай алышпады. Чоңдорун иргеп, Кашкар-Кыштак МТСине жи-

бериштн. Мына, ошол жерден окуп, өнөр-кесипке ээ болушат экен булар. Мында келген топ баланын ичинде Адыл, Тоймат анан баягы Равил бар. Качанкыдан да бул үчөө бир жерге келгенине кубанып калышты. Эгиз козудай ээрчишкен балдар мында бирин-бири кара тутушат. Адеп, тиги балдар үйүнө келишкенде баягы эки хулигандан жалкын калышкан эмелер азыр өздөрүнчө кайраттуу, күчтүү, бир гана муштумдай түйүлүп, бирдиктүү жүрүштү. Кокус бирөө кол салып, зомбулук көргөзө турган болсо, бой тирешерге Тоймат даяр. Бою узун, илбирстей шамдагай ал шап жакалашып, а берки экөө орттой дүрт этип, душмандын боюна жармашмак.

Анысын айтсак, булар уруш деле күсөгөн эмес, а «жарактуу күнү жоо да келген жок». Кашкар кыштак тынч экен. Булар келери менен жатаканага жайгашып, тамактантан камсыз болушту. Баарыдан укмуш жаңылык үчөө үч адистикке үйрөнчүк болуп киришпедибн! Адыл слесарлыкка, Тоймат токарлыкка, Равил авторемонт мастерлигине. Устасынын жанына барган ушул шакирттердин адепки күнкү кубанчын айта көрбө! Мурда көзү көрүп, кулагы укпаган жарак-жабдыкты булар өз колдору менен кармалап турушту. Мына ушул жарактар менен не бир укмуш тетиктерди жасоого болот экен. Булардын көзүнчө уста буроо жасаганын, буроого сай салганын көрүп турушуп оозун ачып калышты:

— Ээй, укмуш! Тимеле шумдук го ыя?

— Зооттон чыгат дечү эле го?

— Зоот ушубу ыя?

Балдар муну көрүүдөн тажабай, айтып түгөтө алышпай таң кала беришти. Буроого сай салган, ар түрдүү тетик жасаган аспаптарды бирөө «болот» десе, экинчиси «алмаз» дешип, айтор, ошол жарак-аспаптардын жөнүнчө эмес, сыйкыры бардай соз козгой беришти.

Кеч кирип, жатаканасына келген балдардын көңүлү абалап — көктө. Көздөрүндө: аспаптар, цехтер, машиналар. Мына ошолордун баарын балдар өздөрү гана тейлегенсин, аларды айтып түгөтө алышпайт.

Күндөр өтүп жатты. Балдар ишке көнүгүп, бул жердин шартына үйүр алышып, баары ойдогудай: жатакана, тамак, кийим, а түгүл ар кечте кино да бекер көргөзүлөт буларга. «Киши көңүлү — гүл» деген аныс экен го, өзгөчө жаштын көңүлүчү! Жазгы ыраңдай күлпүнүн сала беришти бу балдар бир аз күндө.

Баары жайында эле, Адыл менен Равилдин бир гана өксүгү: бөбөктөрүнүн жанында жогу. Аларды бая Фрунзеден

болуп кеткени кабарсыз. А балким, Фрунзеде турса кабар алышат беле, миниин быякка келип калышпадыбы! Кайда болду экен алар? Деги оорубай жүрүшөт бекен! Агаларын эстеп куса болушкандыр?

Равил менен Адыл мына ушуну дайым сүйлошөт. Булардын көз алдында дайыма ошо бобокторү ыйлап гана турушкандай. Экөө бири-бирине түшүн айтышат.

— Түндө түшүмдө Бакен алдымда отуруптур. Чачы чыпка болуп, бети-башы кир экен, ыйлап жатты.

А Равил болсо түшүн айтып алып, кадимкидей коркуп отурду:

— ...Анан, Илхамды апам көтөрүп алып, үйдөн кетип калды!..

Эбак өлгөн эненси тирүү бобогун көтөрүп кетип калганы жаман белги туюлду балага. Ошондон далайга түктөйүп коркуп, жүрөкзаада. Адыл болсо жолдошунун көңүлүн улап, каадалу кишиче ошо түштү жакшылыкка жоруйт:

— Эч нерсе эмес. Анаң Илхамга өмүр-жашын берет экен, арбагы менен оош-жолош колдош жүрөт экен.

Булардын маегин угуп калган баягы Тоймат тырактан күлөт:

— Оой, атаңдын көрү кемпирлер! Кемпир түш көрөт, түш жоруйт. Ой, силер жигитсиңерби же?..

Тойматтын сөзүн укkан берки экөө ызалана кетишет да кайра чыйрала калышат. Дегицкиси Тоймат бул экөөндөй эмес. Даалдак. Буларчылап, сырдашып-муңдашуудан алыс. Кабагы кылайып, бүрколбой, жадырап, жүргөнү-жүргөн. Жатаканага келгенде жаагы басылбай ырдап, а тиги иш үстүндө да устанын тыйганына карабай обон созуп, ышкырып жүрүш адаты. Ыры менен ышкырыгы биртике басыла калса экинин бир оозу машинада. Машинага үзүлүп-түшүп, ага шофер болушту эңсегидей болсо оозунан кок түтүн бурайт. Тоймат эле эмес, бу Адыл менен Равил да ошо шофер болсок дегенде ак эткенден, так этишет. Ушу МТСтеги шофердун кимде-кимисин сагалап, алардын темир-тезегин көтөрө чуркап, аларга жагынып калышат. Отпептин жүрүп, алардын жанына отуруп калган кези да болот булардын. Ак көңүлү кармаган кең пейил шофердун жанына отуруп, бир кочо жерге барыш булар үчүн кол жеткис бакыт. Машинаны өзү айдагандай элең-желеп болуп айланасын караган бала ошо тапта жерде эмес, тиги эле булуттун үстүндө учуп бараткандай абалачу, ичинен купуя тилек кылчу: «Атаңдын көрү! Шофер болуп калсам ээ!..» Ошо тапта бу балага жер үстүндө ушу шоферлуктан укмуш өнөр жоктой,

мына ушу шофердон жалайлуу киши жоктой эле. Демин ичине батыра албай сүйүнчүнөн эптиге түшкөн баланын бар кыяпатын байкап койгон алиги ак көңүл шофер андан сыр сурап кайра ага кецешин айтчу:

— Ии, бу, шофер болгуң келеби?

— Ии, ананчы! — Башын ийкеп, кымындап турган баланы эркелете караган шофёр ага мындай дейт:

— Шофёрлук качпайт, аны бат эле үйрөнүп аласың. А коро мына ушу жаш кезде окуп калуу керек. Оо, бу окуудай кайда-а! Билимдүү болсоң бу машинаны айдамак түгүл мындай машинаны өзүң да жасай аласың. — Муну айткан шофёрду бала не бир таңыркай караган.

Мына ушул шофёр балдардын баарына айтчу эле ушул сөзүн. Өзү жеткире окуй албай өксүп калганын айтып, саал армандай кетчү:

— Кана албай калдым окууга. Силердей курагым болсо...

Жазында жерге сайылары менен бүчүр ачып, амал алып кеткен чырпыктан айырмасы не жашын, эмнеге дитин койсо бат үйрөнүп, эмнеге бет алса бат бүтүрөр керемети бар эмеспи. Балдар бу Кашкар-Кыштакка келгени мурда кулагы угуп, көзү көрбөгөн кесиптерди: токарлык менен слесарлыкты, машина ремонттоону, машина айдоону да үйрөнүп калышкан. Эми, алиги шофердун айткан акылына булар уюп, окуу-окуу деп дегдешти. Бирок, булар МТСтин карамагында эмеспи. Балдарды үйротүп жатышкан усталар, анан директор агай эмне дээр экен? Уруксат береби, же?

Балдардын жакшы тилегине, илгери үмүтүнө бу МТСтен эч ким каршы эмес экен. Булардын билим алышына жан-дилинен көмөкчү болду директор:

— Ие айланайын, ошенткиле! Бу тапта бизге окуган киши дары эмеспи. Адис кадр көзгө сүртүүгө табылбай турбайбы ушу күндө. Окугула, айланайын.

Оштогу айыл чарба техникумуна барышты балдар. Адыл агрономия бөлүмүнө, а берки Тоймат менен Равил болсо механика бөлүмүнө кириштн.

1939-жыл. Жай. Жергеде ошо жай толугундай толукшуп жаткан бейкут күндөр... Турмуш-тиричилик да ошо жай толугундай бейпил эмес беле.

Жыл тегеренди. Балдардын окуусу илгерилеп, курстан-курска өтүштү. Балдар түштүк жерден, түштүк табыйгатына сиңишип кетти. Түштүктүн аптабына кирипген алар аден, терден, жүдөбөй, азыр колго чабак уруп алгандай чыйрак, көңүлдөрү куунак. Сабактан кийин булар дайым

талаада иштешет. Башынан жумушка бышкан балдарга мына ушу да жагып калды. Дыйканчылыктын сыры, агрономия негиздери... мына ушуларды куду китептен окугандай талаа бетинен окуп, эмгек менен бышыкташчу күнүгө.

Улуу жагылган оттогу зор казандай баратан кайнаган эмгек. Улуу жагылган отко аш бышырып жүргонсүгон колу тынбас, мээнеткеч кишилер... Өрүк жыгачындай кара-күрөң тарткан чымыр да кагелес кишилердин мүнөзү күп табындай жагымдуу, кабактары жарык, колунан кетмени түшпос алар жер бетинен чүкодөй чалма корсо үболоп, упа кылып, жер багып жүрүшөт. Албан жерден, өзү бапестеген топуратан дем-кубат алып жүрүшөт. Күнго бышкан топурактын жыты!.. Күнго бышкан ысык топурактын ажайын жытын шимирип, күн аптабына кириишип, ошо жер менен кошо мээнетке бышып омүр сүрүп келаткан дыйкандар!.. Алар адегенде бу балдарга не бир адамдан башкача жаралган тири укмуш көрүндү. Алардын түйшүгүнөн сүрдөп, чоочуркан жүрүштү булар. Сүрдөбөй турган, чоочуркабай турган кезиң. Өздөрү мындай жай толугунда тоонун кок кашка дайрасына чабак уруп сергишчү, ал эми мына бу дыйкандар кайнаган аптапка кириишип, анан кок чай ичишет экен.

Адылдар менен ымалага бат келишти ушул дыйкандар. Алпейим, кичипейил келишет экен өздөрү. Жер да мына ушулардын мүнөзүнө окшоп алпейим, жумшак, жоомарт көрүндү. Балдарды чайга чакырышчу дыйкандар:

— Оо, уулум, келиң, чай ичиң!

Оромолго түйүлгөн панды жайып отурган дыйкандын жанына жацы келген Адыл атасынын мандайындагы кичипекей кызды көрүп делдейе түштү. Бул бая Бакенин эстеген эле. Кайда жүрөт экен кымындай бөбөгү мунун? Мына ушул курлуу, жо, мындан саал кичирээк эле. Түсполу окшош экен: бытыйган колу, буту. Мунун киймн гана башка. Куурчактыкындай кичипекей атлас көйнөгү, кымындай топусу, майда оргон чачы куду төгүлүп бараткан кара шурудай кууш далысын жаап турат.

Атасына нан, чай алып чуркап келген кыздын үстү-башына сонуркай караган Адыл дайым бөбөгүн эстеп кусадар. Ага окшогон кыздарды корсо ушинте берет. Ал дайым Күлкан чоң энесин эстейт. Ошондой кемпир көрсө атайын жанына барып, учурашып, алы-жайын сурай берет. Сагынбадыбы!

Түштүк жергеси. Момо-жемишке, пахтага толгон даркан талаа. Анын учу-кыйрына караган кишинин көзү түгүл кыялы жетпечүдөй мелмилдеп, мунарыктап жатат... Күнго

магдырап, мунарык жамынып жаткан ошол талаада жүрүшөт балдар. Жердин улуу дастанын жердин өзүнөн окуп, жердин өзүнөн үйрөнүп жүрүшөт алар.

Бала чакта көргөн окуянын, бала чакта укkан кептин өмүр бою эстен кетпей калар касиети бар эмеспи.

Төлойкан, Отуз-Адыр... Жаш чагынын унутулгус күндөрү... Мөмө бышкан, пахта ачылган талаанын топурагын күлдөй майдалап, ага үрөн сээп, ага семирткич сээп. Баса, семирткич демекчи, тиги айылдан булар антип сээп көргөн эмес. Жем баштыкка асынып алышкан семирткичти кадимки үрөндөй сээп жүрүшчү булар, ошо Төлойкөн талаасына, жерди азыктандырып, жерди бапестеп жүрүшчү. Жерге жаңы-дени менен тер төгүп, жерге жан-дили менен сырдашып жүргөн кез эле, ошо. Баланын адеп окуган кызык китебиндей өмүр бою эсинде калды ошол жылдар, жердин сырын тарткан, жер сарамжалын үйрөнгөн күндөр... Чоң энесинин колунан бышкан андай мына ошо жердин нанына, жемишине карк болгон күндөр... Куду чоң энесин эстегендей мына ошо мээнеткечтик менен сарамжалды, дыйканчылыкты үйрөткөн түштүк жергесин эстей берет. Көз учуна арак-арак илинип алыстан мунарыктан жаткан Арстанбап... Күн аптабын шимирип, аптапка магдырап жаткан адыр-түз... Үзүм-үзүм кебездей булут тээ, мунарыкка аралаша бүлбүл көрүнгөн мөңгү башын сагалай үлбүрөп, көшүйт. Ошо үлбүрөк булут арасынан буга бир ажайып элес көрүнөт. Алыстагы үлбүрөк булут арасынан мацая карагаң бир... Булутту тиктеп телмирген Адылдын жүрөгү зыр этип, ачышып калат далайга. Анан бая бир сыздаган обон... Ооба, обон муңкана чыгып, буулугуп басылып, жүрөк мыкчыган бир кусалык аңкыйт!..

Окуу-жайы... Күлүмкан!.. Бул экөө бирин-бири эстетет. Окуу-жайы! Ушу сөз кулагына чалынса жан-жүрөгү жылый түшөт Адылдын, көз алдына Күлүмкан келе калат жооду-рап. Түштүк жээктен кылайган кебездей булут да үлбүрөп, негедир Күлүмканды эске салып коёр жайы бар.

Аны адеп көргөн күнү бүгүнкүдөй көзүндө. Күлүмкан!... Ал Оштогу окуу жайына булардан бир ай кийин келген. Балдар окуу жайына үйүр алышып, сабактарды өздөштүрүп, бири-бирине сырдакана болуп калган кез эле. Баса, Октябрь майрамына карата концерт даярдап жатышкан. Анын жетекчиси ушул Адыл болчу. Ыр-күүгө башынан шыктуу Адыл бул ишке жолдоштору тандап, мугалимдер колдогон болчу.

Залга даярдап аткан булардын концертин эшик-терезеден жардана карап, кууса да кетпей, сагалап, турганы-тур-

ган эле мындагы балдардын. Күндө ушул залдан жаңырчу ыр-күү, күндө залды сагалачу балдар... Ушулардын арасында бүгүн бир чоочун кыз бар эле. Теңтуш кыздарды шыпарлаган ал да мындагы ыр-күүгө кулак төшөп, ыр-күүгө ыңтызар эле.

Төрдогу улардын тобу бир гана комузчунун колун тиктеп тымтырс. Жеңин чыканагына чейин түрүп алган кагелес кара тору улан «Маш ботойду» безелентип жатты. Ал, оз мандайындагы топ шакиртине күүнүн кайруусун жай коргозүүнү унутуп, кызып кетти белем, куду эл алдында концерт берип жаткандай кол ойното таскак уруп баратты.

— Ап-бали-и! — Ушул үн комузчуну бери каратты. Анын козүнө тиги ачык эшиктен жарданган жаштар урунду адегенде. Ошо жаштардын арасында... Адыл адашып, башка үйгө баш багып алгандай саал апкаарый калды. Козү карагаттай, мурду кырдач, суйкайган сулуу кыз муну суктана да телмире да карап туруптур. Кыз ушу күүнү кубаттап, сүрөгөндой же күүгө үн кошуп ийгендей жайдары эле. Ооба, уурту жыйыла жылмайган наристе кыз куду шибердеги шүүдүрүмдой молтүрөп, мандайы жаркырап, жайнаган козү Адылга төгүлүп туруптур. Күнгө чагылган күзгүнү карагандай козү уялып кеткенсиди Адылдын. Кыз да козүн ала качканын байкап калды бул.

Таскактан баратқан ат мүдүрүлүп кеткендей туюлду, тиги тыңшап тургандарга. Күү мүдүрүлдү. Колупан бирдеме түшүрүп ийгенсип, Адыл кайсалап калды. Бет мандайындагы чертмекчи шакирттерине аны-муну айткан болду, бирок, анын аяк-башы жок, эмне айтканы белгисиз бойдон калды. Тула-бою ысып, жүрөгү дикилдей кеткенин сезди озү.

* * *

Ушундан бери Адыл алагды. Кайда жүрсө көңүлү уйпаланып, бир аллуу буюмун жоготкондой кайсактайт. Сөздү улам кайталап сурап, а сураганын озү укпай ой-санаасында башка дүрболоң.

Ошко келгени көңүлү өсүп, көңүлү гана түгүл булчуңдары чыңалып, дене-бою өсүп, керилип сала берген Адыл эми күйпөйүп, аза түштү. Жаагы шимилип, бетинин чүкосү чыгып, өңү шапайды. Аз убакта мынча өзгөрө калганына мугалимдер да айран. Сабакты ото ынтаа менен укчу эле бул, эми кандайдыр алагды болуп жүргонүн байкашты мугалимдер. Аны жеке чакырып алып, абалын сурап көрүштү:

— Эмне, бу сенин бир жериң ооруп жүрөбү, ыя?

Башын чайкап, тандайын «шык» эттирген Адыл уурдунап жылмайды. Уйкусу качты, ар түнү түйшөлүп, улам бир капталына ала салган анын ой-санаасы кошо удургуп, тынчтык бербей кызды издеп, ага жетип-жетпей алдас уруп, биртике көзү илинет да эртең менен уйпаланып, жүдөп турат. Көзүн ача электе баягы ой башында, баягы кыз көз алдында. Өзгө кыздардай ал да ушул окуу-жайынын жатаканасында болсо Адыл ошо жатаканаңы сагаламак. Бирок, ал өз үйүндө жатып окучу. Анын атасы мында жаңы келген кызматкер экен.

Көзүн укалап тура калган Адыл тышта бирөө чакыргансып, ашыга чыгат да кокус кочүп кетип калбасын деп, тээ төрдөгү айылдан көзү өткөн күүгүмдөгү жолоочуча тетигиндеги окуу-жайына элеңдей карайт.

Шаша жуунуп, ары-бери шам-шум эткен ал учуп жөнөйт ошоякка. Бүгүн ага эртелеп жолугушка, жолукканда сөзсүз бир кепке алууга бел байлайт. Кантип кезигип, кайдан баштаса экен кепти?

Анын көзүнө жолдон эч нерсе көрүнбөй, өзүнчө буулугат, баягы өзүнө үйүр тарткан түпсүз ойго чөмүйт. Чытырман токойго киргенсип, ойдун чытырман токоюна кирип, андан сөздүн чытырман токоюн аралап кетет да ошондон сөз гүлүн издеп, сөз гүлүн терет.

Миң алакеттен өтүп атып, терип алган сөзүн ошо кызга берер гүл-дестесиндей ардактап карайт. Өз көңүлүнөн, астейдил сактайт муну өз көңүлүнө.

Күн сайын суз тартып, күн сайын сөзгө сарың тартып бараткан Адыл эми мына өзүнөн өзү жан билбес сырып жан-жүрөгүнө басып, шашыла жөнөйт. «Бүгүн! Кандай гана болбосун, ушу бүгүн!..» Ушинтип чымырканат ал, күпүгө мына ушинтип чымырканат. Жүрөгү алаптайт. Окуу жайынын ичи-тышын тинтип, көзү алактайт. Топтогон улан-кыздын ичинен мунун издегени... деги ал көрүнөр бекен? Бир эле көрүнө калар бекен?!

Андайда атайы өчөшкөнсүп, ал көзүнө чалынбай коёт бир оокумга. Ошо тапта мунун көңүлү уйпаланып, бир аялуу буюмун азыр түшүрүп койгондой көңүлү алагды. Чөнтөгүнөн буюм жоготкон киши ошо чөнтөгүн гана улам аңтарып, кайсалай бериштен тажабайт го, бу да ошо ичти-тышты тинте карап тынымсыз алактай берет.

Бир оокумда кыздардын арасынан жарк дей түшөт алиги. Түнөргөн жаандуу асмандан күн жарк эткендей мунун уйпаланган алагды көңүлү жарк дей түшөт! Алдастай калат бу. Дени ысып, тула-бою чымырап, тердеп, колу-башы кал-

тырай түшкөнүн сезбейт өзү. Алабармандан бирдемелерди ашыга сүйлойт курбуларына. Үнү дирилдеп чыгат!..

Мына ушундан кийин гана көңүл жайында. Ушундан кийин гана көңүлгө күн тийип, көңүл майрамдай, шаңдуу.

Бирок... баягы чымыркануудан бою чегинип, кызга жолугууну эстегенде: не бир аброю бийик, улуу кишилердин үстүнө капыстан кирип алчудай апкаарыйт. Кандай амал ойлобосун, нечен алакеттен өтпөсүн кызга ээн кезигиштин жолу кыйын. Ал дайым өзү менен бирге окуган кыздардын арасында. Адылдын күнүнөн-түнүнө тынч албас кыялы гана издеп табат, кыялы гана кызга жолугат. Көзү гана кызды издеп табат, көзү гана ага чагыла түшөт... Деги ушуну кыз сезер бекен?

Кыз үйүнө барчу көчөнү күнүгө бойлойт.

Кыз баскан көчө не бир, бу шаардын көчөлөрүнөн өзгөчө ыманы ысык көчө, ыманы ысык үйлөр... күнгө чагылышкан терезелери жылт-жулт карайт. Ооба, кыз күндө ушул көчөдөн басарын эстегенде Адылдын жүрөгү элжирейт. Жол тамашпан көзүн албай жымыңдай басат, кыздын изин акмалайт: «...азыр эле басып өттү ээ, ушу жолдон?!» Күндө көрө жүрчү көчө боюндагы үйлөрго тигилет: «...ушул үйлөрдү карап өтөт ээ — күнүгө?!» Ушул үйлөр да ажайын мүнүн көзүнө.

* * *

Кыш түштү. 1940-жылдын кышы. Ушул кышта Адылды механизаторлордун мектебине жиберишти:

— Акбаев! Сени тандадык, дагы бир отличник барат. Анда силер механизаторлорду окутасыңар. Сен конституциядан сабак бересиң.

Ак-Буура дарыясынын ары өйүзүндөгү механизаторлордун кечки мектебине барды бул кечке жуук.

Мугалимдердин болмөсүндө мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы менен жаңы эле маек кура баштаганда каалга акырын ачылды да (Адыл ошо каалгага далысын салып, ага бет маңдай отурган) кыздын назик үнү угулду:

— Уруксат бекен, агай?

Адыл артына кылчак карагап калыбында селт дей түшүп, жүрөгү дикилдеп кетти, алиги кыз! Кыздын көзү бурга жылт этип, анан, берки окуу бөлүмүнүн башчысына карады.

— Кел, келе гой! — деди окуу бөлүмүнүн башчысы, ага орун көргөздү. — Ии, кызым... — деди окуу бөлүмүнүн башчысы, биртике тыпып сүйлөдү. — Демек, сен кыргыз тилинен бересиң? Жакшы, жакшы-ы!

Сабак өтүүнүн жайын, жол-жобосун туюндуруп жатты окуу бөлүмүнүн башчысы буларга:

— Ошондо-ой, окутар сабагыңарды ошентип жакшы билесиңер? Суроолорго такалбайсыңар? Апаң бу, баарыңар класста өзүңөрдү кармай билгиле. Убактыны, сабак отор убактыны туура, так пайдалануурга аракеттенгиле. Сабакты бүтүп салып, убактыңар бош калса болбойт. Же, убактыңар жетпей калуудан сак болгула. Биз, мугалимдер, кезек менен сабагыңарга кирип турабыз. Окуучуларыңардын көбү силерден улуу кишилер. Алардан сүрдөбөгүлө. Кыскасы, өзүңөрдү кармай билгиле, сабак убактысында.

Окуу бөлүмүнүн башчысы өзүнүн акыл-насаатын тажрыйба менен бекемдеди да минтип кошумчалады:

— Азыр кыш. Күн кыска. Түнгө каласыңар. Сен жигит эмессиңби,— деди окуу бөлүмүнүн башчысы Адылды карап,— бу кызым жалгыз калып коркпосун. Күйүшө жүр. Бүгүндөн баштап сен жооп бересиң бу кыз үчүн!

Муну айткан завуч Адылга көзүн кысып, күлүп койду. Ага жооп кылып, ууртунан жылмайган Адылдын көз кыйыгы тиги кызда эле. Астыңкы эрдин жумшак сыдырган күрүчтөй тиштеринин учу кылайып, аппак, ичке манчаларын укалап отурган кыз ойдо карабай, уялыңкы эшитти ушу сөздү. Кыздын ошо жылдыздуу, уяң жүзүнөн татынакай жылмаюуну көзү чалган Адылдын жүрөгү дикилдеп кетти каадасынча.

* * *

Завуч айткандай мына ошо күнү кечки мектептен бирге чыгып, бирге келатышты экөө. Ортодо сөз жок, ортодо адам өткүс тоо тургандай... Адыл канча кайрат кылса да алиги, күнү-түнү тандаган, күнүнөн-түнүнө жаттаган сөздөн бирди суна албай койду азыр кызга. Мунун деми кысылып, аба жетпей тургандай же сууга чөгүп бараткандай энтиге түшөт өзүнөн-өзү. Дирилдей чыгат деми, тула-бою саал титиреген сыйт.

Кыштын тутам күнү эбак тиги Керме-Тоого жашынып, кычыраган ызгаары бар мына бу кар жамынган талаада. Булар Ак-Бууранын жээгине келип калышкан. Дарыяны көк муз каптап, орто жерин күбүр алыптыр. Кыштын ушул мезгилинде кишилер көпүрө издебей муздун үстү менен өтө беришчү. Бир гана суу кызгундаган күбүрдөн аярдоо керек.

Кашаттан бери көк жылгаяк музга жалгыз аяк жол түшүп, ошо жол тиги кызгундаган күбүрдөгү өткөөлгө такалат. Кашаттан ошо жол менен ээрчише музга түшкөн экөө

музду аяр басып, тайгаланып кетүүдөн сак. Айрыкча, береги кыз тула-боюн жыйрып, тизеси бүгүлө, куду шамалдын огундагы чыпыктай солкулдай басып бараткан эле. Кыздын тайгаланып кетчүдөй тейин коргон Адыл аны шап колтуктай калды! Бул капыстан, заматта болду. Кызды колтуктоо түгүл качантан бери жакындай албай апкаарыганы кана?! Демейде мынтсе кыз өзү да силкинип, жанына жуутпайт беле. Бу тайгакта эч каршылык кылган жок. Кайра, бу Адылдын колун оз колтугуна кыса койгонун кыз өзү да туйбай калды. Адылдын денеси ымыр-чымыр болуп, тула-боюо заматта ысып чыкты.

Ошо кечте Адыл басарга жер таппады. Кызды үйүнө жеткирип, өзү жатаканасына келаткан ал жолдон кайра тартты да мындан кыйла жердеги кыздын үйүнүн жанынан, оо, далайга ары-бери басты; үйго гана көзүн артып аны кадалана карай берди. Анан, дарыя жээгине кетти. Күбүрдөн сүү шоокум салып, көк жалтац муз каптап жаткан дарыяны, азыр эле экоо баскан тайгак өткөолдү күүгүм астынан теше карай берди. Ары кашаттан музга түшкөн жалгыз аяк жолдон дарек жок, күбүрдөгү талдан салган откоол саал будуройот. Кыздын буту баскан откоол!.. Үрүл-бүрүл күүгүм астынан коз талыта карап турду ошо ак бубак жамыпган откоолду.

Дарыя жээгинен далайда кайтты Адыл. Жатаканага кирип барган анын оңу жаркып, козу күлүңдөп турган эле. Аны коро койгон баягы Тоймат ордунан атып туруп, адатынча бир дар этип ага кучак жайды:

— Оо, кайран мугалим! О, кут болсун! Эми сен агай болдуң да?!

— Айтканың келсин, Шалпац кулагым!

Адыл күндогүдөй кыртыштабай, тамашага шар аралашып, айтарга кеп таппай чечеркейт. Өзү окуткан, өзүнөн улуу трактористтерди, алиги жакшы завучту, анан, айтор, биринен сала-бирин тогуп жатты эле Тоймат аны токтотуп, кызыга сурады:

— Коё турчу. «Башканы коюп Манасты айт!» дегендей, башканы коюп, маянацды айтчы? Деги канча жалыйпа алат экенсиң ыя? Мына ошону айтчы мага?

* * *

Түндүн бир оокуму. Кыш күчүнө алып, түн суук. Калың жамынган балдар кызык уйкуда. Бу маалда козу умачтай ачык бир гана Адыл. Алаптан ысып жаткан бир

эле ушул экен. Көөдөнүн ачып салган ал бая бир жайдын үп болгон аптап түнүндөгүдөй чабалактайт. Кыз оз үйүнүн жанынан муну менен кол кысышып коштошподубу.

— «Анда, кошуңуз. Ракмат!» Кыздын үнү мунун кулагынан кетпей койду. Мунун шадылуу алаканында турган анын жумшак, ичке манчалары... кебездей манчалар саал муздай түшүптүр. Ошол манчаларды бул эми кыялында коё бербей кысып, анын үнүн кулагынан кетирбей жүрогү элжиреген калыбында Адыл мемиреп — кошун баратты.

Бир эле тук этип ойгонгон бул терезеден баш баккан таңды көрдү. Аязын агыткан ак карлуу кыштын таңы кашкайып тунук. Адылдын көңүлү да мына ушул таңдай кашкайып — чайттай эле. Көк кашка дайрага азыр чабак уруп алгандай дене-бой сергек. Демейде, ичирде жатса да канбай жүдотүп турчу уйку куду суусун кангандай канып тыр ушу бүгүн.

Баса, так ушул таңдай кашкайып баягыл кыз — Күлүмкан турат бет маңдайында.

Күлүмкан... Окуу-жайы... Кечки мектеп...

Күлүмканды эң башына коюп, санап өттү буларды. Жүрокко даба көңүл ырындай жагымдуу создор ушулар.

Таңдын атышы, кайра кечтин кириши күндө чыдамсыз күтүлөт. Муз каптаган дайра, ага түшчү сокмо жол, талдан салган өткөөл... Мына ушулар Адылдын көзүнө, көңүлүнө ыпак жай!.. Кечки мектепке баратканда ушундан күтөт, кызды колтуктап өткөрүп кетет. Келатканда ушундан кызды колтуктап өткөрүп келет. Бири-бирине жалын чачкан көздөр, бири-бирине жалын чачкан, дене-бой... Бирин-бири кыса колтуктанып муз үстүнөн өтүп баратышкан экөөнүн жүрогү элжиреп, бою балкып, экөө менен кошо кең дүйнө балкып, кыш чилдеси жай толугундай толукшуп жатты. Ак мамык жамынган тоо-талаа бейкут магдырап көшүп барат.

Оо, Оштүн ошо керемет кышы! Ошо кышты кайтып көрбой калбадыбы Адыл. Экөөнүн кол жеткис бактысынын кышы эмес беле ошо кыш!..

* * *

Мойноктун алдынан жол экиге айрылды. Машина оңго бурулду. Бу оң жактагы каксоодо атайын салынган жол жок, быякка катташкандар өзүлөрү жол чыгарып алышкан экен. Эки дөңгөлөктүн изи такырайып, ар кайсы жери оюлган жолдо машина өцкүлдөп, ичиндегилерди экчеп баратты. Ошо эки дөңгөлөк ортосундагы кулундун жалындай сецселген тилке машинанын алдына сойлоп кире качууда.

Айланада жайдын кечи магдырайт. Бетегеге жаңы түшө баштаган шүүдүрүмдүн жагымдуу илебине аралаш эрмендин кермек жыты келет. Жер улам өрүлөөдө. Машина өр таянып дегилдеп, кеч күүгүмгө үргүлөп бараткан чалкактар улам жакындап, тиги мөңгүлүү чокулар ээк алдыда тургансыйт. Жанатан үйдө отуруп эми тышка чыккансыган Адылдын көңүлү көтөрүңкү, ал тоо таянып, магдырап жаткан жайдын кечин кумарлана карап баратты.

Бироонүн сөзүнө алаксый калгансыган анын ою кайра Күлүмканга келди.

7

Оштун керемет кышы... Өмүрүндө ошо кыштагыдай бактылуу болуп көрдү бекен Адыл?..

Күмүш жамынган шаар, күмүш жамынган Керме-Тоо... Күндө бул экөө колтукташып, каткырып өтчү көк жалтаң сай. Өмүрүнчө мунун кулагында калган кыз күлкүсү! Өмүрүнчө угулуп турат анын үнү:

«Ай!.. Аа-ай, тайгаландым!.. Хи-хи-хи-и!»

Муз үстүндө жигитке ыктап, жигиттин колтугуна кире калган шыңкылдаган кыз. Ай нурундагы анын күлкүсү ошо ай жарыгындай тиги көк жалтаңга чагылышып, анан Адылдын жүрөгүнө жарк дей түшүп жатпады беле. Кумар таркабас түндөр. Ошо кышкы түндөрдө бөлүнүшө албай кыйналышчу экөө. Бироо жула каччудай улам ысык сүйүшүп, түп күзотчү экөө.

Дүйнө балкып турчу эле ошол кыштын түндөрүндө. Экөө үн-сөзсүз ушул кышкы түндү тиктеп калышчу. Ай жарыгында жылдызга толгон кышкы асман көгүлтүр бозомтук тартып, аппак жерди шаңкая карап, а тиги чыгыштан-батышка кербен тарткан ак тоолор ай жарыгында сөөлөттөнүп... Тоо-талаа аппак, асман-жер аппак... кең дүйнөнүн озу да ошо түнү ак сүттөн бүткөндөй чалкып жаткан булардын көзүнө... Бу кең дүйнө экөө үчүн гана ушунча бейпил жаралгандай, бу дүйнодо экоонон бактылуу жоктой көрүнүп, анан бул экоонүн жаны-дени да ушу дүйнөгө окшоп сүттөй эле ошо түнү.

Ушу кең дүйнону кумарлана карашты булар, анан бирин-бири телмире тиктештен кумары таркабады. Ай жарыгында балбылдаган Күлүмкандын көзү Адылдын карегинде жанып турду. Бири-бирине гана айтылар, бири-бирине гана айтып түгөтө алгыс сырлар тетиги, ачык асмандын жылдызындай жымыңдап, төгүлүп турбады беле көздөрдөн!

Мына, окуу бүтөрүпө, жыл... жо, жарым жылча убак калган эле. Окуу бүтөрү менен экоо кол кармашып алып!.. Мупу эстеген сайын экөөнүн жүрөгү элең-желең. Мупу минут сайын эстей эле беришет.

Ооба, жатса-турса ушул ой алып-учуп, айылга, уруктутуганга бул экөөнүн бактысын сүйүнчүлөйт. Мупу укканлар бул экөөнөн бетер чечекейи чеч. Ушупу эстеген сайын Адылдын көз алдында айылы, ага-тууганы, өзгөчө чоң энеси!.. кучактап алып, Күлүмкандын бети-башынан аймалаган кемпир сүйүнчүпөн бышактап ыйлап, айтарга сөз таппайт: «Оо, садагаң, Адылым! Адылымын теңи!.. Оо, кудай! Айланайын, мунуца шүгүр! Жетимчем минтип...»

Курган кемпирдин сүйүпүчүн көз алдына түгөл келтире берген Адыл өзүнчө күбүрөйт: «Кантер экен? Сүйүнчүпөн эмне гана болор экен байкуш чоң энем?!» Ушинтет бала, баягы өзүнөн адашып калган Бакенин эстегенде мына ушул айылдагы бобокторун — агасы Баеттин балдарын, өзгөчө, сүйүпүчкө аралаш жүрөгү ачышын кетет.

Баса, Адыл Ошко келгени түштүктөгү балдар үйүнүн кыйласын кыдырып чыкты. Карындашынан дарек жок. Ар ким ар кандай айтат. Бирөө ошо Чүй ичинде десе, экинчилер Ысык-Көл тарапта дешти. Үчүнчүсү, тигилердин айткандын такыр эле төгүндөп салды: «Андай болсо, бу Кыргызстанда жок. Аларды башка республикага алып кетсе керек. СССР боюнча балдар үйү көп эмеспи».

Мына, ушул укканларынын баарын Күлүмканга сүйлөгү Адыл. Мупу муңайып уккан Күлүмкандын саанаасына коркунуч кылт этти:

«А балким соо эместир ал?! Кичинекей эме жаздым болуп калган го ыя?!»

Бирок, бул жаман ойдон шек берген жок Адылга. Аны жайкап, жакшы тилек айтты:

— Эч перзе эмес, санаркаба ага. Балдар үйү көп эмеспи ырас эле, бирөөндө жүргөндүр, аман-эсен эле,— деп ишендире сүйлөгөн Күлүмкан. Мына ошо жоголгон кыздын азыр өзү таап келгендей, анын келечегинин камын да көрүп койду минтип: — Эмгиче чоцоюп калгандыр? Класстан-класска көчүп татынакай кыз болгондур? Ал табылат. Аны өз колубузга алып тарбиялайбыз, окутабыз.

Мупу уккан Адыл ушу создү кайра да уккусу келди. «Аны өз колубузга алабыз». Кыздын сөзү мупун жүрөгүн баягыдан бетер элжиретти. Кызга бул ичинен жалбарып жатты:

«...Күлүмканым! Ал мендик! Ал өзүн мага арнаган! Күлүмканым!..»

Ошо жылкы жайды күтүп, чыдамы кетти Адылдын. Келер жайды эстеген сайын оропкуп, өзүнчө жымың этти Күлумкан.

Эки жыл тогошкон кыш өтүп, жаз чыгып, толукшуган жай келген эле ошо жылы. Дал ушундай жай толугу...

Акбаев жай толугуна чалкып жаткан тоо-талаадан көзүн албай оюн улай берди:

...Ошо жай. Бирок, демейкидей болбоду ээ ошо жай. «Эртең менен күн кызарып чыкса — элиңди жоо чапкандай күйүп!» — дейт эл, күндүн чыгышына карай анын ороюн болжойт. Таңынан канталап чыгып, кечке бороон-чапкын болчу күндөй ошо жай жамы калктын уройүп учурду. Батыштан өрт оропо каптабадыбы 1941-жылдын коогалуу жайы. Эл ортко кабылды. Эр азамат өрт аралап, кан кечти...

Миң-сан ооздон күнүгө айтылып келаткан соз бу Акбаевдин коңулүнө жат ар дайым. Куттуу элдин эрдиги менен кайратының, өксүгү менен мүдөосүнүн бир керемет күүсүнө окшойт ошо согуш сөзү. Тээ, тереңден күңгүроңүп барып, анан тышка шандуу атып чыгар күү... Ал күн сайын миң-сан ооздон айтылат, күн сайын миң-сан кулак угат. Анда эскирүү жок, аны кишилер жан-жүрөгүнөн сүйлөйт, аны кишилер жан жүрөгү шүйшүнүп угат. Күңгүроңгон күүнүн кайруусундай үн айбаттуу.

...Өрт оронгон 1941-жылдын коогалуу жайы! Күлумкандан болүндү ошо жайда!..

...Алиги муцканган обон Ишенге кайра угулду. Аны Ишен эле түгүл, мына бу кара күүгүмдөгү жайкы талаа да тыңшап, лепилдеген керимсел менен аккан обон талаага колкүп-чалкып жайылып жатты...

* * *

...Күшка. Июль түнү. Солдаттар чыдамсыз күткөн түн мына. От болуп күйүп турат күнү кечке. Так ошо алоологон оттун ичинде тургандай жаңы азар таппайт, бу жердин ысыгына көнбөгөн адам. Адам гана түгүл, мына бу жер башы менен керсары тартып, жердин түгү куду отко түшкөндөй күйүп кеткен. Жер түгүл, асмандын өзү да куду отко какшып бараткан казандай, ак чаңгыл. Асман — асман-башы менен чаңкап тургандай ошо тапта, ошо жайда.

Адылдар Оштон чыккандан аркай жерге токтоп, улам жаңы топко кошулуп, жол улап отурушуп, мында келгени эки айдын жүзү болду. Машыгып жатышат. Өмүрүндө мындай мээ кайнаткан ысыкты көрбөгөндөргө кыйын болду.

Алар кеч киргиче солуп калышат. Так тободон чаңкайган күп жылсачы бир! Чыжылдатып, сызгырып гана турат. Күнү кечке машыгууда жүргон солдаттардын эси-көөнү кечтин киришинде. Кеч киргей эле, салкындагай эле. Тил оозго батпай чаңкаган солдат, какшып-чаңкаган асман-жер.

Мына, кеч да кирип, солдаттар серүүндон, бой-аягын жыйгыча түн да жыла келди. Жапатан үп болуп турган талаага үлбүрөгөн ысык жел ойноду. Аптапка каарылган солдаттар уйкуда, аптапка камыккан талаа кошүп, сулк. Отко аша какшыган казандай бая күндүзгү боз чаңгыл асмандын өзү тигине. Ошо, оттон чыгарып койгон казан ичиндей кара көк тартып көмкорүлүп жатат үстүдө. Жылдыз толгон асмандан көз айырбай жатат. Азыр түшүндө Күлүмкан менен жүрүптүр. Бая, муз каптап жаткан Ак-Буура. Күлүмканы өйүздө келаткан экен. Алиги өткөөлдон колун сунат. Адыл ага ашыга жетип кол сунса эмненин жетсин! Бул ордунан бут шилтей албай, же колу сунулбай... айтор, ошо кыйналып атып ойгонду, ичи коңулдап калды... Жоноорүндө ага жолуга албай калбадыбы. Түнү бою анын үйүн айланып жүрбодубү. Таңды-таң 'аткыча пошор төгүп, Адыл ушул кара пошор алдында күттү аны. Өчөшо токкон кара пошорду түнү менен эш тутту бул. Ай-жылдызы көрүнбос кара түндон көзү өттү. Түн астында, пошор астында эрип бараткансыган тетиги Күлүмкандын үйүнөн көзү өттү. Үй ээлери бир жакка кеткендей, жымжырт. Бая Адылдын көзүнө ысык кош терезеден гана мунуп көңүлүн улап тургансыган жарык, оо, түндүн бир оокумуна муну тиктеп гана тура берди. Бир оокумда ошо кош терезенин да уйкусу келгендей көзүн чылк жуумп алды. Жарык жок, табыш жок, береги жаан астындагы чакан там, үстүндогу түндү оронуп, үнсүз, керең дүмүрөйүп койду.

Адыл тура берди. Жаан өтмө катарынан өттү. Күтүүдөн асты тажаган жок. Мына чыгат, ана чыгат деп кетирбей жатты мунун үмүтү. «Дагы чыдай тур. Дагы тура тур!»

Түн ортосунан эбак ооп кеткен эле. Жаан басылар эмес. Адылдын көзү талыды. Кара кушу лукулдатып, кулагы зыңылдады. Өтмө катарынан өткөн жаандын суусу муну адегенде жылытып, куду үстүнөн кайнаган суу куйгандай буулантып ийген. Эми чыйрыгып, титиреп баратты. Жедеп, сабыры кеткенде бутунун башы менен басып, алиги жарыгы өчкөн кош терезеге барды. Кыйлага апкаарып турган соң деми дирилдеди. Колу калтырады. Акыры, ошо калтыраган колу менен терезени аяр гана чертти. Буга жооп кайтарып атасынын үнү чыкты үйдөн: — Бу ким, ой? Ким-

сиң, сен? Адыл жымжырт демин ичине алды. Үн чыгарууга да, терезени кайра чертүүгө да батынбады.

— Бул ким болуп кетти ыя? — ушинткен кыз атасынын туруп келатканын туйду Адыл. Ошо замат бу кош терезени буйтап, ары тамды айлана качты.

* * *

Адыл жатаканасына келгенде жаан арасынан агарган таң кылайын калган эле. Чечинип жата кеткен Адыл оо, далайга калчылдады, далайга уктай албады. Мурунку күндөрүн ойлоду. Күлүмканга жазган катты эстеди. Жо, ал катты...

Чак түш болчу. Кыздын атасы да түшкү тамакка келген экен. Тамактанып отурган киши тыштан кирген балага назар салгыча болгон жок, колундагы кагазды буга эптиге сунуп:

— Ушуну сизге бироо... — Ушинтип аптыга сүйлөп, кайра ашыга чыгып бараткан анын шырыктай узун бою гана мунун көзүнө чалынды.

Үйдөн бироо кубалап келаткансыган бала аптыга кочого чыкты да бет алды безип жонодү. Жарты баракка жазып, жанагы кишиге кармата салган создү озү үздүк-создуксуз кайталап баратты:

«...Аксакал! Мен ата-энем жок жетиммин. Бала кылып алыңыз? Күлүмкан экообүздү...»

Адыл мына ушул каты өз жолун тосорун билсе го!..

Ушунун эртеси эле окуу-жайынан жолуккан Күлүмкандын кабагы бүркөө, муңканын калыптыр. Азыр эле чайттай турган жайкы асмандай Күлүмкандын ак маңдайы кана?! Анын озго кыздарда жок жаркын мүнөзүн, озго кыздардыкына окшобогон күлкүсүн издеди Адыл. Көңүлүнө дүрболоң түштү. Коогалы озү баштаганын дароо билди.

— Атам кана болду,— деди Күлүмкан. — Апам ыйлап жатат! «Биз сен деп, сени караан тутуп отурсак кылаарың ушу беле?! Кайдагы бир...» — деп токтогон кыздын жаш кылгырган козу Адылдын көзүнө чагылды. Анын сөзүнүн арты комокойүндө калды. Бироо аныгып ката салган буюмдун чети чыгып калгандай апын энесинин ачуу сөзүнүн чети да Адылга кылтыйып корунуп калды. «Кайдагы бир жетим менен!» Чети чыгып турган ушу кеп Күлүмкандын оозуна барбады. Анын ордуна минтип улап койду:

— Коё турбай шашат экенсиң!..

Күлүмкандын үнү угулуп турду Адылга. Анын муңайым үнү анын жаш кылгырган козу мупу жароокер караган ошондо.

Адылдар ушунун эртеси согуш комиссариатына чогулду. Чакырылгандардын үй-бүлосү аларды тегеректеп, баласына ак тилегин арнаган ата-эне бар мында. Солдат болгонжарына ыгып, көз жашын кылгырта андан карыш болунгусу келбеген жаш келин бар ошол арада. Атасын бучкактаган тестиер бала жүрөт тигине. Жан бирге үй-бүло! Эр-бүло ушу бүгүн алардын болунун казат жолуна аттанганы отурат. Ар биринин көңүлү алагды, ар кимиси не бир асыл нерсесин унутуп калышкандай ичтери көңүлдайт. Ушул эл арасында үй-бүлосүз үчөө — Тоймат, Равил, Адыл. Ушул тапта булар да оздорү туулуп-өскөн айылды, эл-жерди, күйөр-бышарды, тааныштарды эстеди. Адыл адеп эле чоң эпесин, анан бая кичинекей Бакенин эстеди. «Менин жоңоп атканымды билди бекен алар?» Равилдин көз алдына келгени бая бөбөгү Илхам болду. «Кур дегенде Илхамды бир коруп кетсемчи!» Ал мына ушул оксүгүн ачыкка салып ултунун да койду. Анан, бая айылдагы кемпирди эстеди. Ата-энесин басмачы өлтүрүп кетчүдө буларды багып калган кемпирчи? Ошо кемпир биерде болгондо ыйлап-сыктап, Равилдин жанында жүрмөк эне болуп калбады беле!..

Эне-атасы катар өлтүрүлгөн коркунучтуу түн. Ошо түнкү басмачылар кирпик ирмемде көз алдынан чубурган окуя Равилдин жүрөгүн канатып, кайра канын кайнатты. «Жылаандар! Кайра баш көтөрүп келатабы?!» Мындай-андайды ойона албас, бая Тоймат Шалпак кулак да ушу тапта Таласты эстеп койду. Айылдагы кишилерди, кыйыр тууандарды, Осмон бригадирди, кампачыны көз алдынан өткөрдү.

Адыл негедир туталанып, бир нерсесин жоготкондой алагды ошондо. Кишилерди тынбай кыдыра караган апын көзү бироону издеп жүрдү. Ана, тыштан агылган кишилер аскерге жоңочулорду тегеректеп, улам кобойуп барат. Күлүмкан гана көрүнбөй Адылдын ичи конулдап ээпсирейт. Ошо гана келбеди!..

* * *

Мында келгени Күлүмкандан эки кат алды Адыл. Адепки катта: жоңөрүндө буга жолуга албай калган себеби, баягы энесинин карышылыгы экенин баяндаган экен. Ошо күнү Күлүмканды бура бастырбай коюптур. Өзөгү өрттөнгөн кыз ошондон баш көтөрбөй бир нече күнү төшөктө жатып, жаңы өйдө болуптур. Айтор, өзүнүн мындан аркы тагдырынын чие байланып турганын билдирген үшкүрүгү жүрүптүр катта.

Экинчи катты откон жумада алды. Адылдын колундагы конверт титиреп турган эле. Азыр чуркап келип токтогонсуган мунун деми коодонуно батпай опкосу кооп, тыпоосу дирилдеп турганы өзүнө билинген эмес анда. «Өзү! Өз колу! — деп ийди бул, каттын ар тамгасына кадала карады ар бир тамга каттан азыр чыга каччудай бир түрдүү кызганч менен умсуна окуп, ар созун улам кайталап жатты:

«Көңүлүм ачылбайт. Бүк болом. Түндө түшүмдө Ак-Буураның боюнда жүрүппүз. «Каныбекти» кайра окуп жатам. Мен сени өмүрүм откучо так ошо Каныбектин Анарханындай күтом!»

Каттын тамгалары улам чоюлуп, сууга түшкондой калкылдап, улам жакындап келип, анан бири-бирине кошулуп, колк этти.

Адыл кусалуу. Ал мына ушул ысыкка сызгырылгандай, жүрөк мыжыккан кусага сызгырылат. Анткен сайын кумары таркабай, кусалана берет, улам ошону гана эстей берет.

Мына, азыр да түн ун болуп турат. Жанараак бүлкүлдөп жүргөн жел басылып, айлана дымып калды. Күндүзгү ысыктан какшыган керсары талаа да ушу тапта түнгө каалгып, сулк. Бир гана түн күзоткон саратан чырылдап ошо гана түн терметет. Бир гана Адыл кирпик ирмебей жылдыз толгон түштүк асманын тиктеп, ой терметет.

* * *

Жол бойлоп сызылып келаткан Акбаевдин обону куду жорткон жел тына түшкондой тынып калды.

УАЗдын балбылдаган кош көзүнүн жарыгы тулап жаздаган кара түндү козоп, ор талашат. Жайлоого жетүүгө али кыйла бар экенин баамдаган Акбаев күн эрте экенин корүп, жолун улаган кишидей алиги, озүнүн откон таржымалын улап кирди...

...Кушкадан кетишти булар. Брянск. 63-армиянын 132-артилерия полкуна кошулушту. Курск дугадагы салгылашуу... Орел... Новосель.. Хомутовка... Адылдын карегинде согуш күнү, согуш сааты, согуш кырсыгы, өрт кечкен, кан кечкен күндор, орттонгон-шаар, орттонгон кыштак... Кызылкочкул өрттүн бир канаты асман чапчып, асманга жармашын бараткан ошондо.

Булар машинада баратышкан. Мына, үстүдөн самолёт үнүно аралаш бомба күркүрөп, жер өрттөнүп, жер асты-үстү аңтарылып бараткансыды. Машинадан чар-тарапка ыргыган солдаттар чар тарапка чачырай качышканын бир би-

лет, айтор... Күркүрөк менен кошо бүркүлүп кеткен булардын далайы курман болушту. Кыйлада араң эсин жыйган Адыл тирүү калган тобуна кошулду.

Кан майдан! Адыл канча жолу ажалдын оозуна кирип барып, канча жолу ажалдан аман калды... Мына, Адылдын кош карегинде ошо майдан, ошо майданда өзү менен бирге жүргөн чакмак сызык калың дептер... Мындан отуз жыл мурунку майдан го, майдан, анын жүрөккө салган тагы өчмөк кайда. Ошондо да өткөн убак, учкан мезгил эстегинин көбүн көөнөртүп-эскиртип жиберер күчү бар эмеспи. Андагы окуянын көбү эстен көөнөрүп барат. Бири, дандааиа кашкайып турса, экинчиси, бозомтук тартып мунарыктап барат. Баарын даана айтып берер бир гана мунуп ошондогу чакмак сызык калың дептери. Ушу дептерге көбүн чие коюп жүргөн. Мына ошону күнү бүгүн да көзүно чалына калса окуй берет. Аны менен сырдашып, куду окопто бирге жаткан жоокер жолдошу менен сүйлөшкөнсүп калат. Мына, баракгары түлоп бараткан калың дептерге түшкөн ар бир сөз буга жат.

«25-июль, 1943-жыл. Белоруссия. Давидовка кыштагы. Айыгышкан салгылашуу. Чабуулга чыкканбыз. Ацгыча мандайыбыздан ок жаап, биз чачырай берип жерге жармаштык. Жер боорунан жанталашып окоп казып, жер бооруна башыбызды калкалап, шашып жаттык... Жанымдагы кичине күрөгүм жок экенин эми билдим, тигинде калыптыр. Мына акыр заман башка келгенди көрөсүң! Чөнтөгүмдөгү калай кашыгым менен жер чукулап, жапалекетке түшүп жаттым: «Ыйык жер! Ыйык жер эне сактай гөр!» Ушинткен саатта көзүмө: чоң энем, кичинекей Бакен, Күлүмканым кетпей койду. Күлүмканым! Ал баягы каттагы созүн айтып турат: «Күтөмүн, сени. Өмүрүм өткүчө күтөм!..»

Мен кандайдыр чыйрала түштүм, эрдемсий түштүм. «Күкөнүм! Күкөнүм! Мен сен үчүн...» — деп жибердим, андан аркысы өзүмө угулган. Жок, андан ары өзүм да, мен баш калкалаган жер да көрүнүп-көрүнбөйт.

27-июль. Ушу күнү бир аз тыныгуу. Баягы Тоймат менен Равилди эстедим. Экөө тең башка бөлүктө. Комбаттан уруксат сурап мен тигилерге жолугуп келмек болдум (алар хозчастта болчу). Бизден эки гана чакырымча алыс хозчастка жетип бардым. Мени беритен көрө калышкан алар куду атасын көргөндөй, жарыша тура калышып, таласа кучактап калышты. Кучакташкан бойдон өбүшө беришиз. Куду тиги Оштогу окуу жагындагыдай, бая жата-

капабызда тай-кунандай тебишип ойноочу күн бир заматка кайтып келе калды ошо тапта.

Айылды, окуу жайын, мугалимдерди, кыздарды эстеп аларды сүйлоштүк. Бугубуз бир чыгып, черибиз тарады дейсиң!..

Жанындагы азыгын ортого жайып, алар мени меймандашты. Мен суусадым. Мында суу жок, суу тээ-тигиндеги талаа кухнясында экен. Берки экооно айтпай турдум да ошо кухняны карай жонодум.

Салып-уруп талаа кухнясына жетип бардым. Кухня жанында эки тору ат ылаалап, кухня колокосүндо бир аял, бир эркек картошка тазалап отурушкан экен. Саламдашуудан мурда алар мени жарыша карашты.

...Аял сузуп бере салган калай чомүчтогү суу чайпалып, ошо сууда күн да кошо чайпалып турду... Каным катып турган. Ошо күн чайпалган калай чомүчтогү сууну шыцкытып жатканымы бир билем.

Асман күр-шар дей түштү! Чомүч колуман ыргып, тиги жакка — Тоймат, Равилди карай чуркадым. Равилдин мага айкырганын уктум:

— Ады-ыл! Жа-ат! Жатып ка-ал! Жетпейсиң бизге-е!

Апсыз да мүдүрүлүп, оцкомоп кеттим. Дүйпо кордой карарып дым...

Бир оокумда козүмдү ачтым. Асман-жер чалмакей болуп калгандай. Күн козүн коро албай койдум. Белчемен төмоп баскан топуруктан зорго суурулуп турсам, жапагыдан бетер каным катып барат. Козүмо азыр эле озүм жуткан суу корүндү. Азыр суу ичкен жерге денемди зорго сүйроп жетсем, талаа кухнясы бырын-чырын. Жапагы ылаалаган эки тору ат олуп жатат. Алиги картошка тазалап отурган аял-эркек жок, оцурайган коо, чоц добо топурак калыптыр.

Калай чомүчтогү суу менен күн кайра козүмо чайпалып турду, асман мунарыктап, ошо мунарык асмандан күн тупара карап турду, жана менин колуман ыргып кетип чомүчтоп тогүлгон суунун ордун...

Ал жерден бурулдум да бар кубатымды жыйып ылдамдадым. Берки эки жолдошума келатам. Бирок, алардын ордунда жан жок!.. Түбү менен омкорулган дарак каршытерши сулап, ацтарылган жер ацыраят... Үзүлүп-үзүлүп, тигинде-мында жаткан колу-бутту кордүм. Мына, Тойматтын колу, бир буту тигине!.. Бул Равилдин колу жеци менен!..

Эсим ооп түштү. Экоонүн колун боорума басып турам. Мына, бир аз эле мурда бири-бирибизди сыга кучакташып турган колдор!.. Азыр эле тигинден чуркап келаткан, мени

коргоп кыйкырган Равилдин үнү азыр кулагымда. «Алыл! Жатып ка-ал! Жетпейсиң бизге!»

Өпкө-боорум куушурулуп, ичим куйкаланып барат. Равил көзүмдө!.. Согуш кабарын угуп, биз Оштогу комиссариатка келип жоногону тургандагы анын бир башкача кумсарган өңү, ачуулуу капталаган козу көрүнөт. Токтоно албай аркы-терки басып, улам сурап чыдамы кетип турганы:

«Качан жөнөтөт экен ыя? Тезирээк жөнөп кетсе болот эле мындан. — Анан ошого аралаш анын ызырынганы: «Басмачылар! Булар баягы канкор басмачылар да. Алар кайра да баш көтөргөн тура! Алар... алар мени ата-энемден айрыган! Алар менен эми... Алардан мен эми ата-энемдин каның кууйм! Алар биздин бактыбызды тартып алалбайт. Кашык каным калгыча салгылашам! Жо, алар эч качан...»

Ал ошол жерде сереге чыгып, жалындап сүйлободу беле:

— Жолдошто-ор! Мына, согуш! Гитлерчилер согуш чыгарды. Канкор гитлерчилер булар өткөн замандан кылымдар бою бизди жанчып келген канкорлордун, бай-манаптын, корбашы, басмачылардын заманын кайра орпоткону жатышат. Канкор басмачылар. Алар менин коммунист ата-энемди кордоп өлтүрүшкөн! Мен алардан ата-энемдин кунун куумакмын. Анда мен ошентип ант бергем, эми гитлердик баскынчылар менен кашык каным калгыча салгылашам! Балда-ар! — деди ал бизге кайрылып. — Бизди чоңойткон үйдү, бизге билим берген мектебибизди, Ата Мекенибизди коргоого аттаналы! Бизге бакыт берген ушул доорду — Ленин доорун коргоого аттаналы!

— Бактыбызды коргойлу!

— Душманды талкалайлы! — Согуш комиссариаты ууду, биздин үндөр аны коштоп кетти. Сүйлогон Равилдин муштуму түйүлүү болчу ошондо. Жанымдагы Тойматтын да шырыктай боюнан жогору көтөрүлүп турган тарамыштуу муштумун көргөм. Мына, ошо муштумдар гитлерчилерге кекенген бойдон...

Боорума кысылган экөөнүн колу канга жуулуп, мен ошо колдорду бетиме бастым, бетиме басып оксоп турдум: « — Тойматы-ым! Равили-им!» Асман-жер ачтарыла берди. Жер көчүп, өзүм болсо муунуп бараткансыйм. Жаагым карышып, экөөнүн колун боорума кыскан колум карышып калганын кыйлада барып билдим.

Кара күүгүмдө келдим. Мен бироону көзүм менен издеп, алактап турдум да ашыга сурадым солдаттардан:

— Командир кайда, командир? — дегенимче комбат да мандайымда турганын көрүп, ага таазим эттим, энтиге, шаша сүйлөп жаттым:

— Жолдош командир, менин ата-энем жок, менин чоң энем, карындаштарым бар, туугандарым да. Мына, бүгүн менин эң жакын эки жолдошумду фашисттер өлтүрдү? Эмне кылам?! Мен эмне кылам эми?!

Өз оюмду орусча чала сүйлөп, чала баяндап жаттым. Менин каным кайнап, жанымды коёрго жер таппай тургандыгымды парторг билди. Билди да мени жайкап жатты:

— Акбаев сабыр керек. Сабыр эт. Кана, жайыраак айтчы? Ал ушинтти да мени өз жанына отургузду. Сөзүмдүн башынан түшүп, орусча чала сүйлөй баштадым:

— Менин атам жок, энем жок. Анан, эң жакын жолдошторумду немецтик фашисттер өлтүрүп кетти бүгүн. Мен кантип эми... Мен гитлерчилерден өч алышым керек! Мен кантип өч алам?! Жолдош командир, мен өч алайын! Жолдош командир, мени алдыңкы катарга жөнөтүңүз?!

Командир жанагысындай эле мени менен жай маектешип, бу тапта биз баарыбыз чабуулда жүргөнүбүздү, баарыбыз ошо алдыңкылардай эле душманга сокку уруп жаткандыгыбызды баян этти. Мен «ездовый» элем.

— Макул, бул өтүнүчүңдү мен эске алайын,— деди сөз акырында командир. — Мүмкүнчүлүк болору менен өтүнүчүң орундалат.

Командир кеңешине уюдум. Алдыңкы чабуулга өтүүнү, душманга өз колуман ок жаадырууну чыдамсыз күттүм.

...Калың дептердин түлөй түшкөн беттери барактальш жатты мурун көз алдында. Күндөр, айлар, жылдар... Көксыя менен жазылганды кызыл менен чектеп кеткенсиген айрым числолор, окуялар көрүндү.

16-ноябрь, 1943-жыл. Мына, кан күйгөн ушул жылдын жайы, күзү өтүп кышына кирип келдик. (Согуштун туу белине чыккансыйбыз. Эмне деген күндөрдөн өтпөдүк!..) Мына, Днепр алдында турабыз.

Майданга артисттер келиптир деген кабар биздин көңүлдөрго чагылгандай жарк-журк этти. Келгенде да кыргыз артисттеринин тобу!.. Ушул күнү көңүлүм чайттай! Согуш басылып, өзүм айылда жүргөндөй элеп-желеп болом. Кыргызымдын күүсү! Кыргызымдын кубулжуган обону!.. Сүйүнгөнүмдөн алаптап, айтарга кеп таппай, өпкөм көбөт!.. Сүйүнгөндө да... бая Күкөнүмө жолукчудай, аны дайым күтүп тургандай жүрөгүм тайдай туйлайт. Кыргызымдын обонунан Күкөнүм көрүнөт. Тигине, анын кусалуу жаш кылгырган көзү...

Полк чогулган бул концертте мен солдаттардын арт жагында элем. Муса «Сагынамды» шаңшып жатты. Аның

үнүнөн тоомун таңкы жели, тоомун кашка суусу келип жатты. Мен тоодо жүргөнсүйм. Көңүлүм абалайт. Анан мына бу полк менин көзүмө куду көлдө тургандай калкылдай түшүп, мөлт этти... Эрдим титиреп, өпкө-өпкөмө батпайт. Карыман алган бир солдат куду мени ойготуп жаткандай булкулдатты:

— Эй! Что! Что с тобой а?

Ага жооп иретинде жылмайдым. Колдогон жашымы шинелдин жеңи менен жыргап арчыдым. Тоомун жели. Тоомун суусу. «Сагынам» (муну озум ырдап жаткансыйм) бул өзүмүн сагынычым эмеспи! Эл-жер коз алдыда. Кок-мөлтүр асман челип, кашкайган таң алдында шацкайып, жылдыздуу коцур түн алдында соолоттонүп жаткан ак моцгү тоолорум! Көк кашка дайра, ошо дайранын жашыл корпө жакасындай токойчу. Токой шоокуму, дайранын шары угулат ырдан. Сакалы жайкалган чал, балбыраган эне, балдыр тил паристе, кара көз селки корүнөт... Баарына жалбарам, баарын боорума кысып өпкүм келет ушул азыр, өпкүм келет кумарым таркабай!.. «Оо, эл-жер! Оо, касиетиңен айланайын!..» — дейм да ырчыны коруугө далбас урун, бутумун башы менен тура калам, бутума урунган дүмүргө чыга калам. Алдыдагы жарданган калың солдаттан артылып коро албадым. А кыргыз обопу улам көколөп, улам көлкүп чалкып баратты Днепр боюнда. Концерт аяктады. Артисттерге алкыш айткан полк тарап, бирин-экибиз артисттерди сагалап калдык.

Мына, алар менен эми ээп-эркин көрүштүк. Бизди кучактап өпкөн Муса куду оз атабыз оңдонду. Ал бизге акылнасаатып айтып:

— Эл-жериңер аман айлапайындар. Элиңер силердин гана аманчылыгыцарды тилейт. Манас атацардын арбагы колдосун! Душманды талкалап, куун чыгып, жериңерге жеңиш алып баргыла!

Эл-жердин, тоо-таштын деми мына!.. Согуш чыккапы коро элек жердин топурагын баскандай денем жайылып, ага-тууган менен учурашкандай коцүлүм көтөрүлүп, асты Мусалардан карыш болупгум жок».

17-ноябрь, 1943-жыл. «...Кар бурганактап турат. Көңүлүм алай-дүлөй, коцулумо да кар жаап, ичим коцулдайт. Мусалар... кетип калышпадыбы! Кечээ, мында, көчо келишкен бүткүл кыргыз бүгүн кайра көчүп кетишкендей капшытым ачылдап, ичим ачышты. Ушу бүгүн ата-энемен, карындаштарыман, чоң энемен, а түгүл, бая Күлүмканыман кошо айрылып калгандай өзөгүм өрттөнүп, ачуу жаш

алкымыма кептелди. Канчалык озумду кармай берип, акыры токтоно албай калдым. Карагайдын дүмүрүнө бүк түшө калып буркурадым.

— Что? Что это такой? Что с тобой? — Менин кучактап турган Воронин кечээги сөзүн кайталап жатты. Воронин экообуз дайым бир жүрүп, бир турчубуз. Мунун кой-ай дегенине болбой көнкө шолоктодум.

Оо, бир оокумда кадимки эне-атасын ээрчип ыйлаган наристедей өпкө-өпкөмө батпай солуктап сооронду. Ичим ачылып, ичиме толгон кусам бөксөрүп, озум жеңилип калыпмын.

...Ушундан туура бир ай мурунку биздин десанттын айлакерлиги, эрдиги биздин полктун, дивизиянын ийгиликтүү чабуулга өтүшүнө жол ачып берди. Бул баарыбыздын жеңишибиз, кубанчыбыз эле!

* * *

...Командир Бондарев менин шашылып чакырды да кыскача билдирди:

— Акбаев, өтүнүчүң орундалат! Бүгүндөн баштап, алдыңкы чалгындоо ротасына өтөсүң. Командириң гвардиянын лейтенанты Николаев. Өзүңдүн жердешиң.

Коз алдыма бийик кабак лейтенант келе калды. Мурдаа күнү таанышканбыз: — Кандай тууган? — Ушинтип күлүмсүрөгөн ал ийнime сол колун коюп, оң колун мага сунуп туруптур:

— Атым, Павел.

— Мен Адылмын,— дедим. Адыл Акбаев. Менин кай жерден экенимди сурагап ал: «Жердеш турбайбызбы» деп кубанып кетти да озунун ал-жайын айтты:

— Колхоздо тракторист болчумун. Апан Чоң Чүй каналында иштеп жаткапыбызда согуш чыгып кетпедиби...

Николаев адегенде жоо аскерлердин окуу жайына келип кирип, апан гвардиянын аба-десанттык чалгынчылардын полкунун командирлигине дайындалыптыр. Ал Курск дугада Коммунисттик партиянын катарына өткөн.

Николаев баштаган чалгынчылардын эрдиги жоокерлердин арасында аңыз болуп калган. Сентябрь айынын орто чени эле. Буйрук алган лейтенант Николаев өзүнүн чалгынчылары менен душман ээлеп турган дарыянын аркы өйүзүнө түн жамынып өттүштү. Бизге ок жаадырып турган пулеметту үстүнөн басып, андагы үч гитлерчинин полктун штабына түнү менен алып келишти... Сула дарыясын колго алган дивизия душманды сүрүп отуруп, мына, сентябрь

аяктап калганда Киевдин түндүк жагынан Днепрге чыгып келишти.

Зор Днепр коз алдыбызга чалкып жатат. Дарыя ото сүрдүү. Чарчап-чаалыкканыбызга, жан-денебиздеги жаратка кайылбыз. Улам илгерилеп, улам душманды сүрүп баратканыбызга бел байлайбыз.

Өз дайрабызды душман өзүбүз ото алгыз чеп кылып кармап турбайбы! Ушуну ойлогондо кан кайнайт. Каспеттүү дайра боюнан гитлерчилерди токтотпой сүрүп чыгууга даярбыз.

...Гвардиянын лейтенанты Николаевди штабга чакырды.

— Сиздин мыкты тажрыйбаңыз бар,— деди полктун командири Якушенко. —Мына ошондуктан десанттын биринчи болүгүн Днепрдин оң жээгине алып отүү сизге тапшырылат. Бул тапшырманын аткарылышы биздин полктун, а түгүл, дивизиянын ийгиликтүү чабуулуна жол ачат. Силердин оң жээкке өтүүдөгү максат: душмандын ок аткан түйүнүн жоготуу, плацдармды эзлөө, биздин негизги күчтү Днепрден өткөрүп алгыча аны колдон чыгарбай карап туруу.

...Десантты алып өтчү жер так белгиленди. Душмандын ок аткан түйүндөрүнүн картасы аныкталды. Ийне-жибине чейин так, түгөл ойлонуп бүткөн соң гвардиянын лейтенанты Николаев полктун командиринин колун карап коштошту:

— Аркы ойүздөн аман көрүшөлү!

...Мына, түнкү саат эки. Николаев баштаган биз, чалгындоо тобу кайык менен Днепрге түштүк. Кайыктардан дабыш чыгарбай жээктен болүндүк. Кезек-кезек ракета атылып, дарыя жарык боло калып жатты. Ракета жарыгынан чочулап бараттык. Ракета жарыгын карай калганыбызда асманда күздүн оор кара булуту көрүнөт. Суу бетинде боз буу, жөө туман. Калактан дабыш чыгарбай, аяр шилтеп, дабышсыз сүзүп барабыз.

Кырсык! Дарыянын орто жерине барган кезде душман туюп калды. Ошо замат жүздөгөн ракета суу үстүндө жылдыз болуп жайнай түштү. Дарыя күндүзгүдөй жарык. Миңдеген ок түн тынчтыгын тытып ийди. Үстүнө жаап турган ок менен ракетадан дарыя баарактап кайнап, фонтан болуп атылып турду. Ажал оту!.. Артиллерия менен миномоттон бүркүлгөн жалын бет алдыбызда дубал болуп... ошо орттон бүткөн күрөң-кочкул дубал бизди чаңчыйт, а биз жан алакетке түшүп кайыкка жата калып, калак шилтейбиз. Бет алдыбыздан оп тарткан ажал! Бул ажал бизди суудан чы-

гарбайбы?! Ата-а! Тиги жээкке жармашсак ээ?! Анан салгылашсак!.. Ар кимибизде ушул ой, ар биребиздин бет алдыбызда — ажал!

Октон бүткон жамгыр биз жээкке жакындаганда күчөдү, күркүрөгөн кызыл-күрөң жалын улам жакындан каптап келатты. Баягыдан бетер мына бу зор дайраны кайната бүркүп жатты. Күздүн кара-кочкул асманы да чайпалып тургандай эле...

Ачыча берки өйүздөн биздин артиллерия айбаттуу күркүрөп, тигил ажалга бетме-бет чыкты. Ажалдын жолун тосту. Биздин десанттын бет алдындагы кызыл-күрөң жалын-чеп кулап түшкөндөй жалп этти. Жээкке али жете элекпиз. Азыр жалп эткен кызыл-күрөң дубалдын ордуна эми калкайган капкара дубал туруп калды. Капкара дубал!.. Ошол жээк экенин болжодук. Бар күчүбүздү жумшап, калак менен суу шилеп, кайык айдап баратабыз. Канча ылдамдасак да жээк улам арылап бараткансыйт. Ар бир секунд биз үчүн сутка болуп узарып... Мына акыры жээкке жакын калдык. Бир аз гана метр өтсөк жээкке жармаша-быз. Жүрөк үмүттүү дүкүлдөйт. Дал ушу тапта үстүбүздөн чар-р дей түшүп, кайыгыбыз бултан этти. Кайык тумшугун снаряддын жарыгы чарт болуп кеткенин көрүнө калды. Кайык калтылдап, ачтарылып баратканын бир билем. Николаевдин чукул буйругу угулду:

— Ыргыгыла! Сүзүп чыккыла! Куралды колдон чыгарбагыла!!

Днепрге ашыга, жарыша секирдик. Таштай муздак дайрага ашыга чумкуп чабак урдук. Үстүбүздөгү суу болгон кийим, моюндагы автомат, гранат, ок-жарак денеңи суунун түбүн карай тартып, улам чөгүп, колу-бутум карышып, колу-бутум кыймылдан калып барат, чөгүп барам!.. Мына азыр... азыр бүтөт!.. Денемди бутум төмөн тартып, башым сууга — кирип барат!.. Ачыча, денемди төмөн тартып бараткан бутум жерге тийгендей болду. Ошо бутума тийген жерден бутум тайгаланып кетчүдөй шаша-буша жер таканчыктап, анан сууну шар-шар жиреп, эки колум жээкти карай кулачтап барам. Жолдошторум да биринен-бири өтүп жээкке жармашты:

— Болгула! Тез-тез! Менин артыман! — Ушиптикен Николаев автоматын кезей кармаган калыбында тиги гитлерчилердин коргонуу чегин карай шукшурулду, биз анын артынан...

Траншея!.. Бизге ажал отун чачып турган так ушул. Биздин рота куду жалын чачкан ажыдаардын оозуна киргендей ушул траншеяга атылып кирдик. Гитлерчилердин

ушундагы уюгу менен бетме-бет былчылдашып кап тогулду. Мына, канга, терге жуунуп жатып, акыры ушу ок чачкан траншеяны алдык. Бизге, Николаевдин ротасына берилген биринчи тапшырма аткарылды. Биздин полкко жол ачылды. Таң сүрүлүп келаткан. Зор Днепр чалкып, үстүнөн дивизияны өткөрүп жатты. Чабуулга туруштук бере албады душман, артына чегинип баратты.

...Календардай баракталып жатты согуштун күнү менен түнү, оксүгү менен жеңиши. Согуштун дабышы — бомба күркүрөп, жер ачтарылып, снаряддын ачуу ышкырыгы мээге тийип, ок мондүрдой жаап... Адамдардын үнү — каталаал буйруктар, мондүрдой жааган окту жамынып, снаряддын ачуу, чачырыгын бет алып, «ураалап» чуркаган боз шинелчен солдат...»

Баректары уйпаланып, саргара түшкөн калың дептер бет алдыда баракталып, Адыл качантан берки ынак жолдошу менен сүйлөшүп бараткандай. Бул дептер экөө ажырашпай кайда гана болбоду. Түштүктүн мээ кайнаткан аптабы, майданга машыгып жаткан күндөр... Курск алдындагы, Сталинграддагы кандуу майдан... Адыл жан бирге жолдошторунан айрылган күн. Тоймат, Равил!.. Ошо экоонүн үзүлгөн колу-буту азыр да бооруна кысып тургандай жүрөгү зыр этип сайгылашты.

Кандуу топуракка жуурулуп калган кол-бут Адылдын бооруна кысылган бойдон ошо күнү кечке жүрөт беле?.. Ацгыча бая Воронин... Адыл ошо күнкү күйүтүн жолдошу Воронинге да толук айтып бере албады, бир гана ушу дептерге ачуу жашы менен кошо токту... А кийин өзү жарадар болуп, кансырап жатчуда ушуну жанынан сыйпалап тапты... Күлкан чоң эненси, же баягы кичинекей Бакени түшүнө кирсе ушуга эки ооз сүйлөчү. Күлүмканын эстеп куса болгондо да ушуга ымандай сырын айтып, ушуга ысык жашы тамды...

Согуштун күнү менен түнү, согуштун оксүгү менен жеңиши, баракталып жатты. Ушу дептердин арасында бүктолүү жүрчү газета көз алдына келди мунун. Качанкы түшкөн сүрөттөй ысык көрүндү бул. Адылга азыр да команда берип, алга чакырып тургандай «ПЕРЕД К ПОБЕДЕ!» Ошо күнкү макаланын аттары көзгө таанып, коцүлгө жат: «Наш рубеж неприступен». «От Советского информбюро», «Награждение бойцов и командиров нашей части». Ушундан төмөнкү жоокерлердин аты-жөнү көз алдыга бадырайды. Алардын арасында Адылдын өз аты да... Баса, ал жонүндогу макала да газетанын ошо күнкү санына чыккан. «Наводчик Акбаев» деген темада.

...Ошо күнкү майдан талаасы... Ошо күнкү жоокер жолдоштор... Алар бирин-бири куттуктап, бирине-бири кучак жайып, обүшүп жатышкан. Ошо 1943-жыл, 17-октябрь күнү СССР Жогорку Советинин Президиумунун указы бардык болүктөрдө, полкто, дивизияда окулуп жатты. Днепрден отүүдөгү эрдиги үчүн гвардиянын лейтенанты Николаевге Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилди. Мына, баатыр жердешим! Днепрден өтөр алдында жолугуп маектешкенбиз, бир туугандарча. Чынын айтсам, өзүм баатыр болгондой сүйүндүм. Ойноо бала кезимдей алеп-желеп болом. Ушу согуш талаасын жаңырта кыйкырып чуркагым келет! Анын эрдиги тууган жерибизге да угулгандыр. Ар нерсе оюма түшөт. Тууган жер көз алдыга келет. Кубанчым коодонүмө батпайт!..

17-октябрь. Кеч. Бүгүнкү кеч башкача. Ызгаар жок, демейки жаан-чачын жок. Кадимки биздин жердин коңур күзү момурап жатты. Чыгыштан батышка кыркаар тоолор тургансыйт... Асман да куду биздин жердин асманы. Тытылган булут арасынан жылдыздар шыкаалап, тытылган булутту жиреп ай баратат.

Күкөнүм!.. Мына, сен экөөбүздүн айыбыз, асманыбыз. Ар күнү кечте экөөбүздү ушул ай, асман гана көрчү. Экөөбүздүн жан билбес сырыбызды ушул ай, асман гана билчү.

Азыр ушул асман да, ай да, тиги ала булут да сени көрүп тургандыр? А сени ушул азыр мен гана көрө албай турбаймбы. Өзүңдү көрбөгөнүм качан деги. Тигине, биздин айыбыз, асманыбыз. Сен кадимкидей карап турат бекенсиң айды, Күкөнүм! Сени күтүп түн күзөткөнүм. Ошол түн... Так ушундай эле ошол түндөр! Мына сага арнаган ырым:

... Жайдын таңы маңкайганда чыгыштан,
Күкөнүм да мени узатып чыгышкан.
Карагаттай карегине тигилип,
Кумар канбай сыр чечишип турушкам.

Салкын төрүм жыттасам дейм гүлүңдү,
Мен сагындым жылдыз күлгөн түнүңдү.
Белес ашып Күкөнүмдү колтуктап
Жүргөнүмдөй жаш жүрөгүм сүйүндү.

Ай пуруна магдыраган көшүлүп,
Жашыл тулаң Караколдун түнүчү...
Шыңгыр-шыңгыр кыз күлкүсүн туураган
Каштай тунук булагыңдын үнүчү!..

Жатсам-турсам жашыл килем жаздаган
Өроонүңдөн айланайын бешигим.
Жыпар желиң беттен сылап ойготкон,
Эмгеги күч энем элең өзүмүн!..

Күкөнүм, сени да, жашыл ороонду да сагындым. Сени, өрөөндү көрбөгөнүм качан. Жүзүндү көрбой, үнүндү укпай, жытыңды искебей... Кат жок өзүңдөн. Эмне болдуң? Кантип жүрөт экенсиң?..

Сени күтүп түн күзөткөнүм эстен кетпейт.

Ошо түнкү асман да так ушундай ала-булуттуу эле. Көлдүн толкунун кечкен кайыктай жарты ай ала булутту ашыга кечип бараткан. Кашаттын алдындагы жыты ачыкыган жалбызда ооналактап тынчым кетет. Сени күтөм. Сен келчү тараптан көз албай түндү теше тиктейм. Сабырым түгөнөт. Шырп дабыш чыкса денем дирт этип, жүрөгүм дикилдеп... Мына, акыры кашаттан түшүп келаткан сенин карааның көзүмө чалынды. Кара түндө ак көйнөгүң ошо кашат кырына тура калган түйдөк булуттай апакай экен. Жаны-денем дирт этип, жүрөгүм дикилдеп кетти. Эртеден будуң-чаң түшүп туталанган көңүл жарк этти. Бирок, мунун бирин да тышыма чыгарбай бүгүп жаттым. Сен кечигип келдиң бүгүн! Мага жетер-жетпестей шыбырап унчуктуң:

— Күтүп калдыңбы? — Мен үн дебедим. Сен жаңыма сыңар тизелеп карууман тарттың. — Ай, ай! Уктап кеттиңби? — Дагы унчукпадым. Мурчуюп жаттым. Ал сага таарынганым, сага эркегеним болчу. Сен да мага ошентип таарынчу эмес белең. А сени дагы ошентсе дедим, сенин үнүңдү уга бергим келди. А сен менин кыялымды жакшы көрөсүң. Ичимдегини айттырбай озуң гана билет эмессиңби, өзүң гана!

Мойнума билегиңди артып, кыткылыктап күлдүң. Ажайып күлкүңө аралаша ажайып жытың келди. Эңги-деңги боло түшүп, боорума кыстым өзүңдү, аймалап жаттым, оозуңдан, көзүңдөн жүзүңдөн...

Түндүн кай маалы экенин биле албайм, же таң сүрүп келатты беле? Биз ооногап жалбыз жыты сенин адеми жытыңа аралашып, мени эңги-деңги мас кылып, түп койнуңда мен магдырап-көөшүп, а сен менин көкүрөгүмө башыңы катып жаткансың. Уйкудагы паристеникиндей бир адеми тыноок менин жаны-денимди барган сайын балкытып, өзүм да ушу бейкут түнгө колкүп-сиңип бараткансыгам. Менин көкүрөгүмү кумарлана жыттап, менин дененме сен да бирөтоло сиңип бараткансыган элең ошо түнү. Чачыңды бетиме басып, чачыңды гана жыттап жаттым. Ошондо экообуз тең кошүп, экообуз тең уйку-соонун арасында белек?.. Анан, балача бир чукураныш, көкүрөгүмөн башыңы көтөрдүң:

— Ай-пий!.. Таң сүрүп калган го?! — Куланөөк тарткан керме-тоо башы али, кошүп, жер-суу али үрүл-бүрүл бол-

чу. Сен шаша туруп, шаша жонөмөк болдуң. Мен кучагыман чыгарбай, үздүгө аймалап, кумарлана жыттап, унчуктум:

— Күкөнүм, коё турчу? Биртике коё турчу? Эртең кечикпесең? Эртең да ушу жерден ээ?

— Макул, эртең... — Ушинткен сенин үнүң саал каргылдана түшкөнүн сездим. Эмнеге анттың экен?..

Эртеси түнү тан аткыча жамгыр токтү. Тан аткыча күттүм, келбедиң... «Макул, эртең...» сенин каргылдана түшкөн үнүң түнү бою кулагымда турду. Мына азыр да.»

7-декабрь, 1944-жыл. Харьков. Госпитал. Бутумдан жаралангам. Мында келгениме кыйла болду. Жарааттын кыйнаган күндөрү өтүп, эми жаным озумкү.

Адеп мында келген күндөр. Кирпик ирмей албай алдастап, күндө да, түндө да козумө өрт менен гапа кан көрүнүп, биз бая Днепрден өтүп баратқандагы сууга жааган ракета, суу бетин дубал болуп тозуп турган кызыл-күрөң орт. Мына ушундан башка козумө көрүнбой, өзүм ошо орт арасынан алдастап, баса ошо орт арасынан элесбулас жарк эте калып жок болот Күкөнүм! Кийип эс-учуму жыйганда Күкөнүм көз алдыман кетпей, анан чоң энем, Бакеним...

Мына, балдак таянып жүрөм. Госпитал — үйүмдөй. Мындагы докторлор, өзгөчө сестралар менп мепен ынак. Өзгөчө, Зина. Ай чырайлуу, кара коз кыз Зинанын кырдач мурду, бойтойгон оозу, жадыраган ак маңдайынан ойдө Күлүмканыма окшош. Өзгөчө, ууртун жыйып күлүмсүрөгөнүчү. Ушу госпиталга келгенден, адеп эс-учуму жыйган күндөп тартып, аны көрбой тура албас болдум. Аны адеп көргөнүмдө ал мага дары алып келген экен. Дарыга кол сунуудан муруп аны тиктеп, талып калыпмын. Куду Күлүмканымды көргөндой жаны-денем дирт дей түшүп, жүрөгүм дикилдей кетти. Демим дирилдей чыкты. Колум саал калтырап турганын көрдүм. Ал мени бир жалт карап алып, аркы ооруларга кетти. Аны ээрчий карап отура беринмин. Өзүмөн-өзүм туталанып, айылдан эч бир кат-кабар албаганыма санаркап отурат элем, көңүлүм жарк дей түштү, куду жайкы жамгырдан кийинки күндөй!..

Бүркөө көңүлүмө күп тийгизди Зина. Мени жөө тумандай каптай калган санаркоо, туталануу, жел айдагандай жоголду. Зинаны гана көрүп тургум келет. Анын көзү менен маңдайы, күлгөнүчү! Күлүмканымы көрүп тургансыйм. Мен анын сүрөтүн тарта баштадым. Бир нече жолу тартып, өзүмө жакпай өчүрүп, кайра тарта бердим. Деги кичинемен

сүротко жакын жайым бар. Айылда экенде ар кимди тарта коюп, көбүнчө жолдош-жоролорумду тамашалап тарта салып, алар менен алышып-күрөшүп, тытыша кеткен күндөр эсте. Кереге газета чыгаруу жагын мугалимдер көбүнчө мага тапшырчу. Ушундан соң ал кереге газетанын түшпөс хандай редактору да, макала жазган автору да, аны көөздөгөн сүротчүсү да өзүм боло жүрүп...

Мына, Зинанын сүротү. Тартып бүтүп, тушума илип койсом, муну тааный койгон ак саргыл сестра:

— Ах! Это Зина! — деп алып чуркаган бойдон кетти да бүт госпиталды дүргүттү. Менин палатама сестралар, а түгүл, балдакчан солдаттар да толуп кетти. Дегеле бир укмушту коро койгонсуп, сүроттү жардана карап жатышкандыпа ынгайсыз абалда калдым. «Кап! Коргозбой эле койбой!» Өзүмчө ушинттим.

Бир оокумда Зинанын өзүн көрдүм босогодон. Куду баланын тушоосун кестирчүдөй эки колунан алып декилдеткен жолдоштору аны палатага учкул алды чуркатып жетип келишти. Сүротүн карап, көзү бакырайып оозу жарым ачылган Зина эми өзүн тегеректеген уу-дуудан кысылып, уялыцкы, жүзү тамылжый түшкөнүн көрдүм. Көрүп тура бергим келет. Күлүмканымын эле өзү.

«Биздин художник», госпиталдагылар мени ушинтип атанчу болду. Адегенде, мени атайын шылдыңдап жатышкандай ызалана калып, анан көнүп кеттим. Эми алардын тамашасына көңүлүм эргийт.

Зинадан көз айырбай Күлүмканымды эстеп, Күлүмканымды көзүмөн кетирбей анын сүротүн тартып жүрөм. Мени биртике эле уйку аралабаса (түшүмдө деле аны менен жүрчүмүн) күнү-түнүнө көзүмдө турган аны тарта бердим.

Мына, Күлүмканым кроватымын башында. Ууртунан жылмайган ал өзүмдү гана кыя карайт алдыртан. Аны тиктей берүү мага ыракат.

Кан тамчыдай кулагында сыргагың,
Кара алчадай каректеги сырларың.
Көз алдыма секунд сайын сермелет,
Кыя карап ууртунду жыйганың!..

Күкөн! Мен комуз гана чертип, ага үн кошконум болбосо өзүм качан ыр чыгарчу элем? А сени тиктеп турсам бирди-жарым ыр түрмөгү көңүлүмдө удургуйт. Сенин өзүң түгүл кийимиң да, баягы түнкү ак жибек койнөгүңчү!.. А күндүз мектептен менин көзүм сенин жашыл жоолугуңду издечү! Көктөм түстонгон жоолугуң кыздардын арасынан кылак көрүнө калса... Мен өзүмдү коёрго жер таппай!..

Госпиталга келгениме кыйла күн, күн түгүл кыйла жылдар өтүп кеткендей зарыгам, сени гана эш тутам, сени гана санааман чыгара албай, кусалана берем.

Күн артынан күндөр өтсө зыпа-зып,
Саат чотун кага берди чыка-чык.
Тиктей берсем тилсиз гана жүзүңө
Тунук мончок тамчылады тыпа-тып...

Коруштосок унутту деп сапаба,
Куса болдум түшкө кирчи садага!
Даба капча жолукпасаң жүзүмдө
Дары тамыз илебиңден жарага!

23-май, 1945-жыл. Түнкү саат үч. Түнү бою кирпик кага албай койдум. Демейде уйку качса, кулак чуулдап, баш зыңылдай ооруп чыгат го. Бүгүн катуу уктап жаңы ойгонгондой кеңүлүм чайттай, жүрөгүм элеп-желеп.

Эртең госпиталдан чыгып, айылга жөнөйм. Бу түнү мендеп уйку качып, кыялым жер кезип жүрөт... Тууган жерге жетип барып тоо-ташты кыдырып, эл-жерге эркеп, агаларыга учурашам. Көз алдымда — Күлкан чоң энем отурат мага жалбарып. Бакешим кайда экен? Деги ал табылды бекен? Капа, дейм, озумо суроо берип. Адегенде кайда барсам? Күлүмкангабы же? Деги ал кайда болду экен? Баягы бойдон Оштобу же? А балким, эмгиче күйөөгө?..

Таңдын атышын чыдамсыз күттүм.

10- июнь. 1945-жыл. Мына, Талас. Госпиталдан чыкканы жарым ай дегенде тууган жердин топурагын бастым. Райондун борборунда турам. Биз тиги Көк-Таштан окуу издеп келчүдөгү заңгыраган бийик үйлөр бир жакка көчүп кеткендей өкшөш боз тамдар гана жепирейип, бакжайган дарак арасынан шыкаалайт. Боз тамдар өз айылымдын адамдарындай өтө жупуну да ысык көрүндү көзүмө. Али таш төшөлө элек чаңдак көчөсүндө арыштай басып, айланама кадала карап барам. Үстү-башы жупуну, өңү азыңкы кишилер да мени тоорула карашат.

— Аскерден келаткан бала экен.

— Кайсы айылдан болду экен?

— Бактылуу тура бечара, уруштан аман келаткан.

Бул үндөрдү арабанын калдырагы басып кетти. Бет маңдайыман чыга түшкөн арабанын кош аты текирең-таскак менен келаткан экен. Узун шапалагын үстөкө-бостоктошилтеген арабакеч тикесинен туруп алыпыр. Ал ушу тапта өрт чыккандай шашып баратса да тушма-туш келе калганда мага көз чаптыра кетти. Ушу буркулдаган ачуулуу ки-

сүротко жакын жайым бар. Айылда экенде ар кимди тарта коюп, көбүнчө жолдош-жоролорумду тамашалап тарта салып, алар менен алышып-күрөшүп, тытыша кеткен күндөр эсте. Кереге газета чыгаруу жагын мугалимдер көбүнчө мага тапшырчу. Ушундан соң ал кереге газетанын түшпөс хандай редактору да, макала жазган автору да, аны кооздогон сүротчүсү да өзүм болө жүрүп...

Мына, Зинанын сүрөтү. Тартып бүтүп, тушума илип койсом, муну тааный койгон ак саргыл сестра:

— Ах! Это Зина! — деп алып чуркаган бойдон кетти да бүт госпиталды дүргүттү. Менин палатама сестралар, а түгүл, балдакчан солдаттар да толуп кетти. Дегеле бир укмушту коро койгонсуп, сүрөттү жардана карап жатышканына ынгайсыз абалда калдым. «Кап! Коргозбой эле койбой!» Өзүмчө ушиптим.

Бир оокумда Зинанын озун көрдүм босогодон. Куду баланын тушоосун кестирчүдой эки колунан алып декилдеткен жолдоштору аны палатага учкун алды чуркатып жетип келишти. Сүрөтүн карап, көзү бакырайып оозу жарым ачылган Зина эми өзүн тегеректеген уу-дуудан кысылып, уялыцкы, жүзү тамылжыган түшкөнүн көрдүм. Көрүп тура бергим келет. Күлүмканымын эле өзү.

«Биздин художник», госпиталдагылар мени ушиптин аташчу болду. Адегенде, мени атайын шылдыңдап жатышкандай ызалана калып, анан конүп кеттим. Эми алардын тамашасына көңүлүм эргийт.

Зинадан көз айырбай Күлүмканымды эстеп, Күлүмканымды көзүмөн кетирбей анын сүрөтүн тартып жүрөм. Мени биртике эле уйку аралабаса (түшүмдө деле аны менен жүрчүмүн) күнү-түнүпө көзүмдө турган аны тарта бердим.

Мына, Күлүмканым кроватымын башында. Ууртунан жылмайган ал өзүмдү гана кыя карайт алдыртан. Аны тиктей берүү мага ыракат.

Кан тамчыдай кулагыңда сыргагың,
Кара алчадай каректеги сырларың.
Көз алдыма секунд сайын сермелет,
Кыя карап ууртуңду жыйганың!..

Күкөн! Мен комуз гана чертип, ага үн кошконум болбосо өзүм качан ыр чыгарчу элем? А сени тиктеп турсам бирди-жарым ыр түрмөгү көңүлүмдө удургуйт. Сенин өзүң түгүл кийимиң да, баягы түпкү ак жибек көйнөгүңчү!.. А күндүз мектептен менин көзүм сенин жашыл жоолугуңду издечү! Көктөм түстонгон жоолугуң кыздардын арасынан кылак көрүнө калса... Мен өзүмдү коёрго жер таппай!..

Госпиталга келгениме кыйла күн, күн түгүл кыйла жылдар өтүп кеткендей зарыгам, сени гана эш тутам, сени гана санааман чыгара албай, кусалана берем.

Күн артынан күндөр өтсө зыпа-зып,
Саат чотун кага берди чыка-чык.
Тиктей берсем тилсиз гана жүзүңө
Тунук мончок тамчылады тыпа-тып...

Коруңпосоң унутту деп санаба,
Куса болдум түшкө кирчи садага!
Даба канча жолукпасаң жүзүмдө
Дары тамыз илебиңден жарага!

23-май, 1945-жыл. Түнкү саат үч. Түнү бою кирпик кага албай койдум. Демейде уйку качса, кулак чуулдап, баш зыңылдай ооруп чыгат го. Бүгүн катуу уктап жаңы ойгонгондой көңүлүм чайттай, жүрөгүм элеп-желеп.

Эртең госпиталдан чыгып, айылга жөнөйм. Бу түнү мендеп уйку качып, кыялым жер кезип жүрөт... Тууган жерге жетип барып тоо-ташты кыдырып, эл-жерге эркелеп, агаиниге учурашам. Көз алдымда — Күлкан чоң энем отурат мага жалбарып. Бакешим кайда экен? Деги ал табылды бекен? Кана, дейм, озумо суроо берип. Адегенде кайда барсам? Күлүмкангабы же? Деги ал кайда болду экен? Баягы бойдон Оштобу же? А балким, эмгиче күйөөгө?..

Тандын атышын чыдамсыз күттүм.

10- июнь. 1945-жыл. Мына, Талас. Госпиталдан чыкканы жарым ай дегенде тууган жердин топурагын бастым. Райондун борборунда турам. Биз тиги Көк-Таштан окуу издеп келчүдөгү заңгыраган бийик үйлөр бир жакка көчүп кеткендей окшош боз тамдар гана жепирейип, бакжайган дарак арасынан шыкаалайт. Боз тамдар өз айылымдын адамдарындай өтө жупуну да ысык көрүндү көзүмө. Али таш төшөлө элек чаңдак көчөсүндө арыштай басып, айланама кадала карап барам. Үстү-башы жупуну, өңү азыңкы кишилер да мени тоорула карашат.

— Аскерден келаткан бала экен.

— Кайсы айылдан болду экен?

— Бактылуу тура бечара, уруштан аман келаткан.

Бул үндөрдү арабанын калдырагы басып кетти. Бет маңдайыман чыга түшкөн арабанын кош аты текирең-таскак менен келаткан экен. Узун шапалагын үстөкө-бостон шилтеген арабакеч тикесинен туруп алыпыр. Ал ушу тапта орт чыккандай шашып баратса да тушма-туш келе калганда мага көз чаптыра кетти. Ушу буркулдаган ачуулуу ки-

сүротко жакын жайым бар. Айылда экенде ар кимди тарта коюп, кобунчо жолдош-жоролорумду тамашалап тарта салып, алар менен алышып-курошуп, тытыша кеткен күндөр эсте. Кереге газета чыгаруу жагын мугалимдер кобунчо мага тапшырчу. Ушундан соң ал кереге газетанын түшпос хандай редактору да, макала жазган автору да, аны кооздогон сүротчүсү да өзүм боло жүрүп...

Мына, Зинанын сүротү. Тартып бүтүп, тушума илип койсом, муну тааный койгон ак саргыл сестра:

— Ах! Это Зина! — деп алып чуркаган бойдон кетти да бүт госпиталды дүргүттү. Менин палатама сестралар, а түгүл, балдакчан солдаттар да толуп кетти. Дегеле бир укмушту коро койгонсуп, сүроттү жардана карап жатышканына ыңгайсыз абалда калдым. «Кап! Коргозбой эле койбой!» Өзүмчө ушинттим.

Бир оокумда Зинанын өзүн кордүм босогодон. Куду баланын тушоосун кестирчүдой эки колунан алып декилдеткен жолдоштору аны палатага учкун алды чуркатып жетип келишти. Сүротүн карап, көзү бакырайып оозу жарым ачылган Зина эми өзүн тегеректеген уу-дуудан кысылып, уялыцкы, жүзү тамылжыкый түшконүн кордүм. Корүп тура бергим келет. Күлүмканымын эле өзү.

«Биздин художник», госпиталдагылар мени ушинтип аташчу болду. Адегенде, мени атайын шылдыңдап жатышкандай ызалана калып, анан конүп кеттим. Эми алардын тамашасына көңүлүм эргийт.

Зинадан коз айырбай Күлүмканымды эстеп, Күлүмканымды көзүмөн кетирбей анын сүротүн тартып жүром. Мени биртике эле уйку аралабаса (түшүмдо деле аны менен жүрчүмүн) күнү-түнүпо көзүмдо турган аны тарта бердим.

Мына, Күлүмканым кроватымын башында. Ууртунан жылмайган ал өзүмдү гана кыя карайт алдыртан. Аны тиктей берүү мага ыракат.

Кан тамчыдай кулагында сыргагың,
Кара алчадай каректеги сырларың.
Коз алдыма секунд сайын сермелет,
Кыя карап ууртуңду жыйганың!..

Күкөн! Мен комуз гана чертип, ага үп кошконум болбосо өзүм качан ыр чыгарчу элем? А сени тиктеп турсам бирди-жарым ыр түрмогү көңүлүмдө удургуйт. Сенин өзүң түгүл кийимиң да, баягы түпкү ак жибек көйногуңчү!.. А күндүз мектептен менин көзүм сенин жашыл жоолугуңду издечү! Көктөм түстонгон жоолугуң кыздардын арасынан кылак коруно калса... Мен өзүмдү коёрго жер таппай!..

Госпиталга келгениме кыйла күн, күн түгүл кыйла жылдар өтүп кеткендей зарыгам, сени гана эш тутам, сени гана санааман чыгара албай, кусалана берем.

Күн артынан күндөр өтсө зыпа-зып,
Саат чотун кага берди чыка-чык.
Тиктей берсем тилсиз гана жүзүңө
Тунук мончок тамчылады тыпа-тып...

Көрүшпөсөк унутту деп санаба,
Куса болдум түшкө кирчи садага!
Даба канча жолукпасаң жүзүмдө
Дары тамыз илебиңден жарага!

23-май, 1945-жыл. Түнкү саат үч. Түнү бою кирпик кага албай койдум. Демейде уйку качса, кулак чуулдап, баш зыңылдап ооруп чыгат го. Бүгүн катуу уктап жаңы ойгонгондой көңүлүм чайттай, жүрөгүм элеп-желеп.

Эртең госпиталдан чыгып, айылга жөнөйм. Бу түнү менден уйку качып, кыялым жер кезип жүрөт... Тууган жерге жетип барып тоо-ташты кыдырып, эл-жерге эреркеп, агаиниге учурашам. Көз алдымда — Күлкан чоң энем отурат мага жалбарып. Бакеним кайда экен? Деги ал табылды бекен? Кана, дейм, өзүмө суроо берип. Адегенде кайда барсам? Күлүмкангабы же? Деги ал кайда болду экен? Баягы бойдон Оштобу же? А балким, эмгиче күйөөгө?..

Таңдын атышын чыдамсыз күттүм.

10- июнь. 1945-жыл. Мына, Талас. Госпиталдан чыкканы жарым ай дегенде тууган жердин топурагын бастым. Райондун борборунда турам. Биз тиги Көк-Таштан окуу издеп келчүдөгү заңгыраган бийик үйлөр бир жакка көчүп кеткендей окшош боз тамдар гана жепирейип, бакжайган дарак арасынан шыкаалайт. Боз тамдар өз айылымдын адамдарындай өтө жупуну да ысык көрүндү көзүмө. Али таш төшөлө элек чаңдак көчөсүндө арыштай басып, айланама кадала карап барам. Үстү-башы жупуну, өңү азыңкы кишилер да мени тоорула карашат.

— Аскерден келаткан бала экен.

— Кайсы айылдан болду экен?

— Бактылуу тура бечара, уруштан аман келаткан.

Бул үндөрдү арабанын калдырагы басып кетти. Бет маңдайыман чыга түшкөн арабанын кош аты текирең-таскак менен келаткан экен. Узун шапалагын үстөкө-босток шилтеген арабакеч тикесинен туруп алыпыр. Ал ушу тапта өрт чыккандай шашып баратса да тушма-туш келе калганда мага көз чаптыра кетти. Ушу буркулдаган ачуулуу ки-

шинин өңүн буурул сакал, мурут басып, жапалдаш тулкусу да араба үстүндө калтырап-титиреп бараткан көзүм чалды. Аны дароо таанып, мен салам айткыча калдыраган араба өтө берди. Ошо менден өтө берип, кылчая карап калган ал ашыга божусун тартып, чалкалай түшүп:

— Трр-рр! Ой! Ой, айланайын?! Сен!.. Ой, сен Акбайдын баласысыңбы?! — деп алып, кайра тактады. — Ой, сен Адылсың го?!

Ушу тапта мен анын жанына барып калган элем. Бул кадимки Осмон бригадир! Мен да кубанып кеттим, аптыга салам айттым:

— Осоке-е! Салоом алейкум, Осмон аке!

Божуну ырдыбанга жаза-буза чала койгон Осмон бригадир арабадан бери каргыды. Экөөбүз кучакташып коруштук. Осмон бригадирдин когала, сакал баскан бети мойнуму жыттап, өгө болгон чорлуу манчасы эки жаагымды сылап жатты.

— Оо, айланайын! О, айланып кетейин! Мына азамат болуп!.. Мына бактылуу турбайсыңбы! Уруштан аман келип... Ырас болбодубу!

Минткен ал эми мени кучагынан чыгарып, быяктын жайын айтууга өттү:

— А Бает да келген ырайонго. Баяртең чогуу келгенбиз. Ал бенсия туурасында тиги оенкомго кеткен. Апы эми ошерден табасың,— деди да кайта минтип буюрду мага. — Баса, түш арабага, мен өзүм сүйүнчүлөйүм ага. Өзү да сенден камырсанаа эле.

Биздин араба тиги военкоматка жеткиче айыл-апанын аманчылыгын сурап бараттым Осмон бригадирден:

— Ии, Осмон аке, жатасыңар? Деги ага-тууган эсенби?

— Ээ, баарыбыз жалпы-жайык, өзүң көргөндой,— деп келаткан ал. — Эми, баягы, э... — деп ыктыта токтоп, анан ашыга шапалак жазган аттарды айдап калды. — Айт, чү-ү!

Жүрөгүм кооптуу дүпүлдөй түштү. Неси болсо бир суук кабардын илеби келди. Ой-санаамын баары бая кичинекей Бакениме кетти. «Эми бая э...» — деп токтогону эми бая эң кичине карындашың жаздым болуп калыптыр, калганы аман-эсен! деп салгандай угулуп, тула-боюм дүр дей түшүп, ырдыбан кармаган колум калтырап турганын байкадым. «Кенедей болгон байкушум!» Ичимен ушинткеним угулду өзүмө. Аларды бая биздеп бөлүп алып бараткаңы көрүндү көзүмө. Короонун кырына, андан кара жыгачка жармашып карап отурганым, балдардын эң артында кибиреп бараткан ал улам кылчактап караганы... Мага ушул азыр Осмон бригадирдин арабасы да, араба баратқан жол да көрүнгөн жок,

а түгүл, арабанын калдырагы да угулбай, ошо Осмон бригадирдин озунун сүйлөп бараткан созун да укпай калыпмын.

— Эми сен ошент,— деген ал арабасын токтотуп түшүп жатыптыр. Военкоматтын жанына келип калганыбызды көрдүм. Мен кошо түшмөк болдум эле Осмон козун жүлжүйтө күлдү. — Сен түшпө. Былк этпей отура тур. Мен Бастке сүйүнчүлөп, мында жетелеп келем. Ушинткен ал жанталаңдап шаша басып кетти. Анын тилин алып мен калдым. Военкоматтын айланасын көзүмөн өткөргүчө болгон жок, тиги там далдаасынан кишилердин үнү бак-бак этти. Анғыча, менин жаныман азыр кеткен Осмон бригадир менен Бает акем талашы бардай тутакташа чыкты. Бает акем жылаңбаш, тебетайын Осмонго жулдурган, ал такын сурайт:

— Ой, кана? Кайда деги?

Осмондун жана «былк этпе» деген буйругун унутуп, мен арабадан секире чуркадым Бает акеми карай. Кучакташкан экөөбүз оо, чай кайнам көрүштүк.

— Айланайын! Айланайын, каралдым!.. — Үнү каргылданган анын сууланган, сакал баскан бети-башы менин бетими аймалап жатты.

— Болду, болду эми! Аман кордүм, акыры... Өлгөндөн калган байкушум!

Бает акемин оңу да, тула бою да баягыдай эмес. Өзү карылдап кайраттуу, мүнөзү да катаалырак эле, эми мынтип жашык болуп алыптыр. Далысы керилген барскандай чымыр киши эми шүйүп, далысы эништеп, кадимки чымыр денеси да шалбырап бошой түшкондой. Көзүнүн айланасынан ойдо сакал баскан, мойну-башына бырыш толуп, жаагы шимилип, бетинин сөөгү чыгып турат. Алагай көзү да негедир жалтаңдап, ыйламсырагансыйт. Муну көрүп менин да негедир зээним кейиди. «Ээй, оцбогон согуштун заары!» — дедим ичимен.

Экөөбүз атчан тоого чыгып келебиз. Бает акемки Каман-Сууда, Колхоздун жылкычысы экен. Согуш жайын билгиси келген анын суроосу улам бутактап узарып, жол кыскарып келет. Мен болсо айыл-апа, үй-бүлө жайын эбак эле сурап билгем. Чоң энем да кыбырап жүргөн көрүнөт. Кичинекей Бакенден али кабар жок экен. Сөз арасында тымтым боло калабыз. Бает акем ат жалына эңкейе теминип, камчылана берет да анан ошо ат жалынан бир перче коро койгондой көз ирмебей тиктеп келет.

Мен тоо-ташка кадала карайм. Асты кумарым тарагыдай эмес. Күнү-түнү өндөн-түштөн кетпей куса кылган тоталаа, кокту-колот. Баягыда майданга артисттер барчуда

дал ушул жер, дал ушул жайлоо алар менен кошо кочо барып, кайра алар менен көчүп кетип калгандай капшытымы аңкылдаткан, ичими ачыштырган.

Мына, биз улам өр талашып барабыз. Тигине, тоо этегиндеги биздин кымындай кыштак. Ошондон ары мел-мел талаанын ары чети мунарык түшүп закымдап жатат. Бая Тоймат экөөбүз сугатта жүрчү Кемер ошо... Мына, карагок адырлар, биз ышкын уулап, ышкын, көбүргөн көтөрүп жүрчү бийик беттер... Биз кой жайчу шагылдуу күңгөйлөр... Кат-кат уюп калган күрөң борчуктар көзүмө чоң энем түспөлдөнөт. Анын ак чачын, бетине толгон бырыштарын түгөл көрүп тургансыйм тоо бетинен... Мектептен келатсам да, жумуштан келатсам да ал мени тышта карап отурчу эле, мыйрыгый алаканын маңдайына серепчилеп. Менин караанымаи көз айырбай отурган аны алда-кайдан көрчүмүн. Булут чулганып жаткан ак чач тоолор куду чоң энем!.. Мени жолуман утурлап, мени ээрчий карап, мага ар дайым өнтөлөп турган анын каргыл үнү угулат:

«О, кагылайын, карааныңдан!» — Үйдөн баяртең эле мени бир айлык жолдон эми келгендей, берерге тамагын таппай шашып, өзүнчө кобурап жүрчү. «Өзөрүп калдың го? Ичегиңе кан жүгүрүп кетпедиби! Баса, берки Тоймат жетимиң кайда? Аны да ала келбей... Тоюп албайт беле курган жетим!»..

Ооба, чоң энем мына ушул азыр да Тойматты сурап тургансыды: «Тоймат жетимиң кайда?» Мына ушул кулагыман кетпей, өзөгүм карармак гана түгүл, өрттөнүп да кетти. Мына бу тоо-ташка улутуна карап, күрсүнө жооп айтты. «Тойматым келбей калбадыбы! Равил да келбей калды! Көп жолдошторум келбей калышты!..»

* * *

Көзүң бир аа менен маңда-айы-ың,
Көңүлдө эле турат а-ар дайым.
Са-агындым аа се-ени-и а-артыкча-а,
Са-аңда-ан аа чыгып ка-алба-айы-ын!

Мөңгүлүү тоо тараптан жорткон жел ыр алып келди. Ачылып кеткен эшиктен чыккансыган ыр шаңк этип, Акбаев оюнан ойгонду. Ыр тиги күнгөй беттеги мөңгү алдынан чыккандай. Так ошо күнгөй бетте жымыңдаган топ жылдыз бар. Акбаевге ушул ыр менен согуш кусасы, солдат жубайы — жаш келиндин кусасы... жумуш үстүндө тор талаага ырын төккөн, ырына кошуп кусасын төккөн жаш келин көрүндү. Ыр улана берди. Күңгөй беттеги топ жылдыз улам жакындап, маңдайында.

— Мына, жеттик Сары-Ала-Сазга,— деген Ишен шофер арттагы сугатчы балага кайрылды. — Эй, жигит үйүңдү тааныйсыңбы? — Бала болсо карацгы машинанын ичинен соомойүн сунуп, ошо тиги жарыкты көргөздү..

— Биздики, тетиги. Ырдаган биздин приёмник.

«Ырдаган биздин приемник!» Баланын сөзүн өзүнчө, өз ичинен кайталады Акбаев, өзүнчө эргип койду. «Тоонун башы. Электр жарыгы. Радио, газ оту. Мына, бүгүнкү чабандын турмуш шарты».

Балага жүзүн буруп, негедир минтип сурады Акбаев:

— Тезек терип жагасыңарбы? — Муну сураган Акбаевге дедейе карап гана унчукпай калды бала, тамашалап атабы деди. А чынында бу бала тезек жакканды коро элек. Бала эс тарткапы көргөнү газ. Баланын көз алдында аппак печка, көгүлтүр жалын гана.

«Тезек терип жагасыңарбы?» Муну айткан Акбаевдин көзүндө: «Кароолонуп күйбой жаткан тезектин түтүнү, тезектин күүгүм-саргыч жалыны, жайлоого жаңы эле көчүп конгон айыл, жайлоонун жаанчыл күнү бүркөө, керегесин жайып-жайбай кабын колтуктап, тезекке чуркаган аялдар... Алар малдын былтыркы жайытына ашыга жетчү. Жайыттан тезек тапса алтын тапкандай сүйүнчү эле... «Баягы баланча конушка эрте жетип, тезекти үйүп алыңгыр!» Мына ушинтип аңыз кылчу айылдагылар, бир үймөк тезеги бар кишинин, бир үймөк алтын тапкандай көрүшчү. Тоолорунда карагай түгүл, караган-бута көрүнбөс бул өрөөн эли отундан дайым жутап, кышкысын биртике коңу, жайкысын тезеги менен түтүн булатышчу. Апта бою төгүп турчу кара пошордо мал союп, эт бышыруу мындай турсун, саалган сүт бышпай, чийки калчу. Ушундан улам: «сүттү чийки ичип калдык!» дешчү.

...Ушул азыр Акбаевдин көзүнө пошор көрүнүп, ошо пошор алдындагы үтүрөйгөн боз үйдөн бироонун согунгону угулду:

— «Оо, атаңдын башы-ы! Атаңдын гана оозуга...»

Акбаев өзүнчө бырс күлүп ийгенде жанындагы Ишен шофер да, берки сугатчы бала да өздөрүнчө элеңдей калышты. Акбаевдин капыстан күлгөнүнөн ыңгайсызданышты, бирок, анын эмнеге күлгөнүн батынып сурай алышпады...

Кең чалкактагы оторго жетип келген булардын машинасы ак чатырга чукул келип тык этип токтоду. Ыр жанагыдан даана, жанагыдан да кубулжуп, ушул чабандын оторунда чоң концерт болуп жаткандай шаң бар эле.

Акбаев бу Сары-Ала-Саздагы чабандарды түгөл кыдырып, ар биринин ал-абалын билип, ушул жумадагы жаңы-

лыгын сурап, муктажын угуп, кайра тарткапда таң сүрүп калган эле. Таңга аралаш шыбыргактап ак жаан келди. Жааңга аралаш, таңга аралаш Акбаевдин кулагына жанагы сөгүнгөн үн угулду кайра да:

«Оо, атаңдын башы-ы! Атаңдын оозуга... Маа бир коң тартып келгенсип!..»

8

1947-жылдын жазы. Чаткал. Жайлоонун коз ачырбас жаанчыл күндөрү. Акбаев Чаткалдын жазын аден көрүшү. Ай бою кураган ак жаан мал-жанды курутуп турган. Кой оңдуу жайыла албай коктуга ийрилип, күнү-түнү түндүгү тартылган үйлөр жаандуу, боз, буурул асман алдында шөмтүрөп турган. Нөшөрлүү боз-буурул асманга бетин тозо караган Акбаев кай маал экенин болжой албады. Колундагы саатын гана карап, бешке он беш минут калганын көргөндө гана таң атканын билди. Акбаев түнү бою Чаткалды кыдырып келет. Туман баскан кыр-белести кесип келет. Атчан болчу. Өз атынын мойнунан өзгө эч нерсе көрүнбөчүдөй. Кыйгач төккөн ак жаан, боз туманга аралашып, асман-жер чалмакей.

Жаан алдындагы үтүрөйгөн боз үйдү бет алдынан көргөн Акбаев буга чукул келип токтоду. Жааңга жопуп тоскон топ кой жуушабай бири-бирине ыгып, азыр бир жакка үркүп кетчүдөй. Үтүрөйгөн үйдөн бери баш баккан жан жок. Киши түгүл, мындайда абалап тозо чыкчу сак кулак ит да ушул жаандан ышынып бир коңулда жаткандай.

Баса, шоңшоюп артынан көтөрүлгөн түндүк жабуу алдынан түтүн уюп, үйдөн ыкшыган жөтөл чыкты аңгыча.

Жөтөлдү улап тыштан үн катты Акбаев:

— Үйдө ким бар-ар? — Эч жооп болгон жок, жооп ордуна жанагы жөтөл басылбады. Акбаев кайра үн катты: — Оо, үйдө ким ба-ар?

Мына ушундан кийин ачуулуу үн угулду үйдөн:

— Оо, атаңдын башы ба-ар! — Бул жанагы жөтөлгөн үн экенин тааныды Акбаев. Ачуулу үн өзүнчө сөгүнүп басылды. — Ким ба-ар! деп, маа бир коң тартып келгенсиген атаңдын көрүгө урайын. Желпинчи, ой! А үйлөгөнүңдү тоотпойт бу, желпи! — Акбаев кирип барганда ушинтип жаткан экен алиги сөгүнгөн киши, тиги коломтого боортоктоп от үйлөгөн аялына.

— Ассалоому алейкум! — Акбаевдин саламына алик алууга чамасы келбей калды үй ээсинин. Ал түтүндөн ачышкан көзүн кош колдоп укалаган калыбында башын ко-

тордү эле, анын коолонгон бети, уйпаланган сакалы эле корүндү буга. Кызарып жаш аккан козу менен аял да жүз бурду коломтону таянган калыбында. Экөөнүн үстүндө тең таар чепкен экен. Тышта кокту-колотту чүмкөгөн жаандуу тумандан бетер үйдө түтүн да коз ачырбайт. Ары капшытта үйүлгөн терилердин асты-астынан кичинекей балдар корүндү. Коломтодогу кароолонгон суу тезектен түтүн баргыйт. Түтүндөн ачышып, кызарып түйрүлгөн козун кыбыцдаткан үй ээси бу капыстан кирип келген Акбаевди чочуркай карап калды. Ыкшыган жөтөлүн азыркы согүнгөнүнө кошуп кармай калгансып, оозун алакапы менен бек басып турду үй ээси. Түтөгөн коломтодо бет маңдай отурган эрди-катын унчукпады, меймапга сыпайгерчилик коргозүүго да чамасы келбеди. Түтүнгө ачышкан көзүнөн жаш агызып, оозу-мурдун алаканы менен басып турган кара сакалдын бери жагына барып жүйүртө басты Акбаев, озү сөз баштады түтөгөн коломтону карап:

— От күйбөй аткан экен, тезек суу да.

Муну айтып жапында отурган ушу колхоздун активдеринен болсо дароо чарпыша кетмек, жаны кашайып турган үй ээси. Качантан жыйнаган ачуусун күү төгүп, анан «мынабу коюнду азыр откорүп ал» деп ордунан булкына туруп, үйүнүн эшигин кацтара ыргытып, тышка жулкына чыкмак. Заарын бетине алган бу кара сакал чабан ошо активдин ай-кой дегенин укпай ушундан дароо эле кыштакка кочүп кетүүгө камынмак. Азырынча чоочун кишинин тиктеген эрди-катын бир саамга тилдеп калгандай.

Бул бейтааныш кишиге карай пасыя согүнүп алган эрипеп улам ыцгайсыздана түшүп, коломтодогу быкшыган тезекти оцдоп, калап кирди аял. Эркек болсо азыр кусуп ийчүдөй алакапы менен оозун баскан калыбында күрк-күрк жөтөлдү. Бир оокумда кароолонгон тезек коцулунан күүгүүм-саргыч жалын соймоцдоду, жөө тумандай самсыган түтүн саал котөрүлдү. От арац тутанып, аны менен аял кошо тутангандай унчукту:

— Түк кургабады ушу бир кап тезек. Күндүн түбү түшүп калгансып, бир көз ачырсачы анан калса! Сүттү чийки ичип калдык! — деди да колуна кычкач алган эрин тыйды, куду кармаак баласын тыйгансып. — Ой, тийбе! Тим коо турчу, бай болгур?! Өлүп-талып арац тутанса...

* * *

Тоонун жазы. Анда газ түгүл бир калам тезек таппай ушинтип, апта бою кара нөшөрдө калчу малчылар. Акбаевдин партиялык ишке аден шилтеген кадамы ошо жаз бол-

чу. Чаткал райкомунун агитация пропаганда болүмүндө жаңы гана иштей баштап, ошо жазгы кара нөшөрдө малчыларды кыдырып жүргөн.

Баса, адегенде мугалимдикке дайындалчуда ушул малчылар менен иркектешип, бел ашып кетпедиби. Мунун багына ошо күнү Үрүстөм көчүп келатыптыр Чаткалга. Үрүстөмдүн бир саан ую, бир ноопазы, анан эки эшеги, бир арык аты бар экен.

— Бу көчүү-конууда упаа жетсе, ээр-токум жетпейт. Энди, өз бала эмессиңби. Ташкуланы эптеп чомдоюп, сенмин, маалимсиң! — деди Үрүстөм бажаңдап. — А биз алачыкты уй менен ноопазга жүктөп, өзүбүз бала-чака менен тиги эки эшекке оолашабыз.

— Атты өзүңөр мингиле,— деп Адыл канчалык кожолсо Үрүстөм болбоду. Ташкуланы шапа-шупа озу чомдой салып мунун алдына тартты:

— Мына, молдоке, энди көч баштай бер.

Козулары торолгон койду эркеч баштап, алдыда чуулдап, барак куйрук кок дөбөт менен, ала канчык коч жандап жортуп келет. Жана айтылган уй менен ноопаска алачыкты, бир-бир салым төшөнчү, казан-аякты артып, эки эшекке аялы экөө минген Үрүстөм экиден төрт баланы алды-артына жармаштырып, бу Адыл да калган эки баланы оңоруп-учкаштырып алган эле.

Көч бу жол бойлото көк куган койдун аягы менен баратты. Таңынан чаңкайган асманда түш оой булут аркайып, аба сыркаар тартып, жаандын илеби келди. Асманга бетин тоскон Үрүстөмдүн уурту ырсайып, сакалы сербейди, ошо асман менен сүйлөшүп тургансып кобурай кетти ал:

— Оо-уу, эми Кара-Буураны ашып алгыча коё тургай эле жаабай.

Аңгыча, аркайган булут куралып, заматта алай-дүлөй асмандан чагылган ойноп, тээ, ошо Кара-Буура тараптан гүр-шар! гүлдүр-шалдыр этти. Түнөргөн булуту үйөрлогон асмандан жерди карай көчкү жүрүп келаткансыды. Шатырата төккөн нөшөр алдында кой чуркурап, өр талашып, жаан өтмө-катарынан өткөн коч токтобой келатты. Белге жакындап калышканда өчөшкөнсүп добул түштү.

— Ата-а, жарыктык! Күндүн ачуусу чыкпай... Ээ, бу дабанда дайым ушу. Кара-Буурадан ачык-жарык өткөн күнүбүз дегеле болгон эмес. Ээ, касиетиңден, айланайын! Бу бизге бүгүн ашуу бербей окшоп калды. — Ушинтип добул алдында кобураган Үрүстөм тиги эшекке учкашып-чиркешкен балдардын калкалап жүргону. — Ии, тебетайыңарды түшүргүлө, кулагыңарды добул урат. — Тооктун канаты

алдында коргологон жоокелордой балдар чыпылдап, ата-энесине жамынып, балдар түгүл, бу Акбаев да жалаң боз шинелдин жакасын көтөрүп, пилоткасын бир кулагына басып, добулдап корунду.

Булар ошо күнү Кара-Буураны тирей барып конуп, кар баскан дабанды эртең менен ашты. Чаткал... Учу-кыйры корүнбөс даркан өрөөндүн кокту-колоту аппак экен. Чүштөдөй жука шейшеп жамынгансыган кең өрөөн алгачкы жаш кар алдында керилип жатат... Өрөөндө каа жайылган мал, каа күдүрөйгөн айыл көзгө чалынбады. Карга оңдоп булуту тытылып баратkан когала асман алдында жымжырт гана сулк жатат, Чаткал. «Чаткалга барасынбы?» Ушинткен бироонун үнү угулду буга. Ушул үнгө катар жашы токтолгон кишинин мээрим өнү корүндү. Бир көзүндө чечи бар, каңшаарлуу, чаар кишинин өңү жайдары экен. Мына бу бою шырыктай, боз шинелчен солдаттын али балалык өңүпо көз токтотуп караган киши күлүндөп койду:

— Колуктуң барбы? — Адыл саал унчукпай гана уяң жылмайды. Тиги кишини карабай столду караган калыбында күлк этти:

— Жок.

Экөө бир азга тым-тым боло түштү. Анан тиги киши — Алжапов өзү сөз улады:

— Али, жашсың. Согушуп келгенин ырас. Бирок, эми... Турмуштагы күрөшүү мына эми башталат. Жыйырмапчы жылдарда совет бийлиги жаңы курулуп жатканда биз ушу сенден да жаш болчубуз. Эми аны өзүнөр угуп жүрөсүнөр. Эң башкы нерсе — сен коммунистсин! Коммунист!.. Жаш муундарга коммунисттин духун сиңир, коммунисттин максатын туюндур. Кайсы гана майданга кирсең да өзүңдүн коммунист экенинди унутпа! Мен коммунистмин, мен жеңемин деп кир.

Акбаев а күнү ОБЛОподон түшкө жакын чыкты. Ал ушу тапта куду бая адеп согушка кирип баратkандай эле. 1943-жыл. 18-сентябрь күнү коммунисттик партиянын катарына өтүп, Ата-Журт үчүн ант берип майданга кирип баратkандай дене-бою баштагыдан чыйралып, ОБЛОнонун башчысы Алжановдун сөзүнө көңүлү эргип, акылы тунуп чыккан.

* * *

Айгыр-Жалга Акбаев күн батарда жетти. Тулаңы күртүлдөгөн адырлардын ою-кырында эки-үчтөн оттоп чыккан бодо малдай жалпак тамдар бирин-серин. Удур-будур тектир саздар али эрип кете элек кыламык астында чылпыл-

дайт. Ушу кыламыктуу саздан кечкен Акбаев тээ-тигинде ат тушап жаткан баланын жанына барды. Атына чидер салып турган бала оз жанына келаткан кишини утурлап салам берди:

— Ассалоому алейкум, аке!

— Аалейкума ассалам, жигит! — Алик алган Акбаев мына бу баланын атынан мурда бу кыштактын атын, анан мындагы мектептин кайсы жерде экенин сурады.

— Аа, мектепти? Мектеп тетиги.— Бала тиги доңдогу жалпак тамдын түтүнү тарапты соомойу менен коргоздү да, мынтип кошумчалады:

— Дөөлөттүн тамынын жанында. — Акбаев бу баланын атын эми сурады, анын монтойгон бетине тигиле карап:

— Ии, жакшы! Сенин атың ким эле, жигит?

— Нурмат! — деди бала токтолбой.

— Нурмат, сен мени эми ошо мектепке ээрчитип барчы, айланайын?

Бала дароо макул болуп ээрчиди. Адыл жолдо баладан аркы-беркини сурап баратты:

— Сен окуйсуңбу, Нурмат?

— Окуйм, аке! Быйыл тортүнчү сыныптамын! — Бала шар кетти, анан Акбаевге карап минтти. — Бирок, азыр мектепте эч ким жок да, аке. Окуган балдар бая шашкеде тараганбыз.

— А мугалимдердин үйү ушул айылдабы? — деди Акбаев.

— Ушул айылда, бирок, алар бүгүн оу, төмөн... жорого кетишкен. Алар дүйшомбүгө чейин келбейт, чагымда. Бизге үч күндүк тапшырма берип кетишкен.

Нурмат баланы ээрчиткен Акбаев тиги доңдогу мектептин алдына барганда күн чылк батып калган. Балык жондотуп жаап, үстүн ылай менен шыбаган тамды актап коюшкан экен. Кош терезеси чыгышты карап, ошо, кош терезенин үстүндө Маркстын портрети. Ошо портретке коз токтото калган Акбаевге мектептин адресин баян этти Нурмат:

— Карл Марск атындагы жети жылдык мектеп.

Ушул көк дөбөгө коюп кеткен жер чегиндей текчейген мектепти айлана басты Адыл. Жапырайган дубал ээнсиреп, жалпак каалгасында кулпу турат. Дөбөдөн төмөн жылга-жылгада карарып булак жатат. Ошо булак бойлогон эчки тал, жийде-бурак жылгадан чубашкан балдардай бу доңдогу мектепти карайт.

Күүгүм кирди. Адыл ээрчиген Нурмат да кетпей жүргон эле мектеп айланасында аны-муну баян этип:

— Нурмат,— деди Акбаев анын колунан кармап. —

Алиги сен айткан Доолоттукү кайсы, эми? — Бала ушу тапта башка нерсеге алагдыбы, айтор, кайра мунун өзүнөн сурады:

— Кайсы Доолоттукү?

— Мектеп Доолоттун үйүнүн жанында дебедиң беле?

— Аа! — деген бала эми эстеди жана өзү айткандын. — Саана энемкиби? Доолоттун энесиникиби? Ал тигинө. — Мектептин үстү жагындагы морунан түтүн булаган жепиреке тамды көргөздү бала.

— Жүрү, ошондо баралы? — деди Адыл. Бала лам дебей ээрчиди. Билгенин оозу тыпбай сүйлөп да баратты.

— А Доолот аке согушта өлүп калган. — Муну укkан Адыл саал селт дей түшүп кайра сурады:

— Балдары барбы, Саана энеңин?

— Жок,— деп бала чорт жооп берди.

— Анан ким менен турат?

— Саана энем өзү-өзү.

Нурматты ээрчиткен Адыл тиги жалпак тамдын жанына барды. Жетери менен өзүнө сырдакапа кыцырайган каалганы акырын көтөрүп ачкан Нурмат Адылга жол берди:

— Кириңиз, аке? — Ушинтип айтып, өзү шып кирген бала босогодон ары бир кадам алдыга аттады да бу Адылга сөөмөйүн көтөрүп: «унчукпа» деген белги берди. Баланын миитери эп экен. Тиги төрдө жайнамазда кемпир чок түшүп олтуруптур. Колу боорунда, ээги тизесине тиер-тийбес бүрүшүп отурган анын улам башы шылк дей калып, улам эрди гана кыбырайт. Кемпирдин күнүнөн-түнүнө эрмеги, түгөнбөс тирилиги намаз. Күн менен түндү саатың менен болжоп көргөн эмес, аны колу тыпбас тирилиги менен өлчөйт. «Кечке ушуну арац тытыпмын». Жанындагы додо жүндү чеңгелдеген ал комсунуп калат. — «Күндүн кыскарганы ушу да».

Кыскарган күн менен узарган түндүн чегин алган кемпир мына ушундан кийин гана жатууга камынат. Жо, баса, жатуудан мурда куптан намазын окуп алып, анан барып, тиги бөлтөйгөн жүгүнө кол сунуп, асты-үстү жыйылган төшөнчүсүн жыра тартат. Кадимкидей жыйылган жүктүн алдына ала кийиз, шырдак, анан барып жууркан-төшөк жыйылат эмеспи. А бу кемпирдин жүгү тескерисинче. Адегенде алды жагына болбүрөгөн жууркаңы менен эки төшөгүн жыйып туруп, эң үстүнө ала кийизди бастырып салат. Кемпир жүктү такмазалап отурбай, ушинтип, колунун оцуна карата гана жыйып коёт.

Мына ошол жыйылган төшөнчүсү тарапты карап отурат ал намазын окуп. Бу намазын да оң келгендей окуй берет.

Эрте дебейт, кеч да дебейт. Оюна келе калса окуй бермей. Мына азыркысы намаз шам бекен? Же намаз куптанбы? Апы өзү да айра албайт, ошондо да пиет кылса эле болду, тиги жайдан ушунун кайырын тийгизсе болду.

Жай намазда отурган кемпирдин бар турпатын карап турган Адыл апы өзүнүн Күлкан чоң энесине окшотту. Чоң энеси да ушинтип дем чыгарбай, дал ушинтип, үлүлдой иймейип отуруп окучу.

Үйдө шырт эткен дабыш жок эле. Намазын окуп бүткөн экен. Чекеси жерге тийгиче жер таянып атып өйдо болгон кемпир эми бери бурулду да күүгүм аралаш үйүндө турган эки караанды корду.

— Амансызбы, эне? — Ушул үндү улай карады, шырыктай кишинин боюн корду кемпир. Аманчылык сураган андан кайра сурады:

— Ыя? Сен кайсы бала элең?

Акбаев үчүн берки Нурмат жооп берди.

— Чоң эне, бул акем, мейман!

— Ыя? Бейман дейсиңби? — Минткен кемпирдин үнү сүйүнчүлүү саал энтиге чыкты. Карбаластаган ал жаң чоптогун оодарып ширепке тапты, табарын тапты го, күйгүзо албады. Калтыраган колу чага албай чийи сынып кетти.

— Келе, чоң эне, мага бериңизчи? Адылдын сунулган колу кемпирдин колундагы ширепкеге жетти. Бир чагылып шыр дей түшкөн күңүрт, кымындай жалын мупун жүзүн кемпирге коргоздү. Узун бойлуу кара сур жигиттин алагар көзүн, чап жаагын, апан боз шипелинин жакасын чалкалай карады, чынар теректин башын карагансыган кемпир, апан минтип кобурап койду:

— Ии, айланайын, аскер турбайсыңбы? — Буга Адыл башын ийкеди, кемпирдин карысынан сүйөп отургузмак болду эле, кемпир кайра сурады. — Уруштан келдиңби? Менин Дөөлөтүмүн жанынан келдиңби? Адыл жооп бергиче кемпир өзү кобурай берди. — Дөөлөтүм ошо урушта жүрбөйбү. А да саа окшоп келет да бир күнү. Мупу укkан Адыл үн дей алган жок. Нурмат болсо үрүл-бүрүл, жарык шоолалаган кемпирдин күлдөй бозоргон өңүнө, кайра Адылга алма терме карады.

— Аа, кемпай жаным!.. — Минткен кемпир бирдеме унутканына кейиди. Өзүнчө, кейиди да Нурматка минтти. — Ой, балам, сен Турдаалынын баласысыңбы? Ии, суу сузуп берчи маа, тыштан суу сузуп келчи?

Нурмат дароо түшүндү. Казандын үстүндөгү кара аякты ала чуркады тышка. «Чоң энем аскердин башынан суу айлантып чачканы жатат».

* * *

Нурмат бала әбак үйүнө кетип калган. Кемпир менен Адыл түндүн бир оокумуна дейре сүйлөшүп отурушту. Жоолуктун бетиндей майлы-коо тасмалыпа кемпир бар даамын койду: кошкон майын, каттамасын, эзилген курутун кара аягына толтуруп, «иче гой, жей гой» деген кемпир өнтөлөп, мандайындагы Адылдан көзүн албайт. Мунун өңүнө, тула боюна бүшүркөй кадала карап отурат. Мунун боз тумагын тиктеп, шинелинин өңүрүн, жеңин кармалап, кобурап отурду:

— Дөөлөтүмүн чапаны, тумагы да дал ушундай болчу.

Ушундан улам Адыл сурап калды:

— Дөөлөт аскерде кезинде келип кетти беле, эне?

— Тиги Ташкен тарапта ат ойнотуп жатышканда бир келип кетпедиби! Оо, ошондо коргонумдө!.. Аскерге али ойноо бойдон кеткен балам керилген жигит болуп калган экен! Көзүм тойгон. Ээ, ошондо көзүмө көр топурак тыгылсачы! Ошондо... дал ошо тапта Дөөлөтүмүн астында неге жан бербедим экен?! — Минткен кемпирдин оозу саал ачыла түшүп, анан кайра бек кымтылып, ээги титиреп кетти. Кыйлага ушинтип отурган соң үшкүрүп соз улады ал:

— Дагы бир азга аялдаганда эмне. «Бир-эки күн тура турсаң боло каралдым?» десем Бети-башыман аймалаган Дөөлөтүм, мени эркелетип, мага эреркеп, мени алаксыта кетти. «Келем, апа! Бат эле келип калам!»... дебеди беле? Кана, келсе?! Ал кеткени канча ай, канча жыл болду. Көзүм илинсе эле түшүмө кирет. Так ушу сеникиндей эле боз чапаны, боз тумагы. Мен көргөн сайын шашып жүрөт. «Келем апа, бат эле келип калам» — дейт дагы эле. Балам тирүү. Ал бир жерде эле жүрөт. Акыры, келип калат да бир күнү.

— Келип калат,— деп коштоду Адыл,— Дөөлөт келет.

* * *

Дөөлөттүн энесиникине аскер келипир деген соз бу Айгыр-Жал кыштагына ошо эле күнү, кечте тарады.

— Ошо Дөөлөттүн жанынан келипир.

— А Дөөлөт окко учпады беле?

— Э, ал Дөөлөттү өз колу менен коюп келген экен да!..

Муну айткан бу кыштактын кишилери таң атпай ушу Дөөлөттүн энесиникине чубап калышты. Адеп көргөндөр бу аскерден келген балага учурашып гана жөн-жай сурашып чыгышкан эле. Эми бу кемпир куду өзүнүн Дөөлөтү согуштан келгендей мандайы жарыла сүйүнүп, үйүнө той түшүрүп отурганын көрүштү. Карындагы майын жарып,

каптагы курутун тогун, боорсок бышырып, апам ошо Доолотунун тоюна арнап жүргөн куйругу казандай кызыл коюн сойо, айылды чакырды. Кемпирдин үйүнө бул айылдын бүт түтүнү түрүлө келип жатышты.

— Байкуш кемпирдин коцулун которуп, тойчугунан ооз тийип чыгалы.

— Ал ошо Доолотунун жолдошу тура,— дегендер той жеп тарап баратышып кобурай кетишти:

— Кантсе да ыймандуу жигит көрүнөт. Атайы бу кемпирди издеп келген экен, эми бала-бото болуп калса эле?.. Айыл-апанын тилеги да, кемпирдин таттуу үмүтү да ушул эле. А Адылдын коз алдында өзүнүн Күлкан чоң энеси. Тигги кемпирдин баскан-турган кыймыл-аракетинен өйдө ошо чоң энесине окшойт.

Жер үстүндө тирүү басып жүргөн кемпирдин бүтпөс ойсапаасы уулу Доолот эле. Эми мына, ушу өз уулуна окшогон аскер баланы медер тутуп, ушуга дем байлады. «Эми көрго баштым кирер чагымда ушу сен бир кара-жоро болор бекенсиң? Мингин калган мен карыпты сооротор бекенсиң?» Өзүнчө ушинткен кемпир, үн дебей туруп, мунун үстүндогу аскер кийимин ошол эле күнү чечтирип салды да Доолотум келет деп катып жүргөн үнүн бүйүрмө кара тонун, кара көрпө тебетейин, кара чийбаркыт күрмө, шымын Адылга карматты:

— Кий, кийип алчы. Доолотумун кышкы кийими эле.

Кемпир муну менен токтогон жок, уулунун качантан бери катылган хром өтүгүн да сууруп чыкты сандыгынан.

— Өзү кетеринде бир эле кийип, майлаган бойдон. Чулгоосу ичинде бекен? Ий, кийе кой.

Ошо тапта үйдо экоо гапа. Кирген-чыккан жан жок, экоо гапа бири-бирине онтолоп, эне-балалык сезимге мээрин турушкан эле. Энесин отүнүчүн аткарып, ары-бери кийине салган Адылды көз айырбай тиктеп турган кемпирдин алдыцкы когоргон эрди былкылдаганын көрдү. Үнү калтырагапын укту. «Доолотум! Доолотум кагылайын!..»

Нурмат бала айткандай мектеп үч-төрт күнү бек турат беле, алиги бозо уулап кеткен мугалимдер келгиче балдар мектепке баш бакпайт беле, а бу Адыл келгендин эртеси балдар чогулду. Алар бири-бирин чакырып, шашып, энтелеп жүрүштү:

— Жүрү, жаңы агай келди.

— Жаңы агай окутат бизди эми!

«Жаңы агай келди!» деген кепке балдар дүргүүрүн дүргүдү го, бирок, окууга тоң моюндары кайра ошол эле күнү жылт койду. Чынында бу сабактан жаа бою качкан кээ бир

балдарга алиги бозо улап кеткен эле мугалимдери жайлуу болчу. Аларды мектепке келдиң-койдуң деген, окудуң-окубадың деген киши жок эле. Эртең менен чуркап бир жетип келген балдар бир-эки саатча мугалимдерди күтүп, анан сабак болбосуна көзү жеткенде бактан учкан таранчыдай дүр этип тарап кетишчү. Ушуга кыпык алып алган балдарга мектеп мектептей эмес, оюнга чогулуп келип, кайра куушуп түшүп кетчү кок дободой эле. Мына эми Адыл келген адепки күндөн окуу расписаниеси кайра түзүлүп, окуучулардын эрежеси, окуучулардын сабакка катышуусу, жетишүү жагы так көзөмөлдөнүп, мектептин ички-тышкы тартип-тазалыгы колго алынып, баары жаңырды. Кыйладан бери адам колу тийбей шыбагы кочуп, дубалдарынын төбөсүнөн кыйма-чийме жарака кетип, кирдеп, ыш басып турган үйдүн ичи-тышына жаңы шыбак салып, жаркырата актап, сырдап киргендей бир адеми көрүндү мектеп. Жацырып, тазарган үйүн улам карай берүүдөн тажабайт го үй ээси, ошол сыяктуу бу мектептен качып жүргөн балдар эми мектептин айланасында, сабактан качкан балдар эми сабакка ынтаалуу. Ай бою китеп бетин ачпаган, дептер бетине тамга жазбаган балдар эми үйдөн да каадалаңып окучу болушту. Берилген тапшырмалар аткарылмайын оюнга ээликкен бала жок. Ата-эненин ыраазылыгы кобойду:

— Ушу жаңы маалым келгени бир ажап болду да!

— Ошону айтсаң, балдар оюндан бошочу эмес эле...

— Ой, аларды мектепке баргыза албай тажачу эмес белек!

— А барса, кайра ошо замат жылт койчу. Мына эми мектептен түк чыкпай калышты го.

* * *

Ноосуна толтура суу келген тегирмендей күүлөндү мектеп иши. Ыр-хор кружогу уюшулуп, өздүк-көркөм чыгармачылык жанданып, ыр-күүгө шыктуу окуучулар мектепти шаңга бөлөдү. Оюн-зооктон кабары жок бу Айгыр-Жал кыштагынын кишилери эми кечкисин мектеп жакка кулак түрүп турушчу болду.

— Бүгүн балдардын оюн-зоогу болор бекен?

— Апапайын, Турдаалынын баласынын үнү тимеле...

— Бечера десең, булбул экен, ой!

— Эми ошону артистке өткөрүп ийсе болор эле.

— А берки Түптойдун баласынын черткен күүлөрүчү!

Демейде мектепти карай кадам таштабаган кишилер эми ушинтип, балдардын ыр-күүсүн аңыз кылып, мектепте болчу таң-тамашаны дегдеп турушчу болду. Төңдөгү кичи-

каптагы курутун тогуп, боорсок бышырып, апап ошо Доолотунун тоюна арнап жүргон куйругу казандай кызыл коюн союп, айылды чакырды. Кемпирдин үйүно бул айылдын бүт түтүнү түрүло келип жатышты.

— Байкуш кемпирдин коцулун көторүп, тойчугунан ооз тийип чыгалы.

— Ал ошо Доолотүпүн жолдошу тура,— дегендер той жеп тарап баратышып кобурай кетишти:

— Каптсе да ыймандуу жигит көрүпөт. Атайы бу кемпирди издеп келген экен, энди бала-бото болуп калса эле?.. Айыл-апанын тилеги да, кемпирдин таттуу үмүтү да ушул эле. А Адылдын коз алдында өзүнүн Күлкан чоң энеси. Тигги кемпирдин баскан-турган кыймыл-аракетинен өйдө ошо чоң энесине окшойт.

Жер устүндо тирүү басып жүргон кемпирдин бүтпос ойсапаасы уулу Доолот эле. Эми мына, ушу оз уулуна окшогон аскер баланы медер тутуп, ушуга дем байлады. «Энди көрго башым кирер чагымда ушу сен бир кара-жоро болор бекенсиц? Минтип калган мен карыпты сооротор бекенсиц?» Өзүнчо ушинткен кемпир, үп дебей туруп, мунун устүндогу аскер киймин ошол эле күнү чечтирип салды да Доолотум келет деп катып жүргон үшын бүйүрмо кара топун, кара көрпо тебетейин, кара чийбаркыт күрмо, шымын Адылга карматты:

— Кий, кийип алчы. Доолотумун кышкы кийими эле.

Кемпир муну менен токтогон жок, уулунун качантан бери катылган хром өтүгүн да суурун чыкты сандыгынан.

— Өзү кетеринде бир эле кийип, майлаган бойдон. Чулгоосу ичинде бекен? Ий, кийе кой.

Ошо тапта үйдо экоо гана. Кирген-чыккан жан жок, экоо гана бири-бирине өнтолоп, эне-балалык сезимге мээрин турушкан эле. Энепин өтүнүчүн аткарып, ары-бери кийине салган Адылды коз айырбай тиктеп турган кемпирдин алдыцкы когоргон эрди былкылдаганын корду. Үнү калтыраганын укту. «Доолотум! Доолотум кагылайын!..»

Нурмат бала айткандай мектеп үч-төрт күнү бек турат беле, алиги бозо уулап кеткен мугалимдер келгиче балдар мектепке баш бакпайт беле, а бу Адыл келгендин эртеси балдар чогулду. Алар бири-бирин чакырып, шашып, энтелеп жүрүштү:

— Жүрү, жаңы агай келди.

— Жаңы агай окутат бизди эми!

«Жаңы агай келди!» деген кепке балдар дүргүүрүн дүргүдү го, бирок, окууга тоң моюндары кайра ошол эле күнү жылт койду. Чынында бу сабактан жаа бою качкан кээ бир

балдарга алиги бозо улап кеткен эле мугалимдери жайлуу болчу. Аларды мектепке келдиң-койдуң деген, окудуң-окубадың деген киши жок эле. Эртең менен чуркап бир жетип келген балдар бир-эки саатча мугалимдерди күтүп, анан сабак болбосуна көзү жеткенде бактан учкан тарапчыдай дүр этип тарап кетишчү. Ушуга кыпык алып алган балдарга мектеп мектептей эмес, оюнга чогулуп келип, кайра куушуп түшүп кетчү кок дободой эле. Мына эми Адыл келген адепки күндөн окуу расписаниеси кайра түзүлүп, окуучулардын эрежеси, окуучулардын сабакка катышуусу, жетишүү жагы так көзөмөлдөнүп, мектептин ички-тышкы тартип-тазалыгы колго алынып, баары жакырды. Кыйладан бери адам колу тийбей шыбагы кочуп, дубалдарынын төбөсүнөн кыйма-чийме жарака кетип, кирдеп, ыш басып турган үйдүн ичи-тышына жаңы шыбак салып, жаркырата актап, сырдап киргендей бир адеми көрүндү мектеп. Жацырып, тазарган үйүн улам карай берүүдөн тажабайт го үй ээси, ошол сыяктуу бу мектептен качып жүргөн балдар эми мектептин айланасында, сабактан качкан балдар эми сабакка ынтаалуу. Ай бою китеп бетин ачпаган, дептер бетине тамга жазбаган балдар эми үйдөн да каадаланып окучу болушту. Берилген тапшырмалар аткарылмайын оюнга ээликкен бала жок. Ата-эненин ыраазылыгы кобойду:

— Ушу жаңы маалим келгени бир ажап болду да!

— Ошону айтсаң, балдар оюндан бошочу эмес эле...

— Ой, аларды мектепке баргыза албай тажачу эмес белек!

— А барса, кайра ошо замат жылт койчу. Мына эми мектептен түк чыкпай калышты го.

* * *

Ноосуна толтура суу келген тегирмендей күүлөндү мектеп ичи. Ыр-хор кружогу уюшулуп, өздүк-көркөм чыгармачылык жанданып, ыр-күүгө шыктуу окуучулар мектепти шаңга бөлөдү. Оюп-зооктоп кабары жок бу Айгыр-Жал кыштагынын кишилери эми кечкисин мектеп жакка кулак түрүп турушчу болду:

— Бүгүн балдардын оюп-зоогу болор бекен?

— Апапайын, Турдаалынын баласынын үнү тимеле...

— Бечера десең, булбул экен, ой!

— Эми ошону артистке өткөрүп пйсе болор эле.

— А берки Түптойдун баласынын черткен күүлөрүчү!

Демейде мектепти карай кадам таштабаган кишилер эми ушинтип, балдардын ыр-күүсүн аңыз кылып, мектепте болчу таң-тамашаны дегдеп турушчу болду. Дөңдөгү кичи-

некей мектептин дем алыш күнкү кечтери ыр-күүнүн кечи, оюн-зооктун кечи. Ушу таптагы ыр-күүгө чалкыган мектеп мектеп эмес, Адылдын өзүндөй шайыр мугалим көрүнүп, а Адылдын өзү ушу мектептин өзүндөй шаңдуу көрүндү айылга.

А Адылдын эс-көөнүндө баягы согушка кетердеги күндөр... Оштогу айыл чарба окуу жайы, мына ошондогу ыр-хор кружогу, комузчу балдардын тобу, залдын төрүндө кол ойнотуп, комуз чертип жаткан Адылдын козу Күлүмканга чагылыша түшкөн күнчү!..

Чаткалга келгенден бери Күлүмканды көп ойлочу болду. Айылдагы кыз-келинден анын өңүн, анын мүнөзүн издейт. Кур дегенде анын өңүн, анын мүнөзүн... Ооба, айылдагы кыз-келинден анын өңүн, мүнөзүн издейт. Кур дегенде ошонун үнүндой үн угулар болсочу?!

Өткөн дем алышта мектеп окуучулары концерт берип жатышат. Түтүнү түрүлө келген кыштак кишилери мектептин чакан залына батпай, калгандары терезе-эшиктен моюн созуп, тикесинен тик турушкан эле. Адыл өзү балдарды боюна карай катарга тизип, хор баштаганы турган. Ачыгыча бир шыкгыраган адеми күлкүнү... Күлүмкандын күлкүсү!.. Кокустан электр тогуна тийип алгандай дүрт этти, жүрөгү дүкүлдөп кетти мунун. Ошо күлкү чыккан тарапты элендей карады. Шыкылдап күлүп, дароо басылып калган такыячан кызды көрө койду бул. Чакмак канттай апакай тиши бар, кетирекей кара кыз али козун жайнатып күлүп турүптур. Кыздын не өңү-түсү, не тула-бою окшобойт Күлүмканга. Кетирекей кара кыздын жанындагы кыз-келин да күлүмсүрөп, бу ырдай турган кызды карап турушат. Баса, бу мектептеги оюн-зоокко өзгө түгүл, Дөөлөттүн эжеси да калбай келчү болду.

Күйүттөн, карылыктан күндөн-күнгө шүйүп, эрип бараткан кемпир ушу тапта кадимкидей жандана түштү. Оюн-зоок болордо Адылдын өзүнө жеткелетип, эл алды келген кемпир ошо элдин алды жагына отуруп алат да балдардын ыр-күүсүнө ыракаттанат. Дөөлөтүмүн оюн-зоогу деп айтат аны кемпир. Адылды Дөөлөтүм дейт. Дөөлөтүмдүн мектеби, Дөөлөтүмдүн балдары деп келет кемпир. Анын бу созу айыл-апага белгилүү.

Кемпирдин айткынын жүйөлүү көрүшөт. Анын көңүлүн улап сурашат:

— Дөөлөтүң келе элекпи мектебинен? — Ага кемпир да атайын жетине албай таттуу үмүтүн айта кетет:

— Эми ушу Дөөлөтүмдүн бир келинчек киргизгенин көрсөм болот эле?..

— Киргизет, жакында киргизет,— деп сүйлөй кетипшет. — А тойду чоң бересиңби, эне?

— Аа, балакетиңди алайыпдар! Ушу Доолотүмөн аянып мен корүмо ала жатамбы?!.

Ушинткен кемпир бүгүн-эртең үйнө кирчү келинди чыдамсыз күттү. Адыл болсо окуу-тарбия иши менен алагды. Мектептин окуучулары гана эмес, мугалимдери да бу келгени эрежени бекем тутуп, бая ээн басып, жоро уулап келмейди унутушту. Үйүнө келген куттуу мейманды ызаттагандай ызаалташты Акбаевди. Куттуу мейманынан ыйбаа кылып, оз үйүнөн өзү тартып сактаган кишидей сылык-сыпаа. Баягыда мектепке жетип кайра тарагыча шашкан балдар эми отүлчү сабакты күсөп, суроого жарыша кол которуп, биринен-бири озо жооп берүүгө умтулушчу болду. Өзгөчө, тарых менен георгафия айрым балдар үчүн кызыктуу сабак, керемет жомок өңдонуп калды. Эртең тарых сабагы дегенде балдар не бир укмуш окуялуу кино корчүдөй дегдейт да турат. Кең маңдайын капкайтып, дайым уурдунан жылмайган Акбаев класска баш бакканда балдар дүр этип туруп, куду ошо тарыхтагы окуянын арасынан келаткан адамды көргөндөй болушат. Ана, алиги Нурмат бала «Бородинодогу салгылашууну» куду китептен окугандай айтып жатат.

1812-жылдын 26-августунда Бородинодо мурда болуп корбогон салгылашуунун башталгандыгын, ал тургай, Наполеондун ким экендигин да айтып турду.

Өткөн сабакты бышыктоодон улам Акбаевдин көзүнө Наполеон гана эмес, Гитлер да турду. Гитлердик фашизмдин баскынчылыгы, фашисттерге таланып тонолуп жаткан Европа... Кечээ, өзү кечип келген согуштун өрттүү сели кара кочкулданып, каптап келатканы мына азыр да үрөй учуруп, көз алдыда... Акбаевдин кең маңдайында көлөкө түштү. Жаак тарамыштары түйүлө, диртилдеп, өңү сурдана калганын көрүп турушту балдар. Балдар анын мынча жүзүн үйрүп, сурданганын билишчү эмес, өзгөчө бүгүнкүдөй өткөн сабакты бышыктоодо, мына азыркыдай шатырата берген жоопту укканда мугалим өзгөчө жадырап окуучуларынын өңүнө эргип турганы билинчү, балдардын жакшы окуп келгенине ыраазылыгын өңүнөн көргөзчү. Мугалимдин кабагына түшкөн көлөкө ушул азыр класска да түшүп турган эле. Күн түшкө таяп калганына карабай класс күүгүмдөп, суук болчу. Бүркөө асмандан жаандын илеби келет. Акбаев терезеден мына ошо бүркөө асманды карап гана тунжурап турган эле. Мунун кабагы капыстан бүрколгөнүн эми билгендей болушту кээ балдар. «Кызыл жүгүрүгү кар-

маган го, агайдын! Күп бүркөлүп калбадыбы...» Мунуу ойлонгон балдар өзүнчө, мугалим өзүнчө эле ушу тапта. Бышыктоо жүрүп жатты. Кол көтөргөн балага кыска суроо берилет, бала токтобой сүйлөп, мугалим дагы эле тиги терезеден аркы, бүркоо асмандан көз айырбай тунжурайт. Жаандуу, оор кара булут жер бетин карай улам үйөрлөп келип, бир оокумда асман гүр-шар этти, асмандан кочкү жүрүп кеткендей, оор кара булут дыр этип, айрылып кеткендей болду. Шаркырата жамгыр токтү. Тоонун кыянындай ылай аралаш жаан жууган терезелерди балдар жарыша карап калышты. Чагылган «чарт-чурт!» дей түшүп, кулак тунуп, тыш жак терезеден бир заматта жарык көрүндү. Терезени караган балдардын да, мугалимдин да көзүнө чалынганы тиги Доолөттүн эпесинин тамы. Там да ушу чагылгандан жалтангандай жепирейе түшүп, анан тиги оргуп келаткан селге кеткендей жок болду. Класс ичи жанагыдан түнөрүп, тиги асман-жерди чалмакей кылган жаандуу, кочкул булут үйөрлөп, терезеден кирип келаткандай кишини ичиркентет. Не бир алааматтан үрөйү учкансыды Акбаевдин, сурдангандан-сурданып, жаак тарамыштары түйүлүп, маңдайынын бырышы улам калыңдап, ошо тиги терезеден аркы кочкул булуттан көз айырган жок.

...Ана, баягы Днепрден өткү түн... Күздүн оор кара түнүн жамынып, кайык менен дарыя үстүндө бараткан эле булар. Кезек-кезек ракета атылып, дарыя жарк дей калып жатты. Үстүдөгү оор кара булут да көз алдыга бир түнөрүп жок болуп. Суу бетинде да боз буу, жоо туман... Аңгыча душман дабыш алды! Жүздөгөн ракета суу үстүндө жылдыз болуп, миңдеген ок түндү тытып, үстүнө жаап турган ок менен ракетадан дарыя баратап кайнап, фонтан болуп көккө атылып турду. Ажал оту бет алдыда дубал болуп... Ооба, артиллерия менен минометтон бүркүлгөн жалын бет алдыда күрөң кочкул дубал... Ошо орттүү дубал буларды айкыра чапчып... Оо, ошо түнү жер солкулдап, дарыя чайпалып, дарыя түгүл, күздүн кара кочкул асманы да чайпалып турду эле го!..

Мына ушул мугалимиинин көзүндөгү согушту класстагы балдар да чогуу көрүп тургандай сезгейишти. Алар агайынын мынча сурданганын, кең маңдайынын мынча бүркөлгөнүн, алагар көзү мынча сустая тунжураганын көрүшкөн эмес.

Алай-дүлөй асманды терезеден балдар жапырт тиктеп турушту. Алар демейдеги бу Чаткалдын жаандуу асманын эмес, мына бу мугалимдин көзүндөгү согуш алааматын ошо

тиги асман бетинен көрүп турушкандай сестейишти. Ушу жер жаралганы жер үстүнө адам жаралгандан берки кандуу кыяндар тетиги үйөрлөгөн кара булут арасынан өркочтөнүп, удургуп атты балдардын көзүнө. Азыр өздөрү айтып турган Наполеондун кандуу чабуулу: жер силкинткен күркүроктөр — ажал чачкан замбирек үнү, куду, тиги үйөрлөгөн кара булут түстөнүп, асман, жердин арасын чалмакейлен жатты. Анан дагы кечээги Ата Мекендик согуш алааматы: өздөрү газетадан, китептен окуп, өздөрү кинодон көрүшүп үрөйү учуп, мына бу мугалиминин оозунан угуп, ичиркенген балдар, эми мына, дал ошо согуштун өзүн алай-дүлөй асмандан көрө коюшкандай ушул азыр.

Ана, кочкул асман тээ, батыш жээгинен жарылып кеткендей гүр-шар дей түшүп, жерди карай жарк-журк от чачты. Асман, Жер бетме-бет салгылашка чыккандай: Асман бар ачуусун жерге агытып бууракандап, Жер кебелбей алп көөдөнүн тосуп туруп, каардуу күркүроктү тээ, алыс жээкти карай сүрүп жиберип жатты. Ага эригишкенсиген Асман оттуу кылычын кайра да жарк-журк шилтен, тиги терезеден көрүнгөн Дөөлоттүн энесинин жепирекей тамын боло-боло чаап таштады.

* * *

Чаткалдын алгачкы жазы Адылдын көз алдында, Чаткалдагы аденки күн күркүрөк кулагында. Адыл анда балдарды китептен эле эмес, жаратылыштан да окутуп жаткан. Окуучулардын жаратылышка байкоо жүргүзүүсүн колго алган. Бул ишти ал төмөнкү класстын окуучуларынан баштабадыбы ошондо. Ар бир окуучуга байкоо жүргүзүү дептерин түздүрдү.

Мына ушу байкоо жүргүзүү күндөлүгүнөн улам Акбаев окуучулардын кыйласынын парасат-зээндүүлүгүн, жаратылышты сүйүүсүн, анан айрымдарынын шыгын да баамдады. Жума сайын ар бир күндөлүктү карап чыккан мугалимге окуучулардын колу да, мүңөзү да жат болуп калды.

«...Эртец менен ой-дөңдү калың туман каптап туруптур. Ээй, кызык! Туман жаны бардай жылат экен?! Тигине, биздин үйдүн алдындагы дөбөнү басты, мына, биздин үйдүн үстүнөн бери сылап келатат.

Туман биздин үйдүн чамгарагынан чыккан бозомтук түтүндөй экен, ал жана энем тытып отурган тыбытка — сар эчкинин тыбытына да окшойт».

Муну окуп турган Адыл мыйыгынан күлдү. Бул күндөлүк бир кылкандай сары кыздыкы, 3-класстан окуйт. Көр-

гон сайын аны бая озунун Бакенине окшоштурат: сары кыздын козун жулжуйтун кулун койгонун да, арпанын кылканындай сексейген саамайын сылап алганын да ээрчий карап тура берет, тура берет да ошо тирүүлой жоголгон Бакенин эстеп, жүрогу сыздайт. Күндо ушу сары кызды жанына чакырып, ардемени сурайт. Өзгочо, анын жаратылышка болгон күндолук байкоосун карай бериштен тажабайт. Сары кыз да күндолук жазууга кынык алды. Ал көргөн-билгенин, айланадан байкаганын күн сайын жан дилинен жазган үчүн эң эле кызыктуу чыгат. Жыл мезгилиң, ар бир айды, а түгүл, ар бир күндүн ачык же бүркогун, жаанчачынды, ой-кырга тунуп калган карды, асман-жерди алаамат кылган бурганакты, бир оокумда, чайттай ачылган кок асманды наристе козу менен коруп, табийгаттын бул кереметин наристе жүрогунон сезип, күндолүгүно түшүрөт.

Күндолук жазууга бул эле сары кыз эмес, анын курбулары да ынтаа коюп: коктудан жылган жоо тумандыбы, коктон кочкон булуттубу, мурда коро электей элее карап калышчу болду. Жумшаган жакка демейкидей тыз чуркап кетпей делдейген баласын коргон эне-атанын жемеси угулат кээде: «Ботом, бу эс талма болуп калганбы?! Чурка дейм, кайыр ары малды? Же булутту коро элексинби?» Эне-атанын бу созуно бала жылмаят, аны угуп, аны көрүп турган мугалим да мыйыгынан гана күлот, табийгатты тыңшап турган балага ичинен кубанат...

Мына, Адыл Чаткалга жазында келип, күзүн, кышын өткөрдү. Кайра май келди. А өрөөндүн терең кары али жатты каш кайтарбай.

Чаткал ушу. Күн мезгили келген менен жыл мезгили келбей, өзгөчо, кар оор түшкөн жылдары жаз көрүнбой, жай толугуна чейин сундагып туруп алат. Найза бойлогус кары бар, мойну узун кышы бар бул өрөөндү көргөн Адыл жазды күтүп зарыкты. Ой-тоонун кары эле эрисе кулпунган турат адыр-белес. Ошо адыр-белестин ырацы менен кошо жайнап, балдар чыкмак экскурсияга. Жашыл беттерге жабыла чуркап байчечекей терген балдар көрүнөт, мунун көзүнө, жамыраган козудай гүлдүү бетке жамыраган балдардын чуулдагы угулат кулагына...

Бүгүн күнгө ишемби. Кечинде мектепте оюн-зоок болмок. Сабактан тараган балдар бир аздан кийин кайра келишип оюн даярдашмак. Балдарды күтүп мектепте жүргөн Адыл терезеден почточуну көрдү. Газета, журнал бу Чаткалга дайым кечигип келчү. Аба ырайы бузулуп калганда самолет учпай, арадан күн гана эмес апта отүп, дайым зарыктыра берчү жаңылык. Почточу келатканда бу кыштак

кишилери баягы согуш жылдарынан бетер дүргүй түшөт. Аны алыстан көргөн балдар кыйкырып тозо чуркап, тирилигинде жүргөн айыл кишилери аны утурлай басышат. Ушул айыл кишилеринин биринде почточуну утурлаган Адыл да озго күндөн ушу күн унутулбай калбадыбы!..

Киши күнүмдүк тирилигинде, өмүр бою көптү көрөт, көптү угат. Анын баарынан иргелип отуруп көкөйдөн кетпей калаары экөө гана: анын бири — жүрөгүн талпынтып, жан-денине кубат болор жакшы кабар, экинчи — анын жүрөгүн үшүтүп, канын ууландар, сезимин ууландар жаман кабар. Кишинин тиричилигинде көзүнөн кетпей калары да ошо коркунуч менен кубаныч. Мына ошол саатты, ошол күндү киши өмүрүнчө эскере берет, көөнөртпөй эстей берүүдөн жадабайт. Жакшылык, жамандыктын кабарчысы кат менен телеграмма сыяктуу бу айыл элине. Кат го кат, а телеграмма десе үрөйү учат кишилердин. Аны кулакка суук угузган согуш күндөрү болду го. А согуштан мурда телеграмма дегенибди ким билиптир, бу айыл элинен. Демейде айылдан тышта, аскерде же окууда жүргөн бала-бакырасынан келген жайынча катты ошо кат тааныган балдарга алыга ала чуркашып, алардын аманчылыгын угуп көңүлү карк болчу ата-эненин. Куттуу мейман күткөндөй алар ар дайым кат-кабар күтүшчү тыштагылардан.

Эми, бу чаткалдыктар күткөн катты Адыл да күтөт дечи, бирок, эч кимден жок. Баса, бир жолу күздө Бает агасынан келген. Адресин башка бироого жаздырып, ичине чалдын өзүнүн колунан тартылган, чойроңдогон ариптери бар эки баракты эмдиге катып жүрөт. Бает бу иниспнин аманчылыгын сурап, анан өз балдарынын эсенчилигин айткан экен. Кудай аман коюп, кыштан чыкса, жаркыраң жай келип, дабанын моңгүсү эрип, жол берсе, өзү да ошо Кара-Бураны ашып келип каларын айткан экен. А Адыл ага чейин балдарды таратып барып каларын айтып дароо жооп жазган. Андан кийин да канча сапар кат жазды, бирок, жооп келбеди.

Кат келбегенинен Адыл жүрөксүйт. Жүрөксүгөнү эле бая Бакени: «Ай, ошо байкуштун дайны чыкпай калды?..» Ушинтип жатса-турса ойлой берет. Күлүмканы да эсинен кетпейт. Өзү согушка жөнөп, ал Ошто калган баягы, кара пошорлүү түп көзүнөн кетпейт. Ош айланасында иштейт деген кишиден алиги кыз атасынын аты-жөнүн атап, сураганы — сураган. Бирок, андай аттуу кишинин дайнын биле албады. Антсе да үмүт эрчитет күн сайын. Эртең эле Күлүмкандан кат келчүдөй, почточу келген сайын, анын капчыгындагы катты дайым өз колу менен ачтарып чыгат.

Адыл ушу сапар да адегенде анын капчыгындагы каттарды бирден санап кайра салды, анан бир колтук газета, журнал алып, мугалимдер компатасына кирди. «Кызыл Кыргызстандын» бир нече санына коз жүгүрттү. Чүй ороонундо кош айдоо өнөктүгү эбак аяктап, а түштүктө пахтанын өнүмү экенин окуду да өзүнчө күбүрөдү. «А бу Чаткалда кыш али».

«Ленинчил жашты» карады Адыл. Негедир «Ленинчил жашты» баштан-аяк ар бир макаласын кызыга окууга башынан адат алган. Бул газетага өзү да анда-мында жазып, бирин-эки макаласын жарыялаган. Биринчи бетти бүтүп, экинчи бетке келген Акбаевдин козу бакырая түштү. Ал капыстан чочуп кеткендей эле. Анын козу ирмелбей бакырайып, газетаны теше тиктеп, чекеси нымпый түштү. Колундагы газета калтырап турганын өзү сезген жок. Ири тамгалар менен жазылган үч сөздү азыр коз алдынан качырып ийчүдой улам окуй берди. Ар бир тамгасына кадалана тиктеди. «Акбаева, алдыцкы окуучу». Ушул үч сөздүн алдындагы макаланы канча сыйра окуп ийгенин ким билсин, андан баягы өзүнүн жоголуп кеткен Бакенин таап, анын атын коруп турган өз козүнө өзү ишенбей, а түгүл, ушул окуянын түш эмес онду экенине да ишене бербей турду.

Бакени аман-эсен окуп жүрүптүр. Окуганда да бардык сабактарынан «5», а түгүл, пианинодо да эң мыкты ойноп, угуучулардан алкыш алат экен.

Согушка чейин да, согуштан кийин да тыпбай издөө салып, ыз-жыныи таппай жүргөн Адылга бул бир керемет түштөй эле. Дайым жүрөгүнүн башында түйүлүп турчу бир боору мына! Бакени тирүү тура. Кээде, өзү ойлогондой же башка кишилер айткандай. башка жакка которулуп, же башка республикага да өтүп кетпептир. Ушу Фрунзеде эле Крупская атындагы балдар үйүндө экен.

«Бакеним! Садага болоюн каралдым! Чын эле тирүүсүңбү сен?!» Өзүнчө ушинте берди Адыл, ушул гана сөзүн улам кайталай берди. Калтырап турган колундагы газетаны улам кайталап окуп, алиги макаланы улам өбө берди.

Ал газетаны кармаган бойдон айланасына жалт-жалт карады, кимдир бирөөлөрдү издеп жатты. Ким көрүнсө мунун сүйүнчүлөмөк эле. Бирок, ушул азыр мектеп жанынан эч кимди көрө албаган соң үйгө чуркады.

Дөөлөттүн энесинин үйүн коздөй чуркап бараткан агайын көрүп калышты, тээ, жогортон чогулуп келаткан балдар.

Терезенин түбүндө жүн тытып, күн чубактап отурган кемпирге аптыга сүйлөп, ашыга сүйүнчүлөй кирди Адыл:

— Энеке! Энекебай, сүйүнчү!

Ар адамдын күткөнү сүйүнч. О, тирүүнүн ыйык тилеги!

Алдына толгон булуттай жүндү арык манжасы менен таяна калган кемпир андан бетер аптыгып, оозуна киргени бу болду:

— Ыя? Сүйүнчү?.. Ыя айланайын! Дөөлөтүмбү? Дөөлөтүм келдиби?!.

Кемпирдин оозунда, оюнда мындан озго жок эле. Адыл андан бетер алдастап, андан бетер жүрөгү сыздап кетти кемпирдин суроосуна. Ошо сыздап кетти да кемпирди балача кучактап, кокүрөгүнөн балача жыттап, бир оокумда муну айтты:

— Энеке! Бакеним... Менин баягы Бакеним тирүү экен!

* * *

Чаткалдын кары кетип, ой-кыр күлпүлдү.

Балдар каникулга тарагандан бир апта отпөй Адыл самолёт менен Фрунзеге жөнөдү. Ушул күндү күтүп чыдамы кеткен эле мунун. Бакени бая газетага чыккандан бери ага озу бир нече жолу кат жазып, озү изден барарын айткан. Анан карындашынан да кат келди. Тизген мончоктой кооз көрүндү анын тамгалары. А түгүл, сүротүн да салыптыр. Чачын татынакай тегиздеткен, монтойгон аппак Бакени агасын карап, күлүп турат.

* * *

Күн чайттай эле. Самолёт тоолор башын жай сыдырып барат. Ана, тоонун кокту-колоту жыбыт-жылгасы. Төмөн карай колун сунса сыдырчудай жакындан көрүнгөн белбелестердин кайсы экенин айра алган жок Адыл. Тоо боорун сылап бараткан бир түйдөк булут оңдөнгөн самолет жай гана жылып бараткансыганы менен күнчүлүк жолду саатына сызганын Адылга билегиндеги сааттын жебеси көргөздү.

Самолет конгон мейкин талаада закым дирилдеп, аптап экен. Самолёттон тышка чыккандарды чоң жагылган от табындай аптап урду. Жүргүнчүлөрдүн көзүно урунган чынар теректер да ушу саратандын аптабына магдырап, тымтырс гана көшүп турган эле. Тээ, алды жакта боз мунарык жамынган шаар да аптапка чөмүлө, каалгыйт.

Балдар жайкысын эс алган лагер шаардын тоо тарабындагы калың алма багынын ичинде экен. Адыл тиги бак ичиндеги ак чатырларга жетпей жатып, карындашын сурады жолуккан кыздардан:

— Акбаева Бакенди билесинерби?

— Аа, Бакенкабы?

— Акбаева? Музыкаптпы? — Ушинтип жарыпа унчуккан кыздар ичкериге жарыпа чуркашты, кыйкырып да баратышты:

— Баке-енка-а!

Кыздардын суроосунда алактап келаткан тараз бойлуу, ак саргыл кыз бет алдыда агасын корор замат учун жетип, анын мойнуна асылды. Карындашын так котерун ала койгон Адыл апын бети-башынан аймалап, чачынан жыттап, жалына берди:

— Каралдым менин! Кичинекейим!.. — Мындан ашык сөз Адылдын оозуна кирбеди. Коз жашы бекен, же?.. Айтор, бир перде алкымына кептелип, үнү туттугуп жатты. Карындашы андан бетер ыйы-күлкүсү аралаш:

— Байке-е! Келет деп эле жүргом! Келет дегем! Корөм дегем акыры!.. — Ушинтип агасынын мойнуна бек чырмалып алган кыз ыйлап да, күлүп да, тыпбай сүйлөп да жатты. — Билгем! Согуштан келерицди билгем. Сени сагынып... Сен да, а тиги айылдагы чоц эпем да түшүмө кирчү. Анан тиги...

Азыр алыстан чуркап келип токтогопсуган кыз кубанчын коодонуно батыра албай эптигип турат, козүндогү чолок жашы менен күлүп турат.

Бак түбүндогү скамейкага олтурушту. Кичинекей, арык Бакендин бети эле мотурайып, толмоч тартканы болбосо, бою али тараз. Муну азыр, тиги тецтуштарына катар койгондо 8-класстын окуучусу дей албайсың.

Эки бир тууган ушу тапта корушконунө ынана албай турушкандай кучакташкан калыбында бири-биринен көз айырбайт. Өзгөчө, Бакен өңүмбү же түшүмбү деген абалда. Өзү азыр айтып тургандай түштү көп көрчү эмес беле, агасын көп корчу эмес беле, түшүндө. Мына, азыр да ошо көп түштүн бири болуп калабы деп чочулагансыйт, кыз бала. Мына ушинтип туруп эле ойгонуп кетсе, агасы жок!.. Капча түшүндө оозунан алдыргандай комсунган эле ал.

Баягы, 1938-жылы, ушул шаардан агасынан бөлүнчүдөн беркини не бир айтып түгөтө алсын Бакен. Агасынан тирүүлөй бөлүнгөн кыз тамак да ичпей, көз жашын кол кылып, күнү-түнү сооронбой, боздоп гана отурган:

— Байкеме барам, байкеме жибергиле-ечи-и!? Сооронкондорго болбостон ыйлай эле берген. — Оо, байке-е! Мени алып кет!

— Азыр, азыр барабыз байкеңе. Мына мен алып барам. — Ушинтип муну алдап-соолаган ак жуумал келин, бу

тер менен жашка жуунуп, жүдөп турган кызды киринтип, чачын тарап, орүп, алдына алып отурду да жайма-жай сөзгө алды. — Мына, татынакай сулуу кыз турбайсыңбы! Мына, эми экөөбүз бирге болобуз. Мен сенин эжекең болом. Байкеңе алып барам, кайда эле байкең? — Мандайынан сылап турган ак жуумал келинге үйүр тартты бул, бая айылдагы өзүнүн эжеси Жамбыны көргөндөй буга жакынсыды, муну тигиле карап, ошо эжекесине окшош бирдемелерди издеди анын оңунон. Баарыдан мунун көзү... Мунун көзүнөн-көзүн айырбады кыз. Анын саал жүлжүйө күлүп койгону куду эле өзүнүн Жамбы эжекесиндей экен. Бирок, мунун аты Гуля эле.

— Менин атым Гуля, Гуля эжеке деп жүр, макулбу?

Башын эпек ийкеген Бакен, мындан кийин ушул Гуля эжекеден карыш бөлүнбөй калды. Кайда баратса анын караапынан көз айырбай, а түнкүсүн да ой-санаасы ошол эжекени ээрчий кетет. Адегенде аны тике караштан коргон кыз, эми агасы Адылга кат жаздырууга батынды. Баса, аны да ошо Гуля эжеси айта салбадыбы:

— Кана, Бакентай, эми сенин байкеңе кат жазабыз. Анын турган жерин айтчы мага? Кайда эле?

Шаарда дегенден өзгө айта албады бул. Кай шаарга, кай мекемеге, же кайсы окуу жайына жазат муну билбеди эжеси. Анан саал ойлоно калып, айылын сурады:

— Айтчы, Бакентай! Кай жерденсиңер? Буга кичине кыз иргилтпей жооп берди:

— Кемер... Биздин үй тиги Кемерде!

— Кемер! Кайда ал Кемер деген жер! Кайсы район?

Кыз ага оңду жооп айта албады; билгени эле мунун агасы Адыл ошо Кемер деген жерде дайым эгин сугарып жүрчү экен. Мындан айласы кеткен Гуля эже ушул арадагы кыргыздардан да сурап көрдү. Бирок, Кемер деген айыл кайда экенин билгендер бу арадан учурабады.

Кичинекей Бакендин көңүлүн кыйбаган Гуля туш-таранка суроо салыштан, кат жазыштан чарчаган жок. Бирок, Адылдын дайынын биле алышпады. Ачыча согуш чыгып, эр-бүлө түп которо согушка аттанды. Эс тартып калган Бакен да сезди агасынын согушка кеткенин.

9

Машина Ак-Белге чыга бергенде тээ, тоо башынан тамылжыган түшкөн жээк көрүндү. Чыгар күндүн кабары. Белде дирилдеген жел бар. Тээ, моцгудон соккон булактай, дирилдеп соккон жайдын жели мына бу Ак-Белде ыкшалып жат-

кан кара-көк эспарцетке ашыга жетип, жойкуп оонап жатты. Арасына жел оюн салган эспарцет көлдүн ириминдей көлкүп-толкуп, ошо жашыл толкун арасынан бодоно бытпылыктайт.

Жайдын жуурат таңынан чыккан бөдөнөнүн үнүн тыңшайт, ошо таңда чукуранып келаткан тиги жашыл адырлар.

Деңиздин толкунун жирегенсиген машина калың эспарцетти жирей келип, туу жонго токтоду. Машинадан тыпка суурулган Акбаев куду жаңы уктап ойгонгонсуп, не бир ыракаттана эстеп, куду деңизде чабак ургандай абага кулач кере деле-боюн жазды.

Акбаевден кийин машинадан түшкөн Ишен антип боюн жазып, керилин-чоюлган жок. Мына бу жайдын таңына да, ушу таң менен кошо ойгонуп келаткан тоо-талаага да анча назар салбагандай, анын кулагында бир гана бөдөнөнүн бытпылдыгы.

Бөдөнө тоорушка калганда бул Ишен астындагы ашын унутат. Азыр да тиги бытпылдык чыккан таранка дабышын уурдай басып бараткан Ишенди козу чалган Акбаев беритен үн салды:

— Ише-ен! Оо, Ише-ен! — Минтти да ага соомойүн кезеди. Ишендин бодоно кармап, капаска багып жүргонүн көрүп калган Акбаев анын бул «онорун» жактырбай башын чайкаган да минткен эле:

— Кай жазыгы үчүн минтесиң?! А озүңдү капаска салса кантер элең? Адыл капастагы бөдөнөнү аяп, дароо аны кое берүүнү өтүнгөн. Ишен муну күткөн эмес, анын ордуна мактоо угам деп ойлогон. Анын үйүнөн бодононун үнүн угуп, бөдөнөнү көргөндөр эч качан минтип жемелечү эмес, кайра муну далыга кагып, которо чалып ташташчу:

— Азаматсың, Ишен! Бодоно кармоого кыргыйдай элесиң!

Акбаевден ушу мактоону угам деген. Кооз, чаар бодонөнү кызыга карап, анын сайраганын маашырлана тыңшайт деп ойлогон. Бу сапар ою тескери чыккан Ишен озүнүн жарабас «онорүнө» жазыктуу жылмайын, «мындан кийин бодоно кармабайм!» — деп убада берип салган эле. Ал убаданы унута калыптыр. Азыр бытпылдыкты укканда куду бөдөнөнүн корозундай козу канталап кеткен муну Акбаевдин үнү токтотподубу. Атасынын тыйганын укпан тептек баладай кыйпыңдай калган ал тиги эспарцет толкун жаткан жонду кайкыта карап, озүнчө ыңтайсыз.

Булар турган Ак-Белдин асты жагындагы мына ушу туура сеңирди эл Боз-Бешик атарын Ишен бала жакшы би-

лет. Жаз алды менен жашыл кийип кулпуна калып, жайга жетпей кубарып, чөбү учуп кеткен Боз-Бешик ошо жайынан кышына кубарып гана, чаңы уюлгуп жатчу.

Боз-Бешикке башынан бодо мал байырлап көргөн эмес, майда-жандык гана кыртышка жармаша калып, бирдеме искеп күнүн көрчү. Ишен өзү да ушуларга кой жайып көргөн. Жерге жабыша чыккан сейрек бетегеси куусаң тартып учуп кетип, кымындай ным да, түк да токтопос адыр-белге жайылган кой-эчки да аялдай албай шуулдап кетчү да койчуман бала артынан жетпей ыйлактачу. Буларда жандуудан ушу жердин өзүнө түстөш бозоргон чегирткелер күнүтүнүнө чырылдап, ичке боз кескелдириктер тызылдачу. Өзгө жерге учуп жете албай калгансып, мына ушу какшыган куу белди жердеген канаттуудан чакчыгай бет алдыңан ышкырып ийип, жылт койчу. Жайынан кышына какшып жаткан Боз-Бешикти алыстан карасаң ошо тиги моңгү тиреген кызыл чокудан чорт үзүлүп, төргө туурасынан коюп койгонсуган бешикке окшогон боз сеңир.

Баса, ушу Боз-Бешикке адеп трактор чыгарып, эгин айдайт экен дегенди уккан бу жогорку зонанын айрым кишилери чочушкан:

— Кокуй, Боз-Бешикти айдайт экен дейби?! — Ии, ага арпа айдайт экен.

— Арпа? Ботом, аны эмне менен сугарат экен? Же ошо Боз-Бешикке дайым жаан жаадырып турат бекен?

— О, бир жактан суу алып чыгат го.

— Боз-Бешик түгүл тиги, тор-талаага жетпей жатат суу!..

Мына ушинткен кишилердин арасында болчу Ишен да ошондо. Анан ошо жылы жазында райондун жетекчилери демилге которүп, райондун бүткүл кызматкерлери, мектептин мугалимдери баш болуп, ишембиликке чыгышты, тиги тереңдеги Чаттын суусунан алыш бурушту.

Бурган-Алыш. Тиги чоң коктунун Чат деген аты калып, ошо күндөн Бурган-Алыш аталды. А түгүл, мына ушул Боз-Бешик айтылбай Бурган-Алыш дешчү болду бул ороондүн эли.

* * *

Тоо желине тармалдана буластап, толкуп жаткан эспарцет Акбаевдин тизесинен ото чабат. Ушул жашыл толкунду узун-туурасынан кечкен Акбаев мунун өсүмүн, сууну кандай ичкенин карап жүрдү.

Дал ушул жашыл толкундай шаттык бир леп этип, мунун коңүлүндө. Ушул жашыл жондон туруп, коз учунда

керилип жаткан ороонго коз чаптырды. Дал ушу жай толугундай магдыраң жатат Кок жайык ороон... Өрөөн көк деңиз өңдөнөт. Ошол көк деңиздин жашыл аралыгындагы казөрдөктүн калың жумурткасындай апакай тамдар жыбырайт, ойдо. Боз-Бешикке тирей келип токтогон ак тамдар бул өрөөндүн көкүрөгүндөгү совхоздун эң түптөгү Кур-Көндөй участкасы. Кур-Көндөй бу аяздуу асман алдынан, тоо этегинен конуш алган кыштак. Бу кыштактын эгин-чобу деңиз деңгелинен эки миң метр бийикте өсөт. Кышы өзгөчө ызгаар, жайы каңдак келип, ным сактабас жериндеги эгин чөптүн өнүмү башынан начар. Чанда гана жылдарда болбосо арпасын ар качан үшүк алат. Кантсе да бу Кур-Көндөйго ным сактоо айласын таап, арпаны суукка алдырбай оруурга аракет керек.

Бул чолкөмдөгү жер кыртышынын нымын жана тоңун байкоого алды Адыл. Бу жерлик карылардын айтымында жердин тоңу метрге жетет. Ал эми күн кеч жылып, жаан жаймай, июнь айларында гана сейрек жаайт да жери ным сактай албай бат кургайт. Тигине, Ак-Бел. Тээ, Ак-Белге келип такалган мелтилдеген боздо атам замандан соко тиши тие элек, атам-замандан бетине суу жайылып көрө элек. Тоо тирей жаткан доонун коодонүндөй Ак-Бел кеберсип, анын этеги уч-кыйырсыз боздо дирилдеген закым ойнойт жайынан-кышына...

«Жер какшып, суусап жатат!..» — Минткен Акбаев ушу тапта өзү чанкап тургансыды. Кеберсип турган өз эрдин жалап, өзүнчө кобурады. — Жерди жашартуу керек! А жерди жашартар суу, анан эмгек. Бул өрөөндүн суулары сай-сайлап бош агып жатат.

* * *

Бурган-Алыштан төмөн түшкөн УАЗ-469 тетиги мелмилдеген боздо закымдай дирилдеп келатты. Кыртыштан арач кылтыйган бетеге сейрек, куусак, кырт эткен таш көрүнбойт, соконун тиши, арыктын изи жок, мейкин эле.

Демейде алды жагын тирмийе тиктеп, жолдон көзүн албай жүрчү Ишен ушул азыр машина айдабай эле, ээн талаада ат тизгинин бош кое берип, эркин бараткандай чартарабына жай коз чаптырат.

Акбаев болсо адат болгон ою менен алек. Жолдо ойлоо, жолдо ишти пландоо, ойду бышыруу, көргөнүн, укканын көңүлгө түйүү, ошо көңүлгө түйгөндү ойдо талкуулоо, аны ишке ашыруу... Эртең эмне бүтүрүү керек? Бүрсүгүнү эмне иш баштоо керек?

Жер... байлык ушу жерде. Адам ырыскысы дагы ушул жерде. Малды түмөндоткон да ушул жер. Мал жайыты — күр жайлоолор, дан күроп алаар даркан талаалар бул өрөөндө азыр тарыраак экен. Андыктан, жерди урунууга сарамжал керек. Ар бир саржан жерди сарамжалдуулук менен бакканда гана андан маңдай тер кайтат, ошондуктан... — Ушинтти Акбаев оз ичинен, такыба кишинин оозунан түшнөс келмесиндей бул оюн азыр да кайталады. Кыргыз жеринин түштүгүндө жүрдү, түндүгүндө жүрдү. Акыры, бу жер сарамжалын ар дайым көңүлүндө ардактады. Кайда барса ал жердин сырын куду кыл табыптай билүүгө көндү.

Мына, бул өрөөндө кышкысын кар жаабайт. Жер кыртышын тыткан кара бороон кышы бою, жазы бою боздойт да турат. Жерде ным калбай какшыйт. Береги суу жетпеген адырлар түгүл, суу жайылган айдоолорду бат кургатат жазгы кара шамал. Жер нымга каат. Анан ошо ным сактабас жерге тоңдурма салышпайт, коңтормо айдашпайт, бул өрөөндүн эли. Анын баары куру убара, талаага гана кеткен эмгек деп коюшат:

— Жазгы кара шамал тоңдурманы бат кургатып, а коңтормонун нымы түгүл топурагын учурат асманга.

— Деги тоңдурма салып көрдүңөр беле? Коңтормо айдадыңар беле? — ушинтип сураган Акбаевге дегеле токтолбой жооп бергендер четтен:

— Коргонбуз, аксакал! Оо, бая согуштан мурда ушу көкүрөк зонасына бир агроном келип, тоңдурма салдырган, коңтормо да айдаткан. Анан ошо коңтормонун өзү курап кетип, сепкен арпабыз чыкпай калган.

Муну укту Акбаев, оюнун талкуусуна салды уккандарын: «Атам-замандан бул өрөөндү жердеген элге сырдакана — эрте түшөр кышы, катаал жазы. Ар дайым эгин-чөптөн тукулжурап келгенин жер шарты, аба-ырайы айтып турат... — Ушинтти Акбаев, ушинтти да эми мына бу көкүрөк зонасынын адыр-түзү менен бет маңдай маектешип турду: — Ыя?.. Деги ушу өрөөнгө ным сактоонун амалын табуу керек го, ным... кандай болбосун ным сактоо керек. Убарадан коркпоо керек, кандай болбосун тоңдурма салып, коңтормо айдап көрүү керек! Аны келеркиге калтырбай, мына ушул күздө баштоо керек. Баштаганда да мына ушул көкүрөк зонасынан, бул зона аяздуу асман, ак мөңгү тоо түбүндө, карсыз кара бороондун огунда, жер кыртышы бат кургап, ушук жүрүп, арпасы ушукко кетип турган зона. Бул зонанын катаал табыйгатын багындырууга жаштарды тартуу керек. Кыйынчылык менен таймашууга бу күндөгү техниканын кубаты, жаштардын жалыны анан убакыт...

ноп жатышкан өзгө байлыкка тойбой биздин жердин топурагына да сугу түштү.

Душман алдында миллиондоп айдалып бараткан мал, эшелондоп тартылып жаткан дан. Дал ошо дан жайкалган талаанын кара топурагы кошо казылып, душман жерин карай ташылып жатты. Ошентти, гитлерчилер Полтаванын кара топурагын да казып, ташып кетип жатышпадыбы ошондо! Оо, биздин ыйык топурагыбыз! Жер жаралганы жер көктөтүп, дан бышырып, эл багып жаткан асыл кара топурагыбыз да ал күндөрү Ата конушунан айрылып, жерден азып баратпадыбы ошондо...

Бизге тирилик берген эне сүтүнө тете ыйык эмес беле биздин топурак! Мына ошол үчүн аны коз карегиндей сактоо ар биребиздин ыйык милдетибиз эле.

«Душманга туулган жердин топурагын таптатпайлы!» — Мына ушул сөздү оозанып, ажалга бет алганбыз бир кезде.

Жер баяны, жер тагдыры... Адам турмушундай, адам өмүрүндөй албан жердин тагдыры... Адамдай дем алып, адамдай жашап жатат жер. Куду адамдын кубанчындай — жердин кубанчы, адамдын кайгысындай — жердин кайгысы. Акбаевдин көзүнө ошо согуш күндөрүндөгү жаралуу жер көрүндү.

* * *

Көлдүн иримдей чалкып жаткан кок ойдон бери жиреп чыга калган УАЗ-469 ошо кол жээгиндеги агарган кемердей ак чап чыбырларды этектеп баратты. Чыбырлар бетинде ным да, кыртыш да жок, тек гана какшып жаткан желе добо-ак чопо — бул Ак-Учук деп аталат. Мындан төмөнкүсү — Куу-Мамы. Ырайына карай аты коюлган шидей түзүнө карай аталып калган жерлер тигине: Ак-Бел, Куу-Мамы, Топурак-Бел... Куду сугаттан ала калган боз такыр өндөнөт ушул жерлер Акбаевдин көзүнө. Так ушул боз чанка өндөш кээ бир кишилер... Ушул азыр баягы Мукаш көрүнө калды, Акбаевдин көзүнө. Элдин сөзү эсине түштү: «Жүргөн жерине чөп чыкпайт!» Ырас да, «калк айтса, калп айтпайт». Аның шудуңдаган жүрүмү, кубаңдаган түсү — куду сугаттан ала калган боз такыр өндөнөт...

Акбаев мына бу бетине урунчудай болгон боз чаптарды тиктеп баратты. Жер жаралганы бетине түк күтпөгөн ак чопо доболор шоңшоюп-шоңшоюп, катар турган куу мамыдай. Кыштын кара бороону өтөп, жаздын кыяны чокусунан төмөн жара-жара тилгеп шиш доболор мына. Кубарган шиш

доболор — омүр бою күүрай башын сындырбаган, өзүн-өзү ырыскыдан какшыткан куу чиренге окшойт.

Кубарган чапты этектеп баратқан Акбаев, тээ-тиги чалкыган колго суктангансыды, мелмилдеген көк түзгө коз чаптырды: боорунан ным кетирбес, суудан өксүбөс жердин тегизи — өмүрү эмгектен кол үзбөс, ырыскыдан өксүбөс адамдын тегизиндей көолгүп жатат...

Кайра бет алдына жүзүн бурган Акбаев жепирейген босогого байкоостон чекесин уруп алгансыды, Куу-Мамыга жүзү урунду. Куу-Мамыдан күндө өтсө да, кайра баягы өзү иштеп келген Ак-Талаа көзүнө көрүнөт.

Ак-Талаа өрөөнүндө жердин түгү ақтара бүтүп калгандай эле.

Туташ ак чопо төгүп таштагандай гана агарган чап...

Акбаев ал өрөөндү көргөндө... жо, өрөөн эмес эле береги куу мамыдай ак чаптуу адырларды жарып казган чоң каналдын ичинде тургандай болгон.

Баса, ошо Ак-Талаага баратчуда... мунун көзүнө кар бурганактаган дабан көрүндү азыр...

...Кырчылдаган кыш, эки жыл айрылышып жаткан кышкы түн болчу. Бурганактуу буурул булут жамынган дабандын өзү кирген буурадай буркулдап, ошо түнкү асман-жер арасында чамынып тургандай сүрдүү.

Кышкы түн. Кыш түнүндө түз жолго чыгуу бир жон, анан мындай кар-бурганакта бел ашар киши жүроксүйт. Кандай гана адис шофер болсо да ушу кар-муз каптаган дабан атын укканда, муз жарылып күбүргө түшүп кеткендей бир ичиркенери бышык, Тайгак жол, уюлгута уруп турган кар-бурганак кандай гана кырсыктарга кептебейт!..

Дабан ашчулар ар кадам сайын жанын оозуна тиштеп, тула-боюн таштай түйүп, алдыдан көзү өтүп тикиет да тээ, булут менен аралашкан бийикке машинаны өзү жоо сүйрөп баратқандай карыша чымырканып жүрүп отурат...

Кишинин үройүп учурар кырсыктар өттү ушу дабанда. Ак бороон улуган кышта эмес, тиги төрлөрдүн тулаңы буралган жай толугунда абайлап жүрбөсө опурталдуу бул дабан, опурталдуу!..

Бет алдыдан урган бурганак күчөгөндөн-күчөп барат. Дабан жолу куду бороондуу күнкү деңиздин долу толкунундай буркан-шаркан. Ошо каардуу толкун арасында калган жалгыз кайыктай машинаны бурганак улам комо коюп отот. Анын көш фары уюлгуп, бургапакты көсөйт. Машинада отургандын көзү мына ушу көш фардан бетер мына бу бурганак ойногон ак-буурул жол тотосүн теше тиктеп барат.

Ооздо сөз жок, тула-бойдон чымыркана карышуу гана бар. Дабанда уйгу-туйгу бурганак гана бар. Өрго тырмышкан машинанын ычкына уңулдаганы кулакка кадалат. Машинаны белге жөө түртүп бараткансыган экөө кадимкидей чирене түшүп, өздөрүнчө чымыркана келишет.

Дабан жолу. Акбаевдин көзүндө: өз өмүрүндө басып келаткан жол, өз өмүрүндө ашып келаткан бел... Кара-Буура... баягы Үрүстөмдүн көчү менен Кара-Бууранын ашчуда... «Кызык!» — деп койду бул ичинен. Ошол дабандан да муну мөндүр аралаш кар тосподу беле... Анан Чапчыма. Чапчыма белин да адеп атчан ашты.

...Март айы. Ала-Букадан чыккан беш атчан Чаткалга баратышкан. Кесен капчыгайын өрдөгөн жалгыз аяк жол Кесен дарыясын жээктеп, бирде күңгойдүн куюлма шагылын жортуп, улам жогорулап отуруп, тээ, булут көчкөн көк зоонун башына чыгып кетти.

Атчандар зоо боорунда чубашын баратышты. Бүркүт уялачу көк зоонун жалама бети. Тээ, тереңде чамынган дарыя. Тар капчыгай. Маңдай-тескей жалама зоо мына, бирибирине тийип калчудай, бир гана зоонун жаракасындай, кууш. Дагы нарыраак жүрсөң эки асканын арасына кыпчылып калчудайсың. Мына ошо кууш — «Кочкор-сыйбас» аталат.

Капчыгайда баратып, бу капчыгайдын өз атын жанындагылардан уккан Акбаев күлүп, кубаттаган: «Атын таап коюптур. Бир заманда буга кочкор түгүл мүйүздүү теке сыйбас капчыгай көрүнөт».

Аска бетинде чубаша келаткан — ушу Ала-Букалык эки атчан улгайган кишилер алма-телме аңгеме улап жүрүп отурушкан: ушу капчыгайга бекинген басмачылардын коогасын, ушул капчыгайдагы кандуу кармашты, алардын огунан мерт болгон нечен бир эр азаматтарды, кези келсе — өзүн да өзгонү да аябас жан кечти корбашчыларды...

«...Аалыбай корбашыны карман келатабыз»,— деп сөз улады, алдыда бараткан буурул атчан когала сакал,— анын эки колу байлануу, тиги Кайыпназар экөөбүздүн ортобузда болчу. Ошо күнү Ала-Бука гарнизонуна жеткирмекпиз аны.

Эрте жазда айылга жакын карышкыр тууса, ошол айылдан чуу кетпейт го, ошо сыцары тиги,— деген ал, артка камчысын жазгады. — Тиги Кызыл-Токой, күйгүмөндүн, аркы Өрүктүдөн берки элдин теги тынчын алып келген эле, ошо кызыталак Аалыбай корбашы: чак түшто малын талап, үй-оокатын тоноп, теги коё бер!.. Эрктүү отряд нечен күнү анын артынан сая түшүп жүрүп, акыры кармадык. «Энди, жазаңды тартасың ууру!» деп алып келе жатабыз...

...Мына, дал ушул жер экен,— ушинтип сүйлөгөн буурул атчан озу бараткан аска боорундагы жалгыз арчанын түбүнө аялдай калды. — Дал ушул арчанын түбүнө жетип-жетпей: «Я, Алла!» деген үн бир бак этти. Биз үн улай селт этип, жалт карадык. Э, кызыталак! Көрүп турган көзүбүзгө ишенбедик: Аалыбай корбашы ушул аска бетинен томон карай ыргыган таштай гана учуп бараткан экен!

Аска этегин чапчып, чамынган дайрага дал ошо ыргыган таштай калыбында барып, урулганын бир көрдүк. Көз ачып-жумгуча болгон жок, күркүрөгөн шар комо коюп кетти... Ана, душман! Биз менен жакшылыкча кепке келбеди...

Муну укkан Акбаев башын чайкап, кабагын чытыды. Мына бу булут чалган тоодон таштай кудуп бараткан кишинин түйүлгөн денеси көрүндү...

Ошо Кочкор-Сыйбастан нечен курдай оттү Акбаев, ошо Кесен капчыгайын нечен курдай ордоп, тээ-тиги булут менен аралашып жаткан Чапчыма белин нечен курдай ашты. Баса, ошо жолу Чапчыманын ары бетинен буларды кочкү алган!.. Акбаевдин тула-бою дүр этти. Мына бу бет алдынан урган бурганак дал ошондо беш атчан чубаша түшүп бараткан Чоң-Кырдын күцгейүнөн жүргөн көчкүгө окшоду.

Кочкү. Чапчыманын туу жонуна чыккан булар белде кыркаар тура калышкан эле. Белдин Чаткал жак бети али каш кайтарбай тунуп гана жатыптыр. Жол жок. Жол түгүл ой-кыр билинбей, моңгу эле мелт-калт. Белдин өзүндө ак бороон улуп, бороонго оңдош тытылган булут удургуйт да күн козун көргозбойт. Белде как эткен карга козго чалынбайт. Дел боло түштү атчандар. Оозго сөз кирбеди. Чаткалга түшөр жол кана?.. Жол жок! Жолдон адаштыбы булар?! Жол... жол түгүл акылынан адашып калгансыды, булар ошо тапта! Туу белде ак бороон айкырып, буларды бетке уруп турат: «ка-айт!».. ка-айт! Уу-у! Зу-у-у»

Жалаңдаган аяз каарып, бет тызылдап, көздөрдөн жаш мончоктоп, бороон улам күчөй, камчыланып жатты.

Ошо тапта Акбаевге катар турган алиги буурул атчандын үнү үзүл-кесил угулду: «Бо... бороон ашырбайт го!.. «бо...го-го-го!» дедирип, кишинин үнүн да бороон үзүп-үзүп алып кетти.

Атчандар үнсүз томсорушту. Бороон, аяз!.. Акбаевди аяз аралаш ой кайыктырып баратты: «Белди аша албайбызбы? Ашалбай кайтабызбы?! Анда... мал кантет? Кече миң баш мал... Кокко жетпей... ыя?.. Кокко жетпей мал кырылабы?! «Мына бу, айкырган ак бороондон аша кайыктырып баратты ушул ой муну. Кар ширеген оң көрүнбөй, кар ширеген кирпик астынан жаш тоголопуп, аяз жалаган козу да ою да

мына бу ак бороон арасынан жол издеп жатты. Ашуудан төмөнкү терең коктулар карга туңуп тайпаят. Демейде карын кагып, жылаңач жатчу кыр-жондор ак барсактанып шишип кеткен колдун манжасындай жумуру салаалайт. Ашуунун күнгөйүндөгү кара кырды издеди Акбаевдин көзү: «Илгери кар улуу түшкөндө Кара-Кыр менен катташып калганбыз Чаткалга» дегенин уккан кишилердин.

Ушу белдин капталынан койгон тироочтой узун кыр жатат, тигине. Кара-Кыр эмес — ал узун аппак кыр экен.

Кар, кар... көзго кардан өзго эч нерсе чалдыгар эмес. Жер түгүл асмандын өзү кардан бүткөндөй ак-буурул. Куду түндүк муз океанына келип калышкансыды булар. Ак бороон гана улуп-уңшуп көз ачырбайт. Аттар бороонго соорун тосуп, бурандай басат.

Бурганак күчөгөндөн-күчөп, буларды көмө коюп, булардын кулак түбүнөн ачуу ышкырат. Коркунучтуу бир чаңырык — бирөө ачуу чаңырып жаткансыйт. «Уу-у-у! ууш-уун-ча-аң-аар-да-а... ка-айт! У-у-у!»

Ушул ачуу чаңырык — ышкырык арасынан Акбаевдин үнүн укту беркилер:

— Бастыралы-ы! Ашпасак болбо-ойт... Кара-Кырга-а... Кара-Кырга салалы-ы...

Анын үнүн бороон үзүп-үзүп кетип, ал өзү темпе алдыга түштү.

Берки атчандар ыргылжың эле. Ушундан кайра тартылы деп турушкан. Кантсе да тиги жол баштап кеткен Акбаевден буйтай алышпады. Аны жалгыз жибергенде?.. мына ушул ой беркилердин ар кимисинин оюна бирдей кылт этти.

Кара-Кырдын туу жону. Аттар омуроодон кар жиреп барат.

Атчандар көп жүрдүбү кыр менен, айтор, жана чыйрыккан аттардын соорусунан бубак аралаш көгүш буу көтөрүлүп калган эле.

Кара-Кырдын кай жеринен экенин... айтор, Акбаев баштаган атчандар капталдап, коктуга түшүп баратышканын бир билет. Анчыча, жогортон «гүрр!» дей түшкөн табышты угуп-укпай асмандан көк-буурул сел жүрүп, заматта айлана түнөрө түшүп, жок!..

Оу-у, ошо күнкү кырсык! Жолунчо кырсык эмес, ажал эле го ал! Ажалдан калышты ээ ошондо?!

Акбаев ошону эстеген сайын тула-бою дүр этип, кышында бел ашкан сайын ошо күн, Чапчыма дабаны көз алдыда...

Мына, азыр да... Жо-о, ушу азыркыдай алдыда машина бар беле анда? Мына азыркыдай жол беле?!

Адамга ашуу бербес белдерди кести, адамды өткөрбөс аскаларды жарды го эл. Ана, Кесен дарыясын кысып турган ошо Кочкор-Сыйбастын жалама аскасынын арасынан машина зымырады...

Акбаев баса келген жолун, аша келген белин көз алдынан эми да сыдырды: Кара-Буура, Чапчыма, Чыйырчык, Долон... Киши тагдырынын бели, жолу —. кызык! Киши тагдыры... Жай, Күз. Кыш... айнымай келген жыл мезгилине окшойт киши тагдыры... Эми эстесе...

Акбаев эстесе, тиги дабандардын баарынан ушу бүгүнкүдөй кырчылдаган кышында, кардуу-бороондо ашып келаткан экен. Ушу жолдо келаткан Акбаевдин өмүрүнүн кыйын жолдору, бийик дабандары, биринен ашса, бири... дагы канча дабан бар экен алдыда?..

10

Долон. Бурганак. Бурганакты теше тиктеген Акбаев үнсүз. Анын ой-санаасы гана чабыттап жүргөн эле артта калган белди, жолду. Анын жанында отурган киши да, алдыдагы шофер да үн-сөзсүз гана тиштенип, ичтеринен атабабанын сөзүн кайталап келаткандай: «Ашуусу бийик тоокон сакта!»

Ким билет? Же шаардан чыкканы мына ушул белге чыккыча сүйлөшүп келатып, сөз дегенди бүт түгөтүп алышканбы, айтор, ооздоруна толтура суу ууртап алышкансыган учоо тең тым-тым. Мына, дабандан бери эңкейе беришкенде гана жанатан уктап ойгонгон үй ичиндей кацыр-күңүр аралады буларды:

— Деги... көңүлүңүз кандай, Адыл Акбаевич? — бул Асылбековдун үнү эле. Карацгы машинанын ичинен жүзү көрүнбөсө да жолдошуна караган Акбаев андан кайра сурады:

— Кандай көңүл?

— Бу өзүңүз баратkан район жөнүндө көңүлүңүз дейм да?

— Ии...— сөздүн төркүнүно эми түюнду Акбаев. — Адам өз көңүлүно жагарды гана издесе анда...— деп келаткында Асылбеков анын сөзүн үздү:

— Ал туура деңизчи, ошондо да-а... бу-у, Ак-Талаанын кандай район экенинен кабарыңыз барбы? Же-е...— деп, чоюп койду сөзүн,— же-е, тиги өзүңүз иштеп келаткан түштүк райондорундай көрүнүп атабы? — Ушинткен Асылбеков жанындагы Акбаев унчукпуча кайра өзү жооп берди:

— Мен билгенден, бу кыргызстандын түндүгүндө мындан жаман район жок,— деди да анын жамандыгына далилдер келтирип, санап кирди: — Чарбалары ото жармач, биринде дайым жут, эли арбаш. А климаттын пендесине бербесин!.. Жер ачтарыла бүткөндөй, кутурган ит байласа токтогуз. Айтор, кыйын, эң эле кыйын болот иштешиңиз, эми...— минткен ал созүнүн артын үзүп токтоду, чыны бу жацы бараткан Акбаев үчүн кабыргасы кайышып жаткандай белги берди.

Акбаев мунун созүн үнсүз укту. Укту да далайга үнсүз баратты. Оо, бир оокумда гана эл макалы эсине келди, ошону а деп оозанды:

— «Коркконго-көш көрүнөт» дейт, бу киши баласы коркуудан ишти оңдоп алганын коро элекмин. — Ушинтти да оз оюн кайра эл макалы менен бышыктады: — «Коз — коркок, кол баатыр!» Муну айтты да ичинен саал кыжынды. Береги жолдошунун иштен иренжитер созүн жактырбады: «Бул эмне, мени: жыргап, ойногону баратат дейби? Райкомдун секретарына баары даяр болушу керекпи? Кыйык-кынтыгы жок баары сонун болушу керекпи? Андай жерге биздин бүтүрөр ишибиз кайсы?

Али жете электе эл-жерди мынча суук коргозгону эмнеси ыя? Жердин жаманы жок, элдин жаманы жок. Иштин жаманы бар, кишинин жаманы бар. Аларды да оңдоого болот. Башталган иш таштalбайт. Бул адамдын ыйык милдети...»

Акбаев унчукпай баратты. Ичинен оз оюн улап, оз омүр жолунун, эмгек жолунун башынан коз чаптырды... Ыйык нандын даамын — ак эмгек, мандай тер менен татты. Эмгекке бала чагынан бышты. Кеп кишинин дилинде. Киши ак дилин койсо, табылбас жол жок, жецилбес кыйындык жок... Жер жаралгандан, жер үстүнө адам жаралгандан келаткан улуу турмуштун айныгыс мыйзамы бул: ар дайым алга умтулган, эрки күчтүү кайраттууну бийиктен-бийикке көтөрөт ага канат бүтүрөт. А бошоңду чыйратат... Албан турмуштун ысыгы менен суугу бар, кайгысы менен кубанчы бар... Албан турмуштун сынагына чыдай албагандар — куду алиги чылаган дарыга түшкөн чымындай уугат!..»

Өз ою эмес, Акбаевге муну бирөө сүйлөп келаткандай эле. Ал өзү кеп тыцшап келаткансыган тейде алды жагын карады: кар бурганактаган жол мына. Булар белден эбак эцкейип кетишкен экен. Өмүр бою мына бүгүнкүдөй жол басып, бүгүнкүдөй бел ашып келаткансыйт бул... Бала чак, согуш күнү, согуштан кийин, каардуу бороондор, ак кар, көк муз каптаган кыйын жолдор... Тынбай жүрүп келаткан

жол мына бүгүн муну Ак-Талаага алып келатат. Атын уккан, өзүн коро элек жер — атын угуп, өзүн көрө элек кишидей — сырдуу да сүрдүү...

Кар-борошолуу түн аралаган булар бел ашып, адыр-белес кесип, мына эми апай түздо баратат.

* * *

Чилденин буурул таңы сүрдү. Бейтап-чыргоо карыдай бүркоо асман чытыят. Аяз таш жарат. Аяз жалаган жайдак талаада так ошо талаага өңдөш, жалпак, боз тамдар көрүндү. Ушул тамдарды аралап кирип келди машина. Бирдебиринин үстүндө чатыры жок боз тамдар чапка түнөп калышкан токол сур эчкилердей болуп, бири-бирине айрып алгыс экен.

— Мына, Дорболжүнүңүз! — деп койду алиги Асылбеков а деп эле бу Дорболжүндү Акбаевге энчилей сүйлөдү. — Ак-Талааңыздын борбору ушул.

«Ак-Талааңыздын борбору ушул» — Асылбековдун минткени — «мына, короорүң ушу жер болчу!» деп, Акбаевди жана бир каарып отконсүдү.

Тоо этегиндеги ак чапка түнөп калгансыган токол сур эчкилердей болгон жалпак, боз тамдар мына бу келаткан машинаны сестее тиктеп турушкан эле...

Аяз жалаган боз тамдардан алп кирген-чыккан көрүнбойт. Тамдардан чыккан киши түгүл, мордон булаган түтүн да козго чалынбады. Ичиндеги кишилер да, а түгүл тамдардын оздорү да таңкы аяздан ичиркенип турушкандай...

— Азыр контордо эч ким жок,— деди, Асылбеков Акбаевге карап. — Таң жаңы атты. Биз бир үйгө түшүп, ысык чай ууртап албасак болбойт.

Минткен Асылбеков өзүнүн да үшүгонүн билдирип, колун үйлөдү, манжаларын куудур-куудур укалады. Бир тыным унчукпай, анан буга кошулду Акбаев да:

— Мейли, бирок, азыр турган жан жок го?

— Таба-абыз,— Асылбеков ишенимдүү унчукту да шоферго эңкее берип минтти: — Сен, жигит, астыңкы туура кочодон солго бурул.

* * *

Кыштактын четиндеги боз тамга токтоду машина. Ичкери-короо жактан кишинин үнү, аттын окуранганы угулду. Тышка киши келгенин а деп билген ала капчык чаңкылдап тозо чыкты. Мына ушундан соң: колуна айры кармаган, ту-

магын баса кийген чолок тончон киши ала канчыктын үнүн улап, бери басып келатты. Артынан келаткан ээсине дем байлаган ала канчык баягыдан бетер ичип-жеп чаңкылдап, машинага чукул кирип келди эле ээси ага колундагы айрыны жазган калды:

— Чык! Чыык! О, кет дейм! — О-олда, ушунун короочусу! Чак түштө...

— Ассалоому алейкум! — Асылбеков озунуп салам айтты да анын атын атап жай сурашууга оттү. — О, Эсек, кандай? (Тигинин аты Эсен эле).

— Алейкума ассалам! — алик алган Эсен колундагы айрысын тамына жөлөй коюп, карбаластап калды. «Таң атпай кайдан?» дегенди оозу айтпаса да оңүнөн көргөзүп, бу озүнө салам айтып, маңдайында турган Асылбеков менен Акбаевди алмак-салмак карады.

— Бол, бол, Эсен, отуңу жактыр! — деп шаштырды Асылбеков аны таанышгысына салып. — Тоңуп калдык. Түнү бою жолдобуз.

— Азыр, азыр...— ушинткен Эсен жанагыдан бетер карбаластап калды. Меймандарын коё туруп, үйүнө шаша кирген ал үй-бүлөсүн дүргүттү:

— Ой, бол, бол, кокуй! Батырак тура калгыла, киши келди!

Тиги капшытта энесинин жанында кыркаар жаткан балдар атасынын үнүн угар замат тура калышкан жок, сууктан ышынган алар жуурканды чүмкөнө чукуранышты.

Чок ортого коюлган темир мештин оту эбак өчүп, үй суук эле. Кичинекей кош терезени кар каптап, бөлмө али суук болчу.

— Бул өзү — инспектор,— тиги үйүнө кирип кеткен кишинин жайын айта кетти, тышта турган Асылбеков жанындагы Акбаевге. — Ушу райондук айыл чарба бөлүмүнүн инспектору. Жеткен мээнеткеч неме, анан, бала-чакалуу, байкуш! — деп кошумчалады. Ушундан улам тиги үй ээсине бу Асылбековдун боору оорубай эле кадыр эсе бой көтөргөнүн байкап калды Акбаев, анан «байкуш» дегенине терикти:

— Эмне үчүн «бала-чакалуу; байкуш?» (Акбаев өзү да бала-чакалуу). Азыр өз оозунан чыккан «бала-чакалуу, байкушту» башка тилден дароо которо салгансыды кыргызчага Асылбеков:

— Ии, ошо жаш аялмет дегеним да...— Асылбековдун сөзү үзүлдү, ушу тапта бери чыккан Эсен буларды үйгө чакырды:

— Ии, келиңиздер, кириңиздер үй жакка?

Далистин босогосун аттаган меймандарга жаңы жагылган кой көндүн жыты келди. Төркү үйдүн чок ортосуна коюлган темир меш лапылдап ысып чыгыптыр. Жүк жыйылып, төргө көлдөлөң салынган экен. Азыр эле энесинин жанында кыркаар жаткан балдар текши турушуп, мына бу темир мештин түбүнө тизилип калышыптыр. Балдардын көздөрү меймандарга жамыран, өздөрү жарыша, тура калышып, жарыша салам айтып ийишти:

— Ассалому алейки!

— Салом алейки!

Балдардын саламына аликтен мурда минтти Асылбеков:

— Ой, атаңдын көрүлөр десе! Буларды кара!

— А-алейкум ассалам! — ушинтип балдардын саламына аликти каадалуу алган Акбаев отурбай жатып, булардын ар биринин кичинекей манжаларын карман учурашып, ар биринин аттарын сурап, а балдар өз аттарын жарыша айтып жатышты:

— Болот!

— Айбек!

— Мирлан!

— Ой, ары болсоңорчу бир! — Эсеп балдарын меймандан окчундатмак эле ага Акбаев болбой, балдар менен аралаш отуруп, алар менен ынак сырдашып, кимиси канча жашта экенин, канчанчы класста окуурун, кайсы сабактан кандай баа алганын бир баштан кызыгып укту, анан минтип сурады:

— А классыңар жылуубу? — бу суроого балдар такалды. Бирин-бири карап жылмайып коюшту. Балдардын кыянатын көргөн Акбаев андан ары сурабады: «Албетте, класс суук,— деди, өзүнчө. — Кыш бу болсо... суук класста сабак кандайча өтөт? Бу балдар капеткенде чыдап окушат? Мына, райкомдун кызматкерлеринин үйү...— Акбаев бу, али үрүлбүрүл жарык түшкөн жаңыс тамды, али кар, муз каптап турган жалгыз кабат кичине терезени карап турду. Терезеден түгүл, бу чилденин аязы тамдын жаңыс төбосүнөн да отуп тургандай эле. — Бу райондо курулуш да абдан начар экен го? Райондун борборундагы райкомдун кызматкеринин турагы бу болгон соң, колхозчулардын, тоодогу чабандардын турагы кандай?..» — Бир тынымга оз оюн ээрчип кеткен Акбаевди бул үйдүн аялынын үнү бурду:

— Чайга карасацар?

Темир мештин табына лапылдап ысып чыккан үй, сүт куйган чай, тутушуп турган дене-бойду жазды. Меш төгерегинде балдар менен башынан ашына кишидей таттуу

сырдашкан Акбаев, эми алар менен жадырай кол алышып жатты:

— Кана, баатырлар, эми силер мектепке барасыңар?

— Жо-о, бизге каникул! — деп ийген баланы кубаттады бул:

— Ии, баса, азыр кышкы каникул эмеспи... Каникулду жакшы откорүп, мектепке көңүлдүү баргыла, макулбу? Эми, биз болсо ишке жонойлу ээ? — Балдар кымыңдап, баш ийкешти. Коштошуп коюп бараткан Акбаев балдардын көңүлүнө ошончо жагып калды. Айла болсо аны жандарынан кетиргиси жок эле.

* * *

Күн чыгар алдындагы темир аяз бети-колго муздак темирдей жабыша калат. Аяздан дем кысылат. Жердеги кар кишилердин ирецине кошо түшкондой, кумтуланган көрпө жакалар да, сакал-мурут да каш-кирпиктен бери ак бубак алган. Чыкылдаган аязды коштоп, аяк алдыдан кар кычырайт. Аяз жамынган кишилер муздак клубка эрчише кириштн. Карыш-терши жарака кеткен муздак дубалдын өзүн калың кыроо басып, кар менен муздан бүткондой. Муздак клуб ичинде күрк-күрк жөтөл, демикken үндөр бар:

— Ии, жаңы секретарь келипирби?

— Ошондой го.

— О, баягы Асылбеков жүрөбү?

— Ошо келет дешпеди беле?

— Анда жиберген экен да ошону?

— А жанында да бирөө жүрөбү?

— Ал да обкомдон болсо керек?

— Жо, обкомдо мындай киши жок көрүндү эле, тыяктан го? — деген кишинин көзү «жогортон» деген белгини берди.

— Ээ, неси болсо да азыр билинет.

Кобурашкандар ушу тапта клубдун тиги карацгы төрүнө көз чаптырып отурушту. Муздак клубдун төрүндө узун стол. Жаңы келчү секретарь баш болуп, бул конференцияның президиуму ошол жакка отүшмөк. Кишилер бир азга ичтеринен ой жорун: бүгүн дайындалчу жаңы секретардын аткарар ишин, тартуучу түйшүгүн көз алдыга келтирип жатышты. Алиги Асылбековдун келеринен кабары бар аныштаанаштары эл алды болуп, аны куттуктап жиберишке даяр.

Кишилер чогулуп, тегиз орун алгыча аш бышым болду. Бүгүнкү конференцияга катышууга областтан, республикадан келген өкүлдөр Акбаевди ортого алып, клубга эми кириштн. Жаңы көздөр жарыша жамырады ага. Акбаевдин

көзү аларды сыдырды. Терезелеринен дубалдарына чейин кар, муз басып турган клуб да, бирде-бири чечинбей топчон, ичикчен отурган кишилер да Акбаевдин көзүнө жаңы эле. Дубалдары, потологу бычырап жарылган муздак клуб ичинен меш издеди мунун көзү: деги бар бекен үй ысытар неме? Бар экен: тээ, бурчка колтойто орнотулган мештин темирин дат басып сапсары. Меш кышы бою жагылган эмес го деген ойго кетти Акбаев. Эгер жагылган күндө мына бу дардайган зал чым этер түрү жок...

Акбаев ушул азыр бейкут күндө эл арасында эмес эле согушта жүргөнсүдү! ...Ажал коштоп, ок ышкырган согуш күндөрү; согуш талаасы; каардуу кыш; жер тамдардагы кичинекей темир меш... тыныга калганда ошого колду кайсап алышчу эле жоокерлер; согуштун жазы менен жайы, күзү менен кышы, кайра жазы; тигинде токой орттонүп, кыштак орттонүп, кишилер кырылып, ошол арада кар эрип, жер коктоп, ыңаалап, перзент коз жарып... Оо, учу-түбү жок, албан тирилик, албан тирликтин айнымас мыйзамы!.. Ана, согуштун күзү: токой адамдын өлүгүнө толуп, токой азалуу эле, токой кеберсип, сары кийинип турган.

Акбаевдин санаасы капкайда кетип, кайра келди. Ырас, бомба үнү угулбайт, бейкут... Бирок, ушу бейкут күнүндүн эми бул жерде ышкырган ок, чаңырган спаряд, күркүрөгөн түйшүгү кээде, согуш күндөрүнүн түйшүгүнө окшоп кетет. Куду согушта жүргөндой жанды үрөп иштөө керек...

Көз ирмемде батыш менен чыгышты, согуш менен бейкут күндү чалгындаган Акбаевдин кыялы саал аялдай калды, тиги докладчынын созүнө кулак төшөдү. Чөптөк дептерине бирдемелерди жазып да отурду. Тиги өзүн тиктеген көздөрго көзү уруна калып жатты. Көздөр өзүнө бекеринен тигилип турбаганын сезди. Мунун бекер келип отурбаган киши экенин залдагылар да түйду. Өзүнө жамырай калган көздөрдү кыдырып жүрдү Акбаевдин көзү, ар бирөөнө аялдай калып, алардын сырын окуп жаткансыды: береги алды жакта отурган кара ичикчен киши жанатан бери Акбаевден көзүн ала элек. Ал ичигин чечпесе да конторго келгендеги тартипти сактап, башынан алып койгон кара корпө тебетейи ээк алдында. Кашкая түшкөн үшкү башында кичине баркыт топу; жээрде сакал-мурутун ак чалган жүлжүк көз кишинин жашы алтымыштан аша берген го; тээ, отузунчу жылдардан бери иштеп келаткан бул ороондун эски активдеринен экенин баамдап койду Акбаев; тиктеп турган жүлжүк көзүндө мыскыл бардай; а түгүл уурту да жыйылып тургансыйт; мыскылыбы? Анда кимди? Райондун ушу бү-

гүнкү начар абалынбы? Же ошо районду начарлаткан күнөөкөрлердүн бетин ачып жаткан тиги докладчыныбы? Же бул районго эми жаңы келип турган Акбаевдин өзүнбү? Айтор, бул кекээр окулуп тургансыды ошо кишинин оңүнөн; «бул районду эми сен оңдогону келдиңби?! Көргонбүз сендейдин далайын... Коё тур, сен да эми...»

«Ушундайбы? Ырас эле, ынанбайсыңарбы иштин оңолоруна? — тиги жүлжүк коз жээрде сакалдан ушинтип сурап тургансыды Акбаев. — Чындап эле мен суук көрүнүп турамбы? Көзүңөр жетпейби менин иштериме?» — Ушинтти Акбаев, ушинтти да анан өзүнчө ойлонуп, анан өзүнчө оң да кордү тиги жээрде сакалдын кыясын: — Булардан көрүүгө болбойт. Улам келген секретарь бул элге да тиги өкмөткө да убаданы аябай берип, а иш болсо оңолмок түгүл чарбалар кээрипен кетип, район улам артка чегингендин ичинде болсо анан... Ишти алга жылдыруу үчүн жапырт аттануу керек эле. Ал эми айрым мээнеткеч кишилердин турасы түгөнгөндүр? А балким тиги жээрде сакал жеткен мээнеткечтир? «Сен да бая келип кеткен секретарлардын биридирсиң!» деп тургандыр, Ырас эле, ишти ондой албай тажаганда ташгай качкандардын бири болбогой эле Акбаев өзү да...

Конференцияда сүйлөгөн делегаттардын айрымдарынын сөздөрүн кунт коюп угуп, дептерчесине жазып отурду Акбаев. Бирөөлөрдү актоо, экинчилерди каралоо жок, калыс сүйлөндү. Өксүгөн ишке, оксүткон кишилерге туура баа берилди. Караандай шалаакылыктын саатынан колдон келип турган иштердин айрандап калганы ачык-айкын айтылды. Жосунсуз жоруктар, кемчиликтер, каталыктар анчейин кургак саналган жок, алардын кайдан, эмне себептен, кимдин күнөөсүнөн чыкканы далилденди. Өзгөчө, райондук аткаруу комитетинин төрагасы Сабырованын сөзү бу Акбаевдин көңүлүнө уюду.

«Жашыруу жараатты ырбатты»,— деди, ал окүпө. Эми ошол ырбаган жараатты айыктырыш үчүн ошол жараат эмнеден башталды? Ага ким себепчи? Мына ушуга жооп таап иштин башын ачып алганыбыз оң.

Райондун чарбаларында малдан тартып, ошо малдын тоютуна чейин азды — «көп», жокту «бар», деп келдик. Мына ушуну айтып, актанып да, сактанып да келдик кыйлага. Акыры жараат-жараатыгын кылып, ырбап кетти!..— Далай далилдерди айкын келтирген Сабырова айрым кишилердин атын атоодон тайсалдаган жок. Маселен, «Ак-Чабыр» колхозунун председатели Эсилканов менен райком комсомолдун биринчи секретары Таабалдиев жолдоштор

азды — «көп» деп кошуп жазуугa, жокту — «бар» — деп көз боёшко түздөн-түз көмөкчү болушкан. Мына, айрым жетекчилеribиздин «ишмердиги!» Ушундан оңолуп кеттикпи? Жок!

Сүйлөгөн Сабыровадан тартып, отургандарды кыдырата карады Акбаев. Сабырованын сөзүн кубаттаган үндөр чыкты:

— Абдан туура!

— Ал айтканы чын!

— Ээ, жашырганда жыргарыбыз ушубу?

— Ой, ушу куру сөз курсак тойгузчубу?

— Оюну айтсаң! А көрө иштесек боло жабыла!

Акбаев ушу тапта өзүнчө демдене түштү. Тиги Сабыровanын сөзүн эмес, өзүнүн сөзүн бул эл сүрөп жибергендей болду. Бу бет маңдайындагы кишилер өзүнө ынана, үмүттөнө карап тургандай көрүнүп кетти. Акбаев ушу саатта жаңы келип, чоочун көздөрдүн арасында эмес, эзелтен берки сырдакана кишилердин маңдайында отургандай көңүлү эргиди...

«Эл — мазар!» — ушинтти бул, ошо элдин сөзүн ичинен өзүнө айтты. — «Жаман эл» дебеди беле? — деп балача өзүнөн сурады да кайра өзүнө жооп берди: — Жок, элдин жаманы жок, жетекчинин жаманы бар. Элдин тилин таап, элдин оңун таап иштегенде гана иш оңуна айланат».

Дайым оюнда турган жадыбалдай жат сөздү дагы бир кайталап алды. Жолдо келатканда ошо кышкы жолдой катаал көрүнгөн иш, кышкы асмандай бүркөө көрүнгөн абал азыр саал ачыла баштагансыды. Аны кишилердин өңү-түсүнөн баамдады. Кээри кеткен райондогу кишилердин баарынын кекээрдүү — бүркөө кабагын көрөм деп ойлогон. Антпей, бу Акбаевдин көңүлүн көтөргөн мына бу чын пикирлер, кемтикти жашырбас калыс сөздөр болду. Жолдогу Асылбековдун сөзүн эстеди, жанындагы аны кыя карады:

«Райондо бир да тың жетекчи жок, баары мажес» дебеди беле? Мына бу Сабырова баш болуп, ушу конференцияда сүйлөгөн жолдошторчу? Райондогу партиялык уюмдун мыкты активдери мына! Булардан райондук жетекчилердин чың уюмун түзүп алып, ошол уюмга таянуу керек. Күнүгө жүргүзор, күнүгө алга жылдырар ишке мына ушулар дем-күч».

Бет маңдайындагы кишилерди жадырай караган Акбаевдин көңүлү сергек, бүткөн-боюу чыйрак эле ушу тапта. Муздак клуб азыр жылуу сезилди. Муз-кар таптап, жарака кеткен киргил дубалдарга күндүн саргыч чубагы төгүлдү. Конференция аяктады. Уюштуруу пленумунда райком-

дун жаңы составы Борбордук Комитеттин жана партияның областтык комитетинин сунушун бир добуштан жактаның, Акбаевди райкомдун биринчи секретарлыгына шайлашты.

* * *

Түн ортосунан оон баратыптыр. Чакан бөлмөдө сааттын чыкылдагы. Акбаевдин жай баскан табышы гана бар эле. Бөлмө муздак да жым-жырт. Өткөн түнү кирпик козуп какпай жол жүрүп келди, ошого карабай мына бүгүн да уйку качты...

Түн. Мойну узун кыштын түнү. Учу жок ой менен алпурушуп, ушу түндү, түн астында жаткан тоо-талааны кыдырып жүрдү бул. Күндүзгү жыйындагы сөздөр кулагына улам угулуп, өзүнө жамырап турган көздөр мына көз алдында: мыскылдап тургансыган жүлжүк көз, жээрде сакал, ошо жээрде сакалдын жанындагы чоочуркай тиктеген кара мурут тигине... Узакка созулган доклад. Ана, алиги Сабыровдун салмактуу сөзү...

Акбаев желбегей жамынган пальтосунун эки жеңин кийип, топчуланып алды. Антпесе, тула-бою муздап барат. Бөлмөдө аркы-терки басып турган оз табышы, жүрөгүнүн кагышын туурап чыкылдаган — оз сааты. Билегин караса ал сааттын жебеси үчтө турганын корду.

Ии... бул районго келгени экинчи күнгө караган экен ээ? Көз ачып-жумгуча өткөнсүйт күн... Кандай болду кечээги күн? Эмне иш бүттү кечээ? Акбаев кечээги күндү кайра башынан өткөрдү. Мына, жаңы күндүн босогосун аттады: эмнеден баштоо керек? Кандай иш бүтүрүү керек? Мунун кулагынан кетпес — кайра эле райкомдун отчеттук доклады, ошого карата жарыш созго чыккан коммунисттер...

Дал ушундан баштоо керек бейм? А дегенде дал ушул докладды ашыкпай талдап, сүйлөп чыккан коммунисттердин сөзүн анализдеш керек. Мына, ушунда гана бул райондун абалына туура баа бере алмак, мындан аркы өзүнүн жүргүзөр ишинин багыты айкын корүнмөк.

Баарын изилдеп, талдап, иштин планын так түзүп туруп, ой бышкан соң түзүлгөн план менен бирге ортого салуу керек, райкомдун бюро мүчолорү менен кеңешүү керек.

Кыскасы, бул конференцияда эң башкы милдеттер айкындалды, эми бул милдеттерди иш жүзүнө ашырууга кайра деле ачык-айкын метод керек. Мына, бүгүндөн кечиктирбей иш баштоо керек.

— Мм!..— Акбаев оюнун ушу жерине келгенде оор улуп тунду. — «Иш баштоо... Баш-аягына карабай, жакшылап

көрбөй-билбей туруп, мына ушул артта калган, бардык жагынан начар районду шашылыш чаңдатып киргенде кандай болот? Колхоз, совхоздун жетекчилерин биле элек, баштапкы партиялык уюмдун секретарларын али коро элек. Кеп ошолордо эмеспи. Ишти алга жылдырып да, артка тартуу да ошолорго гана байланыштуу. Райондо иштин артка чегиниши мына ошолордон болбодубу. Кечээги эле конференцияга чейин бул райондогу далай чарбанын жетекчилери кызматынан бошотулду, ири сотко берилди. Алар, коом мүлкүнө көр ченгелин салгандар, каалашынча ичип-жеп, чарбанын байлыгын чачкандар, мына бүгүн Сабырова айткандай, жаратты жашырып, ырбаткандар, окмотко жалган эсеп берип, коз боёгондор...

Алардын ордуна жаңы кызматкерлер келишкен экен. Бирок, жаңыларында али тажрыйба аз. Райондун чарба жетекчилери түгүл райкомдун секретарлары да минтип, бут бойдон алмашып отурат. Ал эми калган апараттагылар талаптагыдай иштеп бере алышар бекен? Конференцияда сүйлогондор райисполкомдун апаратын сындап, анын председателин катуу күнөолошту. Мунун баарын областтан, республикадан келген окүлдор угушту. Тыянак чыгар. Эми иштин баары кадр маселесинде. Эң негизги, эң биринчи кезекте кадрды колго алуу керек. райком. Кадрларды талдоо, жайгаштыруу жана аларды тарбиялоо; иштин мазмуну ушунда, райкомдун секретарынын эң башкы милдети мына ушул.

Акбаев ой менен алпурушуп, түн терметип басып турат. Жаңы конушта кирпик какпай короо четинде турган кишиге окшойт озү...

* * *

Эшикти бир аз кыңайткан кыз кабинетке шар кирип барбай, ошол ачыктан жүз бакты секретарга. Бул катчы кыз эле.

— Келдиби, Саралаев? — Акбаевдин суроосуна аралаш аныга унчукту кыз:

— Жок, Адыл Акбаевич, эмдиге жок!

Акбаев, бу күттүрүп келбей жаткан киши тууралу жаңыртып соз катпады, сабырдуу гана баш ийкеди тиги катчы кызга, ишинди улантa бер деген белги берди. Анан озүнчө ойлоно калды: «Качып жүро береби бу? Чогулушка да катышкан жок».

Мына ушу туштa каалга кайра ачылып, сууктан үнү бүткөн кишинин кырылдаганы угулду:

— Мүмкүн бекен?

Баш көтөрө койгон Акбаев Эсенди көрдү.

Бул баягы Эсен. Өзү таң атпай ушул районго келчүдө ушунун үйүнөн жылынып, сүт куйган чай ичип чыкпады беле. Үстүндөгү ошо күнкү кийим. Бирок, оңу ошо күнкүдөй меймандос жылмайбай, түктойүцкү. Көзү шишимик тартып, кирпиктери сайлап турат. Кырылбаган сакалы кирпинин түгүндөй тикирейип, бетин басып, жаагы шылынып, оңу азыцкы көрүндү. Акбаев менен кол алышкан ал борбогой мурдун шуу тартып алып, катуу маңжаларын күүдүр-күүдүр ушалады. Акбаев көргөзгөн орундукка коомай көчүк баскан ал өзүн тиктеп турган секретарды бир карап алып, анан көзүн ала качты. Үн-соз жок отурду. Бир тынымга Акбаев да үнсүз гана тиктеп турду аны. Күн жаар алдындагы табыйгаттай жым боло калды болмо ичи. Адеп өзү соз катпаса беркинин үнсүз отура берерин көргөн Акбаев минтти:

— Кайда жүрдүңүз качып?

— Командировкада,— Эсен шар кетти. Өзүн тиктеп турган Акбаевдин кабак-кашын байкады. Секретардын жүзүндөгү саал жылмаюуга аралаш таарынычы бардай.

— Мында келерде командировкага жөнөйсүзбү? Райкомго чакырылганыцызды билесиз.

— Ошо... — деп актана кетти, Эсен,— ошо, укқан жокмун да, уксам го...

— Жолдош Саралаев! — деди, Акбаев, бет маңдайында турган Эсендин фамилиясын атады. — Курулай тайсалдоо уятка калтырарын унутпайлы.

Жанагы жым-жырттык ортого кайра жылып келди. Бетинин ысып, терден кеткенин сезди Эсен. Муну чакырган себебин али айта элек секретарь, али мунун тамырын тартып, кепти алыстан баштап жатты. Эсен барып келген чарбаларынын абалын, андагы малдын жайып сурап жатты.

— Кыштоолордо кар калың, тоют түгонүп калган, жаш туугап козулар өлө баштады...— деп томсоро калган Эсен бир аздан кийин унчукту. — Ким билет... кырылып кетер бекен мал?!

Эсенди тиктеген бойдон тунжурай калган Акбаев оор улутунду. Анын жүрөгүн зарнадай ойүп турган мына ушу тоют-жем-чөп. Бу жем-чөп мол болбогон жерде мал кобойтүү куру кыял. Өзгөчө, мындай кышта, мал толдоор убакта жем-чөп мол болбосо... — минтип ойлоп тим болбой өз оюн ачыкка чыгарды:

— Ал тоютту мол камдап алууга болот беле мурунтан? — Акбаев өзү Эсенге тоют жонүндө суроо бербей эле талап коюп жаткандай эле. Эсен буга такалбай шар кетти:

— Жем-чөптү мол камдашка жерибиздин чаркы начар.

— Кандайча?

— Кандайча дегенде, бул өрөөндү көрүп турасыз, шорлуу-акчан. Миңдеген гектар ошондой... Анан, суу жок. Суу чыкпаган кандак талаалар какшып жатат.

— Демек,— Акбаев тигинин сөзүн улады. — Суу жетпейт, чөл болуп какшыган кандак. Эгин-чөп жайкалып өсчү даркан талаа жок... Ко-ош, ал эми ошо какшыган талаага сиңген эмгек барбы? Акбаевден көзүн айырбай отурган Эсен чорт жооп берди:

— Жок.

— Эмне үчүн жок?

— Эмне үчүн дегенде, биздин айтканыбыз ишке ашпайт.

— Жолдош Саралаев,— деди, Акбаевдин коңур үнү жайма-жай. — Бул райондун айыл чарбасын башкарган өзүңүз, анан сөзүңүз ишке ашпаганы кандай?

— Ишке ашпаганы, эми бу райондун, жо... райкомдун аппаратын же бошогон секретарды жамандагандай эмес, алар өз билгениндей иштеди да анан ошо...

— Кандайча, «өз билгениндей?» А силердин билгенибиздерчи? Жерди багуу, жерди сарамжалдуу пайдалануу тууралында силер · демилге көтөрдүңөрбү? Керектүү сунуш киргиздиңерби?

— Албетте,— деди Эсен, бул жолу мукактанган жок. — Жер тууралында далай эле жаман-жакшы кеп уктук. Иштин пайдасы үчүн далай кагуу жеп, кызматтан четтеген күндөрүбүз да болду. А демилге дейсиз, буйрук турганда демилге эмне... хи! — Эсен кыт этип күлдү. — Ошо көтөргөн демилге, сунушубузга кошулуп туруп, бир ооз буйрукка тебелип калат!

Муну сүйлөгөн Эсендин оңуно тигилгенден тигилди Акбаев: «актанып атабы? Жок, андай киши көрүнбөйт. Кеткен секретарга кусаматы барбы? Андай да баш териси жок».

Бая күнү так атпай үйүнө түшчүдө бул мына азыркыча сөз каткан эмес. Үшүп келген меймандарды жылытууга кам көрүп, карбаластап жүргөн. Алиги Асылбеков гана буга үнүн көтөрө, аны-муну сурап отурган. Анын суроосуна кыска жооп кайтарып тим болуп, анан үй ичи менен алагды эле бул. Кирип-чыккыча мунун кулк-мүнөзүн көрө койгуча болгон эмес, биртике баамдаганы: көп сүйлөбөс коймаарек киши го деген. Жо-о, бу анча сөзгө чоркок, оюн айта албас жооштон эмес; өзүн жазап сүйлөгөн куру чечен да эмес; баскан изин жоруптап, ар кимдин кырына

карап көшөкөрлөңгөн куулардан да эмес; көрүп-билип турганын тартынбай айткан — туура сөздүү көрүнөт; иштен чаалыкпас мээнеткечни?

Алиги «Үлгү» колхозуна муну туура тандашкан экен. Райком апараты бир ооздон мунун барышын ылайык көрүп, бюродо бекитүүгө чакырышкан эле. Ошо бюрого катышпай отурбайбы бу.

— «Үлгү» бүлүнүп калды. Аны ирдентүүгө ашкан кайраттуу, чарбаны мыкты билген, жанын таштап иштеген киши керек. — Сабырова сөзүнүн аягына чыга электе артынан тийип кетти Асылбеков:

— Эми, андай кишини кайдан табабыз? Барбы деги ошондой жатпаган иштерман киши?

— Бар,— деди Сабырова, аны сиз да жакшы билесиз.

— Ии, ал ким экен, мен жакшы биле турган?

— Саралаевди жиберебиз,— деди Сабырова.

— Кайсы? Кайсы Сарала? — Асылбеков атайын тигинин «евин» таштап көзүн жүлжүйтө, жактырмаксан сурап калды.

— Эсенчи? — Сабырова эми анын атын айтып берди.

— Ой-бо-ой!.. — деп алды Асылбеков. — Ой, ал өзүнөн-өзү жүдөп жүрөт мылмыйып, аны эл тоотобу деги?!

Асылбековдун бул сөзү жоопсуз калды. Аны кубаттап ийгендер да болгон жок. А тиги Сабырованын айтканын райком мүчөлөрү жакташты:

— Жоош болгону менен Эсен тынбай иштейт.

— Өзү да жеткен көтөрүмдүү, сабырдуу.

— Ой, ал ошо унчукпай жүрүп алып уюштургуч неме, элдин тилин таба-ат ал»!

Азыр маңдайындагы Эсенди тиктеп отурган Акбаевдин кулагына ушул үндөр угулду да өзүнчө, минтти: «Ушундай иштерман кишинин эмгегин, сунушун эсепке албай коюшка болобу?»

Акбаевдин оюн тыңшап тургансыган Эсен сөзүн улады:

— Чынын айтканда... бу, биз, өз кызматыбызды унутуп койдук. Чабарман болуп калдык. Кадимки эле чабарман!.. Райондон буйрук алабыз да тынбай чаап жүрөбүз: «Тиги колхозго чап! Аркы колхозго жет! Минтип айт, антип айт!» деген эле буйруктарды жеткирмей. Же ал биздин айтканыбызды тыңшаган жан болсочу!.. Мындай иштен тажап бүттүк. Иштегенибиз же көзгө көрүнбосө, майнап чыкпаса...

Муну айткан Эсендин өңү кабаарып, үнү ызалуу эле, саал тынымдан кийин Акбаев минтти:

— Ко-ош... жакшы кебиң бар экен. Анда, мындан ары сиз, азыр өзүңүз айтып турган «чабармандыктан» бошойсуз. Мындан ары тиешелүү кызматыңызга иштейсиз.

Эсен секретардын сөзүн оозунан чыгары менен коштоп ийген жок. Унчукпай укту. Укту да бу кишинин мүнөзүн баамдады: бу, айтылган ар бир сөзүнүн өтөсүнө чыгарын байкагансыды. Анан, өзүнө да өзгөгө да талапты катуу коерун мүнөзүнөн туюнгансыды.

Мына ушу көз ирмемде мунун кыясын көргон Акбаев капысынан суроо салды буга:

— Алиги «Үлгү» колхозунун башкармасы кандай адам? — Ушинтип сурап турган Акбаевди караган Эсен, бир нерсе унутуп, эстей албай тургандай калыбында кайра Акбаевдин озунон сурады:

— Макеевди айтасызбы?

— Ии, Макеевди айтам?

— Жакшы эле киши,— деди бу токтоосуз кетти.

— Жакшы кишилигинде талашым жок,— деди Акбаев, анын иши, жетекчилиги кандай дейм да?

Эсен кайра унчукпай калды.

Кайра да айтар сөзүн унутуп койгондой эле. Макеев көз алдында турду мунун. Эсен ал Макеевди да «Үлгү» колхозун да жакшы билет го, бирок... Эсендин эртеден бери тайсалдап отурганы да ушу болчу. Мына, ушу «Үлгү» колхозун соз кылбаса деп, куду бироо жараатына тийип алчудай сактанып отурбады беле!..

Эсенге унчуга элек. Ата-а, ушу тушта эшиктен бироо кирип келбеспи?..

Андай болгон жок. Бура сүйломок түгүл секретарь бу Эсенден көзүн да бурбай тиктеп отурду. Эсен ушу тапта Акбаевден озун эмес, көзүн да ала кача албай калганын сезди. Алиги Макеев жонүндо да билгенин айтпаска айласы жок эле. Эсен унчукпаса да секретарь иштин ойчуцкурун айкын корун тургандай.

— Чынын айтканда — деп баштады Эсен. — Макеев, бу, дыйканчылыктан чоочунураак. «Жердин жаманы «Үлгүнүкү», андан эгин-чөптү эч убакта ойдогудай алалбайсың» дейт дайым. Эми чынында «Үлгүнүн» жерине ойдогудай эмгек сиңе элек. Жерди жаман деш болбойт... — деп токтогон Эсендин оозунан — оз сөзүн, оз оюн укту Акбаев: «Жердин жаманы жок — эмгектин жаманы бар. Элдин жаманы жок — жетекчинин жаманы бар».

Баягы күнү жолдо келатканда элди, жерди жамандаган Асылбековдун сөзүно карата ушинтип айтып койбоду беле бул ичинен. Ошол оюн эми Эсенден угуп отурат. Ой-

дун бир жерден чыкканына ыраазы болду да Акбаев Эсенди кубаттады:

— Абдан туура Эсен! Жерге сырдакана, мээнеткеч киши гана жерден өз энчисин алат. Ал эми бу жердин сыры, өзгөчө, мына биз айтып турган «Үлгү» колхозунун коен жатагынан ойдо сенин алаканыңда,— деген Акбаевге Эсен ушул азыр эзелтен берки таанышындай жакын көрүндү. «Сиз», «биз» деп отурбай шар «сенге» оттү. — Анан, сен — агрономсуң. «Үлгү» колхозунун ишин өз колуңа алып, эл менен иштөөнү, жерге эмгек сиңирүүнү бир көрсөтүшүң керек болуп турат.

Бул Акбаевдин чын дилинен айткан өтүнүчү эле. Бул Эсенди карап, андан жооп күткөн калыбында унчукпай отурду.

Секретардын кабинети жым-жырт. Маңдайындагы Акбаевди карап саал делдее түшкөн Эсен, эми андан көзүн ала качты да ээк алдындагы столду тиктеп, анын үстүндө кайчылашып жаткан өзүнүн барбагай манжаларын кыймылга келтирди. Жылтырак столдун бетин үстөкө-бостон сүртүп, сылап жатты, тыпчы кеткен манжалар. Оо, бир оокумда барып секретарга чыйрыга сүйлөду бул:

— Адыл Акбаевич! Мени иштеткен атасыңарбы же каматканы атасыңарбы?! Мунун үнү каргылданып, саал калтыраң чыкты. Мунун кыязын көрүп турган Акбаев жай гана минтти:

— Бу кандай кеп?

— А чынында,— деди Эсен, өз сөзүн далилдөөгө оттү. — «Үлгүдөн» бир да башкарма соо чыккан эмес. Тигини бир аз үнсүз тиктеп турган секретарь соз улады:

— А биз Макеевди соттоткон жаткан жокпуз да! Аны жоопко тартып, анын артынан сени күнөөго түртөр ниетибиз жок биздин. Бүгүнкү бирден-бир максатыбыз бу: канткенде чарбаны көтөрүү керек? Ооба, чарбаны көтөрүү үчүн ага жетекчини туура тандоо эң башкы милдетибиз.

Демек, сени жек коргондон орго түртүп жаткан жеribиз жок. Коммунисттер, райкомдун бюро мүчөлөрү сага ишенгенинен, мына, ошо артта калган чарбаны алга сүрөө сенин гана колуңан келерине көзү жеткенинен ушундай болуп отурат. — Ушинтип токтой калган Акбаев кайра минтип сурады:

— Согушка катышкансыңбы?

— Жок — деп ыңгайсызданды тиги. — Жаш биргиче жетпей калып...

— А согушка катышсаң өз көзүң менен көрмөксүң: коммунист наамын ыйык сактоо үчүн ар дайым ири алды-

да жүрүү керек эле. Кыйын да, оор милдеттер коммунисттерге гана тапшырылган. Согушту аралап жүрүп көрбөсөң да угуп жүросүң, адамга ажал бүркүп турган аша коркунучтуу участоктор сыналган коммунист-солдатка гана тапшырылган. Андай чектерге ошо коммунист-солдаттар гана өтүп, жеңишке жол ачкан! Алар өз башын эч качан агылгалап көргөн эмес. Туура келип калса кымындай да кылчактабай ортко боюн ташташты. Алардын дени-жанында дайым бирге жүргөн — «мен — коммунистмин!» деген жалын бар эле. «Мен — коммунистмин!..» — Акбаевдин коңур үнү сүрдүү угулду ушул азыр Эсенге. — Алардын ар бири кара башынын камын ойлосо, иш башкача болот эле... — деген Акбаев, бу Эсенди алдыртан карап, акырын улутунуп алды. — Алардагы бир гана ой, бир гана максат — ушул, биз жашап жаткан курулушту — социалисттик курулушту, совет доорун коргоп калуу эле. Алардагы бир гана сыймык — коммунист болгону, бир гана бактысы — улуу доорду коргоп жатканы эле...

Анан биз бүгүн коммунист болуп туруп, жаныбыздын тынчына карасак, керт башыбыздын кызыкчылыгын гана коздосок иш алга жылабы деги?

«Керкисинен да, кемигинен да»... мындан мурдагы ошол «Үлгү» колхозуна председатель болуп баргандардын көбүнчө оздорунон кеткенин мына озүң да жакшы билесиң. Алар чарбачылыктан чоочун болушкан. Жердин сырын биле алышпаган. Жердин сырын билбей, элди эмгекке уюштура албай туруп, ошо кээринен кеткен чарбаны кантип оңдой алат эле? — Ушинткен Акбаев саал тыным жасады, Эсендин өңү-түсүнө саал көз токтотуп турду да кайра улап кетти: — Жетекчи ошо өзү башкарган чарбанын күйүп баратканына күйгөн эмес, кайдигер караган. Ал эми, кайсы гана жерде, кайсы гана иште болбосун, жаны-дени менен кызыкпай туруп, жаны-дени менен күйбөй туруп, иши алга жылганды коро элекмин. Ортолук байлык уурдалып атканына, ортолук мал кырылып, туш-тушунан таланып атканына кайдигер карашып, а түгүл ошо колхоздун жетекчилери оздору кошо уурдап киришкен!.. Ушундан кийин алар кантип башкарат элди? Кантип өнүктүрөт чарбаны? А сен алардын жолуна түшпөйсүң, жан-дилиң менен киришесиң ишке, ага мен ишенем, райкомдун бюросу ишенет.

Акбаев, Эсенден көз айрыган жок, жооп күттү. А Эсен болсо оозуна суу ууртап алгандай үнсүз. Столдун үстүндөгү анын манжаларынын эле тынчы кетип, столдун жалтырак бетин очошо сүрүп, бар ачуусун ошондон чыгарып жатып, бир оокумда ордунан жулкуна турду

— Жок, иштей албайм! — Ушинтти да тышка чыга жонодү. Капыстан чыккан үндөн чочугансыды Акбаев, анан бир селт этип, тигинин артынан унчугуп калды:

— Эсе-ен! Кайда шаштың? Токтой тур, создү бүтөлү?.. — Миңткен ал кошумчалап койду: — Коммунист экенинди унутпа!

Эсен кулак каккан жок. Босогону жулкуна аттаган анын артынан каалга тарс жабылды. Акбаев селдее түштү. Эсепден ушуну күттү беле?! Эми кандай кылуу керек? Деги бул эмне деген жорук? Тоготпоочулукпу? Райкомдун тапшырмасынан көз-көрүнө баш тартып, райкомдун бюросунун чечимин четке какты ээ?! Ушундай киши беле Эсен? Бул эмне деген кеп?

Акбаевдин ою уйгу-туйгу: «Мындай коммунистти жазалоо керек! Созсуз жазалоо!.. «Жазалоо?» — Акбаев созүп кайталап, озүнөн-озү сурады, анан озүнө-озү жооп берди: «Жаза качпайт. А көрө буга иштин жайын дагы тереңирээк түшүндүрүү керек. Бардык күч-кубатты акылайланы жумшап, артта калган чарбаны ирдентүү биздин граждандык милдетибиз, коммунисттик милдетибиз экенин туюндуруу керек. Ишенсин. Баарынан ишеним күчтүү. Ишенимге бекем таянбай туруп, иш бүтпойт. Жалпы бул райондун ишин ирдентүү кыйын... айрыкча бу «Үлгүлүү» ишин жолго салууга... — Мына ушул оз оюна озү муунапган Акбаев азыр эле Эсен чыгып кеткен каалганы көз ирмебей тиктеп турду. Секретардын бу көрүнүшү азыр эле ошо каалганы ачып, кирип келчү кишинин күтүп отургандай эле.

«Мына, эми жаз кылтаят» — деди ичинен, жазгы кош айдоо кампаниясы... даярдык гана жазга?»

Секретардын кабинети күүгүм тартып турган эле. Ал ойлуу, жүзүн тиги терезе жакка бурду. Тыштагы кычыраган аяздын илеби уруп турат терезеден. Кыштын сурданган асманы тигинде. Асмандын озү да так ушул ак чаптуу өрөөнгө өңдөшүп калыптыр.

— Ка-ак! Ка-ак! — ошо тиги сурданган асмандын үнүндөй угулду карганын какылдагы, дагы түшөр карды кабарлайбы?..

Кар, кар... Бир аз күп басылып кайра лапылдатып келген кар куду бир аз тыным алып, анан кайра туруп, каптагы үрөнүн сээп жоногон дыйкан көрүндү бу Акбаевге. Кар жерге береке алып келери анык го, бирок малгачы? Жем-чобу жок, жайыты тар мына ушул өрөөндүн малына жут гана алып келери бышык.

Тигине, сурданган асман алдындагы ак кар, көк муз каптаган тоолор. Ошо тоолордун кокту-колотунда мицдеген кой короодон чыга албай кый туруп, өз жүнүн өзү жеп, сандаган кара мал соңкойүп, ачка...

Өзү мөңгүдө калгансып, ичиркенди Акбаев, анан бет алдын — столду карады. Сол колунун алдындагы ачылуу блокнотко көзү түштү:

... — «Үлгү» колхозуна Саралаевди бүгүн алып барып, колхозчулар менен тааныштырып, райком бюросунун чечимин билдирүү керек».

Саралаев болсо кашая качты. Соз укпай кетти тигинтип. Кана, кандай кылуу керек? Ал чындап эле райкомду тоготпойбу? Же өзүнө-өзү ишене албай жатабы? Кантсе да мунун азыркы кыялы жарабас кыял. Бул го бул экен, ал эми калган активдердин баары эле иш билги, элпек экенин ким билет? Андай иш билги активдерди, күжүрмөн кишилери көп район мынчалык артта калбайт эле. Эл бири-бирине атаандашып илгерилесе, булар бири-бирине эргишип, эмгектен качып, артка чегинген.

Бул район тууралу кептер, озгочо, бая жолдо келаткандагы Асылбековдун айтып келаткаңы азыр кулагына угулуп турду: «Мындан жаман район жок: чарбалары жармач, жеринде дайым жут, эли арбаш а климатычы!.. Кутурган ит байласа токтогус...»

Асылбековдун бул айткандын жактырбай, кайраттуу жооп кайтарбады беле: «Коркконго кош көрүнөт», бу, киши, дегеле коркуудан ишти оңоп алганын көрө элекмин. «Көз — коркок, кол баатыр».

Мына, аденки боготторго кез келе баштады. Болгондо да Эсен!.. Кечээ эле бюродогулар бир ооздон макташкан Эсеп ушинтмек беле?! Күжүрмөн, ак ниет, кайраттуу деген ушу беле? Райондогу бирден-бир мыкты адам... Ал эми тетири баскан кежирлерчи? Керт башынын камын ойлогон озумчулорчу? Коом мүлкүн талай качкан алдымжуттумдарчы? Буларды кантип иштетээр экен? Булар менен кантип иштээр экен? Райондо мындайлар көп. Өзгочо, тиги «Үлгү» колхозундагылар... Ал колхоздун кээринен кеткен чарбасы мындай турсун, элиси, эли... Эсен иштен качкан жок, элинен качып жатат. «Үлгүдө» иштен качкан кишилер көп. Өздөрү эле ошентпей, ишке кедерги, иштегендерге жолтоо болот. Жаатчылык орун алган: бир эле колхоздун ичи — урук-урукка, ата-атанын уругуна болүнүп жаатташат. Жаңы барган жетекчиге ошо жаатчылар каршы. Жоктон кыйкым таап, аны каралай берип тажатышат да акыры, аны иштен бошотуп тыпышат. Үлгүдөгү мындай

начар абалга райком кандай карады мындан мурун? Ошол абалдан чыгуунун жолун ойлонуштубу? Деги кандай чара көрүлдү экен? Же мунун баарына райком кайдигер караганы үчүн кызматкерлер жалкып калдыбы? Мына, Эсен,— деди анын ою кайра да Эсенге келди. — Эсен көз көрүно иштен баш тартты. Эми кимди жиберүү керек? Кайдан табуу керек кыйындыктан баш тартпас мыкты кадрды? Жо, азыр ушул райондо коом иши үчүн күйгөн, эл үчүн жанын таштап иштээр, дайым даяр кадрларды дароо таба коюш кыйын. Андай кадрларды тарбиялоо, өстүрүү керек. Адегенде алардын келечегин баамдоо керек. Аларга кылдат мамиле, көрөгочтүк керек. Антпей, ойлонбой макул боло калган бирөөнү дайындап ийип, кайра ал убара кылып жүрсө... Ырас, айрым андайлар баарын жүр парыга салып, ишке үстүртөн карайт эмеспи. Иштн ошондойлор артка тартат, чарбаны начарлатчу мына ошолор. Аларды сөзсүз жазалоо керек!

«Жазалоо!» Өз оюна келе калган ушу сөздү кайра да кармай калды Акбаев. — Жок, жазалоодон мурда тарбиялоо, түшүндүрүү керек. Кээринен кеткен чарбага барар жетекчи ал чарбага чыныгы жетекчи боло алабы? Ал чарбанын эли-жери менен таанышпы! Эл-жерди жакшы билеби? Элге жакшы мамиле жасай алабы? Жеринин сырын билеби? Дал ошондой жетекчи да райкомго таянат, ал сөзсүз. Райком ага кандай жардам көргөзө алды? Ага кандай тарбия — өрнөк бере алды? —бу жерден да Акбаев өзүнө берген суроого өзү жооп берди: — Сыягы, райком баарыдан мурда «Үлгү» колхозуна улам башкарма жиберүү менен чектелген. «Үлгүгө» баруудан кыйыктанган кишини коё туруп, башка бирөөнүн макулдугун сурап, ал болбосо дагы бирөөнө асылып, убакыт өткөн. А чынында, ал иштей алабы жокпу, чарбаны оңой алабы же жокпу, аны эсепке алуу болгон эмес экен. «Үлгү» колхозуна ким батыраак макул болсо ошого ыраазы болушкан. Ал ошо бараткан жетекчини ишке тарбиялоо жагына райком көңүл бурган эмес. Кээ бир кишилердин «иштей албайм» дегенине бат ынанып, дароо бошотуп жиберишкен.

Ал ошол жиберилген кишинин жакшы максаты барбы? Иштн алга жылдырууга ыкласы барбы? Андайлар сөзсүз оңой алышат иштн, аракет ийгиликке жеткирет. Киши өз жоопкерчилигин дайым сезсин. Киши өмүрүнүн максатын, эл алдындагы, коом алдындагы милдетин билсин...

Муну өзүнө-өзү айткан Акбаевдин эсинен, көзүнөн азыр өз бет мандайынан эшке чыга качкан Эсен кетнеди: — Эсен менен чатактын кереги жок,— деди Акбаев,—

ага иштин багытын тереңирээк түшүндүрүү керек. ага иштин оңолорун ишендирүү керек».

Арадан үч күн өттү. Ушу үч күн бою корүнбөй калган баягы Эсен бүгүн Акбаевдин маңдайында отурду. Тыштан киргенде оозун бүлк эттирип, үнсүз салам айткан Эсен, Акбаевге кол берди да унчукпай орун алды. Секретарь да үнсүз көз токтотту буга: бая күнү бул, бир туюкка камалып, андан чыга албай калган жандай алдастап, кеп кулагына кирбей кабаарып отурган эле. Бүгүн мына ошол туюктан чыгып кеткендей өңү-түсү чыйрак, көз карашы чечкиндүү. Ушу калыбында бир азга Акбаевди карап отурган Эсен саал күлүмсүрөй калып, миптти:

— Адыл Акбаевич! Сөзүңүздү угайын деп келдим? — секретарь да күлүмсүрөй үн катты буга:

— Мен, өзүңүн сөзүңү угайын деп турам Эсен, сөз сенде?

Акбаевди карап турган калыбында тым боло калган Эсен кайра сурады:

— Адыл Акбаевич, мен иштөөгө бел байласам, сиздер жардамдашасыздарбы?

— Эсен,— деди Акбаев жайма-жай,— балача сурайсың да ыя? Бу кандай суроо? Эмне, бардык кыйынчылыкка сени түртүп коюп: «Тим кой, кантер экен?» деп четтен карап турат дейсицби? Жалгыз иштейт экемин, бардык кыйын-кыстоону жалгыз көтөрөт экемин деп санааркап, чөкпө. Ар кандай кыйын ишти акылдашып чечип, биргелешип иштейбиз. Жалпы эле иштин кызыкчылыгы бизден мына ошону күтөт. Райком жардамдашууга дайым даяр. Анын милдети да максаты — ошол!

— Адыл Акбаевич! — Эсендин үнү азыр жанагыдан көтөрүңкү да чечкиндүү чыкты. — Андай болсо... «Үлгүнү» ирдентүү үчүн, а дегенде, анын жерин кандайча пайдалануу керек? Мына ушу жагын кеңешип алсак?

«Үлгүнүн» өтө начарлашынын себеби: ошо айдоо жеринин аздыгы, мал жайытынын тардыгынан.

— Албетте, Эсен, ал өзүнөн-өзү белгилүү — деп коштоду Акбаев. Ага баш ийкеген Эсен баягы адатынча кош алаканы менен кол астындагы столдун жалтырак бетин үстөкко-босток сылап отуруп, сөз улады:

— «Үлгү» алиги «Көтөрмө» каналын жакшы башташты эле, анан таштап коюшпадыбы... Баарыдан мурда ошо «Көтөрмөнү» казып бүтүрүүнү колго алуу керек. «Көтөрмөдөн» суу чыкса, ошого сиздердин көмөгүңүздөр керек, анан...— деп келатып саал аялдады Эсен, ошо тапта блокнотун ала коюп, жазып калган Акбаевди алагды кылбайын деди. Эки

гана созду тез жазып, кайра Эсенге түз бурду секретарь:

— Ко-ош? — созго конок келгенин сезген Эсен азыр үзүлгөн жеринен улап кетти:

— Анан... жайытты кеңейтүү жагына да жардамдашсаңыздар? «Үлгүнүн» мал коктотоор жайыты да, жайлоосу да тар. Анан бу колхоздун шалбаасы жокко эсе, жалпы эле чабындысы начар. Азын оолак суу жеткен жеринде алиге үркүп чыккан кара-кыяк, эрмен, шыраалжын баскан. Эспарцет эмдиге аз. Эсперцетти, бедени кобойтмойүн, колхоз тоютан тукулжурай берет, ошон үчүн колхозго мына ушу көп жылдык чөптүн уругун алууга жардамдашсаңыздар экен? Көп жылдык чөптү тезирээк айдабаса болбойт.

Эсендин ар бир созүн күпт коюп укkан Акбаев, эми бул «Үлгүгө» иштешке чындап бел байлаганын билди. Начар колхоздун бар милдетин мойнуна алып, алдай тайган чарбаны кандайча ирдентүү жагын ак дилинен айтып отурду.

Акбаев саатын карады. Ал аттануuга шашып отурган эле. Тез атпай талаага чыккан секретарь күндө ушул убакта чарбаларды кыдырып жүрчү. Эми бүгүн мына бу оз мөңдайында, иш жагдайын айтып кызып калган Эсен ашыгар эмес. Өзү барар колхоздун кем-карчын улам арылатып, тына-тына сүйлогон ал дагы бир маанилүү нерсени ортого салчудай. Анын кыясын көрүп отурган Акбаев, аттануuга ашыгып турса да сабыр этти, аны жаңсай, анын созүн утурлап койду:

— Ии, Эсен, унут калбасын, дагы эмнелер бар?

— Анан, бу,— деди Эсен,— эң башкысы: Партия уюмунун таасири керек? «Үлгүгө» таасирлүү, ишкер, партия уюмунун секретары керек. Мен билгенден алар ошо секретардан жарыбай жүрүшөт. Алардагы гана эмес, бир катар чарбалардагы партогрдар үстүртөн өтүлгөн чогулуштардын токтомун тиркөө менен гана чектелишет. А колхоздун жалпы чогулушу болобу же партчогулушпу, анда кандай маселе каралды? Ага — адамдарга, чогулуштун кандай таасири болду. Ал чогулуштардан кандай майнап чыкты? Коммунисттердин иши кандай? Бул жөнүндө парторгдар кайдигер. Үстүртөн өткөн чогулуштардын, -үстүртөн жазылган токтомдорун гана тиркеп отурса бо-олду! Иштеп жатабыз деп ойлошот. Себеби: райкомдон текшерүү барганда ошону корсотүп гана кутулуп чыга беришет: «Парторгдор иштеп жатышат. Чогулуш убагында өтүлгөн. Маселе каралган». Мындай токтомдун, мындай парторгдун кандай пайдасы бар, чарбанын ишинин илгерилешине?

— «Туура айтат»,— деди Акбаев ичинен,— саясий-пар-

тиялык иште күч алдырбай туруп, чарбанын ишинин ийгилигин көрүү кыйын. Чындыгында чарбадагы эмгек майдасынын комиссары — парторг эмеспи!»

— Абдан туура ой! — деди Акбаев, бу Эсенди кубаттап, жадырай сүйлөдү. — Тууралыгында талашым жок. Партия уюмунун ишин чындоо жөнүндө бюродо маселе карайбыз, уюмдун жетекчилигине кадр тандоону кечешебиз.

Мунду эчактан секретарь бу Эсендин ак дилин дагы бир жолу көрдү. Жан-дили менен иштөөгө ыктызар экенин, мунун мүнөзүнөн сезип турду.

* * *

Ушунун эртесинде Акбаев «Үлгү» колхозуна Эсен менен бирге барды. Башкарманын контору — контор башы менен тоңуп турунтур. Кычыраган ушу кышында түгүл, толукшуган жайда деле бу конторго кишилер сейрек келишчү. Мына бүгүнкүдөй колхоздун председатели которулуп, жаңысы келгенде аны менен жүздөшүп коюшту туура көргөн кишилер гана баш катчу. Кээде, бир чүкүл чогулушу боло калып, анда бу колхоздун кишилери жаакташып, кармашар болсо же колхоз башкармасынын үстүнөн чуу чыгарар болушса, андай жыйындын жайын күн мурун билип алышкан кишилер конторго дароо келе калышчу. Деги, бу колхоздогу айрымдардын черин жазып, моокун кандырар так ошо чатактуу жыйындар. Жо, антпей, жыйын кадимки эле өндүрүш туурасында болсо деле бу колхоздун эски активдери жок жерден кыйкым чыгарышчу да жыйын артын чатакка айлантып туруп, тарап кете беришчү.

Бу сапар да ошо жыйындын бири дештиби, чоң тебетайларын баса кийип, баксагай жакага тумшук каткан кишилер бу контор тарапка манчыркап басып келатышты. Аларды тыштан карап турган Акбаевдин оюнда: Бул колхоздун кечээгиси, бүгүнкү абалы, эртеңки күнү... Отузунчу жылдарда бул колхозду өздөрү курушкан, жаңы гана каз-каз турган чарбаны өздөрү торолтуп, өздөрү онуктургөн, эми ушу тапта ошол эле кишилер жабыла ат коюп, өздөрү артка тартып жатышканы кандай? Бул абалдын эң башкы себебин табуу керек.

Акбаевдин ою мына ушуларга чабыттап, тынч ала албай турду. Тиги манчыркай баскан кишилер, конторго ыргылжың кирип, азыр болупүп түшчүдөй кыйчылдак скамейкаларга аярлай-коомай көчүк басып жатышты.

Бүгүн колхозго жаңы председатель дайындаларын да, ал председатель мына тиги бет маңдайындагы — Эсен эке-

нин да, аны өздөрүнө тааныштыргапы келген райкомдун биринчи секретары — ушул Акбаев өзү экенин да айттырбай көрүп отурушат, аны күн мурунтан угуп деле алышкан.

Кишилер бет маңдайындагы Акбаевдерди, булар болсо кишилерди көз токтото карап жатышты.

Ар жыйын сайын, жыйындагы элдин алдына чыккан сайын ар бирине көз токтотот Акбаев, ар биринин оңүн оз көзүнө сактоого, эсине сактоого үлгүрөт. Мына, азыр да ошо адатына кетти: эң алдыда отурган кара ичикчен киши баягыдай эле Акбаевден көзүн алган жок.

Акбаев а деп бул районго келчүдөгү чогулушта дал ушул киши мына ушул абалында отурбады беле, секретардан көз айырбай. Ошол эле күнкү мыскылдуу жылчыгый көзү, мыскылдуу уурту тигине. Бир гана айырмасы, а күнү: ичигин чечпесе да конторго киргендеги тартипти сактап, башынан алып койгон кара көрпө тебетайы ээк алдында турган. Кашкая түшкөн башында кичине баркыт топу бар болчу. Ошо күнкүнү жасемдебей көз алдынан откоргөн Акбаевдин көзүнө бу киши бүгүн андан кекээрлүү. Күпүйгөн кара ичиктин бөйдөй кара көрпө жакасына тумшугун каткан ал тукаба тыштаган кара көрпө табетайды көзүнө баса кийген калыбында, райкомдун биринчи секретары — Акбаевди да, бу «Үлгүнүн» жаңы председатели — Саралаевди да тооруй карайт: «Көрөрмүн сенин кыйратканыңы! «Үлгүнү» оңомок түгүл ойронуң чыгар. Ыйлап гана качарсың балам, коё тур шашпай!» Жээрде сакалдын көзүнөн да жүзүнөн мына ушул мыскылды айкын окуп отурду Акбаев.

* * *

Канетсе, Акбаевдин сөзүнө кунт коюп угушту отургандар.

Секретарь бул «Үлгүнүн» а деп колхоз болгон мезгилинен беркисин кыскача айтты. Анан «Үлгүнүн» бүгүн алсыраң турган мезгилин кейий сүйлөп, тиги мыскылдуу жээрде сакалды сөзгө кыстырып, мунун баарына күбө тартты:

— Мында Максут аксакал отурат. Ушул колхозду оз колу менен курушкан, ушул колхоздун эң начар кезинде өзү жетекчилик кылып, ушу колхозду баралына жеткиришкен... — деген жерде тиги жээрде сакал саал түйшөлүп койду ордунан, аны Акбаев байкады. Тиги ошо түйшөлгөн калыбында сол манчасы менен сакалын тарай сылады. Секретардын сөзүн коштоп койду, саал баш ийкеген калыбында:

— Ал ырас. «Үлгү» үлгү болуп турган чагы да болгон эле бүт соонага, бүт ырайонго, эми...— деп манчыркаган

Максүт өзүнчө күрсүнүп да койгондой болду. «Үлгүнү» үлгү кылган мына мен элем го,— деген өзөк турду мунун кыяпатында. — Эми, менден кийинкилердин кылганы мына!»

Сүйлөп турган Акбаедин көзүнө бүркөө күндой кишилердин кабагы көрүнүп турду. Айтылган сөзгө алардын азы гана уюбаса, көбү кайдигер, манчыркап отурушканын сезди секретарь, анан Эсендин кечээги өтүнүчүн эстеди: «Эми мен, иштөөгө бел байласам, сиздер жардамдашасыздарбы? Андай болсо, адегенде алардын жерин ыраттуу пайдалануу, суу чыкпас жерлерине суу чыгаруу, анан эң башкысы: партия уюмунун таасири, «Үлгүгө» таасирлүү парткомдун секретары керек».

«Ырас,— деди райкомдун секретары,— Эсендин талабы эң туура. Бул колхозго күчтүү партия уюму, парткомдун мыкты секретары керек. Уюштургуч жетекчи керек. Ансыз ишти алга жылдыруу кыйын. Мына бу кишилерди башкаруу үчүн: акыл-айла, күч-кубат, болоттой эрк, кажыбас кайрат, жатпай иштеген мээнеткеч жетекчи керек. Ии... ошентип, бул «Үлгүнүн» ишин жолго салуу кыйы-ын!» — деди Акбаев ичинен.

...«Өтө кыйын! — деди Эсен да өзүнчө, секретардын оюн улап койгондой болду. — Береги бет алдындагы өзүн тооруй караган кишилердин көзүнөн заарканып отурду. — Ишти өткөрүп ала элекмин. Иш али, баштала да элек. Элдин түрү — каары бетинде. Бери бас десең, ары баскан кежир кишилер». «Минткен Эсен шыргалаң сууга түшкөндой ичиркенип отурду өзүнчө».

12

Эсен «Үлгү» колхозуна башкарма шайлангандан бир жума өткөн эле. Чарбаларды кыдырып жүргөн Акбаев «Үлгүнүн» конторунун жанына токтоду. Контордун жанында логлоп тургандарды тааныды бул. Баягы чогулушка катышкандар баягы калыбында: ичиктин күржүйгөн жакаларына тумшуктарын катышып, тебетайларын баса кийген кишилер куду эртелеп ишке чогулгандай эле. Өздөрүнчө күжүлдөшүп, тобун бузбай турушкан алар береги контордун оозуна чукул келип токтогон ГАЗикти жабыла карашты. Машинадан түшүп бери баскан секертарь топко салам айтты:

— Ассалоому алейкум!

— Алейкума ассалам!

— Аалеукума...

— Аа-лекумаа ассалам! — Жарыша алик алган кишилер кумтуланган ичиктеринен тумшуктарын чыгарышып, бери утурлай басышты. Утурлай баскандар менен тегиз кол

алышып, учурашкан секретарь, булардын эсепчилигин, иштин ал-жайын сурады:

— Кандай, жакшысыңарбы?

— Жакшы эле...

— Жакшы,— деген үндөр кайра да жарыша чыкты.

«Жакшы» деген сөздү жабыла айткандарды тегиз карап баш ийкеди Акбаев. «Эми ошо жакшы иштин майнабы кана?» деген суроо оозунда турса да үн дебеди азырынча. Анын ордуна жаңы председателди, анын ал-жайын сурады:

— Коош, эми, жаңы жетекчиңер кандай?

— Жакшы эле.

— Дурус эле,— үндөр жарышты.

— Баса, ал кайда жүрөт? — миңткен секретарга тээ, муз кантаган коктуну көргөздү бироо:

— Ал тигине, тетигинде кампачы менен урушуп жатат,— ушу сөздөн улам беркилер мыйыгынан гана күлүп турушканын көрдү секретарь. Көрдү да ошо Эсен жүргөн кампа жакка басты. Эртең менен аязда чыккан ачуулу үн темирди — темирге чапкандай чаң-чуң этти:

— Кантип, кана!.. Ыя?.. Кантип кана колуң барды суугa салууга?

— Эмне, мен бекемин? Мен салыптырмынбы? — үшиңткен бир үн корулдай чыгып, актанып жатты. — Билип туруп айтпайсыңбы? Көрүп туруп айтпайсыңбы? — Ушундан кийин Эсендин үнү жаңагыдан катуулады:

— Мен билбей атамбы ыя?! Мен көрбөй турамбы?! Зыянкеч! Кара ниет! Колхоздун душманысың, сен!

— Оозуңа карап сүйлө! — деди, алиги корулдак, ызырына. — Ушу сөзүң үчүн жооп бересиң! Ким душман?! Ким зыянкеч?!

— Сен! Сен! Так ушу сен!..— деген жерде Эсендин чаңыра чыккан үнү үзүлүп кетти. Анын үнүн капысынан үзгөн Акбаевдин үнү эле:

— Эсен! Эй, Эсен, эмне, эмне ыя? Эмне болуп кетти бу?

Ачуусунан татарын кеткен Эсендин күрөө тамырлары көөп, эриндери калтыраган тейде секретарды карады да ошо калыбында тумагын артка шилеп, чеке терин шыпырды эле маңдайынан көк буу чыкты.

— Бу!.. Э, бир!..— деген ал айтар сөзүнүн аяк-башын жыйнай албай жаткан эле. Маңдайында турган секретарга учурашуупу да унутуп, бууракандаган ачуунун ташкынынан чыкты анын үнү:

— Бу, анык бир... ой булар озү эл эмес экен!.. Соттотуу керек! Жоготуу керек! Барып турган зыянкечтик, душмандык да мунун озү!

— Эсеп,— деди Акбаев,— сабыр этчи, иштин жайын айтчы? Эмне болду?!

Эсендин ээгинин калтыраганы саал басылса, үнүн калтырагы басылбай ызырынган калыбында сүйлоду:

— Ой» деги, булардай тозоку элди ким коргон! Араңдан зорго... өзүңөрдүн жардамыңар менен алган... көп жылдык чөптүн уругун сууга салып ийип отурушпайбы!

— Ал эмнеси? Эмне үчүн? — деди, Акбаев да саал сестее түштү.

— Ал, демек, көп жылдык чөптү өстүрүшкө каршылык кылганы! Мына, береги ачтара бүткөндөй ак чапты көктөтүшкө тоскоол болуп жатышпайбы, Адыл Акбаевич! — Эсендин үнү кардыга күйүп-жанып сүйлоду, — сууга салып ийишкени аз келгенсип, «себилди» деп сводка берип отурушпайбы! Бул деги эмне деген карапиеттик!? Жоготуу керек мындай зыянкечтерди! Соттотуу керек!

— Эсен, сабыр этчи,— деди Акбаев жана да,— анча катуу кеткенде болбойт. Соттотуу оңой, дегеле кишинин жазалоо оңой, ал эми аны тарбиялоо кыйын.

— Тарбияга келеби ушулар?! — кайра да чамына кетти Эсен,— буларга жаза гана керек. Законго каршы немелерди закон жүзүндө жоопко тартуу керек! Ансыз...

— Бир колхоздун элин бүт соттой албайбыз да, Эсен, элди бүт бойдон жаман дей албайбыз го? Эл эл да... тентеги бар, жөнтөгү бар. Оңо тентегин да уруш менен оңой албайбыз. Булардын ар кимиси менен үгүр-масыр сүйлошүү керек. Аларды коркутуп-үркүткөндөн мурда, алар менен уруштан мурда, аларга ак пейилиңди, жакшы сөзүңдү тартып кордүңбү? — Секретарь муну Эсендин жалгыз озуно айтты. Ушу тапта кампанын жанында экөө гана турган эле. Жанагыдан саал жайлай калган Эсен мандай терин жапа бир шыпырып, шуу үшкүрүп ийди да секретарды карабай туруп, минтти:

— Ушу колхозго келгенде кородум ушу болчу! Мына озуңуз турасыз, Адыл Акбаевич, бүт колхоз боюнча, малчысын мындай коёлу, же механизатор — дыйкандарынан же чарба жетекчиси — активдеринен чын дили менен иштейин деген бироо болсо, олойүн! Сөз укпан бироо жок, ыкка конгон бироо жок, тетири басышат! Иштн бузушка калганда тикесинен туруп, жапатырмак аттанышат.

Эсендин бул айткаңы Акбаевдин көз алдына нелерди келтирбеди: «Үлгү» колхозунун жаатташкан арызы, жетекчиге жабылган жалаалар. Улам жаңы келген председателге улам жаңы жалааларды ойлоп таап турушчу кишилер... Ар дайым эки жаат, эки тарап колхоз ичи, колхоз активдери-

нин кеженей опору — бул эле: жаңы келген председатель бир тарабы менен кеңешип, ишти алга жылдырышка аракеттенсе, тиги экинчи тарабындагылар чуу туруп, жаңынын үстүнөн арызданышчу: «Үлгүнүн жаңы башкармасы — Баланча Төлөнчөев жеткен жегич экен. Колхоздун эски активдеринен пара алып, сатылып кетти. Жалпы колхоздун кызыкчылыгын коё туруп, айрым кишилерге гана жан тартып, колхоздун байлыгын тигилерге бийлетип ийди». Мындай арыз текшерилип, иш агына кочкон соң жаңы башкарма эми эки тарапка тең туруп, эч кимге тартпай, иштин так аткарылышын талап кылып, бекем тартипти колго ала баштаганда, тигилердин кыял-жоругу кантет дебейсизби? Ал учурда баягы эки жаат дароо бириге калышат да эми жабыла союл көторүшөт, тиги жаңы председателге: «Үлгүнүн» башкармасы мына бүгүнкү коомдогу колхоз башкармасы эмес, откон заманда биздин карацгы байкуш элди жазалоочу падышанын желдети! Айтканыбыздын чыдыгы бар. Ал, биз менен сүйлөшпөй өз билгенин кылат. Иштин жонүн айтсак, кулак какпайт. Жетекчи деп арыз-муңубузду айтсак ал бизди катуу жазалайт. Жалпы колхоздун атынан суранарыбыз: бул башкарманы бошотсоңуздар экен? Мунун ордуна бир иш билги, эл менен камыр-жумур иштей турган жетекчи берсеңиздер экен? Антпесеңиздер «Үлгү» колхозу үлгү түгүл күлкү болуп, таран кетүүгө даяр турат».

Мына ушинтип, удаа-удаа тыпымсыз түшкон арыздар райопду тажатчу да акыры алиги башкарманы бошотуп тынчу.

— «Үлгүнүн» эски оорусу кармаган экен! — деди Акбаев өзүнчө, бирок, аны тышына чыгарбады. Ачуусуна муунун турган Эсенди жайкай кетти: анан ал унчукпай калганын көрүп, ага саал жеме-жука артты:

— Чынында, өзүңөн да кетип жатат Эсен, бая күнү айттык: «бу «Үлгүнү» үлгү кылган абийирдүү кишилер бар... (Максүттү ачык эле айттык го алиги чогулушта). Секретарь муну айтып бүтө электе Эсен кайра да туталана кетсе болобу:

— Адыл Акбаевич! Э, жарыктык, так ошо Максүт мытайым бузуп жатпайбы иштин баарын! Жанагы макоо бригадирди көкүтүп, чөптүн уругун сууга ыргыттырган да ошо болсо, кантесиз!..

— Э, кой, аа! Анчалыкка кантип барсын сакалдуу киши? Жүрү, жүрчү, ошоякка басалы.

Акбаев менен Эсен тетигинде кишилер логлоп турган контордун алдын карай басты. Тигилер бу тапта туш-тушка тарай баштаган эле. Алар жон тарабай бу чарбанын камын

көргөн киши болушуп, эртең мененки кыштак арасына үн салып баратышты!

— Оой! Оо, Кемел, ары сарайдагы аттарды чыгарып суу-га айда-а!

— Кыдырма-а! Оо, Кыдырма! Ой, арабаңды чексеңчи,— деди Максүттүн үнү — тиги жер семирткичти төго салалы. Бол, бол, чеге сал эми! Ушинтип үн сала, тарай басышкандарды токтотушту беркилер. Баарын тегиз болбосо да бу колхоздун ошо тиги Максүтко окшогон эстүү-баштууларын чогулта коюшту суранышты. Чогуу-чаран кеңешер ин бар экенин айтышты.

Райкомдун секретары эртелеп чакырган чогулушка сакалдуулар эле эмес, бул арада турушкан активдер баш болушуп, алиге ремонтун бүтпөгөн механизаторлор, кыштак ичиндеги малчылар а түгүл, кара жумушунан эбак бошогон кулжадай карылардан өйдө келишти.

Чогулушу ачык деп жарыяланбады. Ага адаттагы президиум да шайланбады. Карала турган маселелер аталбады. Тек гана чогуу маек. Улуу-кичүүнүн ортосундагы чогу-чаран кеңеш, арты барып, жалпы колхоздун ишинин кызыкчылыгына, кишилердин турмушунун оңолушуна барып такалган соз. Жанатан секретардын айтканына кунт коё тыңшаган оңдонгон эдиреңген кара киши астыртан кер какшык таштады:

— Ээ, айланайын, эми биздин тилегибиз эле ошо. Эми, ушу жаңы башкармабыз кемунусумга жеткирип таштаса эле болбодубу!

— Ээ, эх-хе-хе! — деп күлө сүродү анын жанындагы. — Ээ, аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы!

— «Сокурдун тилегени — көз» деген. Ой, хи-хи-хи! — арытан дагы бирөө кытылдап коштоду. — Иши кылып кемунусумга жеткире салса ажеп эмес, өзү да жеткен тың жигит корүнөт.

— Жо, бул урушканына караганда тың эле,— деп каарыды дагы бирөө — акыры, бу кемунусумга жеткирбей койбойт!

Ушу тапта өз ачуусуна өзү мууноп, араң отурган Эсендин деми титирей түшүп, каяша айтарында аны көрө койгон Акбаев башын чайкап токтотту. Токтотту да тигилер менен жон-жай гана маектешкен корүнүштө сөзүн улай берди:

— «Жакшы тилек — жарым ырыс» деген. Коммунизмге жетүү тилеги жеке бу «Үлгү» колхозу эмес, бүткүл совет элинин тилеги, кала берсе бүткүл ааламдагы ак ниет адамзат көксөйт. Бирок, тилеп, көксөп гана коюш менен ага жете калбасыбызды жакшы билесиздер. Ал үчүн жалпы элдин

ак ниет эмгеги керек... Мен бул жөнүндө лекция окубайын. Ал жагын эң сонун түшүнөрүңөрдү көрүп турам. Кыскасы, мына бу начарлап кеткен колхозду өндөө жагын ойлонолучу, мына ушул жагын сүйлөшөлүчү.

Мында, орой-көз чарай отурасыздар, мындан мурдагы председателериңерди айтпаганда бу жаңы келген Саралаев Эсен — тажрыйбалуу агроном. Жерге сырдана экенин билем, жерди сарамжалдоону жакшы билерине да көзүм жетет. Ал эми чарбага баарынан мурда мына ошо керек. Чарбаны которор мына ошол ыкма. Бул жаатынан райком бу жаңы жетекчинин бардык жагынан колдойт, дайым жардамдашууга даяр. А сиздер ойлобоңуздар, бая конгон адатка салып, жабыла союл которсок бул иштебей качат экен деп; райкомдо сиздердин арызды угуп, муну ары-бери бошото салып, жолуна салат экен деп түк ойлобоңуздар! — секретарь чымчып отту, бирок, жүзүндөгү жылмаюусу кеткен жок, отургандар саал сестее карады секретарды. Саал тыным жазап, бу маңдайындагыларга көз токтотту Акбаев, жанагы мыйыгынан күлгөн өңдөр саал сустайып, ушул арада бүкшүп турган мыскылдын жыты биртике тарай калгандай көрүндү.

— Чарбаңар оңолуп, «Үлгү» ушул райондогу кадимки үлгүлүү колхоз болуп чыга келсе — ал силердин гана абийириңер а дегенде, силердин жакшы атыңар чыгат. Колхоз оңолсо, силердин турмушуңар оңолот, бири-бириңерди аңдымай жоголот. Демек, бу жаңы жетекчиңердин бар аракети— жакшылык, бар күч-кубатын жумшап, силердин колхозду, силердин турмушуңарды өндөө. Түз сөздүн ордуна ушул жерде какшык, мыскыл жаадырып жатасыңар, аныңар менен бүт колхоз түгүл өзүңөр, ошону менен какшык ээси өзү оңолуп кете албасын билем. Эмгектен качып, арам ой баккандар коом түгүл өзүнө-өзү душман! «Ниетиңен тап!» деген сөз бар элде. Алар жамандыкка кабылса — ниетинен тапканы ошо, алар жазаланса — өзүн-өзү жазалаганы ошо, өзүнө-өзү таарынсын!

Жыйын жым боло түштү. Кишилер демдерин ичине тартып, дымырады. Бу сөз мында отургандардын ар бирине тийип жаткандай эле. Өзгөчө, тиги жарыша какшык агытып жатышкандар атыбызды атап нийбесе дешип, кыпылдап отурушту. Кишилерди көзү менен сыдырган Акбаев соз улады:

— Эл эми председателди — «катаал», «урушчаак» деген сөздөр чыкты. Анын аргасын түгөтүп, урушка түртүп жаткан дагы эле өзүңөр. Аны өзүңөр биле туруп, ага асыла кетип жатасыңар. Мунун талабын «катаалдык» деп түшүнүп отурасыңар. Талап кылбаса кантип жылат иш?

— Эми, айланайын, талап кылганда,— дей кетти баягы Максут, жанатан тим отуруп тумчугун кеткенсиген бул эми отурган элдин атынан сүйлоп жаткансыды. — Талап кылганда — «тоют табасын» дейт, жерден чукусак чыгабы тоют? Канча короо кой кый туруп калды бу тапта. Кылайган жем же чоп жок...

— Жем, чоп деген жерден чыгат. Өз жериңерди? өзүңөр коктотпосоңор, озүңөр сарамжалдабасаңар жем-чөптүн болбогону — болбогон,— дей кетти Акбаев, тиги сүйлогон Максутту каран туруп. Эмне, жем-чөптү бир жактан жеткирип турабы силерге? Же аның баары эле ушу колхоздун председателине керекпи?! — минткен Акбаев ушул жерде саал чыйрыга сүйлоду. — Ишти кээринен кетириш оңой, аны илгерилетиш кыйын! Кайра-кайра айтам: жаңы жетекчиперге жардам бергиле. Чарбаны күчтөнтүү силердин гана колдо, ал силердин милдетиңер. Эсең бул колхоздун акчаптарын коктотуу милдетин койду алдыга. Мал жайытын кецитип, мал тоютун кецитип, көп жылдык чоп сепмек болуп жатса,— деген секретарь ошо Максуттон козун айырбай сүйлоду. — Мындагы бир укмуш «жаңылык», кыйла аракеттер менен алынып келген көп жылдык чөптүн уругун кимдир бироо сууга салып ийиптир! Караңызчы, деги бул адамдын кылар ишиби?!

Жыйын болуп жаткан болмодо чымын учса угулгандай жым-жырт боло түштү кайра да. Максут бу секретардан козун ала качып, жер карады. Келген карылар да оңтойсуз абалда калганы байкалды. Кантсе да ушул жосунсуз ишке бирде-бир андай-мындай деп кеп катышка батына албады. Ар кимисинин бетине чиркоо болуп жатты ушул.

— Зыянкечтик деген так ушул! — деп сөзүн улады секретарь,— чындыгында мына ушул зыянкечти соттош керек эле. Бирок, бул жерде бу председателиңер али «аксактын акырына караганы» сезилиш турат. Кымындай да катаалдык кылган жок, жазалоого ашыккан жок, зыянкечти өзүцөрдүн сотуңарга, өз абийирининн сотуна койду. Антпесе, бул ишти ким алдыртан жасап жатканын корбой-билбей турат дейсиңерби? Элибиздин таасын сөзүн билесиңер: «укпайт деп — ушак айтпа, көрбөйт деп — ууру кылба».

Акбаевдин көзү кишилерди сыдырып жатты. Тунарган козун Акбаевден албай сакалын сербейтип турган тигинде бир карынын эрди бүлк этип, озунчо кобурап койду:

— Эх, жосунун жолдо калтыр! тукумду сууга салат деген не шумдук! — Капаатаанын ийген карыдан көзүн алган Акбаев андан ары улады сөзүн:

— ...Баарынан тыянак чыгарарыңарга ишенебиз. Өз колхозуңардын ишинин оңолушуна жана тырмак аракет жазап, куду ар кимиңер өз үй-турмушуңардын оңолушундай кызыгып, тикеңерден тик турганыңарда колхозуңар бат эле ирденери көрүнүп турат. Өзгөнү коюп, мына ушул «Үлгүнүн» бул районго үлгү болуп турган чагын эске алсаңар эле, канеткенде кадимки үлгү болуп аты чыгып турду эле, ошону бир жакшылап ойлоп койсоңор эле болду... Соко-шайманын кышкысын жыйнап, өзү эс алган дыйкан жаз чыгары менен кайра кармап жөнөйт өзүнө сырдаш жер боорунан ырыскысын тилейт... Эми, силер да колуңардан түшө калган шаймаңыларга жапырт, бир кол жасагылачы? Жер эмгегиңерди жерибейт. Ийгиликке жеткирер бир гана эмгек мыйзамы, эмгек тартиби. А силер болсо чыныгы мээнеткеч адамдарсыңар. Эмгек менен көгөргөн элсиңер...

Секретардын сөзүнүн ар бир нокотуна чейин тап кетирбей тыңшаган Эсен бет алдындагы кишилердин өңү-түзүнөн көз айырган жок: каадасынча манчыркай басышып, бу конторго ыргылжың баш багып, жыйынга кайдигер отурушкан береги «Үлгүнүн» активдери бара-бара сөзгө кунт коюшту. Капетсе, жүйөөлү сөзгө уюй түшкөнү айкын көрүнүп турду айрымдарынын өңүнөн. Алиги Максут баштаган бир-экөө баш ийкей, коштоп да коюшту;

— Ие, ал ак кеп го!

— Калп айтканда болобу, биз жапырт мээнеткеч кезде бу «Үлгү» сонун эле болчу.

— Ээ, анда ынтымак да мыкты эле.

— Ошону айтсаң. Эл ыймандуу эле. Улуу кишинин айтканы — сакүн эле тимеле. Улуу айтты, бо-олду!..

Отургандарды жагымдуу кобур аралады. Эсен жанатан тышта — аязда жүрүп, эми жылуу үйгө киргендей жылый түштү. Кардуу-бороондой боройлоп келген ачуусу жел айдаган түтүндөй тарап баратты. Бир аз мурдарак Акбаев менен бет маңдай тургандагы озунүн буркан-шаркан үнү ушул азыр өз кулагына угулуп, өзү эми ыңгайсыз абалда ымшып гана отурду. Көзү ымыр-чымыр болуп, бетинин оту ысып-күйүп чыкты. Айтор ушу таңта Акбаев анын бет алдындагы чоң күзгү сыяктанды: андан озунүн бүт тулкусун көрүп турган Эсен эми өзүнөн-өзү кымырыңды. Ал бир эсе бул секретардын ой чабытына суктанса, кайра анын колкүгөн сабырына, ашкан көтөрүмдүү — токтоолугуна таңкалды. Таңкалды да өз ичинен күбүрөп отурду: «Ушу куу такым, кереэз кишилердин чучукту какшатар куйкум кебине, керкакыгына солк этпеди. Машташа чыккан мыскылын укмаксанга салды. Бу не деген көтөрүмдүү эр киши! Ал мен

болсом, ошо замат чырпыша кетип, ишти бүлдүрөт экемин.— Эсен азыр жайынча сөз укпай эле не бир акылга бай китеп окугандай сергий түштү, кенеле түштү озунчо. Даанышмандан насаат укканлай көңүлү эргиди. — Мен эле эмес,— деди бул,— тетиги тетири баскан кежирлерди уютту ээ?! — Качантан суу бетин көрө элек кандакка суу жайылганын коргондой болду Эсен: — «коё турчу деги суу тегиз жайылды бекен?» — ушинтип жүрөгүн таянып тура калган сугатчы сыяктанган Эсен, береги бет маңдайындагыларды жана бир кыдыра карады:

— Жо, али тегиз жеткен жок суу,— деди али секретардын созуно көңүл кош отурган айрымдарды көзү чалды. — Буларга тегиз сиңирүү үчүн али талбай иштөө керек. Чыдаш керек, чыдаш. Сабыр керек, жана да сабыр... «сабырдын түбү — сары алтын!» Мына, ушу Акбаевдин которумдуулугун, токтоолугун, тынбас ишмердигин үйрөнө бергенде гана...»

13

Мына, жаз кылтайды. Жаз кай-кай жерде өз жышаносын коргоот го, күн жылымдап, көк жыбырайт го, а бу Ак-Талаага аяз чакылдап, аппак чөпөдөн бүткөн тоо-талааны күнү-түнүнө аяз жалап, ого бетер кубарат да турат...

Күндүн ороюна карабады. Өрөөн эли быйыл жазгы жарышка так ошо аяз менен кошо чыгышты. Али тоң тиштеп жаткан тетиги оёндордо кык төккөн арабалар көрүнсө, ары бозторгой тарткан секиден трактор үнү аба жарат. Тоңу, жаңы гана эрий баштаган аймактарда ошентип, кош чыгып калды. Өрөөндүн ар бир чарбасында жазгы кыймыл жандуу быйыл. Колун тетири шилтеп салып тескери баскан кишилер азыраак быйыл. Ар бир колхоздо, совхоздо бир аз да болсо тартип сактоо, абийир сактоо сезилчү болду. Кечээ эле чырайып, бекер бастырып жүрүүнү сөөлөт көрүшкөн айрым активдер бүгүн кадимкидей бекерликтен оолактай түшкөнү сезилет, бири-бирин үндөй кеткен сөздөрү да угулчу болду алардын:

— «Ээп бастырбайлычы, ой, демейкидей бош бастырбайлычы. Райкомдун кишилери жүрөт, алардын көзүнө чалдыксак уят».

«Аныц ырас — деп коштогон дагы бирөө шар эле колхоз жумушун ооэанат. — А көрө тетиги булуң жакка барылычы, коштун үстүндө бололучу».

Муну жүйөө көрүшүп, демейкидей бекер басууну оңтойсуз көрүшүп, колхоз жумушуна кол кабыш кылгандар бар.

Ошол арада тетири сүйлөп, тетири баскандар дагы эле жок эмес.

Аяздуу ала-шалбырт жут чакырып, малдын жайыты такыр, малдын тоюту жок. Ушу туштa туут кычады. А талаада кош кызуу жүрүп, айдалган ак чаптарда үрөн сепкиче шаштырып, айдоону аяздуу шамал бат кургатып ийди.

Мына, ушу күндордүн биринде Акбаев кыштоодогу туут оторлорду кыдырып андан тээ, трактор үнү ээн-элкин чабак урган тор талаага түшүп келаткан эле. Мелмилдеп жаткан айдоонун мына бүгүнкү тилкеси гана саргыч-күроң тартып, мындан тээ, кериге чейин боз-чамбыл, айдоо кургак. Трактор аяң-буянга келбей бороз жиреп барат.

Жолсуз боз менен декилдей келип токтогон «ГАЗИК»-тен түшкөн Акбаев тиги өзүнө жакындан калган тракторго кол булгады, токто деген белги берди. А токтогон трактордун татыраган үнү басылган жок. Бакчайган жапалдаш трактор-чу жай түшүп келди да озуно супулуп турган секретардын шадылуу арык колун камтый кармады, барбагай майлы-гоо манчасына.

— Иш канда-ай? — деди секретардын үнү тиги жапындагы трактордун татыраганынан араң угулду. Муну сезе койгон тракторист кайра тартты да кампаңдай басып барып, трактордун татырагын басып келип жоон берди:

— Жакшы эле, аксакал!

Акбаев бу трактористтин күнүнө канча гектардан айдап жатканын да күндүк нормасын аткарар-аткарбасын да сураган жок. Ага мына бу өзү айдап жаткан жерди көргөзө, минтти:

— Жер кургап баратыптыр го, бу эмне сеппейсиңер үрөндү?

— Ким билет? — деп ийнин куушурду тракторист,— апкелишпейт.

— Эмне үчүн? — деп кайра сурады секретарь мындан.

— Айтор, билбейм,— кайра да ийнин куушурган тракторист минтип улады өз сөзүн: — үрөндү дарылагандан бери эле ушинтип калышты. Бир күнү апкелсе, эки күнү апкелишпейт да жоголушат айтору кийинки күндө...— деген тракторист сөзүнүн аягын бүтпой токтоду.

«Үрөндү дарылагандан бери ушиптип калышты?» Ушинткен трактористтин сөзүн өзүнчө кайталаган райкомдун секретары бир аз ойлоно калды да мындан кайра сурады:

— А эмне үчүн «үрөн дарылагандан бери?» — минтип сураган секретарь бу бакчайган трактористти тиктеп турган эле.

Тракторист өзүнүн майлы-гөө тула-боюнун, оңүнөн саал

ыңтайсызданып турганы көрүндү. Ал бет маңдайындагы секретардан көзүн ала качты. Мындан дароо шек алган Акбаев, аны дароо колтуктап, айдоо бойлой басты. Саргыч-күрөң тарткан коңур-кургак айдоого көз таштап сүйлөдү:

— Жер жакшы эле экен ээ? Жер али семиз. Сокону да терең салган экенсиң ээ ыя?

— Деле мен тайыз айдап коргон эмесмин,— деди Акбаевдин созүно саал которуло түшкөн тракторист. — Кээде, жердин тоңу тоскоол болот, кээде, ташка соко тиши туруштук бере албай сынат, а болбосо дамамат терең айдайм.

— Аның абдан жакшы баатыр! — деп которо чалды Акбаев,— Терең айдоодон бузулбайт. Айрыкча мына-мындай каксоону тайыз айдасаң бүттү!.. Куру алакан каласың.

— Ал ырас, аксакал — деп ачык сырдаша кетти тракторист. — «Эптеп, эсеп берсек болду, бүттү-бүттү болсо, эптеп эмгек жазылса» деп жүрүп жарыбадык акыры...— муну айткан тракторист Акбаевдин жанында эки жанына чайпала басып баратты. Анын бу созү секретарга жагынуу да эмес, же бир паалуу да эмес, анчейин гана болгон иште сүйлөп, бу айылдын сыр билги адамы менен маектешип бараткандай эле. Бу трактористтин ыкшала баскан, кабелтең денесине, матырайган майлы-гөө оңүнө көз токтото, негедир ичи жылыды Акбаевдин. Жана башталып, эми алыстап бараткан создун алдынан кайрып, алиги дарыланган үрөн жонүндө сүйлөп калды райкомдун секретары:

— Баса, бу, алиги дарыланган үрөндү айтчы? Эмне себептен ошо үрөн дарылангандан бери себилбей кечигет ыя?

Ушу тапта трактористтин көзү жүлжүйө калып, уурту-на кайра келди, жанагы шектүү жылмаюу.

— Чынын айтчы, баатыр? — деп сүрөдү Акбаев трактористти,— эми бу жерде сен экөбүздөн бөтөн жан жок, чынын айтчы? Сенден уктум деп бу сырды эч кимге айтпайм, айтчы?

Райкомдун секретары бу трактористтин ичин шыкаалап көрүп турган кишидей ошентип сурады. Тракторист Акбаевге суроолу карап, жанагы эле абалында көзү жүлжүйүп, уурту жыйылат. Анын бу кыяпатында куду ууруунун айгагынын көрүнүшү бар эле: «Мен айтаарын айтсам, анан сен баарын ачыкка салып ийип, мени талоонго калтыра көрбө?» деген көз мунун көзү.

Бир аз турду. Турду да создун шарына салды, тракторист буйтай алган жок:

— Аксакал, бу, чынында эгин жааты начар экенин көрүп турасыз. Бу тетиги согуш мезгилинен бери эле... жо, андан кийин бир аз жакшы болуп калды эле, анан кайра да

тарып кетти. Иштеп жатабыз, бирок, эмгек күн деген жок, эмгек албай... күзүндө кырмандан бир аз уучтап-кулактап, анан ушу жаз чыгып, үрөн себиле баштаганда бир аз тийип-качып... Ошентип, көнүп калган кишилерге береги дарыланган үрөндөн эчтеке артпай калган соң...— деп токоду тракторист. Акбаев бу тапта тетиги курган бараткан айдоону гана тиктеп, ойго чөмүп бараткан эле.

Баарын түшүндү. Тракторист менен ачык маектешкен райкомдун секретары анын ишине ийгилик тилеп аттанды.

* * *

Саргыч-күрөң айдоодон чыккан ГАЗИК — тээ, закым ойногон алыскы кыштакты карай декилдеп келатты. Али үрөн себилбеген айдоо улам алыстап, улам курган бараткаңы байкалат. Жолдо келатып баягы Эсенди эстеди Акбаев. Адеп көргөнгө караганда алда-канча арып-азып калган эле ал. Жаагы шимилип, туурулуп, кесилген бетинин соогу чыгып, керсары тартып, тээтиги курган бараткан айдоого оңдөшүп турган эле.

Күнүпөн-түнүнө Эсенде тыным жок болчу. Талаадан-тоого, тоодон-талаага чабагандан жүргонүн көрчү анын. Ошентип, райкомдун секретары ага жолуккан сайын анын катуу кыйналып жүргонүн айттырбай сезчү. Иштин ал-жайын сурап, иштин жагдайына карай ага керектүү кеңешин берчү. Председатель болсо эмне бүтүрүп жатканын бир баштан саначу: «Кыштоодон келатам. Кой түү төгүп, чабандардын шаасы жетпей жатат. Кыштактан кишилер жоготпосок... Тоюто жок. Биртике саманды жаш тууган койлор менен козуларга кашуулатып жатабыз. Жер айдалып бүткөнү калды, бирок, үрөн жааты начар...»

Эсендин сөзүн угуп, анан оңүнө карап турган Акбаевдин көз алдына: жазгы ала шалбырт, баткактуу жол, оор жүктүү араба, аны зорго жылдырып, кара терге түшкөн жалгыз ат көрүндү.

«Бу колхозго келерден мурда жардам талап кылганы ушу да. Азыр бу жалгыздык кылып кыйналып жаткан экен».

Эсенди тиктеп турган калыбында озүнчө ушинткен Акбаев мындай деди:—Эсен, бу, башкарманын мүчөлөрү барбы?

— Бар-бар го,— деди, Эсен, үнүнөн саал нааразылык сезилди.

— Ко-ош, бар болсо алардын бүтүрөр иши көп да? Мш аттуунун баарын сен оз гана мойнуңа алып, «баарын озүм бүтүрөм» дегенде кыйын болот.

— Кыйыны-кыйын эле, деңизчи... Эми кыйын болгондо кантебиз? — «Алар тил алышпайт... дегенден уялды. «Алар-

дын баары колхоздун эски активдери экен. Ишке ниети жок, жешке гана ниети бар. Алар менен кыжылдашып, күн өткөргүчө ушинтип озум чабагандаганым оң» — дегенди Эсендин азып кеткен өңү айтып турду. Жазгы талаа түздөнүп, карарып туурулган өң... «Катуу кыйналып жүрөт, бечара,— кайра да ушинткен Акбаев анан өзүнө минтти:—а мен өзүм кыйналбай жүрөмбү? Эсендики бир гана колхоздун түйшүгү. Бир гана «Үлгүнүн» түйшүгү мына ушунча чүнчүтүп барат. Ал эми бүткүл райондун артка чегинген чарбаларын илгерилетүүгө канча күч-кубат керек? Албетте,— деди ал озүнчө, бүт район түгүл ошо Эсен башкарган бир эле чарбанын ишин жолго салыш үчүн: мыкты жетекчилик, уюштуруучулук өнөр керек. Кишилерди тарбиялоонун, үгүттөөнүн, уюштуруунун өнөрүн үйрөнбөй туруп, ишти оңдоо дайым кыйын. Тарбиялоо, үгүттөө, уюштуруу...— деп кайра дагы бир сыйра санап алды Акбаев. — Мунун баары — жетекчилик өнөр».

Минткен райкомдун секретары ушул өнөрдү тиги Эсендин жаны-денинен изден жатты. Анын акыл-сезимимен карады ал өнөрдү. — Бул али уюштуруунуу үйрөнө элек,— деди озүнчө, кишилерди үгүттөөгө үлгүрө албай кишилерди тарбиялоого жөндөмү боло албай жатат — деген Акбаев андан азырынча бир гана шыкты ачык көрдү. — Бул талаанын сырын жакшы билет. Дыйкандын эмгеги, малчынын түйшүгү буга — жакын. Айтор, бу чарбанын гана мыкты адамы азырынча. Ал эми кишилерди башкарууну, кишилерди эмгекке уюштурууну үйрөнсө киши колун карабас Эсен. Колхозчулар менен али камыр-жумур байланышып кетүүнү биле албай жатат. Колхозчулар менен эң жакын болуп, алардын арасынан мыкты активдерин тандап, алар менен дайым бирдикте иштегенде гана мунун жүгү жеңилдемек. Мына ошондо гана иш оңунан чыга баштамак. Антпей, аларга батына албай, алардын ыгын, сырын биле албай калганда мына ушинтип жалгыздап, бардык ишти жалгыздап бүтүрө берүүгө бел байлап калган экен.

Ушунун баарын бир баштан кыйытып айтты. Акбаев. Мунун баарын бая, бир күнү үн дебей укту Эсен. Адепкидей эле райкомдун секретарынын оюна, кецешине суусуну канды. Анын айтып турган иш ыкмасына уюп, аны эсине бек түйүп алып жатты. Өтүлгөн сабакты жаттаган окуучудай ичинен баарын кайталап, жаттап турду анын айткандарын.

— Иштин башаты правления мүчөлөрүндө турат — деп баяндады Акбаев,— Баарынан мурда правления мүчөлөрүн кылдат талдап, алардын ар бирине иш бөлүштүрүүнү, алар-

дын кимисинин колунан кайсы иш келерин күн мурун билүү керек. Правлениянын ар бир мүчөсү өз милдетин эң жакшы билсин. Алардын ар биринин өздүк иш планы болсун. Мына ошол планы боюнча ишке кызыгып, ишке жаныдени менен берилгенде гана иш алга жылат. Же андай эмеспи? — Акбаев маңдайындагы Эсенге кайрылды. Эсен саал желкесин кашый калып анан минтти:

— Туура, туура эле деңизчи, Адыл Акбаевич, бирок...

— Эмне «бирок?»

— Бирок, дегенимдин себеби,— деп сөзүн улады Эсен. — Мен деле мында келгенден бери аздыр-көптүр байкап калдым. Бу «Үлгүнүн» ишин кээринен кетирип жатышкан мындагы айрым эле кишилер, өзгөчө, ошо жана сиз айтып жаткан мурдагы башкарманын мүчөлөрү — активдер экен.

Мурунтан айтыла жүргөн кеп болсо деле айтууга туура келет: бу колхозду оңдоону мындай коюңуз, колхоздун ортосундагы колуна илингенди талап кетишке даяр, а чынында талап да кетип турушкан. Андыктан алар бири-бирине дайым көмөктөш: «тоо көрдүңбү? жок! Бээ көрдүңбү? Жок!» Тигиниси кырмандан саман уурдап баратса — мунусу көрмөксөн. Бул чөп көтөрүп баратса — аркы көрмөксөн. Антkени ошонун эле изи менен барып өзү да чөп уурдайт...— деген Эсен бир персени эстеп жаткансып тура калды, анан минтип улады: — анан аларга кантип ишенет киши? Баарын киши өзү көрүп, бардык жакка чаап, жанды-жанга урбаса эле иш айрандап калып жатпайбы. А ушу тапта бош бастырып жүргөн тоң моюн активдер алиги иштеп жатышкандардын көңүлүн айнытат, кишинин кыжырын кайнатат. Бирдеме айтылса эле: «бу колхозду мына ушул кол менен курганбыз! дешип чыга калышат, али.. Кежеңдешип отургандан майнап чыгар эмес. Баягыда өзүңүз айткандай: же алардын баарын бу колхоздон чыгарып жибере албасаңыз, же аларды соттото албасаңыз!.. Анан эле не болсо да эптеп иш илгерилесе деп, урунуп-беринип жүрмөй.

— Урунуп-беринбе, Эсен,— анын сөзүн кайталап, анын өз сөзү менен өзүн тыйды райкомдун секретары. — Антип урунуп-беринүүдөн чыгар майнап аз. Мына ошону үчүн эл айтат го: «жарабас ишке урунуп-беринбе», дегенди. Дагы кайталайын жалгыздык кылып жатканыңды айкын эле көрүп турам. Кандай кыйын болсоң да бу колхозду жалгыз алга жылдыра албайсың. Кандай болбосун, айланаңда бирге иштешер коллектив болсун! Правления мүчөлөрүн жаңыла. Ошол активдин ар бир мүчөсүнө иш тапшыр. Жогорто айтылбадыбы, алардын ар биринин өздүк иш планы

болсун, ушуну унутпа? Анан ошо боюнча алардын ар биринин отчетун ук».

Мына ушуларды Эсенге санап айтып жатканын эстеп баратты бул. — Ооз менен айтуу оңой,— деп эскертти азыр озуно Акбаев. — Бирок, ошонун иш жузуно аткарылышына кандай комок коргозулду? (анын аткарылышы текшерилдиби? Инте ийгилик корунудубу? Бир аз болсо да алга жылуу сезилдиби?) Акбаев озуно ушу суроону берди да ага жооп издегендей тээ, жаздын шамалы ойногон боз торгой талаапы карап баратты.

* * *

Шамал ойногон боз торгой талаанын чыгыш бурчунда кыштак жатат. Райкомдун секретарынын машинасы ошо кыштакка бет алып, жургон шамалды жиреп, дуулдап баратты. Кыштак четинде кампа, кампа жанында катар турган жук ташыгыч машиналар көзгө чалынды: талаага урон алпарчу да, талаада иштөөчү кишилерди ташуучу да так ушул машиналар экенин тааныды Акбаев. Дал ошол машиналарды карай бурулду. Алардын биринде азыноолак урон бар, беркиси бош экен. Экөонун тең ичинде жан-киши жок. Райкомдун секретарынын ГАЗиги ушу машиналардын далдаасына токтогон бойдон калды да озу жөө бери кампаны көздөй басты. Кампанын түбүндө уй-мүйүз тартып отургандарды козу чалды. Оюндун кызуусуна киргендердин бирде-бири баш котороор эмес. Алардын эч кимиси жанына барып калган Акбаевди байкашкан жок, колдорунда карта:

— Бер, бер колуңдагыны! Мен муну көтөртөм. — Ушинтип буйра сүйлөгөн тултук кара жигит бет маңдайындагы мойну кыржыйган арыкты теше тиктеп туруптур. Бул оюнчуларды курчап алышкандар да ошо тапта ортого камап алган жаныбарды качырып ийчүдөй бура-тере карашпай, оюнчулардын гана колдорунан көздөрү отүп турушкан экен.

Райкомдун секретары бу тапта тигилердин бирде-бири озуно коцул бурбасын билди, билди да адамдык салт боюнча аларга салам айтуу жагын да унуткан жок:

— Ассалоому алейкум!

Бу капыстан айтылган саламга эч ким алик алууга да үлгүрбөдү. Тиги оюнга алагды кишилердин кээлери гана бу салам айткан кишинин чоочуркай карап коюшту: калпагын баса кийген, узун бойлуу, алагар көз жигит буларга кыдырата карап күлө багып туруптур. Саламын эч ким алик албай койгонун коңулуно алган да жок бул. Кайра минтип жакшы тилек айтты:

— Оо, ортоцор толсун!

— Орто толгонун айтат, уттуруп атса!..— деп кейиди, алиги мойну кыржыйган арык, ошо өзү тетири карап отурган калыбында. Анын сөзүн коштоп күлүп калышты бу отургандар, алардын жалпы күлкүсүнө кошулду райкомдун секретары да. Оюндун азыр аяктай койбосун көргөн Акбаев сөз катты отургандарга:

— Бу, тиги, кампанын артында турган машиналардын ээлери кайда болду экен?

— Э, садаак кетейин! — ушинтип тиги тултук, кара торой кетти, бу райкомдун секретарынын суроосун, колундагы эки кагазды алаканына кымыра кармап. — Ой, ушу машинеңин ээси ким экенин билбейсиңби?

— Жок,— деди Акбаев,— билсем сурабас элем да.

— Билбесең — билип ал! — деди тиги тултук кара жаңагыдан да ныгыра сүйлөдү. — Ал машинеңин ээси — окумат! А менин...— деп колундагы картасынын эсебин чыгаргыча саал буйдала калып, анан улады. — А меники, машине түгүл, кош аяк арабам да жок!

— Ха-ха-ха-а!

— Хо-хо-хо-о! ой, оңбойсуң сен Мыктыбек!

— Хе-хе-хе! Мыктыбектен сөз качып кутулабы!

Ушу тапта бир улгайган киши арага түштү да сөзгө кепил болду:

— Ой, оң жоон берсеңерчи бир! Баягы куу каптал, куураган кебиңерди коё турсаңарчы бир! Бу, чоочун киши көрүнөт. Ошо тиги тукум тарткан машинеңин шоопурун сурап атат го бу жигит? — минткен киши тиги Мыктыбекти тыйды да бу Акбаевди бүшүркөй карады.

— Ооба, аксакал,— деди Акбаев,— мен ошо машиналардын шоферун сурап турам. Тигинде эч ким жок экен, анан ушундабы дейм да?

— Мына ошону айтам да..— өз сөзү чыңга чыкканын өзү кубаттаган тиги улгайган киши шоферду өзү көргөзүп берди: — алиги урон салган күрсөбайдын шоопуру — ошо тиги өзүң менен айтышып турган тапан — деп тиги Мыктыбекти көргөздү. — А берки бош күрсөбайдын ээси — мына бу уттуруп отурган арык,— деди да тиги шилиси кыржыйганды көргөздү. — Күрсөбайларын токтото коюп чомун тартыша салган экен, а буларды биз тегеректей калбадык беле.

— Жакшы-ы, аксакал,— деди Акбаев, бу улгайган кишинин түз жообунан ичи жылыды. Анан, тиги өзү менен азыр айтышкан Мыктыбектен сурады:

— Анан эмне бу урон салынган машина талаага жонобой мында турат?

— А менин кандай жумушум бар? — деп чыкчырыла кетти Мыктыбек кайра,— машинесин «айда» десе айдамай, «токтот» десе — токтомой. А бригадир жана жонобой тур деди, жонобой турам,— колундагы картасын көмкөрөсүпөн жерге таштаган ал алаканын жая сүйлөдү.

— А бригадир кайда? — Акбаев анын өзүнөн сурады.

— Бригадир тукумчуларга кетти көрүнөт.

— «Тукумчуларга?»

— Алиги үрөн сепчилерге — деп оңдоду, анын сөзүн берки узун моюн сары. Акбаев эми анын өзүнөн сурады минтип:

— Бу Мыктыбек бригадирди күтүп отуруптур, а сиз кимди күтүп отурасыз? Машинаңар бош экен?

— Мен да ошо бригатты күтүп отурам, аксакал,— дей кетти узун моюн сары, колундагы картасын жыйнап: «не кылса бу мынча сурап турган төгин киши эмес, бери калганда райондук ополдочу» экенин баамдады.

— Мени ошо үрончүлөрдү, сугатчыларды тартып талаага жеткиресиң,— деген, анан ошолор чогулбай жатпайбы.

— Алар неге чогулбай жатышат? — мында отургандарды кыдырата карады райкомдун секретары. Отургандар да ушу тапта жапырт бери Акбаевди карап турушкан эле. Алардын арасынан озунуп, чыкчырыла кеткен дале баягы Мыктыбек болду:

— Э, биз кайдан билебиз, «неге чогулбай жатканын?» биз бу калкостун башкармасы же бригаты болбосок. «Кел» дейт келебиз, «кет» дейт кетебиз. Бизге иши кылып эмгек күн жазылса болду да, өзгөсү менен ишибиз не?..

— Ээ, эмгек күн дейсиң, эмгек күнүңдүн жазылганы эмне, жазылбаганы эмне! андан биз бир...

— Ошону айтсаң — деп сүрөдү жанындагы бирөө. — Эмгек күн жазылганда андан кимдин чекеси жылып жатты эле?! Миң эмгек күн болсо андан бир бут арпа албасак...

Ууруга мал алдырып, из кууган кишидей болду Акбаев ушу тапта. Алиги трактористтин сөзүнөн улам мында кайрылып: дарыланган үрөндү да аны айдоого жеткирбей токтоп тургандарды да өзү көрдү.

Кандай кылуу керек? Кандай чара керек? «Албетте,— деди райкомдун секретары өзүнө-өзү айтты. — Сөзсүз чара колдонуу керек го?..— Ушинтти да бир тынымга өз оюна өзү көз жүгүрттү. Ачуусу келди: — Мунун өзү кыянаттык да! Карандай кыянаттык! Көп айдоону үзгүлтүккө учуратуу, көрүп-билип туруп, карасанатайлык кылуу... Эсендин күйүп-бышканы ушу да. «Үлгү» колхозунун айрым кишилери эле таяктат десек, «Үлгүдөн» аша чапкандар бар тура бул

райондо! Эмне деген эл?! Бул деги эмне деген эл ыя?! — минткен Акбаев ичинен саал ачууга жеңдирди, ачууга жеңдирип бараткандын сезе койду да сабыр тута калды, сабыр тута калышына мында турган алиги улгайган киши себеп болду көрүнөт. Анын жанагы түз жообу, анан азыр да тигил оюнчулардан болүнүп турган салабаттуу жүзү, салабаттуу созү. — Жо, эл бүт тетири болбойт,— деген оюна кайра келди. — Элдин тентеги бар, элдин жонтогү бар. Булардын тентегин таап... эмне жазалоо керекпи? Урушуу керекпи? — деди оз созүн өзү кайталап, кайра оз созүн өзү жактырган жок. — Жазалоодон, урушуудан майнап чыкпайт. Дале болсо сүйлошүү, түшүндүрүү керек. Жазанын урштун ордуна — үгүт-насыят...»

Бу кампа алдындагылар Акбаевди коро электер экен. Кийин келип кошулган бироо эле тааный коюп, ал анан буларга астыртан шыбырай салбаганда ким билет эле... Алиги Мыктыбек айтышын токтотпой такылдай берип, бу райкомдун секретарына дагы эмнелер чыгып кетет эле оозунан?..

— Бул — Акбаев, жаңы райком! — Ушинтип беркилерге эскерткен тиги киши айтышып турган Мыктыбекти жаман козү менен карады. Өзүбүздой корүп эле куру бекер жарылдай бергендин кереги эмне?!

Ушу тапта Акбаев ары кампаны карай баскан эле. Мында уй-мүйүз тарткандардын арасынан карта кетти. Карта менен кошо кажылдаган үндөр басылып, кишилер бири-бирине тыя коз кысып, эриндерин тиштен калышты. Мыктыбек менен алиги узун моюн, арык, сары ары-бери карагыча машиналарына жетишип, рулга отура калганын козү чалган Акбаев аларга үн салып токтотту:

— Мыктыбек! Азырак аялдай тургула? Сүйлошүп алалы. Мыктыбек рулду мыкчый кармаган бойдон отуруп калды. Ал азыр эле карта ойноп жаткандагы чакылдаган үнүн ошо тиги ордуна унутуп калтыргандай абалда эле. Аны карап турган Акбаев мынтип кошумчалады:

— Силер мындай кылбайсынарбы? — командирдин буйругун күткондой бул эки шофердун козү да кулагы да Акбаевде эле. — Ошо машинанар менен тез жетип, азыр өзүнөр күткөн сугатчыларды, үрончүлөрдү мында жыйнап алып келе калсанар, бир сүйлошүп алалы?

Машиналар дароо от алып кыштакты аралап баратты.

* * *

Кампанын алдындагы даңгылга чогулушту кишилер. Келген жаздын эч белгиси жок боз даңгыл — кышкы түзүндө. Кышкы киймин али чечише элек кишилердин өңү-түсү, үс-

түү-башы да дал ушул боз дацгылга окшойт. Өзүнө жамыраган көздөрдү бир сыйра сыдырып чыкты Акбаевдин козу. Суроолуу да сынай караган кишилер үнсүз. Адаттагыдай чогулуш ачылган жок. Күн тартибиндеги каралар маселелер да жарыяланбады. Райкомдун секретары бу чогулгандар менен жайынча эле маектешти: кимдин канча чарбасы барын, кимдин канча эмгек күнү бар экенин сурап корду. Мал жаатынан сураганда, беш-он майда жандыгын, бир-эки карасын күцк-мацк оозанышты эки-үчөө. Анан эмгек күндү айтканда биринен-бири ото чаап, чуу турушту:

— Аа, эмгек күндү дегеле алып коро элекпиз!

— Кандайча?

— Ушундайча эле. Эмгек күнү жазылат, бирок...

— Иштеген эле убарабыз!

— Бир кил арпа алып коро элекпиз, качантан бери!

— Эми ушу эмгек күн жаатын жөнгө салбасацыз болбойт, аксакал,— деп кызуу сөзгө аралаша кетти, жанатан унчукпай турган тиги Мыктыбек.

— Эмгек күн жаатын,— деди, анын созүп кайталап, аны тике караган Акбаев, бу мен жөнгө салышым керекпи, же озүцөрбү?

— Э, кокуй, бизде эмне?!

— Биздин колубузда эмне бар? — Буларды үгүп турган Акбаев канчалык сабыр тутайын десе болбоду, үнүнөн ачуунун чети чыкты:

— Так силердин колуцарда! Так силердин колдо! Колхоз — силердики. Колхоздун малын баккан силер, данын остүргөн силер. Малды да, данды да көбөйтүү силердин гана колдо экенин эң жакшы билесицер. Анан мында кереги эмне, курулай билмексен болуунун!.. Эмне, бир жактан мен мал алып келип кошомбу малыцарга? Же бир жактан жер көчүрүп келүү менен колуман келбейт! Башка бир колхоздон тонналаган дан алып келип, кампацарга куюп берип турууга да болбойт.

Мына озүцөр эле калыс болгулачы? Бүгүнкү эле окуяны айтайын, деген райкомдун секретары мына бүгүнкү көргөн-билгенин баштан-аяк айтып берди. — Эмдиге урөн себилбей айдоо курган калган. Анын себебин менден озүцөр жакшы билесицер!..— Муну айткан Акбаевдин үнү саал дирилдеп ачуулу, преци кычкыл эле. Отургандар адепкисиндей муну жаалап жибере алыппады. Тым-тырс. Бирин-бири астыртан ууру карашты. Саал тыным жасаган Акбаев буларга сыдыра көз таштап, сөзүн улады:

— Бүгүн мен бу колхоздун талаасынан жападан жалгыз трактористтен өзгө жан киши коро албадым. Жазгы жарыш-

ка ошо жалгыз тракторист чыгыптыр ушу колхоз боюнча. Калганыцарды түгөл кыштактан таптым минтип... Корсо, тиги Мыктыбек чындыкты айткан экен: «иши кылып эмгек күн жазылса болду» экен. Эмгек күн жазыла берет, эмгек кылган киши жок. «Үрөн себилди» деп эсеп берилет, айдоо кара так...

Баса, мында бироо айтты: «эмгек күндөн не пайда? Миц эмгек күн болсо бир пуд арпа албасам!..» бул — абдан туура сөз, нукура чындык. Баса, жел эмгек күндүн кимге пайдасы бар? Мээнетти кайтарбас жел эмгек күн — кара так калган айдоого окшойт...

Айрым эстүү кишилер бири-бирин ымшый карап, оцтой-суздана жымырылып баратканын байкады Акбаев. Ошо тапта мунун көзү тиги Мыктыбекке урунду. Ал өзүнүн жанагы суроосуна дагы эле жооп күтүп тургандай: «эми ушу эмгек күн жаатын жөнгө салбасацыз болбойт, аксакал?»

Аны тиктеп турган калыбында муну айтып, сөзүн аяктады Акбаев:

— Мыктыбек, сиздин отунучуцузго эми элибиздин бул сөзү жооп болор:

«Эмне эксец — ошону оросуц».

* * *

Ак чан талааны жалап кургатып, жазгы закым дирилдейт. Ошо закым менен кошо дирилдеп ГАЗик тигине. Ак чан талааны тунжурай караган Акбаев үнсүз. Анын ою да ушу талаа бетинен жүргөн жазгы закымдай тынымсыз: ой, иш... ой, иш... адат болуп калды. Күнү бою иштеп, күндүзгүдөн калганын түнкүсүн улап: эртецки, бүрсүкүнкү, андан аркы... жумалык, айлык, жылдык... ошончо иштин долбоору башта бышып, анан кагазга түшүп, кагаз бетинен кайра акыл-сезимге өтүп, андан кайра...

Акбаевдин көз алдынан жыл мезгили чубашат: жаз, жай, күз, кыш... Ысык-суук, суук-ысык... кыш, жаз, жай, күз... Түболук ээрчишип, айланып турган жыл мезгили: когөрүп, бышып, солуп кайра көгөрүп...

Кишинин тирилиги табийгаттын өзү экенин дайым баамдайт, Акбаев. Жаратылыш, жыл мезгилы... эрчишкен жыл мезгилинде токтоо жок. Адам тирилигинде да тыным болбоо керек. А тыным болгон тушта адам тирилиги кышка кабылат. Адам өз өмүрүнүн кышына чейин баарын иштеп, үлгүрүп калсын...

Акбаевге муну ушул тоо-талаа айтып тургансыйт. Тоо-талаа менен күнү бою сүйлөшөт. Ушул тоо-талаадагы ки-

шилер менен күнү бою сырдашат. Анан жол бою... жол бойлото муну закымдаган ой алып жөнөйт: баштаганды, баштар иште жолдо ойлонуу, жолдо долборлоо, акыл-сезимге жолдо бышыруу... Окуясы татаал да кызык китепти күндө токтогон жеринен улап окугандай, күнүгө мына ушу жолдо оюн ашыга улап, кызыгып ойлойт: баштаган иш, баштар иш... киши баласы окуй берер, окуп бүтө албас албан турмуштун татаал окуялуу китеби мына...

Дирилдеп закым жүргөн ак чап талаа жайдак. Ушул талаа бетинде тирилик эткен миңдеген жан, ушу талаа бетин маанектеген миңдеген мал... Жан да, мал да мына ушул ак чап талаага тонук кылат: «мандайыбызга бүткөнү ушул. Бу талаа бетине тагдыр эмне бүткөрсө ошону гана терип жейбиз, а жогуна кайылбыз...» Мында тирилик эткен жандыжаныбардын иети ушул. «Ушу ыраспы? — деди Акбаев,— ушул ак чап талаада болгонуна, болгонуна гана эмес, болбогонуна да каниет кылуу керекпи? Жокко топук кылуу туурабы? Ыя, жокпу ушул талаада? Жазгы закым бүлкүлдөгөн ак чап талааны тунжурай эле карап баратты: карын кагып, боз торгой тарткан адыр-белес, али терден, кымкыл жаткан оендор, булак көзүн жылтылдаткан жылгалар, анан тээ, ак чач тоолорду тиреп жаткан керилер... Жазгы үзүмчүлүктө күн табына талыкпыган кишидей көрүндү ак чап талаалар.

Жазгы күнгө кактанган жан, отура берип, отура берип талыкпып анан жаткысы келет. Күн табы өтүп алсырайт. Жо, ал антпей тура калып, чыйралып, күроктоп жер сайса же соко кармаса гана кадимкидей кубаттанат, чыйралат. Жер деле ошондой... Бу ак чап талаалар качантан күнгө какшып калган белем?.. Ооба, көз кайкып кубарган адыр-белес кадимки жанагы күнгө талыкпыган кишидей какшып бараткан экен. Бу талааларга киши колу тийбей жаткан экен. Киши эмгегине суусап жаткан тура... «Суусап, каным катты!» ушинтип алсыраган кишинин үнү угулгансыды Акбаевге...

Мына, жаз. Бирок, мал көкко тойгуча али көп бар. А жазда жут болуп көйсо... Чарбалар эң начар. Карызга баткан кай бир колхоздордо жүздөп, а кээсинде миңге чейин кой жетпейт; «карышкыр жеген, ооруп өлгөн. Ошонун үстүнө туутчу... туут компаниясы начар уюштурулган. Короосарай эң начар. Кыштоолорго жол жок. Малга тоют жетпейт, тоют жок. Баса, көп чарбаларда жел эсеп берилген. Жокту — «бар» дешкен. Баса, жакында эле берилген тоют эсеби кана? «Жыйырма төрт миң тонна!» Ал кагаз бетиндеги гана цифр экен. А биртике болгонун да туш-тараптан

талап, жазга жетпей түгөтүп алышкан. Ошо аз тоютту да уурдап кетишкени көрүнүп турат. «Тоют жок. Мал кыйтурун калды!» — мына ушул гана, күнү бою ушул гана угулат. Телефондон жарыша жаңырган үндөр да ушул, райкомго жарыша чаап келип, күндө айтып турар кабар да ушул. Чарбалардын жетекчилери мына ушуну гана айтып турушат күнүгө. Ал эмне себептен тоют жок? Аны капткенде көбөйтөбүз мындан ары? Муну ойлогон, муну ойлангандар боло элек.

Айрымдарына бул суроону Акбаев өзү бере калганда, белен жообун ошо замат жерге түшүрүп ийгенсиген активдер, кайсалап, жер карай калыпып, анан ийин куушурун койгону болбосо эч кимисинин ондуу жооп угуп көрө элек.

Бу тоюттуу арбытар жүгөрү экенин Акбаев жакшы билет. Тиги түштүк жергесинде жүгөрү эгип, андан түшүмдү күрөп алууда тажрыйба алган жайы бар. Ал эми бу борбордук Тянь-Шань тоолорунун арасы — түштүк эмес да... Оюнун ушу жерине келгенде Акбаев өзү да такалды. Анан ошо такалган жеринен өзүн жетеледи: «күндүн ороюна карап отура беремби?» — дечи эле иш баштоого бел байлаган кыргыз. Аның сыпарындай, бу күндүн ороюна — аба ырайына карай бергенде, эгин-чөп өзү онүп бербес. Табыйгаттын ырайымын күтүп, кол куушуруп, отура бергенде ополуп кетер иш жок. Бул өрөөндүн жер кыртышын байкасак, жүгөрү айдай турган аянттарды ылайыктап көрсөк...» — ушинткен Акбаев адатынча өгүнү, адырлардын кары ала ала-телек, жаз баш багып келатканда адатынча талаа кыдырып жүрдү. Жердин ырайын байкады: арыктык кылбайбы? Жүгөрү жер үшөбөйбү? А жер, бу жердин климатын өгөйлөбөйбү? Сугаттан өксүбойбу? Мына ушуларды көз алдынан өткөргөн райкомдун секретары эми чарбанын жетекчилери менен кеңешип корду. Бу жүгөрү жаатынан козголгон кеп бу жерликтерге анча жага бербеди. Кимде-кимиси иш баштоого ыргылжың. Бул жаатынан сөз болгондо көбү кыцк-мыцк этишип, айрымдары ачык эле бул иштен майнап чыкпасын айтышты. Айтор, бу жүгөрү деген булардын кулагына шиш менен сайгандай угулганы корүнүп турат.

Кандай кылуу керек? «Бул маселе менин ойлоп тапканым эмес! Бул — жогортон болгон буйрук! Муну аткарбай коё албайсың! Айдасаң да айда, айдабасаң да айда!» деп күнүлдеп күч кылуу керекпи?

Жок, зордук менен буйрук чеке жылытпас,— деди Акбаев өзүнчө. — «Аксактын акырына кара» деген кеп бар. Башталар иштен чыгар майнапка эс токтото карап, аны кө-

шилерге туюндурун, иштин келечегине, алар качан ыпанган соң гана иш ырааттуу болор.

Быякка жүгөрү айдаларын айдалыптыр. Тиги «Ак-Чий» колхозунун бир аянтында жакшы эле өскөн экен. Кадимкидей камыр-сүт болгон дешет. Бирок, анын председателинин сөзү мына: «айдайбыз, себебү, бирок, майнап чыкпайт. А коро беде айдап алабыз!»

Мындай кептерди уккан Акбаев демейкисинче талаада кыдырып жүрүп так ошо колхоздун кошуна жете келди.

Соко тишинен коцторулган саргыч-күрөң топурактан ары, жацы, ары, ымкыл жыт анкыйт. Саргыч-күрөң айдоо жазгы күн табына кириишин, мемирейт. Мына ушу мемиреген асман-жер арасында трактор үнү гана чабак урат. Мына ошо тракторду карай декилдеген ГАЗик заматта туура тушуна жетти. Айдоону кече баскан Акбаев адегенде топуракты уучтап алып жыттады да кайра айдоого таштады: «жер семиз,— деди өзүнчө,— бул жерге эмне айдаса чыгат!» Ошентти да чөнтөгүнөн алган чени менен айдоонун терецдигин чеңеди. — «Тайыз,— деди бул — тайыз айдап жаткан экен».

Айдоону бойлой басып баратып трактористке кол жазган токтотту. Өз мандайына жетип келген тракторист салам айтып кол алыша кетти. Акбаевди тааный койгон анын оңундо батымдуулук бар эле: «мына тынбай иштеп жатканымды көрүп турасың» — дегенди айтып турду трактористтин бир мүнөзү. Ага жылмая караган Акбаев ал-жай сурады:

— Кандай иш?

— Жаман эмес,— деди тиги шар сүйлөдү.

— Агроном келип турабы?

— Агроном? — минтип Акбаевдин өзүнөн кайра сурап тургансыган тракторист сөзүн улады: — агроном бая күнү тээ, Кара-Ойго тукум сээп атканда бир келген.

— Андан кийин келе элекпи?

— Андан кийин коро элекмин.

— Мунуң,— деди, Акбаев айдоону көргөзүп,— тайыз го?

— Таштак,— тракторист өзү айдаган жерди тиктеп сүйлөдү. — Соко жакшы отпойт. Анын үстүнө... — деп токтоду. Трактористтин андан ары дагы бир нерсе айта албай тургандын байкады Акбаев, байкады да арылатып сурады:

— Ко-ош, мындан терецирээк алышка болот эле го дейм? А чынында — деп ага жагымдуу жылмайды. — Кайпытып эле кетипсиң, баатыр. Тракторист желкесин кашып, сакалы өскөн ээгин сыйпалады да минтти:

— Чынында терецирээк айдашка деле болот деңизчи...

— Ии, анан эмне терендетпедиң?

талап, жазга жетпей түгөтүп алышкан. Ошо аз тоютту да уурдап кетишкени көрүнүп турат. «Тоют жок. Мал кый түрүп калды!» — мына ушул гана, күнү бою ушул гана угулат. Телефондон жарыша жаңырган үндөр да ушул, райкомго жарыша чаап келип, күндө айтып турар кабар да ушул. Чарбалардын жетекчилери мына ушуну гана айтып турушат күнүгө. Ал эмне себептен тоют жок? Аны каптекпе көбөйтөбүз мындан ары? Муну ойлогон, муну оозангандар боло элек.

Айрымдарына бул суроону Акбаев өзү бере калганда, белен жообун ошо замат жерге түшүрүп ийгенсиген активдер, кайсалап, жер карай калыпып, анан ийин куушурун койгону болбосо эч кимисинин ондуу жооп үгүп көрө элек.

Бу тоюттуу арбытар жүгөрү экенин Акбаев жакшы билет. Тиги түштүк жергесинде жүгөрү эгип, андан түшүмдү күрөп алууда тажрыйба алган жайы бар. Ал эми бу бордук Тянь-Шань тоолорунун арасы — түштүк эмес да... Оюнун ушу жерине келгенде Акбаев өзү да такалды. Анан ошо такалган жеринен өзүн жетеледи: «күндүн ороюна карап отура беремби?» — дечи эле иш баштоого бел байлаган кыргыз. Аның сыпарындай, бу күндүн ороюна — аба ырайына карай бергенде, эгин-чөп өзү онүп бербес. Табыйгаттын ырайымын күтүп, кол куушурун, отура бергенде ополуп кетер иш жок. Бул өрөөндүн жер кыртышын байкасак, жүгөрү айдай турган аянттарды ылайыктап көрсөк...» — ушинткен Акбаев адатынча өгүнү, адырлардын кары ала ала-телек, жаз баш багын келаткында адатынча талаа кыдырып жүрдү. Жердин ырайын байкады: арыктык кылбайбы? Жүгөрү жер үшөбөйбү? А жер, бу жердин климатын өгөйлөбөйбү? Сугаттан өксүбойбу? Мына ушуларды көз алдынан өткөргөн райкомдун секретары эми чарбанын жетекчилери менен кеңешип көрдү. Бу жүгөрү жаатынан козголгон кеп бу жерликтерге анча жага бербеди. Кимде-кимиси иш баштоого ыргыжык. Бул жаатынан соз болгондо көбү кыцк-мыцк этишип, айрымдары ачык эле бул иштен майнап чыкпасын айтышты. Айтор, бу жүгөрү деген булардын кулагына шиш менен сайгандай угулганы көрүнүп турат.

Кандай кылуу керек? «Бул маселе менин ойлоп тапканым эмес! Бул — жогортон болгон буйрук! Муну аткарбай коё албайсың! Айдасаң да айда, айдабасаң да айда!» деп күңүлдөп күч кылуу керекпи?

Жок, зордук менен буйрук чеке жылытпас,— деди Акбаев өзүнчө. — «Аксактын акырына кара» деген кеп бар. Башталар иштен чыгар майнапка эс токтото карап, аны кө-

шилерге туюндуруп, иштин келечегине, алар качан ыпанган соң гана иш ырааттуу болор.

Быякка жүгөрү айдаларын айдалыптыр. Тиги «Ак-Чий» колхозунун бир аянтында жакшы эле оскон экен. Кадимкидей камыр-сүт болгон дешет. Бирок, анын председателинин сөзү мына: «айдайбыз, себебү, бирок, майнап чыкпайт. А коро беде айдап алабыз!»

Мындай кептерди укkан Акбаев демейкисинче талаада кыдырып жүрүп так ошо колхоздун кошуна жете келди.

Соко тишинен которулган саргыч-күрөң топурактан ары, жакы, ары, нымкыл жыт аңкыйт. Саргыч-күрөң айдоо жазгы күн табына кириишин, мемирейт. Мына ушу мемиреген асман-жер арасында трактор үнү гана чабак урат. Мына ошо тракторду карай декилдеген ГАЗик заматта туура тушуна жетти. Айдоону кече баскан Акбаев адегенде топуракты уучтап алып жыттады да кайра айдоого таштады: «жер семиз,— деди өзүнчө,— бул жерге эмне айдаса чыгат!» Ошентти да чөнтөгүнөн алган чени менен айдоонун терендигин чеңеди. — «Тайыз,— деди бул — тайыз айдап жаткан экен».

Айдоону бойлой басып баратып трактористке кол жазган токтотту. Өз маңдайына жетип келген тракторист салам айтып кол алыша кетти. Акбаевди тааный койгон анын оңүндө батымдуулук бар эле: «мына тынбай иштеп жатканымды көрүп турасың» — дегенди айтып турду трактористтин бир мүнөзү. Ага жылмая караган Акбаев ал-жай сурады:

— Кандай иш?

— Жаман эмес,— деди тиги шар сүйлөдү.

— Агроном келип турабы?

— Агроном? — минтип Акбаевдин өзүнөн кайра сурап тургансыган тракторист сөзүн улады: — агроном бая күнү төө, Кара-Ойго тукум сээп атканда бир келген.

— Андан кийин келе элекпи?

— Андан кийин коро элекмин.

— Мунуң,— деди, Акбаев айдоону көргөзүп,— тайыз го?

— Таштак,— тракторист өзү айдаган жерди тиктеп сүйлөдү. — Соко жакшы отпойт. Анын үстүнө... — деп токтоду. Трактористтин андан ары дагы бир нерсе айта албай турганын байкады Акбаев, байкады да арылатып сурады:

— Ко-ош, мындан терецирээк алышка болот эле го дейм? А чынында — деп ага жагымдуу жылмайды. — Кайпытып эле кетипсиң, баатыр. Тракторист желкесин кашып, сакалы өскөнээгин сыйпалады да минтти:

— Чынында терецирээк айдашка деле болот деңизчи...

— Ий, анан эмне терендетпедиң?

Муну укkан тракторист тили буулуп калгансып, бир тынымга турду. Желкесин капыды, сакалынын өсүп кеткенинен уялып тургансып ээги жаагын эле сүргүлөй берди, анан бир оокумда күнк-мынк этти:

— Эми терең айдаганда деле...— ушинтип келип кайра токтоду. Мунун муунуп турганын көргөн Акбаев анын айдоосун коюп, сөз тизгинин башка жакка бура тартты:

— Сенин атың ким эле ыя?

— Бөтөш.

— Ии, үй-бүлөң барбы Бөтөш?

— Бар. Жети балам бар агай,— деп шар кетти. Кынкмынк этпей үнү да ачык угулду ушул азыр. Мунун саал жандана калганын сезген Акбаев кубаттай сүйлөдү:

— Оо, жакшы экенсиң баатыр! Бактылуу экенсиң. Эми алардын окуу бүткөнү, иштегени барбы?

— Эң улуусу онду былтыр бүттү. Эң күчүүсү бешикте. Анан дагы карган эне-атам бар колумда.

Муну угуп, бу трактористти карап турган Акбаев бир аздан соң минтти:

— А курсак жааты кандай? Эмгек күндү кандай аласыңар? Ушуну эле күтүп тургансыган Бөтөш, бат-бат сүйлөп, саал кызуулана түшкөнү байкалды:

— Эмненин эмгек күнү! «Эмгек күн» деп айтканы эле болбосо, анын жазылганы эле болбосо чеке жылытпайт. Чынында агай, мына бул айдоонун терендигин жарым метр айдасам да баары бир... этеке тийбейт. Анан «норма аткарбайсын!» дешип урушат активдер. Анан ушинтип... норма аткармай. — Ушинткен Бөтөш мына бу өзү айдап жаткан саргыч-күрөң талааны карап, ошоякка чырт түкүрдү.

Бөтөштүн үй-турмушун, бала-бакырасын ушу тапта бу райкомдун секретары даана көрүп тургансыды... Айтор, бу майнапсыз жумуштан көңүл калган трактористтин өңүн карап турган Акбаев анын кең далысына колун коюп сүйлөдү:

— Бөтөш, се-ен мындай кыл, ыргылжың болбо, ишиңе кайдигер караба. Бул сага буйрук эмес, улуулук гана отүнүчүм: ыргылжың болуп иштегенден иштебеген жакшы. Андай абалда өзүң кыйналасың, иштен түк майнап чыкпайт... Дагы айтаарым: сен жерге таарынба.

— Жерге эмнеге таарынайын,— деди тигп, ошо өзү айдаган жерди карап ууртунан жылмайды.

— А жерге таарынбасаң — анын бетин эптеп айдады аты кылып чиймелебейт элең да? Аны кандыра сугарып, терең айдайт элең го? Мына ошондо гана жер сенин мандай теринди кайтарып мол түшүмүн берет эле. Эми... — деди, Акбаев курган бараткан саргыч-күрөң айдоону карап улу-

туна сүйлөдү. — Сен — жерге таарынсаң, жер — сага таарынат. Түшүм бербей коёт. Аны сен менден жакшы билесиң.

Райкомдун секретары менен трактористтин ортосунда сөз үзүлүп, тым-тым боло калышты. Башын жерге салып турган Ботошко оо, бир оокумда үн катты секретарь:

— Ботош! — Муну угар менен уйкудан ойгонуп кеткендей селт башын көтөрдү тракторист, буга жалтаң карады. Акбаев жай сүйлөдү:

— Сен эми мындай кылбайсыңбы, ыя? — Муну укkан Ботоштун оюндо: «кандай?» деген суроо турган эле. — Мына бу айдаган жериңди кайра айда. — Тракторист жапагыдан бетер үнсүз тиктеп турду райкомдун секретарын. «Айдаган жерди кайра айдачу беле?» деп турду анын оюу. Муну айкын көрүп турган Акбаев аны далыга таптап, унчукту:

— Ошент, баатыр! Бул аянт үчүн сага эки эсе эмгек акы бердирейин. Жердин таштак экенин эсепке алышат. Мына ушул айдоону да анан сага берилер эмгек акыны да мен өзүм контролго алайын, ошентчи?

— Мейли,— деди тракторист жандана сүйлөп цашын калды. — Мейли, андай болсо бул жерди бат эле...

— Ошент, Ботош, убадалаштык. — Убаданы бекиткенин билдирген райкомдун секретары тракторист менен кол алышын сурады: — Ботош, баса алиги Салбар дегендин звеносу кай жерде иштеп жатат? Силердин колхоздогу звено башчысы — Салбар.

— Жо, Салбар эмес, Сандал анын аты,— деп оңдоду тракторист. — Алар тээ, Сары-Чатта,— деп Ботош тиги, закым ойногон ой тарапты коргозду.

14

Сары-Чатка бараткан жолдо ой менен алек Акбаев: быяктын жериниң шарты, эгин-чөптүн чыгышы, кишилердин айтканы:

— Жер кандак, эгин-чөптүн чыгымы начар. А жүгөрүнү айдап көрдүк. Бир аз бычан чаап алдык, а коро көнгөн чобубуз жакшы.

— Акыры чыккан экен да жүгөрү? — Акбаев тигил үндөрдөн сурап жатты. — А деги кандай жерге айдадыңар? А кантип сугарып, кандайча отодуңар? А начар чыгышынын себебин билдиңерби?

Баягыда, кар али каш кайтара электе, жанына агроном алып, ой-тоону кыдырып, өткөн жылдарда жүгөрү айдаган аянттарды көрүп жүргөн эле: — Кана, деги, айдаган аянт-

тарыпарды көргөзгүлөчү? — а эрчип келген агроном, тетигиндеги өңгүл-дөңгүл ак чаптарды көргөзгөн:

— Мына, ушуларга айдаганбыз, анан азыноолак кок-бычан чаап алганбыз. — Ар гектарынан канчадан чаптыцар? Өлчөгөндүрсүңөр? — Өлчөдүк. Албетте өлчөдүк,— деп жанкалактай сүйлөгөн агроном. — Түбүнөн кыра чапкапыбызда арандан-зорго гектарына алтымыштан кок бычан...

Муну угуп туруп жерди чабыттаган Акбаев кайра сурады:

— Береги өңгүл-дөңгүлдү а дегенде тегизден албаган экенсиңер? — Э, кокуй,— деди агроном, алаканын жая салды. — Эмне менен тегиздейбиз ушунча дөңдү? Ой-дөңдү тегиздөө түгүл чынын айтсак, Адыл Акбаевич, айдалып, себилген айдоону малалоого жонөкөй эле мала жетпей жатат!

Минткен агрономдун сөзүн «дурус» же «буруш» деген жок Акбаев. Бул абалга тек гана баш чайкап турду. Тиги өңгүл-дөңгүл ак чаптардан көзүн алган жок.

«Макул,— деди анын ою,— айдарын го айдашыптыр, анан кантип сугарышты бул өңгүл-дөңгүлдү? Буларга суу жайылмак түгүл, үстүртөн бир керемет менен бүркүлсө да суу тегиз түшпөс! Суу түгүл, үрөн да тегиз түшпөй ойго чогулат».

Ушул азыр көзү көрүп турганды көңүлүнө жаттады секретарь. Бул иштин күн сүрүп, эртеңкиге калтырылбасын ою на түйду, ошондо.

* * *

...Райондук партиялык конференция. Конференцияга район боюнча чарбалардын жетекчилери чакырылды. Андагы эң башкы маселе, малдын тоюту каралды. Январь айынын башында райкомдо мына мындай эсеп окулган:

«Мал кыштатууга мурунтан кам көрүлгөн. Тоют өз убагында камдалган. Район боюнча жалац эле жүгөрүнүн жашыл массасынан жыйырма төрт миң тонна силос даярдалган».

Кана, эми ошо силосу? Ушу сөз угулганы, ушул эсеп берилгени бир эле ай өттү го? Ушу бир ай ичинде түгөндү бу ошончо силос? Кайсы чарбада канча тоют даярдалганы, ал кайсы кыштоого качан жеткирилгени, атайын түзүлгөн комиссия аркылуу текшерилди. Чын-чынына келгенде жыйырма төрт миң тонна жүгөрү силосу бу кышка сакталмак түгүл, дегеле даярдалган да эмес... Ал кагаз бетинде гана даярдалган силос экени аныкталды. Буга Акбаев кецири токтолуп, кабаарын сүйлөдү:

— Калп айтуу, алдоо — бул адамдын эң башкы душманы! Демек андай киши бироодон мурда өзүн гана алдайт! Өзүнө калп айтат...

Залдын ичинде чымын учса угулгандай тыпчтык бар эле, Катар отурушкан чарба жетекчилеринин ар биринин ичинен кымырынып-сактануу да турду: «Баланчаев, турчу ойдо! Кана, сенин силосуң? Мына сен анык алдамчысың!»

Сүйлөп жаткан райкомдун секретары ушинтип жибербесе экен дешип, кыпылдап гана отурушту алар. Демейки жыйындарда бирөө чыгып сүйлөп, же бир узак доклад окулуп жатканда, мына бу залда отургандар да өз-ара шыбыр-күбүр боло кетишчү. Узак докладдын окулушу — баягы күндө кайталай берчү сөздүн биринде кайдигер отурушчу да качан окулуп бүткөн соң суроо да суралбай, жарыш сөз да болбой, жайма-жай тарап кете беришчү. Ооба, демейки андай жыйынга «катышып гана кетишчү» булар. Анда кандай мазмундагы доклад болду, ага карата кандай иш жүргүзүү керек экени мындагылардын оюна келчү эмес.

Көкүс, сынамакка, ошо доклад окулуп бүтөрү менен, ошо отурган чарба жетекчилеринен бирөөнү ордунан тургузып сурай калса бу докладдан эмне түшүнгөнүн ооз ача албас эле. Чынында антип эч ким, эч кимди сынап да, сурап да көргөн эмес. Аны жакшы билгендер бу райондо күн сайын же күн алыс отүп туруучу андай жыйналыштарга тынч келип отурушуп, анан тынч гана уктап алышчу да доклад окулуп бүткөндө ойгонуп, тарап кете беришчү. Мына, ошондой улам бул райондогу заседаниядан жаңы барган колхоздун председатели кайра эртеси заседанияга чакырылганда ышына кетчү: «Ээ, дагы заседания!» анын анткени уккан колхоздун дагы бир жетекчилеринин бирөө ачык айтып күлүп ийчү: Сен, эмне ыя? Эмне анча кыйналасың? Бара-а-быз, жайма-жай, уктайбыз да кайра келебиз!».

Ал эми андай жыйында уйкусу келбегендер эки-үчтөн баш тийиштирип, шыбырашчу да мындан чыкканда бир жерге отуруп, ичиштин камын эртелеп көрүшчү. Бири-биринен алыс отургандын арасында мындай маанидеги каттар учуп турчу.

Эми, бу Акбаев келгени райондогу заседаниялардын да түрү өзгөрүп кетти. Докладды же чыгып сүйлөөр сөздү газга жазып алып, аны баягыдай кургак окуп берүүгө жол бербейт экен; жыйналыштын максаты кайсы? Анда сүйлөгөн сөздүн мааниси кандай? Андан кандай майнап чыкты? Мына ушул жагын көсөмөлдөйт экен. Кишилерди кагыпсилкүү, алардын сөзүн тороо, алардын ой-пикирин жыра тартуу деген жок экен мында. Анан... мунун курулай көп-

нүл уулоодон да алыс экенин байкап калышты, бул райондогулар. Кымындай нерсеге да кайдигер карабас мүнөзүн байкашты. Кыцыр-кыйшыкты түк аттап, өтпөйт көрүнөт.

«Ким калп айтса — ал өзүн алдайт!» муну угуп отургандар кынына кирип, эми ар ким өз аттарына тиркелген «алдамчысың!» деген сөздү гана күтүп турушту.

— Жыйырма төрт миң тонна силос,— деди Акбаев, «миңди» үнүн көтөрө айтты. — Болгондо да жүгөрү силосу! А жүгөрүнүн өзүн айдабай туруп, кайдан даярдай салдыңар мынча силосту? Ушинтип ишендиргиңер областы, республиканы! Ушинтип алдаганыңарга кубандыңар! Бул жалган сводка экенин, силос жок экенин өзүңөр жакшы билип тургансыңар...

Бирок, бир гана нерсени — эң негизги нерсени — өзүңөрдү-өзүңөр алдап жаткандыңарды билбей калгансыцар. — Акбаев улутунуп ийип саал үнсүз турду. Ал бет мандайында отургандардын өңү-түсүн кыдырата карап жаткан эле. Демейкиче өзүнө жамырап турган көздөр жок эле азыр. А түгүл айрымдар бу райкомдун секретарына уруна калган козун ала качып, өз боюнан бирдеме көрө койгондой, кайсалай калып жатышканын байкады бул.

— Качан болсо,— деди Акбаев,— калп киши жарыбасына эл өзү айгак. Ошондуктан, эл мына бу таасын сөздү айткан: «калптын казаны кайнабайт».

Акыры болору-болду... ушинтип, кол менен кылганды моюн менен тартмай бар. Калптын жазасына — мал ач калды. Канча малдан, канча төлдөн кол жуумай. Мына быйыл турмуштан биз окуган сабак ушул. Эсибиз болсо мына ушундан тыянак чыгарышыбыз керек. Эми, мына ушул катаны кайра кайталоого укугубуз жок. Эми, келерки жылдын түшүмү үчүн, келерки жылдын тоюткору үчүн камыналы.

Райкомдун секретарынын ушул сөзүнөн кийин кишилердин башы көтөрүлө баштады. Алар сүйлөнгөн сөздү улап, өздөрү сөз сүйлөөгө даяр өңдөлдү.

Бул райондо мал чарбачылыгын көтөрүү үчүн а дегенде жем-чөптү камдоо, тоюткордун запасын көбөйтүү керек экенин дагы бир жолу кайталап алган Акбаев эми кайра баягы жүгөрү жөнүндө сүйлөдү. Бу тоют жаатына келгенде жүгөрүнүн касиетин баян этти. Райондо бу жүгөрүнү колго алуу эң маанилүү маселе экенин ачык-айкын сүйлөп, райондун бардык чарбалары бул жүгөрү айдоого орчун көцүл бурушун өтүндү. Бирок, чарба жетекчилерине бу сөз дароо жага койгон жок. Демейки сөздөрдүн бириндей муну да былк этпей угушуп, анан жапырт макулдугун билдирип

чыгып кетишкен да жок. Райкомдун секретары сүйлоп токтоору менен жарыша кол көтөрүшүп соз сурашты:

— Менин бир ооз сөзүм?.. — деп колун сунган, калдайган кара киши «Ак-Чыбыр» колхозунун председатели — Абылов ошо ордунан турган калыбында минтти: — Адыл Акбаевич, түзүн айтуу керек, биздин колхоздун жерине жүгөрү чыкпайт.

— Себеби?

— Себеби, жерибиз таштак. Анүстүнө өтө бийик да. Жүгөрү түгүл арпа арак чыгып жүрөт, анан...

Мунун сөзү бүтүп-бүтпөй «Кызыл-Эмгек» колхозунун председатели Кудаяров кол көтөрдү.

— Адыл Акбаевич,— деди ал райкомдун секретарынан көзүн албай,— айтымыцызда жүгөрүгө эң сонун жер керек көрүнөт?..

— Эң сонун жерден мурда, эң сонун эмгек! — деди анын токтой калган сөзүн улап,— ыңгайсыз жерди да ыңгайлуу сонун кылган — эмгек. А чынында жердин начары жок, эмгектин гана начары бар.

— Чынында — деп сөзүн улай берди Кудаяров,— бу биздин колхозчулар дегеле жүгөрү дегенди айдан көргөн эмес. Эми айдасак деле... аны ким билет...

— Жарабаган кеп! Дегеле жүргөрү айдаганда эмгек ташка чыгат — деди ордунан турбаган калыбында тигинин сөзүн коштоду, «Сары-Чат» колхозунун председатели — жалпак кара — Таабалдиев,— биз эки-үч жылдан бери айдап эле жүрөбүз. Кудай жалгаса биртике бычан чыгат, кээде, ал да жок. Атып алчудай ар кай жерде серейген бакалды көрөбүз, кеч күздө.

— Айдаган эмгек менен эле сепкен үрөн талаага кетип жатпайбы!.. — деп кейиди арттан бирөө.

* * *

Ошентип, ал конференцияга катышкан чарба жетекчилеринин оодугу жүгөрү айдоого каршы. «Бу кандай кеп? Ушул ыраспы? Жүгөрү чыкпайбы? Өзүнчө күмөн ойдо калган райкомдун секретары чарбалардын бир нече жылдык отчетторун текшерди: бир канча жылдан берки эгин-чөптүн түшүмү, анан эт менен жүн, сүт менен май кандай болгон экен?

Бардык чарбаларда болбосо да жүгөрү айдалганы ырас. Бирок, ошо айдалган жүгөрү жарытып чыкпаганы да ырас. Жылдык сводкадагы жүгөрүнүн чыгышы мына: гектарынан

60-70 центнер же мыктаса, 100 центнерден көк-бычан чабылды...

— Мына кызык! — отчетту карап турган Акбаев ызалуу жылмайды. — Бул эмне деген кеп? Көк-бычан эмес эле ар гектарынан жүз центнерден жүгөрүнүн данын алып жаткан райондорду булар уга элекпи? Же, ырас эле бул райондун жери жүгөрүгө жараксыз бекен? Же аба ырайы туура келбей каталдык кылабы? Чындап эле жер үшойбу жүгөрү?

Жо, бул ишке чарба жетекчилери менен гана сүйлөшүп тим болбой, дыйкандарды кеңешке алуу керек. Жер баккан дыйкан, жерге сырдаш — дыйкан. Мына ошо дыйкандардын пикирин угуп, тажрыйбасын байкоо керек:

Ушинтип өз сөзүн өзү тыңшагансыды Акбаев, биртике тынымдан кийин кайра өзүнө-өзү сүйлөштү: — Тиги «Сары-Чат колхозунда жүгөрү жакшы эле болду дешпеди беле? Анын башкармасы Таабалдиев болсо тигинтип безе качып жатат: «эки-үч жылдан бери айдап эле жүрөбүз, эмгек ташка чыгат!» Анап ошо колхоздун жүгөрү айдаган звеносун, алардын звено башчысын эстеди Акбаев. Ал өзү кыйын дыйкан экенин да кулагы чалып калган. Өзү эле эмес, анын атасы да илгертен туктун түбүндө жаткан дан багар, айылга суу сүрүп берер — көкбашы экенин укkан. Ал жүгөрү айдаганды ошо атасынан көрүп калган имиш. Атасы бир кезде өз огородуна жүгөрү айдап,дүмбүл кылып оруп алган экен. Ушундан улам бу «Сары-Чаттагы» жүгөрүчүгө жолугууну мурунтан ойлогон Акбаев ага бүгүн келатат.

Жылдыздап, суу жайылган талаа четине токтогон ГАЗикти карап калышкан төрт сугатчы андан-мындан көрүндү. Алардын үнүн бири-бирине кыйкырмайын угулбай тургандай аралыкта эле. Бир оокумда ошо сугатчылардын бирөөнүн кыйкырыгын укту Акбаев:

— О-ой, о-ой! Санда-ал!

— Эмне-е? — деди ,тээ, суу жылдыздаган талаанын аяк жагында тайтайып турган бирөө. Сандал ошол экенин билди Акбаев. Кыйкырган сугатчы эми дүлөйгө жаңдагансып, ага колун жаңсап, машинаны көргөздү: «машинага кел!» деген белги берди. Ойдун аягында жүргөн Сандал бери басты. Анын ордуна сайылган күрөгү калды. Сугарган жерине саржан салып келаткансып, тартандай баскап тиги Акбаевдин бет маңдайына келип калды: далысы дүгдүйгөн узун кара жигиттин бети талаанын күнү менен шамалына түурулуп, калбайган астыңкы эрди жарылып кеткен экен, ошо жарыктан кан чыгып турат. Анын кайкычырак, келте мурду да, тосток көзү да айтор, күнгө тотуккан бүткүл бет түспөлү бу Акбаевге суроолуу карап келатты:

— Салоому алейки,— деп алды ал жетер-жетпесте, бейтаанын кишиден чоочуркаган кичине баладай, коомай салам айтты.

— Аллейкума салам! — Сандалдын бар турпатын караган Акбаев ага озуна, кол берди. Шадылуу колдун өгөөдөй алаканына урунду секретардын манчасы. Акбаевдин колун алган тиги ошо колу менен мандай терин бир шыпырды да, жарылып турган калбайган эрдин жалап койду.

— Кандай, баатыр?

— Түзүк эле...

— Иш кандай?

— Иштеп жүробүз. — Экөөнүн ортосундагы чолок суроо, жооп ушуну менен бир аз токтоду. Тигинин ачылып сүйлөй албай жатканын көрдү Акбаев: «батына албай жатабы? Же мүнөзү ушубу?»

— Сууну жакшы салган экенсиңер,— деди Акбаев, ээк алдындагы арыктан аша коюп атырылып, анан тээ, талаага жылдыздап жаткан сууну карап сүйлөдү. — Мына ушундай сугаруу керек. Ала калбай тегиз ичип жаткан экен. — Муну укkан Сандал жанагыдан саал жандана калды:

— Мындай сугарбаса болбойт да. Бизге суу эле көбүрөөк болсо...

— Сууну кезек менен аласыңарбы?

— Ии, кезек менен,— деди Сандал, тыштагы сууктан кирип, томугуп турган киши эми жылынып сөзгө аралашкандай болду. — Кээде; кезек күтпөй жыра качышат. Анан ошондо чала сугарылып, кээде кургак айдалып калып жатпайбы, а болбосо...

— Жоо, анткенде болбойт,— деди Акбаев,— кургак айдаганда такыр болбойт да! Андан көрө такыр айдабагыла. Кандыра сугарып алып, анан боз торгой болгондо гана айдоо керек. А жанагы сууну жыра качкандарга сөзсүз тыюу салуу керек.

— Ошептсе жакшы болот эле,— минткен Сандал эми кадимкидей өзүн шынарлай калганын байкады Акбаев. Бул эми жанагыдай тартынып, сактанбай ачыла калганын билдирди.

— Деги ушул участкада эгиндин чыгымы кандай? Түшүмдү кандай алып жүрөсүңөр? — минткен Акбаев буларга ар дайым бериле жүргөн суроону кайталады. Ар дайым, райкомдон, обкомдон келгендер ушул эле сроону кайталашчу да анан бир-эки ооз кыска жооптон кийин шарт жүрүп кетишчү. Бул райкомдун секретарынан да так ошол көнүмүш суроону укkандыктанбы, Сандал чорт жооп айтты:

— Мөртөй-шөртөй.

Мунун угуп, Акбаев кайра сурады:

— Кандайча, «мөртөй-шөртөй?»

. . . . . .

Өзүнө тигилип турган райкомдун секретарын жалтак караган Сандал жооп айтуудан саал кыйыктангансып, анан азыр өзү айткан «мөртөй-шөртөйүн» кандайдыр бир чет тилден которо койгонсуп, минтти:

— Ошо... бирде — жакшы, бирде — жаман.

— Кантип, «бирде — жакшы, бирде — жаман?» — аны такыган жок, андан жайма-жай гана сурап, өцүнөп жылмаюу кетирген жок. — Ыя, Сандал, кандай бу, бирде — жакшы, бирде — жаман ыя? Мына, айдоодон мурда өзүңөр сугарып жатасыңар, ала-чала сугарыш жок. Анан өзүңөр табы менен айдайсыңар. Үрөндү да өзүңөр сээп, өзүңөр багасыңар. «Баланча сээп, төлөнчө айдады эле» деп күнөм санабайсыңар. Анан кандайча «мөртөй-шөртөй?»

Сандал бу сапар жооп бере алган жок. Ал баткакка малынган резинка өтүгүнүн тумшугу менен куураган шыралжындын түбүн гана былч-былч тээп турду. Акбаевге берер жообун ушу шыралжындын түбүнө түшүрүп ийип, ошону кайра чыгара албай жаткансыган ал калың кабагынын алдынан улам бер жакка көз кыйыгын салып жатты: демейки тыштан келе жүрчү чоцдордой ызгаар көрүнбөйт, бул райкомдун секретарынын өцүндө. Созүндө кекетүү да жок, анчейин гана ушу сугат жаатынан маектешип турган айылдагы жай кишилердин биринде көрүндү.

Анан, дегинкиси бу Сандал райкомдун секретары менен бетме-бет сүйлөшүп турганы ушул.

Райондон же обкомдон келгендердин жанында колхоздун активдери ээрчий жүрүшчү эле. Анан, ошо ээрчий жүргөн активдер талаада ишteген дыйкан менен тыяктан келген кишинин ортосундагы тилмеч сыяктанчу.

«Баланча Төлөнчөев деген механизаторубуз ушу. Бул өзүнүн алган милдеттенмеси момунча га болсо андан мынчасын ашык аткарамын деп жатат, же мынчасын ашык аткарып таштады...»

Ал эми эгин орулуп жаткан мезгилде да жогортон келе калгандарды чукул коштогон колхоз активдери ошо дан баккан дыйкандын оозунан сөзүн жулуп алышып, баягы көнгөн тилмечтигине өтчү: «бул — Төлөнчөев деген ушул. Ар гектарынан баланча центнерден алууга милдеттенген. Эми, ар гектарынан бастанчадан аламын деп жатат...»

Дыйканга кокусунан эле суроо берилип калбаса, анын оозунан дегеле эч нерсе угууга муктаж эмес эле, келген уполномочен.

Келген уполномочен ошентип, өзүн ээрчий жүргөн колхоз активинин оозунан уккандарын (көбүнчө, цифраларды) блокнотуна бат-бат жазып, бирин-эки кишинин аты-жөнүн кайталап сурап койчу. «Баракбаев Таралбай дединби? Жакшы, жакшы!» — мындай кубаттоого «азамат!» — деген-ди кошумчалоочу да блокнотун чөнтөгүнө лып салып жүрүп кетчү.

Уполномочен ушунусу менен бу оруу-жыюу компаниясын кыйла алга жылдырып, а тиги дыйканга чоң сый ыйгарып кеткенсичү. Ошентип, дыйкан кадимки камкор жетекчини эмес, биздин турмуштан чоочун, алыстан келген чет элдикти көрүп калгансычу. «Тигил кандай? Бул кандай? Мындай көңүлүш суроого арадагы тилмеч — агроном жө зоотехник, парторг же председатель гана жооп берип, дыйкан тилден калгансып карап турчу эле го? Буга жедеп, көнүп бүткөндөрдүн бири ушул Сандал а деп, бу сугат башына токтогон машинадан үч-төрт киши түшөт деп ойлоболу беле? Райкомдун секретарын чукул коштогон бирдебирөө жок, өзү гана келип, өзү гана жай маектешип турат, бу кандай?...

Акбаев өзүнүн кийинки суроосуна жооп ала албады. А тиги Сандал жанагы абалында эле баткактуу резинка өтүгүнүн тумшугу менен куу шыраалжындын түбүн тепкилеп турат. Баса, резинка өтүктүн башы бырбыд этип, бүктөлө түшүп жатканын байкап калды Акбаев, байкады да аны мында кел деп чакырды:

— Жүрү, Сандал, бери бас.

Сандал бу райкомдун секретарын үнсүз гана ээрчип басты: «Ии, бу киши менин кандай сугарганымы дагы жакшылап көргөнү жаткан го?» ушуну ойлоп койду. Бирок, Акбаев береги арыкты жээктей басып, каксоого токтоду. — Кел, мындай отуралы.

Акбаевдин бер жагына коомай көчүк баскан Сандалдын өтүгү колжоюп, алдына баткан жок. Эми ошо өтүктү тиктеп турган Акбаев минтип сурап калса болот да:

— Чулгооң барбы?

Сандал бу сөзгө туюнбай же укпай калгансып унчукпады эле, Акбаев кайра сурады:

— Чулгооң барбы дейм? Бутуңа чулгоо ороп кийдиң беле?

Сандал мойнун бир жагына кыйшайтып гана мылмыйып күлүп турду. Мунун тейитин даана билген Акбаев эми түүнө салып, резинка өтүгүн көргөзө минтти:

— Чеч, чеччи өтүгүңү?

А берки жанагыдан бетер тилден калып, уурту гана ыр-

сыят. Ошо резинка өтүгүнүн баткак чачыраган кончун алаканы менен жышып отура берди.

Акбаев ушу тапта чоң кишинин жанында эмес, бир эселек баланын жанында отургандай аны тилге келтире албай жатты:

— Эй, Сандал, чеч дейм бутуңу? Уялба. Же уялгандай сен бир кыз белең? Эркектен да эркек уялабы?

Али да бир аз уялып, кыйылып отурган Сандал чыныда эле бир уят иш болгону жаткандай, кымырына, ырсайды баратып, бөйрөгүнөн бүлк этип күлдү. Резинка өтүк шолк суурулду эле, салааларына кир токтогон жыңайлак буттун кетмени көрүндү. Резинка өтүк ичинде жүрүп бышара түшкөн талпагай таманын дароо өз такымын карай жыйырган Сандал бу райкомдун секретарынын алдында эненден туума тургансып, өзүнчө ыңгайы кетип, жанагы эле бойдон ууртун жыя албай ыржайган болду.

— Ээ-ий! — Сандалдын жыңайлак бутун караган Акбаев кейий кетти. — Э, кокуй, эмне жыңайлак киесиң? Болбойт да бул! Резинканы жыңайлак кийишке эч болбойт. — деп сурап калды Акбаев.

— Жыйырма жетиде. — Сандал жыңайлак бутунун башын тиктеген калыбында, унчукту.

— Жыйырма жети... — тигинин оозунан чыккан санды кайталады Акбаев. — Азы-ыр го, ысык суукту сезбейсиң, жүрө бересиң. Оо, анан кийин, тартасың мунун жазасын... — деп бир аз унчукпай турган Акбаев саал улутунуп сүйлөдү: — мен да бала кезде сугатчы элем. — Ушинткен секретарды жалт карады Сандал, анын айтканын уккусу келди.

— Анда биз,— деп созун улады Акбаев,— бу силерчилеп резинка өтүк кийбей эле жыңайлак сугарчубуз. Эртеэкен, ошонун салдары — кызыл жүгүрүгүм бар...

А сен да эмитен сак болбосоң, ооруга кабыласың, кокуй! Алдагынын ичинен,— деди Акбаев, резинка өтүктү көргөзүп,— чулгоону калың ороп кий. Азыр, кудайга шүгүр, чыт арзан го? Беш-алты сомго чыт алып койсоң жыл маалы чулгооңо жетет. Анүстүнө чыт бат кургайт, бутуңа жумшак.

— Ии, ошо... — деп макул болду Сандал,— антсе деле болот, анан ошо... таназар албай эле...

— Ден соолукту таназар албай коюшка болот бекен? — деди, Акбаев. — Таназар албай жүрүп ооруга чалдыксаң, андан айытыш кыйын болуп калат, баатыр! Ден соолукка

эмитен этиет болуу керек. Кий, эми,— деди, Акбаев,— чулгоон жок экен, эми бүгүнчө кийип ал. А бирок, эмки келгенимде минтип коңултак кийгениңди көрбөйүн?! «Менин эле чулгоому эстеп жүрмөк беле?» деп ойлобо, баатыр! Сөзсүз келип текшерем. Андайды унутуп калмайым жок. — Акбаев кандайдыр бир кичинекей тентекке эскертип жаткансып, соомөйүн кесип койду. Унчукпай гана мыйыгынан күлгөн тигиге Акбаевдин бул мүнөзү жагымдуу эле. Ар дайым үстүнө үйрүлүп турчу энеси түштү эсине. Атадан бешикте кезинде калган мунун энесинен башка таянары жок, а энесинин каранар-карманары бул эмес беле. Атасы башкарып, атасы тескеп жаткан балдарга суктана кетчү эле бул: «Менин да атам болсо, ал мени сүйүп, анан тилдеп, уруп койсо ээ!..Ушинтип кыялданчу бала, өзү көрбөгөн жер үстүндө жок атасын мына ушинтип көксөчү. Азыр да ошо жер үстүндө жок атасынын үнү угулуп кеткенсиди буга: «ооруга кабыласың кокуй, минтип, коңултак кийгениңди көрбөйүн!» Сандал атасына эркегенсиди, бирок, анысын тышына чыгарган жок. Ал ошентип турганда Акбаев бу сугарылган аянтты кайкыта карап сурап калды:

— Мына, ушул жерге эмне айдайсыңар?

— Арпа эле,— дей кетти Сандал,— өткөн жылдарда жүгөрү айдаганбыз, анан, быйыл...

— Ии, анан, быйыл?.. — деп улады Акбаев. — Анан быйыл эмне болду?

— Анан, арпа айдагыла деген буйрук болду.

— Эмне жүгөрү чыкпай калдыбы?

— Жо, жүгөрү деле чыгарын чыгат, деңизчи. Саал начарыраак гана болуп жатат. Ошондон улам моюндары жар бербейт, конгон арпабызды айдап алабыз дешет, активдер,— айылдагы кишилердин сөзүн атасына айтып келип турган тестиер балага окшоду, Сандал ушу тапта.

— Албетте,— Акбаев аны коштоду,— жүгөрүнүн чыгар-чыкпасын аны айдаган, аны баккан өзүң билесиң да. Жер кыртышы жакшы эле көрүнөт, анан, бу эмнеликтен жаман чыгып атат ыя?

— Начар чыккан себеби, көбүнчө, начар жерге айдалып калчу. Чыкса чыгар, чыкпаса жок дешип. Кайдагы бир калып калган өңгүл-дөңгүлгө же таштакка айдалып, анан ошо жердин өзү да кургап кеткиче үрөн сеппей таштап коюп, анан ошо жер кийин суудан да калат, анан...

— Ал эмне үчүн андай? — деди Акбаев. — «Чыкса чыксын, чыкпаса жок!» Ушу да кеппи?! Антип, кайдигер мамиле жасаганда жүгөрү түгүл, айдай жүргөн арпаңар деле түшүмсүз калат. Жер өгөйлөбөй эле жүгөрүнү бу жерлик-

тер өзү оңойлоп жаткан го, ыя? Эмне үчүн кыртыштуу тегизге айдалбайт? Эмне үчүн убагында себилип, убагында сугарылбайт?

Мына, сен, Сандал звено башчысы? Сенин звеноңо болүнгөн жер бар. Ал жерден түшүм алууга сенин өзүңдүн, звенондун аракети керек да? Дегеле ошол жердин түшүмү сенин жоопкерчилигинде эмеспи? Анан кандай?

— Мен жооп берем, дегеним менен жетекчилерим болбой жатышпайбы?

— Сандал кадимкидей капа боло кетти. — Жүгөрүнү айдап атканда агроном келет да: «ташта муну кийинкиге, арпа айдагыла!» — дейт, ошо менен айдаган жер курган кала берет. Анан, бир күнү арпадан келип, акыры муну айдап бүтүрүп, үрөн себейин деп жатканда, башкармадан буйрук келет: «Аны токтотуп баланча жакка суу салгыла!» Ошентип дагы калат. Акыры, бир оокумда келип, баягы кургаган айдоого үрөн себебиз. Айттым го, аныбыз да оңгүл-дөңгүл же таштак... Айтор, не кылса да жерге чачылган үрөн чыгат экен. А бирок, ошо чыкканын да жакшылап бага албай жатпайбызбы? — деп түтөп кетти Сандал. — Же бир суу тийсечи. Сугат маалында дегеле жүгөрүгө жол тийбейт. Жаңыдан сугарайын деп жатканда: «Ой, сууну жүгөрүдөн алгыла. Ары арпага салгыла!» — деген буйрук сууну ала качат.

Береги суу жылдыздаган талааны бир, Сандалды караган Акбаев анын сөзүн суроо менен коштоп коюп жатты:

— Жүгөрү чыкпайт деген бекер кеп экен да? Жери жарашса, анан багуусу жарашса жакшы эле болчудай экен ыя?

— Анан, эмне,— деди Сандал,— анан, дагы жер семирткич жетсе андан да сонун болор эле?

— Суперфосфатпы?

— Супери жок эле,— деди Сандал, «фосфатын» кыскартып айтты. — Супери жок эле, кык, кадимки эле малдын кыгы тээ, короолордун жанында тоо болуп жатпайбы.

— Ии, аны кимден сурайсыңар? Чача бербейсиңерби алып келип?

— Хи! — этип күлдү Сандал. — Ошону алып келе албай жатпайбызбы?

— Кантип алып келе албайсыңар?

— Кантип алып келебиз? — дей кетти Сандал, ушу тапта өз звеносундагылар менен сүйлөшүп тургандай батымдуу эле. — Кантип алып келебиз? Ошондон ушуга жөө көтөрүп келебизби? Аны ташып алар тырактир же машине кана? Машинени койдук, бир эле араба берип коюшса боло?

Сурасаң бири-бирине шылтайт: биргат — агрономго, агроном — башкармага бар дейт. Баарынан өтүп отуруп башкармага барсаң: «э, кык эмес башканы ташый албай жатабыз!» деп урушуп коёт.

Суу жылдыздаган тор талаа. Райкомдун секретары менен звено башчысынын маегин бир гана өздөрү анан, ушул тор талаа угуп турган эле. Ушу тапта булардын сөзүнө кыпчылып, бура тарткан жан киши жок. Анүстүнө буга чейин райкомдун биринчи секретары түгүл райкомдун уполномочени менен жай маектешин көрбөгөн Сандал азыр өзүнчө эргип, атасынан акыл уккандай бу Акбаевге эреркеп, көөнүндөгүсүн төгүп жатты.

Мунун мээнеткечтигин көрүп турат Акбаев. Жерге тер төгүп, эмчисин жерден алган дыйкан. Бул кишиге калп да айтпайт. Эмгектен колун албас — күжүрмөн. Жердин сырын ушул чарбадагы агрономдордон артык билет. Бирок, ага карабай, мунун эмгегин ташка чыгарышкан экен. Жүгөрү айдаштан көңүлүн абдан калтырышкан. Жок, мунун көңүлүн көтөрүп, сүрөп, керектүү кеңеш менен сугаруу керек мунун өзүн. Жүгөрү айдаган ошо өңгүл-дөңгүл жер түгүл, бул өзү да эмгеги ташка чыгып суусап турган экен. Колдоо керек мунун ишин, жардамдашуу керек буга».

— Баары болот,— деди, Акбаев ордунан туруп баратып, тигиге ишенимдүү карады. — Түшүм үчүн бардык чара көрүлөт. Сенден сураларым, бир гана муну оюңа ал: «Иштесем да иштебесем да баары бир»» деп кайдигерлик кылба. Иренжибей чын көңүлүң менен иште. Калганынын баары болот.

Сандал буга унчукпай гана мыйыгынан күлдү. Анын бул тейитинен Акбаев али ынана албай турганын даана байкады. «Чара көрөбүз, баары болот!» Звено башчысы да анын мүчөлөрү да бу сөздү дайым угушчу. Бирок, айтылган сөз ошол эле жерде калчу. Сандалдын оңүнөн баарын айкын окуган Акбаев арытан шоферин чакырды да муну айтты:

— Сен, чаап жет да бул колхоздун председателин, парторгун, агрономун таап алып, жетип келчи? Ии, баса, коё тур,— Акбаев бу ГАЗиктин артынан күрөк анан, резинка өтүктү сууруп калды.

Райкомдун секретарынын колундагы күрөк менен резинка өтүккө суроолуу караган Сандалга күлө бакты Акбаев:

— Сенин күрөгүңдөй бекен?

Сандал баш ийкеп жылмая күлүп койду.

— Күрөк менен өтүк дайым бирге жүрөт өзүм менен. — Минткен Акбаев резинка өтүктүн ичинен сууруп көгала

чыт чулгоону бутуна каттап, ороп сүйлөдү: — Мына, мындай чулгоо оро бутуна, жылуу-жумшак...

Резинка өтүктү арыдан-бери кийген Акбаев күрөгүн колуна алды:

— Кана, баатыр, «урушта — туруш жок» деген, биз карап турбайлы, тиги активдериң келгиче сугара берели. Мен сага жардамдашайын.

Баягыдан бетер таң калган Сандал бу райкомдун секретарын эрчип баратып өзүнчө сүйлөдү: «Капырай, бу чын эле райкомбу же? Билбейм, айтор, райком түгүл биздин бригаттын күрөк кармаганын көрө элекмин...»

* * *

Райкомдун секретарынын чакырыгын угушкан колхоздун жетекчилери кандайдыр бир перседен коон санап-чочулап келатышты: «эмне болуп кетти экен деги?!» «Сары-чат» колхозунун жетекчилеринен бироону гана эмес, үчөөнү катар чакыртканына караганда бир балаанын болгону анык. Ушул ой үчөөнүн тең тынчын алып келатты. Үчөө тең өздөрүнчө ой жоруп: не болсо да бет алдынан жолугар чатакты ошол райкомдун бет алдында бири-бирине шылтап, ар кимиси өз башын алакчылашка камынып келатышты. Өзгөчө, председатель Таабалдиев быяктагы сугат жаатын мына бу агроном көздөгөнүн айтып, аны ошо жерден тилдеп жиберишке даяр эле.

Ошентип, жолдо келатышкан булардын көз алдына: эки колун артына алып, жээкте кырчылдап, басып турган ачуулу райкомдун секретары эле.

Жээкте жан жок. Тээ-тигинде сугатчылар, Таабалдиев алдастаган тейде ошо райкомдун секретарынын шоферунан сурады:

— Ой, бу, Адыл Акбаевич кайда ыя? — а шофер тиги сугатчылар тарапты колу менен көргөздү:

— Тээ-тигине, жер сугарып жүрбөйбү.

Шофердон муну угушкан үчөө бирин-бири үнсүз гана карап туруп калышты. Кандай кыларын билбей, эмне айтарын билишпей, дел.

Райкомдун биринчи секретары өзү чечинип салып, тиги сугатчылар менен жер сугарып жүрүшү түшкө кирбес окуя! Эмне кылса болот ыя? Секретарды туурап үчөө тең сууга кирели десе камы жок: же буттарында резинка өтүгү же колдорунда күрөгү болсочу! Же секретардын өзүн быякка чакырышка дааш кыйын... Айтор, үчөө тең кыйын абалда: күркүрөгөн дарыядан кечип өтө албай, жээкте калтырап турган жолоочунун көрүнүшү бар эле үчөөндө.

«Сары-Чат» колхозунун жетекчилери арыктын жээгине келип туруп калышканын көргөн Акбаев аларды көпкө күттүргөн жок. Сандалды эрчитип бери чыгып келатты. Тыпчы-кеткен үчөө жээкте күтүп тура бере алууга да чыдай алышпады, утурлай басышып, жарыша салам айтышты эле, Акбаев алик алган бойдон минтти:

Тура бергиле ошондой. Разинка өтүгүдөр жок экен.

Суу жылдыздаган талаапы арыштай баскан Акбаевдин колундагы күрөгү да өзү менен кошо арыштап келатты.

Күрөгүн сол колуна алып, булар менен тегиз учурашкан райкомдун секретарынын жүзүндө ачуу жок эле. Өзү милдеттүү, демейки жерин сугарып жүргөн сугатчылардын биринде жай-баракат. Аны көргөн председатель — Таабалдиев шаша сүйлөп жанкалактай кетти:

— Э, жарыктык, Адыл Акбаевич! Сиз да сугатка... — деди да аны эрчий басып келген Сандалга акырая карады.

— Ээ, сугатты унута элекмин,— деди Акбаев,— тиги эле бала чагыман сугатчымын. Эчтеке эмес, башынан иштей жүргон иш. Анан, бу Сандал абдан жакшы сугарып жаткан экен — деген Акбаев, демейкидей бир топко ал-абал сурап сөз чойбоду, сөздүн ток этер жерин айтып мындай тапшырмаларды берди: — башка жерге эмес, дал ушул участкага жүгөрү айдагыла. Мына, бүгүнтөн калтырбай кык ташытыкыла, быякка. А кык ташууга самосвал дайындагыла. Аны ташып бүтпөй башка жумушка кетип калчу болбосун. Агротехникалык эреже туура колдонулсун. — Минткен ал тиги агрономду карап сүйлөдү: — суу кургай электе балчык бойдон айдалбасын. Тайыз айдалчу болбосун. Бул жерди айдоого ремонттон толук өткөн трактор бөлүнсүн. Бул жерди айдап бүтмөйүн ал трактордуу да башка жакка албагыла. Себилчү үрөндү өзүң көр, Сандал, сорту мыкты болсун!

Күрөгүнө таянган райкомдун секретарынын маңдайында катар турушкан үчөө: председатель, парторг, агроном — куду мугалиминин бет алдында турушкан мектеп балдарындай жарыша гана баш ийкей беришти. Ушул азыр аларга тээ-тиги ак мөңгүлүү тоону бери жылдыр десе да токтоосуз баш ийкемек булар. Эмне айтса, баш ийкеп гана кутулган булардын адатын жакшы билип турган Акбаев көзүн минтип бекитти: — Булардын кандай аткарылып жатканын күн сайын көзөмөлдөп көрүп турабыз... — Үчөө буга жарыша баш ийкешти.

Мына, эми чыпыгы жардам болоруна Сандал ишенди. Райкомдун секретары азыр айткан сөздүн ар бир нокотуна чейин өз звеносундагыларга азыр жеткиришке даяр турган бул өз ичинен кымыңдап гана жатты: «Жүгөрүнү таштап

тигиге жөнө! Жүгөрүнү таштап буга жөнө!» дебессиңер эми? Өзүнчө ушинткен ал тигил үчөөнө алдыртан мыйыгынан күлдү.

15

Бирөө тартып ойготкондой көзүн ачты Акбаев. Бөлмө али карацгы эле. Саат төрт. Ар дайым күзөттө турган сезими ушул убакта ойготот муну. Күзбү же кышпы, жазбы, же жайбы, саат төрт — ойгонор убак. Кеч жатуу, эрте туруу — адат. Кээде, үчтө, үч жарымда жатса да кайра төрттөн төрт минут өтпөй турмай. Чырм этсе — уйку канып: сергип калат да, ары-бери чайкалып, ары-бери физарядка жасап, бир нерсени шам-шум этип, ишке жөнөмөй. А бүгүн анте албады, анте албаганы: мейманканада жатат. Бөлмө тең алдындагы тынчтыкка жуурап, баса, ошо жуураган бөлмөдө коңурук бар. Акбаев менен бирге түнөгөн жолдоштун коңуругу.

Эртең болор областтык партиялык активге шашылыш чакырык менен түндө тээ, алыскы райондон келген меймандар ушул мейманканага жайгашкан. Түндөн жол жүрүп чарчаган кишилер али аяк тартыша элек.

Конференция башталарына али кыйла бар. Ага чейин же баягы көнгөн өндүрүшүнө чыгып талаа кыдырып кете албаса. Акбаев кыжалат болду өзүнчө: «мына, саат төрт. Иш күнүмдүн башталган убагы. Ушундан саат онго чейин канча иш бүтөт эле!..» минткен ал кечээ, өзү сугарышкан жерди эстеди, андагы сугатчыларды, анан, бая «Сары-Чат» колхозунун жетекчилерин, алардын убадасын эстеди. Мына ошол аянтка ташылып жаткан кыкты, алыш бойлоп, ашыга дүкүлдөп бараткан самосвалды, ошондон кыкты талаага төктүрүп, өзүнчө кубанып жүргөн Сандалды көз алдына келтирди. Анан, баягы «Ак-Чыбыр» колхозунун трактористи — Бөтөш да көз алдына тура калды: ал баягы тайыз айдалган жерин кайра айдап жаткан экен...

Айтор, биринен сала-бири көз алдынан өтүп жатты. Тыякта болгондо буларды бир баштан кыдырып, кечээги тапшырмалардын кандай майнабы бар экенин көрбөйт беле: а дегенде туут оторлорду кыдырмак да анан, тиги «Кара-Ой» колхозунун кыштоосуна баратат эле ушу тапта. Таңкы саат бешке чейин жамаатташ үч колхоздун кыштоолорун кыдырып, туут абалып корүп чыкмак да саат алтыда Ак-Чийдин кошуна чейин бармак. Трактористтер тегиз чыгышкан бекен? Алардын тамак-ашы кандай экен? Саат жетиге чейин «Эмгекчилге» жетмек. Айдоолору кургап кеткен жок-

пу? Үрөн убагында жетип жатабы? Дарыланган үрөп тарткан баягы Мыктыбек тапандын үнү угулду: «Билбейсиңби?! Машине өкүматтыкы!»

Кроваттан башын көтөргөн Акбаев өзүнчө мыйыгынан күлдү. Өзү менен айтышкан Мыктыбек али көз алдында турду. Ошо Мыктыбек үрөн тартып жүргөн талаага кандай себилип жатат экен? Саат туура тогузда «Үлгүдө» болмок эле. «Үлгүдөгү» коштун абалын, тууттун абалын да көрүп чыкмак. А Эсенге талаадан жолукмак. Талаанын күнү менен шамалына туурулуп, так ушу жазгы талаага окшоп, кара-күрөң тарткан анын өңү көрүндү азыр да, минткен үнү угулду: «жаш тууган койлорго бир аздан саман кашуулатып жатабыз. Анан кантебиз, тоют жок, анан ошо самандан...»

Уйкудан көзүн ачары менен ушуларды кез алдынан чубуртту Акбаев.

«Эми, конференция саат ондо башталат,— деди ал,— ага чейин туура алты саат бар. Алты саат — кыштын бир күнү. Ошончо убак өтөт ээ, жыйын башталгыча! Канча гана жумуш бүтөт эле онго чейин. Эми эмне кылуу керек? Эл тура элек. А эл тургуча качан! Анан эл жыйылып...» минткен Акбаевге саат, саат түгүл минут өтпөй зарыктырды. Кантсе да кроватында жата бере албады. Бөлмөдө уюп жаткан буурул түн арасынан колундагы сааттын жебесин шыкаалап карады: жашыл фосфор жебе жаркырап күйүп турган экен. Саат төрт жарым. Өзүнүн ойгонгонуна жарым саат болуптур. Жарым жылдай узарган убакыт эле бул. Дагы жата беришке түк чыдай алар эмес. Акырын башына көтөрүп жолдошун карады: көкүрөгүн ачып чалкасынан жаткан анын коңуругу калыбында. Ошентсе да аны ойготуп албайын деген бул акырын туруп, шырп алдырбай кийинди да тышка жыла чыгып кетти.

Таң сүрүп келатыптыр.

А деп Нарынга Акбаев 3—январь түнү келбеди беле. А ошо түнү кышкы Нарын сыр чойчөктөгү жуураттай уюп жаткан. Сыр чөйчөктүн кырбусундай тиги Аламышык тоосунун жылаңач аскалары гана боз-ала көрүнгөнү болбосо, өрөөндө кар терең эле. Азыр Нарын карсыз экен.

Айланада талаа жок, тоо гана. Эгер талаа көрүнсө ошоякка жөө баса берет эле. Таңкы сыркаарда суунун илебин сезди, суунун жай шоокумун укту, ошол шоокумду улап басып жөнөдү.

Тээ, тоо башынан ак жээктенген таң али жылдызы тарай элек карагок асманды түрдү да таң шооласы чайыган асман агыш-көгүлтүр тартып, мупарыктап жатты. Өрөөн али, уйку-соонун арасында бир чукураның алгандай болду да ас-

ман-жер ойгонуп, шашкая түштү. Ошо тан агарган жакты карап басып келаткан Акбаевдин жолу бийик жардын кырына келди. Бийик жар алдында дарыя жатат чалкып. Агыны билинбейт. Тоо түбүнө токтоткон көлдөй мемиреп жаткан дарыянын көк-мелтир ирими көрүндү. Чалкыган көкиримге караган Акбаев дарыяга таазим этип тургандай саал баш ийкеп суктанды: «Пай-пай! Биздин жергедеги суунун алпы го жарыктык! Канча эл, канча жерди багып келатат. Быяк башы Ак-Шыйрак тарап, Тарагай багытынан чыккан зор дарыя ушу Нарын өрөөнүн жарып отүп, андан Ак-Талаанын ак чап талаасын басып, андан тиги Тогуз-Торонун тоолорун кесип, Суусамырга бурулуп, Көкөмеренди коштоп алып, Кетмен-Төбөгө түшүп, өрөөндө аярлап, чалкар көл болуп токтоп, андан — Таш-Көмүр. Шамалды-Сай, Үч-Коргон... Элдин өмүр-тарыхындай, элдин баскан жолундай узак-дарыянын улуу сапары мына!..

Акбаев дарыяны бойлой басып, шаарга көз таштады: куду суу жээгин бойлой өскөн бадалдай шаар мына. Нарын шаары, Нарын дарыясы. Ушул шаар жокто кабышкан тоолордун арасы — ээн капчыгайдыр ээ? Акбаев эми ушу тоо койнундагы шаарды аралай басып, өзүнөн сурады:

— «Баса, бу шаар... совет бийлигине чейин бу шаардын ордунда эмне бар эле ыя?»

— «Шаардын ордунда, дейсиңби?» — ушинтип шаар өзү унчугуп, кайра өзү жооп кайтаргансыйт: — бу капчыгайда кышы-кардуу бороон улуп, ошо бороонго аралаш үйүрлүү ач карышкырлар чабыттачу. Жазы, жайы нөшөрлүү шамал жулунуп, капчыгайда азоо дайра жапайы күркүрөп жатчу. Жапайы дайра менен бороон-чапкындын турагы болчу бу шаар орду, капчыгай...

— А дарыячы?

— «Нарын дарыя өзү дарыя башы менен канча кылымдарды чапчыбады! Нарын дарыя не деген гана шумдуктар менен кошо, зоого урунбады, күр-шар ачуу чачып... Ооба, ачуу чачып, дарыя айкырган түндөр!.. Дарыя мемиреп бейкут жаткан күндөр!.. Айтор, байыркы Нарын сан кылымдар бою нелерди гана башынан кечирбеди... Бир заманда калк кырылып, үстүнөн кара-кочкул кан жүрдү... А бир кезде жерден ооп качып бараткан элдин ачуу жашы селдеди...»

— «Ырас, Нарын суу,— деди Акбаев өзүнчө,— ошо суу боло туруп, биздин Ата-Журттун, биздин элдин албан тарыхынын күбөсү ээ?!

Карт Нарын... Кылымдардын терецинен келаткан касиеттүү дарыя... Акыры, ал кылымдар, доорлор менен кошо

аккан кан менен жашты шарынан чайын таштан, бүгүн чалкып жатат...

Нарын — шаар. Байыркы дарыя жээгинде бой керин жаткан тоо шаары... Бул шаардын мына ушул капчыгай ичинде жаңы туруп келаткан чагын эстеди Акбаев.

...Совет бийлигинин алгачкы жылдары дал ушул дарыя боюнда дал ушул капчыгай ичинде жаңы гана көз жарган кичинекей шаарчаны коргоп, өз кырчын өмүрлөрүн кыйган асыл кишилер!.. Алардын бүтүргөн иши, сүргөн өмүрү ошо бойдон тарыхта сакталып, жашап жатат биз менен.

Ана, шаардын босогосунда Таабалдынын эстелиги заңкаят.

— Жукеев! — деп алды бул өзүнчө,— жо, ал андагы тап күрөшүнүн күндөрүндө ушу кишинин окуясы, иши башка ат менен угулчу эле: «Акбаевдин отряды». «Нарындагы Акбаевдин басмачылар менен күрөшү» деп айтылчу эле го? Көрсө, жашырын атта жүргөн экен кайран киши!..

Жарык дүйнөгө ыңаалап келгенде кадимки ымыркай балача май менен оозанбай, ар-намыс менен оозанып, балалай ата-эне колтугунда, үйүнүн коломтосунда чоңойбой, кыйын кезеңдерди жиреп, орт кечип торолгон кыргыз уулу, партиянын жалындуу революционери — Таабалды Жукеев— Пудовкин!

Ал Нарындын жыбыт-жылгасынан, кокту-колотунан күүгүмдөгү ач борүнүн үйүрүндөй душмандар менен, жаш Совет өкмөтүнүн жарашкыс душмандары менен кан кечип, кармашты. Ал мына, ушул дарыяны, мына ушул шаарды коргоп, биздин керемет доорду курушуп, өз өмүрүн доордун улуу имаратына кебелбес кылып, кынап таштаган Таабалды мына, бүгүн да күзөттө тургандай, дарыя боюнда, улуу тоонун шаңында айбаттуу заңкаят.

Нарындын биринчи бетин мына ушул кишинин элесинен ачкансыды Акбаев, анан, жээк бойлоп кеткен шаардын али жука тулку-боюна серп салды. Дарыянын чыккан жагын бет алып, таң сүргөн жакты карай баратты. Айланада талаа жок, тоо гана. Эгер бул арада эгин-чөп чыгар талаа көрүнсө ошоякка баса берет эле. Таңкы сыркаарда суунун илебин сезди. Суунун жай шоокумун укту да ошону карай жөнөдү. Тээ, тоо башынан ак жээктенген таң али жылдызы тарай элек карагөк асманды түрдү да, ой-кырга агыш-көгүлтүр нур үлбүрөй мунарыктап... Сүргөн таңды адатынча утурлаган Акбаев жардын кырына келип токтоду. Бийик жар алдында дарыя жатат чалкып, агыны билинбейт. Тоо түбүнө токтогон көлдөй мемиреп жаткан дарыянын көк мелтир ирими көрүндү. Иримди тиктеген Акбаев ушу да-

рыяга дагы эле таазим этип тургандай эле. Суудан көзү ка-тып, кайдагы бир чөлдөн келген жандай өзүнчө күбүрөдү: «Пай-пай! суунун алпы экен го жарыктык! Канча эл, канча жерден өтөт. Канча эл, канча жерди багып келет жарык-тык!.. — минткен Акбаев бу суу башын тээ, капкайдагы суу аягына чейин көзүнөн өткөрдү:

...Нарындын башы Тарагай...

Ыр жолу эсине кылт этти мунун. Ошентип, тигинден ары Тарагайдан чыккан дарыя ушу Нарын өрөөнүн жарып өтүп, андан Ак-Талаанын ак чап талаасын кесип, андан Тогуз-Торо тоолорун тепчип, Суусамыр багытына бурулуп, Көкөмеренди коштоп алып, Кетмен-Төбөгө түшүп, андан түштүк жергесине кайрылып, Таш-Көмүр, Кызыл-Жарды, Шамалды-Сай, Үч-Коргон менен басып өтүп, Фергана өрөөнүн сугарып, Өзбекке, андан Тажикке чалкып кирип, Сыр-Дарыя болуп... Эл тирилик эткен жер бетинде тынымсыз сапарын улай келген улуу дарыя... жерден-жерди, эл-ден-элди кечип, эл-жер эле түгүл, ошо элдин укумунан-туукумун карыткан, замандарды, доорлорду, кылымдарды кече келди ушул дарыя; ал эми ошо кылымдар көчү ушул дарыядан кечип өткөн... Ырас, түпкүрдөгү доорлордун, замандардын кылымдардын күбөсү бу биздин байыркы тоолорду тепчиген алп дарыя дагы миң-миң кылымдарды бөктөрүнүп, дагы миң кылымдарды карай улуу сапарын улай берет да...

* * *

Областтык партиялык активдин чогулушу саат ондон өтүп барып башталды. Ушул айда республиканын борборунда болуп өткөн пленумдун жыйынтыгы жөнүндө докладды жазоого облисполкомдун председатели — Айдаралиев трибунага чыкты: чыкчыйып жасана кийинген, кубакай киши азыр күзгүгө көрүнүп алып, сүрөткө түшкөнү жаткансып, боюбашын түзөй кетти. Жазгы сезонго арнап тигилген жарашыктуу боз костюмунун жакасын ондоп, галстугун түзөдү, ансыз да куйкасына жабышкан суюк чачын алаканы менен сылай таптап койду. Жаңы эле мойнуна салган ак көйнөгүн зыпыйган жакасына галстугун кайра да бир кынай түзөп алган бул, бир тынымга элди карай калды эле, трибунада турган жандуу кишидей эмес, чоң дүкөндөрдүн коргозмосүндө кооз кийинтип койгон манекендей кыймылсыз көрүндү. Айдаралиев ошо сыпы тутушкан калыбында колунун гана башын саал кыймылга келтирип, алдындагы кызыл папканын бүчүсүн шашпай чечип, анын ичиндеги тептегиз

коюлган такта кагаздын бетин тиктеди. Ошо тиктөгөн калыбында бура-тере карабай окуп кирди. Залдагы көп көз ага үнсүз жабалактап гана турду.

Айдаралиев кокус бура караса эле, алдындагы тамгалар чачыла каччудай кагаздан көзүн албай шытыратып жатат.

Мына, анын окуганы жарым сааттан өтүп баратат, а докладчы болсо бир жолу да баш көтөрүп койгон жок. Машинкага шыкырата басылган ар бир сөздү, сөз эле түгүл, тамгасын калтырбай шытыраткан Айдаралиев ушу тапта айыл чарбасынын маанилүү маселелери боюнча доклад жазабай эле, мугалимдин буйругу менен доскага чыгып барып, китептин тиги бетинен — бу бетине чейин токтоосуз кеткен окуучу балага окшоду. Андан көз айырбай тыңшап отургандардын арасын да ошонтой кобур аралады:

— Бура карабайт да ыя?

— Докладга да ушундай даярданабы?

— Хе! Мындан көрө,— деди бирөө мектептен бир бала чакырып эле окутуп койсо болмок экен?!

— Өзү окуган докладдын маанисин ушул азыр, өзүнөн сураса айтып бере албас.

— Ошо, курулай гана окуп жатат!

— Жаңыбаев өзү жасагында эмне?

— Аа, Кемел Жаңыбаевич минтип кагаз тиктебейт да.

— Ооба, а киши жайма-жай эле сүйлөшүп отургандай түшүнүктүү, кызыктуу жасайт да уга бергиң келет.

Ушул кобур-күбүрдү тосоттон, жылаажын шыңгырады. Президиумда отурган обкомдун биринчи секретары Жаңыбаевдин жаагы-башы таңылуу экенин көрүп отурушту залдагылар. Ал өткөн айда Ак-Сайга барып, тула боюн үшүккө алдырып келгенин угушкан.

Доклад жөнүндө элдин кобур-күбүрүн укkан Жаңыбаев эми докладчыны улам карап коюп жатты. Докладдын мазмунун түшүнүктүү кылып, кыскача айтып берсең боло дегенди көз карашынан айтып жатканын залдагылар түшүндү, а Айдаралиев болсо баягы эле калыбын жазбай баш көтөрүп койбой, кымындай тыным жасабай шытырата берди.

Отургандардын айрымдары чыдамы кетип, сааттарын карады: мына, тигил токтоосуз окуп жатканына туура бир жарым саат болуптур. Кишилерди дагы эле күбүр-шыбыр аралап, кээлери, кат жазып бири-бирине узатышып, айрымдары үргүлөп отурушту. Айдаралиев куду боз мрамордон чегип орноткон бюсттай какыйган калыбында кагаздан көзүн бир алсачы!

Бир сааттан кырк минут өтүп калган кезде арандан-зорго аяктаган Айдаралиев кызыл папканы шашпай жаап, кокус

чачылып кетпесин дегендей кынаптап, бүчүлөдү да бу бет алдындагы элге бир баш көтөрүп карап койбой, ансыз да түптүз турган жакасын түзөп, галстугун кайра да бир оңдоп, эмгегине жабышкан сүюк чачын кайра бир тарап, сыланып алган соң, трибунадан зыкыя түшүп баратты.

Республикада болуп өткөн пленумдун жыйынтыгына карата эки маселе талкууланмак: биринчиси, областагы мал толдөтүүнүн абалы, экинчиси, кош айдоо компаниясынын жүрүшү жөнүндө. Доклад мына ушул мазмунда болууга тийиш эле, а чынында ошо өткөн пленумдун докладын бурбай-тербей туруп кайра окуду. Муну угуп отургандар бир айтканын улам кайталай бérген маңызды уккандай болушту.

Кишилер көңүлсүз. Жарым сөзгө аралдан-зорго эки-үч киши катталган экен. А деп, соз алган облисполкомдун кызматкери — Жетигенов а дегенде эле азыр Айдаралиев жазган докладга токтолуп: анын эң жогорку деңгээлде жасалганын айтып, ачык мактоого өттү. Ушундан кийин областта жапа областтык аткаруу комитетинде иштин жүрүшү мыкты экенин белгилеп келип,— тилекке каршы,— деп улады ал сөзүн,— ушундай ийгиликтерге карама-каршы турган иштеги кемчиликтерибиз мына бул: областтыбыздагы айрым райкомдор өзүнө караштуу чарбалардагы парткомдун ишине начар контролдук кылып жатышат. Мына ошо айрым райкомдордун контролдугунун начарлап кетишинен, районго караштуу айрым колхоздордун партиялык уюмдарынын иши өксүп жатат. Алсак, айрым чарбалардын партиялык уюмдарында эки-үч ай бою чогулуш өтпөгөн, агитаторлордун дайыны жок, үгүт-насият иши начарлап кеткен. Колхоз, совхоздогу коммунисттердин арасында ичкиликке берилүү орун алган.

Жетигенов жанынан алган блокнотуна гана көз чаптырып коюп анан жатка шакылдатты. Жетигеновдун сөзүнө карагында бул өзү эч бир тынымсыз иштеп жаткан кызматкер сыяктанды. Ишинин мазмуну: райондон-районго, анан колхоздон — совхозго тынбай кыдырып, алардын кемчилигин кыцыр-кыйшыгын гана издеп, анан мына ошо өзү издеп таап алган кыцыр-кыйшыкты токтоосуз ала чаап келип, обкомго, облисполкомго гана айтып туруу эң негизги милдети экенин билдирип өттү бул. Ал эми партия уюмундагы кемчиликтердин, анын ишиндеги өксүктөрдүн себеби эмнеде экенин, андай кемчиликтерди кетирбөөго эгер кеткен кемчилик болсо аны жоюшка кандай чара колдонулганы же колдонуу керек экени кылайын сөз болбоду. Муну угуп эл катарында отурган Акбаев мыйыгынан күлдү, эсине бирги

Эсендин айтканы келди: «...биз өз милдетибизди аткаруудан мурда чабарманга окшоп жатабыз: «тиги чарбага бар, бу чарбага бар, аны билип кел, муну билип кел». Мына биз ушул гана буйрукту аткарабыз. А ошо өзүбүз барган чарбада эменени бүтүрүш керек, аны менен ишибиз болбойт». Акбаевдин бул оюна ич-ара туташып тургансыды, аны угуп отурган обкомдун биринчи секретарынын ою да. Анда-мында блокнотуна көз чаптырып коюп анан жатка шакылдатып жаткан Жетигеновду ары токтоо, ары ойлуу карап турган эле Жацыбаев.

Жетигеновдон кийинки сөз алдыцкы чабан — Жумашовго берилди. Отурган ордунан көпшөлө турган, долдойгон кызыл жигит капыстан өз атын укандан апкаарып калды-бы, тула-бою тоцуп тургандай кожое кармаган кагазын бет алдына жайды эле бырышкан барак сууга түшкөндөй калкылдай калды негедир. Шадылуу да карылуу манчалар калтырап, ымпыш туруптур. Алдына жайган кагазынан мурда анын көзү ошо өзүнүн тер басып, калтырап турган манчасына түштү. Анан, анын желге тийген жалбырактай дир-дир эткен үнү чыгып келатып токтоду:

— Ме... ме...

— Хи! Кудай урбадыбы! Хи-хи! — «Ме» дейби?

— Чүщ! Кое турчу?! — деп тыйды аны бирөө,— угалы да не десе да?

Жылаажын шыцгырап, шыбыр-күбүр басыла калды.

Бырышкан кагазын алаканы менен сылап, азыр ошо кагаз бетинен бирдеме таба албай жаткансыган чабандын калтаарыган үнү кайра угулду:

— Ме... мен ө... озүмө... бек... беки... бекилип... бекитилип... бе-ри... бер-ил-ген бе... беш... беш жүз... туб-тубар ко... кой-дун... ар... ар бир... — деп эжелеп окуган чабанга залдагылар жылмая карашты.

— Ар... ар жүз... жүзүн... жүзүн-өн жүз... элү-үү-дөн... коз... коз-у... — ушинтип ар бир сөзүн эжелеп окуган алдыцкы чабанды тиги президиумда отургандар тили жацы чыккан балага кызыккандай карап отурушту. Жазып берген ар бир сөздөн чоочуркап, аптыгып жатты алдыцкы чабан. Өзгө эмес, күнү-түнү өз оозунда турган: «кой», «козу» деген сөзгө да мукактанып, ошо «кой, козуну» да биринчи сүйлөп жаткансып эжелеп жатты. Алдыцкы чабан ушул азыр жылтыраган залында эмес, мончодо тургандай көл-шал. Кызыл бети ого бетер манат болуп, жаагынан тер шорголоп, устара менен тасырайта кырылган башынан көк буу көтөрүлдү. Улам токтоп, токтогон жеринен кайра шар окуй албай мууну, кайра токтоп жатты: — Ар... ар... бир ба-баш... ко-кой-

чачылып кетпесин дегендей кынаптап, бүчүлөдү да бу бет алдындагы элге бир баш көтөрүп карап койбой, ансыз да түптүз турган жакасын түзөп, галстугун кайра да бир оңдоп, эмгегине жабышкан суюк чачын кайра бир тарап, сыланып алган соң, трибунадан зыкыя түшүп баратты.

Республикада болуп өткөн пленумдун жыйынтыгына карата эки маселе талкууланмак: биринчиси, областагы мал толдөтүүнүн абалы, экинчиси, кош айдоо компаниясынын жүрүшү жөнүндө. Доклад мына ушул мазмунда болууга тийиш эле, а чынында ошо өткөн пленумдун докладын бурбай-тербей туруп кайра окуду. Муну угуп отургандар бир айтканын улам кайталай берген маңызды уккандай болушту.

Кишилер көңүлсүз. Жарыш сөзгө аралдан-зорго эки-үч киши катталган экен. А деп, соз алган облисполкомдун кызматкери — Жетигенов а дегенде эле азыр Айдаралиев жазган докладга токтолуп: анын эң жогорку деңгээлде жасалганын айтып, ачык мактоого өттү. Ушундан кийин областта жана областтык аткаруу комитетинде иштин жүрүшү мыкты экенин белгилеп келип,— тилекке каршы,— деп улады ал сөзүн,— ушундай ийгиликтерге карама-каршы турган иштеги кемчиликтерибиз мына бул: областтыбыздагы айрым райкомдор өзүнө караштуу чарбалардагы парткомдун ишине пачар контролдук кылып жатышат. Мына ошо айрым райкомдордун контролдугунун пачарлап кетишинен, районго караштуу айрым колхоздордун партиялык уюмдарынын иши өксүп жатат. Алсак, айрым чарбалардын партиялык уюмдарында эки-үч ай бою чогулуш өтпөгөн, агитаторлордун дайыны жок, үгүт-насият иши пачарлап кеткен. Колхоз, совхоздогу коммунисттердин арасында ичкиликке берилүү орун алган.

Жетигенов жапынан алган блокнотуна гапа көз чаптырып коюп анан жатка шакылдатты. Жетигеновдун сөзүнө карагапда бул өзү эч бир тыңымсыз иштеп жаткан кызматкер сыяктанды. Ишинин мазмуну: райондон-районго, анан колхоздон — совхозго тынбай кыдырып, алардын кемчилигин кыцыр-кыйшыгын гапа издеп, анан мына ошо өзү издеп таап алган кыцыр-кыйшыкты токтоосуз ала чаап келип, обкомго, облисполкомго гана айтып туруу эң негизги милдети экенин билдирип өттү бул. Ал эми партия уюмундагы кемчиликтердин, анын ишиндеги өксүктөрдүн себеби эмпеде экенин, андай кемчиликтерди кетирбөөгө эгер кеткен кемчилик болсо аны жоюшка кандай чара колдонулганы же колдонуу керек экени кылайын сөз болбоду. Муну угуп эл катарында отурган Акбаев мыйыгынан күлдү, эсине баягы

Эсендин айтканы келди: «...биз өз милдетибизди аткаруудан мурда чабарманга окшоп жатабыз: «тиги чарбага бар, бу чарбага бар, аны билип кел, муну билип кел». Мына биз ушул гана буйрукту аткарабыз. А ошо өзүбүз барган чарбада эменени бүтүрүш керек, аны менен ишибиз болбойт». Акбаевдин бул оюна ич-ара туташып тургансыды, аны угуп отурган обкомдун биринчи секретарынын ою да. Анда-мында блокнотуна көз чаптырып коюп анан жатка шакылдатып жаткан Жетигеновду ары токтоо, ары ойлуу карап турган эле Жаңыбаев.

Жетигеновдон кийинки сөз алдыңкы чабан — Жумашовго берилди. Отурган ордунан көпшөлө турган, долдойгон кызыл жигит капыстан өз атын уккандан апкаарып калды-бы, тула-бою тоңуп тургандай кожое кармаган кагазын бет алдына жайды эле бырышкан барак суугa түшкөндөй калкылдай калды негедир. Шадылуу да карылуу манчалар калтырап, ымшып туруптур. Алдына жайган кагазынан мурда анын көзү ошо өзүнүн тер басып, калтырап турган манчасына түштү. Анан, анын желге тийген жалбырактай дир-дир эткен үнү чыгып келатып токтоду:

— Ме... ме...

— Хи! Кудай урбадыбы! Хи-хи! — «Ме» дейби?

— Чүщ! Кое турчу?! — деп тыйды аны бирөө,— угалы да не десе да?

Жылаажын шыңгырап, шыбыр-күбүр басыла калды.

Бырышкан кагазын алаканы менен сылап, азыр ошо катаарыган үнү кайра угулду:

— Ме... мен ө... озүмө... бек... беки... бекилип... бекитилип... бе-ри... бер-ил-ген бе... беш... беш жүз... туб-тубар ко... кой-дун... ар... ар бир... — деп эжелеп окуган чабанга залдагылар жылмая карашты.

— Ар... ар жүз... жүзүн... жүзүн-өн жүз... элү-үү-дөн... коз... коз-у... — ушинтип ар бир сөзүн эжелеп окуган алдыңкы чабанды тиги президиумда отургандар тили жаңы чыккан балага кызыккандай карап отурушту. Жазып берген ар бир сөздөн чоочуркап, аптыгып жатты алдыңкы чабан. Өзгө эмес, күнү-түнү өз оозунда турган: «кой», «козу» деген сөзгө да мукактанып, ошо «кой, козуну» да биринчи сүйлөп жаткансып эжелеп жатты. Алдыңкы чабан ушул азыр жыйналыш залында эмес, мончодо тургандай көл-шал. Кызыл бети ого бетер манат болуп, жаагынан тер шорголоп, устара менен тасырайта кырылган башынан көк буу көтөрүлдү. Улам токтоп, токтогон жеринен кайра шар окуй албай муунуп, кайра токтоп жатты: — Ар... ар... бир ба-баш... ко-кой-

дон... тө-төр-төрт... кил-кила-г-ирам ... алт алты ... жүз... гир-гирам-дан... жүн... жүн алуу... алууга... — деген жерде эл арасынан бирөө ачык, капаатанып кое берди:

—Э! Жүн албай кара жерге кир! — деди эртеден бери тиги алдыңкы чабандын өзүнөн-өзү муунуп, какап-чакап атканына араң түткөн киши акыры чыдамы кетип,— «жүн алам» дейт дагы! Өзүң жүнгө түшкөн кенедей экенсиң!

— Чүщ! Тынчтангыла? — Бул үндү коштоп, жылаажын шыңгырады.

Алдыңкы чабандын мукактанып, эжелеп окуганы дагы далайга кетти.

— Эк, кокуй, ай, э!

— Мындан шарырак окуган чабан жокпу?

— Эң алдыңкысы ушу тура.

— Ээ, алдыңкы болсо жаттап албайбы чабандын айтаарын.

— Эмне кыйнады, бу сабатсыз бечараны?

Азыр, тиги алдыңкы чабанды ачык какмалаган үндөр басылып, кайра да күбүр аралады отургандарды. Айтор, өзүнө жазып беришкен эки барак кагазды окугуча коюн айдап, эки бийик дабан ашкандан катуу кыйналды чабан. Аңүстүнө бу залдагы күбүрдү кулагы чалып, окуп жатканы элге жакпай калганын туйган алдыңкы чабан, баягыдан бетер сүрдөп, өз сөзүнө какап-чакай эле берди:

— Ме-мен... өз-өзүм-дүн... кар-кара-магым-дагы кой-дун... ба-баш-ын... аман сак-сактап... өзүм-өзүм-ө... ал-ган... жок! Мил-дет-тенген... ашык... ашыгы мен-менеп... мил-мил-дет-тен-гем... мил-милдет-теп-мем...

Айтор, ар бир сөзүнө чалынып, жыгылып атып, араң дегенде аягына чыкты да эки жаагынан салаалаган терди арчышка шайманы келбей жатты...

Обкомдун биринчи секретары — Жаңыбаевден баштап, тиги президиумда отургандар бет алдындагы элди карабай азыр сүйлөгөн чабан үчүн уялгапынан жер карашты. Бир тынымдан кийин ордунан турган Жаңыбаевдин сууктан бүткөн үнү араң чыкты:

— «Кара-Ой» колхозунун партуюмунун секретары барбы, мында?

— Бар! — деп үнү менен кошо тура калган, бою жапалдаш, арык кишинин тостойгон көзү көрүндү залдагыларга.

— Бу, алдыңкы чабанга сиз жазып бердиңиз беле сөздү?

— Ооба, тиги башкы зоотехник экөөбүз...

— Болуптур,— деди Жаңыбаев.

Дагы эки кишинин сөзүнөн кийин жарым саат дем алуу жарыяланды.

Дем алуу убагында а деп эле, Айдаралиевге кайрылды Жаңыбаев:

— Ушундай да доклад жасайсызбы?

— Жаныш Жаңыбаевич! — минтип күлүмсүрөгөн Айдаралиев, адатынча сыланып, боо-башын түзөй берди да актана кетти. — Мен бу докладды өзүңүз жасайт экен деген элем да, анан ошону үчүн...

Жаңыбаев бет маңдайындагы Айдаралиевди тааныбай тургандай карап унчукпады. Бул жыйындын бүгүн өткөрүлөрүн мына бүгүн кокустан уга калгансып, мунун талымсыганына таң калды обкомдун секретары. Доклад күн мурун дайындалмак, Жаңыбаевдин ооруп жаткандын көрүп-билип турган.

Ушундан кийин алиги алдыңкы чабан — Жумашев иштеген колхоздун председатели менен парторгун чакырып сөзгө алды секретарь:

— Бу, Жумашев качантан бери кой багат?

— Көп болду.

— Көп жылдан бери,— председатель менен парторг жарыша жооп беришти эле, Жаңыбаев бүтө калган тамагын зорго чыгарып минтти:

— Кха-а! Ошондон бери ага силер кой багууну да кагазга жазып берип турасыңарбы?

Парторг менен председатель бирин-бири алдыртан карап унчукпады. Обкомдун секретарынын сөзүнүн төркүнүн экөө тең түшүндү.

— Жумашевдин көп жылдан бери койдо экени ырас болсо,— деп улутунду обкомдун биринчи секретары,— аны кандай багууну силерден сурабасы да ырас. Демек, ошо өзүнүн көп жылдык тажрыйбасынан бир-эки ооздуу силер жазып берген кагазсыз эле сүйлөп бере алат эле го?.. Тигилерди карап, саал токтогон обкомдун секретары алардан сөз чыкпасын билген соң минтип улады: —Эмесе, мындай сүйлөшөлү? Ушундан ары бул жазып бермей адатыңарды таштагыла! Малчыбы, же дыйканбы өзү иштеп жаткан иши, өз тажрыйбасын, кыйналбай-кысталбай, өз сөзү менен гана айтып бергидей болсун. Анан,— деди бу дем алуу убагында өзү тегеректеген обкомдун, облисполкомдун аппаратына, райондун айрым чарбаларынын жетекчилерине карап:— сөз алгандардын сүйлөөр убагы белгиленсин. Негизги каралып жаткан маселеден четке чыгып кетүүчүлөр, ашык сүйлөөчүлөр, мурда айтылганды кайталоочулар болбосун. Убактыны туура, так пайдаланалы. Ансыз да убакыт зарыл.

Чогулуш уланарына дагы он-чакты минут бар эле. Таймеки тартып, топтошуп сүйлөшкөн кишилер али залдын

тышында болчу. Обкомдун биринчи секретарынын айткандын көңүлүнө түйүп, жыйындын жүрүшүнө өзүнчө ой жүгүртүп, тышта ары-бери басып турган Акбаев ушул жыйында өзүнүн да сүйлөрүн эстеди, эстеди да эмне айтарын ой элегинен өткөрдү: биринчи, мына бүгүнкүгө чейинки жалпы райондун абалы, ишти жолго коюунун чаралары, кадр маселеси, жер сарамжалы, аны өздөштүрүүнүн ыгы. Анан... — деп келаткан мунун ою үзүлүп кетти. Мунун оюн үзүп кеткен тиги бет мандайынан басып келаткан улгайган киши эле: далысы эциштеп, көгала чачы жыдып, мандайы кашкайган, көзү шилисинен кайнаган, арыкчырай, кара кишиге мунун көзү чалына түштү да кандайдыр дирт этип, чочуп алгансыды... Ал кишини кадала карап калды, бирок, оозуна сөз кирбеди, учураша да албады. А тиги киши болсо Акбаевге кайдигер гана көз кырын таштап, бейтааныш кишинин биринден өтө берди. Бейтааныштыбы? Акбаев өтө берип, кайра бурулду. Жок! Жок бул... Акбаев ушу тапта өзүнчө уйгу-туйгу болуп, өзүнчө дүрбөлөңгө түштү. Тиги кишинин артынан бурулган калбында аны делдее карады: «Ошобу? Ырас эле ошо кишиби ыя?» Ушинтип өзүнөн сурады, ким билет? Ал киши быякта иштерин уккан жок эле. Андан бери... Акбаев ушинтип келатканда коридордон жылаажын шыңгырап, элди залга чакырды.

Эл жыйын залынан орун алып жатканда Акбаевдин көзү алиги кишини издеп жүрдү. Ал киши бу Акбаевдин оң тарабында — тээ, терезе жакта экен. Жанындагыга бурула сүйлөгөн анын: бырыш каймактаган мандайы, бырыш желеленген көзүнүн айланасы, кара-күроң тартып, шимилген жаагы менен уурту да даана көрүнүп турду. Бир тыпымга бүшүркөй тиктеген Акбаев дал ошо киши экенин эми аныктап, тааныды.

«Өзү! — ичинен ушинткен Акбаев ошо кишини карап турган калыбында жүрөгү дикилдеп, өзүнө-өзү айтты: — Күлүмкан! Күлүмканымдын атасы! Бирок, көп өзгөргөн экен. Карып калган экен. Анда... чачы көмүрдөй, өзү да чымырынан келген каратору киши эле. Азыр өзгө түгүл, көзү да кишини чарчаңкы, тунарыңкы карайт. Ал кезде мунун өткүр тегерек көзү кишини теше карачу эле...» Акбаев ушу эстеди: өткүр тегереек көз муну бир теше тиктеп алып, анан, колундагы баракты ачкан бойдон калган. Ошондон кийин көргөнү ушул. Канча жыл болду? Канча убак өттү деги андан бери? Анда кырк биринчи жыл... Мына эми алтымыш биринчи жыл... Жыйырма жыл! Ушу жылдар ичинде эмне деген окуялар баштан өтпөдү... Согуш... жер үстүндөгү

адамзат башына келген согуш алааматы... Ошо согуш чыккан жай айы. Ошо согушка жөнөрдөгү жаандуу түн... Күлүмкан күттүргөн түн... Чырагы күйүп турган Күлүмкандын кош терезеси... «тык-тык-тык!» Ошо терезени жаанга аралаш черткен өзү. Ошо терезеден жаан аралаш чыккан мына ушул кишинин үнү: «Сен ким, ооп?!» — ушинтип саал тына калган үн бери терезе жакка келаткан: — «Бу ким өзү?!»

Терезе түбүнөн жылт коюп, тамды айлана качкан бул ошондо. Ошо тамды айлана качкан бойдон, ошо тамды кайра сагаалаган жок Адыл. Чырак күйгөн кош терезени да ошо терезеден жарк эте калчу Күлүмканды да кайтып көрбөй, жаандуу таң менен кошо согушка жөнөп кетти...

Акбаев саал тым боло калып, анан, кайра кыял сүрүп жатты: «Согуш бүткүчө кат албадым. Андан кийин да кабарың чыкпады. Күкөнүм!.. Деги барсыңбы?.. Кайдасың анда? Анда небак, турмуш кургандырсың? Эбак, бала-чакалуу, бир үйдүн куттуу шаары болгондурсуң? Балдарың эбак, бой тарткандыр? Кимге окшош экен балдарың? Өзүңөбу же атасынабы? Кур дегенде ошо өзүңө окшош балдарыңдан биреонү көрсөм?.. — минткен бул кыялында саал кымыңдап койду. — Жыйырма жыл бою дарегиң чыкпады эле, акыры ушу бүгүн билермин.

Кантсе да атаңа жолугуп, ыгын таап, атаңан сурап калбасам... Ушул областта экен го атаң? Атаң эми баягыдай ачууланбай жай сөзгө келер болсо, андан берки өз таржымалымы: үйлөнгөнүмү, бала-чакалуу болгонуму, иштеп жүргөнүмү жай баян этермин».

Ушул кыялында жорткон Акбаев тиги Күлүмкандын атасынан көзүн албай, эми анын жанындагы бош орунду көрдү да ошол орунга акырын туруп жөнөөрүндө президиумдан чыккан үн муну ордуна токтотту:

— Жыйналыш улантылат. Азыркы соз облисполкомдун айыл чарба бөлүмүнүн башчысы — жолдош Каптагаевге берилет.

— Оу, Каптагаев эми, жаагын жанат экен!

— Какшайт дебейсиңби!

— Муну токтотуш кыйын эми.

— Кайран гана кургак чечен!

Кишилердин минткенинин жөнү бар. Бу Каптагаев сүйлөбөй калган жыйын болчу эмес. Кээ бир жыйындар эрте бүтө калса тарап бараткан кишилер күнк-манк тамаша таштай кетишчү: «Бу бүгүн Каптагаев жок го ыя?» «Ал көрүнгөн жок». «Ошондой, болбосо ал түп ортосуна алпарат эле». «Ээ, анын болбой калганы да ырас болду».

Аппаратта көп жылдан бери иштеп, жыйын сайын кургак сөзү менен тажаткан аны билгендер: «Каптагай-чакчагай» аташчу.

Кара күрмөсүнүн оң чөнтөгүнө кол сала, кампая басып барган Каптагаев трибунага чыкканы эле болбосо, андан обочо турду. Трибунага жакындаса булганып калчудай болгон ал, трибунаны сол колунун башы менен гана сүйөнүп койду да залда отургандарды манчыркай карап үн катты:

— Жолдошто-ор! Биздин областыбызда айыл чарбасы, анын ичинде кой чарбасы башкы орунда-а! Кой чарбасы-ы бизде-е, кирешелүү тармак, жолдоштор!

— Мына, окутмак болду!

— Койдун кирешесин эл билбейт дейби бул?

— Кой чарбасы кирешелүү тармак болгон соң, жолдоштор! — Каптагаевдин бакылдагы кобур-күбүрдү басып кетти. — Кой чарбасынын мындан ары дүркүрөп өсүшү, тоют даярдоонун көлөмүн арттырууну талап кылат. Кха-а! — тамагын жасап алган Каптагаев ар бир сөзүнө «жолдоштордуу» тиркеп жатты. — Жолдошто-ор! Чөптөрдү сенаждоого орчун көңүл бурулсун! Сенаж деген, жолдоштор, жогорку сапаттуу тоют деген сөз жолдошто-ор! Ошондуктан жолдошто-ор, сенаждарды даярдоону колхоз, совхоздордун өндүрүшүнө толук киргизүү керек!

Андан кийин жолдошто-ор, тоюттарды коромжу кылбай, тоюттарды коротпой, ысырап кылбай, абдан тыкандык менен малга жеткирип туруу керек жолдошто-ор! Тоюттун мол камдалышы жолдошто-ор, кой чарбасынын жана ошондой эле коомдук малдын башынын өсүшүнө жана мал чарбасынын продуктуулугунун жогорулашына алып келерин унутпагыла!

Минткен Каптагаев жарыш сөзгө чыгып, жайынча сүйлөбөй эле, майрамда сереге чыгып алып ураан окуп жаткансыды:

— Жолдошто-ор! Кой чарбасы — бул кирешелүү тармак! — деди кайра да. — Кой бизге — эт берет, жүн берет!

— Капырай! — деген мыскыл угулуп калды залдан. — Эт менен жүн койдон экенин билчү эмес элек, бу ырас түшүндүрбөдүбү!

Президиумдан жылаажын шыңгырады. Каптагаевдин «урааны» кайра жаңырып турду залда:

— Ошондукта-ан жолдошто-ор, койлорго жылуу жана жакшы салынган сарайлар керек! Койлор ачык короодо бүгылганча үстү жабык сарайларда багылса-а, жүнду, этти көп берет жолдошто-ор!

Ирени суз тартып отурган обкомдун биринчи секретарынын бүркөө кабагын көрдү Акбаев. Каптагаевдин сөзүн тозмологон үндөр мына:

— Баягы сөзү да...

— Он жылдан бери ушуну кыйкырат.

— «Кой бизге эт берет, жүн берет!»

— «Кой киришелүү тармак!»

Каптагаев дагы узак сүйлөйт беле, элдин үнү аны тозуп турду.

Жылаажын шыңгырады. Зал тынчый түштү. Президиумдан үн угулду:

— Кана, жарыш сөзго, жарыш сөзго? ...Ии, соз жолдош Жумаевге берилет «Т» районундогу «Достук» колхозунун ветврачы.

Шыңга бойлуу жигит секиге чыгып барды. Бели кындыйган, кубакай, арык жигит ушу залда отургандардын баарынын кичүүсү сыяктанат. Бул кызматкер эмес эле окуу жайынын студентиндей көрүндү. Саал ууртун жыя жылмайган калыбында бет алдындагыларды караган ал улуу кишилерден ыйбаа кылып, шар соз баштоого батына албай турган-сыды. Чөнтөгүнөн сары тыштуу блокнотун алып, аны ачкан бойдон тим турду. Ал өзүн караган көздөрдөн сүрдөп, оозуна сөз кирбей калгандай көрүндү. А чындыгында залда отургандардын айрымдары мунун эмне сүйлооруп анча этибар албай, анчейин ойноо баланы көргөндой.

— Мен «Т» районундагы «Достук» колхозунда башкы зоотехник болуп иштегениме мына эки жыл болот,— деп баштады.

— Ии, ананайын! — деди отургандардын бири шыбырап,— окуусун жаңы эле бүтүп келген экен. Эне сүтү оозунан кете элек тура.

Жылаажын шыңгырап, зал тынчыды.

— Ошо эки жылдан берки,— деди Жумаев сөзүн улап,— чарбанын абалын, өзүмүн иштеп жатканымды, кетирген кемчилигими бүт айтып отурууга убакыт жок. Иштин майнабын мезгил көрсөтөр, ийгиликтин да кемчиликтин да сынчысы— мезгил. Эки жылда, эки эмес, бир жылда, а түгүл, жарым жылда бир кишинин бүтүргөн ишин, жө бүтүрбөгөнүн санапка кыйла убакыт керек көрүнөт... — Жумаевдин сөзүн ушул жерден жылаажындын шыңгыры үздү. Жылаажынды баскан бойдон Жумаевди акырая карады Айдаралиев:

— Жолдош Жумаев! Майдалабай кыска сүйлөчү! Бу жерде отуп жаткан конференцияга байланыштуу, байланыштуу гана эмес, түздөн-түз тиешелүү сүйлө! Сүйлөр сөзүңүн текстй барбы? Ошону окуп бер! Анан, андан четке чыкпа!

Өзүң жаш туруп, качап болсо майдалап, кайдагы бирдемелерди быжыратып!.. — ушиптикен Айдаралиев адатынча жака башын ондоп, куйкасына жабышкан чачын сылай тарап, туура башкардымбы дегенсип, элди карап, өзүнчө койкондоп алды. Обкомдун биринчи секретары Айдаралиеге көз кырын таштап, анын бул орунсуз какмалоосун жактырбады. Трибупадагы Жумаевди жактай карап башын ийкеди:

— Сүйлөй бериңиз.

— Ошондуктан, — деди саал ыңгайсыз боло калган Жумаев, тиги Айдаралиевди бир жалт карап алып, токтогон жеринен сөзүн улап,— мына ушул эле айдын ичиндеги иштеген ишти... жо-о, чынында... — миптип кичинекей сары блокнотун ачкан бойдон токтоп, бул элден кечирим сурагандай болгон жаш жигит: — ...иштеген иш да эмес, жазган күндөлүгүмдү окуп берип, сиздер менен пикир алышсам деймин?

— Мына кызык! — Айдаралиев эки алаканын жая, кумсаңдады. — Айтпадымбы! Майда сүйлөйт, бирдемелерди бысжылдайт дебедимби! А сенин күндөлүк-мүндөлүгүңүн кереги эмне ыя бул элге?!

— Жолдош Айдаралиев! — деди обкомдун биринчи секретары,— бөлбөйлүчү сөзүң? Сүйлөй бериңиз жолдош Жумаев?

— Бул күндөлүктү мен бир кыйындыгыман жазып отурган жокмун,— Жумаев кичинекей блокнотун тиктеди.— Ар бир кат тааныган киши оз күндөлүк тирилигин жаза жүрүүгө кудурети жетет. Бирок, ал турмуштагы оз ордун баамдай алдыбы? Күндү эмпе менен баштап, эмне менен бүтүргөнүн, кыскасы, күндө бүтүргөн ишин салмактап көрүп, бүтпөй калган ишин сын көзү менен карап, анын бүтпөгөн себебин таба алдыбы? Мына кеп ушундабы дейм? Күндөлүктүн милдети да ушундабы дейм?

Мына, мен ушул айда эмне бүтүрдүм? Эмпе бүтпөй калдым? Кандай болгондо иш алга кетмек? Эгер ишимди артка тартууга себепчи өзүм болсом, аны каптип алга жылдырууга кеңеш бериңиздер? Ошентип, орой-көз-чарай баарыңыздарды калыс коюп, күндөлүгүмдү окуюн...

Зал жым-жырт боло түшүп, кишилердин көзү буга суроолуу жамырады. «Ал эмне деген күндөлүк экен?» ар биринин өңүндө мына ушул бар эле. Мындан мурда бул жигиттин сүйлөгөнүн угушкан эмес, бу залда отургандардын көпчүлүгү мунун сөзү түгүл өзүн да тааныбайт экен.

Областтагы болгон мындай жыйындарда омоктуу сөз сүйлөп, очор-бачар орун алган белгилүү кишилердин көбү көзголо электе тыяктан чыга калды бул бала. Жарыш сөзге

чыгарын чыкты го, эми адатта сүйлөнө турган сөздөн баштабай: «күндөлүгүмдү окуйм» деген эмнеси? Деги ал эмне деген күндолук экен? Кишилердин оңүндө бура-тере эч нерсе жок, ушул гана ой турган блокнотун окуп кирди Жумаев:

1-март, 1961-жыл.

Мына, жаздын биринчи күнү. Бирок, биздин өрөөндө али жаз белгиси көрүнө элек. Тоолордо кар каш кайтара элек. Мал жайытка чыккыча али көп бар. Бүгүн мында болуп, эртең кыштоого — туут оторлорго чыгам.

...Бирок, мен ойлогондой болгон жок. Районго райондун борборунда болө турган райкомдун пленумуна чакырык келди. (Пленум мүчөсүмүн). Пленумга катышып, экинчи күнү кайттык. Эки күнү иштен калдым.

3-март, 1961-жыл.

Кыштоого бүгүн келдим. Кар калың. Суук. Чабандардын айрымдары отундан жутап, кээлеринин уну түгөнүп калыптыр. Эртең жакага жетип, отун, ун жеткирүү керек.

Жакага келип буларды дайындап жүрсөм райондук кеңешмеге чакырылдым. Ага: агрономдор, механиктер, инженерлер, баштапкы партия уюмунун секретарлары, совхоздордун директорлору, колхоздордун председателдери түгөл чакырылды да райборборго кайра көчө жөнөдүк...

6-март, 1961-жыл.

Кыштоого кайра жөнөгөнү жатсам, бүгүн сельсоветтин сессиясы башталат экен. Чабандарга дагы калп болдум. (Аларга ун, отун али жетпей жатат). Ошентип, сессияга катышып калдым. Мында дагы эки күнгө айланабыз да...

8-март, 1961-жыл.

Бүгүн эртеден бери шофердун артынан жүрүп, бир машина дайындап, ун алып, кыштоого жөнөгөнү жатсам, колхоздун партиялык чогулушу мына бүгүндөн калбай өткөрүлөрү айтылды. Кыштоого кайсы чабандарга ун жеткирип келерин шоферго дайындап, өзүм кайра да чогулушта калдым.

9-март, 1961-жыл.

Эртең таңынан кыштоого кетишим керек. Койлор гүү төгүп жатат бу күндө... Ар отордо ар ферманын зоотехниктери жүрөт. Дары-дармеги жетиштүү бекен? Төлдө өлүм жок бекен? Чабандардын абалы кандай экен?

Ошентип, таңынан кыштоого камынып жатканымда эртең районго жөнөөгө чакырык келди. Райсоветтин сессиясы болот экен. Кыштоого барарымда кайра да жыйын... Эртең менен районго жөнөдүм.

12-март, 1961-жыл.

...Түндө түнү менен кар жаады. Таң ата электе аттандым да кар жиреп отуруп кыштоого келдим. Кайра да оор түшүп салган карды көрүп, чабандардын ыманы-заман. Чабандар үй-бүлөсү, сакмандары менен кирпик какпай, туут үстүндө. Козуларда ылаң бар экен. Эми күнү-түнү менен туут үстүндө болуп, бардык аракетти жумшап, төлдү аман сактап калуу керек. Күнү-түнү менен карап, уйкуну унутуу керек.

Чечинип салып, жаңы эле ишке кызуу киргенимде башкарманын бир мүчөсү кайра чакырып келди. Эртең райкомдо бюро болот экен. Биздин чарбанын иши каралат экен. Мындагы иш калды, мен шашылыш районго жөнөп кеттим.

15-март, 1961-жыл.

...Райкомдун бюросунан жаңы кайтканда, мына бүгүн бул жерде областтык партиялык активде отурабыз. Эми мындан барарыбыз менен өзүбүздүн баштапкы партиялык уюмдун чогулушу болот. Обкомдогу чогулуштун жыйынтыгын талкуулайбыз. Ушул эле жуманын ичинде райондо сөз-сүз бир кеңешме өтөрүнө ишенем.

Ошентип, биз жаз жарышы башталганы, туут компаниясы күчөгөн бул айдын ичинде жыйналышта эле жүрөбүз. Айтор, өзүм ушул айда бир да күн толук иштей элекмин. Жыйындан-жыйынга чаап жүрөм.

Албетте, бул жыйындардын максаты: ишти илгерилетүү, кемчиликтерди жоюу, өндүрүмдүүлүк, сарамжалдуулук, ар таралтан жакшыртуу жөнүндөгү маселелер экени белгилүү. Бирок... бул жерде, «бирокко» такалып калабыз. «Жакшырталы», «оңойлу!» «илгерилетели» деген сөздөргө толгон жыйындарга катышууга эле кетет экен, убагыбыздын көбү. А качан илгерилетебиз ошо артка кетип жаткан ишти? Качан оңойбуз бузулганды? Качан жакшыртабыз кээринен кеткенди? Же?.. — деген Жумаев залдагыларды кыдырата карап, алар менен кеңешип тургансыды. Блокнот-күндөлүгүн жаап, чөнтөгүнө салып алган эле.

А дегенде муну баласынтып, «атаа, ушу сага сүйлөгөндүн кереги эмне?!» — дегенди өндөрүнөн көргөзүп, тоотной отургандар эми буга сестее карашты: «Капырай! Балакет го

бу бала?!» алиги күбүр-шыбыр тып басылды. Зал ичинен чымын учса угулгудай.

Жумаевден көзүн албай, анын сөзүнүн ар бир тыбышын текке кетирбей тыңшаган Акбаев, абдан канып отурду. Жумаевдин азыр айткандары Акбаевдин да жүрөгүн өйүп жүргөн эле. Чыгып сүйлөгөндө өзү да мына ушул иштен алагды кылып жаткан көп жыйындар жөнүндө айтмак.

«Азамат экенсиң, бала! — деп койду Акбаев ичинен. — Баса, бул да жүйөөлүү сөз эмеспи.»

— Колхоздогу,— деп улады Жумаев сөзүн,— ар бир колхоздогу баштапкы партиялык уюмдун чогулушунан тартып, пленум да, партактив да, конференция да баары жабык өтөт. Сессияга да депутаттар гана чакырылып, депутаттар гана катышаары баарыбызга белгилүү. Ал эми сессия эмес эле, жөн-жай жыйындарга жетекчилер гана катышып, бирок, эл менен иштөө жөнүндө сөз болот, кеңеш берилет. Мына, орой көз чарай отурабыз, элден болүнүп, минтип чогулуп алабыз да эл менен бирдикте, эл менен ынтымакта, эл менен жакшы иштөө жөнүндө бири-бирибизди үгүттөп, бири-бирибизди ынандыра берүүдөн тажабайбыз. А көп учурда, чынында, элден далдада сүйлөшүп жатабыз го? Көп жыйындарда айтылган көп сөздүн өзүн иш жүзүндө, эл арасында эл менен эле иштей берсек, иштен эле алагды болбосок, иш чындап илгерилер эле? Күндө жыйын, күн сайын бири-бирибизди үгүттөө...

Мына, атайын күндөлүк жазып, ар бир числодо өткөн жыйынды санап өттүк. Ай сайын он беш, жыйырмадан жыйналыш болуп турат экен. А ишчи?.. Албетте, мен бу жерде жыйналыштын баарын жерип жаткан жерим жок. Жыйналыш белгилүү бир максатты аткарса, бизге айкын көргөзмө берсе, биздин көзүбүз жете албай, биз түшүнө албай жаткан иштердин көзүн таап бергидей болсо! Мына, ушундай жыйналыш керек эле эмес, зарыл! Жыйналыш бизге акылман, кеңешчи болсо... Анан, биз да жыйналыштан көргөзмө, буйрук күтүп отура бербей, өзүбүздүн пикирибизди, иштеги, өндүрүштөгү кетирген кемчиликтерибизди жашырбай ушул жалпы жыйындарда сындасак. Ишти кандайча алга жылдыруу жагын кеңири талкууга алсак? А биз антпей жатабыз. Кайсы гана жыйында болсун: мейли, колхоздогу партиялык баштапкы уюмдун чогулушубу, же сельсоветтеги сессиябы, же райондогу активби, мейли, мына бүгүнкүдөй областтагы конференциябы жарыш сөзгө чыккан жолдоштор жалаң гана жетишкендиктерди кагазга тизмелеп алышып, ошону гана өкүн берүү менен чектелебиз.

Ошентип, таңынан кыштоого камынып жатканымда эртең районго жөнөөгө чакырык келди. Райсоветтин сессиясы болот экен. Кыштоого барарымда кайра да жыйын... Эртең менен районго жөнөдүм.

12-март, 1961-жыл.

...Түндө түнү менен кар жаады. Таң ата электе аттандым да кар жирең отуруп кыштоого келдим. Кайра да оор түшүп салган карды көрүп, чабандардын ыманы-заман. Чабандар үй-бүлөсү, сакмандары менен кирпик какпай, туут үстүндө. Козуларда ылаң бар экен. Эми күнү-түнү менен туут үстүндө болуп, бардык аракетти жумшап, төлдү аман сактап калуу керек. Күнү-түнү менен карап, уйкуну унуту керек.

Чечинип салып, жаңы эле ишке кызуу киргенимде башкарманын бир мүчөсү кайра чакырып келди. Эртең райкомдо бюро болот экен. Биздин чарбанын иши каралат экен. Мындагы иш калды, мен шашылыш районго жөнөп кеттим.

15-март, 1961-жыл.

...Райкомдун бюросунан жаңы кайтканда, мына бүгүн бул жерде областтык партиялык активде отурабыз. Эми мындан барарыбыз менен өзүбүздүн баштапкы партиялык уюмдун чогулушу болот. Обкомдогу чогулуштун жыйынтыгын талкуулайбыз. Ушул эле жуманын ичинде райондо сөзсүз бир кеңешме өтөрүнө ишенем.

Ошентип, биз жаз жарышы башталганы, туут компаниясы күчөгөн бул айдын ичинде жыйналышта эле жүрөбүз. Айтор, өзүм ушул айда бир да күн толук иштей элекмин. Жыйындан-жыйынга чаап жүрөм.

Албетте, бул жыйындардын максаты: ишти илгерилетүү, кемчиликтерди жоюу, өндүрүмдүүлүк, сарамжалдуулук, ар таралтан жакшыртуу жөнүндөгү маселелер экени белгилүү. Бирок... бул жерде, «бирокко» такалып калабыз. «Жакшырталы», «оңойлу!» «илгерилетели» деген сөздөргө толгон жыйындарга катышууга эле кетет экен, убагыбыздын көбү. А качан илгерилетебиз ошо артка кетип жаткан ишти? Качан оңойбуз бузулганды? Качан жакшыртабыз кээринен кеткенди? Же?.. — деген Жумаев залдагыларды кыдырата карап, алар менен кеңешип тургансыды. Блокнот-күндөлүгүн жаап, чөнтөгүнө салып алган эле.

А дегенде муну баласынтып, «атаа, ушу сага сүйлөгөндүн кереги эмне?!» — дегенди өндөрүнөн көргөзүп, тоотной отургандар эми буга сестее карашты: «Капырай! Балакет го

бу бала?!» алиги күбүр-шыбыр тып басылды. Зал ичинен чымын учса угулгудай.

Жумаевден көзүн албай, анын сөзүнүн ар бир тыбышын текке кетирбей тыңшаган Акбаев, абдан канып отурду. Жумаевдин азыр айткандары Акбаевдин да жүрөгүн өйүп жүргөн эле. Чыгып сүйлөгөндө өзү да мына ушул иштен алагды кылып жаткан коп жыйындар жөнүндө айтмак.

«Азамат экенсиң, бала! — деп койду Акбаев ичинен. — Баса, бул да жүйөөлүү сөз эмеспи.»

— Колхоздогу,— деп улады Жумаев сөзүн,— ар бир колхоздогу баштапкы партиялык уюмдун чогулушунан тартып, пленум да, партактив да, конференция да баары жабык өтөт. Сессияга да депутаттар гана чакырылып, депутаттар гана катышаары баарыбызга белгилүү. Ал эми сессия эмес эле, жөн-жай жыйындарга жетекчилер гана катышып, бирок, эл менен иштөө жөнүндө сөз болот, кеңеш берилет. Мына, орой көз чарай отурабыз, элден болүнүп, миңтип чогулуп алабыз да эл менен бирдикте, эл менен ынтымакта, эл менен жакшы иштөө жөнүндө бири-бирибизди үгүттөп, бири-бирибизди ынандыра берүүдөн тажабайбыз. А көп учурда, чынында, элден далдада сүйлөшүп жатабыз го? Көп жыйындарда айтылган көп сөздүн өзүн иш жүзүндө, эл арасында эл менен эле иштей берсек, иштен эле алагды болбосок, иш чындап илгерилер эле? Күндө жыйын, күн сайын бири-бирибизди үгүттөө...

Мына, атайын күндөлүк жазып, ар бир числодо өткөн жыйынды санап өттүк. Ай сайын он беш, жыйырмадан жыйналыш болуп турат экен. А ишчи?.. Албетте, мен бу жерде жыйналыштын баарын жерип жаткан жерим жок. Жыйналыш белгилүү бир максатты аткарса, бизге айкын көргөзмө берсе, биздин көзүбүз жете албай, биз түшүнө албай жаткан иштердин көзүн таап бергидей болсо! Мына, ушундай жыйналыш керек эле эмес, зарыл! Жыйналыш бизге акылман, кеңешчи болсо... Анан, биз да жыйналыштан көргөзмө, буйрук күтүп отура бербей, өзүбүздүн пикирибизди, иштеги, өндүрүштөгү кетирген кемчиликтерибизди жашырбай ушул жалпы жыйындарда сындасак. Ишти кандайча алга жылдыруу жагын кеңири талкууга алсак? А биз антпей жатабыз. Кайсы гана жыйында болсун: мейли, колхоздогу партиялык баштапкы уюмдун чогулушубу, же сельсоветтеги сессиябы, же райондогу активби, мейли, мына бүгүнкүдөй областтагы конференциябы жарыш сөзгө чыккан жолдоштор жалаң гана жетишкендиктерди кагазга тизмелеп алышып, ошону гана окуп берүү менен чектелебиз.

Жумаевдин ачык-айкын да, эркин да сүйлөп жаткапы көпчүлүктүн купулуна толгону бу залдагылардын өңү-түсүнөн көрүнүп турду. Мунун сөзү бир гана, тиги Айдаралиевге жакпады. Мунун айткандарына куйкасы курушуп отурганы анын да өңүнөн даана көрүнүп турду: таноосу кыпчылып, өңү жанагыдан да кумсара түшкөн, анын чаары чыккан көзү Жумаевди улам алдыртан жекирип жатты. Жумаевди эле эмес, ал Жаңыбаевге да алдыртан көз таштап коюп жатты: «сүйлөсүн дейсиң, мына, акмактын келжиреген уккуң келсе! Саясаттан артта калган акмак! Партиялык жыйналыштарды сындайт! Мунун мына ушул келжиректиги үчүн кызматынан алып, партиялык жаза берип, а түгүл камап коюш керек эле! Жок, муну бу бойдон калтырышка болбойт, муну сөзсүз жазалоо керек. Кое тур, сени! Бешиктен белиң чыкпай жатып, партиялык жыйындарды сындап, бизге үйрөткүң келет экен, үйрөткөндү сага...»

Айдаралиевдин көзүнөн чаары чыгып, кумсандаганынан жалтанбай сөзүн улай берди Жумаев:

— Көп учурда өз чарбабыздагы жалаң жетишкендикти гана тизмелеп жазып алып, кагаздан көз албай аны окуп берүү мындай турсун, чоң жыйындарда жасалган докладдардын текстин бир тамгасын өзгөртпөй көчүрүп алабыз да ошону шатыратып окуй беребиз. — Ушул жерде Жумаев көз кырын таштады Айдаралиевге, ал бар ачуусун колундагы көк карандаштан чыгарып, өзүнүн агарган, ичке манчалары менен, ошо көк карандашты сындырчудай кыжынып отурган экен.

— Жолдош Айдаралиевди баарыбыз сыйлайбыз,— деп улай берди Жумаев сөзүн. Бу кишинин кеңешин дайым угабыз. Тапшырганын аткарабыз. Мына, бүгүн мында докладыбыздын тексти гана бурбай-тербей кайра окулганын баарыбыз уктук. Республикабыздын борборунда болуп өткөн пленумда каралган маселелер бизге кандай таасир калтырды? Ишибизге кандай көмөк көргөздү? Биз андан кандай жыйынтык чыгарып, ишибизден кеткен кемчиликтерди кандайча четтетип, ийгиликтерге баруу үчүн кандай аракеттер керек? Мына, ушул маселе талкууланышы керек эле го? А пленумдагы тексти гана кайра угуп коюу үчүн биз областтыбыздын чар-тарабынан алыскы райондордон келдик. Ал эми тыякта: ушу таптагы кош айдоо компаниясы, туут иш токтоп, иш аксап, иш бизди күтөт экен. Ал эми мезгил бизди күтпөйт эмеспи?! Маселен жаз жарышы... жергебизге

келип калган жаздын жумушу эмне, биздин жыйыныбыз менен? «Жыйналыштарын өткөрүп алышсын, анчыча күтө турайын» дебейт да жаз?!

Залда жандуу, күлкү аралаш кобур угулду:

— Баса, ырас да!

— Мезгил күтчү беле.

— Бу жыйында алдыңкы чабан сүйлөдү,— деп сөзүн улады Жумаев. — Ал кишини мен абдан жакшы билем. Анын көп жылдан бери чабан экени мындай турсун, ал эң татаал эмгек жолун басып келаткан адам. Ал жанагы кагазга бироолор жазып берген чоочун сүйлөмдөрдү мында эжелеп окуп бергенче, өзүнүн зор тажрыйбасын элкин сүйлөп берсе кызык болбойт беле? Ошол элкин сүйлөнгөн сөз баарыбызга керек эле. Мына, мен жаш ветеринармын, мындай сонун кишилерден үйрөнүүм сөзсүз керек. Алардын тажрыйбасы биз үчүн эң мыкты сабак.

Баса, мында баарын сыпдап сүйлөгөнүмдү кечиресиздер? Каптагаев аксакалдын сөзүнө да эки ооз кыстырма: «кой чарбасы — кирешелүү тармак, сепаж — жогорку сапаттагы тоют» — деди. Эмне, койдун кирешеси бизге түшүнүксүзбү? Сенаж деген кандай тоют экенин биз билбейбизби? Дегеле ушул маанидеги сөздөр ар бир жыйын сайын сүйлөнгөндүктөнбү кулактын сыртынан кетет да кайра эле баягы убакытты уттурабыз. Жыйналышта чыгып алып, жарым саат, бир саат бою, мына бу: «кой — кирешелүү тармак, сепаж — жогорку сапаттагы тоют» дей бергенде ошол сөздөн койдун кирешеси артабы да, сенаждын сапаты жогорулайбы?

Залда кайра да жандануу, күлкү аралады.

— «Тоюттун мол камдалышы, жолдошто-ор,— деди Каптагаев аксакал өз сөзүндө,— кой чарбасынын, ошондой эле коомдук чарбанын продуктуулугунун жогорулашына алып келет, муну унутпагыла!» — деди.

Баары жакшы, түшүнүктүү. Тоют мол камдалса, коомдук чарбанын продуктуулугу артат экен. А ошо тоютту капеткенде мол камдоо керек? Ал үчүн кандай аракеттер керек? Каптагаев аксакал баарыдан мурун бизге мына ушуну айтып берсе болбойт беле?

— Сен, бышыксыпба, балам! — дегени угулду Каптагаевдин,— көробүз сени да биздин куракка келгиче...

Жылаажындын шыңгыры ал үндү басты.

Зал ичин күлкү аралап, Жумаевдин сөзүн кубаттаган кол чабуу аны коштоду. Шырыктай, ичке бойлуу Жумаев трибунадан шып түшүп ордуна келатты. Көздөр ага жамыраң, ага ыраазылыгын билдирип турду.

Айтылган чындык ачуу болгону менен көнчүлүктүн ко-

нүлүндөгүсүн таба койгондуктан, анын жагымдуу жагы бар эмеспи. Бул активде отургандар түйшөлүп, дүүлүгүп калышты, жарыш сөзгө жарыша жазылышты. Жарыш сөзгө чыккандардын ар бири мына бүгүнкү областтык партиялык конференциянын мыкты өтүп жатканын белгилеп, а тиги ветеринар Жумаевдин айткандары чындык экенин: тынымсыз чакырылган чогулуштар ишке тоскоолдук кылып, андагы айрым кишилердин куру сөздөрү убактыны гана алып жатканын бу жерде жалтанбай ачык-айрым сүйлөштү.

Сөз сүйлөөгө элдин орто ченинде чыккан Акбаев а деген-де, өзү иштеген райондогу жалпы иштин жүрүшүн айтып келип, алдыдагы аткарар милдеттерди, көздөгөн максаттарды, мына аларга жетүүнүн, аткаруунун жолдорун кыйла айкын далилдер аркылуу ортого салды. Жыйналыштан-жыйналышка өтүп айтыла берчү айрым кишилердин куру сөзүн сынга алып, кетирилген кемчиликтерге мына ошол куру сөздөр көмөкчү экенин кыйытты:

— Биздин элибиз илгертен сөз кунун баалаган,— деди Акбаев,— мына ошону үчүн айтылса керек: «кол баштоодон — сөз баштоо кыйын» деген кеп? Сөз баштоочу кишини күтүп, нечен дубан чогулган топтор, жыйындар токтоп турган. Ошо топто, жыйында таасын айтылган сөз, калк арасынан кеткен жараканы бүтөп, элдин тагдырын чечип койгон. Мына, сөздүн куну! Туура сөздүү кишини атам-заманда ардактаган, элибиз. Мына, ошону үчүн айтылган го: «сөз келгенде айтпаса сөз атасы өлөт» деген.

Бүгүн, жолдош Жумаев туура сөз кылды. Майнапсыз көп жыйындардын ишке тоскоолдук этип, кишилерди өндүрүштөн алагды кылып жатканы тууралу анын жазган күндөлүгү жандуу күбө болду.

Ал ырас, ат тезегин кургатпай өтүп жаткан чогулуштар эле эмес,— деп сөзүн улады Акбаев,— ошо чогулуштардын өтүшү күнүгө текшериле берет. Өндүрүш кызуу жүрүп турганда, мына жаз жарышы убагында колхоз, совхоздун башкы партиялык уюмуна биздин райкомдордун, ал эле эмес, обкомдордун уполномочендери, инструкторлор биринин артынан бири барышат да тынымсыз текшере беришет. Алардын текшергени мына булар: совхоздо же колхоздо партиялык чогулуш кайсы күнү өтүп, кандай маселе каралды? Жарыш сөзгө көбүрөөк киши чыктыбы же азбы? Чыгып сүйлөгөндөрдүн сөзү тиркелдиби? Чогулуштун өтүшү жөнүндө токтом катасыз жазылганбы? Же айрым тамгалардан ката кетирилгенби? Анан фермаларда, бригадаларда газета окулуп берилип турабы? Газетаны ким окуп берди? Ошо газета окулуп жатканда канча киши катышып укту?..

Мына, атайын тынбай келип турган инструкторлордун көбүнүн иши ушул. Кагазга көчүрүлгөн сөздү баштан-аяк окугансып, алардын бир жактуу «текшерүүсүнүн» мазмуну да бир эле ушул маанайда. Парторгдордон мына ушул сөздөрдү тактап сураган алар куду бир эле типтеги анкетаны жүз ирет толтуруп жатышкансып, тажабай кайталай беришет.

Чогулуш болсо өтөрүн өтүп жатыптыр. Токтом да катасыз туура жазылыптыр. Бирок, ошо чогулуштан кандай майнап чыкты? Эмгекчилерге ошол чогулуштун таасири тийдиби? Ошол чогулуштан, ошол чогулуштагы каралган маселеден, айтылган сындан (Эгер сындалса?) кийин кандайдыр бир өзгөрүүлөр, ийгиликтер алга жылыш болдубу же мурдагы абалындабы? Колхозчулар, совхоздордун жумушчулары ошо жыйналыштан кийин жакшы иштегендери билинеби же жокпу? Ал жыйналыштын таасири тийип, өндүрүштө алга озгон адамдар барбы же жокпу? Өз ара мелдештердин абалы, жүрүшү кандай? Эгер мелдеш кызыган болсо ал мелдеште утуп алгандар кана? Аларга материалдык, моралдык жагынан кандай шарттар түзүлүп жатат? Баарыдан мурда мына ушул жагдайды баамдоо керек эле го? Иштин да, жыйналыштардын да максаты мына ушул жагында эмеспи? А чындыгында иште эч илгерилөө болбой жатса, а чогулуштун максаты кана? Анан аны ойлоону коё туруп, өткөн пленумдун чечимдери тууралу кайра да чогулуш өткөрүп, өткөн чогулуштардын чечимдерин кайра да текшерип... кыскасы, чогулуштун ичинен чогулуш чыгарып, чогулуштун гана санын көбөйтүп, чарбалардагы «кемчиликтерди талыкпай издеп тапкан болуп» анан ошо кемчиликтерди райкомго, обкомго дароо билдирип жаткан болуп жүрө бериштен чарбага кандай пайда? А тиги чарбада иштеп жаткан кишилерге андан кандай жардам? Үстү-үстүнө болуп жаткан кемчиликтен, ошо кемчиликти гана уга бериштен жетекчилер эмне табат? Айтор, иш алга жылбаса жылбасын, кагаз жүзүндөгү отчеттор, кагаздан-кагазга көчүрүлүп, райкомго, обкомго өз убагында жетип турса эле болду экен да?.. Милдетибиз ушул, тагылган милдетти туура аткарып, тынбай иштеп жатабыз деп ойлошот, райондон, областтан чарбаларга тынбай барып турушкан инструкторлор.

Мына ушунун өзү кейиштүү персе, жолдоштор,— Акбаев элди карап саал улутунуп алды да сөз улады. — Орой-көз-чарай отуруп, бу чогулушта кемчиликти бетке айтышып, моюнга алышканыбыз — иштин пайдасы.

Жалаң инструкторлордон, райондон, областтан барышкан айрым уполномочендерден эле эмес, аларды жетектеген мы-

на бизден да кетип жатат көбүрөк кемчилик... Кээде, ошо текшергич инструкторлорго иштин теориялык да практикалык да жагынан айкын көмөк көрсөтө албай калып жатабыз өзүбүз. Колхоз, совхоздо иштин алга кетишин, эмгек тартибинин мыкты болушун дайым, күндө айтабыз, бирок, чындап талап кыла албай жатабыз. Канеткенде, эмгекте мыкты тартип болот? Канеткенде иш алга жылат? Аны өзүбүз иш үстүндө, практика жүзүндө көрсөтө албай жатабыз. Кагаз жүзүндө гана «көргөзүп» жатабыз. Кагаздын үстүнө кагаз гана жазуу менен алекпиз көп убакта.

Көп жылдардан бери Кыргызстандын түштүгүндө, түндүгүндө: райком аппаратында, райкомго жетекчилик кылып да келаткан мына өзүм андай кемчиликтерден али арылып кете элекмин...

Залдагылардын түйшөлгөнү байкалды. Акбаевге ынтаа коюп: бу өзүн баштап, сынга алган райкомдун биринчи секретарынан көз айырбай карап отурушту.

— «...Элди башкарууга болор, бирок, өзүндү-өзүң башкаруу кыйын...» ушундай маанидеги өткөн олуялардын акыл-кеңеши бар. Ошондуктан, кемчиликти жоюуну өзүбүздөн баштасак жеңилирээк болот.

Райондо отуруп алып, кагаздын артынан кагаз, буйруктун артынан буйрук гана бере берүү — бул мындайча айтканда төрөпейилдик. Ал эмне үчүн ошо кагаз жүзүндөгү буйруктардын ордуна өзүбүз өндүрүршкө, өндүрүштөгү элге араланып кете албайбыз? А тиги инструкторлорду буйрук менен жөнөтүп, карап отуруштун ордуна алар менен чарбаларда бирге жүрүп, аларга неге практика жүзүндө эл менен иштөөнүн, ишти алга жылдыруунун жолун өндүрүш үстүндө, эл арасында көргөзүп, партиялык жетекчиликтин өнөрүн аларга туюндура албайбыз?

Моюнга алуу жакшы, ал гана түгүл, ошо инструкторлорду чогултуп, алар менен жандуу пикир алышып туруу да жок болуп жатат бизде. Аларды партиялык иштин жандуу методуна үйрөтүү болбой жатат.

Көп чынынан бузулбайт: райкомдун секретарлары аппаратыбыздагы кызматкерлерге айрым учурда эскиче мамиле кылып жатабыз. Айтылды го, инструкторлорду колхоз, совхоздорго буйрук менен жөнөтүп коюп, өзүбүз контордо отура берүү бизге ыңгайлуу көрүнөт. Анан алиги күйрүгү үзүлбөгөн көп буйруктарды ала чаап жүрүшкөн инструкторлор да ошо кургак буйруктан тажап, аны үстүртөн, кургак аткарууга өтүп кетип жатышат. — Муну сүйлөгөн Акбаевдин көз алдына кайра да баягы Эсен келе калды. А деп жолуккандагы анын сөзү кайра да кулагына угулду азыр:

«чабармандын кызматын аткарып жүрөбүз. Райкомдон буйрук алып чапмай. Иш бүтүп жатабы, жокпу анда ишибиз жок, биздин милдет — буйрукту ала чапмай...»

Акбаевдан кийин да беш киши сүйлөдү. Обкомдун биринчи секретары Жаңыбаев сөз албады. Анын сүйлөбөгөн себеби, өзү оорун жүргөнүнө байланыштуу, анан, мына бүгүн эң туура айтылган сөздөргө дагы терең анализ жасап, кишилерди иштен алагды кылып жаткан көп жыйындардын, андагы айрым кишилердин маанисиз сөздөрүн кыскартуу үчүн дагы терең ойлонуу, кишилерди куру сөздөн ишке алып чыгуучу далилдер керек эле.

Колхоз, совхоздордо, райондордо, ушул областта да күнүгө, күн алыс өтүп жаткан жыйындарды чындыгында сейрек да, маанилүү да өткөрсө элге жугумдуу, пайдалуу болору бышык...

Обкомдун аппараты бул жыйын өтүүгө чейин эле резолюция даярдап коюшкан эле. Жыйын аяктап, эми мына ошол резолюция окулду. Мындан мурда өткөн жыйындардын даяр текстеринен гана көчүрө салган резолюция биринчи барагы а түгүл, биринчи абзацынан эле мында отургандардын ар бирине белгилүү эле. Жыйындан-жыйынга, баракта-баракка тыпбай көчүп келаткан «дежурный» сөздөр мына: «тапшырылсын», «милдеттендирилсин», «эң башкы көңүл бурулсун», «бардык күчтөр жумшалсын...»

Бул эле түгүл, мындан бир-эки жыл мурда болгон окуялар: «областка караштуу баланча райондун түкүнчө колхозу социалисттик мелдеште артта калган» — деген сөздөр да ошо боюнча көчүрүлүп калган экен. Анда, артта калган колхоз азыр алдыңкы колхоз эмес беле?!

Резолюциядан-резолюцияга көчкөн «дежурный» сөздөрдүн ар биринин мына азыр да он-чактыдан кайталанышы обкомдун биринчи секретарынын куйкасын курыштырду. Ал өзүнүн таңылган жаагын алаканы менен тиреп, кабагын чытып отурду. Ичинен өзүн жемеледи: «кап! Ишенчектиктин кесепетин карачы! Кечээ эле ооруканадан чыгарым менен докладдан тартып, баарын карап чыкканымда эмне!..»

Резолюциянын долбоору окулуп бүтүп, ага жалпы добуш берилген соң обкомдун биринчи секретары — Жаңыбаев ордунан турду да бүтүп турган үнүн жасап жатып, мына буларды эскертти:

— Азыр окулган резолюциянын долбоору эң кеминде беш эсе кыскартылып, кайра жаңы жазылсын. Өткөн жыйындарда алынган чечимдердин долбоорун көчүрүп отурушту кандай зарылчылыгы бар?! Анан, жыйындан-жыйынга

15*

көп айтылган жылгаяк сөздөрдөн таза арылсын бул долбоор. Анын ордуна мына бүгүн айтылган маанилүү да, мацыздуу да сөздөр, сунуштар киргизилсин.

Мына, бул жерде бүгүн колхоздук чарбанын эң жаш адиси, жолдош Жумаевдин күндөлүгү убагында жазылган. Көп жыйындар, анда улам кайталанган узак сөздөргө эскертүү, убактыны алып жаткан маанисиз сөздөрдү кыскартууга карата өтүнүч!.. Райкомдун секретары жолдош Актбаевдин сөзүнүн мааниси да муну жактайт. Кагаздан-кагазга жазылып, буйруктан-буйрук берилип, текшерүү үстүнө текшерүү менен гана сыздап өтүп жаткан баа жеткис убактылардын артынан так ошол убактыны жеп жаткандарга эң орундуу айтылган өкүм десе болот.

Баса, ошо табылбас убакытты тебелеп, жоготуп жаткандарды тизгиндешке неге болбойт?! А түгүл асыл убакытты жегендерге мындан ары да жол ача бербей, аларды жазалоого убакыт жетти!

Коомдук байлыкты: малды, данды уурдагандар жазалынат. А эмне үчүн убакытты уурдагандар жазаланбайт? Мына, жазгы жарышта күн-түндөп трактор айдап жаткандардын жанына машина менен кайкайып барып токтоп, тракторду токтотуп алып: анан, жа-ай, бөйрөктү таяпып туруп, аны — трактористти бир саат бою суракка алгандыгы үчүн ошол уполномочен неге жооп бербейт? Неге жооп бербейт, ошо тиги убакытысын алган трактористке? Бир саатта тракторист канча жер айдайт эле? Бул чындыгында иште илгерилетүүгө эмес, иште артка тартууга көмөктөшүү эмеспи?!

Мен мурда айтылгандарды кайталап кеттим көрүнөт? Мына бүгүн окулган узун сөздөрдү кайра башынан окубайын,— деди Жаңыбаев президиумда өзүнүн катарында отурушкан Айдаралиев менен Каптагаевди эскерте карап: — кыскасы, бүгүн жыйындардын атына айтылган таасын өтүнүчтөр резолюциянын долбооруна киргизилсин.

Чогулуш аяктады. Түндүн бир оокуму болуп калган эле. Эртеден-кечке, түндүн бир оокумуна чейин отурушса да кишилер демейкидей зеригишкен жок. Эч кимдин талыкшып-чарчаганы да билинбейт.

Жыйындан тарап, түнкү Нарынды бойлоп баскан кишилердин кобуру угулуп турду:

— Актив абдан жандуу оттү.

— Абдан туура сөздөр айтылды.

— Бүгүнкүдөй жыйналыштар сөзсүз керек!

— Ой, жанагы ветеринар бала...

— Да-а!.. — деди аны кубаттаган бирөө,— бала барала келгенде...

— Бу жыйын көп иштердин башын ачты.

— Иштин эле башын эмес, кандай иш алпаруу жөнүндө да чакырык таштап койду бейм!..

16.

Кечке ачыккан кишилер чогуусу менен ашканага келишти.

Кишилерден кийинирээк келген Акбаев, ошо кире бериштен солдогу столдун бир четинен орун алды. Ашкана ичи элге жык толо күжү-күжү. Мурдараак киргендердин алдына аш келип калган экен. Тамак-аштын жытына аралаш тамекинин түтүнү калкыйт. Азыр эле тиги жыйын залынан мында көчө келгендерди кыдырата карап отурду Акбаев. Кечке бирге отуруп, көзгө үйүр алган адамдар. Ашкананын төр жагындагы топтун ичинен алиги Туратовду көрө койду Акбаев: «Күлүмкандын атасы!.. — деп алды ичинен. — Жанатан келгенимде аларга жакын отурмак экемин. Ал жерде орун да бар экен. Эми кайдан, кантип, бир жолугуп сүйлөшүү керек бу кишиге? Кандай болсо да жолугуу керек. Кандай гана болбосун. Күлүмкандын абалын билүү керек эле... Кайда экен, Күкөнүм? Турмушка чыкканы деги өзгөрдү бекен? Албетте, өзгөргөндүр? Албетте, өзгөрдү. Андан бери канча жыл... — көңүлү муну айтканы менен мунун көзүндө баягы эле Күлүмкан:.. Баягы эле, Ак-Буура боюнан жолуккан түн... Ой сүргөн бул тиги төр жактагы анын атасын карап турганы менен көзүндө Күлүмкан гана... А Күлүмкандын атасы тиги өз жанындагылар менен кызуу сөзгө кириптир: каршы-терши бырыш баскан кара-күрөң арык бети ого бетер бырышка толуп, көзү жүлжүйө күлүп калганы көрүнөт, сөзү угулбайт. Ашканага келип жаткан эл аягы али басыла элек болчу. Каалгага жакын бурчта отурган Акбаев улам, киргендерге улам көзү уруна калып жатты. Мына, бир аял келатканын көрдү: көзү балбылдаган кырдач мурун, кызыл тору аял быяк бурчту — Акбаев жакты бир жалт карап алып, анан тээ, төр жакка өтүп баратты. Бир селт этип, оозу ачыла түштү Акбаевдин: «Күлүм!.. Күлүмкан!» — Минтип жүрөгү айтып, жүрөгү дикилдеп, демп кысыла калгансыды. Дем алышы тездеп, манчалары саал калтырай калганын өзү сезген жок. Столдордун арасынан тиги төр жакка өтүп бараткан аялдан көз албады. Акбаев жаңылбаптыр. Аял түз эле алиги Туратовдун жанына — бош орунга отту: «...Күлүмкан! Күкөн! Күкөнүм!..— деп жатты Адыл. — Сенсиңби?! Чын эле сенсиңби, Күкөнүм?!»

Жүрөгүнүн төктөбөй дикилдегенине, деминин дирилдегенине аралаш ордунан козголуп баратты Адыл, ордунан туруп, ошону ээрчип жоночудой болуп баратып токтоду. — «Чын эле сенсиңби?.. Сени чын эле кордумбу?! Сен... сен да ушу жыйынга катыштың беле? Анда кантип корбодум? Кантип көрбөй калдым эртеден бери? Же... күйөөң менен келип?.. — Ушинткен Адыл дале көз айырбай турду залдын төрүнө чыгып барган андан. Күлүмкан... ал атасынын жанына — бош орунга өттү да беркилер менен баш ийкеп, күлүмсүрөй учурашты: тигине, анын ак мандайы, сурмалуу көзү.. күзгү аппорттой албырган жүзү, толмоч, дене-бою да чатырап, толгон убагы экен. ...Анда экөө бая Ак-Буура жээгинен жолугуп жүрчүдө мунун бою тал чыбыктай солкулдап, ичке, али чырымталы түшо элек, оңү кар алдынан жаңы көрүнгөн байчечекейдей үлбүрөп, уяң да, назик эле...

Анда, кырк биринчи жылдын жайы... ошо жайда мен Оштон кетип, Күлүмкан калды... Мына, эми алтымыш биринчи жылдын жазы жыйырма жыл... туура жыйырма жылдан кийин көрдүмбү?.. Ал мени байкаган жок. Же... байкаса да... тааныбай калдыбы? Ырас эле тааныбай калабы?.. Андан бери мен үйлөнүп алты балалуу болдум. Сенчи? Сен канча балалуу болдуң экен? Деги күйөөң... күйөөң да келдиби бу жыйынга? Күйөөң менен келдиңби? Же өзүң элеби?»

— Эмне тамак ичесиз? — Акбаев ушул үндөн улам селт этип, мандайында турган официанканы көрдү. Жаңы ачылган ак таажы гүл баштанган, топчу мурун, кара тору кыздын колунда кагаз, карандашы бар экен. Азыр чочуп, ойгонуп кеткенсиген Акбаев кызга жооп берүүнүн ордуна аның өзүнөн сурады кайра:

— Ыя?

— Заказ! — деди кыз,— тезирек заказ кылыңыз, киши көп...

— Ии... — деди Акбаев кызга жылмая карап, ичер тамагын атады.

* * *

Ашканадан чыккан Акбаев шар кетип кала албай кылчактады. Чогулуш бүтөрүн — бүттү, эми бу обкомдо бүгүн-эртең бүтүрө кетер зарыл иши барлар эле конуп калбаса, келгендер түнү менен кайра жоношот. Элдин бири тиги Күлүмкандын атасы — Туратов да ошо Күлүмкан өзү да мына ушу ашканадан чыгары менен районго жонош кетишин ыктымал.

Кантсе аларга жолугуп, учурашууну ылайык көрдү Акбаев.

...Түн. Нарын бою. Сыркаар. Аламышык тоосунан келген аяздын илеби бар али. Ушу сыркаарда, ашкана алдында ары-бери басып турду Акбаев: бирин-экилеп чыккандар бар. Бирок, элдин коодугу ордунан туруша элек али. Элден кийин келсе да мурда чыкканын билди бул.

Тиги, Күлүмкан атасы экөө мындагы элден мурда чыгып кетчүдөй шашканынан тамакты да ашыга шам-шум этип чыкты минтип.

Ашканадан кобурашып чыгып келатышкан кишилердин арасынан атасы менен Күлүмкан көрүндү. Акбаевдин жүрөгү дик-дик согуп, өзү баягыдан бетер шашып калды: «...тигине, Күлүмкан! Учурашабы?.. — өзүнчө ушинткен Адыл тигилерди тосо басуудан батынбады: «күйөөсү бар бекен, мында ыя? Күйөөсү болбосун жанында?.. Кайра да ушинтип сурады өзүнөн, сурады да тигилерди ээрчий басты. Ошол арада өздөрүнчө бараткан кишилердин кобуру күлкү аралаш эле. Алардын сөзү да күлкүсү да мына бүгүнкү жыйналыштын жүрүшү:

— Эми, алиги ветеринар бала айткандай жетерибиз менен кайра да чогулуш чакырабызбы ыя?

— А чындыгында ошо өнөктүктү киши жүргүзбөй чогулуш жүргүзчүдөй болуп баратты эле го кийин...

— Айтор, мына бүгүнкү сөздүн таасири тиерин-тиет.

— Баса, алиги Айдаралиевдин эки сааттык доклады тажатты го ыя?!

— Зоотехник баланын чынчыл күндөлүгү ага жооп болду.

— Акбаев да өтө маанилүү сүйлөдү.

— Ал айткандай, мындан ары алиги инструкторлордун ишин контролдобосо болбой калды го.

Ушу тапта бир нече кадам гана артта артта бараткан Акбаев өз атына коюлган пикирлерди угуп, саал кысыла кетти. Анан, минтип ойлоду:

«Өзүм да, атым да эсинен небак чыгып кеттим бекен, Күлүмкандын? А тиги атасы болсо ансыз да таанычу эмес мени. Мейли, ошентсе да атасы менен учурашайын.» — Ушинткен Акбаев мейманканага кире берген жерде буларга жетип, Күлүмкандын атасына салам айтып калды:

— Ассалоому алейкум, аксакал?

— Аалейкума салам! — деди, Туратов капыстан айтылган саламга аликти саал ашыга алды да Акбаевди утурлап койду: — Оо, бу, бүгүн абдан жүйөөлүү сүйлөбөдүңүзбү! Абдан туура! Эң туура жолдош Акбаев!

— Ээ, аксакал, аны ким да бөлсо айтар сөз,— деди Акбаев,— сиздерге жакканы менен айрым кишилерге жакпай да калса керек? — минткен Акбаев бу Туратовго катар тура калган үч-төрт кишиге катар кол берди. Жумшак ак манжасын сунган Күлүмкан да баш ийкен, күлүмсүрөп койду.

Бир-эки ооз кобураша калган булардан тиги Күлүмкандын атасы озунду:

— Эми, баары жакшы болду. Түнү менен жөнөй бермей. Өнөктүк убагы.

— Кечирип коюңуздар, аксакал,— деп, Акбаев саал токтоло калды, берки кишилерди карап, бу Туратовдо өзүнчө сөзү бар экенин билдирди.

— Сиздерде... бир-эки ооз сөзүм бар эле? — муну уккан берки кишилер бөлүнө басышты. А Туратов жанагыдан бетер эпилдеп калды:

— Ии, абдан жакшы, эң эле жакшы болот, жолдош Акбаев, айта бериңиз? Бул болсо — өзүмдүн кызым, айта бериңиз? — дей салды эле, Туратовдун кызы да бу сапар Акбаевди суроолуу карады.

— Ко-ош, аксакал, ден соолугуңуз түзүкпү? Байбичеңиз күүлүбү? — деп жай суроого өттү Акбаев.

— Ракмат! Баары эле жакшы, жүрүппүз, өкмот менен партиянын кызматын колдон келишинче аткарып... — Оозу муну айткан Туратов бу өзүнүн ал-абалын сураган Акбаевди али бүшүркөй карап турду. Бет маңдайындагы атасы менен кызын алма-терме караган Акбаевдин жүрөгүнүн дикилдеги, колунун саал калтыраганы сезилмек, байкаганга. А Күлүмкан болсо эч нерсе сезбегендей аденки калыбында — бейтааныш.

«Чындап унуттубу? — деди Акбаев өзүнчө,— чын эле унуттубу мени? Же, али тааныбай турабы? Күкөн, сен ырас эле унуттуңбу мени?..» Бир паска ушинтип алган Акбаев сурап калды:

— Аксакал, сиз Ошто иштедициз беле?

— Ооба, иштебей анан!.. Кырк үчүнчү жылга чейин иштеп туруп, андан Чүйгө, Чүйдөн быякка элүү төртүнчү жылы келдим. Азыр тиги Тогуз-Торонун райисполкомунда,— деп бат-бат жооп берген Туратов бу Акбаевди жылуу жүзү менен карап, бу өзүн Оштон иштеп келгенинен бери билген тааныш экенин сезди. Акбаев жана да суроо берди:

— Бу... азыр жаныңыздан кеткен кызыңызбы? (Булар сүйлөшө калганда берки кишилер менен чогуу меймапкана жакка баскан эле, ал).

— Ооба, ооба, кызым.

— Күлүмкан эмеспи?

— Ыя?.. — Туратовдун жылуу жүзү сустая калды. Акбаевдин айтканын укпай калгансып, «Ыя?..» деп токтогон үнү да чочулай чыккандай болду.

Улгайган кишинин чочуп кеткен өңүн көрүп турган Акбаев бу кишини жаза таапыдымбы деп ойлоду: «Ыя, бу, кызын да, өзүн да окшоштуруп алдымбы?..»

— Аксакал... — минткен Акбаев Туратовду дагы эле бүшүркөй карап, саал мууңуга түшүп унчукту: — Аксакал, сиздин Күлүмкан деген кызыңыз бар беле, же?..

Туратовдун өңү бүзулуп, эриндери дирт дей калганын байкады Акбаев, андан көзүн албай өзү да саал сестейди.

— Күлүмкан деген кызым бар эле... — ушинтти да улутунуп ийди бу улгайган киши. — Бирок... азыр жок!.. А тиги сиз көргөндүн аты — Турумкан, Күлүмкандын синдиси.

* * *

Түн. Акбаев жолдо баратты. Бирок, ага жол да көрүнбөй, түн да көрүнбөй көзүндө Күлүмканы... Жана капыстан бир жарк эткен ал түк көзүнөн кетпей койду. Анын атасынын оксуктуу үнү угулат:

«Ээ, таңкы чолпон эмес беле! Эрте батты!.. Арманы ичине кетти!.. Чырпык кезинде солуп каларын билгенде...» — ушинткен Туратовдун үнү жолду карай кулагынан кетпеди.

...1942-жыл. Кеч күз. Тоо-талаага үшүк жүрдү. Көрпө болгон көк беде үшүп, эртелеп суу катты. Алыстан бүрү аңкыган эрмен, шыраалжын да катып келаткан үшүктөн көрүнүп, дирилдейт. Эрте түшкөн үшүк менен кошо каптап келаткан согуштун суук кабары, согуш аязы кишилерди кайыктырып турат...

Мына ушу күндөрү Күлүмкан Ак-Бууранын жээгинде жүрдү. Дарыянын четин муз алып, суу ыргалап. Күндө эртең менен кеткен кыз кечке дарыя бойлоп, ошо дарыя боюна бирдеме жоготкондой жүрө берчү болду. Сайроонго салынган баягы тал көпүрөнүн жанында көпкө отурат. Энеатанын кебине кулак какпай, күндө ошо жерге жетет да күндө ошо.

Алай-дүлөй күн бүркөлүп, кар жаап келген, суук, кеч эле. Адатынча Күлүмкан жок али. Издеп чыккан энеси аны алиги тал көпүрөнүн түбүнөн тапты. Бүрүшүп, жыгылып калыптыр. Тил-оозу жок кызын үйүнө көтөрүп келген энесинин ымаңы — саман...

Кыз тоңуп калган, бирок, али жаны бар экен. Түндүн бир оокумунда безгектей калтырап, өзү жаны-азар таппай эти от менен жалын болуп, жөөлүп жатты:

— «Мына, суу... мына көпүрө... экөөбүз өткөн көпүрө ушул... Экөөбүз дайым өтчүбүз!.. Колтукташып... сен мени колтуктап...» Мына ушинтип жөөлүп, анан алдастап, эти жалын болуп күйүп, чабалактап, жаны азар таппай кайра жөөлүп: «А... ана, тигине! Келатат!.. Адыл келатат! Адыл! Мына-а, мына-а... мен... мында-а!..»

Ушинтип ал күнү-түнүнө алдастап, эсине келе албады. Эки эмес, үч-төрт күнү бою, түнү менен эти күйүп, жотол кыстап, кан түкүрүп жатты. Эки өпкөсү тең суукка тийип-тир. Кабыргасынан да сезгене калган экен. Алты күн эс-учу жок жан алакетке түшүп, жаны-дени от менен жалын болуп жатып... анан жетинчи күнү күүгүмдө көз жумду!..»

...Түнкү жол. Машинанын кош фары түндү жара чакчайып баратты. Улам алга кулач таштап, жарык ээрчиткен таштак жол. Акбаевдин кулагына Күлүмкандын алдастаганы жаңырып, тиги жарык тийген таштак жол менен алда да барат: — «...Көпүрө! Адыл, экөөбүз өткөн көпүрө ушул!.. Экөбүз дайым өтчүбүз, колтукташып... Ады-ыл! Адыл! Мен мында-а!»

...Дарыя бою. Дарыя боюнда жайдын таңы атты, магдырап... А тиги кашат алдында калың жалбыз аңкып... Ошо аңкыган жалбызда Адыл оонап, Күлүмканын күтүп... Узакка күткөн ошо түнү...

Оо, узактан кийин, тиги кашаттын кырынан ошо толгон ай алдындагы сүттөй түнгө өндөшүп бир агарган... Ооба, бир үзүм гана ак булуттай болуп, ак көйнөкчөн Күлүмкан... Акбаевдин көз алдына кайра да келе калды ал. Мына, жыйырма жылдан бери көзүнөн кетпес элес...

Ошол айда согуш чыкты... Ошол айда Адыл кетип... Оо, ошол ай!.. Адылды Күлүмкандан бөлгөн ошол азаптуу ай! Кечээ эле өткөнсүйт ошол ай... Кечээ эле бөлүнгөнсүйт Күлүмкандан... Согушка жөнөрдөгү жаандуу түн. Чырак күйгөн Күлүмкандын терезеси. Жаандуу таң. Чырак күйгөн Күлүмкандын терезеси... Анан согуш коммиссариаты. Калың эл. Алар уулдарын жөнөткөнү келишпеди беле... Эл ичинде Адыл. Эч кимиси жок эле Адылдын, бир гана Күлүмканы!.. Эл арасынан тинте карап, аны издей берди, кантсе да кыз келип калар деп ойлоду. А Күлүмкан келбей калбадыбы? Балким ал ошо күнү келип калганда... Анда балким, Күлүмкан аман болот беле?.. Анда балким... Күлүмкан оорубайт беле?..

Ошол жаандуу түн!.. Ошо түнү жолугуп, ошо таңга чейин бир жүрүп чер жазганда... Баарын сүйлөшмөк анда... Анеткенде, оорумак эмес. Ичиндеги бугу чыгып кетпейт

беле?! Аттигиниң! Үйүңө әле кирип барсам әмне?! Ата-энеси чыгарбай жатканын го билдим. Ошо билип туруп кайра тартпай, кирип барганымда эмне?! Анда, Күкөнүмдүн көзүн... жоюорумдо көрүп калбайт белем! Ата-энеси чыгарбай!..»

Адыл ушул азыр, анын атасына кыжынды. Күлүмканды ажалга түрткөн ошол атасы көрүнүп кетти:

— «Ушул азыр Туратов чал кайра көрүнсө!.. — өзүнчө миңткен ал чалды муунтуп жыгылчудай, өз ачуусун карбай албай, өз кара кушу зыңкылдап, ооруп баратканын сезди. — Таш боор!.. Таш боор ата-эне! — деди өз ичинен,— ушунча да боорубу таш беле?! Өз деңиңерден чыккан балага ошончо катуулук этип, арманда өлтүрүпсүңөр! Силер аныкпы!..» — миңткен Адылдын кулагына кыз атасынын жанагы жерде тургандагы өксүктүү үнү угулду: «чырпыгында солуп, арманы ичипе кетти!..» «Анысын билгенде...» — Туратов чалдын үзүлүп чыккан үнүн кекетти бу:

— «Билбей калдыңар беле?! Билбей койдуңар беле-е!.. Мен кат жазып, өз колуңа карматканда билбей көйдүң беле?! Ошондо, так ошо күнү Күкөнүмдүн силерден уккан жемеси!.. Күкөн ай! Сен мен үчүн эмне гана укпадың?! Күкөнүм!... Акыры сен мен деп... мен үчүн жаш жанынды кыйдыңбы?! Күкөнүм...

Адылдын тула-бою калтырап, көзүнө тиги машинанын фары тийген жарык жол калк-калк этти. Көлдөгөн жашы бетин жууп баратканын бир, оокумда гана билди. Өзү эле эмес, шоферу да сезип баратты муну:

— «Ии,— деди ал өзүнчө жоруп. — Акбаев аксакал бүгүн обкомдон катуу жеме укkан экен. — Өзүнүн ой-жоруусун дароо чындыкка чыгарган шофер, ошо замат мындай тыянакка келди: — Бу кишини да бошотот экен го? Ээ, бу биздин районго секретарь токточу беле!..»

— «...Экөөбүз баскан жол... — деп улады Акбаев,— ооба, экөөбүз колтукташып түшүп келчү кашаттагы жол тургандыр ээ?! А баягы экөөбүз колтукташып өтчү тал көпүрөчү... Күкөнүм, сен ошо кашаттан күндө түшүп келчү жол тургандыр ээ? Экообүз колтукташып өтчү тал көпүрө... Сен ошо жолдон күндө түшүп, сен ошо тал көпүрөдөн күндө өтчү экенсиң, көрсө... — деп солуктады Адыл. — Көрсө, сен мен деп куса болуп... Мүмкүн, сен ошо күнү... ошо күнү баягы жалбызга отуруп үшүдүңбү? Баягы биз отурган жалбыз... сен жыттагандырсын ошо жалбызды?.. А бирок, а жалбыздын баягы жай толугундагыдай жыты кайдан... Суулар катып, үшүк жүргөн күз болсо, жалбызда эмне жыт!.. Үшүк алган анын жалбыректарын колуң менен сы-

лап, колуң менен бетиңе тартып жыттагандырсың?.. Анан, ошо биз отурган жалбыздан кетпей отура бергендирсиң?.. Анан... суу катырып, жер тондурган аяз сени да тондуруп кетерин сезбей... мени гана ойлоп, ошо жалбыздуу кок ойдон мага жолуккан сүттөй түндү гана миң кайтара көз алдыңан өткөрүп отура бергендирсиң ээ? А мен куруюн! Мен болсо ошондо... А эне-атаңчы? Эне-атаң сенин жүрөгүндөгүнү кантип билбеди?.. Оо, эне-ата! — деп күрсүндү бул,— баласын үйрүлүп багат экен. А ошо баласынын сүйүүсүн кошо бакса эмне?! Баласынын жүрөгүндөгүсүн тапса эмне!.. Жүрөк канынан жаралган уул-кызынын жүрөгүндөгүсүн таппай калып, жаңылат тура кай бир эне-ата!..» — Адыл Акбаевич оюнун ушул жерине келгенде оор улутунду. Оор улутунду да өзүнчө дымып, береги бет алдындагы фардын жарыгына калтыраган таштак жолду тиктеп барататы.

— «...Адамдын жаңылганы, адамдын оксүгү, адамдын арманы... — деп алды бул. — Баары кечээ эле болгондой... Согуш башталды, согуш бүттү... (Жо, сынгандын баары ойдогудай бүтпөдү.)

Мына, андан бери жыйырма жыл болду. Согушта сынган бүттү. Согушта кыйраган курулду. Ырас, сынгандын баары ойдогудай бүтпөдү. Жарааттын баары тегиз айыкпады, ал чор болуп, берч болуп айыкты ээ!.. Анан ошо жараатка бирдеме тийсе али сыздап калат, сыздап...

Мына, мен үйлөндүм. Бала-чакалуу, очор-бачар болдум. Жубайым ырыска шерик, акыл-эстүү, аты — Субайылда, аны которуп мен атын — Күлүмкан койдум. Күлүмканым!.. Күлүмкан жүрөгүмдө калтырган жараатка даба болоор дедим. Бирок... ошо берч болуп, бүткөн жараатты, бүгүн капыстан уруп албадымбы!.. Ооба, байкоостонбу? Эч качан андай эмес. Тагдырым мага Күлүмканымды кайра бир көргөзүп, анын мен уга элек тагдырын туш келтирип, бүгүн угузуп кетти го! Ошентти!..»

Улутунуп ийди бул. Улутунганы мына эми гана ыйлап сооронгон баланыкындай калтырап чыкты. Машинанын фарынын жарыгындагы жол да улам алга кулач уруп, калтырап баратыптыр.

* * *

— Оо, эне-ата! Силер... силер кантип гана Күлүмканды...

— Адыл! Адыл ай!.. — минтип, Адыл Акбаевичти карусунан тарткылап жаткан жубайы Күлүмкан эле. — Эмне, ыя? Эмне болду жаным? Мына... мен — мына, жаныңдамын.

— Ии... Ыя? — ойгонуп кетти Адыл. Түшүндө ыйлап аткан экен. Үй али, карацгы. Али, тарай элек уйкуцуку бекен, башы саал кецгирей калып, анан барып эсин жыйды: кечээги чогулушту, Күлүмкандын атасын, Күлүмкандын синдиси — Турумканды, түнү менен келаткан жолду эстей салды.

— Жаны эле жаттың, жаны эле көзүң илинген, уктачы? Уктап алчы, жаным? — куду чочуп ойгонгон баласын таптап аткансып, ошентти Күлүмкан. Дайым ошентет, бу жароокер жубайы. Адыл Акбаевич иштен чарчап, кыйналганда, бироолордон капа болуп, уйкусу кача баштаганда ушинтет:

— «...Тынч алчы жаным! Анын баары оңолот, кайгырбачы? Кейибесең?»

Жароокер жубайынын мына ушинтип, балача алпештетенине жүрөгү эжирейт, кадимкидей кубаттанып, чыйрала түшөт өзүнчө: «ал ырас, баары убактылуу, баары өтөт, күндүн бүркогүндөй кеп да баары. Чыдоо керек, иштөө керек...»

Күйоосунун кирпигинен билет Күлүмкан: анын бирдемеге алагды болуп, коңүлү тынбай турганын же ишинде аз да болсо ийгилиги бар экенин, бүгүн бирөөгө ыраазы болгонун же бир нерсеге нааразы болгонун дароо кирпигинен көрө коюп, үстүнө үйрүлө калат. Куду балдарына үйрүлгөндөй өзүнө үзүлүп-түшкөн жубайына кээде, ачык күлүп жиберет Акбаев:

—« Хе-хе-хе! Бу мени балача эркелетесиң да ыя? Мени ошончо эле жакшы көрөсүңбү? Мени коюп тиги балдарыңы сүйсоңчү?»

— «Балдарды сүйгөн өзүнчө,— дейт Күлүмкан адатынча,— а сага сүйүүм өзүнчө. Кабагың бүркөлбөсүн, чалым... сенден башка эмнебиз бар?..»

Азыр да Акбаев жубайынын үнүн укту көзүн ача электе: «Адыл! Адыл! Мына, мен жанындамын».

Адылдын азыркы көргөнү демейки түштөрдүн бири болсо жубайына айтып бермек. Кантип айтат... Күлүмканды — Күлүмканга?..

Бая келгенде эле билген, жубайы мунун капалуу экенин. А түгүл, көзү да шишимек тартып, кызарып турганын көргөн да мунун күнү-түнү менен чарчаганына, уйку көрбөй жол жүрүп келатканына жоруган. Азыр да түшүндө капа болгонун, мунун чарчаганынан гана көрдү. Ошентти да жанында жаткан балдарынын ойгонуп-чукурангандарын таптап, сооротуп, өөп-жыттап жатты:

— Кагылайындарым! Кагылып кетейин каралдыларым! Уктай гой, уктай койгула? Атацар эс алсын, айланайындарым!

* * *

Акбаев кайра уктап кете албады. Койнундагы балдарынан улам, аларды сооротқон жубайынан улам, ушул райондо келгендеги бирөөлөрдүн сөзүн эстеди.

Акбаев адеп, бул райондо бир ай бой иштеп калды. Үйбүлөсү али түшүтүктө эле. Көчө келгенде өрүлүкүтөөго шашып тургандар сөзүнүн кыясынан билдирип жатышты. Акбаев адепки чакырыктан тартып, бирде-бирине барбады:

— Ракмат, чакырганыңарга. Үй жок болгону менен мында — ашканада түзүк тойгузуп жатышат. Тирүүчүлүк болсо, мейман болуу, сыйлашуу эч жакка качпас, андан көрө иш качып кетчүдөй ыраспы? Күнү-түнү менен иштеп калбасак ушу тапта...

Муну укқандар кыцк-мыцк этип, кыйылып, арац кетип жүрүштү. Анан өздөрүнчө күцк-мацк сүйлөштү.

— Деги жатпай иштеген киши көрүнөт ыя?

— Жо-о, кеп, иште деле эмес, негизи, өтө сак неме көрүнөт.

— Ээ,— деп өз сөзүн айтты дагы бирөө,— көргөнбүз мындай иштермандарды! Көргөнбүз мындай сактардын далайын! Жыл айланбай иштен тажайт, мындайлар. Мына, карап тургула, жазга жетпей көр чецгелин өзү салат мындайлар. Бир аз унчукпай четтеп, кое тургулачы, өзү сурайт. Эми качан конокко чакырат деп өзү акыят, кое тургула!..

— Ал ырас,— деп алигилерден бирөө коштоду. — Ой, бу, эл деген эл да! Киши менен киши да! Кишиникине баргандан качкан ушуну көрдүм. Ээ, бир орду жок саксынган неме да!

— Баса, жатпай иштеп, ачка иштеп коммунизмди жалгыз ушу курар!..

— Ошону айтсаң! «Ашканада тоюп алам» дейт, детдомдун баласындай болуп; кай кудай урган киши ашканаңы сагаласын! Райкомдун биринчи секретары дагы!..

Муну укқан кишилердин оозмо-ооз сөзүн укпаса да кыянатын көрүп жүрдү Акбаев. Бирок, алардын эч кимисине капа болгон жок. Барбай койсом көңүлү калбасын деп бу мейман болуу жаатынан эч кимисинин көңүлүн улап, жумшактык да кылган жок. Райондун борборундагы жалпак мейманкананын бир бөлмөсүндө жатып, кичинекей ашканадан тамак ичип, таң атпай ип баштап, түндүн бир оокумунда кайтып, бой иштеп жатты. Ал учурда түштүктөгү үйбүлөсүнө кээде, телефон менен кабардашып, анан кат алышып да турду. Өз абалын, ишинин жайын сураган жубайынын ар дайым айтканы бу: «Адыл, жаным! Өзүңө, деп соолу-

гуңа сак бол, биз жакшыбыз». Адаттагы бул салам-дуба бир күнү башка сөз менен алмашып, Адыл чочуп кетти: «Адыл, мен эки бала менен ооруп калдым. Ойдо жок кырсык!.. Бирок, өтүп кетти. Келесиң го? Калганын...»

Муну угун селее түштү. «Кырсык!» Түрү суук кеп! Үшүк ургап жалбырактай жүрөктүн үшү качат. «Кырсык!» Муну бир минутта нечен кайталап, айтты Акбаев, кайталап сурап жатты: «Эмне болду?! Эмне кырсык болуп кетти? Деги үй-бүлом аман бекен?!»

Ушундан эки күн өткөндө самолет менен Фрунзеден Ошко түшкөн Акбаев андан машина менен тоо арасындагы районго чыгып баратты. Ал ушул азыр кыргыз жергесинин эле түндүгүнөн-түштүгүнө келбей, тиги эле алыскы түндүк муз океанын далайдан бери жердеп жүрүп, эми быякка жаңы түшө калгандай болду. Бир ай эле мурда кетпеди беле быяктан... Мээрман түштүк жергеси мына: булут чулганып, жамгыр жамынган тоолорун бөз мунарык чалып, тээ, алыстан сөөлөттөнүп жатат. Адыр-түз жашыл тулаң жамынып, өрүк гүлдөп жатыптыр. Өз үйүнө кирип келгендей ысык көрүндү жер-суу. Көзгө да, көңүлгө да не бир сүйкүм эле, бу жазгы күлгүн — паристе өрөөн.

«А Тянь-Шанда али кыш... — деп койду ичинен бу,— али кар кетпей дагы кар жаап жатат».

Булут чайнап, муз бүрккөн жомоктогу баатыр түстөнгөн тээ, ак чокулардын башын азыр сыдырып түшкөн бул, мына мээрман энедей магдыраган кең Ферганада баратат. Эненин бейпил колуна окшогон өрөөн, ошо колдун күрөө тамырындай көгөргөн дарыя чоң Нарындын бир айрыгы — Фергана каналы. Сунала мелтилдеп жаткан бейкут дарыяны аттап, өрүкзар жамынып, момураган кыштактарды аралаган Акбаев мына үй-бүлөсүнө жакын калды. Балдары жүргөн короо-жай көзүндө. Көпөлөктөй кыздары тосо чуркап чыгышып, өзгөчө, жаныпдай көргөн Зинасы сүйүнгөнүнөн оозуна сөз кирбей энтигип, мойнуна асылып, а жароокер жубайы балдары менен кошо күлө багып, тыштап тосот эле. Ооруп калышса кантишти экен? Үйдө бекен деги?

Акбаев дарбаза алдына келип токтоду. Арытан тосо чуркап чыккан үй-бүлөсүнүн бирда-бирин көрө албады. Алар бир жакка эбак көчүп кеткендей жым-жырт эле. Дарбазадан ичке кирген бул, ошо аяк баскан жеринде электр тогун басып алгандай бир селт этти да селее түштү. Мунун көзүнө: короого баш-аламан, ыргытылган үйдүн устун-айырмачтары чала күйүк, карарып күйгөн каалга, терезелер кыйрап жатат. Терезеде качандыр бирөөлөр орноткон те-

мир торлор гана ордунда былк этпей калганы мына!.. Куду бая согушта өрткө калган кыштак үйлөрүндөй.

Азыр өзү келаткандагы тоо, талаада чалкып жаткан түштүк жазынан заматта адашып, кар-бурганакта калгандай көзү тумандап, буюга түштү. Оо, бир оокумда гана барып, оюна, оозуна мына бу келди:

— Балдарым! Балдарым, кана?!

— Ассалоому алейкум! Аа, келиң оглым? — ушинтип маңдайында турган өзбек чалды көрдү Акбаев. Бул чал ушу мекеменин кароолчусу эле. Чалдын саламына алик алууну да унуткан Акбаев анын атын атап, ашыга сурды андан:

— Жакыпбай аке! Бу не шумдук!? Балдарым кана, балдарым?!

Акбаевдин катуу коркуп кеткенин көргөн чал мунун сабыр тутуусун суранып, балдары тегиз аман экенин билдирди:

— Ие, сабыр тутуң, оглым. Боллар тугрысыда гап урмаң. Яммасы якши! — ушинткен чал бу бир аздан кийин эсин жыйган Акбаевге: мында бир аз гана кырсык болгонун бир баштан айтып берди.

...Түн ортосунан ооп калган кез экен. Ошо тапта үйдөн өрт чыгыптыр. Чыр-чыр аялдын үнүнө аралаш жетип келген бу кароолчу чал өрттөнүп бараткан үйдү көрө койду. Эшиктен чыга албай терезени сындырып, жанталашкан аялды терезеге орноткон тор чыгарбай турган экен. Үйдүн чатырындагы уясы өрттөнгөн чымчыктын сары ооз балапандарындай балдардын үнү тиги энесинин жанында чый-чуй...

Кароолчу чал — Жакыпбай өрт өчүргүчкө кабардагыча же бу айланадагы элге кабар бергиче болгон жок, көз ирмемге эс токтотту да каалганы ачкыча шашты. Каалга былк этпейт. Дароо билди: босого кыйшайып, ачылбай калган экен. Ошо замат ооздогу отунда жаткан балтаны ала койгон чал каалганы сындырып ыргытты да, аялды балдары менен сууруп алды. Алар коркконунан эс-учупан тана калган эле...

— Боллар тугрысыда гап урмаң,— деди кайра да чал,— яммасы якши, яммасы балнийсада.

— Ыраспы? Ушул ыраспы, Жакыпбай аке? Балдарымы аман алып калдыңызбы? — ушинтип аптыга сураган Акбаев чалды бек кучактап, анын тегерек, кыркма сакалынан аймалады.

17.

Жакыпбай аке... Өзү кызматка келгендин эртесинде таанышкан эле бул чал менен.

Таң жаңы сүргөн. Адатынча таң сүрөрү менен Акбаев

короого чыкты. Жым-жырт. Жо, кишинин табышы угулду. Аңгыча там артынан басып келаткан ушул чал көрүндү. Колунда шыпыргысы, күрөгү бар экен. Акбаевдин озунун айткан саламына шашпай, алик алган чал колундагы шыпыргысы менен күрөгүн ошол арадагы скамейкага жөлөй туруп, бери басып келип, жана бир жолу салам айтып, муну менен кош колдон учурашты да ошо кош алаканы менен өзүнүн тегерек кыркма сакалын сылап, жылмая калды:

— Ие, хуш келибсиз, азиз михмон!

Карт өрүк түстөнүп, калың бырышка толгон чалдын кара-күрөң жүзүнө бир аз көз токтотту: «Сексен ашып, токсонго чаап калган го?» — деп болжоду. Бу короодон мынча эрте турган кишини көрө элек чал да Акбаевди бүшүркөй суроолу карап калды, бирок, батынып сөз сурап ийгенден ийменди. Анын, бул кыясын сезип турган Акбаев өзү ал-жай сурагысы келди: өз баамы боюнча бу токсон таягыча кара жумуштан калбай иштеп жүргөн чал менен бир аз маектешкиси келди:

— Ко-ош... бу, канчага келдиңиз, бабай? — деди, бир-эки ооз сөз катышкан соң. Акбаевди а депки калыбында мурутунан күлө тиктеген чал жооп берүүдөн мурда бу Акбаевдин өзүн тамашага алганы баратып, тамашасын азырынча көмөкөйүнө катты да, бу кишинин меймап экенин эске алып, шар жоопко келди:

— Отмиш саккис...

Жашын айткан чалды Акбаев таңыркай карады. А таңыркаганын тиги кишиче жашыра албай өз оюн айтты:

— Оу, бу, жаш эле турбайсызбы? Алтымыш сегиз жаш, эмне эркекке?.. Мен сизди сексен ашып, токсон таяп калган экен дегенимчи?..

Чал бу сөзгө терикпестен кайра кубана, баш ийкеп, тиши жок кызыл ээгин көргөзө күлгөп ал эми шар кетти. Шар кетти да бу ойрон арак менен баланын азабы бат карытканын айтты. Башында бу түштүк жергесине колхоз курушкан актив киши экен.

— Жакыпбой Косимов — исмим,— деген чал, отуз жети жыл бир аял менен турганын, анан чың эткен баланын үнүн укпаган арманын төктү:

— Екки одам бола тугрысыда гап урса, ерга кирип кетаман!.. Топканымды ичаман... Шунтип йурип отмишка чыкканда янги нике булды. Хатын боласын эрчите тигди. Ундан төрт да бола курдим. Бирак хатын кесал... йин агры. «Мынаны ямa» десаңиз,— деп өзүнүн шырыма кара чапанын көргөзду,— ак йип билан ямайди... майли, боллардын анаси... — деп өзбекче-кыргызча аралаштыра сүйлөгөн чал

өзүнүн турмуш-абалын сүйлөп отурду: — Жиырма сом пенсия аламан. Бу мекемеден отмиш сум... болларды багып йатышман. Боллардын каттаси биринчи сыныпта. Укып ятыпты. Кичиги яңи басты. Кудаага шукир! Узи отмишка чыкып бола курдим! Шу кузим,— деп өз көзүн чорлуу соомөйү менен көргөздү: — бола корди окири, кудаага шукир!.. — минткен чал балалуу болгонуна эми минтип, тырмалап, балдарын багып жаткан тагдырына миң мертебе ыраазы экенин көрүп турду Акбаев.

Ушундан кийин бу кароолчу чал менен ынак болуп кеткен эле. Эрчитип келип үй-бүлөсү менен тааныштырып, анан, ага дайым каралашып турчу. Жакыпбай чал дайым алкап, жаны-денинен ыраазы эле Акбаевге да, үй-бүлөсүно да. Ушунча боорукер, кайрымдуу киши менен ашына болуп калганына чалдын да төбөсү көккө жетип жүрдү. Анап, кечээ, Акбаевдин ойдо жок жерден Аркага которулуп кетип жатканын укkан чалдын оозунан келмеси түшүп, шалдаи калды. Бул эл бүт бир жакка ооп кеткендей капшыты ачылдап, өзүнчө жалгызсырай калды. Акбаевдин тыякта бой барып иштеп жүргөнүнө карабай, аны балким, убактысынча эле баргандыр, кайра эле өз ордуна, мында келээр деген таттуу үмүт менен жүрдү. Күндө келип турган чал мунун балдарын өз балдарындай көрчү. А тиги жубайынан улам сурай бериштен тажачу эмес: «Аа, келин балам, Адил шу узининг кизмотиго кайра келиши да иктимол аа?»

Айтор, Акбаев тыякка кеткенден бери анын үй-бүлосүнүн эң жакыны ушу гана Жакыпбай чал болду. Күлүмкан — «ата» деп, а балдары — «чоң ата» дешчү. Ай бою атасын көрбөй кара талаанын отурган балдарга бу Жакыпбай чал тоодой арка: «чоң атам келатат! Чоң ата кетпецизчи? Биздикине конуп калыңыз?» — минтишкен балдар чалдын боор эти менен тең эле.

Ажал-азаптан адамдын аман калышына кээде, адам озу себепчи тура! Мына, Акбаевдин үй-бүлөсүн өрттөн аман алып калган Жакыпбай чал минтип азыр, өз мандайында турат. Беш кол теңби, бу жамандык-жакшылыкта пенде дайым пендечилигин кылат тура. Жакшылыгында при алды жагынып кирип келгендер, кичипе кырсыктаганда ири өрт чыкканын табалап, тетири баскандар да болуптур ушул арада: «Дегеле жанга жолобогон неме эле, көрмөк оңону!» Алардын эч кимисине нааразы болгон жок Акбаев. Кимдекимиси менен жылуу мамилесин бузбай көчүп кетти...

Мына, эми быякка келгени баягы өрүлүктөшкө шашкандардын кээлери кой-айга көнбөй кирип-чыгып жатышты.

Алды менен өрүлүктөп келген баягы Асылбеков болду. Акбаев а деп, бул районго келатканда бул өрөөндүн эли-жерин аябай жамандагапына карабай, өзү бул районго экинчи секретарлыкка дайындалбадыбы.

— Кечиресиз, Адыл Акбаевич! Капыстан эле кирип келдик. Сиздер тыяктан жаңы көчүп келгенден кийин, кирип чыгыш биздин адамдык милдет экен. Ата-бабанын салты да бар...

— Э кокуй, сиздер деле жаңы келбединиздерби?.. — деген Акбаевге сөз берген жок Асылбеков:

— Жо-о, жок! Биз жаңы келгенибиз менен өзүбүз ушул жактанбыз. А сиздер болсо түштүктөн көчүп келип жатасыздар. Анан, ата-бабанын салты... — деп бир кайталап алган Асылбеков өзү менен келген аялын тааныштыра кетти:

— Асыл! — деп аялын көргөзгөн бул саал тамашага чалды: — Асыл Асылбекова! Кайнатасының атына да уйкашып кетет бу түготтүкү! Ошондуктан, бул кээде, өз атын өзү терген калат.

Асыл... кебездей ак ундан чоң чарага ачытқан камырдай балтайган аппак аялдын узун-туурасы билинбейт. Тиги эшиктен эки буту менен басып кирбей жайтоголонуп киргендей көрүндү. Мындай караганда кышында балдар жасаган «кар кишиге» да окшоп кетет.

Чоң кар түшкөнүнө кубанган балдар андан олчойто тоголоктой берип, оо, качан кулачтары жетпей калганда гана бу алачыктай карга кардан жумуру баш коюшуп, эки жанына эки колдун мукур сөлөкөтүн орнотушат да, анан, ушул олчойгон кар кишини айлана чуркап чуулдашат:

«Оо, кар киши!.. Оо, зор киши!..» а чынында өздөрү жасаган кишинин жанында балдар кымындай эмеспи...

Мына, азыр тиги Асылбеков өзү таанышгырып турган аялы — Асылга караганда өзү сепейген гана бир жан. Учурашып турган Акбаев күлө багып баш ийкеди:

— Эң жакшы! Келициздер?

Акбаевдин жубайы да бул али аялдын жанында чепейген бир бийкеч көрүндү. Күлүмкан ачык чырайы менен жадырады:

— Ии, келициздер, келициздер?

Асылдын балкантоодой бетинен мурдунун учу араң эле баш багып, тырмап тешкендей кичине көз, шишимек сурманын алдынан жылчыйтып гана күлүмсүрөдү:

— Рах-мат... рах-мат!.. — деди Асыл демиге. Ал ушул азыр, тыштан оор жүк көтөрүп келгендей демигип, энтиге, көкүрөгү кышылдап турду. Асыл ошо энтиккен калыбында бу үй ээлеринен мурда алардын үйүнүн ичин тинте карап

16*

жатты: «Кана, деги оокат-тиричилиги кандай эмелер экен? Канча килеми, кандай мебелдери бар экен?»

Асыл өзү эле эмес, бироонүкүнө конокко барып келген жолдош аялдарынан да кээде, өз күйөөсүнөн да а деп ушуну гана сурачу:

«Үйүндө дүйнөсү жакшы эле бекен? Канча килеми бар көрүнөт? Мебелдери импортныйбы же?..» а алардан өздөрү кандай кишилер экенин ооэуна да алып көргөн эмес.

Азыр бу Акбаевдин үйүн тинте караган Асылдын көзү эч нерсеге түшө калар эмес: тиги босого жакта, тышына сырлык лак жабылган чакан гана, эски буфет, (анын ичинде деле колго алар идиш көрүнбөйт, жөнөкөй эле чыны, чайнек тургансыйт), дубалдары ачылдап, килем түгүл туш кийиз жок, төргө Лениндин портретин илип коюптур. Баса, тиги бурчта китеп текчеси — анда шыкыраган китептер. Асыл өмүрү китеп бетин ачкан жан эмес. Кээде гана бир сабаттуу аялдар үйүнө келе каларын билгенде балдары окуган бирин-эки китепти стол үстүнө кое коюп, анан, өзү тиги диванга чалкалай отуруп, китеп карап калчу. Тыштан кирген аял мунун дымагын көрө коюп, үн салчу: «Охо-о, кайран гана Асыл! Дүйнөдөгү асыл казналарды ачтарып жатканың го, ботом? Ии, деги кайсы китепти окуп жатасың? Кандай экен ыя?» бу суроолорго манчыркап, китепти тиндей ыргытып салчу Асыл: «Ээ, эмне дейсиң? Эмне бар дейсиң китепте! Баягы да...»

«Хи-хи-хи-хи-и! — мунун сырын беш колундай билген курбусу каткырып ийчу да кайра сурачу: — Ийи? Ой, «баягын» кайсы? Китептин баары эле «баягы» болсо, аны окуп неге убара болдуң ыя? Ха-ха-ха-а!» Буга Асыл уялып калчунун бири бекен, кайра тигини беттеп алчу:

«Э, койчу, сен, ай! Жөнү жок ырсаңдабай, маа! Мен сендей билимпоз эмесмин, ай! А көрө сүйлөчү?»

«Хи-хи! — деп басылган аял эми жай сөзгө келчү: — Ии, эмнени ыя? Эмнени сүйлөйүн?»

«Ии, өткөн дем алышта кимкинде болдунар? Баса, баягы килемди алдыңарбы ыя?»

...Ата-а, ушул азыр да ошентип, килем, дүнүйө тууралуу гана сүйлөшөр бир сыр билги курбулардан болуп калбаспы мында! Бу Акбаевдин үй-турмушун эшигинен-төрүнө чейин сынап киришпейт беле. Ооба, дароо эле сынап ийишмек. Ички кыялын тышына чыгарбаска аракеттенген Асыл эми тиги китеп текчесин карап отурду. Анда кайсы китептер бар экенин көздөн өткөрүп, өзүнчө ой төрмөп отургандай көрүндү Асыл: «Капитал» деген үч китептин тартайган жазууларын даана окуду. Лениндин күрөң том-

доруп да тышынан тааныды. Ал оз үйүндө да бар эмеспи. Эми тетиги четтеги бозомтук-көгүлтүр китептер... 1ден 8 ге чейинки санды окуду. Асыл бу сан эсебинен анан, өзгөчө, акчанын номеринен жаңылып көргөн эмес. Сегиз китеп... сегизи тең окшош — бозомтук-көгүлтүр китеп экен. Анан, алардын тышындагы окшош тайрактаган жазууну окууга аракет кылды: «ачка отургуча айранга нан сындырып же,» дейт, тим отургуча...эми бу биринчи секретарь сөрөйдүкүндө көрүп, көз кумарын кандырар килемдери, кымбат мебелдери болбосо...»

Ушул ойдогу Асыл эми, тиги сегиз томдуу боз китептин түбүндөгү жазууну окууга кунт койбоспу: адеп, кол менен тартайта шилтеген «М» тамгасын таанып эле турат го, андан аркысы айрылбайт түк...

«М... М... — деп турган Асыл, анан, ошол М ге эптеп атып, Ш ны кошту. «МШ... Мш... — деп кайталап алды бул. Айтор, табактагы сүтүн мышыктан коруп аткансып, үч кайтара: «Мш...» деп алган соң анан, улап окуду: «Мш... о... Мшоо... Мшоох... — деди акыры, анан өзүнөн сурады: «Мшооху эмне ботом? Ошондой да сөз болобу? Эк! — деп өзүнчө жактырбады, ошо тиги көгүлтүр-бозомтук китептин да, анын түбүндөгү кишинин атын да. — Жазган соң ачык эле жазбайбы анан, обу жоктонбой! Тигине, жазуу деген «Капитал» бадырайып эле турат! — деп булкунуп койду өзүнчө.

«Капиталды» ким жазганы менен иши эмне, анын ичинде эмне бары менен жумушу эмне? Айтор, Асыл азыр «Капиталды» ачык окуп алганында кеп жок, кептин баары ошо капитал деген акча экенин бул күйөөсүнөн угуп калганында болуп жатат. — Ээ, акыры акчадан кызык эмне бар бу дүйнөдө! — деп койду демиккен калыбында. — «Капитал» деп! Жадаганда анын жазуусу да көзгө даана! А тетигинчи! — өзү ачып окуй албаган көгүлтүр-бозомтук китепти эликтей карады: — «Мшоох» деп мага!.. «Мшоох» эмес, «Тшоох» бол! Тиги капиталча эмес, тыйынча керегиң не?!»

Асылдын ичинен окуусун күйөөсүнүн үнү бөлүп кетти:

— Э, байбиче, отуруп калдык го, кана, бу, бул үйгө арнаган туз-даамың болсо эми жайнатпайсыңбы?

Муну укkан Асыл оопап козголгуча Асылбеков, чыдамы кетип өзү тура жөнөдү. Бир кан оокат батар килейген кызыл капчыкты кайкалай көтөрүп кирди да жаңы козголуп келаткан аялынын жанына койду:

— Мына, байбиче...

Ныгырылган Асыл кышылдай кыймылдап, чоң капчыкты манчыркай ачып жатты. Капчыктан: куйруктуу козу-

нун эзиле бышкап эти бүт бойдоп, анан, семиз индюктун эти атаандаша чыгып, береги кок кленка жабылган чакан стол үстүнөн орун талашты. Асылдын мыртыгый манчалары боорсоктон да эки-үч чеңгелдеп эт жапына басып жатып, өзүнчө эринип койду:

— Э, боорсок быякка тура берер, а коро... — минтип демиккен ал эми коньяк, шампанскийди шагырата сууруп, дал ошо эт менен боорсокту капталга түртө койду да өзүнчө кейиди: — үстөл тар тура, батпай калды...

— Хе! — деп күлдү Акбаев,— Аяш, мына ушул тар столго койгонуңузду жеп бүткүчө качан. А биз балдарыбыз менен түгөтө албайбыз көптөбосок болбойт. А коро... — деди, Акбаев, очойгон аялдын мандайында турган арыкчырай жубайын карады: — Күлүм, сен бу, кошуналарды тезирек чакырбасаң?..

— Жо, жоо, Адыл Акбаевич! — деп чочуп кеткен Асылбеков бул сунушка ачык каршылык көргөздү. — Кошуналарды азырынча жөн эле койгонуңуздар түзүк го? Биз бүгүн өзүбүзчө ээн отуралы деп эле...

Анын айтканына Акбаев макул болгон жок, үй ээсилик кылды.

— Жо, жөн койгондо уят да. Кыргыздын үйүнө мейман келгенде кошуналарды куру койбойт. Илгертен ошондой да, үмүт этет алар. Бол, Күлүм! — деди кайра да жубайын шаштырып,— балдарды чурката сал. Баса, кечээтен бери бир абышка жүргөнүн көрөм, мейман көрүнөт, ошону кошо чакыртчы? А биз өзүбүзчө ээн отуруш качпайт,— деди Асылбековду күлүмсүрөй караган бул. — Сиз экөөбүз көп эле учурда ээн отуруп сүйлөшөбүз да. Ал эми бу кошуналар менен да бир чогуу отуралы, дайым эле ээн отура бергенде элден чоочуп болуп калабыз го?

— Ээ, мейли, анда,— деген болду Асылбеков. Азыр эле алыстан оор жүк көтөрүп келгенсип кышылдаган аялы — Асыл экөө бирин-бири карап айласыздан тим болушту.

Чакырылган кошуналарды азыр эле Акбаев айткан чоочун абышка баштап кирди, мында:

— Ассалоому алейкум!

— Аалейкум ассалам! Оо, келтиле аксакал, өткүлө, ии?..

— Ии, келатабыз, айланайын! — минткен абышка, бери өтүп, аны эрчип келаткан үчөө босогодо күймөлө калышты. Алардан бирөө — ушул арада иштеп жаткан бир бульдозер айдаган жигит, анын катарында тургандар — бу Акбаев түшкөн машинанын шофери келинчеги менен эле.

Үчөө тең жаш немелер, ыйбаа кылышты. Райкомдун биринчи секретарынынкына кирип келишип, анан, төрго чыга

калуудан батына алышпады. Алардын кыясын көргөн Акбаев а дегенде тиги шоферунун атын атап шаштыра кетти:

— Эй, эй Тилек! Өтпөйсүңөрбү! Босогого бой тирешкенидер кандай? Эми силердин боюңар менен тең кар жааса...

— Өткүлө, өтө койгула,— деп өнтөлөп калды Күлүмкан да. — Тилек, сен эмне... өз үйүң эмеспи, өтө койгула, өтө кой келин, айланайын?

Булдозер айдаган жигит менен шофер: «кантип өтобуз?» дегендей бирин-бири ырсая карашты да кандайдыр бир жылчыктан сойлоп өтчүдөй боюн-башын кымыра кармашып, тиги бышкан эт турган столдун четин карай жылышты. Шофердун аялы — мотурайган кара тору келин ошо жана кирген ордунан жылбай дагы кымырынып турганын көрө койгон Күлүмкан шашты:

— Э, ботом, ой, келин, өтө гой, айланайын?

— Жо-о, жеңе,— деди келин ошо калыбында уяң карап,— мен... идиш-аякка эле... силерге кол кабыш кылайынчы?

— Эч кандай идиш-аяк кармабайсың — деди анын оюна койбой,— Шаа жетпей жаткан идиш-аяк деле жок. Эч кимге идиш-аяк карматып көргөн эмеспиз. Сен да меймансың. Өт, өтө гой?

Стол тегеректеген шофер менен бульдозерчуну да, берки мотурайган келинди да, тиги тордогу чокчо, аппак сакал, кызыл чийкил чалды да көздөрүнүн тобосу менен карап отурушту, мында өрүлүктөп келишкен Асылбеков менен анын аялы — Асыл: «ардактуу кошуналары ушулар болсо..» дегенди бири-бирине көздөрү менен гана айтышты бу эрли-зайып. Булардын оюн Акбаевдин үнү бөлүп кетти:

— Кана, Күлүм, эми меймандардын колуна суу куя бергиле. Эт болсо мына, бышкан, даяр,— деди бул столго үймөлөнгөн этти көргөзүп,— а чайды болсо шашпай жай отуруп ичели ээ?

— Ээ, мейли, айланайын,— деген тиги чал эл алды камынып, ордунан козголду. — Колду тышка чайкайбыз го, сыягы?

— Жо, кое туруңуз? — чалды токтотту Акбаев,— отура бериңиз карыя. Козголбоңуз кокуй! Бул отургандардын баары сизден кичүүбүз. Анан, сиздин колуңузга суу алып келин куйбай турган ким бар экен? Элибиздин салтында колго сууну ошо отурган ордунда куят эмеспи? Бол, Күлүм, суу?..

— Э, мейли, эмесе, а кээ бир үйүндө чоргосу барлар «эшке чыгып жуу» деп калышканынан... — мынткен чал курмандагы кынынан мүйүз саптуу бычагын алып, алдына

койду. Анан, мында осол иш кылган жокмунбу дегендей жанындагыларды карады. Чалдын кыймылы эч кимге осол учураган жок, бир гана тиги шофер Тилек аны алдыртан карап: «эми тынч отура бериниз» деген белги берди. Абышканын алдына козунун сары куйка башы келди эле, анын бир кулагын кесип алып бери жылдырды:

— Ии, бу баш — жашыцарга... какчандап мен баш алайыпбы.

Ушундан кийин алдына келген майлуу жамбаштан кыя кесип жеп отурду чал. Отургандарга устаканды ирети менен озү койду Акбаев:

— Мына, эми баатырлар, кой дегенге болбой ала бергиле эми? Карачы, ниетибиздин дурусун,— деди, меймандарын кыдырата карап,— ушу козунун этин чогуу жемек экенбиз бүгүн, бу карыя да келип калган экен... — Акбаев ушул азыр чалдын оюндагысын айтып салды белем, бу создү чал ак дилинен коштоп кетти:

— Ии, ак кеп. Баары адамдын ниетинен, анан, буйруктан... ушуну бизге бүгүн буюрган...

«Атацдын башы буйруктан! — деди аны акырая караган Асылбеков, ичинен. «Буйрукчулун» мунун! Дегеле ниетинин түзүн! Акбаевдин кылганы го, болбосо, береги кир моюн уулуц экооцо минтип козу бышырып тартмак түгүл...»

Асылбековдун минтип отурганын тиги аялы — Асыл да билип, Асыл да бая демикпей калыбында озунчо түйрүндон, мына бу жалпак чалды, тиги булдозерчу менен шоферду жанагы эле бойдон козунун төбосу менен карап, буларды сүйлаган Акбаевди да жекирип, жер-жеберине жетүүдо:

«Ой, сен ырайкомдун биринчи секиратары болбой кал! Сага корогон кайран гана мансан! Ардактап, сыйлаган мейман — кошуналарын ушу береги кара майга чыланган тырактирчи менен шоопур болсо!.. Анысынан да тиги салпайган койчу чалды төрүнө отургузуп... «эшегипе жараша тушагы, акыры өзүц ушулардын тецисиц да... Болбосо ушуларыц биздин босогону басып корсүнчү! Төрүмө отургузуп, козунун этин тартмак түгүл тиги көкүнама киргизип, карандай чай ууртатпасмын, ушу сасыган өлүгүндү көройүндөрго! Бар кордугунан бизди чогуу отургузганын карасац!.. Ботом, бизди да ушулардын бири көробү ыя?!»

Ичиндегисин сыртка чыгарбайбыз дегендери менен бу өрүлүктөп келишкен эрли-зайыптын кыртыштаган өцүн мында отургандар тегиз көрүп отурушту. Мындагылар ушул азыр Асылбековдун үйүндө болгондо минтип кенен-кесире отуруп, эт жемек түгүл тасторконго кол тийгизе албасы аныц эле. Бул чамгарак — Акбаевдики да. Анын үстү-

по Акбаев жубайы экоо тең буларга эбилип-жыгылып турушканынан эч тартынбай отурушту. Бир гана тиги катарга тизилип турган бөтөлкөлөрдөн бирде-бири ачылган жок. Андан ичилбесин үй ээси ачык эле эскертип койду:

— Эми бу аксакалдын алдында арак ичүүгө акыбыз жок,— деди Акбаев.

— Бали, айланайын, бали! Кеп эмес бекеп! — деди чал кубана. — Ата-а ушул озубуздун эле балдарыбыз мына ушу сиздей мусап кылса эмне!.. Анда тиги желмогуз ичилбей калышы ыктымал эле, айланайын! Мына, райком башыңыз менен менден мусап кылып аткан соң... Эми ушуну угуп турган мына булар деле адам болсо ойлонор? Хе-хе-хе! — деп күлгөн чал бу Акбаевди анан, тиги отурган эки жигитти сынай карап койду.

— Иш улук эмес, жаш улук,— деди, Акбаев,— улуунун көзүнчө ичкилик ичүү түгүл осол сүйлөө жок эле го?

— Ээ, аның ырас, айланайын! — деп бажылдай кетти чал. — Бо, улууну ызаттоого келгенде элибиз асыл эле го! Ымандуулугун айтасыңбы! Ынтымагын айтасыңбы!.. Эми бүгүн... жашырар эчтекеси жок,— деди чал — бизге окшогон далай ата-баланын ынтымагын кетирип, ырысын качырып жаткан ушу береги желмогуз го!..

Минтип баштаган чалдын сөзүн уккусу келбей жанагыдан бетер кыртыштап отурган Асылбеков тетири карады, өзүнчө күбүродү: «акылдуусун мунун! Ынтымак-ырысың барынан уулуң...»

Асылбековдун чунаңдап, мына бул тасторконду булардан кызганып отурганын карап турган чал, алар алып келишкен тигил бөтөлкөлөрдү Акбаев ачтырбай койгонуна кыбаасы канып, сөз улады:

...— Алиги, уу коргошунду билесиң го? Табыбы жарашса, оо, тиги эле илгертен миң-бир эки дартка дары. Эми ошонун дарылыгынан уулугу кыйын... — минткен чалды Акбаев абайлай карады эле, аны сезе койгон чал далилдей кетти: — Ии, ошон үчүн — уу коргошун да!

Илгери кишини билгизбей жоготор душман мына ушу уу коргошун менен жуткан эмеспи, анын башын!

— Аны ичириппи? — Акбаевдин минтип кызыга сурагынан улам чал да кызый сүйлөдү:

— Ичирип да, ичирбей да...

— Кантип ичирип? А кантип ичирбей?

— Ичиргени бу: качантан бери кегип алалбай жүрүп, анан, бир жолугуп, шашып калган душман дароо кымызга чылап жуткура салган. А ичирбегени: шек алдырбас душман кас санаган кишисин кол куушуруп коноктоп, анан

Айткандай ал менин сокомду кармады, мен жөнөп кет-тим. Анда башкармабыз — Байдаалы. Өзү ошо Куртка ботлушунун уулу болчу. Тегин жашырып калкоско өтүп, жөлөгөн-таяганы бар эме экен, калкоско жөн өтпөй башкарма болуп алып, анан, бая атасынын болуштук доорун бир сурду белем! Ортонун малын ойда-а, ушатып кирди: жайкысын коштоп ак үй тигип, тиги Нарын боюна отуруп, байтал бээнин балкымызын кызыл чаначтарга чайкатып, улам союлчу сары куйрук козулар ак үйдөн обочо келгенде тизилип, а кермеде калкостун жорго, күлүгү байланып, а кышында кызыр эмди тайлар улам коондой жарылып...

Баарыга маалым ал жылдары аштык тартыш кези. Байдаалы калкостун арпа буудайын кампага куйдуруп туруп, кош кулпу уруп, ачкычты өз жанына салды. Өзүнөн өзгө жан кампага баш катууга акысы жок. Дан каатын тарткан эл сураса: «мемлекетке төгүлөт, калганы үрөн», дейт.

— Ээ, Байдаалы — түйрүктүн кылбаганы калдыбы! — деп капаттана кетти чал,— деги бу, киши баласы көпкөндө көзүнө эчтеке чалынбай, көзү эле түгүл эс-акылын кармай албай кутуруп кетет тура. Андайды эл «адисинен» аштыкан, айланайын! Ботом, кампаны бекитсе го бир жөн, кудукка кулпу салып ботом!..

— Кудукка? — Акбаев таң кала сурады. — Кандай кудукка?

— Кадимки эле калк суу ичер кудукка,— деди чал,— анда дарыядан алыс кыштоодо отурчубуз. Бир айыл элде бир эле кудук бар да. Кампадагы аштык түгүл, ошону да өзү эпчиктеп алса болобу! «Муну атам каздырган кудук. Менин атамдан калган кудукту малы-жанынар менен ичип, соолтуп ийе турган болдуңар!» деп кудуктун оозун капкактатып туруп кулпу уруп таштаса болобу, айланайын! Мына, көрүнө кордук!..

Бу жер жүзүндөгү жандын тирилиги суу менен го. Жер үстүндө кыбыраган жанды-жаныбарга аба менен суу орток эле эмеспи айланайын?! Анан ошол экөөнү — «меники» деп эпчилеп алганды укканынар барбы?! Бир эле баягы жомоктогу Теламан — тентек ошентпесе, өзгө ким антет?.. Ошо тапта башкармабыз Байдаалы — түйрүк Телеман — тентектен ашпаса, кем чаппаган экен баамдасам. Айлыбыз менен суудан какшып, а тиги күнчүлүк дарыядан суу ташып калдык чаначка. Оо, анан кыр ашып, бир көктудан өзүбүз кудук казып алып, араң күн көрбодукпу...

Ана, ошонун баары жеткен экен ырайонго. (А биз анда ырайондун борборунан көп алыс элек да)

Баса, мен башкарманы чакырып баратпадым беле. Байдаалы-түйрүк кыштоодогу ысык үйүндө болчу. Мен аны алыстан көрдүм: кере карыш, жашыл тукаба, көбөөлөгөн ууздай ак тонду желбегей жамынып, ормон түлкү тебетейди көзүнө баса кийген Байдаалы түйрүгүм турган экен бери секиде ары-бери басып, жер-жердигинен араң котөрөт...

— Асаалоому алейкум, Байдаалы аке! — мен минтип беритеп салам айттым эле алик алган жок. Тоотподу. Алик ордуна мага ыңгырай карап, ээгин кагып гана койду:

— Ии, эмне? Кайдан келатасың?!

— Коштон Байдаалы аке, сизди чакыртканынан...

Мени эми жаңы көргөнсүп, тиктеп калган ал кайра бурк этти:

— Ким экен ал чакырткан?

— Ботаалы,— дедим.

— Ботаалысы ким?!

— Ысполком, Байдаалы аке.

— Ысполком? Ботаалы? — деп кыртыштаган ал дагы сурады: — а баягы тиги Жан-Булактагы ит кубарбы?! Анын эмине алды-бердиси бар экен?

— Билбедим, Байдаалы аке, кошко келишиптир. Өзү менин ордумда соко кармап калып, мени сизге жиберди.

— «Соко кармап калды?» — ушинтип алды Байдаалы түйрүгүм. — Ие, андай сокочу болсо кармай берсин, сокосун. Мен аа теңелип, соко кармай албайм! Андай, менде жумушу болсо тиги кеңсаларга келсин. Кеңсалар деген бар! — ушинтип, өз тамы жакка тумшугун шилтеди.

Сөздүн кыскасы, Ботаалы ысполком ошо кеңсаларга (кеңсалары тиги ошо Байдаалы түйрүктүн ысык үйүпо жамай салган жалпак там болчу) калкосчуларды чакырып, чогулуш жасап алардын оюн укту: Байдаалы — түйрүктү түшсүн деп жаалап чыгышты калкосчулар. Анан, ошо чогулушта анын ордуна мени башкарма шайлап коюшту. Кампанын ачкычын маа алып берди. А түгүл, баягы бекиткен кудуктан өйдө ачтырып, ага катуу ачууланды Ботаалы: «калкостун кампасын менчигинде басышка кандай акың бар? А түгүл, кудукту бекитип... Бетиң кантип чыдады экен буга?! Элдин суусунан өйдө менчиктеп алышка ким саа укук берди ыя?! Сени бул кылыгың үчүн, барбы!.. Мал-мүлкүңдү опус кылып, өзүңдү айдоо керек!» ушинтти да бая өз билгенинче союп-сатып бүлдүргөн ортонун малын бүт төлөтүүгө чечим чыгарды. Аны угуп турган калкосчулардын кыбасы канды белем! Бирок, Байдаалы — түйрүк тим кетпей кайра да жамандык кылып кетти. Күүгүм талаш кампанын

алдында элем, үчөө-төртөө мени тегеректеп келишти. Алар ошо калкостошордун алдында айылдан качып кетишкендер эле. Тоого бекинип жатып, элдин малын уурдап, ал малды тиги катуу багыт — Какшаал тарапка өткөрүп, ал эле эмес, быяктан-тыякка апийим өткөрүп турушкан аткесчилер болчу алар. А басмачылардын окуясы элдин үрөйүн учуруп, кишилер аларды соз кылганда малы түгүл, жанынан да чочулаша турган. Алар тууралуу өкүмат да билип, алардын изин кууп, кармай албай жүрүшкөп. Мына, эми алар менин бет мандайымда, мага атылчу жаадай катар сайылып турушат...

— «Башкарма, кандайсың?! — деди анын бири мени кетип,— бу, тиги Байдаалыны түшүрүп күчөдүң го сен!»

— «Ээ, болуптур, андай тың экенсиң, элди бийле, көрөбүз! — деди анын жанындагы кубандаган неме, чаптын карышкырындай мага ыкыс берип,— Бизге аштык керек азыр! Уктуңбу?!»

«Азыр жөнөт, кармаба бизди!» — деп шаштырды дагы бирөө.

Баса, менин жанымда биргат бар эмес беле, жок булар келер менен! «Качкан экен! — дедим, жалгыз калган экемин! Мейли, башка түшкөндү көрдүм, булардан коркуп, элдин аштыгын алдыргыча...» — ичимден ушинтип бекидим да тигилерге тике карадым:

« Силерге берер менин менчик аштыгым жок! Аштык — ортонуку. Аны калкосчулардан сурагыла».

«Так сенден сурайбыз! Бер ачкычты сыйың менен! Кампанын ачкычын» деп мени кекиртектеп калышты.

«Ачкыч жок менде!» — деп айтып оозуму жыя элегимде:

«Ачкыч бар, сенде! Азыр табабыз! Сыйы менен бербейт да!..» — ушинтти да мени жерге чаап алып, тытып жатып калышты...

Бир оокумда мылтык атылып, кишилердин кыйкырыксүрөөнү угулганын бир билем: «Басмачыла-ар! Байдаалы түйрүктүн басмачылары-ы!»

Мен ушундан бир аптадан кийин эсимди жыйыпмын. Ошо тапта калкосчулар келип калбаганда менин тирүү калганы, менин жанымдагы биргат дароо жетип кабар кылган экен, байкуш! Кудай-кудай алдында тирүү калышыма ошо себепчи болду. — Ушинткен чал көзүн жүлжүйтө күлүп койду: — ошо биргат азыр деле бар. Көргөн сайын мени таамашалап калат: «Күлжабай, сенин жанынды мен алып калгам, ой! Мен болбосом чырпык кезиңде солумаксың байкуш!»

Апысы ырас, ажал деген каш-кабактын ортосунда эмеспи. Анан ошо а деп, калкос курган күндор... Жанды оозго тиштеп жүрүп иштебедикпи! Канча ачарчылыкты көрдүк... өзүбүздүн ачыбызга кайыл, ачарчылыктан эл аман калса деп, кара жанды карч урбадыкпы! Азыр аны айтсаң береги, балдарга угулуп, жарыбай калабы, кандай? Көбү жалкоо эми, ыкшоо...

— Оо, аксакал! — деди Акбаев бу Кулжабай чалдын сөзүнө ачык канааттанды. — Сиз, бу колхозду өзүнүз курушуп, өзүнүз жетектеп, анан, ошо күндөн ушу күнгө талбай иштеп келаткан, экенсиз? — минткен Акбаев тиги Асылбековду карады: «киши кошпой ээн отуралы» дейсиз, а кишинин баскан жолу бизге көптү үйрөтөт моминтип!» — ушуну тигиге көзүнөн айтты да ал оюнун учун тышка чыгарды:

— Мына, биздин тирүү тарых — ушулар! Михаил Шолоховдун «Көтөрүлгөн дыңындагы» — деди Акбаев, жанатан бери мына бу Асыл окуй албай: «Мшоох» деп отурган көгүлтүр-бозомтук китептерди көргөзүп: — Давыдовдор, анан Нагульновдор мына ушулар да!.. — Акбаевдин үнү кандайдыр эргип, мына ошол күндөрдүн күрөшүнө аралаша түшкөндөй алагар көзү жанып турду. Кулжабай чалды кубана эркелете карады. Асылбеков болсо өзүнчө мыкыйып, китеп аттуунун баарын алда-качан окуп бүткөн кишиче, уурдунан жылмайган болуп, башын ийкеди:

— Билебиз, өзү. — Аялы — Асыл да азыр айтылган сөзгө туюнса-туюнбаса, ошо тиги өзү окуган «Мшоохту» карап, көзүн сүзө, ээгин кагып:

—« Ии, «Мыкаыл Чолокүн» дейби?.. Ал эмне кызматтагы эме экен өзү? Соода министириби? Же акча министири бекен? Же, ушу райкомдордун чоңу болуп жүрбөсүн ыя?.. Же... андай ырайкомдорго кожоюн эме болсо, менин эрим деле ошо тиги «Мшоох» деген китептерден алып келет эле го үйгө? Курушүптү го билебиз... «Микита Курушүп» деп күндө айтып атышпайбы. Эмнеси болсо да үйгө барганда сурап билип коеюнчу: «жанагы Акбайың жан-алы калбай айтып аткан Чолокүбүң кайдагы чоң» деп сурайм.

* * *

Тиштенип арак отурушкан Асылбеков аялы — Асыл экөө тышка чыгары менен жамандап кетишти:

— Мунуң деги эмне болгон ырайком ыя? — деди эки жанына оонай майпан баскан Асыл күйоосүнө кергий.

— Эмне болуптур? — деп койду, аялынын эмне айтаарын билип турса да.

— «Эмне болуптур» дейт дагы!.. Ботом, дегеле киши көргөн эмеби мунуң?! Киши экен деп атайын келсе-е!.. Биздин үстүбүзгө кайдагы бир шоопуру менен тырактирисин чакырып! Биз менен сүйлөшүп, таанышып алат десе-е... кайдагы бир куучундаган койчу чал менен эзилишет! Мындайын билсем, мунуң биринчи ырайкөм эмес, биринчи акөм болсо да башбакпайт элем! Жанагы селпейген катыны да өзүнөн ашкан жөн билбес көрүнөт?! Биздин жаныбызга отурбай эле улам селпенден тура калат да өзү чуркап чайын куюп, казан-аягында жүрөт да ботом! Анын казанын эмне, бирөө көтөрө качмак беле?! Отур, тынч ары. Андай эле ээгин шилтеп «казан карма» деген белги берсе, бир эмес, төрт катын чуркап келбейби! Өз баркын билбес бир... Баарыдан да жанагы шоопурунун катыны чай куймак болсо, ошондон чайнек талашып: «өзүм куям» дейт ботом!..

— Ээ, байбиче! — деген Асылбеков аялына какшык таштады: — Карапайым, маданияттуу кишилер деген ошондой болот, хе-хе-хе!

— Оолда, карапайымчылын! — деген аялы аны ала качты. — Өзгөлөр карапайым болбогондо эмне-е, бирөөлөрдү токуп минип алган бекен ыя?! А эл сыйлап турган соң сыйын көр, обу жоктонбой!.. — минтип Акбаевдин аялы экөөн бир сыйра ашатып алган Асыл, эми алардын өздөрүн ташпа ийип, үй-оокатына өттү: — Ботом, үйүнө ууру кирген эмеби мунунун?! Аңылдап, жылаңач турат го? Сени билбейм, мен бирөө көчүп кеткен ээн тамда отургандай элеболдум, ой! Дубалдары аңгырап... ырайкөм башы менен бир килем тарталбагандан кийин, эмнеси ырайкөм анын?! Мындан көрө жанагы шоопурунун үйүндө килем батпай турат азыр.

— Хи-хи-хи! — этип кыт-кыт күлгөн Асылбеков аялы Асылдын жаңы от алып келаткан күпүрүнө жана астыртан дүрт эттире май чачып койду. — Ээ, байбичем! Честный коммунисттер ушундай болушат да! Дүйнө жыйышпайт. Байлыкты жаман көрүшөт.

— Оолда, кудай ай! — деп өңгөчүн тартты Асыл,— чесинийин мага Ушунуң чесинийинен, Ыстаалин болор! Көрөрмүн, ошо Ыстаалин болуп калганын. Оолда, кудай, ай!.. — ушинтип, биртике үнүн баскан Асыл, кайра да өз билгичтигин айтты: — Айтты-койду дебе, ушунуң аракеч эме көрүнөт, ой?

— Ии,— деди, Асылбеков басып баратып. — Аны кантип билдиң?

— Ушинтип эле билдим,— деген Асыл күйөөсүнө далилдей кетти: — үйү-жайы эле көргөзүп турбайбы, ботом! Ууру

топоп кеткендей жылаңач. Тапканын бут ичип алышат да... Анүстүнө катыны экөөнүн өңү эле айтып турат: экөө тең керсары тартып, кынжыйып, арык тура. Аракечтер ушулардай болуп, арыктап катып калышат эмеспи?.. Анан да бизге сыр алдырбаган болушуп, «сакалдуунун көзүнчө арак ичпейбиз» демиш болуп...

— А балким, чын эле ичпес? — деди Асылбеков. — Бул районго келгени мунун ооз тийгенин көрө элекмин.

— Сага көргөзүп ичмек беле? — деди Асыл шар эле. — Ичер-ичпесин сен билбейсиң да. Мындайлар кишиден жашырып ичишет. Өзү түгүл, аялы да аракеч көрүнөт, байкап отурдум: кирип-чыгып бөтелкелордон көзү өтүп... а түгүл, Акбайынын озүнүн эки көзү да ошо бөтелкөдөн кеткен жок. Анын баарын көрүп эле отурдум.

— Ата-а, сен... ыя? Чын эле ошентип отурдубу ыя? — басып бараткан калыбында ушинтип сурап, аялынын сөзүнө уюгандай болду Асылбеков.

— Ээ, чалым... — деп койду Асыл,— мен өлөөрүмдү гана билбе-ейм! Өзгөсүнбү... а өзгөсүн тиги көңүлдагы чычкандын улутунганын билем. Ишенбесең азыр кайра барып көрчү, экөө талаша ичип жатышканынын үстүнөн чыгасың.

Асылбеков бу аялы — Асылдын айтканына олуядай ынанчу. Кишилер менен мамиле, мына ушу Асылдын айтуу боюнча гана жазалчу. Не бир сонун кишилерди буга суук көргөзүүгө Асылдын эрдинин бүлк эткени эле жетчү. Мына, азыр да өзгө үй болгондо Акбаевдин арак ичкен-ичпегенин текшермек болуп, жолдон кайра тартууга даяр эле, бирок, ага батына албады.

Жаңы келген секретарь — Акбаевдин үй-турмушу жөнүндогу кеп бу Асылбеков менен анын аялы — Асыл экөөнүн ортосунда айтылып тим болгон жок, Асылдын жан-жөкөрлөрүнүн арасына бат тарады:

— Жаңы секретардын үйү жайдак дейт го?

— Жерге, как эле жерге жатып, жерден турган эме дейт.

— Койчу?.. Кантип ошондой болсун? Көп жылы секретарь болгон эме дешти эле го?

— Өзү да көп балалуу дешет го?

— Э, баарыбыз эле бала-чакалуубуз го, кеп андан деле эмес...

— Ии?

— Үйү-жайын жылаңач койгону амалы го? Эл көзүнө жупуну көрүнгүсү келгени да, а болбосо...

— Ким билет, айтор, дүнүйө түгүл, тамак-ашы да тартыш дейт го? Азыр ачарчылык жок, ошо ачарчылык күч-

нүндө да секретардын үйүндө тамак-ашы батпайт эмеспи. Ал мунун казаны какшып турат дейт. Кокус үйүнө союш алып келе калган киши болсо андан жаа бою качып, кайра айдайт экен. Ал эми бышык эт-аш барса көрүнгөндү чакырып, талатып ийет имиш.

— Э, ботом,— деп түкшүмөлдөдү угуп отурган аял. — А өзүлөрү эмне ичишет экен анан?

— Сүт куйган чай ичип отурушат дейт.

— «Сүт куйган чай»? Ак чай дебейсиңби? — ушинтип оңоду берки аял. — Ой, ал ак чайды биз ачарчылыкта ичпедик беле ыя?

— Жаңы секретарыңкы, мына эми ичип отурушат экен анда.

— Ийий, карагүн! Өлчөң өзүңө болгур! Ботом, ал ачарчылыкты чакырган эме го? Эми, ушу бүгүн ак чай ичсе...

— Үйүнө келген-кеткен да көрүнбөйт. Бир да жолу алашакшактап, эт салып, чомуч-кашыгы май болгонун көргөн жан жок, качан болсо кечинде кесме ичип отурушат экен.

— Кесме-е?! — деп чочуду жанагы аял. — Э ботом, эркек башы менен секретарь ошо кесмеге алымсынат бекен ыя?

— Алымсынмак түгүл, дайым өзү «кесме» деп турат экен. Оорукчан эме дейт го. Тамакты терген ичет экен.

— Он эки жакпаса да-а... билбейм, кандай киши ошо кесмеге каниет кыларын. А тиги менин чалым кечинде (өзгөчө, бирдеме сеп этип алганда) кесме жасасак, тимеле казаныбызды аңтара тебет: «кечинде суюк кесме ичкидей, мен саа кайырчымынбы?! Сал, этти!» деп күпүлдөп кое берет.

— Ии, эркек деген ошентет да.

— Ботом, баарыдан кордугу бөлмөлөрүнүн баары аңгырап, ээн турат. Балдарын өзүнчө бөлүп жаткырбай, үшүп калат деп, өздөрүн тегеректетип алып жатышат экен».

Акбаевдин үй-тиричилигинен, ичкен тамагына чейин сындаган бул, бир кур аялдар, эми, тиги кичирээк балдарын койнуна алып жатышынан да өөн табышты. Ар күнү айтылган мындай сөздөр кайра Акбаевдин үй-бүлөсүнө угулуп турду.

Адатынча эрте ойгонуп алган секретарь азыр жанындагы бала сооротқон Күлүмкандын үнүнөн улам, ошолорду эстеп койду да ордунан турду.

— Таң аткыча али кыйла бар,— деп кыйылды баласын сооротуп жаткан Күлүмкан.— Кечээ, түнү менен жол жүрүп келдиң, эми биртике уктап алсаң эс алып калбайт белең?

— Баары бир,— деди Адыл,— өзүмдү зордосом да уктай албайм эми. Жаткандан пайда жок.

18

Ал кийинип, тышка чыкканда жаланган гана аяз бар экен тышта. Күндөгү адатынча үй алдында биртике ары-бери басты. Күндө бу маалда өзүнө жетип келчү машинаны бир аз күтө калчу эле. А бүгүн Тилекти таң атпай кел деп чакырган эмес. Күнү-түнү менен жол жүрүп, чарчаган аны эс алсын деген эле. Машина келбесин эстеген соң көчө ылдый басып, төмөн баратты. Көчөдө азыр кыбыр эткен жан жок экен.

Буурул тарткан асман алдындагы тоо-талаа да, береги катар боз тамдар да тегиз уйкуда. Андан-мындан иттин үргөнү угулат. Айдай талаада түндөп келаткан жолоочудай аяз жортот, аяз гана... Чак түш болгон ай бийикте бозомтук-мунарыктап, жылдыз али тарай элек. Али, кар жамынган сүрдүү тоолор. Ошо тоо этегинен бери аяз жаланып, аяз коштогон суу шары угулат.

Аяз жутуп, ошол тарапка жүзүн бурган Акбаев тоо тараптан келаткан үрүл-бүрүл караанды көрдү. Караан куду бир карга түшкөн көлөкөдөй сүйрөндөй берип, оо, бир оокумда даана көрүндү: атчан экен. Акбаев андан көз айырбай райкомго жакындаганда атчан да ошоякка келатты. Ошо атчан келаткан жактан тоонун башы ак жээк тартып, таң сүрүп келаткан эле. Ушул үрүл-бүрүлдү жиреген аттын кошкуругу угулду. Үстүндөгү: соцкоюп, ары узун, ары жансыз немени коюп койгондой кыймылсыз көрүндү. Акбаевге бет-мандай келе калганда гана апын каргылданган үнү угулду:

— Салоом алейки!

— Аалейкума ассалам! — алик алган Акбаев тигинин өзүнүн үстү-башынан мурда ак бубак каптап калган атын көрдү. Ат, карагерби, торубу, же жээрде бекен? Өз өңү айрылбайт. Башы, эки кулагынан бери, анан, соорусуна чейин бубак басып, ал буурул көрүндү. Эки таноосунан да боз буу куду кернейдей чыккан түтүндөй түрмөктөлөт. А ат үстүндөгү киши соцкоюп, тоңуп калгандай калыбында кожойгон колун Акбаевге сунду. Апын кожойгон, шадылуу манчасы таштай катуу да, муздак да экен. Колун кыса каргаган Акбаев аны утурлап калды:

— Ии, жол болсун, баатыр?

Атчан оозун камтууга келбей жаткансып, дароо жооп бере койбоду.

— Ии? Кайдан? — Акбаев кайра сурады.

— Ылайлы-Суудан,— деп токтоду атчан.

— Түндөп чыккансың го?

17*

— Ооба... ичирде эле чыккам, анан...
— Кандай жумуш? Кимге келатасың? Тынчылыкпы, деги? — Акбаев суроону бирден бербей чогуу берди.
— Ошо... тынч болбой... — деди атчан, мууналып.
— Ии?
— Ошо... уйканабыз уйлары менен өрттөнүп...
— Качан?
— Кечинде,— деди тиги. — Анан мени районго жиберишти.

Муну укkан Акбаев сестее түштү. «Эмне болуп?» «Кантип?» «Ким күнөөлү?» деп суракка алып отурган жок тигини. Ылайлы-Сууга тез жетишке ашыкты.

Бул райборбордон алыстагы ак чач тоолордун арасына түшүп калган «Ылайлы-Суу» колхозуна машина түгүл атчан барып келүү да кыйын эле. Жайлоого ашып түшчү белдин түбүндөгү бул кыштак ошо жердеги айылдын илгертен берки кыштоосу боло турган. Кийин колхоздошкондо айылы менен чуу туруп атышып, ордунан жылбай коюшкан: «...Ата-конушубуз, мал-жанга жайлуу...» малга жайлуу экени, ырас. Бул райондун өзгө колхоздоруна караганда жайыты кең. Кокту-колот, жыбыт-жылгасынан булак чыгып, жайы-кышы кара суу агат. А ошо кара суу бою оеңдор чабынды, саздак келчү да ошо саздак ойдон киши өтө албай кара баткакка кирип кетчү.

Төмөнтөн бу колхозго чыгып келаткан жол дегениңиз, үзүлүп-үзүлүп калган боз жипке окшойт: биртике жүрө түшүп, суу жеп кеткен жарга кептелип, андан аркы жолдун үзүндүсү да бир тик кемерге такалып, андан өтүп сазга тыгылып, кайра бир какыраган сайдын корумуна кирип...

Ылайлы-Сууга бараткан киши ошентип, машинечен эмес, атчан болсо да улам бир жарга, кемерге же бир кыян жеген кооо кептеле берчү. Акбаевдин ГАЗиги азыр жолсуз боз чыбырларды кырдап, анан, ошо кыштактын шилисинен түшө турган болду. Анткени, алиги шофер жигит — Тилек ушул Ылайлы-Суудан эмеспи. Боз чап чыбырлардын кай жери менен кантип жүрүштү Тилек беш колундай биле турган.

Ала-телек кар жаткан кокту. Ушул о, коктуга төмөнтөн жайылып чыккан арык-торук бодо малдай боз ала кыштак жатат. Кыштак тамдарына кирген-чыккан көрүнбой, жансыз. Тээ, коктунун оозунан нымкыл түтүн уюп, ошо түтүн жанынан топ киши көрүндү. Уйкана ошо жерде болчу.

Кара күйүк болгон уйкананын бирип-эки устун айырмачтары али, ордунда каркайып, нымкыл коюу түтүн али

дымып туруптур. Мештин моруна сойлоп чыккансыган кишилер ошо орттонгон уйкананы сагалап, мына. Чукул келип токтой калган ГАЗикти утурлагандар Акбаевге көолонгон колдорун сунушту:

— Ассалоому алейкум!

— Саламатсызбы, Адыл Акбаевич? — минтип райкомдун секретарынын аты-жонун атап, кол берген бу колхоздун зоотехниги эле. Тегиз кол алышкан Акбаев сурап калды:

— О, бу, эмне болуп кетти ыя?

— Кырсык, Адыл Акбаевич! Кырсык!.. — деп күрсүндү зоотехник.

— Кырсык экенин көрүп турам,— деди Акбаев,— бу кандайча болуп кетти, бу кырсык?

— Ээ, саатты кайдан дебей турган! — деди зоотехник, көк каракул тумагын желкесине шилеп, маңдайынан мончоктоп турган терди шыпырып. — Мына бу жерге... — ал уйкананын жанын көргөздү. — Үйүлгөн саман бар эле. Үйларга берип жаткан саман да... ошого кечээ, бир акмактар тамеки тартып, таштап отурушпайбы!..

— Ким экен алар?

— Ээ, көрсөк кармап албайбызбы! Ошо саман түбүнө келип арак ичкен акмактар да. Ботөлкөсү калыптыр.

— А уй баккандар кайда эле?

— Ошо... — деп ортодон кпе кетти жүлүндөй көк көз сары. — Ошол иттер да кошо ичип алышкан түрү бар.

— Ой, койсоңчу сен! — ушинтип жаны ачына кетти арытан кара көө болуп турган бирөө. — Койсоңчу, бир дайны жок кепти!

— Анын эмнеси «дайны жок»? А соо болсоң өрттөйт белең?! Келжиреген... — деп зиркилдей кетти зоотехниктин жанында турган сары чекир.

— Ири мүйүздүү малдардын ферма башчысы — ушул,— деп аныктады зоохник Акбаевге карап. — Бу бечара күйгонүнөн...

— «Ири мүйүздүү малдардын»? — деп кайталады Акбаев.

— Ооба, ири мүйүздүү малдардын ферма башчысы,— деди зоотехник. Аны карап турган Акбаев кайра сурады:

— Бу, уйдан башка да ири мүйүздүү малынар барбы?

— Жо... кандай? — суроолуу карады зоотехник.

— Маселен, бугу да барбы силерде? — деди Акбаев.

— Жоо, жогунуз,— күлүмсүрөгөн болду зоотехник. — Бизде кайдан бугу болсун. Ири мүйүздүү — ошо уй эле да.

— Ии, анда «уй фермасынын башчысы» деп эле айтса эмне болот?

— Ооба... ицирде эле чыккам, анан...

— Кандай жумуш? Кимге келатасың? Тынчылыкпы, деги? — Акбаев суроону бирден бербей чогуу берди.

— Ошо... тынч болбой... — деди атчан, мууналып.

— Ии?

— Ошо... уйканабыз уйлары менен орттонуп...

— Качан?

— Кечинде,— деди тиги. — Анан мени районго жиберишти.

Муну укkан Акбаев сестее түштү. «Эмне болуп?» «Кантип?» «Ким күнөөлү?» деп суракка алып отурган жок тигини. Ылайлы-Сууга тез жетишке ашыкты.

Бул райборбордон алыстагы ак чач тоолордун арасына түшүп калган «Ылайлы-Суу» колхозуна машина түгүл атчан барып келүү да кыйын эле. Жайлоого ашып түшчү белдин түбүндөгү бул кыштак ошо жердеги айылдын илгертен берки кыштоосу боло турган. Кийин колхоздошкондо айылы менен чуу туруп атышып, ордунан жылбай коюшкан: «...Ата-конушубуз, мал-жанга жайлуу...» малга жайлуу экени, ырас. Бул райондун өзгө колхоздоруна караганда жайыты кең. Кокту-колот, жыбыт-жылгасынан булак чыгып, жайы-кышы кара суу агат. А ошо кара суу бою оеңдор чабынды, саздак келчү да ошо саздак ойдон киши өтө албай кара баткакка кирип кетчү.

Төмөнтөн бу колхозго чыгып келаткан жол дегениңиз, үзүлүп-үзүлүп калган боз жипке окшойт: биртике жүро түшүп, суу жеп кеткен жарга кептелип, андан аркы жолдун үзүндүсү да бир тик кемерге такалып, андан өтүп сазга тыгылып, кайра бир какыраган сайдын корумуна кирип...

Ылайлы-Сууга бараткан киши ошентип, машинечен эмес, атчан болсо да улам бир жарга, кемерге же бир кыян жеген кооо кептеле берчү. Акбаевдин ГАЗиги азыр жолсуз боз чыбырларды кырдап, анан, ошо кыштактын шилисинен түшө турган болду. Анткени, алиги шофер жигит — Тилек ушул Ылайлы-Суудан эмеспи. Боз чап чыбырлардын кай жери менен кантип жүрүштү Тилек беш колундай биле турган.

Ала-телек кар жаткан кокту. Ушул о, коктуга төмөнтөн жайылып чыккан арык-торук бодо малдай боз ала кыштак жатат. Кыштак тамдарына кирген-чыккан көрүнбой, жансыз. Тээ, коктунун оозунан нымкыл түтүн уюп, ошо түтүн жанынан топ киши көрүндү. Уйкана ошо жерде болчу.

Кара күйүк болгон уйкананын бирин-эки устун айырмачтары али, ордунда каркайып, нымкыл коюу түтүн али

дымын туруптур. Мештин моруна сойлоп чыккансыган кишилер ошо орттонгон уйкананы сагалап, мына. Чукул келип токтой калган ГАЗикти утурлагандар Акбаевге көөлөнгөн колдорун сунушту:

— Ассалоому алейкум!

— Саламатсызбы, Адыл Акбаевич? — мингип райкомдун секретарынын аты-жөнүн атап, кол берген бу колхоздун зоотехниги эле. Тегиз кол алышкан Акбаев сурап калды:

— О, бу, эмне болуп кетти ыя?

— Кырсык, Адыл Акбаевич! Кырсык!.. — деп күрсүндү зоотехник.

— Кырсык экенин көрүп турам,— деди Акбаев,— бу кандайча болуп кетти, бу кырсык?

— Ээ, саатты кайдан дебей турган! — деди зоотехник, көк каракул тумагын желкесине шилеп, маңдайынан мончоктоп турган терди шыпырып. — Мына бу жерге... — ал уйкананын жанын көргөздү. — Үйүлгөн саман бар эле. Уйларга берип жаткан саман да... ошого кечээ, бир акмактар тамеки тартып, таштап отурушпайбы!..

— Ким экен алар?

— Ээ, корсок карман албайбызбы! Ошо саман түбүнө келип арак ичкен акмактар да. Бөтөлкөсү калыптыр.

— А уй баккандар кайда эле?

— Ошо... — деп ортодон кие кетти жүлүндөй көк көз сары. — Ошол иттер да кошо ичип алышкан түрү бар.

— Ой, койсоңчу сен! — ушинтип жаны ачына кетти арытан кара коо болуп турган бирөө. — Койсоңчу, бир дайны жок кепти!

— Анын эмнеси «дайны жок»? А соо болсоң орттөйт белең?! Келжиреген... — деп зиркилдей кетти зоотехниктин жанында турган сары чекир.

— Ири мүйүздүү малдардын ферма башчысы — ушул,— деп аныктады зоохник Акбаевге карап. — Бу бечара күйгөнүнөн...

— «Ири мүйүздүү малдардын»? — деп кайталады Акбаев.

— Ооба, ири мүйүздүү малдардын ферма башчысы,— деди зоотехник. Аны карап турган Акбаев кайра сурады:

— Бу, уйдан башка да ири мүйүздүү малынар барбы?

— Жо... кандай? — суроолуу карады зоотехник.

— Маселен, бугу да барбы силерде? — деди Акбаев.

— Жоо, жогунуз,— күлүмсүрөгөн болду зоотехник. — Бизде кайдан бугу болсун. Ири мүйүздүү — ошо уй эле да.

— Ии, анда «уй фермасынын башчысы» деп эле айтса эмне болот?

Акбаевден башка киши минтсе зоотехник түк моюн бермек эмес. Кайра анын өзүн унчуктурбай таштамак: «анан эмне дейбиз, ири мүйүздүү дебегенде? Чарба жетекчилеринин баары ошентсе, а түгүл, кесит, радиоң бүт ошентсе, мен туруп алып: «ичке мүйүздүү мал» дейинби? Андай кыйын экенсиң ошолорго үйрөтүп кел!» деп жаагын жап кылмак. Азыр Акбаевге каяша айта албай мокоду:

— Ии... антсе деле болот деңизчи. Дайым «ири мүйүздүү мал» деп жүрүп эле... — ушинтти да зоотехник желкесин кашыды.

— Ко-ош,— деди Акбаев,— эми деги канчасын тирүү алып калдыңар?

— Бүт! — деди алиги ферма башчысы.

— Ии, бүт аман калдыбы? Бүтүн аман алып калдыңарбы? — Акбаев ага чын пейли менен тигиле калып сурады.

— Жо-о, жогуңуз аксакал. Бүт бүтүн бойдон өрттөнүп отурбайбы!

— Саан уйлар, бооз уйлар да кайда эле? — Акбаевдин үрөйү уча ушинтти.

— Ушунда, бүт бойдон ушунда болчу,— деп жанкалактады тиги. — Анан, тиги акмактар ичип алышып, ушинтип отурушпайбы, аксакал!

— «Ичип!» дейт тура! «ичип»! ээ?! — кызаңдай кетти, тиги морго сойлоп чыккансыган жигит. А өзүң ичкен жок белең?! Так өзүң эмес белең, кечээ... — ушинтип келаткан жигитке Акбаев назар салды:

— Сабыр, сабыр эт жигит? Болоору болуптур. Эми болгонун болгондой айтып берчи? Только чынын айт? Кана, эмне болду?

— Чынын айтабыз,— деди тиги жигит. — Чынын айтпаганда!..

— Э, жашырар небиз калды?

— Жашырып отуруп, мына ушуну көрдүк го!

— Бу Ылайлуу-Сууда эмнелер гана болбоду!..

— Э, иттики десең!

Адеп эле уй баккан жигитке жулунуп жаткан тиги чекир, сары уй, ферма башчысы да зоотехник да бирин-бири алдыртан ууру карашып, анан мында Акбаевдин алдында жарыша жаалаган колхозчуларды жеп жиберүүчүдөй тиктешти. Анан, бу Акбаевге жалтан карап, үндөрү басылды.

Өрттөнгөн уйкананын дымыккан ачуу түтүнүн жуткан Акбаев кайра да үн катты:

— Айткыла эми, айта бергиле. Мында бири-бирибизде жашыргыдай эч нерсе жок сыяктанат?

Ошо тапта ары түтүн астынан дагы үчөө чыгып келатты. Анын бири баягы Кулжабай чал экен. Сакалынан бери көө болгон чал Акбаевди көрө коюп, шашып калды:

— Оо-аа!.. — деп келаткан чалга Акбаев озунуп, салам айтты:

— Ассалоому алейкум, аксакал!

— Оо, аалейкума ассалам!

— Сиз да мында экенсиз го, аксакал?

— Ии, анан, кайда болобуз. Түндөтөн бери ушундабыз. Мындагы бүлгүндү, көрүп туруп кайсы арыбызга жатабыз?!

— Иш кыйын болгон экен,— деди Акбаев.

— Ээ, эң эле ачар! — деди көө болгон сакалын кан болгон колу менен кашып койду. — Өрт өчкөн соң аралап жүрүп, бирди-жарымын араңдан зорго адалдаган болдук. Ээ, бу өртүнүн жузу курусун! Бу баш оорттү көп эле көрдү: там-тарак, тал-токой орттөнүп, аны өчүрүп эле жүрдүк. Анап, мына мамындай укмушту ким көрдү! Малкапасы менен мал орттөнүп...

Мынткен чалдын сөзүнүн кыясынан бирдеме сезгенсиди Акбаев. Андан арылатып сөз сурабады азырынча. Ошо замат коммиссия түзүшүп, мына береги уйлары менен өрттөнгөн уйкананы аралап жүрүп текшерип чыгышты. Мында мынча уй багылып жатат деген эсепке түндө өрттө калган уйлардын саны туура келген жок. Акбаев өзү да мына бу Кулжабай чал баш болуп, мында тургандар да муну даана көрүштү.

— Ишибиз кээринен кетип турган күнү!.. — деп күрсүндү Кулжабай чал. — Бо, «Ылайлы-Суунун» ылайы оңой менен арылбай калды го эми...

— Ушундайбы? — Акбаев ойлуу сурады. — Ошо ылайлап жаткандар кимдер?

— Эми аны... — деди чал, саал ыргылжың сүйлөдү. — Эми бу биздин калкостун абалып ийпе-жибипе чейин билишке кыйла керек. Бу биз менен аралаша бир топ күн жүрүп, анан чолоонуз тийсе ар кимибиздин үйүбүзгө кирип, турмуш-абалыбыз менен таанышсаңыз ого эле жакшы болор эле?

Ушинткен Кулжабай чал саал кылчактап: тиги зоотехникти, анан ферма башчысын карап, тартынып турганын байкады. Чал эле түгүл, берки уй баккандар да, башкалар да тигилерди көзүнүн төбөсү менен карап турушканын көрдү. Көрдү да активдерге жүз бурду:

— Председателиңер кайда?

— А киши парторг экөө түндө обулуска кетишкен.

— Анда силер: ферма башчысы, башчы зоотехник, фермалык зоотехник болуп, мына азыр районго жөнөгүлө. Биз артыңардан барабыз.

Алар районго шар жөнөп кетишти.

Акбаевди тегеректеген колхозчулар али береги өрттөнгөн уйкананын жанында.

— «Ылайлуу-Суу» калкосу оңолбой калды го... — Кулжабай чал жанагы айтканын да бир кайрып алып, сөз улады. — «Оңолбой калды» дегеним: биз жетекчиге жарыбадык. Бизге келгендердин кээлери: «эл эмес экенсиңер!» деп зиркилдешет. Э, ботом! Анан эмнебиз эл эмей?

«Жаман элсиңер!» деп күчөнө кетет. Антип айткан жетекчи өзү жакшы болсо го?.. Так ошо жетекчинин жаманы барыңды жок кылат экен. Элдин кадыр-баркын кетирип, жаманатты, жеңил баа кылат экен. Орой көз, чарай турубуз, ушак-айыңы жок биздин ушу кийинки актүптөрүбүз калкосту кээринен кетирди. А болбосо бир кезде биз дагы ушу райондогу калкостордун ири алды элек.

— А бая Мансур барда десең?.. «Мансурдун калкосу!» деп бизди да дүңгүрөткөн анда.

— Хи! — этип бырс күлдү бироо. — Азыр андан да «дүңгүрөгөн» калкос болдук го!

— Ооба, «дүңгүрөдүк»! — деди аркы. — Бизден чоңурак калкостор көрүнө кырданчу болду: «ушу силерди жоюп эле койсочу ыя? Эминеңер калкос?» «Ылайлы-Суу калкосу дейт дагы!»

— Эх, Ылайлы-Суу болбосо соолсунчу!—капааттана кетти Кулжабай чал. — Жакшынакай ат толуп атса... тегеле калкоско ушул атты неге койдук экен? Ишибиз ылай суу болду да калды! Эми тунгуча качан?!

Киши баласы кээде келген кырсыкты бар-жоктон көрө бере турган жайы бар го, Кулжабай чал да бу колхоздун кырсыгынын бир четин анын атынан да көрө сүйлөдү эле, арытан бироо күлдү:

— Э, жарыктык Кулжаке, а калкостун атында эмне туруптур? А тетиги дарыя жээгиндеги «Үлгүчү»? Ал эмине аты жаманынан — жаман болдубу? Башында а деле мыкты эмес беле, кийин анын да активдери бузулуп...

— «Активдери»? — деди тиги жигитти караган Акбаев. — Алардын да, силердин да активдер начар болсо... ал эми, өзүңөрдөн кынтык жокпу? Жакшы иштеп, мыкты туруп атасыңарбы?

«Үлгү» колхозун мисалга ала сүйлөгөн жигит саал мокой калды. А тиги Кулжабай чал ал үчүн жооп бере кетти:

— Алибетте, керкисинде да, кемигинде да... «Кылайган кынтык таппайсың бизден дегенде калпычы эле болобуз. «Беш кол теңби»? Эл болгон жерде: тентеги бар, жөнтөгү бар. А ошо тентекти — теске салып, жөнтөккө — жол ачар, кайра эле ошо жетекчи болот тура.

А тезге салмак түгүл, жетекчи актубуң: жер орттогон тентекти эркелетип, ууру-кескиге жол ачып, аны колдоп, ал эми, адал мээнет этип, адал тирилик эткен жөнтөк адамды басмырласа!.. — ушинткен Куланбай чалдын көөлөнгөн сакал-муруту арасынан көрүнгөн, көөлөнгөн эрди саал дирилдеп турганын көрдү Акбаев, көрдү да баш ийкеп тыңшады, сөзүн бөлгөн жок. Чал да ашыкпай, айтайын дегенин бир баштан айтып жатты.

— Ууруну тыймак түгүл, өзү уурдап кирсе а жетекчи-актубуң!.. Зөөкүр-тентекти тыймак түгүл, өзү зөөкүрлүк кылып, ар кимге тили, колу тийсе, аны көрүп турган кишилердин ниети бузулат экен.

Илгери тиги эле уруштун алды-артында бирөөнүн кыңыр ишин көрсө аны көзүнө айтып, элге салып, аны оңдоо ыйык иш болчу эле, ар кимдин милдети эле бузукту оңоо. Эми кыңыр иш көрсөң — оозуңду басып алып качып жогол. А ооз ачсаң—балаага калдың. Жек көрүнөсүң. Ууруну көрүп калып, ооз ачсаң ошол уурудан ыдык көросүң азыр. Мына, өзгөнү коюп, мен өзүм эле көргөн-билгенди... — ушинткен Кулжабай жанындагыларга текши карап, анан улап кетти. — Эми бу сизге айтабыз да акыры...

— Айта бер,— деди жанында турган бирөө. — Эми бу кишиден жашырганда кимге барып айтмакпыз?

— Кулак сизде? — утурлап койду Акбаев.

— ...Былтыркы жазда жем-чөп жок, жем-чөп түгүл саман табылбай, ошо самандын өзүн тиги Казакстандан тартып калбадыкпы, биздин район. Так ошо мезгилде тиги Байдаалүйүп башкарманын менчик зоот уйлары, кырктан ашуун меренос койлору испарситте турду.

— «Испарситте»? — деп кайталады Акбаев.

— Ии, «испарсит» дейбизби жанагы гүлдөгөн бедени?

— Ооба, ооба, туура эле айтып жатасыз,— эспарцет. — Менин таң калганым, а колхоз малына саман таба албай жатканда Байдалиев эспарцетти кайдан тапты?

— Мына, кеп ошондо болуп атпайбы,— деди Кулжабай чал,— калкостогу азыноолак аянтагы ошо эспарцетти чаптырып туруп, өз короосуна тарттырып жыйнаган эле. Аны көрүп турганбыз. Уйлары, койлору эле эмес, кышы-жазы саадырган кысыр бээлери да ошо жем-чөптүн түбүндө турчу. Анткени, Байдаалийүп башкарма жыл маалы кымыз ичет

экен. Ал ошо жазда калкостун жылкысы — арык, көтөрүм. Көбү кулун салып таштабадыбы! Уй баласы окура болуп жаздан чыга албай, койдун төлү түгүл, тубары да көп кырылды. Аны, мына ушу баарыбыз эле көрүп турабыз. Ошо көрүп турганды айтпаган жаман адатыбыз бар эмеспи.

«Жаман адатыбыз» дейм да... хе-хе-хе! — чал өз сөзүнө күлүп алды: — аны айта коюп, менин чекем жылыдыбы?! Жылкычы элем, жылкыдан түшүрүп салды. Жөн түшүрбөй төлөмөр-торук кылып түшүрдү да: «калкостон чыгарып саклам!» деп зиркилдеди. Менин жазыгым эле ошо өзүм баккан жылкыга жем-чөп сураганым: «ой садагаң кетейин! Бээлер кулун салып ийгени турат, эң куру дегенде ушул айга жеткидей бирдеме каралашпасаңар?..» ушинтип чыйпыйым чыкты. А Байдаалийүп каралашмак түгүл, каарын агытты мага: «кулун салдырбайсың! Бир эле бээ кулун салса төлөйсүң!» «Ии, менин тилегим да ошо, кулун салып ийбесин дейм. Эми бир аз чөп болбосо?..» «Ии! Жерден чукуймбу жем-чөптү саа?! Кана, жем-чөп?!» «Ие, турбайбы, коройцузда,— дедим. — Чоң искирда испарсит турат го? Ошонун жармысын эле берсеңиз, бээлер кулун салбас эле?» Ушинтип чынын айттым — калдым балаага! «Куу такым кыялак чал!» деп сар изиме чөп салды. Багып турган жылкымы алып, (мен тиги эле элүүнчү жылдан бери жылкычы элем) жөн албай тигинтип, төлөмөр кылып... — деген созүн аркы бирөө улады:

— Ал эле эмес, бу активдерибиздин жаман жери: аракеч, паракор болуп кетишти.

— «Аракеч, паракор»? — Акбаев тиги сөз кыстырганды карады. — Арак да ичип, пара да алышабы? А кимден алышат параны? А кимдер аларга эмне үчүн беришет?

— Айтор, амалын табышат. Иши түшкөндүн баарынан алышат,— деди тиги. — Мына бу Кулжакемен жылкыны алды да Кулумбайга өткөрдү. А Кулумбайга бекер өткөргөн жок. Анын менчик кысыр эмдиси бар эле, байлап турган. Ошону алып өткөн жумада согумга сойду Байдалиев.

— А чабандардан андап кем албайт. Адегенде бир ирик алып, анан, бир короо кой берчү эле, эми ага алымсынбай калды.

— Ии?

— Бир тай алып, анан, бир короо кой берчү болду, бакканга.

— Баса, Карыпкулдун байталын алып коюпур ээ?

— А тиги Азыгаалынын кунанын да албадыбы. «Жалгыз аяк улоом эле, айлам жогунан бердим. Бербесем кой бактырбайт» — деп жүрөт ал.

— Ботом, эми ал Байдалийүптүн жолуна түшүп, берки биргадир, бугалтири да кыймылдабас болду парасыз,— дей кетти Куланбай чал. — Өлгө кордугунан да жанагы ыспырапкени жөн бербей...

— Кандай справканы? — Кулжабайды тиктеп турган калыбында кызыга сурады Акбаев.

— Кандай ыспырапке болсун, жанагы эле: «ушу калкостун мүчөсү» деген ыспырапке да... Аны алганы барсаң эки бөтөлкө арак эки чөнтөгүндө турбаса ыспырапке жазылбас болгон.

— Капырай э? — деп таң калды Акбаев.

— Мунун кылайган төгүнү жок, айланайын! — Кулжабай өзүн-өзү күболукко тартып, далилдей кетти. — Парасыз кыймыл болбой калды. Бир эле аш бышымга калкостун атынын күчүн сурасаң да ошо жанагы оңбогон бөтөлкөнү кармай жүрбөсөң болбой калыпыр. Мен өткөн кышта аныcын билбей эле биргадирге күндө бара берип иттей суу болдум: «ана-мына», «эртең-бүрсүгүнү» ...Анын амалын аңдабаган жаным, кечинде биргадирди акмалап, ат сарайдын жанында турат элем, аңгыча аркы Кендирбайдын уулу айта салганы: «Ата, минтип жүрсөң аттын күчүн ала албайсың.» «Ыя, кагылайын, анап, кантсем болот?» «Бөтөлкөнү жанга сала келбейсиңби? Антпесең мына бүгүн да бербейт, атты». «Э, айланайын, анда өзүң эле лып келе калчы?» Ушинттим да ошо баланын өзүн чуркатып, бөтөлкөсүн алдырып тындым. Бригадир келе калганда саламдан мурда бөтөлкөнү көргөздүм эле, атчыны шаштырса болот да: «Бул кишиге тың ат берчи, бол, жетелеп чык, Ак-Чийге барат экен». Ошентип, аттын күчүн албадымбы. Анысы ал, андан да тиги селсеветтен небереме митирке алалбай ай бою жүрбөдүмбү, айланайын! А жанагы секретар келин тиги биргадирдей жаман убара кылды мени. Күндө барам, күндө жок, каалга кулпуланып турат. Же бир кирели-чыгалы өз айлыбыздын ичинде болгондо эмне?.. Таң атпай аттанып, салпылдап жөнөйм, анан, кара кулпу менен көрүшүп алып кайра тартам. Бир күнү өзүмө сөз берип аттандым: «ай, бүгүн да кантор бек болсо ошол айылга коно жатпасам». А жолу каалгада кулпу жок экен, кубанып кеттим: «Эми бүгүн митирке колума тийдиң го?» деген көөмөйдө, жылуу-жумшак учурашып жайымды айттым эле: «митирке келе элек, эмики жумада келиңизчи?» деди. Айткан жумасында жеттим. Алдыңдагы кагазды иреттеп отурган катчы келин мени карабай туруп эле: «митирке жазышка чоло жок. Эмики жумада келиңизчи?» деди. Ырас эле колу тийбей аткан көрүнөт?» — дедим да кайра аттандым.

Баса, ошол айылда бир тааныш балага жолугуп калганым, (чыны ал бала болбосо дагы кыйлага жүрмөкмүн, митирке колума тийбей) ал-жай сурады, «ушундай-ушундай» деп ага туюндурдум эле, ал да баягы «жол-полун жасадың беле?» дегени. «Ыя, айланайын! — дедим ага,— жолун жазаганда, ал бир өзүңө окшогон азаматтардан болгондо го, бир бөтөлкөнү чөнтөгүнө сала коесуң. Анан, эми аял кишиге... Анын үстүнө же курбу болбосо... жаш келинге кантип бөтөлкө көргөзөм? А ошо бөтөлкөмү колума карматып туруп, күүп чыкса өлүп калбаймынбы, карган киши?!» десем, тигиним санын чаап каткырат: «Ой, жарыктык ай, э! Ошонун эбин билбеген... келе, ошо бөтөлкөнүн тыйынын эле бере сал, мага, азыр жаздырам?» Ушинтпеспи. «Ээ, айланайын, мына!» деп бере салдым да өзүм тышта сагалап турдум. А жулунган эргул, айткандай кылды. Алеки саатта митиркени алып чыга калып, митиркени колума карматты.

— Э, метирке дейсиң, жана өзүң деле айттың, жөнөкөй эле эки ооз справканы да шар жазбай калышканы көп болбодубу! — деп коштоду аркы.

— Мына, маминтип, кор кылып атпайбы, айланайын! Калкостун ат-арабасыбы же башкабы баары бөтөлкөсүз жылбай калып отурбайбы! А түгүл, калкостун корук жери да буларга бөтөлкө өндүрүп берчү киреше болуп калды кийинки күндө.

— «Корук жери»? — ушинтип сурады Акбаев. — Колхоздун малы жайылар корукпу? Ал корукту, кандайча?

— Ооба, ооба,— ашыга улады Кулжабай чал. — Күзгү эгиндин, беденин аңыздарын тиги жайлоодон калкос малы түшкүчө коруп жүрбөйбү?

— Албетте, корулат.

— Коруган жакшы деңизчи, бирак аны...

— Ии?

— Бирак андан жанагы бөтөлкөнү өндүрүп жатышпайбы!

— Ачык айтыңызчы? Кандайча? — Акбаев кызыга сурады.

— Мына, мындай. Бу калкос кишилери жумуш болсо-болбосо да эртели-кеч бир маал ошо кантор тегеректеп алмайы бар эмеспи. Ошого жеден эле калып алып калсак керек, күн сайын канторду бир тегеректеп албасак коңултактап турабыз.

...Ошо, бая, кеч күздө да кантордун жанында чогулган кишилер бар эле. Алардын ичинен бирөө башкармага жолугарын айтып, аны күтүп турду эле, арытан да бирөө: «Ай, башкарман бүгүн келбес бекен?» — деп билгичтик кылды.

«Эмине үчүн?» «А түндө тиги уй перменикинде гүүлдөп жатышкандай болушту эле. Уй перме баласын отургузган тура». «Ии, анда бүгүн келбеси ырас». «Бүгүн эле эмес, бир жума көрбөйсүң аны. Айлап кетет эмеспи, эргулдар!..» ушинетип, кишилер бири-бирин коштоп дуулдап турушат эле, ачыгыча, алардын айтканын төгүнгө чыгарып, башкарма да, уй перме да келатышат. Аларды карап тургандар бирин-бири карап унчукпай калышты. Биз аларга жарыша салам айттык эле Байдалийүп башкарма бизге алик ордуна минтти: «Кана, эмне турасыңар?! Бар! Баргыла да, иштегиле! Мында жумушуңар болсо, жыйырмасынан кийин келгиле. Мында, контордо отчет түзүлөт, кол бошобойт...» Байдалийүптүн бети-башы балжайып, шишик көрүндү. Көзү кутурган иттикиндей. Өзү сиркеси суу көтөрбөй зирилдейт. «Атаа, ушул алы менен кандай атчот түзөр экен?» деген кеп ар кимибиздин көөмөйүбүзгө кетти. Кантсе да башкарма да, буйругун уктук да тарап, баса бердик. А тиги уй перме экөөнө биргадир келип кошулду да канторго деле башбагышпай тышта кайпактап турушканын биз көрүп бараттык. Ачыгыча, Байдалийүптүн үнү кайра чыгып калды: «Эй, кармагыла! Тез! Тез жетип кармап келгиле тигинин!» Кылчайсам, анын колу тетиги кантордун үстү жагындагы беде ачыз жакка сунулуп турган экен. Беденин ачызын карасам уй жүрөт. Таанылым: Шаана кемпирдин күрөң ую экен. Уйду дароо кармап келишип, кантордун жанына байлап коюшту.

Башкарма күпүлдөп, Шааната чакыртып жаткандын уктум. А кемпир үйүндө жок экен. Эртең менен тиги Кырчыңдагы кызына кетиптир. Күрөң уй өзү жокто бошонуп кеткен тура. Кемпирдин артынан киши чаптырып Кырчындан алдырып келгенин кемпир кийин бизге айтып берсе үркүп тимеле! А байкуштун жүрөгүн түшүрүп салышыптыр...

Анталап чаап барган неме, илгерки болуштун жасоолунан бетер кемпирди шаштыра кетти: «Бол, кемпир! Бол, жүрү!» — кызыныкына жакы эле кирген кемпирдин оозунан келмеси качып, үрөйү учту: «Ии?.. Ие... садагаң!.. Деги эмне болуп кетти? Айтсаң?.. Айтчы, кагылып кетейин?» Өмүрүндө бу жарык дүйнөнүн сүйүнчүнөн, күйүнчүнө оодук угуп, өлүм өксүгүн оодук көргөн кемпирдин жүрөгү оозуна капталды. Өң-алеттен кетип, үнү каргылданды: «Айтчы? Айтчы, садагаң? Деги эмне балаа бу?» «Ие, барганда көрөсүң да. Иш чатак! Жүрү ылдам!» — деп жанагыдан бетер эңтелетти чабарман. «Ээ... ээ, жараткан! Дагы кандай азабың?.. Дагы кандай күйүтүң күтүп турду эле мен байкушту?!» — ушинтип аптыккан кемпирдин тула-бою титиреп гана турду. А тиги кызынын андан бетер чый-пыйы

чыкты. А чабарман ого бетер ашыктырат: «Бол! Тез эми! Тыякта күтүп калышты! Тура беребизби, эми?!»

Жолдо кемпирдин өз санаасы өзүн тозокко түшүрүп келатты. Үйү көзүнөн учту. Тестиер небереси көзүнөн учту, (ушу кызыпын жети жашар уулун багып жүргөн эле). А бирок, үйүнө кылчайтпай түз эле конторго алып келди чабарман бу Шаананы. Кемпирдин көзүнөн чаар чымын учуп, жөр-суу жарытып көрүнбөйт. Ошого карабай аттан түшкөн кемпир контор алдындагы башкарманы, уй ферма башчысын көрдү.

— Ии! Келдиңби кемпир?! — Байдалиевдин ызгаар үнүн укту кемпир.

— Ии, кайда жүрөсүң?! — деп кайра да оңурандады тиги. Оо, көпкө аптыгып, башкарманын айтканын кагыштап турган кемпир тиги кыйкыра сүйлөгөндө эшитти да калтаарып минтти:

— Тиги-и, Кырчындагы кызга эле учурашайын деп бара калбадым беле, айланайын.

— Кызыңа учурашканда-а... — ушинтип ынтыга сүйлөдү Байдалиев. — Кызыңа учурашканда, малыңа социалисттик менчикти талатасыңбы?!

Кемпир эч нерсеге туюна албады. Ошончо сөздөн: «талатасыңбы?» дегенди араң кармады. «Ыя-а? — деди кемпир өзүнөн-өзү сурады: — Ким? Ким талады? Үйүмдүбү? А үйүмдү ким талады? Уурубу? А ууру талагыдай эмне бар эле менин үйүмдө?..» — кемпир ушинтип өзүнөн сурап турганда Байдалиевдин ызгаар үнү кайра чыкты:

— Ыя! Эмне талатасың дейм, социалисттик менчикти?

— Ыя? — деди кемпир да. — Эмнени талады? Уурубу? Менин үйүмүбү? А жанагы Карыбегим аманбы деги? Ошо чүрпөмү көргөзгүлөчү, деги?

— О, кудай урган! — деди Байдалиевдин баткыйган бети баягыдан бетер тултуюп, баягыдан бетер чыңалып, көзү кыпкызыл.

— Кудай урган кемпир го! Кулагы дүлөй беле?!

Бу жолу да кемпир Байдалиевдин сөзүнүн көбүн айра албады. «Кулагы дүлөй беле?!» ушинтип күнк-маңк эткенин гана чала эшитип калды да үнү да, тула-бою да калтырап ага жалына кетти:

— Аа, садагаң кетейин башкарма-а!.. Атыңы да билбейм... Ошо менин уулум да ушу сендей башкарма эмес бөлө ушу калкоско! Аны тиги соолгон согуш алып кетип тынбадыбы? Анысы аз келгенсип... Анан ошондон кулагым ушинтип каңырык болуп калбадыбы, айланайын!..

— Бул эмне дейт? — ушинтти, кемпирден көзүн алып

жанындагы биргадирге караган Байдалиев, балжыйган бетин жыйырып алды да кызыл көзүн жүлжүйттү. Алдында муңканып турган кемпир ушул азыр кыргызча эмес, бу Байдалиев түшүнбөй турган чет тилде сүйлөп койгонсуп, биргадирди ага тилмеч кылды:

— Ха-ха! — деп кемпирди жактырбай күлгөн биргадир арага дароо тилмеч болду: — Сиз — «бээ» десеңиз, бу — «төө» дейт! Капкайдагы бир арыз-арманын, илгери уулу согушта өлгөнүн дөөрүп атпайбы.

— А уулунун согушта өлгөнүнүн маа кереги эмне?! — ушинтип булкулдады Байдалиев. — Көргөзчү тиги уюн? Көргөз?! «Балам согушта өлгөн», деп маа!.. Мен үчүн өлгөн бекен мунун баласы! Көргөз уюн! — деди кайра.

— Оой, кемпир! — анын кулак түбүнө кыйкырды биргадир.

— Ии, айланайын? — минткен кемпир кулак түрүп сестее калды эле, биргадир аны сөөмөйү менен акырекке түртүп күлөп, анан ошо сөөмөйү менен тиги байланып турган күрөң үйду көргөздү:

— Тетиги уй кимки?

Мыйрыгый манчасын маңдайына серепчилеп, байланып турган үйду көргөн кемпир, бу деги эмне болуп атканын биле албай дале өзүнчө кобурап койду:

— Ии, ал, биздин күрөң уй го?

— А күрөң уюң эмне байланып турганын билесиңби?!— деп кайра олуна кетти биргадир.

— Жок, айланайын? — кемпир дагы эле маңөөдүр унчукту: — эмине, уй чытыр жеп ийген бекен? Анда ичи көппөйт беле? А... чытырдын деле маалы эмес, бу тапта?..

— О, кудай ур, оой! — бети-башын жыйырып, чамына кетти Байдалиев. — Бу анык кудай урган кемпир тура! Ой, ток этер жерин айтчы буга?!

— Оой, кемпир! — тилмеч биргадир кайра да кыйкыра сүйлөдү.

— Ии, айланайын? — кемпир жанагы калыбында кулагын түрдү.

— Уюң шалбаага кирбедиби! Колхоздун чабындысына кирди! Ан үчүн кармап байлап салдык!

— Ыя, айланайын, биргаады балам,— деди кемпир. — Ушу тапта кайсы шалбааң бар эле? А чөбүн тиги ала-жайда эле чаап албадыңар беле? Азыр, тиги аңыздан өзгө?..— минтип келаткан кемпирдин оозун ачырышка буямасын келтиришкен жок, тиги башкарма менен биргадир, экөө жарыша жаалап ийишти:

— Уу, каапыр кемпир!

— Кемпир эмес эле жезкемпир го анык! Жаз актини?! Буга мен... «аңыз» дейт тура! Буга мен аңызды көргөзойүн! Келжиреген гана мастан! — ушинтип булкунуп-силкинип ийди Байдалиев.

Анын силкингенин даана укkан кемпирдин өңү бузулуп, чогу өчкөн күлдөй бозорду. Бырышкан, көбөрсиген эриндери көгөрө түшүп, бети-башы менен титиреп турду. Өчүп бараткан чыraктай үлпүлдөгөн көзү тунара түшүп, жаш чайыдыбы, канетти, чырталышкан кирпиги гана бат-бат туушалып кетти да кардыккан үнү чыкты:

— Ыя-а?! «мастан» дейби? Ушуну уктумбу? Менин да сендей башкарма балам... аа.. аны соолгон согуш алып кетпедиби!..

Карып кемпирдин калтырап өчүп бараткан жүзү да, ошо калтырап оозуна кирген сөзү да кылайып таасир этпеди тигил экөөнө. Байдалиев баягыдан бетер буркулдады:

— Жаз! Жазгын! Социалисттик менчикке уюн кое бергөн! Ал үчүн биринчи жолу элүү сом өлчөмүндө штраф төлөсүн!..

Мындай маанидеги актыны биргадир ары-бери жазып, Байдалиев экөө кол коюп, анан кемпирге кыйкыра окуп берди да анын кол коюшун айтты. Кемпир кол койгонду билчү эмес.

— Анда...— деди биргадир. — Элүү сомду азыр алып кел да уюңду жетелеп кет. Жок, антпейт экенсиң, уюңду мына бүгүндөн калтырбай колхоздун этине төгөбүз. Эт план толбой жатканда сонун болот да!

— Ой, айланайындар! — деди кемпир, калтырап жалынды. — Ушу күрөң уйдан өзгө адалдан түгүм жок. Ушунун сүтүн эптеп көгалалап турганда... Эми муну этке төгүп ийсең кантип күн көрөм? Табайын, элүү теңгеңди, бенсыямды берейин, айланайын?..

— Тур, анда, жөнө! — деди биргадир.

Булардан эч ырайым болбосун көргөн кемпир жаны-денинин калтырагы тарабай үйгө жетти да ошол абалында жүгүн бузду, сандыгынын түбүндөгү кичине түйүнчөгүн чече албай жатты калтыраган колу. Ошо тапта тыштан кирип келген небересин көргөн кемпир ага түйүнчөктү сүна салды:

— Чешчи муну, балам?

— Энеке,— деди небереси,— дүкөнгө барабызбы? Кант, чай алабызбы?

— Өггү-үщ! — кемпир шуу үшкүрдү. — Сен айткандай дүкөндөн кант, чайга, унга жарап турсун деп качантан бери чогултпадым беле, анан, буга кант, чай албай эле...

— Анан эмне алабыз буга? Же... кимге бересиң муну?— деп такыды түйүнчөктү чечип жаткан небереси.

— Өггү-үщ! Күрөң уйга беребиз.

— Ээй, энеке! — наристе таңкалып чочуп кетти. — Ал уй эмеспи?

— Уй болсо эмине кылайын?

— А уй акчаны эмне кылат?

— Өггү-үщ! Уй акчаны эмне кылсын. Башкарма алат. А бу акчабызды бербесек уюбузду бербей атпайбы башкарма...

Кемпирдин пенсиясы ошол эле замат баш жазууга жарады.

Активдердин чери жазылып, денеси жайылды. Ушул айланы ойлоп таба койгон башкарма Байдалиевди кубаттаган каткырык тамды жарат:

— Ха-ха-ха-ха-а! Ой, аксакал, ай!

— Хо-хо-хо-о! Укмуш эле киписиз да-а! Деги муну кантип гапа ойлоп таба койдуңуз экен?! Укмуштай сонун болду да-а! Тимеле магдырай түшпөдүмбү!

— Ээ...— деп магдырады Байдалиев, балжайган бетин сылап, кыт-кыт күлдү. — «Эптеп жесе эт жокпу...» анан, минтип буюрду: — угуп койгула! Ацызга уй түгүл, улак кирсе да мына ушинтүү керек! Ацыз деген ал — социалисттик менчик!..

Башкарманын буйругу — буйрук. Ушундан кийин биргадир үйүндө отурса да терезеден көзүн албай, эки көзү тиги колхоздун ацызы жакта.

— Э, былтыр, мына бүгүнкүдөй да шумдук иш болбодубу...— саал тымый калган Кулжабай сөз улады. — Кечинде уйканадан чыккан өрт уйларды кырып кетсе, а былтыр кыштоодон бир короо ирикти карышкыр кырып кетпедиби!..

— Ии, бая Ысакундун ириктери,— деп коштоду жанындагы.

— Баса, Ысакун кийин чыныш...— деп келаткан жигитке кеп берген жок Кулжабай:

— Ой, Ысакун чыныш айтпай куруп калсын! Чыныш айтса, адам болуп калбайбы. А чыныш айтып, айыптуунун айбын ачса, эл алдында жана кудай алдында жүзү жарык болмок. Антпей алданып отурбайбы!

— Алданып? Чабан алдандыбы? — аны түкшүмөлдөй кетти Акбаев.

— Ии, ошо Ысакун чабан алданып: «карышкырга кырдырып алдым» деп өз мойнуна ала коюп, өзү кесилип кетип отурбайбы! Кийин уксак, карышкыр кырбай эле ошо баш-

карма, соотекиник болуп, өздөрү кырып туруп, изин карышкырга салышкан экен, эргулдар!

— Ысакун алты жүз ирик бакчу беле?

— Беш жүз жетимиш,— деди Кулжабай,— алты жүз деген ошо да эми. Ошончодон эки жүзчосу гана тирүү калып калганын бүт кыриптыр.

— Арык-торугу эле калса керек?

— Ии, семизин тандап «кырган тура карышкыр!» А карышкырдан тарп калчу эле, тарп түгүл, кумалагын калтырбай кеткен экен...

— Кыскасы «ушу карышкырга кырдырганым чын, деп мойнуца ала бер, бир күн жаткырбай чыгарып алабыз», дешкен экен укканга караганда. Күн эмес, мына жылдан ашты. Ысакун түрмөдө «кой кырылган». А түндө тигинтип уй кырылды. Короосу менен кырылып жаткан калкостун малына чым этер башкарма жок, а көрө тигинтип ацызды кайтарып...

— Хе-хе-хе! — күлүп калды анын жанындагы. «Социалисттик менчикти кайтарыппы?»

— Штраф өнсө болду «социалисттик менчик» да.

Муну айтышкан кишилерди Акбаев кыдырата карады:

— Ко-ош... эми ушул окуялар убагында билдирилгенби райопго?

— Оо, кокуй! — Куланбай колун шилтеп койду. — Эми мында мен эле сизге арызга отура бергенсибейин? «Жылкы бактырбай койгондуктан таарынып калган экен» деп да оюцузга кетпесин. Жылкы бакпасам, азыр кой багып атам, кеп анда эмес, калкос үчүн күйүгүп турган чак. Район түгүл апкөмгө канча бардык бу жаатынан...

— Ии, анан эмне болду?

— Эмне болдук, эмне болсун... адегенде «көрөбүз, текшеребиз» деген жоопту угуп, анан, кайра ошо текшерүүгө келгендердин сааты биздин өзүбүзгө тийип отурбайбы!

— Кандайча?

— Ээ, баягы «айткандын оозу жаман, ыйлагандын көзү жаман». Алар келет да текшерип туруп, анан башкармалар менен достошуп кетет. Артында азапка биз калып куугунтук жейбиз.

— Текшерүү келерин келип атат го, анан ошо...— деп улады тиги жигит. — Текшерүүгө өткөн жылы обкомдон Асылбеков келди. Келди да эки-үч күн сый көрүп кайра кетти. Башкармабыздын көзү бизге баштагыдан бетер бузулду. Андан кийин облисполкомдон Айдаралиев өзү келди. Эл сестее түштү: «...ай, эми бу жолу былыктарын ачат экен

го?..» «Байдалиевди түшүрөт экен». «Жалаң ал эмес, калгандарын да... айтор, башкарманын составын жаңылайт экен». «Иштерин сотко өткөрөт экен» деген эле кобур-күбүр. А бирок, эч кандай жаңылык болбоду. Мурда келген Асылбековдон бетер бул да эки-үч күнү сый көрүп... Баса, Айдаралиев өзү аңуулашка жеткен ышкыбоз экен, мындан тиги Арпага өтүп кетип, ошо Арпадан аркар атып жүрүп кайра кетти.

— Ошондо, актүптөрүң ат-атка тийбей көчө жүрдү го?

— Ээ, жарыктык! — деп Кулжабайдын сөзүн коштоду аркы узун жигит. — Айылдан мылтык кармаган эркекти жыйып, андан көзгө атарын тандап: «Айдаралиев аксакалга тамаша салып беребиз!» дейт.

— Баса, сен да бардың ээ ошондо Арпага?

— Ии... анан... үч ГАЗик менен чыкканбыз. Түндөп, кар жиреп отуруп, аркар-кулжа жайылчу бетти тирей барып токтодук. Таңынан өңүтүн алмакпыз. Таң куланөөгүндө биздин башкарма менен Айдаралиев бизди куду баягы согуштун атакасына команда бергендей команда менен тургузду. Баарыбыздын колдорубузда мылтык. Кокту өрдөп, ГАЗиктер биртике чубаша жүрдүк эле, айланайын, силерге — калп, мага — чын...— деди ошондогу таң калганын өңүнөн көргөзгөн узун жигит. — Коктуга келип түнөп калган калың кайберен жарыктык, соелонуп качып, бетке жабыла берди дейсиң!.. Корсө ошо биз барган кокту — корук тура. Аңгыча башкарма да, Айдаралиев да бизге жарыша буйрук берип жатты:

— Бо-ол!

— Болгула-а! Атаңдын оозуга...

— Чурка-а, жаны жок и-ит!

Кимди-ким көрдү, кызыл кыргында командирден буйрук алган солдаттардай түшө калып, аркар жабылган бетке жармаша чуркап да бараттык, тизелей калып атып да бараттык. ГАЗиктен түшпөй туруп, Айдаралиев өзү да чуулдатып жатты.

Таңында күнгөйгө жабылган аркарлардын арасынан соелонуп баратып, булак дей түшүп, карга сулап жатты. Жарыктык жаныбардын арыш керип качып бараткандагы сулуулугу ай, анан, жыгылгандагы аянычтуулугу ай!.. Ботонун көзүндөй төгүлгөн төгөрөк коз ирмелбеген бойдон: мына өзү жайылган тоону да, тоого көмкөрүлгөн кок мөлтүр асманды да өзүнөн көргөзүп турду. Калың аркар тээ, ак зоого чыгып кеткиче көбү ок жеди. Тоого жаңырык таштаган ок үнүнө аралаш улам арасынан болүнө түшүп, карга булак

дей түшөт. Айдаралиев өзү да аткыч экен, таңкы тоону жаңырта анын огу тынбай ышкырып турду: «ыз-зуу! ыззччуу!» Ошол октун ышкырыгына аралаш Айдаралиев бизге шашылыш буйрукту да шакылдатып жатты:

— Бо-ол! Болгула, балдар! Зоого чыгарбай сулаткыла! Жайнаткыла!

Ошо күнү баарынан да мен бир улакка боорум жаман ооруду! Тобунан бөлүнө түшкөн серейген бир улак, чуркап баратып, сүрдүгө жыгылып кайра турду. Бирок, андан ары кача албады. Аркар үйрү тиги ак зоого жармашып калганын көргөн ал маарап турду. Анын маараканы таңкы тынчтыкта бизге даана угулду. Кар тунган апай бетте сыңар тал куурайдай гана дирилдеп, аксап турган улак маарап алып, эңкейип кардан искеди. Кансырады го.. Ошо тапта атылган ок токтоп, баарыбыздын көзүбүз ошо улакта болчу. Аңгыча, да бир ок ышкырып, улак ошо кар искеген бойдон оңкосунан кетти.

— Ии... байкап койгула-а! — ушинткен Айдаралиев өзүнчө маашырлана, беш атардын кундагын омуроосунан алып жаткан экен.

— Кана-а,— деди, коктуда кериле баскан ал. — Эми-и, олжону жыйнабайсыңарбы ыя?

— Азыр, мына азыр, аксакал! — ашыккан Байдалиев бакчандай басып, биздин алдыбыздан бараткан эле. Ал өрүгө бир аз барган соң эрди-башы көгөрүп отуруп калганын көргөн Айдаралиев аны карыдан аткып, кыйкырык аралаш каткырды:

— Ха-ха-ха-а! Ой, жолуң болгур! Сен мерген болбой кал! Кар тунган тескейге сулап калган аркарларды бирден сүйрөп, ойго түшүрүп, үч ГАЗикке бастык. Ооий, ошо таптагы Айдаралиевдин кубанчы!.. Бу андан ашкан көзгө атар жоктой, кандай атыштын ыгын бизге үйрөтүп мактаныш, айтарга сөз таппай алаптап келатты. Анын айтымында: биз да ага тете мерген болгондо алиги аркардын бирин да кутқарбай кырып салмак экенбиз. «Аркардан да тукум калсын!» — дедик аны ичибизден жек көрө какшыктап: «коруккa келип алып мактанганын!.. Үйрү менен качкан калың аркарды атып тийгизгенине кыйынсынат. Андай кыйын экенсиң ушу тоолордон жорткон карышкырды атып көрчү!» Ошо күнү Арпадагы аркардын коругуна барбадык беле.

Атылган аркарды ГАЗикке жык баскан Айдаралиев ошол эле күнү Нарынга жөнөп кетти. А баягы текшерүү туурапуу кеп болгон да жок.

— Айдан ачык көрүнүп турат...— деп алды, чакчасындагы наспайынан алдыңкы эрдине шилтеп алган Кулжабай чал, анын насына бир аз кумарланып туруп анан улады. — Кечээ, кечиндеги өрт деле ушу жанагы биз айтып турган «карышкыр кырган» бир короо ирикке окшогон кеп. Бу, биз билгенден уйлардын семизин ирген, сойчусун союп, сатчусун сатып, сайкалдап коюшкандай болду эле. Анын баарын тыякка төгүлө турган эттин шылтоосу менен бүтүрүштү. Анан, алардын баарынын изин өрт жапты да тигиптип...

Муну укkан Акбаевдин тула-бою дүр этти: «кандай шумдук бул озү?! Эмне деген зулумдук бу?!» — минткен анын көзүнө: азыр да өткөн согуш, немецтик фашисттер өрттөгөн шаарлар, кыштактар, өрттолгөн эгин, так ушундай ичиндеги малы менен өрттөлгөн сарайлар... ошондо өрттө калган уйлардын жан талаша, жарыша өкүрүп жатышканын кулагы менен угуп, көзү менен көрбөдү беле... Ал го согуш эле. Биздин жерге, биздин мал-жанга чачкан кырсыгы эле го ал... Анан, мына бу кандай болуп кетти ыя? Колхоз башкармасы, ал оздору айткандай: социалисттик менчикти коргоочулар ушинтишеби? Эмне деген шумдук бул өзү?!

Же... же мына булар тиги «Үлгү» колхозунун атка минерлериндей арызчылар болуп жүрбосүн? Улам келген председателге улам каршыгып, жаат курагандар болуп жүрбосүн? Бекерпостор да кээде, арызга ынак болчу эле? Булар-да бекерпостор бар бекен? Неси болсо да бу «Ылайлы-Суу» колхозунда оздору айтып тургандай иш чындап ылайланган. Эми, бу «Ылайлы-Сууну»...— минткен Акбаев өзүнчө ойлонуп, бир азга тым-тырс болду. Ошо тапта беркилер да үнсүз бири-бирин карап, анан, унчукпай калган райкомдун секретарына көз кыйыгын таштап турушкан.

Өрттөнгөн чарбанын үстүнөн чыккан райкомдун секретарынын ичи да уйгу-туйгу болуп, өзүнчө туталанып, бирок, анысын тышка чыгарбай, сабыр тутту. Мындайда дайым кычап турчу ачуудан өзүн ала качты. «Биздин ал-абалды толук билиш үчүн...» деп тиги Кулжабай чалдын айтып калгапынан улам, булардын сөзүн кунт коюп угуп турду. Бири-бирин коштой сүйлөп турушкандардан минтип сурады Акбаев:

— Мындан мурдагы председателиңер кандай эле?

— Оо, ал сонун киши болчу!

— Андай барбы!

— Ошо кеткени оң таппадык да! — ушинтип жарыша жанданды булар. Алардан кайра сурады Акбаев:

— Аны неге кетирдиңер, анан?

— Э, кокуй! — деп алды Кулжабай,— аны биз кудай уруп кетирелиби?

— Ии? Ии? Анан ким?

— Райком өзү кетирбедиби?!

— А райком деле кетирбейт беле,— деп улады аркы жигит. — Ошо тапта баягы «сентябрь пленумунун чечимдерин ишке ашырабыз, деп, айыл чарбасын чыңайбыз, айыл чарбасын күчтүү жетекчилер менен толуктайбыз», деп

Бул ырас, 1953-жылдын сентябрь айында бүткүл өлкөнүн көңүлүн айыл чарбасына бурган КПСС Борбордук Комитетинин пленуму болду. Ал мезгилде чарбалардын көбү али начар эле. Колхоздор ар кыл абалда: коңшу эле колхоздордун бири начар, беркиси түзүгүрөөк, биринин эли эмгек күнго эгин алышат, экинчиси, куру алакан, биринин чарбасы түзүгүрөөк, айдоо жерлери түшүмдүү, экинчисиники, кара так, азык-түлүк начар. Ушул маселени чечүүдө колхоздорго райборбордон, областтан а түгүл, шаардан айыл чарбасынын адистери — колхоз чарбасын жетектөөчү кадрлар келе баштады. Бул — партиянын чакырыгы. Алдан тайып турган чарбаларды оңоого: чарбанын ишин беш колундай билген мыкты адистер, уюштургуч — жетекчилер керек эле. Бирок, ал учурда, билген-билбегени аралаш, колхоз чарбасынан кенедей кабары жок, өмүр бою шаардан чыкпай кагаз тиктеп отурган контор кызматкерлери да, дүкөндөн чыкпай товарын сатып отурган соода кызматкерлери да чарбалардын жетекчилеринен болуп келип жатышты. Агрономиянын эрежелерин жакшы билгенди мындай коёлу, абалы алардын айрымдары үрөндүн кандай себилип, түшүмдүн кантип жыйыларынан да кабары жоктор эле. Андайлар келгенде да мына ошо колхозду адеп, өздөрү уюштуруп, колхозчулардын ачына айланып, тогуна-толгонуп, үрөн менен кошо себилип, түшүм менен кошо жыйылып келаткан мээнеткечти, жаны-денин колхозго арнагап эң сонун адамдарды бошотуп, алардын ордуна келишпедиби.

Ошентип, тиги райондо же шаарда соода жаатында иштеген бирөө колхозго келип жетекчи болгондон кийин, колхоздун өзгө чарбасы менен иши болбоду. Ал эртели-кеч дүкөндөн чыкпай: кандай буюм-тайым келгенин, анын канчасы сатылганын гана текшере беренин колхозчулар дароо эле байкап калышты. А тиги четтеш колхоздун башкармасынын председатели көп жылы газетанын редакциясында иштеген адам экен, ал ошо конторго саат тогуздан кечикпей келип отуруп, кечке газеталарды окуп анаан бу колхоздун өндүрүшү жөнүндө отуруп алып жаза берет экен да

туура саат алтыда эшигин жаап, артын карабай үйүнө жөнөрүн көрүп билип турушту колхозчулар. Мындайлардын көбү соз болуп аны уга, көрө жүрчү бу Акбаев өзү да: «төркүлөп келген эле кыздай чоюлат ботом, бу жаңы башкарма!» «ошо, керелден-кечке контордон чыкпай созулуп отурат да кечинде үйүнө баса берет. А талаада эмне болуп атканы менен иши жок». «Талаадагы өнөктүккө чыкмак түгүл, талаада иштеп жүргөндөр жөнүндө кеп козгосоң, аны таңыркай гана тыңшаганы болбосо...» «Баарыдан кызыгы, өткөн жазда, жердин көбү айдалып калган кезде: «кош чыгып калды беле?» деп биргадирден сурап, таң калып турса болот да. Ошо, чоюлган башкарма, жайында козу болгонү атышса: «коюңар туун бүттү беле?» деп сураган тура. «Хе-хе!» Бирок, ал жылда айрым бир чарбадан чоочун кишилер да чарбаларга жетекчи болуп келип калышты. Алар алдан тайган чарбаны тез колго алып, ирдентип жибериштин жолун биле албай, элди эмгекке уюштуруп, эл менен коюп-колтук иштеп, эл менен камыр-жумур боло албай жатышты. Ал жылдардагы айрым андай жаңы жетекчилер жөнүндө Акбаев да жакшы билет. Алардын кээ бир жоруктарын мына бу жерде тургандар да күлө сүйлөп калышты:

— Ошо жылы тиги «Ак-Чий» колхозуна шаардык бир соода мекемесинен иштеген киши председатель болуп келген,— деди тиги жигит сөзүн улап. — Ал ошо келген күнүнөн тартып эле колхоздун дүкөнү менен алек болуп: кандай товар келгенин, анын канчасы сатылганын эле текшерө берген экен күнүгө. А өзгө чара барбы, жокпу аны менен иши болбоптур. Аны көрүп тургандар: «атаа, муну бизге башкармалыкка дайындабай дүкөнчү эле шайлап койгондо эмне?!» деп жүрүшкөнүн укканбыз.

— Баса, тиги «Сары-Чатка» да редакциядан бирөө келбеди беле, башка жумуш менен иши жок эле ал, хи-хи!.. Эртең мененки саат тогузда конторго келип, кечке газеталарды окуп, а чарбаны кыдыруу, өндүрүшкө баруу деген менен иши жок отуруп алып, өндүрүш жөнүндө макала жаза берет имиш. Биргадирлерди чакырып алып: өндүрүштүн жүрүшүн, жаз болсо канча жер айдалганын, жайында канча чөп чабылганын, а күзүндө канча эгин жыйылганын ошолордон сурап алып гана шакылдатып жаза берет деп жүрүштү. Макала жазылып бүткөндө артын карабай үйүнө кетет экен. Жумуш менен келип калган колхозчуларга бир ооз гана минтет: «газетанын эмки номерине макала даярдап жатам, кол бош эмес».

— Баарыдан да баягы, тиги «Кара-Булун» совхозуна деректир болуп келген окумуштууну айтпайсыңбы,— деп

жиреди арытан бирөө. «Торкулөп келген кыздай чоюлат, ботом!» деп жүрүштү ошо кара-булуңдуктар. Айткандары ырас, ал окумуштуу да эртеден-кечке контордо созулуп, анан, саат алты болгондо артын карабай үйүнө жөнөйт экен. А талаада, тоодо эмне болуп атканы менен анын да иши жок. Совхоздун жумушчулары келип: өздөрүнүн бүтүрүп жаткан жумуш жөнүндө, кем-карчы жөнүндө сүйлөсө, аларды үн-сөзсүз гана тиктеп отуруп, эрдин бүлк эттирет экен: «биргадирге кайрылгыла.»

— Анысынан да кызыгы ошол окумуштуу деректир: «кошуңар качан чыгат?» деп сураган экен, совхоздун жери айдалып бүтүп калганда.

— Ой, ал эле эмес,— деди аркы түлкү тумакчан. — Күзүндө козу болүп жатышса, «коюңар тууп бүттү беле?» деген тура!

— Ээ, аларды айтасыңар, бу биздин Байдалиев деле райондук эт союзунан келгени үчүн эт жаатын кандай жешти кишиден сурабайт.

— Ие, койду — короосу, уйду — өрүшү менен соргону ошо башынан үйрөнгөн кесиби да, болбосо кантип даайт?!

— «Айлам жогунан гана келдим да ушу колхозго! А тиги эт союзда жеген малдын эсеби жок эле!..» деп армандайт экен.

Жарыша сүйлөгөн кишилердин сөзүн бөлбөй-жарбай угуп турду Акбаев, алар саал токтой калган кезде минтип сурады:

— Демек, мурдагы башкармалар иштеп турганда чарбалар төмөндөгөн эмес экен да?

— Жогорулаштын ичинде элек.

— Мал көбөйгөндөн көбөйүп...

— Жылыга эмгек күнгө эгин алып калганбыз.

— Ууру-бөрү деген жок, бекерпостор жок.

— А кийин бизди жумушка чыгарам деп биргат да убара болбой калган.

— Ооба, «мен кайсы өнөктүккө барайын?» деп өзүбүз чуркачубуз.

— Ой, андагы тартипти айтпа! Көрсө, ал киши эл менен тил табышкан киши тура.

— Айтпа, камыр-жумур болуп кетчү эле кайран киши!.. Акбаевдин суроосун коштоп, минтип дуулдай кеткен мында турушкан кичүүлөрдүн үнүн мына эми Кулжабай чал илип алды:

— Иштин козун даана көрүп турчу эле. Уюштургучун айтасыңбы, андан боорукеричи!.. Боорукер кишини ким жаман көрөт? Согуштан келген жылы (мен кырк үчүнчү

жылы келдим.) Бу элдин алы ачар экен. Дандын жытына зар. Кыш. Ачарчылык, Жазга маалкы жут. Айтор, малдан да жандан, а түгүл, жерден да согуштун каабы кете өлек кез эле... Демейде эле такырайган бу биздин өрөөндө ошо жылы ого бетер жер ачтара бүтүп калгансып бетинен түк көрүнбөй малга кыйын болду; анүстүнө малды ылаң каптап, кой-эчки котур.

Биздин калкостун жүз ашуун эчкиси бар эле (бая тыбыттуу кара эчкилер) ошону маа откөрүп беришти. Бутумун жарааты али толук айыга элек, кош балдак менен жүрчүмүн. Оор жумушка жарабасымы көрүп, эчки беришкени да ошо. Анүстүнө өзүм да: «мени жумушка чеккиле? Кантип карап отурамын?!» деп актүптөрдүн кулагынын кужурун алган соң... Эми ошондо менин өткөрүп алганым тыбыттуу кара эчкилер эмес эле тула-боюнда нымым түгү жок көпкөк чанач, териси сөөгүнө катып калган жандыктар экен. Анын эчки экенин мүйүзүнөн, мүйүзү жогун чычацыпан арац тааныбаса... ошо, эрте жазда ошол эчкилерден дагы далайы кырылып, анан, калганы менен Марал-Кечүүдө отурам...

Марал-Кечүүнүн кызыл жарына жамаай салган бир эски кепе бар экен, ошо кепени бакаладым. Жаккан отунум — төө куйрук-алтыгана. Алтыганац чиркин чылк эле тикенек эмеспи! Тикен деп аны жакпасак тоңуп өлгүдөйбүз. Колу-башты тыттырып атып эптеп түтүн булатабыз. Балдарыбызды коломто тегеректетип, ороп-чулган... Балдарымын баары анда кызыл чиедей алиги өзүм баккан котур эчкиден айырмасы жок, коломто тегеректеп титиреп отурушат, хе-хе-хе! — минткен чал шофер уулун карап койду. — Ошентип атып чоцоюп алышкан соң, өздөрү эле ушу бойдон түшө калгандай бизди жактырбай салышканын кантесиң, чиркин!

...Күн чубактап, кызыл жардын түбүндө кашынып жаткан топ котур эчкини көздөп турат элем, бир чоочун атчан ушу мен турган жар түбүнө келип салам айтты:

— Ассалоому алейкум!

— Аалейкума, ассалам! — Алик алдым да, кол алыштым да али чоочуркай карап турдум: «биздин айылдын кишиси эмес бу? Ырайондон же тигил эле обулустан чыгып, тоо кыдырп, мал көрүп жүргөн өкүмат го?» деп болжоп койдум. Эчкилерди карап турган ал: «котур каптаптыр го? Бу, неге дарылабадыңар?» — деди. «Ошо, дары жок болуп атпайбы, айланайын! — дей кеттим мен да,— ошо дары болсо эле алда качан айыкмак. Ошо дары жогунан далайы залал болуп калбадыбы!..» — ушинтип, чырылдай кеттим.

«Канча эчки эле? Канчасы өлдү?» ал минтип сураганда жан кулактын учуна чыгып кудай акы корктум. «Калкостун эчкисин кырып таштаган кандай зыянкечсиң?!» деп, ошо замат эле ала кетип каматып салабы деп корктум. Анда ошентчү эмес беле. Бирак, коркуп турсам да тайсалдай албадым: «жүз ашуун эчки эле, аксакал, эми... алтымыш эле турат алтымышы эле калды! Ушу котуруң жаман дарт экен... эми калганы да тигинтип... үйдөгү балдарыма тете тилегим чыкты ушу эчкилерге! Эми мунусу аман калса экен?..» үнүм дирилдеп чыккынын өзүм да сезип турдум. Тиги киши мени тиктеген бойдон минтти: «ие, болбогон кепке кейип!.. Балдарыцыздан айлансын эчки! — десе болот да, айланайын! — Кейибеңиз? Дарылайбыз эчкинин колотурун. Андан көрө балдарыцызды жакшылап карацыз. Ошо балдарыцыз аман болсун. А бу эчки эмне...» — ушинтти эле муну угуп турган кулагыма ишене албай өзүмчө кайсалай берипмин.

Анан, ал киши кепеге кирип ал-абалыбызды көрдү. Жаман төшөнчүгө оронуп, көздөрү гана жылтыраган балдарды көрдү. Ошо тапта, тыштагы эчки эле эмес, үйдөгү балдарым да сынма котур болчу. Тула-боюн жыш каптаган жараттан кыймылдай албай көздөрү гана жылтырап отурушчу.

Капыстан кирип келген мейманды балдарым чоочуркай карап, суу ысытып жаткан аялым да адеп, селт этип, анан, өзүнчө кымырына калды. Үстүндөгү чолок таар кемселден көөдөнү көрүнүп турган анын да оңтою кете калды... Оо, ойрон болгон согуштун каабы! Ойрон болгуруң, апан, калса аябай ойрондободубу! Аябай талап-тонободубу!.. Бирок, ошо кыйын күндө да жакшы кишинин арка-сүйөгү, жакшы жетекчинин деми укмуш болот экен. Ачкан кардыбыз тоюп тургандай ошо жакшы жетекчиге бел байлап, өлгөнүбүз — тирилип, өчкөнүбүз — тамгандай ага дем байлап...

А киши бизге үзүлүп түшүп, алы-жайыбызды сурады: «балдардын бирдемеси барбы деги?» Аялым арытан улактын тулубун алып чыкты. ошондо бир табактай гана талкан бар эле.

Ушундан эки күн өткөн соң баягы кишибиз кайра келди. Бу сапар ал эки аттын жүгү менен келди. Калай челекте (филяга) киралин артып, анан да бир кап арпа!.. Арпаны ары-бери кууруп, жаргылчакка тартып, казан толо жарма-а!.. Үйгө саматта той түштү. Биз эле эмес, эчкилерге да.. баарыдан кызыгы ал ошондо эки чоң казан жарманы катар жазатып, эчкилерге да бердирсе болот да! Биз аялым экөбүз саал тарткынчыктадык: «эчкиге кантип жар-

ма берсин?» дегенди ойлоп бири-бирибизди карап турсак ал киши шаштырып калды: «бол, бололу? «урушта — туруш жок» дейт, эчкилерди адегенде тойгузуп туруп, анан, салбасак кралинге...» айтканы ырас экен. Адегенде арпа жармага тойгузуп албасак эчкилер (жылаңач котур байкуштар) кралинди көтөрө алмак эмес экен. Кралинге түшкөн эчкилер куду нөшөрдө калгандай бакырып, тыбырап силкинип качып жүрөт дейси-иң! Топ-тобу менен ошо биз маанектеген кепеге урунуп-беринип, андан тиги кызыл жарды карай чычаңдап качып бараткан эчкилердин тула-боюнан кралин шорголоп, ошол айланада кралиндин гана жыты... Марал-Кечүү ошо күнү тиминче кыштоо эмес, кадимки койду кралинге салчу мүңкүт жыттанып турду.

Мына ушундан кийин гана алиги киши өзүн тааныштырды: «менин атым — Мансур. Жаңы башкармаңар болом. Мына, дарыланды. Эми буларды аман асырап, төлдөтсөңүз ошо төлдүн жармы өзүңүздүкү болот».

Айткандай эчкилер да котурдан аман айыгып, төлдөп ийди. Төлү да башы да аман. Баягы көпкөк чаначка окшогон жылаңач жандыктар жок, жүнү кундуздай жылтылдаган сүттүү кара эчкилер кызыл жарга чачырай жайылып, улактары оюн салып турганын көргөн Мансурдун кубанганын кое бер!.. «Кулжаке, мына мээнетиң жанды! Кана, эми эчкинин жууратынан ичели?» деп жайдаңдап келип калчу эле Мансур.

А жылы мээнетим жанарып — жанды. Башкарма эчкилерди аман сактап, аман толдөткөнүм үчүн баягы убада боюнча толдүн жармын кемесия менен келип бөлдүрүп берди эле өзүм алган жокмун. «Уят деген — бир уруу журт» киши баласы уяттан, ынсаптан кеткенде кишиге окшобой калат. Анан, мен ынсап кылбай баккан эчкимин төлүнүн тең жармын бөлүп алганда аны кайда алпарам? Бу калкостон көчөмбү? Калкос али ачар болсо... Ушинтип Мансурга айтсам, баягыдан бетер ыраазы болду. Мен эчкини көбөйтө бердим. Тыбыттуу кара эчкилер Марал-Кечүүнүн борчуктарында кийиктей жайнап... эрмен жыттуу тоо, үйүмө эчкинин жууратты толуп, баягы чиедей котур балдарым да таза айыгып, тиги жарда оюн салган улактардан бетер оюнкүлкүгө карк... Ошо жылы арпа да кой төкейлеп бир укмуш чыкпадыбы!.. Аччылыктын кенемтеси болуп, жер берекесин төктү белем, жарыктык! Биз саргая күткөн токчулук келди...

Ошентип, аччылыктан — токчулукка, жокчулуктан — барчылыкка жеттик эле, эми бу тапта, барыбыз — жок болду минтип! Баштаган кишибиздин ачардыгынан ушинтип,

аяк-асты абалда калдык. «Этиң түгүл, табагыңы таап ал...» — деп, жарылдай кеткен бала эске түшөт. Хи! — кырс этип күлдү Кулжабай чал.

— ...Илгери, жайлоодо элек. Шерне маалы. Түн. Тышта кара нөшөр төгүп, карыган атабыз шерне берип жаткан жерге бара албай үйдө калган да Кулдубай баланы чуркаткан. Чалдын шыбагасын ошо Кулдубай алып келип бермек. А тиги шерне берип жаткан үй этти чүйгүндөп жазап, баланы жөнөткөнү кыйла убак болду. Аны күткөн чалдын чыдамы кетип тышка кыйкырат: «Оо, Кулдубай! Келатасыңбы?» «Келатам, ата!» деген баланын үнү чыгып кайра жок.» Анан, тышта ит кабышып калганын укkан чал кайра кыйкырат: «Ээ, куураган Кулдубай! Эми качан?! Ой, эт кана?! «Анда Кулдубайдын тыштан өзүнчө күңүлдөп, күңкүлдөй кеткени угулат: «эк, кокуй! Эт дейт! Эт эмес, табагымы таппай жатса-а!..» Көрсө, Кулдубай келатып, үйдүн шатырагына тайгаланып жыгылып, колунан табагы ыргып кетиптир да анысын иттер ала качып кетип, өзү болсо эти түгүл колунан ыргыган табагын таппай темселеп жаткан экен! Кантмек эле, көзгө сайса көрүнгүс — карацгы, анүстүнө нөшөр төгүп турса... хе-хе-хе! Так ошонун сыңарындай биз да ушул азыр «эти түгүл, табагыбызды таппай» турабыз!

Кулжабай чал да беркилер да көргөн-билгендерин Акбаеге айтып түгөтө алышпай, аны эрчий басып, а кыштактын аягынан кирген Акбаев кишилер менен улам бир үйгө кирип жөө келатты. Тышынан — ичи, ичинен — тышы комсоо боз-ала тамдар да ушу тапта арып-ачып тургандай, а тамдардан чыккандар да кабактары салыңкы — суз. Тиги боз дубалдын түбүндө уюн мурунтугунан жетелеген кемпир турат.

— Тиги — азыр эле биз айткан Шаана кемпир,— деди Кулжабай,— жалккан байкуш! Ушинтип эле уюнун мурунтугун колунан чыгарбай калбадыбы.

Акбаев баштаган кишилер жапырт ошо кемпирди карай басышты. Кемпирдин көзү бу бараткандардан өтүп, үрөйү учуп турду: «кудай өзүң сактагайсың?! — деп тургандай ал. — Дагы кандай балаак тооруп келатат мени?! Куда-ай! О, кудай озүң сактагайсың! Козумун жашы арыла электе... ушинтип жабыла басышканда бир балаа болчу эле... аа, баягы согуштагы шордууму да мына ушинтип жабыла басып келишип эле.. оо, жараткан ошол түрү суук кабарыңан сактай гөр!..»

Кемпир мына ушинткиче булар анын бет маңдайына барып калышты. Бомбоз күл болуп калган кемпирдин жү-

зүн көрдү Акбаев. Ооба, эбак өчүп калган күлдөй болуп, калың бырыш тордогон оңу да, былбырап көгөргөн эриндери да титиреп, үлпүлдөп өчүп бараткан чырактай көзүндө чолок жаш бар экен. Көзүн ымдаган чолок жашы көз кычыгында... Анын башы да саал калтырап, тиги уюнун мурунтугун кармаган мыйрыгый манчалары да ошентип, оң колундагы шилби таягына уюнун мурунтугун орой бергенин байкады Акбаев, анан, беркилерден мурда учурашты:

— Саламатсызбы эне?

Кемпирден жооп болбоду. Бу келгендерди алма-терме, жал-жал карады.

— Укпай атат,— деди ошол арадан бирөө, анан, Акбаевдин ордуна өзү кыйкыра кетти: — Учурашып ата-ат! Сиздин ал-абалыңызды көргөнү келбединби. Бу киши — райком!

— Ыя-а? «Ырайон»? Ыя? Мен ырайонго барайынбы? Эми, дале ушу күрөң уй туурасынанбы? Эми муну мен шалбаага киргизбей калбадым беле? Мурунтугунан эле карман отурбадым беле минтип? Эми бу жалгыз уйду этке төгүп алсаңар күнүм эмне болчу, айланайын? Жаңгыз байталымы да былтыр ошентип алып койбодуңар беле?!

Үгүп турган Акбаевдин зээни кейиди. Мына, өзү карман турган күрөң уюнун окуясын го тыяктан үгүп келди эле, эми бу байталын кандайча жоготушканын билмекчи болуп сурап калды:

— Эне-е! — деди, бу жолу анын жанына барып угуза сүйлөдү. — А байталыңызды эмнеге алышты эле?

— «Эмнесин» билемби? — деди кемпир. — Былтыр ушул эле актүптөр келип: «жылкы урунбайсың! Жылкы урунушка сакүн жок!» деп алды да кетишти. Аа, караңгуй! Көзүм жумулуп кетсе ошону союп, эптеп мени жерге жашырсын деп жүрбодүм беле! Уулум жок болсо...— кемпирдин оозунан не бир ачуу, армандуу көк түтүн бурк эткенсиди.

Кишилер бир тынымга тым-тырс турушту. Кемпирди карап турган калыбында жанагыдан да зээни кейиген Акбаев үн катты:

— Деги төлөп бериштиби байталыңызды?

— Аа...— деп алды кемпир,— таш-балаанынбы! «байталыңын куну — он тоок»,— дешти,— эмики сакүн ошо тура, көрсө. Он тоогун эмне кылам? Эми ал го өттү, мына бу жаңгыз уйдун музоосун эле калтырса эмине!.. Жылынкысын — жылына этке төктүрүп алып коет: «жаш мал урунууга дагы сакүн жок» дешет го? Ошонун баарына көндүм эле, эми

береги жакгыз уюмду дар дүйпого батыра албадым, айланайын?!

— Мал көккө тойгуча али кыйла бар,— деди Акбаев бир аз тынымдан кийин кемпирге. — Эми бу уюңузга чөп-чар барбы?

— Чөп-чар дейсиңби? — кемпир кайта сурап, анан, жооп берди: — а ошо тиги Кырчындагы кызым жайында чаап берген чөптөн аз бар. Ошону күндө бир маал жалмалатып алып, анан, ушинтип жетелеп жүрбөймбү. Жетелебегенде кантейин...— деди кемпир,— жайынан-кышына ушинтип жетелесем да эптеп багып алат элем го, а көрө жайга койбой, бирде музоосун алса, кайтып өзүнө көз артышат актүптөр, айтору...— минткен кемпирдин калтыраган колу шилби таягына күрөң уюнун мурунтугун орой берди, кайра жандыра берди. Ушу тапта уюн колунан жула каччудай ал ошо мурунтук менен гана алек болгон калыбында Акбаевди карап турду.

— Тынчыңыз кетпесин, эне.— Акбаев аны колтугунан сүйөй сүйлөдү. — Уюңузду эч ким этке төгө албайт. Мындан ары музооңуз да өзүндө болот. Уйду минтип жетелеп жүрө бербеңиз. Кантип жүрөсүз кечке бу суукта!?

— Анан кантем, айланайын! Калкостун коругуна кирип кетет деп атышпайбы? А корукка кирсе эле кармап алышат да?

— Эч ким кармабайт сиздин уйду,— деди Акбаев. — Эч кандай корук жок. Ушу март айында кайсы корук бар экен? Кайсы шалбаа тулаң болуп калган экен? Али такыр жерди ким коруйт экен? Уюңузду агытыңыз да өзүңүз мешти жагып алып, жылуу отуруңуз. Отунуңуз барбы?

— Биртике тезектин жугу бар.

— Отун түшүрүп беришеби?

— Ким? «Отун түшүрүп?» — кемпир тацыркай сурады. — Ким түшүрүп берет отунду маа?

— Колхоз түшүрүп бербейби?

— «Калкос»? Аа, калкос кайсыны түшүрүп берсин. Отун түгүл тиги жаман тамдын үстү басып калган турат, ошоо кол кабыш кыла албады...

Күрөң уйду агыттырып ийген Акбаев эми кемпирдин колтугунан сүйөп, анын үйүн карай басты:

— Каршы болбосоңуз үйүңүзгө кирип чыгалы, эне?

— Мейлиң, айланайын,— деди кемпир. — «Үйүмө кирбе» деп бир тежик каршы болбосо... кире кой.

Дубалын жаан жеген жопирекей боз там жерге житил бараткандай көрүндү. Бул азыр киши маапектеген үйдөй эмес, эбак бузулган эски коргондун жулдарындай экен. Ка-

жып калган кичинекей каалганы бери тарткан Акбаев бозогодон эңкейип атып ичкериге кирди: кишинин төбөсү тийип турган кепенин ичи үтүрөйүп караңгы да муздак да экен. Чок ортого коюлган темир мештин жыртык оозунан тезектин күлү куюлуп, ийрейген кернейинен шамал корулдап үйлөйт. Кепенин түштүк капшытындагы бүтүйгөн коп терезеге айнектин сыныктарын кураштырып эптеген экен. Ошо кош терезенин ортосундагы шинельчен солдаттын сүрөтүн карай мыйрыгый сөөмөйүн көтөрдү кемпир:

— Ошо, тетиги... жана уйпалган урушка кетип келбей калбадыбы!.. ушинткен кемпир тиги өпөйгөн жүгүн карай бөкчөң басып шашып калды. Анан, тышка үн салып небересин жардамга чакырды:

— Карыбе-ек! Оо, Кары-ы!.. Аа, келесоо жаным! — деп койду, өзүн жемелеп. — Ал окушунда жүрбөйбү, баса, а мактебинен али келе элек эмеспи. Атаа, астыңарга бирдеме салсам болбойт беле?..— минткен кемпирдин оюн билген Акбаев аны токтотту:

— Эпе, коюңуз жарыктык! Биз конок болгону келген жокпуз да, биз анчейин эле... эсенчилиги болсо дагы келебиз. Убара болбоңуз?

— Ошондо да өтсөңөр, айланайын? Көчүк басып, даам ооз тийсеңер? Ата-а, астыңарга көлдөлөң салсам болбойт беле...

Акбаевди эрчий киргендер бозогодо жардана калышты эле, бая Кулжабай чал сөз катты:

— Э, курган кемпир, карбаластаган! Э, убара болбо.

— О, кой ээ, Кулжабай! — дей кетти кемпир. —.Үйгө кимпи келип турса карбаластабаганда... «тушмандын үйүнөн туруп чык» дейт. Мен силерге эмне тушман белем?! Ээ, Кулжабай... тиги уулум барында менин үйүмөн да киргенчыккан үзүлчү эмес...

Кемпирдин армандуу өксүгү Акбаевдин жүрөгүн канатып ийди. Ал отүп барып, тиги өпөйгөн жүктү сүйөнө отура калды. Ушул азыр анын көз алдында баягы өз чоң энеси — Күлкан... мына ошо Күлкан турган кепе... мына анын колунан жыйылган өпөйгөн жүк... мына бу — өзүнүн эле чоң энеси! мээрим каргыл үнү да, мыйрыгый манчалары өзү!..

Дал ушундай кепеден чыгып, чоң энеси — Күлкан бышырган сүттү ашыга ичип алып жөнөп баратканда таң жаңы сүрүп келатпады беле... Ооба, Кемерде таң жаңы сүрүп келаткан... «ке... кел, муну жылуу уртап ал». ушинткен Күлкан кемпирдин бир колунда саптуу чоюн кашык, бир колунда жапкан нан бар эле. «...туурап ал токочтон. Ырайо-

нуца жеткиче качан, өзөгүң карарбайбы. Жыттоочум! Жыттоочум менин! — ушинтип, калтыраган колу менен өзүнө имере тарткан кемпир мунун мойнунан искеген: —...анан, кокус окушуца өтүп калсаң, бир кайрылып кабарыңы айтып кой мээнетиңи алайын?..» — минткен чоң энесинин ошондогу үнү азыр кулагында турду Акбаевдин. «Бир кайрылып, кабарыңы айтып кой?..»

— «Мм... ошондон кийин а байкуш кемпирди кайтып көрбөй калбадымбы! — өзүнчө ушинткен мунун зээни кейиди. — Оо, курган энелер! Силер ушу биз үчүн кандай гана азаптарга чыдабадыңар! Акыры минтип... Ыя?.. ушундай болмок беле, баладан калган байкуш эненин тагдыры?! Ыя?.. Кокус ушу кемпирдин тиги солдат уулу азыр келип калып, энесинин ушул абалын көрсө, канетер эле?! Ал... солдат уулу энесинин ушул азабы үчүн курман болду беле?! Курган энесинин ушинтип карып болуп калышы үчүн согушту беле ал?! — Акбаев алагар көзүнө тегерене түшкөн ысык жашты ары ирмеди. Жашын кемпирге көргөзгөн жок. Анан, мына минтти өзүнчө: — Жок, мындай болушу мүмкүн эмес! Энелерди мындай абалда калтырышка эч кимдин укугу жок! Энелер сый көрсүн, кордук көрбөсүн!» Өзүнчө минткен Акбаевдин эсине, көз алдына мына ушу көз ирмемде бүт баары келди, бүт баары чубуруп өттү мунун эсинен, көзүнөн:

...Отуз сегизинчи жылдын жайы... Кемердеги сугат... Осмон биргадир... Тоймат-шалпаң кулак... Бает акеси... Күлкан чоң энеси... окууга жөнөгөн күнкү Үрмарал таңы... кайра да чоң энесинин үнү: «жыттоочум менин!.. окушуца өтсөң кайрылып кабарыңы айта көр?..» — мына ушул үндү кулагынан кетирбей ордунан турган Акбаев тиги Шаана кемпирге барды да аны жанагыдай эле колтугунан жумшак сүйөп, ага өнтөлөдү:

— Эне, сизге отун да түшүрүп беришет, уюңузга чөпсаман дагы... үйүңүздү жаңыртышат. Эми өзүңүздү гана чыйрак кармаңыз? Сиз абдан кайраттуу кишисиз, мына ошо кайратыңыздан түк жанбаңыз? Сиздин кызматыңызда мына биз дайым даярбыз?

— Ыя? Ылайым көп жаша!

Кемпирдин оозуна мындан өзгө сөз кирбеди, ал саал аңкаарып калган.

19

Ак чап чыбырларды кырдап келаткан ГАЗик тетиги коктунун оозунан ойго түштү. Ушу коктудан туура тиги күңгөй тарапка чыгып, андан түз эле Нарынга кудуп кирип

барышмак. Коктуда сойлогон кара жыландай ийрилип аккан суу жатат.

— Ылайлы-Суубуздун өзү ушул,— деди Тилек бу Акбаевге сууну тааныштырып, анан саал өтүнүч таштагансыды. — Эми ушунун эки-үч жерине көпүрөчө салып, анан, тиги кыян жеген жарларга өткөөл жазап койсо эле шар катташат элек. Бул арада же бир бийик дабан болбосо... а тиги Долон, анан, тиги Төө-Ашууга деле жол чыгып атат го? Ошончо бийикте деле жайы-кышы машина зымырап жатот го? Анан эле ушу карыш турган биздин Ылайлы-Сууга жол жетмек бир тозок болду!

Кара баткакты оңурайта жарган машинанын кош доңгөлөгүнүн изи береги кара сууга кирип, андан чыгып, кайра саздакты жара тилип, тиги күнгөй бетке чейин кеткен экен. ГАЗик кечмеликке чукул токтоду. Кабинадан түшө калган Акбаев кара суунун тынч агымын карап турду; ылайлуу суу күрөн-кочкул тартып, төмөн карай жылжыгапы байкалат. Кечмеликтен тереңи же тайызы билинер эмес, түбүнөн не таш, не балыр көрүнбөй түпөрүп, ылайланып жатат...

— «Бул оңой-олтоң туна койбос суу го? — Карап туруп өзүнчө ушинтти Акбаев. — Ырас, буга көпүрө салып, анан, муну шар сууга кошуп, анан, тетиги мел-мел кандактарга алып чыгуу керек... Айтуу кандай оңой!.. Иш ушу айткандай тез бүтүп турар болсо ээ?» — ушинткен Акбаевге кайра тигинден ары коктуда калган «Ылайлы-Суу» кыштагы элестеди...

...Терең кокту. Коктуга төмөнтөн жайылып чыккан арык-торуктай боз-ала кыштак. Коктунун оозунан нымкыл түтүн үюп, уюган түтүн астында өрттөнгөн уйкана, өрттөнгөн уйлар... «Ыя, ушундай да болобу?! Жанагы түрү суук көрүнүштөр көзүнөн кетпеген Акбаев ушинтти. — Ушундай болобу?! Мында — малканасы малы менен өрттөнүп жатса, тигинде — жерге себилчү чөптүн уругунан өйдө суу га чачып ийип басып кетишти. Аркы колхоздо жер айдабай, жер айдаса үрөн сеппей, үрөндү талап, бөлө качып, жерди кара так калтырып...» Эбак айдалып, анан, кургап, чаңы учуп жаткан саргыч талаалар көрүндү буга. Трактористтин уурунан жылмайганы, чечкинсиз күдк-маңк үнү угулду: «ким билет, айтор, үрөн дарылангандан бери эле ушинтип калышты...»

Машташкан уурулардай кишилер, «төө көрдүңбү? Жок!» «Бээ көрдүңбү? Жок!» деген анткор өңдөр... Бирок, «кыйык иш — кырк жылда» деген кеп бар. Иштин кыйыгы көрүндү. Уурунун айгагы чыкты, ошентти. Ал колхоздун кишилеринин сырын тартып маек куруп, оң жолго үндөп ке-

латканда аркы колхоздун чуусу чубалып чыкты. Алар менен ийри отуруп, түз кеңешип, адам эмгегинин касиетин баяндарын баяндап, аларды жапырт эмгекке үндөп калган кезде эми минтип, булар...

...«Ылайлы-Суу»... деп алды Акбаев,— чынында булардын активдери ылайлап койгон суу экен го?..»

Жөн-жай аккан суу эмес, аңги кыян көрүндү мунун көзүнө. Жазгы, жайкы нөшөрдү коштоп беттерден аңкилдеген кыян ак чаптарды жара-жара тилип, нечен машакат менен дыйкан колупан тартылган арыктарды жарып отуп, жашыл-тулаң эгиндерди сыйпап кетип, дыйканды бозорткон. А бирок, баба-дыйкан ошо бозоргон бойдон кол куушуруп, бозоруп отуруп калган эмес...

«Чокой арык»! — деп алды Акбаев өзүнчө. Анын эсине азыр ошо «Чокой арык» түштү. Тээ, терең көктудагы суудан кыялап чыккан кол арык тиги мелтилдеген көк секиге жетиптир. Ошол арыкты адеп, көргөн Акбаев ушул арыкты адеп чыгарган кишинин дайнын сурады. Арык ээсинин даректин билген ким? Бирок, Чокойду бу чөлкөмдө бирде-бирөө билбейт экен. «Ким билет айтор, бир кезде Чокой деген киши казса керек?» деп бирөө айтса, экинчи да бирөө укканын улады: «казбай эле каздырыптыр. Өзү ушул Көлтөр, Коңорчокту жердеген бай экен. Ошо өзүнүн жалчыларына каздырып, секиге суу алып чыккан экен». Арытан бирөө дагы укканын кошту: «жо-о, ал Чокой деген тегирменчи болгон экен өткөн заманда. Анан, ушу секиге тегирмен салам деп суу алып чыккан экен.»

Мындай кептерди укkан Акбаев өзүнчө баамдаган ошондо: «айтор, ал ким болсо да жер көгөрткөн дыйкан-баба экен». Баса, ошол эле жылы көктөмдө кой кайтарып жүргөн бир чалга кезигип, маектешип калды:

— «Аксакал, ушу Чокой арык кай заманда чыкканын билесизби?»

— «Кай заманда?» тиги киши ушинтип Акбаевди саал тиктей калып кайра өзү жооп берди. — Эмне, эткөн заманда дейсизби? Бул кийин эле чыккан арык. Муну чыгарган Чокой өзү кечээ, кийин эле бар болчу. Менин баамымда а Чокой токсон таяды. Мен ошо курагында көрдүм. Тегирмендин ташын көтөрүп кетчүдөй алп киши эле. Биздикине дайым каттап, менин чоң атам менен тогуз коргол ойночу. Экөө курбу кишилер экен, азилдешип калчу. Кокус уттуруп баратса, менин чоң атам: «кокуй, Чоко, бая Байтакка окшотуп, арыкка байлап саласың!» деп каткырып калчу эле. Көрсө, дөөмөтсүз суу жыга качкан Байтак дегенди бир таңгак чөптөй гана атынан эңтере тартып алып, өзү жыккан

кулакка байлап койгон экен, кайран киши! Аны ошол ара-да сугатта жүргөн туугандары келип тургузуп алышыптыр. Оо, а кезде суу талашкан чатакты айтпа!..

...Чокойдун өзү эмес, чоң атасы — Сатыгул келген экен мына ушул Талды-Булакка. (Ушу коктунун башы — булак-ка майда тал чыгат.)

«Жоокерчилик заманында келди мунун чоң атасы,—деп калчу эле менин чоң атам. — Талды-Булактын калың чи-йинен анда атчан киши көрүнчү эмес. Кекилик — чили жайнап, а калың чий арасында коен өрүп жүрчү. Бир күнү коен уулап жүрсөк (коенду таяк менен эле чаап алчубуз, да) коктунун ичине бир кара алачык конуп калыптыр. Эшик алдында барак күйрук көк ити жатат андан өзгө адалдан түгү көрүнгөн жок. Баса, эшик алдында далысы дүгдүйгөн зор киши керкиси менен жыгач сомдоп отурган экен; тиги барак күйрук көк ити бизди карап комдонуп үрдү эле ар-кы киши керкисин жыгачка шилтей берип, биз жакка саал кылчайып койду да ишин улай берди. Биз эки-үч бала үй-дүн шилисиндеги кырда турдук эле, ошо кырдан туруп, кый-кыра салам айттык да өз жолубуз менен кете бердик. Тиги киши бизди анча таназарына албады. Көк иттен өзгө кө-рүнбөгөн үйгө биз кайрылган да жокпуз.

...Талды-Булакка конуп калган жалгыз үйлүүнүн теги-жа-йын анык билише албай биздин айылдагылар адегенде ан-дан өгөйлөп да жүрүштү:

— Тиги Талды-Булакта отургандын бир мандеми бар...

— Бир жактан мал алып качкан ууру көрүнөт?

— Э мал түгүл, анын көк итинен өзгө адалдан түгү жок го?

— Ой, ал ууру алган малын көрүнөө урунчу беле.

— Ошо... тоонун кокту-колотунун бирине житирип коюп союп жейт да.

— Ошондой, антпесе жел оойбу?

— Ай, ким билет ушунун баш териси уурудан да башка түрү бар...

— Ии?..

— Э, бир жактан киши өлтүрүп качып, быякта из жа-шырып жүргөн каапырбы, айтор?..

— Баса, каны ичине тартып кишини кумсара карайт экен.

— Деги, кайсы эл экенин, кайдан келгенин билгениңер барбы?

— «Кеминдик — Тынаймын» дейт, Шамшы ашып түшө калган тура.

— А быякта эмне алды-бердиси бар экен?
— Жарбанда кызы бар экен.
— Жо-о, Жарбандан келин алыпыр.

Талды-Булактагы жалгыз үйлүүнүн артынан мына ушундай кеп эрчиткен кишилер оо, кыйлада барып үйүр алышты. Ал ээр чабат экен. Айылдагылардын бир-экооно ээр чаап берген соң, анын аты-жонүнөн айтып: кээси — «ээрчи Сатыгул» дешсе, кээлер — бу Жарбац менен сөөк экенин эске алышып: «куда Сатыгул» дешчү болду.

Аны айыл ичине көчүрүп алабыз дешти эле, Сатыгул адеп, конгон журтунан козголгон жок: «шамалдан ыктоо ырас көкту экен, анүстүнө булактын көзү, ушундай эле байырлайын» деп койду эле элдин көбү муну жактырган жок: «Э, жороц жолдо калгыр...» «капырай, жалгыз үй кантип отурат?» «элден безген неси ыя?» — минткен кишилер Сатыгулдун бу жоругун дале ууруга алпарып такашты эле, бирок, бу келгени айылдан чычкак улак жоголгон жок. Кишилердин мурдагы бүшүркөөсү — күмөн саноосу боюнча мунун артынан бүгүн болбосо эртең куугун келмек эле андай да болгон жок. Сатыгулдун ачылык жайы да бар экен: тузак тартып, ошолордон кекилик, чил алып, тиги Көлтөрдөн бая күнү теке атыптыр...

Ошо кыпта Сатыгул көз жуумп кетип, анын эки уулу — Койбагар, Чокой калды. Алар эми өз атасынынын өнөрүн не жер тырмап биртике дан чачышты. Жаз, жай отүп күз келди. Топуга чөпеп чачкан арпасынан каптап түшүм алышты Сатыгулдун эки уулу. Бирок, бу сай жээгиндеги этектей таштак жарытпады. Тиги Талды-Булактын секисине көзү түштү Чокойдун: «атам-замандан буурсун тиши тие элек — күр жер экен, атацдын көрү! Уюп калар эле аштык! А бирак, суу кана? Суу кендирди кесет го эми». Ушинткен ал жатып-турып ойлонду, анан кескин чечимге келди: «суу чыгарам!» муну уккан агасы — Койбагар (ал ошо тапта Коңорчоктун байларына жалданып мал багып жүргөн) жетип келип, кашая каршы чыкты: «жиндинин ишин кылба, Чокой! Андай күчүц ташып баратса бир байга байсалап короо салып бер, акыцды аласың. Антпей, жыл маалы тиги Талды-Булактын ташын казсац — эмгегиц ташка чыгат».

Агасынын айтканын жер тиктеп укту Чокой. «макул» же «аный» дебеди. Агасынын айтканынын да жону бар. Терец коктудан тиги бийиктеги секирге арык алып чыгышка пилдин күчүндөй күч керек. Коктудан кериге чыкчу арык эмес, түз жерден чыкчу арыкка бер жагы бир страчын эли,

ар жагы — бир болуш эли жамы бел байлап, арык чыгарып, анан, ошол элдин атынан аташчу: «Келдике арык», «Чертики арык»...

Чокой мунду ойлоп тунжурады: «айныйынбы? Же, бел байлайынбы ыя?» Ошо тапта анын коңулу менен кайраты бетме-бет турду: «ээ жаныңа азап тилебе,— дейт коңулу,— тоонун ташын казып, секиге чыгаргыча өзүң ташыркап бүтөсүң, өмүрүң түгөнөт. Андай оз жаныңы жээр арыктын кереги не саа?» Ага каршы кайраты минтет: «баштаганыны — таштасаң, же жакшы оюңан айнысаң — алсыздыгың! Жан кыйна, жан кыйнап суу чыгар, чыгарган суу — өзүңө, укум-тукумуңа ырыскы. Сен чыгарган арыктан суу ичип, сен сугарган жерден нан жегендер сени унутпайт...»

Коңулу — кайраты, коңулу — кайраты... экөө бетме-бет тартышып турду. Чокой кайратын эрчиди: «тобокел! Баштайм!..»

Чокойдун колунда чукулук, кетмен. Коктудагы ийрилип аккан Талды-Булактын күн чыгыш четинен чукулук менен жырган ал таштак капталды карай жетеледи. Билектей суу чукулук менен тилинген жээктен жылжып ээрчиди. Апта бою тыңбай казып баратты Чокой, аптада капталга жармашты. Капталдын ташы чукулукту мокотуп, кетменди мукурайтып ийди. А кызыган Чокойдо токтоо болбоду. Капталды кыялаган арык кырча ташты куюлган шагылды тилип, улам илгерилей берди.

Чокой иштин кызуусуна түшүп чарчоону унутту. Кара тер тула-бойдон келдөп, беттен шорголоп турду. Чукулук тынымсыз шилтенип, таш, кум шагыраң эшилип, улам эшик-төрдөй жерге эшип кирип барып, эшилген таш, кумду күрөктөп ыргытып, а берки чукулук жанындагы күрөктөн кезек талашып, а чукулук, күрөк, кетмен үчөөлөп Чокойдун карылуу колун талаша, эрегишип, бу каптал арыкты бир киши эмес, бир нече киши казып бараткандай демдүү да, шандуу эле. Чокой болсо нөшөрлөп тогулгөн терин арчып коюуга буямасы келбей ошентип, күү менен казып баратты таштак капталды. Ошо тапта Чокойдун кашына азык алып келип калган түйдөктөй энеси, анан, эрчий келген барак куйрук көк дөбөттөн өзгө жок... Түйдөктөй энеси өзүнчө жалбарып уулунан суранат: «тыным алчы балам? Биртике тыным этип, жарма ичип алчы? Соругуп кетесиң го?!» «Мына апа,— дейт уулу — мына тетиги алтыганага жетип тынам.» «Алтыганага жеткенде дагы эле тынуу жок: «эми, тетиги чийге жетейин...»

Иштин түрү күндө ушу. Күндөр өтүп, терең коктудан кыялап келаткан арык мына тиги секиге чыгарына аз эле

калды: «эң кыйын болсо эки күндүк терим, ооба, эки эле күндө бүтөм эми!..» ушинтип кетменине сүйөнө калган Чокой, тээ-тигинден бери терең коктудан чыгарып келаткан арыгына көз чаптырып жүрөгү кубанды. Агасынын айткан эстеди: «эмгегиң ташка чыгат! Ташты жинди казат!» агасынын бул айтканын эстеген бул өзүнчө мыйыгынан күлүп, өзүнчө минтти: «секиге суу чыгып тиги мел-мел секини көлкүлдөтө сугарганда бир көрсүн ал, кое тур..»

Эртеси да таңынан келген ал кадимки кызуусунда баратты. Тетиги күн чыккан тарап өрттөнүп бараткандай кызыл-кочкул жээктенип, асман жер ала-бүркөө эле. Чокойдун эсине атасынын айтканы келди:

«... Эртең менен күп кызарып чыкса —
Элинди жоо чапкандай күйүп!..»

Эртең мененки кызарып чыккан күн — кечке коогалуу, жаан-чачындуу...

«Ээ, жаан эмне кылмак эле,— деди Чокой ичинен,— эмине, бороон-чапкын колуму кармамак беле?! Ушу бүгүн капдай болбосун суу алып чыгам секиге!»

Минтип айтканы ооз-кесири болуп кеттиби, нетти? Чокой ошо күнү ишин бүтпөй калбадыбы! Ишин бүтүрмөк түгүл бүтүргөн ишин бу күндүн орою бүлдүрүп кетери түшүнө кирди беле мүшкүл?!

Күн тоо башынан көтөрүлгүчө асман чылк бүркөлүп, түрү суук кочкул булут үйөрлөп, жерди карай салмактанып келатты да бир оокумда ошо кара булутту жара-жара чаап, чагылган ойноп анан куду көнөктөн төккөндөй нөшөр төктү. Нөшөр улам күчөп алды. Бир оокумда жыланач адырлардын бетинен кыян аңкилдеп, тиги капталдагы Чокойдун арыгын шыпырып кетти. Күн түшкө жакын ачылды. Нөшөр төгүп ийгенде үйүнө кеткен Чокой мына эми күн көзү көрүнөр замат капталга чуркап жетти. Кыян шыпырып кеткен арыгын көрүп, селее түштү ал... агасынын үнү угулду кулагына: «мына, мага тил албай, моюн толгоп койдуң эле, мээнетиң ташка чыктыбы?!» кулагына ушул угулуп, өзүнөн сурады кайра: «Ыя? ушундай да болобу, кудай?! Ушундай да болмок беле?!»

Ошондогу Чокойдун үнү... арыгын кыянга алдырып аргасы түгөнгөн Чокойдун үнү ушул азыр өз үнү болуп угулду Акбаевге: «...ыя, ушундай да болобу?! Ушундай болмок беле?!» бирин араң жөнгө салса, экинчиси тигинтип, чабылып-чачылып жаткан чарбаларды, алардын жан багар жекатылерин көрүп аргасы түгөнүп турган Акбаевдин көз алдына Чокойдун абалы келип турду. «Өзгө түгүл ошо күн-

күү жаратылыштын кырсыгынан да коркkон эмес экен дыйкан-баба»,— деди бул.

...Чокой аны менен ишин токтоткон жок. Кыяндан да коркkон жок. Кайра ошо кыян алган арыгына Талды-Булактын талынын кыркып келип төшөп, аны таш менен мыктап бекитти да арыгын улап казып секиге чыгарды. Көңүлүн чыйратты дыйкан, кайратына таянды: «таштабайм! — деди өзүнчө,— мынча баштаган иштин таштасам анда...» ушинтти да коктудан — кырга чейин нечен ирет өлчөп, нечен жолу түздөп, кыбаалап атып арыгын казууну улантты. Күндөр өттү, айлар өттү, коктунун суусу да кериге чыкты. Бул өрөөнгө адам тирилик эткени суу көрө элек секиге Талды-Булактын суусу көлкүп чыгып, жер боору балкыды. Өзү суу чыгарган секиге арпа айдады Чокой. Күр жер... замандан буурсун тиши тие элек күр жерге арпа ыкшалып, а күздө Чокойдун эшик-үйү эгинге толду. Муну көргөндөр Талды-Булактын ичине жамаат конуп, баягы жалгыз үйдүн айланасына айыл толду. Айыл кишилери Чокой менен жарнактанып, жер айдоого өтүштү. Адегенде бир теше, жарым теше айдалган боз тектир улам кулачын жайып, жайында жашыл дениздей чалкып жатты.

Канча замандар коктуда гана булдурап жаткан булак ошончо жерди жашарткандын коз алдынан өткөрдү Акбаев азыр мына бу Ылайлы-Суунун жээгинде туруп: «керемети күч киши эмгеги! — деди ал өзүнчө,— а эмгектин тиреги— кайрат, эрк. Эмгек — кайраттуунун кулу. Тиги, Чокойдун эрки бош, кайратсыз болгондо, арыгын аден кыян жегенде эле кетмен, күрөгүн ыргытып баса бермек. Андан кийин да нечен алакеттен өттү, анын баарына туруштук берди. Сабыр, эмгек, эрк... мына ушулун баары шай келди. Үчөө шай келип, киши баласын ырыскыга марытты. Ооба, үчөө шай келип, киши атын өчпөс этип жерге жазды: «Чокой арык...» Ушул арыкты казып жаткапда өз атын жерге жазып жаткандын сезди бекен дыйкан?.. Жан алакетке түшүп, арык казып жаткан дыйкан... арыгын кыян алып, арыгын суу суу жыра качып... мындан бекитсе, тигинден шар эткен суу-ну токтото албай жаны көзүнө көрүнгөн дыйкан ушул азыр мунун көзүнөн кетпеди... Өзүнүн ушу таптагы абалын ошондогу арык ээси — Чокойго салыштырды кайра да: бу колхоздо — өрт чыкты; аркысы — карызга батты; тигинисинде — эгинин, малын талап кетишти; улам суу жыра качкан акчаптын арыгы улам айланып көзүнөн кетпеди мунун.

«Жалгыз дыйкан ошончо иш бүтүргөн,— деди бул. — А бүгүн мен жалгыз эмесмин. Аппарат бар; иштей турган күжүрмөн отряд бар; эл бар; эл менен... ар бир саатта эл ме-

нен... алар менен дайым ынак — таттуу болгондо гана, аларды ишке уюштуруп, иштин ийгилигин аларга ынандыра билгенде гана бардыгы оңунан чыгат». Акбаевдин жадыбалдай жаттай жүргөн ушул ою азыр Лениндин айткынан жарык алды: «Масса менен байланыш жасоонун, жумушчулар, дыйкандар, жана солдаттар менен аралашуунун зор мааниси бар...» «...ырас,— деди Лениндин айткынын ичинен кайталаган Акбаев өзүнчө,— кишилер менен дайым бирге болуп, алардын оюн дайым билип, алар эмнени эцсейт? Эмнеге кызыгат? Алдыда кандай келечеги, кандай максаты бар? Эмне муктажы бар? Ырас, киши баласынын дилиндеги нерсе аны менен чын дилден сырдашканда гана чыгат, ачылат го. Демек, киши менен дайым ак дилден сырдаша билиш — бул онор! Киши табыйгаты — татаал экени маалым: «...Бири — куу, бири — момун, бири — кыяр...» ар биринин ачкычын табуу оцой-олтоң иш эмес. Киши мүнөзүн билиш — өтө зарыл. Анан кийин... баарынан кишилерге сени жакындатар сыйкырдуу күч — бул карапайымдык. Жаны-деницде — дайым карапайымдык болсун; андан бир минут да адашпа; ошондо гана сен адамдын жаны-денипе дайым жакын турасың.» Ушул мүнөздү адат кылып, ушул ойду өзүпо да өзгөгө да дайым айта жүргон Акбаев мына азыр эле тиги ылайлы-суулуктар менен сүйлөшкөнүн эстеди: Кулжабай чалдын аңгемесин Шаана кемпирдин ал-абалын, биринин сөзүн бири сүрөгон үндөрү али угулуп турду. «Ылайлы-Суу» колхозунун жер шарты, кишилеринин өцү-түсү...

Жана бул Шаана кемпирди колтугунан сүйоп анын үйүнө кирип баратканда арттан кобур-күбүрдү угуп калбадыбы: «...мөл киши экен!» «Өрттүн үстүнөн чыкканда бир ачууланган жок». «Мунун ордуна баягы Айдаралиев болгондо: «өзүңөрдү кошо орттойм!» демек...» «Ээ, анын антери бышык эле,— деген Кулжабайдын үнү. — Ботом бая откөн жайда бир келе калып, тиги бастырма түбүндө калган чириген топонду көрө калып, чаң-асманын чыгарып челип ыргыттырып кыйкырбадыбы: «тоют жок» дейсицер, а мына бул эмне ыя?!» түгөнгон жаным унчукпай турбай: «Ээ, ал чириген топоду уй жебейт да жайында...» дей салганым!.. «Уй жебейби?! — деп кекете кетти. — Уй жебесе ушу чиригеп топонду азыр сенин өзүцо жегизейинби ыя?!» Опептип чамынып жатпады беле, анан, ага ким даап сүйлөшө алат? А бу киши менен жайма-жай сырдашып оцуп калбадыкпы!..» мына минтип, өздөрүнчө кобураган кишилери эзелтен берки таанышын көргөндөй шынаарлаганын байкады бул.

«Киши сүйлошкүчө, жылкы кишенешкиче» деген ушу. Адеп, бул тиги уйкананын жанына барып түшкондө анда тургандар саал чочуркаганын өндорүнөн көргөзүштү. Ким билет, бая Айдаралиевче жүзүн үйрүп: «Башкармалар кайда? Чакыр, парторгду?! Эмне турасыңар мында? Тарагыла!» деген ызгаарды угабыз дештиби, адеп саал сестейишти. Ары ичкериден чыккан Кулжабай чал түз келип учурашпа кетип, бу андан ал-жай сурап, жылуу жүзүн көргөзбогондө алар да ачык сүйлөшмөк эмес. Айрымдардан ызгаар көрүшүп, кагуу жеп калышкан бу ылайлы-суулуктар адеп чочуркары да эп эле. Дегеле бу «Ылайлы-Суу» колхозу эли-жери менен бу чолкөмдөн такыр болүнүп, бир алыскы аралда калгандай боло калчу, кээде: озго колхоздорго барган жол барбаса, өзгө колхоздорго жетип турган күндөлүк жаңылыктан алыстан, кинодон оюн-зооктон чоочун болушса. Ал эле түгүл кырылып-жоюлуп жаткан мал, чачылып-төгүлүп жаткан чарбаны сурап, текшерүү капа? Бу чарбада так ошо «текшерүү» деген создүн өзү басылып, жоголуп баратканбы? А ошо ак сүйлоп, чын айткандар тиги Кулжабайча кордук көрүп, сүрүлүп бараткан экен го!..

20

Жумаев обласка шашылыш чакырылды. Кыштоодо туут отордо жүргөн ал чакырыкты угуп, мыйыгынан күлдү өзүнчө: «кайра да чогулуш...» ушинткен ал тиги келген чакырыкчыдан сурап калды:

— Председатель менен парторг жөнөп кетиштиби?

— Жок,— деди келген киши,— сени жөн эле чакырса керек: «Аны обкомго чакырып атыптыр, тез жөнөсүн»,— деп сага жиберди. Минткен создү уккан Жумаев негедир күдүктөнө түшүп кайра сурады:

— Обкомгобу же облисполкомгобу? — ушинтип сурап алган мунун оюна Айдаралиев келди. Бая жыйында бул чыгып, күндөлүгүн окуп жатканда президиумдан Айдаралиевдин кагып-силккени кулагында: «...Чиц! Ток этер жерин айт! Докладга байланыштуу сүйлө! Сенин күндөлүк-сүндөлүгүңүн кереги эмне мында?!»

Күндөлүгүн окуп, анан, корутундулап сүйлоп жаткан Жумаевдин көз кыйыгы тиги Айдаралиевге улам түшүп турган: ал сурданып, буга козүнүн чаарын чыгарып турган эле. Чогулуш бүттү. Жумаев да түнү менен жолго чыгып айылга жөнодү. Баса, ошо чогулуштан кийин «Айаралиев сени издетти» деген создү мына келип калганда уккан эле.

Ошентип, Самактын болжолу түз эле облисполкомго келди: «ии, туура Айдаралиев эле чакыртты. Бир жекирейин деген экен. А жекирүү мындай турсун, катуу жазалаганы жаткандыр? «Чогулуштарга кашы турдуң; бул — идеяңын бузуктугу!» Айдаралиев муну айтары бышык. Ал эми обком кандай ойдо экен?

Ушул ойлорго чаташкан Жумаев Самак эми Нарынды карай жол тартты. Жол алыс. Мына, Тогуз-Торо, тигине, Көгарт. Ушундан Көгарт ашып түшө калса, Нарындан көрө Жалал-Абадга дароо кирип барар эле. А Нарын кайда, биз кайда... Өзүнүн жаңы эле баштаган турмуш жолундагы көргөн-билгенин мына ушул узак жол эскертип жүрүп отурду Самакка.

...Күз. Айыл чарба институтунун ветеринария факультетин мыкты бүткөн Самак эмгек жолундагы адепки кадамын «Ылайлы-Суу» колхозунан баштады. Алыскы райондогу бу колхоз чоочун эле Самакка. Колхоздун конторуна түшкө жакын жеткен бул кечке күттү башкарманы. А башкарма жайлоодогу малды көрүүгө кеткенин ал бүгүн келе албасын уккан соң ошолордогу бир үйгө конуп алды да эрте менен кайра келип конторду сагаалады. Эртеси түшкө жакын келген башкарманы кишилер тегеректей эрчишти эле тиги жүзүн үйрүп койду:

— Эмине ыя? Эмине жабыласыцар, мени басып жечүдөй болуп?! Муну угуп саал кетенчиктей түшкөн кишилердин арасынан бу Самакты көзү чалган башкарма муну өзүнө чакырды: — Ой, бала, сен чоочун көрүнөсүң? Жүрү,— ушинтип өз артынан эрчитти муну.

Мыкчыйган кызык кишинин маңдайында отурду Самак. Арыкчырай, аксаргыл жигитти башынан-аягына өлчөй бир карап алган башкарма ушул азыр кызматкер жигитке эмес, анчейин тыштан ойноп кирип келген балага унчуккансыды: — Кана, балам, кой десе болбой бир сүйлөп жиберчи? Ии, эмне келдиң эле?

Муну уккан Самак ууртунан жагымдуу жылмайды. Ошо жылмайган калыбында жайма-жай сүйлөдү: бүткөн окуусун, мал чарбасы боюнча адистигин, ушул колхозго кызматка жиберилгенин...

Башкарма болсо мылтыктын кароолун шыкаалагансып, бир көзүн кыскан тейде, оозун жарым ачып, куду тили жаңы чыккан эселектин кулдурун тыңшагандай Самактын сүйлөгөнүн келекелеп отургандай эле.

— Ии, ии?.. Бали, бали... мал доктурдун окушун бүткөн турбайсыцбы?

— Ооба, ветеринармын,— деди Самак.

— Бытырынар-сытырынары жок эле «мал доктур» деп коебуз биз аны. Мал доктур турбайсыңбы?

Айтор, башкарма өз тилине макул кылбай тынбасын сезген Самак акыры баш ийкеди.

— Ошо, мал доктурсуң,— деп өз сөзүн жана бир тактап, бекитип алды башкарма. — Болгондо сен эми участкенин мал доктуру болосуң. Биздин кой тиги Кара-Кужурда. Ошоякка барасың. — Минтти да Самактын үй-бүлө жагдайын да унутпай аны да сурап кам көрүп койду: —Ии, анан баса, катын алган эмесиңби өзүң?

— Ии... — Самак ылдый карап баш ийкеди эле башкарма баягыдан бетер муну келекелей сүйлөдү:

— Ии, ии! Оо, ата-а, эргул десе! Сенде жаткан го ыя? А шаардан катын ала келгениңе караганда сенде жаткан экен!

Самак ууртунан гана жылмайып, төмөн карады эле башкарма бу сапар да кам көрүп койду: — Эми анда колуктуң экөөң,— деди бу сапар «катыңыз» дегенди саал жымсалдады. — Ошо Кара-Кужурдагы бир койчунукуна ботоюп гана жатып аласыңар кучаташып.

Жылмайган калыбында ага көз кыйыгын таштаган Самак аны тамашакөй киши экен го деп болжоду. Анан, бир оокумда унчукту:

— Аксакал! — муну укkан башкарма Самакка үнсүз гана ээгин какты: «эмне дейсиң?» дегенди билдирди. Самак болсо сөзүн улады: —Эми антсе деле болот деңизчи, аксакал, бирок...

— Ии, эмине, «бирок?» — деп такыды башкарма.

— Бирок, ошо сиз айткан чабандын да үй-бүлөсү бар да?.. Бала-чакасы... ошо бүлөнүн үстүнө биз барсак?..

Самакты бир аз карап калган башкарманын өңү сустайды, алиги создөрү да өзгөрдү:

— Жолуң болгур, сен... келе элек жатып эле!.. — деп кэкээрдин учун көргөздү. — Сендей балдар ошо койчулар менен эле аралаша жатып, аралаша ичип, сеники-меники жок эле жүрүшөт.

Ушу кептен кийин Самак бу башкармадан ардемени талап этүүгө батынбады. «Келе элек жатып» дегенди жүйөө көрүп, уяла түштү. А тиги кыяр башкарма да мунун кыясын ошо замат байкап койду: али жаштык — уяндыгын, улуунун алдын ызат кылар ымандуулугун, анан, жаштык кызуу кандуулугу да бар көрүнөт. Андыктан курулай баласынта бербей саал көңүл уулап коюшту оң көрдү да сарайдан атчыны чакыртып, атчыга минтип буюрду:

— Мына бу жигит — мал доктур. Буга баягы Кулукенин Көккашкасын бер.

Кээ кишилерге бала чагында коюлган ысымындай бу малга да өзгөчө, жылкы баласына бурбай-тербей ат коюлат эмеспи: Көк чолок, Кашаң тору, Тарпаң боз... жылкынын таржымалын мына ушинтип, оз аты айтып коет да мындай аттуу жылкыга жөө карайлап калган бирөө амалы жок кабылбаса... Анан, бу азыр Самак ала турган — Кулукенин Көк кашкасы мыкты аттардын бири болор? Анткени: Кер кашка, Көк кашка, Сур кашка деген аттар күлүктор, жорголор болот эмеспи!.. Атчыны эрчип бараткан Самактын жаштык көңүлү куш канатындай бир серпилип койду. Ат сарайга жете берерде атчы Самакка кайрылды:

— Ээр-токумуң барбы?

— Хи! Эмненин?! — Самак быш этип күлдү.

— Э, кокуй, анан... — атчы муну карап чочуп кетти.— Жайдак минесиңби, анан?

— Байке эми... — деди, Самак атчыдан өтүнө кетти. — Эми, өзүңүз көрүп турасыз? Мен бу колхозго жаңы эле келип турам. Окууну жаңы эле бүттүм, анан, менде кайдан ээр-токум болот? Эми өзүңүз эптебесеңиз?..

— Э, кокуй, эми... — ушинтип, кыцк-мыцк эткен атчы тиги сарайга кирип кетти да Самак тышта калды. Мунун көз алдында: сүмбөдөй Көк кашка күлүк ойноктой басып!.. «Ата-а, ээр-токуму гана жарашпай калар бекен?» бул өзүнчө, ушинтип ойлогуча атчы жетелеп чыкты Көк кашканы: качыр түспөлдүү, кыска моюн, кок чолок аттын чоң башынан мурда шалпайган кулагы көрүндү. Мукур туягын тыртыпып шилтеген ал атчынын жетегинде кежендей басат. Үнсөз дебей, Көк чолоктун жанында карап турду: «Кулукенин Көк кашкасы ушул экен да?..» ичинен ушинтти да акырын улутунуп койду. Анан ошо ичинен айтканын гышына чыгарды:

— Ии, бу, Кулукенин Көк кашкасы ушубу?

— Ушу,— деди атчы. — муну тиги уйчу Кудаш минип жүрчү эле, өткөргөнү бир жума болду.

— Ага башка ат бергенсиңер го?

— Ии, башка ат алды. Муну баспайт деп...

— Мындан түзүгүрөөк атыцар жокпу? — минткен Самакка алаканын жая сүйлөдү атчы:

— Ыя, айланайын! Башкарма өз көзүнө айтпадыбы? Анан, башкарманын бер дегенин берем да?

— Болуптур, эмесе, эптеп Кара-Кужурга жетсем болду да,— ушинткен Самак атчы менен кежендешпеди, «баса, мында эмне кеп», деди өзүнчө.

* * *

Атчы кураштырып берген чомду эптеп Көк чолоктун белине таңган Самак ошо күнү Кара-Кужурга жөнөдү. Атчан жол жүрбөгөнүнө далай болгон экен. Башын төмөн салып, мукурандаган Көк чолоктун басыгы ушу тапта кадимки жоргонун жүрүшүндө адеми сезилди буга. Күзгү тоо-талааны суктана карап баратты. Сары бачайы жамынган адыр-белестер, тигине. Эгин бышкан эжигейдей сапсары кокту, мына... Тээ, бийикте боз-мунарык чалган тоо баштары... дал ошо мунарык түшкөн тоолордун арасы — Кара-Кужур. Жете конор бекен бүгүн? Ай, ким билет? Бу Көк чолоктун басыгына карагында... Кара-Кужурга жете коноруна күмөнсүп койду. Ээк астындагы адыр-белестерге көз чаптырып баратты: кыштактын саан уйлары жайытынан түшүп келет. Уйларды жайыттан түшүрүп келаткан атчан... жо, атчан киши эмес, ээрдин кашынан башы чыкпаган кымындай гана бала экен. Баланын чыңылдаган үнү угулуп турду:

— Ө — өш! Ө— өш дейм! Ой, өлөт алгыр десе!..

Самак келаткан чаңдак жол тиги уйлар түшкөн адырдын этегин карай чыгып баратты. Уйлар коктуга түшүп, калың туяктан көтөрүлгөн бозомтук-күрөң чаң көкту карай калдай каалгып, тээ тоодо баео жуушап жаткан сар булутка кошулуп кеткени барат. Күнгө кактанган жолдун жылуу, коюу чаңы калың уйдун жытына, сүт тепкен желиндердин жытына аралашып, кеңилжерди жарат.

— Ө — өш дейм! Өлөт алгыр десе!..

Чаң арасынан, чаң аралаган калың уй арасынан чыңылдайт баланын үнү.

Өрүгө чыгып бараткан Самактан жарыла берип өттү, жайыттан түшүп келаткан уйлар. Өзүнө бет маңдай келип калган баланы көрдү бул: күнгө күйгөн арык бала жыңайлак, жылаңбаш экен. Үзөңгүгө жетпес буту менен үзөңгү боону тээп койгон кымындай, кычы кара бут үзөңгү боодо тепеңдейт. Колундагы узун шапалакты абага дирилдете шилтеген бала алдындагы жайыла чубаган уйларды тескеп, чыңылдаган үнүн баспайт:

— Ө-өш! Ой, олотко...— деп келаткан баланы токтотту Самак:

— Оой, жигит, токто!

Бала болсо ээрдеги кенедей боюнун туршунча ээрге чалкалай, артка кетенчиктеди да тизгинин тартып, атын токтото албай жатты. Кокту ылдый түшкөн уйлардын шары менен лапылдай баскан карагер тигиндей отүп барып токтоду да тизгинди чирене тарткан бала артына кылчая карап калды.

— Ии, жигит, салам кана? — деди Көк чолоктун оозун бура тарткан Самак, тиги балага жылмая карап. А бала салам ордуна агарган гана тишин коргозуп күлө бакты.

— Ии, кимин баласысың? — деди бул.

Ээринин кашын кармалап бир аз турган бала ошо ээринин кашын кармаган калыбын жазбай жооп берди:

— Тиги... Кулубайдын.

— Атың ким?

— Болот.

— Уйду сен кайтарасыңбы?

— Ии,.. тиги... атам айдап кел деген.

Бу, Болоттун атасы уй багарын айттырбай билген Самак андан ары сөз узатып, баланын азыр эле оозунан чыккан «өлөт алгырын» анып өзүнөн сурап калды:

— Болот, а «өлөт алгыр» деген эмне болот?

Бала буга жооп таба албады. Башын саал кыймылдатып гана ээринин кашын жышкылай берди. Самак ага бойбой кайра такыды, баладан сөз укпусу келди, ыманы ысык наристени бир аз сөзгө алгысы келди:

— Кана, Болот, айтчы? Эмне ал «өлөт алгыр» деген? Жөнү жок суроону сурап, курулай кармап турган ушул чоочун кишиден кутулуп кетмек болду да минтти бала:

— Тиги... апам ошентип тилдейт уйду.

— Болот,— деди Самак ага жанагысындай эле күлө бактып,— сен мектептен окуйсуңбу ыя? Болот башын чайкап, таңдайын «шык» эттирди. Самак кайра да сурады:

— Канча жаштасың?

Карганын шыйрагындай оң колунун беш манчасын, анан, сол колунун бармагын ага кошуп көргөздү бала.

— Оо,— деди Самак азыр аны көтөрө чалып койду. — Алтыда турбайсыңбы. Чоң жигит болгон экенсиң! Мен алты жашымда окугам.

Болот муну делдее карап калды.

— Сен жакшы бала экенсиң, Болот! Азаматсың! Атаңын жардамчысы турбайсыңбы? Жөнө, эми уйларыңды айда, бара гой, Кулубаев!.. Болот күлө баккан бойдон атын теминип жолуна түштү.

Самак Кара-Кужурга бараткан жолун улады. Тиги, Кулубайдын баласы — Болоттон улам өзүнүн алты жашар чагын, Жунуш байкесин эстеди. Алты жашар кези да Жунуш байкеси да эсине чыкпай калган мунун...

...Жай. Сары-Ала-Сазда болчу булар. Өзүнөн кичүү карындашы Мончок экөө чоң энесинин колунда. 1944-жыл. Согуш күнү. Кичинекей неберелерине тээк, мал баккан азы-

ноолак карылар гана тоо арасында, калган аялдар, жаш өспүрүм балдар жаа-тырмак жакада, колхоз жумушунда.

Август аяктап, жайлоо чакыроон. Күн чылк батып, бетегеге шүүдүрүм түшүп сыркаар. Кечкурун мал жайыттан келип, кемпир-чал малында — тышта. Бу тапта Саматтын чоң энеси — Зуура да күрөң уюн саап, а Самак тиги үч жашар Мончокту сооротууга жарап тышта болчу. Чоң энеси оокат-тирилигинде жүргөндө же тигиптип, үй саарында Самак бала атайын үй-жайды карап, балага тогонок: отту өчүрбөй жагып, сүттү бышыра берүү же тигинтип бөбөгүн сооротуп Самактын милдети.

Энеси күрөң уйду эки ийдирип саайт. Экинчи жолу ийгенде эмнегедир сүттүн көбүгүн таратпай жуткурчу неберелерине: «жаңы сааган сүттүн дарылыгы бар, жута койгула?» жедеп буга кыны тапкан экөө тиги уй саап аткан кемпирден да, чакага шоркураган сүттөн да көз айырышчу эмес. Өзгөчө тили жаңы чыккан Мончок чоң энесинин кулагынын кужурун алчу: «эне, шүт... энеке, шүт? Шамат шүт ичеш, шүт!»

Азыр анткен жок. Кечки сыркарга көк муштум болуп кеткен Мончок кой-айга көнбөй ызылдап ыйлап, аны сооросто албай Самактын айласы кетти. Ошо тапта уюн саап бүтүп калган кемпир чакадагы сүттү Самакка карматып, өзү Мончокту алды:

— Мына... сүттү алчы? Ие, тызылдаган арам!.. Эмне?.. Эмне болуп кетти адам? Кардың ачтыбы? үшүдүңбү? Ааий! тетигинде атаң келатабы дейм? же апаң бекен? Ии, ырас эле... — ушинтип, тээ, төмөнкү кыяны карап калган кемпир бу баланы сооротушка амал кылды, Мончоктун энесинин атын атады: — Ии, тетиги кыядан түшүп келаткан Жамыйла белем? Ии, ал айыгып балыйсадан чыгып келаткан тура!..

Мончоктун чырылдагы басылды. Өпкөсү көөп, солуктаган калыбында ошо тиги энеси келчи жолго көз артты. Мончок түгүл Самак да ошо кыядан көз албай тирмие тиктеди: кыядан келаткан бироо бар экен, чын эле жеңеси айыгып келаткан го кудай?! /айылдагы чоң энеси баккан балдардын биринде бу Самак да өз энесин — «жеңе» дечү/ Баланын жүрөгү тикилдеди, ал одунан атып чуркачудай элеп-желеп...

Өз энеси — Жамыйланын кандай абалда жатканын бу чоң энеси жашырган менен айылдагы кемпирлерден угуп калган бала: «кайран гана келин!.. Оорусу жаман го? Ай, бери карай албас бекен?..» Муну уккан баланын жүрөгү бир коркунучту туюп, опколжуп калган эле. Ыңаалап жерге

түшкөндөй чоң эненин ысык колтугунда чоңоюп, ушул чоң энесин гана эне тутуп калган бала ушу тапта каректеги менен өз энесин эстеп, жүрөгү ачышты, аны көргүсү келди. Эми тетиги кыя жолдон түшүп келаткан караандан коз айырбай демин гана ичине тартты.

Кыя жолдон ыр угулду. Эркектин шаңшыган обону... толкунсуз деңиз бетиндей мелтиреп жаткан эле жайлоо кечи. Ушу кечки деңиз бетиндеги жел кайыктай делбиреп келатты обон.

— Ботом!.. — деп тиги келаткандын өзүнөн мурда үнүн тааныды кемпир. —Бу баягы Жунуш го? Кач-какшаган түгөнгүр! Дегеле анан жаагын жанат. Качан чыкты экен жакаадан? Эмне жумуштап келатат экен? Тынчылык болгой эле деги?.. Ырдап келатканына караганда... — өзүнчө ушинткен кемпир Жунуштун ырдап келатканын жакшылыкка жоруду.

Жүрөктүн үшүн алган кыя жол... Согуш чыкканы ошо тиги кыя жолдон чыга калгандардын канчасы суук кабар угузбады бу жайлоодогу айылга... Кыядан бирөө көрүнгөндө ал мына бул айылга жетип келгиче самандай гана өңдөрү саргайчу карап тургандардын: «оо, кудай, сактай гөр!» «Кудай эми тиги уруштагылардын жамандыгын угуза көрбө?!» Кыя жолду карап турушкан кемпир-чалдын ар бири ушуну ичинен айтып, ичинен келме келтирип турушчу эле. Анан кантсин, бу Зуура кемпирдин жалгыз уулу — Жума да согушта жүрбөйбү. Кыйладан бери кат келбей... а кат кечиккен сайын кемпирдин ыманы — заман...

Тиги ырдап келаткан Жунуш бу айылдагы бой тарткан улан. Жуманын агасынын баласын. Кылайын кабагы кирдебес шайыр, жүргөн жери оюн-зоок, ыр-чоор. Мектептин ыр-хор кружогун башкарып, дайым оюн-зоогун уюштурган да ушул. Бу мектеп балдарынын оюн-зоогун көргөндөр аны далайга кеп кылып, алкап жүрүшчү: «ананайын тиги Качкындын баласынын үнү!» «Булбул тимеле!» «Аман болсун бечара, бир атадан жалгыз». «Үнүнөн да бая оюн койгондо чалдын кебин кийип, куду эле чалдын өзү!» «А чал эле дейсиңби, келин кебин кийгенин көрө элек турбайсыңбы?..» «Уруштан келген чолок аскер болуп да чыкты го баягыда?»

Айтор, Жунуштун өнөрүн айтып түгөтө алышчу эмес, айылдагылар. Мугалимдер да ага аркандай иштерди тапшырышчу: майрамга карата ошо оюн-зоок даярдашты; балдарды чогултуп алып, колхоз жумушуна чыгууну: а түгүл, айрым эжейлеринин ордуна сабак да өтө калчу төмөнкү класстарга. Айылдын момураган кечинде шаңшып ырда-

ган улапдын үнү угулчу тиги тор-талаадан; колхоз жумушунан келаткан анын обонун баары тааныпчу... Айылдын кашкайган таңында торгой үнү менен жарыша чыккан анын үнү ошо тиги таң сүргөн талаада таңкы жел менен бирге жортуп баратчу... Тигине, Жунуштун ошол обону эми, тетиги көз кыядан чыгып, ага береги Зуура кемпир жанындагы эки небереси менен кулак түрдү. Кечинде малын тескеп жүргөн карылар да ошо көк кыяны карап, жакадан кимдин келатканын алыстан билишти:

— Ии, баягы Качкындын баласы го?

— Эмне кылатат экен деги?

— Жаман кабардан алыс кылгайсың, жараткан?!

Көк кыядан ырдап түшкөн уланды утурлай караган кемпир-чаал жүрөк-заада кобурашкыча ал өзү да жете келди. Шайыр бала мында тургандарга алыстан салам айтып, булардын ал-абалын сурай келди:

— Ассалоому алейкум! Кандай? Аман-эсен, күүлү-демдерсиңерби?

— Ие, кагылайын, биз го турабыз, деги өзүңөрчү? А жакаадагылар тегиз аманбы? — Жунуш жадырай күлүп, шакылдай кетти:

— Тегиз аман-эсенбиз. Талаада чөп чабылып бүттү. Эгин да...

— Э, кудай өзү кубат берсин эми!

— Ошенткиле, айланайын.

— Ишенерибиз өзүңөр эми... — минткен тиги карылардын созун кайра да өзү улады Жунуш:

— Ошентип, чөп го жыйылып бүттү; эми бүгүн-эртең алиги эгинге орок салганы турабыз.

— Ой, бали, бали! Кудай эми берекесин бергейсиң?

— Оо, касиеттүү жер! Эми эл байкуштун кардын тойгузгайсың?!

— Быйылкы эгиндин чыгымы ырас көрүндү эле?

— Жакшы эле, жакшы эле,— деп коштоду Жунуш. — Эми бүгүн мынин келип калганым: мектепте окуу башталарына эки эле күн калды. Анан, ошо окуучуларга келдим. Өзүңөр билесиңер, мугалимдер жетишпейт...

— Ии, анда сен бо, мектеп балдарын чогултканы келген турбайсыңбы? — деп тактады тиги Дүйшөнаалы чал.— Анда, эмесе окушка барчу балдарды камдайлы да саа кошуп берели.

— Эми, әсеби, бу балдарды сен ала кетесиңби, же?..— дей калган да бир кемпирдин карысынан сүйөдү Жунуш:

— Ооба, балдарды ала кетем, эне. Небереңизди камдаңыз?

— Ии, анда мен да барам! Абыл барса, мен да барам!— деп кыйкырып ийди Самак, тиги Жунушту сагалап турган калыбын жазбай.

— Эмине дейт, арам?! Окуш түгүл сен азыр... бас, бас бери! — минткен Зуура кемпир Самакты тигил азыр ала каччудай өз жанына ашыга чакырды. А Жунуш байкесине шынарлап турган Самак кыйыктанып болбоду. Өзүнө жармашып турган наристенин эңкейип, бетинен сүйгөн Жунуш анын өзүнөн жашын сурап калды:

— Канчадасың? Ыя, канчада элец?

Бала ага бытыйган беш манчасын көргөзду эле. Жунуш аны туюнбай калган тейде, ага дале кулак тосту:

— Ыя? Канчада? — Самак оң колунун манчасын бүт ачып, анын үстүнө сол колунун сөөмөйүн серейтти.

— Ии,— деди бул Самактын жашын мурдатан билсе да эми гана туюнган болду. — Алтыда эле турбайсыңбы? А алты жашар балдар барышпайт. Алар мында чоң ата, чоң энелерине жардам беришет.

Жунуштун бу кеби Зуура кемпирге ойда-а, жакты белем, аны коштоп, небересин жемелеп койду:

— Ии, ошону айтсаң! Ботом, жөндөп-жөн туруп ээленет да?! «Жолоочуну эрчип ит олот!» Айтып койсоң,— Жунушка карап көзүн ымкыды;— мындай кичине балдар барса кулагын кесип алат дейби, маалимдер?

Кемпирдин бу сөзүнө кошулган жок Жунуш, Самакты тиктеп минтти:

— Кулагын кеспейт го, бирок... энесинин тилин албай эрте келген балдарды класстан көчүрбөй коюшу ыктымал.

Кара күүгүм киргиче тышта жүргөн бу жайлоодогу карылар үй-үйлөрүнө тарап, Жунуш болсо дагы башка коктуколоттогу айылдарга окууга бала жыйноого кетти. Самак бу тапта өзүнчө бушайман: барбай калабы мектепке? Тоодогу балдардын баары кетишет эртең: Абыл да, Калый да баары кетишет.

Коломтодо от алоолоп, казанда сүт бышып жаткан. Ошо алоологон жалындан көзүн албады бала. Ой-санаасында мектеп гана; көзүндө мектепке жөнөп жатышкан балдар гана; ана, алардын үнү угулат чуу салып: «ой-оой, Самак! Сама-ак! Мына, биз кеттик! Сен калдың!..»

...Коктуда жалгыз атчан бараткан Самактын кулагына азыр да угулуп турду ошондогу балдардын үнү... Айтор, ошондо чоң энесинин канча айтканын көнбөй көктук кылган: «жибербесең жалгыз качып кетем! Түнүчүндө качам жакаага — мектепке!» Минткен баланын сөзүнөн коркконо чоң энеси ошо кечте Жунушка кошуп жөнөткөн: «ырас

эле, көк бул арам! Тоодон жалгыз качып, элирип балаа болбосун. Айланайын, Жунуш өзүң үйүңө ала барып кара бол, буга. Сопуну тараганда кайтып качар тоого».

...Алтыга жаңы чыккан баланы Гүлай эжеси окутуп калды ошондо. Класстагы балдардын баарынан кичинекей муну эң алдыга отургузган.

...Адеп партага отурганын эстеди бул. Ошо Гүлай эжесинин жумшак, мээримдүү өңү көрүндү көзүнө; муңайым үнү угулду кулагына: «Ий, кагылайын, бытыйган! Партадан башың чыкпайт го ыя?» — муну угуп, артта отурган балдар күлүп ийгенде бу Самак өзү кызарып тердеп кеткен эле. Гүлай эжеси болсо тиги күлгөн балдарды тыйып, муну көтөрө чалып койгон: — «Чоноет Самак, мына быйыл эле чоңоюп калат, көрөсүңөр баарыңардан чоң болот Самагым!» — Ушинткен да анын устара менен тасырайта кырган мунун башынан сылап, ээгинен сүйөп эркелеткен.

Гүлай эжекеси... окуткан мугалиминдей эле эмес, эне-синдей ысык эле балага... Жайлоодон келген бул жакаанын аптабына камыгып жүрдү. Үйүнөн карыш чыга элек, чоң эпесинен ушунча болуп бир саат бөлүнө элек, бала бир жумада жүдөй калды. Мектепке бараткапда, кайра келаткапда тээ, Сары-Ала-Саз тараптан көзүн албайт...

Тигине, кызыл чоку. Так ошо кызыл чокунун алдында булардын айлы... Ушул азыр чоң эпеси уй саап, а Мончок болсо көбүргөн сүт ичип отургандыр. Тигинде чоң эпеси да ушу жакаа тарапты карап тургандыр ээ?.. Эми качан ыя? Качан түшөт алар жайлоодон?.. Ошол айылдын көчүү-конуусун башкарып жүргөн Дүйшоналы чоң атасынын үнү угулду азыр буга: «Оо, али бир жоон ай отурабыз. Мына эмки айдын ортосунда кыргый келет; ошо күнү үшүк жүрөт; тоого кар түшөт; мына ошо тапта төмөндөйбүз...»

Жайлоону карап эрдин жалап койду бала: «кыргый бат келсе экен; кар бат жааса экен тоого...»

Бала тоодон келгени бая Жунуш байкесиникинде жатып жүрдү. Тээ, кыштак башындагы өздөрүнүн тамына күндө бир маал барып, аны айлана басып, чатырсыз токол боз тамдын жаан жеген дубалдарын да, атасы Жума салган атканапын бош акырларынан тиги таранчы уялаган коңулдарына чейин кадала карай эле берчү. Төтөн там артындагы кош терекчи!.. «Жуманын кош тереги» дешчү айылдагылар. Бул кыштакта ушу Жуманын кош терегинен өзгө дарак да жок эле ырымга. Кичине кыштактын кош кулагындай болуп, ушул кош терек көрүнчү, айылдан, алыстан.

...Эл жаңы кыштакташып жаткан жылы Жуманын атасы Акмат ушу кош теректи өзүнүн эки баласына арнап, жакшы үмүт менен сайган экен. Анан бул кыштакта жок терек бат амал алганына кубанып, муну жакшы жөрөлгө туткан Акмат: «жаман чүрпөлөрүм аман торолот экен, куда кааласа!..» Самак чоң атасын көргөн жок; бу кепти чоң энесинен укkан эле.

Кош терек турган там артындагы шалбаа али чабылбай, чөбү баш алып, кургап кетиптир. Атасы Жуманы эстеди бала. Өткөн жайда мына ушу шалбааны чаап аткан атасы көрүндү ушул азыр мунун козүнө...

Ошо күнү чоң энеси экөө жайлоодон келишкен. Айран, кымыз артынып, өзүнүн карагер бээсин минген кемпир, Самакты учкаштырып алган:

— Жүрү, Жума, чөбүн чапмак эле, суусунун жеткирели. Муну укkан бала кудуңдап сүйүндү. Деле анан бу жол жүргөндө сүйүнбөс бала болобу. Өзгөчө, жайында жакаадан жайлоого чыгарда баланын кубанганынан уйкусу качат го; а күзгө тартып жайлоодон жакаага түшөрдө андан бетер: ааламдын чегинен чыгып, не бир адам көрө элек тараптy көрчүдөй болот го бала.

...Жайлоонун эрте көктөмү... терең көктуларда, кашка суулардын кашатында али эрий элек мөңгү узата жаткан ак таштай көрүнчү.... Тоонун кашка суусу ой-кырга, гүүшаа шоокум таштап, жаңы эле ойгонуп келаткан жайлоо көктөмү бу шоокумду тым-тырс тыңшап турган эле. Жайлоо азырынча сыркаар экенине балдар кайыл. Көк муштум боло үшүп алган алар көгала майдан копушту сонуркай оонап, күбүр алдынан булдураган кашка сууну бойлой чуркашчу; алар ушул суу жээгинен терип жешчү жөргөмүштү издешчү. Жайлоонун ышкындуу күңгөйлөрү, көбүргөндүү шагылдары... Бул айылдын балдары ошо тиги кызыл чокунун этегинен көбүргөн уулашчу; берки күңгөйдөн ышкын уулашчу; балдар көбүргөн менен ышкындын кызуусунда жүргөндө нөшөр төгүп ийчү эле. Чоң беттен төмөн дыр берген балдар жапкак таштардын алдына корголошчу... Күндүн күркүрогүнө, чагылгандын чартылдагына кулагы тунган бойдон бөдөнөдөй бөгүп калышчу... «Жаш баладай жай күнү...» Эл сөзүнүн калети жок. Капыстан төгүп ийип кайра ачылып... Күндүн ороюна бу тоо жердеген баладан чоңго чейин үйүр алып бүткөн.

Жайлоонун жаандуу көктөмү өтүп, анан, төрлөрү кара көк туланга ныксырап жаткан жай толугу өтүп, күн чыкыроондойт, туландын каны качат; мына ошо тапта баарыдан мурда бу жайлоодон балдардын сонуну тарап, жакааны

самайт... Жайлоодон сонуну тарап калган эле ошо күнү Самактын да, анан, оңдой берди болуп, чоң энеси учкаштырып жонобөспү! Сүйүнгонүнөн айтыккан бала айтарга кеп таппай келатты ошондо!.. Жакаага баратканжол ошончо узарып кеткендей; жакаа көздөн учат; кыштактын боз тамдары көздөн учат; адырлар, чыбырлар түгөнбөйт.

Кыштакка булар кеч бешимде келишти ошондо. Кечки күн чубагындагы кыштактын жалпак, боз тамдары эгин-чөпкө чөмүлүп туруптур...

Тамдар там башы менен жылып отуруп башка жерге келип калгандай эле баланын көзүнө ошо күнү... Тац калды. Тац калганы, сүйүнгону аралаш эле мунун. Булар жайлоого жаңы чыгып баратканда эгин али кыр жаба элек, шалбаалар жаңы эле коктеп келатпады беле!.. Мына, эми көптөн бери көрө элек бир озунун жакын кишисин бүшүркөгөнсүдү бала ошо күнү. Көзү жайнап, бир тынымга оозу ачыла түштү да ашыга чыцылдады:

— Апаке-е! (Самак чоң энеси Зууранын «апа» дечү.) Апа, дейм! Кыштак... биздин кыштак ушубу?!

— Ии, жетпедикпи,— деди кемпир,— мына — кыштагын; тигине — тамыц; кош терегиңи көрдүцбү? — Бээнин соорусуна таканчыктаган бала чоц энесинин ийнин таянып тура калганда көрдү кош теректи. Бу жалпак боз тамдар түгүл, ошо тигил, кош теректин озу да ушу мелмилдеп жаткан көк өзөндү кечип баратканкишидей көрүндү буга... ...Ана, көк деңиздей шалбаа... ошо деңиздей шалбаага жашыл толкун жал таштап, арыштап баратканЖума көйнөкчөн төшү жагжайып, маңдайын түшүрө кийген ак калпакчан экен...

Күндө сабактан чыкканда келет бала, тамды айлана басат; анан, кош теректин түбүнө келип оонай кетет. Терек башын тиктеп, желге шыбыраган терек барагын тыцшап оо, көпкө жатат. Дүйшөнаалы чоң атасы айткандай адеп, үшүк жүргөндө адеп кыргый келчү. Апан, так ушул кош терек башынан кыргый кармашчу эле тиги Жунуш байкелер. «Жуманын кош терегине түндө кыргый келиптир,— дешчү айылдагылар. — Болду, суук түшкөнү ошо. Үшүк жүрот эми... Ата-а, арпа орокко келип калса болот эле!..»

Терек башын тиктеп жаткан баланын кулагына кишилердин үнү, мына ушул шалбааны чаап баратканатасы Жуманын чалгысынын табышы угулат. Атасынын тартайган, олбурлуу денеси көзүнөн кетпейт мунун...

Атасы майрамдарда балбанга, эр эцишке, көк бөрүгө түшчү эле. Чоц майрамда муну ошо майрам болгон жерге: ат чабылып, ар түркүн тамашалар болчу талаага өңөрө бар-

...Эл жаңы кыштакташтып жаткан жылы Жуманын атасы Акмат ушу кош теректи өзүнүн эки баласына арнап, жакшы умут менен сайган экен. Анан бул кыштакта жок терек бат амал алганына кубанып, муну жакшы жөрөлгө туткан Акмат: «жамап чүрпөлөрүм аман торолот экен, куда кааласа!..» Самак чоң атасын көргөн жок; бу кепти чоң энесинен укkан эле.

Кош терек турган там артындагы шалбаа ал чабылбай, чөбү баш алып, кургап кетиптир. Атасы Жуманы эстеди бала. Өткөн жайда мына ушу шалбааны чаап аткан атасы көрүндү ушул азыр мунун козүнө...

Ошо күнү чоң энеси экөө жайлоодон келишкен. Айран, кымыз артынып, өзүнүн карагер бээсин минген кемпир, Самакты учкаштырып алган:

— Жүрү, Жума, чөбүн чапмак эле, суусунун жеткирели. Муну укkан бала кудуңдап сүйүндү. Деле анан бу жол жүргөндө сүйүнбөс бала болобу. Өзгөчө, жайында жакаадан жайлоого чыгарда баланын кубанганынан уйкусу качат го; а күзгө тартып жайлоодон жакаага түшөрдө андан бетер: ааламдын чегинен чыгып, не бир адам көрө элек тарапты көрчүдөй болот го бала.

...Жайлоонун эрте көктөмү... терең көктуларда, кашка суулардын кашатында али эрий элек мөңгү узата жаткан ак таштай көрүнчү.... Тоонун кашка суусу ой-кырга, гүүшаа шоокум таштап, жаңы эле ойгонуп келаткан жайлоо көктөмү бу шоокумду тым-тырс тыңшап турган эле. Жайлоо азырынча сыркаар экенине балдар кайыл. Көк муштум боло үшүп алган алар көгала майдан копушту сонуркай оонап, күбүр алдынан булдураган кашка сууну бойлой чуркашчу; алар ушул суу жээгинен терип жешчү жөргөмүштү издешчү. Жайлоонун ышкындуу күңгөйлөрү, көбүргөндүү шагылдары... Бул айылдын балдары ошо тиги кызыл чокунун этегинен көбүргөн уулашчу; берки күңгөйдөн ышкын уулашчу; балдар көбүргөн менен ышкындын кызуусунда жүргөндө нөшөр төгүп ийчү эле. Чоң беттен төмөн дыр берген балдар жапкак таштардын алдына корголошчу... Күндүн күркүрөгүнө, чагылгандын чаргылдагына кулагы тунган бойдон бөдөнөдөй бөгүп калышчу... «Жаш баладай жай күнү...» Эл созүнүн калети жок. Капыстан төгүп ийип кайра ачылып... Күндүн ороюна бу тоо жердеген баладан чоңго чейин үйүр алып бүткөн.

Жайлоонун жаандуу көктөмү өтүп, анан, төрлөрү кара көк тулаңга ныксырап жаткан жай толугу өтүп, күн чыкыроондойт, туландын каны качат; мына ошо тапта баарыдан мурда бу жайлоодон балдардын сонуну тарап, жакаадагы

самайт... Жайлоодон сонуну тарап калган эле ошо күнү Самактын да, анан, ондой берди болуп, чоң энеси учкаштырып жөнөбөспү! Сүйүнгонүнөн антыккан бала айтарга кеп таппай келатты ошондо!.. Жакаага бараткан жол ошончо узарып кеткендей; жакаа көздөн учат; кыштактын боз тамдары көздөн учат; адырлар, чыбырлар түгөнбөйт.

Кыштакка булар кеч бешимде келишти ошондо. Кечки күн чубагындагы кыштактын жалпак, боз тамдары эгин-чөпкө чөмүлүп турушту...

Тамдар там башы менен жылып отуруп башка жерге келип калгандай эле баланын көзүнө ошо күнү... Таң калды. Таң калганы, сүйүнгону аралаш эле мунун. Булар жайлоого жаңы чыгып бараткында эгин али кыр жаба элек, шалбаалар жаңы эле көктөп келатпады беле!.. Мына, эми көптөн бери көрө элек бир озүнүн жакын кишисин бүшүркөгөнсүдү бала ошо күнү. Көзү жайнап, бир тынымга оозу ачыла түштү да ашыга чыцылдады:

— Апаке-е! (Самак чоң энеси Зуураны «апа» дечү.) Апа, дейм! Кыштак... биздин кыштак ушубу?!

— Ии, жетпедикпи,— деди кемпир,— мына — кыштагың; тигинө — тамың; кош терегиңди көрдүңбү? — Бээнин соорусуна таканчыктаган бала чоң энесинин ийнин таянып тура калганда көрдү кош теректи. Бу жалпак боз тамдар түгүл, ошо тигил, кош теректин озу да ушу мелмилдеп жаткан көк өзөндү кечип бараткан кишидей көрүндү буга... ...Ана, көк деңиздей шалбаа... ошо деңиздей шалбаага жашыл толкун жал таштап, арыштап бараткан Жума көйнөкчөн төшү жагжайып, мандайын түшүрө кийген ак калпакчан экен...

Күндө сабактан чыкканда келет бала, тамды айлана басат; анан, кош теректин түбүнө келип оонай кетет. Терек башын тиктеп, желге шыбыраган терек баригин тыцшап оо, көпкө жатат. Дүйшопаалы чоң атасы айткандай адеп, үшүк жүргөндө адеп кыргый келчү. Апан, так ушул кош терек башынан кыргый кармашчу эле тиги Жунуш байкелер. «Жуманын кош терегине түндө кыргый келиптир,— дешчү айылдагылар. — Болду, суук түшкөнү ошо. Үшүк жүрот эми... Ата-а, арпа орокко келип калса болот эле!..»

Терек башын тиктеп жаткан баланын кулагына кишилердин үнү, мына ушул шалбааны чаап бараткан атасы Жуманын чалгысынын табышы угулат. Атасынын тартайган, олбурлуу денеси көзүнөн кетпейт мунун...

Атасы майрамдарда балбанга, эр эңишке, көк бөрүгө түшчү эле. Чоң майрамда муну ошо майрам болгон жерге: ат чабылып, ар түркүн тамашалар болчу талаага өңөрө бар-

чу эмес беле. Апап, Самакты ошерде бирөөгө өңөртө салып, өзү же эңишке же көк бөрүгө түшүп кетчү эле...

Атасынын аскерге чакырылган күнүн да, аны араба менен жөнөтүп барышканын да билет. Бу колхоздон аскерге чакырылгандар үй-бүлөсү менен бир арабага түшүп районго барышпадыбы.

— Атаң урушка баратпайбы! — деп туюндурган чоң энеси. — Кан күйгөн казатка баратат кагылайын жалгызым!..— ушинткен чоң энеси да шолоктоп ыйлап, ал эмес, кишинин баары ыйлап жүргөн ошо күнү... Алардын эмнеге ыйлап жүрүшкөнүн бала анык биле алган эмес. А түгүл, бу чоң энеси айтып турган «урушубу» же «согушубу» ал эмне экенин, булардын баары бараткан «казат» дегендин кайда экенин туюнган эмес бала. «Согушка баратышат» дегенди «районго баратышат» дегендей көргөн. «Кан күйгөн казат...» ээй! кан да күйөбү? Куурай же чий күйөт, коң, тезек күйөт эмеспи? Анан, кан да күйөбү? Деги ошо канды күйгүзөр казат деген эмне экен ыя?..

Атасын жөнөтүп, кайра тартышканда бала мына ушул ою менен алек болду. Арабаны ушул Жунуш байкеси айдап, арабадагылар болсо үшкүрүп, ыйлап келатышкан. А тиги булардан бөлүнүп: «согуш» менен «казатка» кеткендер араба менен кетишпей катарга тизилип алып, жөө кетишкенин көрүп турган бала. Аларды катарга тургузуп алып кеткен командир деген киши: «айт, два! айт, два!» дегени далайга угулуп турган.

...Кеч кирип калган. Көгүлтүр-кызгылт асмандын чети малынып турган тээ, чыгыш тараптагы тоолорду карай кетишти алар. Сыягы булар баратышкан согуш менен казат мына ошо тоолордун ар жагында болсо керек. Арабада келатып да кылчак карай берди ошо тарапты... Үйгө келгенден кийин да эртели-кеч ошо асмандын чети малынган тоолор тараптан көзүн алчу эмес бала. Эртели-кеч кызарып—канталаган асмандын четин тиктеп, өзүнчө ойлочу бала: «кан күйүп жаткан го ошо тоонун ар жагында? Ошол үчүн тиги булуттар да кошо кызарып күйүп жатат да!.. Опи-ий! Ал абдан чоң от го ошо, ошо казат?! Ошо, оттун ичинде кантип жүрөт экен аскер? Ии, алар темир кийип алышат го? Башында темир калпак...»

Кош теректин түбүнө келип отурган бала адатынча ушуну ойлоп, тээ, чыгыш жээкке көз таштады, анан, тиги чалбылбай турган шалбааны телмире карады. Тегиз баш алмына ушу чөп башы гана кыбырап калат. Жылда бул чөп небак чабылып, жыйылып калчу да сугарылган шалбаа кай-

ра сеңселип турчу эле. Муну чаап, жыйып алчу атасы жок быйыл. Ага кол кабыш этип, жыйышып жүрчү Жамыйла да жок, ал ооруканадан чыга элек.

Чоң энесинин айтымында ал казан көтөрө коем деп белин мертинтип алган экен, ошондон күчөп кетип оңоло албай калыптыр.

«Төроттөн кийин бели бекий электе тура калам деп ушул азапты таап алып отурбайбы!» Ушинтип кейий кетчү эле чоң энеси, Жамыйланын оорусунун башын ошондон көрүп: «ошо саатта өзүм үйдө жок элем, болбосо, чоң казан сүттү ага көтөртпөй калайын!..»

Ушунун баары азыр кулагында баланын.

Мына, жайлоодон келгени айга айланды. Бала: жайлоону, чоң энесин, кичинекей Мончокту эстеп куса боло калды. А тиги кан күйгөн казатта жүргөн атасы — Жумачы... Мына — шалбаа, мына — анын кош тереги... терек түбүндө ооңап, терек башын тиктеген бала-балалык оюн улады: «ушу кош терек мени билет бекен ыя? А тиги апамын жайлоодо экенин, жеңемин ооруканада экенин билет бекен? А тиги согушка — казатка кеткен байкеми сагынат бекен меңчилеп? Ал ушул кош теректин деле байкеси да. Ошон үчүн кишилер муну: «Жуманын кош тереги» дешет да...»

Терек башындагы бариги жылтылдап, бийиктен жүргөн желге шыбырайт. Чалкасынан жаткан бала ошо тиги терек башы менен сүйлөшө бергенсиди:

«Алы-ыс, алысты көрөт ээ, кош терек? Тээ-тиги тоонун аржагын, согуш менен казатты да көрүп турат; кандын күйгөнүн, чоң жалынды, аны аралай чуркаган байкемдерди да, алардын темир киймин да көрүп турушат булар. Алардын көйнөгү да, калпагы да, а түгүл, өтүгү да бүт темир; ошон үчүн отко күйбойт да алар!.. Согуш менен казат... тетиги кызарып күйүп жаткан кан... (апам айтпады беле «кан күйгөн» деп) ошону кечип чуркаган темир кийимчен кишилер.. анын баарын көрүп турган ушу кош терек кандай укмуш ыя!.. Менин боюм да ушу кош теректей болсо ээ?..

Оо-ипий! Анда баарын көрүп турмакмын: Сары-Ала-Сазды, апамы, анын жанындагы кичинекей Мончокту, дөңдө отурган Дүйшөнаалы чоң атамы да, тиги, кызыл чокудагы көбүргөн, ышкынды да, аркы райондогу ооруканада жаткан жеңеми да, согуш менен казат деген жердеги чоң отту да, отту кече чуркаган темир кийимчен байкеми да баарын-баарын көрүп турмакмын!.. Кандай кана укмуш ушул биздин кош терек ыя?! — Ушинтип тамшанып койгон бала чоң энесинин айтканын эстеди: «Кудай баланын тилегин берет; бала кезде не тилесе кабыл кылат».

— Куда-ай, бере гөр! — деди бала,— тилегимди кабыл кыла гөр?! Менин боюму так ушул теректей узун кыла гөр? Ээ-ун!..

Ошо замат чоң энесинин үнү кайра угулду буга: «теректей бой бергиче — теменедей акыл берсин».

— Ээй, теректей бойдун эмнеси жаман ыя? «Теменедей акыл...» (мунун көзүнө чоң энесинин кийиз жамаган темеңеси көрүндү) Теменедей да акыл болобу? А теменедей акылдын эмнеси жакшы?

— Апа, апаке! «акыл» деген эмне? Аны кантип берет кудай? Көргөзсөң, апаке?

— Жоолугон арам! — кемпир небересин эркелете карады. — Эмне десем эми? Акылың — мына. — Ал баланын эмгегин сылады. — Кудай берген муну.

Буга дароо туюна калган эмес бала. Өз колу гана өз башын сыйпап турган; анан, дагы далайга эзип сурай берген бу башына кудай өзү гана берген акыл деген немени түбү-жайын.

Азыр мына бу жер үстүн бүт көрүп турган кош терекке суктанып, ушу терактей бой берүүнү сурап ийип, кайра теменедей акыл жөнүндө ойлоно калды: «эмне, бу кош терактей боюм болсо, анда акылым болбой калабы? А терактей боюм да, теменедей акылым да болсочу?» Мийтип өзү менен өзү сүйлөшүп, өзү менен өзү кеңешкен бала ушу тапта тиги балдар менен оюндан окчундап жүрөт. Күндө келет ушу кош терактин түбүнө. Ал озунун балалык сезиминдегинин баарын мына ушу жерде төгөт: кайгысы менен күбанчын да, күндө көргөн-билгенин да, тетиги жайлоодогу чоң энесин, анын жанындагы Мончогун, оору жеңесин, согуш менен казатты, атасын мунун баарына болгон кусалыгын да мына ушул кош терекке айта берет:

«Мончокту да көрдүңбү? Айтып берчи эми, алар эмне кылып жатышат? Алар эми качан көчүп келишет жайлоодон ыя? Жеңем качан айыгат? А качан чыгат ооруканадан? Ии, айтчы мага, айтып берчи баарын?»

Мына ушинтип бала көпко сурайт кош терактен; терактин кыл чокусундагы күмүш тыйындай бариктер күнгө жылтылдап, желге шыбырап... жоо, желге эле эмес, ошо тапта балага бирдемелерди шыбырап тургансыйт. Анын ошо шыбырына кулак төшөп, анын тиги төбосү челиген көкмөлтүр асманды тиктеген баланын көзү илинип кетет. Муну ушу терек түбүнө уктап калган жеринен бир сапар өзүң окуткан Гүлай эжеси, андан кийин Жунуш байкеси таап алды. Гүлай эжекеси ошо күнү өз үйүнө эрчитип кетти. Тер басып, кирдеп турган баланы дароо жуунтуп, кийинте салды

да ушу Самак менен тең өз уулу экөөнү эки жагына алып жатып сүйлөштү:

— Самак, сен, апаңы сагындыңбы?

Бала унчуккан жок. Гүлай кайра сурады:

— Ии, анда Жамыйланы сагындыңбы? Же тиги согуштагы Жуманыбы? Ушинтип, Самакты куса кылган ата-энесин катар атады Гүлай. Самак дагы эле жооп бербеди. Жооп ордуна быш этип улутунду да өз манчасын өзү укалап үнсүз жатты. Гүлай эжекеси муну бооруна кысып, өөпжыттады; Самак ансайын кысынып-коруна берди. Мунун мурдунан кетпес тиги жайлоодогу чоң энесинин жыты азыр да... Баланын кусасын билген Гүлай эжекеси күн сайын, саат сайын, мунун көңүлүн көтөрүүнүн аракетинде...

Бир күнү кош терек түбүнө уктап калган жеринен таап алган Жунуш байкеси бакылдаган бойдон үйүнө көтөрүп кетти муну:

— Ие, мурдуңду урайын десе! Эртеден бери издебеген жерим калсачы! Кыштактын түтүнүн түрө тинттим. Андан да суугa агып кетпесин деп жаным калсачы! Тиги чоң сайды кыдырып жүрөм, келип!.. Эмне, үйүңү сагындыңбы ыя? Чоң энеңди сагындыңбы?

Канткен менен бу жолу бала Жунуш байкесинен сыр жашыра албады; эрди кемшиңдей түшүп, башын ийкеди. Мунун жашылданып турган көзүн көргөн Жунуш ырдап ийчүдөй үнүн созо таштаса болобу:

— Оо-аа! Оой, атаңдын оозуга чайын, сенин! Жигит болбой кал десе! Ой, чоң эле азамат да үйдү сагынабы?! Сен окуучу эмессиңби? Ой өзүң окуйм деп келип алып... муну эми, тиги балдар укса уят! Балдар укпасын? Ии, де? Анда мен эмки жумада жайлоого чыгам да чоң энеңдерди, а түгүл, ошо жайлоодогуларды бүт жакаага көчүрүп келем, аңгыча тынч...

Муну укkан баланын жүрөгү элеп-желеп болду: «чын айтабы Жунуш байкем? Ушу чын бекен ыя?!» Ошо күнү балага бу Жунуштан зор, Жунуштан күчтүү, андан боорукер-асыл адам дүйнөдө жок көрүндү.

«Эмки жумада!.. Эмки жумада!..— деген ал аптыгып, айтарга сөз, басарга жер таппады. — Эмки жума бат эле болсо экен? Мына бүгүн... мына эми эле болуп калсачы, эмки жума?!»

Жунуш байкеси өзү эле эмес, анын үйү да бир өзгөчө көрүндү ошо күнү. Башына күмүш чөгөргөн өрүк комузун күүлөп, алчылана отурган Жунуштун черткен күүсү куду тиги жайлоо желиндей сергитти баланы. Күү шаңкылдап, күүгө кошулган үнү шаңшып жатты анын...

Бул үй Жунуш жумушта — тышта жүргөндө гана тымый калчу; а Жунуш келатканда күү менен ыр кошо келатчу. Эртели-кеч ушул айылдын кары-жашы да Жунуштун күүсүнө кулак төшөп, анын ырына маашыр болушчу. Уулу согушта жүргөн кемпир-чал, жубайын күткөн келин анын ыры-күүсүн тамшана тыңшап, карылар батасын беришчү:

— Оо, айланайын, жаша-а!

— Өмүрүң узун болсун, кагылайын!

— Ылайым, жамандык көрбө!

— Карып көңүлүбүздү көтөрүп койбодуңбу!

...1944-жыл. Батыштан каптаган өрт элдин үрөйүн учуруп турган ушул жылдын жазы менен жайы, күзү менен кышы... кара чечекейин агызып энени боздоткон жыл!.. Өбөгүнөн айырып, атаны өксүткөн жыл!.. Жүрөгүн жарып, жубайын сыздаткан жыл!.. Атасынан айырып, баланы какшаткан кандуу — каардуу жыл!..

Бул айылдын карыларынын ичинен мына бу Дүйшөнаалы чал адеп... Ооба, чалдын жалгыз уулу ушул жылы окко учту. Чалдын кемпири да ушул жылы көз жумду. Өзү айткандай күйүткө өрттөнгөн чалды кара жер катуулугунан көтөрүп турду!.. Өзүн тегеректеп келген бул айылдагылардын кайраты угулбай, өзүн таштап, баарынан аша кечип, өлүү-тирүүсү белгисиз кыйлага жатты. Акыры өлгөндүн артынан кошо өлмөк жок экен, чыкпаган жан кыбырап, илкин туруп, тирилик этти... Тирилик... а бирок, күйүт салмагы... үстүнөн тоо болуп баскан күйүт тумчуктуруп бараткандай... Күйүткө тумчугуп, муцга чөгүп, түнөргөн карынын кашына келчү эле комузун кармаган Жунуш: деңиздин ак жал толкунун толкун кууп, толкуну — толкун менен жарышкандай күүдөп-күү туун, күү менен күү жарышып, күү шаңшып, жер жаралгандан берки адамдардын өксүгү менен арманын да тилеги менен мүдөөсүн да, күрөшү менен жеңишин да толкундай түрүлтө, шартылдатчу... Тумчугуп, чаңкап турган жанды деңиз жээгине жетелеп чыга калгандай сергитчү күү; өлүм күйүтүнө уккан карыны ошо күү менен сергитчү Жунуш; куду бир үстүнөн баскан тоону алып таштагандай жеңиле түшчү мундуу ата...

«Жунушту... Жунушту чакырып койгулачы?..— деп калчу кээде, деми кысылып, көңүлү чөгүп турган курган чал; согушта окко учкан уулу көзүнөн кетпей, анын үнү угулуп, мына ошо тапта улам куран окуп, уулуна багыштап... жаны гана азар таппай, чымындай жанын бу кең дүйнөгө батыра албай, кээде, жанынан кечип, ошо уулунун артынан шар

кете берүүгө кудайдан өлүм тилеп... ооба, ошо өлүм гана тилеп турган чакта да комузчуну гана оозанчу: — Жунущту?.. Жунуш кайда жүрөт?..»

Жан соогалап тургансычу эле, ал ошо тапта. Анан, Жунуш келип, салам айтып, комузун күүлөй баштаганда гана саал эсин жыйчу. Суугa чөгүп, тумчугуп баратканда бирөө жетип тартып алгандай жанданчу чал.

Күү буга — бу жер бетинде тирилик эткен адам тагдырын: анын өксүгү менен сүйүнчүн, күлкүсү менен күйүтүн, өлүмү менен өмүрүн... Ооба, акыры адам тукуму ушу күп менен түндөй тынымсыз алмашып турган өмүр менен өлүмдүн күбөсү экенин баян этчү күү...

Күн менен түн, өмүр менен өлүм... түк токтоо бербес, өзгөрбөс, адам эркине баш ийбес тагдырдын бузулгус мыйзамы экенин күдүрөчү күү... Табийгаттын өзүндөй: бирде, жайдын кара нөшөрүндөй шатыраса, кайра кыштын бороонундай буркулдап, каарын төгүп, оо бир оокумда эрте жазгы көктөм желиндей бүлкүлдөп, оңо көктөм торгоюнун таңшыгы...

...Жаңы туулган наристе көктөм... мүнү күүдөн көрө калган чалдын өчүп баратkан көзүнөн бир нерсе бүлбүлдөчү; куду нәристенин бешенесин көрүп тургансыган көзүнө билинер-билинбес күлүмсүрөө жылт этчү: көөдөндөн тумчуктура басып турган күйүтүнөн, арманынан саал бери башбагып, жарык дүйнөгө көз чаптырчу: анын көзүнө казаттан кайтпай калган жалгыз ууру, ага улай ошондон калган ымыркай чүрпөсү мына ушу күү арасынан, көктөм арасынан безеген торгой үнүнөн көрүнчү: «Ээ, армандуу дүйнө! Оо, албан тирилик! Сенин асты-кийиниң!.. Сенин күнүң менен түнүң... Баары эгиз тура; баары жуп, баарыга калыс да тең тура; күнүңдү — түнүңө айлантып, жайыңды — кышына алмаштың эле, эми мен карыпка көктөм жытын искеттиңби?.. Мунуңа шүгүр! Туяк калды!..»

Жунуштун күүлөрүнө кулак төшөп, тунжурап турган Дүйшөнаалы мына ушинтчү эле; албан тиричиликтин бузулгус мыйзамын күүдөн карап, баш ийкеп отурчу эле... Анан, ошо Жунуштан да айрылып калбадыбы кары! Ал черткен ажайып күүлөрдөн айрылды!.. Түк башым деп көрө элек шайыр улан капыстан ооруп, жыгылып, бир жумага жетпей мүрт кетти!..

«Тилден калган жок,— дешти жанында тургандар. — Көз жумаарында комузун оозанды: — « комузумду?.. Комузумду алып бергилечи?..»

...Жунуштан айрылып, күүдөн айрылып калган Дүйшөнаалы чалды кайра муң басты. Ал эле эмес, бир айыл эл

бүт бозоро түштү, Жунуш жок! Анын ыры-күүсү өзү менен кошо кеткендей, айыл ичи томсорун турду.

— Апанайын! Баладай бала болсочу!..

— Атандын көрү, дүнүйө-ө!..

— Жашына-көгүнө карабас куу дүйнө!

— Комузун колунан түшүрбөй, ырын көмөкөйүнөн көтирбей көз жумду...

Айылдагылардын ушул сөзүн күндө укчу Самак. Жунуш байкеси... аны түк эсинен чыгара албай дайым көз алдында турчу. Анын ыры, анын черткен күүсү дайым кулагында гана жаңырып тура берчү...

Самактын тили менен анын ийрин жандырбай ушул мектепке алып келип кийирбеди беле. Анан, тиги кош теректин түбүнөн таап, муну көтөрүп алган бойдон ырдап баратчу эмес беле:

...Жайдын бир гана то-олук кезинде-е аай,
Аадырлуу эле тоонун ооп бетинде-е...

Жунуш байкеси мына ушуну ырдап баратканда өзгө жайлоо эмес, так тетиги Сары-Ала-Саз, тетиги көбүргөндүү кызыл чоку баланын көзүндө турчу эле... Жунуштун чындап көз жумганына түшүнө албады, ишене албады бала. Жунуш байкеси адатынча тамаша кылып, ушу ташта бир жерге жашынып жаткандай: күнбү, түнбү бир күнү каткырып жетип келип, шаңдын ырдап турчудай болот. Тигине, анын кызыл өрүк комузу — туш кийиздин башында илинген бойдон ээсин күтөт!..

Мына, ары-бери карагыча күз кышка айланды. Суук эрте түшүп, күз башынан суу катты. Жер үстүнөн күйүтмуцуна тумчугуп тургансыган асман түпөрүп, жерге аязын агытат.

...1944-жыл. Ушул жылдын асманы — мына... Батыштан каптаган өрт элдин үрөйүн учуруп турган ушул жылдын жазы менен жайы, күзү менен кышы, мына... Кара чечекейин агызып — эненн боздоткон жыл; өбөгүнөн айырып, атаны өксүткөн, жүрөгүн жарып — жубайды сыздаткан, атасынан айырып, баланы какшаткан кандуу, каардуу жылдын асманындагы катаал кыштын аязы, мына!..

Эл тоодон эбак түшкөн. Самактын чоң энеси да эбак кыштакта; үйүн бүгүп, тамга кирген; быйыл үйдө уулу да, келини да жок кемпир небересин кара тутат. Күнүнөн-түнүнө тышка кулак түрүп, күткөнү — жакшы кабар. Согуштагы уулунан кат күтөт; ооруканадан келини Жамыйла айы-

гып келип каларын күтөт. Самактын да өңү-түсүнөн кетпес ошо үйдө жок, ата-энеси. Күндө түш көрөт бала, күндө түшүн энесине айтат:

— Байкем тиги шалбаадагы чоптү чаап жатыптыр. Биздин арыкта суу бар экен, абда-ан чоң суу! Анан, жеңем суу алам десе, тиги чакасын суу алып кетип... анан, өзү да суугa агып кетип!..

— Ок! — деп чочуп кетет кемпир, чочуп кетет да өзүнчө келме келтирип анан, жакшылыкка жоруйт, Самактын түшүн: — Байкең аман келет экен. А тиги ооруп аткан Жамыйланын ичер суусу көп тура... А колундагы чакасын суу алып кеткени — оорусунан айыкканы...

Бала буга кадимкидей ишенет. Атасынын согуштан аман келерин, азыр чоң энеси айткандай Жамыйланың айыгып чыгарын кадимкидей күтөт.

Ушул айылдагы өзү курдуу келиндердей ойноп-күлүп жүргөнүн түк көрбөдү Жамыйланын. Дайым төшөктөн көрчү эле аны: арыктан өңү саргыч тарткан Жамыйланын эрди кеберсип, үй ичине телмире карачу; ордунан тура алчу эмес; тышка чанда чыкчу; күн табына чанда отурчу; кээде, алын сураганы келген курбу келиндер менен сүйлөшүп, анан, эчкирип ыйлаганын көрүп калчу эле.

— Самак ай! Самак кайда жүрөт? — ушинткен Жамыйла баласын чакыра берчү: «тигини-муну алып бердиң?» деген шылтоо менен кээде, баласын жон эле өз маңдайына отура турушун сурачу: —Отурчу мындай? Отура турчу маңдайыма?.. — Жамыйла ушинтчү да маңдайындагы уулун тиктеп телмирип калчу. Анын окуган сабагын сурачу; дептерин колуна алып, анын тарткан тамгаларын көз айырбай тиктеп күлүмсүрөчү:

— Ушуну өзүң жаздыңбы? — бала башын ийкеп ашыга жооп берчү. — Өзүм, өзүм жаздым! Балдардын баары өзү жазды. Гүлай эжекем жаздырбадыбы!..

— Сонун жазат турбайсыңбы! Колуң жакшы тура... колуңдан, айланайын! ушинткен Жамыйла маңдайындагы наристесин не бир эркирей тиктечү. Жамыйланын көзүнө толуп-ташып турган ошондогу сүйүнүч!.. Энесинин көзүнө толгон мелт-калт сүйүнүч баланы кошо жаркытып турбады беле ошо саатта! Эне өзүн төшөктөн тургузбас ооруну да, жанынын кыйналганын да унуткан экен ошо саатта!.. Өзүн телегейи-тегиздей, жарык дүйнөдө бактылуудай сезген тура Жамыйла ошо саатта!..

Самактын китеп-дептерин кароодон сонуну тарачу эмес, Жамыйланын. Мектептен бала келген сайын аны өзүнө чакырчу:

бүт бозоро түштү, Жунуш жок! Апын ыры-күүсү өзү менен кошо кеткендей, айыл ичи томсоруп турду.

— Апанайын! Баладай бала болсочу!..

— Атандын көрү, дүнүйө-ө!..

— Жашына-көгүнө карабас куу дүйнө!

— Комузун колунан түшүрбөй, ырын көмөкөйүнөн көтирбей көз жумду...

Айылдагылардын ушул сөзүн күндө укчу Самак. Жунуш байкеси... аны түк эсинен чыгара албай дайым көз алдында турчу. Анын ыры, анын черткен күүсү дайым кулагында гана жаңырып тура берчү...

Самактын тили менен анын ийрин жандырбай ушул мектепке алып келип кийирбеди беле. Анан, тиги кош теректин түбүнөн таап, муну көтөрүп алган бойдон ырдап баратчу эмес беле:

...Жайдын бир гана то-олук кезинде-е аай,
Аадырлуу эле тоонун ооп бетинде-е...

Жунуш байкеси мына ушуну ырдап баратканда өзгө жайлоо эмес, так тетиги Сары-Ала-Саз, тетиги кобургөндүү кызыл чоку баланын көзүндө турчу эле... Жунуштун чындап көз жумганына түшүнө албады, ишене албады бала. Жунуш байкеси адатынча тамаша кылып, ушу ташта бир жерге жашынып жаткандай: күнбү, түнбү бир күнү каткырып жетип келип, шаңдын ырдап турчудай болот. Тигине, анын кызыл өрүк комузу — туш кийиздин башында илинген бойдон ээсин күтөт!..

Мына, ары-бери карагыча күз кышка айланды. Суук эрте түшүп, күз башынан суу катты. Жер үстүнөн күйүт-муцуна тумчугуп тургансыган асман түнөрүп, жерге аязын агытат.

...1944-жыл. Ушул жылдын асманы — мына... Батыштан каптаган өрт элдин үрөйүн учуруп турган ушул жылдын жазы менен жайы, күзү менен кышы, мына... Кара чечекейин агызып — эненн боздоткон жыл; өбөгүнөн айырып, атаны өксүткөн, жүрөгүн жарып — жубайды сыздаткан, атасынан айырып, баланы какшаткан кандуу, каардуу жылдын асманындагы катаал кыштын аязы, мына!..

Эл тоодон эбак түшкөн. Самактын чоң энеси да эбак кыштакта; үйүн бүгүп, тамга кирген; быйыл үйдө уулу да, келини да жок кемпир небересин кара тутат. Күнүнөн-түнүнө тышка кулак түрүп, күткөнү — жакшы кабар. Согушталы уулунан кат күтөт; ооруканадан келини Жамыйла айы-

гып келип каларын күтөт. Самактын да өңү-түсүнөн кетпес ошо үйдө жок, ата-энеси. Күндө түш көрөт бала, күндө түшүн энесине айтат:

— Байкем тиги шалбаадагы чоптү чаап жатыптыр. Биздин арыкта суу бар экен, абда-ан чоң суу! Анан, жеңем суу алам десе, тиги чакасын суу алып кетип... анан, өзү да суугa агып кетип!..

— Ок! — деп чочуп кетет кемпир, чочуп кетет да өзүнчө келме келтирип анан, жакшылыкка жоруйт, Самактын түшүн: — Байкең аман келет экен. А тиги ооруп аткан Жамыйланын ичер суусу көп тура... А колундагы чакасын суу алып кеткени — оорусунан айыкканы...

Бала бага кадимкидей ишенет. Атасынын согуштан аман келерин, азыр чоң энеси айткандай Жамыйланың айыгып чыгарын кадимкидей күтөт.

Ушул айылдагы өзү курдуу келиндердей ойноп-күлүп жүргөнүн түк көрбөдү Жамыйланын. Дайым төшөктөн көрчү эле аны: арыктан өңү саргыч тарткан Жамыйланын эрди кеберсип, үй ичине телмире карачу; ордунан тура алчу эмес; тышка чанда чыкчу; күн табына чанда отурчу; кээде, алын сураганы келген курбу келиндер менен сүйлөшүп, анан, эчкирип ыйлаганын көрүп калчу эле.

— Самак ай! Самак кайда жүрөт? — ушинткен Жамыйла баласын чакыра берчү: «тигинии-муну алып берчи?» деген шылтоо менен кээде, баласын жон эле өз маңдайына отура турушун сурачу: —Отурчу мындай? Отура турчу маңдайыма?.. — Жамыйла ушинтчү да маңдайындагы уулун тиктеп телмирип калчу. Анын окуган сабагын сурачу; дептерин колуна алып, анын тарткан тамгаларын көз айырбай тиктеп күлүмсүрөчү:

— Ушуну өзүң жаздыңбы? — бала башын ийкеп ашыга жооп берчү. — Өзүм, өзүм жаздым! Балдардын баары өзү жазды. Гүлай эжекем жаздырбадыбы!..

— Сонун жазат турбайсыңбы! Колуң жакшы тура... колуңдан, айланайын! ушинткен Жамыйла маңдайындагы наристесин не бир эркирей тиктечү. Жамыйланын көзүнө толуп-ташып турган ошондогу сүйүнүч!.. Эненин көзүнө толгон мелт-калт сүйүнүч баланы кошо жаркытып турбады беле ошо саатта! Эпе өзүн төшөктөн тургузбас ооруну да, жанынын кыйналганын да унуткан экен ошо саатта!.. Өзүн телегейи-тегиздей, жарык дүйнөдө бактылуудай сезген тура Жамыйла ошо саатта!..

Самактын китеп-дептерин кароодон сонуну тарачу эмес, Жамыйланын. Мектептен бала келген сайын аны өзүнө чакырчу:

— Капа, бүгүн эмнени окудунар? Жазганыны көргөзчү бүгүнкү? Баланын эжелеп окуганына маашыр болчу. Кер сары өңү саал күлүмсүрөй калчу. Качантан көрбөй сагынган уулун мына ушул азыр көрүп тургандай анын монтойгон өңүнөн көзүн алчу эмес: —Ии, дагы окучу? Ушундай туруп окуй берчи? Мен... сен жокто эригип жатпайымбы...

Баласынын үнүн уга бергиси келчү: «күн кай убак болду? Мектептен балдар тарай элекпи?» Минткен эне өзүнөн сурачу.

Самактын мектептен келген-келбегенин кайненесинен сурачу эмес, андан айбыкчу. Самакты өз жанына чакырганда да ошентип агылгалап, Зуура кемпир үйдө жокто чакырчу. А чоң эжеси баккан айыл балдары да ошо өз эжесинен окчундап, ошо чоң эжесин эне тутуп калат эмеспи. А өз эжеси да баласына үйрүлүүдөн айбыгып, баласын баккан кайненени ызаттайт. Мына ушу салтты кармаган оорулуу Жамыйла күндөгүдөй эле баланы күтүп, күндөгүсүнчө агылгалап туруп, аны кашына чакырат:

— Инжике!.. — ал баласын ушинтип эркелетчү. — Келдиңби? Ии, тарадыңбы?- Беркелчи? — Жамыйланын мандайына жетип барган бала, адатынча алиппесин сууруп, анын арасындагы дептерин алат; бүгүн эмне жазганын, мына бүгүн эмне баа алганын шашылыш көргөзмөк эле...

А Жамыйла баланы токтотту: — Кое турчу, дептерини кое тур... анын саргарып кеткен арык колу жаздык астынан бирдеме издеди. Анын колунан көзүн алган жок бала. Жаздыктын астынан бери суурулган арык, саргыч маңчалар жумулуу бойдон балага сунулду: —Ме, жей гой...

...Бир гана чагым кант экен ал. Тышы кирдей түшкөн чагым кантты бытыйган алакасына жымырган бала эрдин кымтып, биртике тым отуруп калды. Энеси муну өзүнө жашырып берип жатканын дароо билди бала. Өзгө түгүл, тиги чоң эжесине да шек алдырбоо керек эле муну...

Ушу тапта баладан көз айырбай тиктеп турган Жамыйла кайра да үн катты: —Жей кой; жана Акиш жеңең келген экен... мени көргөнү... ошо... «чайына салып ич» дегенинен... /Акиш — тиги Дүйшөнаалы чалдын согуштан курман болгон жалгыз уулунуп аялы/ Жамыйла демигип, улам токтоп атып арап айтып бүттү муну баласына. Кечээгиден бүгүн көбүрөөк демиккенин, кечээгиден бүгүн өңү өчүңкү экенин байкады бала. Жамыйланын көзү киртийип, кирпиги батташып, көзү да, жүзү да эбак өчкөн оттун күлүндөй бозоруп турган.

Баланын дептерин сураган жок, жазганын көргөн жок бүгүн. Алиги бир тоголок кантты берип гана аденки калыбында демигип жатты.

Ушу түнү ал катуу кыйналды. Түн бою үнүн баспады. А Зуура кемпир от менен отурду жанында. Эртең менен бала мектепке кетип баратып, кемпирдин өзүнчө кобурап жүргөнүн укту:

— Оорунун күч алган күнү көрүнөт; түнү бою кудайга үнү угулуп, жана таңга маал гана биртике көзү илинди. — Ушинтип өзүнчө кобурап жүргөн кемпирдин бырышка толгон жүзү, тиги терезе түбүндө жаткан оорулуунун: купкуу өңүн, шишимик көзүн, кычылган таноосунан кыйнала дем алганын көрдү... Чоң энеси айткандай жаңы эле көзү илинсе керек. Антпесе, күндөгү адатынча бу мектепке бараткан Самакты эрчий карамак.

...Бала бүгүн кечээгиден жакшы жазды. Дептерине сыя да тамызган жок. Гүлай эжеси кызыл карандаш менен «5» деген баа койду.

Сабактын бүтүшүн чыдамсыз күттү бала. Дептерине жазганын тез жетип көргөзүүгө ага окуп беришке ашыкты.

Бирок... бүгүнкү жазганын да, бүгүнкү алган баасын да көргөзө албай калды... 1-А класстын балдары сабактан тарап, үйлөрүнө бет аларда Гүлай эжекеси муну токтотту:

— Самак, сен токтой турчу? — минткен Гүлай баланы жанына чакырды. — Мен бүгүн силердикине барам. — «Ий, жеңемди көргөнү барат тура»,— деп билди бала,— жеңеме да апама да менин сабагымды, жакшы окуганымды айтат, анан «5» ти көргөзөт. Ал ичинен кымындап, муну ойлогуча булар мектептен чыгып калышкан эле.

Мектепке жакын Жуманын тамы да, алиги кош терек да чыгары менен көрүнчү. Там түбүнө боз үй тигилип калыптыр. Баарыдан көзгө чоочун... үйдүн тышына кызыл аш-кана тартып коюшуптур?! Самак мындайды түк көргөн эмес мурда... чоң энеси экөө жайлоодо жүргөндө да антчү эмес... Бая Дүйшөнаалы баш болуп, эки-үч чал отурушат үйдүн жанында.

Ошо кызыл чий каланган боз үйдү тиктеп бараткан Гүлай эжекесинин көзүндөгү бурчактаган жашты көрдү бала! Гүлай эжекесинин эрди кемшеңдеп, бу өзү жетелеген баланын колун улам катуулап кысып баратты.

Үшкүрүп-түнөрүп отурган чалдар баш көтөрүшкөн жок...

Самак бу Гүлай эжекесин эрчип киргенде тиги узун чыгдан тарапка көшөгө тартылыптыр. Жамыйла жок экен... Зуура кемпир буркурап-боздоп, аны тегеректеген кемпирлер шолоктоп, ыйлап отурушуптур:

— Оо, көз ачык кеткен шордуу!

— Көктөйүндө көмүлбөдүбү!
— Келиндей келин болсочу-у деги!..
— Таңкы чолпон эмес беле-е!

* * *

Бала ошентип, а күнү энесин көрбөй да жазганын окуп бере албай калды.

Күндө барат мектепке; сабакты күндө алып, дептерине күндө жазылган сайын энеси көз алдынан кетпейт; анын үнү кулагында: «келдиңби?.. Кана, бүгүнкү жазганыңды көргөзчү?..» Дептерди ачып караган, анын күлүмсүрөгөн, кырсары жүзү тигине... Кээде, Гүлай эжекесинин унчукканы да энесинин үнүндөй угулуп кетчү: «кана, дептерини көргөзчү?» Бала бир селт этип, дептерин кармаган Гүлайды тиктеп эле калчу...

Баланын сабыркап жүргөнүн билген мугалима аны баягыдан бетер алпештеп, аны сүрөмөлөп, ага дайым жакшы гана баа коюшка тырышчу. Сүрөттүү китептерди берчү Самакка; сүрөттөрү кооз шаар, бийик үйлөрдү көргөзгөн Гүлай анын мандайынан сылап минтчү:

— Мектеп бүтөсүң; чо-оң жигит болосуң; анан, чоң шаарга барып окуйсуң!.. — Муну укkан баланын жүрөгү элеп-желеп боло калчу. Мектепти бат эле бүтүүнү дегдечү. Ошондо да энесин ойлоп койчу:

«...ал болсо мына ушул сүрөттөрдү да көргөзбөйт белем?.. Ал ушу Гүлай эжекем айткан чоң шаарды, окууну, баарын айтып бермекмин...»

Баланын эсинде ушу гана турат. А чоң энесинин дептер менен да сабак менен да иши жок. Бала тыштан кире электе кемпир мунун курсагынын гана камын көргүчө ашыгат:

— Анан калса, мектебиңе кечке жүрчү болдуң?.. Өзөгүң карарды го?! Кемпир ушинтет да баланын бир жагына айрапын, анын жанына көйлөгөн талканын коюп, өнтөлөй берет: — иче гой? Ал, жей гой?

Шаар баланын түшүнө да кирчү болду.

...Бая Гүлай эжекеси китептен көргөзгөн көк тиреген үйлөр... Жо, көк тиреген үйлөр эмес, тоо турат ак мөңгүлүү тоо. Ошо тоо этегинен атчан кишилер, ак калпакчан жигиттер, кызыл жоолукчан кыздар ырдап, бийлеп жүрүшөт. Ардгыча, Гүлай эжекеси кыйкырды:

— Оо-ууй! Оо-ууй, Сама-ак! — Бала ошо Гүлай эжекеси кыйкырган жакты карады. Ал тетиги ак карлуу тоо этегин-

де, атчан кишилердин арасында жүрөт: — Сама-ак! Оо-уу, Сама-ак! Берке-ел! Берке-ел! — деп дагы кыйкырып атат ал. — Чурка-а, бери-и! Оюнга кире-ебиз. Мына-а... «Ала-Тоо» киносу мына-а! — ушинткен Гүлай эжекеси ак карлуу тоону көргөздү; бала таңыркады: «Ээй! Кадимки «Ала-Тоо» деген ушулбу? Кино да, оюн да ушул тоонун арасында болот тура? Же, оюп тиги тоонун боорунда болот го? Эмне оюн болор экен ыя? Көкбөрү тартышат го? Ат чабышат го? Мен батырак жетейин, Гүлай эжекеме!..

Бала чуркамак болду эле, буту шилтенбейт. Капча алакеттен өтпосун буту бир шилтенсечи! Бала өзүнчө ызаланды, туталанды, кыйкырмак болду; үнү чыкпайт, ой! Ачгыча, тоо да, анын боорундагы кишилер да көрүнбөй калды. Гүлай эжекесинин үнү кайра да чыкты:

— Оо-уу Сама-ак! — мына көрө койду аны. Мына, кызык! Ал тиги тоо боорунан эмес, өзүнө жакын эле топ бактын арасынан кыйкырып жатыптыр:

— Оо-уу, Сама-ак! О, берке-ел! Мына-а, шаардын багы-ы!

Мына, эми бала өзү да ошо топ бактын жанында туруптур. Ии, бу шаардын багы деле булардын кош терегиндей тура. Бактын башында кыргый конуш... жо, бактын башында эмес, анын боорунда жапыс эле отурат кыргый! Көзү кычышты Самактын: «атаңкөрү, кылтагым болсочу?!» Ачгыча ошол арадан колунда кылтагы бар жыцайлак балдарды көрдү Самак «Ии, шаардын балдары деле кылтак менен кыргый кармайт тура?» ушинтти.

Шалбаа... бак арасындагы шалбаа тигине. Калың аппак сирень бүрдөп, топ-топ аткулак, шыраалжын аралаш экен. Ошо шыраалжын арасынан бир сур коен кош аяктап тура калды. Качпайт. Ошо кош аяктаган бойдон Самакты тиктеп турат... «Ээй! — деди, сур коенду карап турган Самак,— бу шаардын коену кишиден качпайт экен ээ?..»

Музоолуу уйлар жайылып жүрөт. Шалбаада ак көпөлөк жайнап, ошол арада чалгычы тигине. Жеңин карусуна түрүп таштаган ак көйнөк, ак калпакчан киши чөп чаап жүрөт. Ээй, тиги өз атасындай экен. Шаардын багы да, шалбаасы да булардын шалбаасындай эле тура; уйлар жайылып...

— Мына, шаардын кара багы ушу болот,— деди Гүлай эжекеси.

— Эжеке! Эжеке дейм! — Самак энтиге сурады: —А шаардын тамдары кана! Баягы китептеги бийик тамдарчы? А мектеби кайда?

— Азыр, азыр сени мектепке алпарам. — Гүлай эжекеси баланы жетелеп баратты: — тигине — шаар, аркы — мек-

теп,— минткен Гүлай көргөзгөн жакты карады бала: алиги ак карлуу тоо кайра көрүндү. Ошо тоо түбүндө жалпак тамдар... Ошо тамдарга карай чуркап баратты Гүлай; анын кыйкырганы үзүл-кесил, улам алыстан угулат:

— Оо-ууй!.. Сама-ак!..

...Бала көзүн ачса, терезеден шыкаалаган күн мунун бетине тийип турган экен...

* * *

Шаар, окуу баланын өңү-түшүнөн кетпеди. Бул айылдан барып шаарда окуп калышкан бир-эки бала да шаарды жомоктоп бүтпөй, ого бетер делебесин козгоп койду. Отурса-турса эки-оозунун бири шаарда болуп калган небересин кашына отургузуп алып кейий кетти Зуура кемпир:

— Аа, эселегим! «шаар шаар» дейсиң... А шаар кайда, биз кайда? А сен шаардын окушуна кетип калсаң менин күнүм не болчу?! Кантип кана отурам, бөрүгө байлаган улактай — жалгыз?! Же... шордуу Жамыйла тирүү болсочу? Кур дегенде бая кымындай Мончок жанымда турса эмне!.. /Мончок кызамыктан чарчап калган./ Кур дегенде кудай ошо чүрпөмү да маа буюрбай... — чоң энесинин эрди кемшеңдей түшкөнүн көрдү бала. Оңой менен көзүнө жаш ала койбос кайраттуу кемпир ошо, бая, Жамыйла өлгөндөн бери жашык болуп алган.

Кемпир карап турган баланын зээни кейиди. Буга чейин анча арданчу эмес; Самактып шаарды оозанганын да укмаксанга салчу эле. А бүгүн моминтип... Кемпирдин кара тутканы ушу болсо анан бу...

Кызыл этинен баккан кемпирге небереси — боор эти менен тең эле, ал уктаса — башында, ойгонсо — кашында отурчу. Самак мектебинен келгиче аны карап эшикте болчу. Китеп баштыгы жамбашын сабап, бута-атым кирип келген Самак кемпирдин жетине албай кобураганын укчу:

— Жума-айүп келатат! Оо, карааныңдан сенин!.. Жума-айүп!..

Самак да чоң энесине катуу эркеп, а чоң энеси да баланы тигинтип демөөр тутуп, мунун өмүрүнө, бактысына таттуу тилек этчү:

— Балам чоң окуштан окуйт; калаанын чоң окушунан окуп, шапыке кийип, «үп» болот го-о? Жума-айүп!.. — муну уккан бала каадаланып:

— Апа! Апакебай! А калаа кайда? Кандай болот ал? Мен качан окуйм эми, калаадан? Тиги, Абылдыкындай шапке киемби?

— Окуйсуң каралдым, жаның эле аман болсо, окуйсуң. Адеп, небересинин делебесин өзү козгоп койгонун кемпи унутуп калдыбы, канетти? Эми аны токтото албай, шаарды унуттура албай алек болуп отурбайбы маминтип... «э, калаач менен катып кал! — деди кемпир өзүнчө,— кайдан оюна түшө калды эле бу?!»

Зуура кемпирдин эркинде болгондо небересин кашынан кетире коймок эмес; анын амалын түгөткөн мына бу болду: бала жетинчини бүтүп токтоп кала турган, он жылдык жок.

— Ата-а, кур дегенде сегизинчи сынып болгондо эмне!..— деп, күйкөлөктөдү кемпир,— да бир жылы балам кашымда турбайт беле!..

Жай өтүп күзгө айланды. Самак шаарга жөнөшкө камынды. Шаардын жогорку окуу жайында окуп жаткан алиги Абыл балага дайындап жатты Зуура кемпир небересин:

— Кагылып кетейин Абыл! Буга караганда сен адам болуп калбадыңбы; адеп, кудайга, анан, саа тапшырдым муну; кара боло гөр, кагылайын? Али эне сүтү оозунан кетө элек...

Абылды ээрчиген Самак жолго чыкканы турат. Анын бар тасмиясы — кызыл куржунда: бир табактай куруту, козу карындагы майы, бир чакада тарткан талканы; кол чапачтагы сүзмөнү да салды кемпир:

— Эми эле жолдон суусайсың, эзип жута коесуң; тамакты оорсуба балам,— небересинин кыйыктана калганын көрүп турган кемпир айтор, бу үйүндөгү бармагына — басып, тырмагына — кыскан азыгын куржунга салды. Ушул эле куржундун бир көзүндө баланын кийим-кечеси, китеп-дептери.

21.

Шаардын аптабы. Самак куду бууга алгандай камыкты. Энеси маркумду айылдагы табып нечен жолу бууга алганын көргөн. А түгүл, чоң энеси мунун өзүн да бууга алган эле: кайнаган чоң казан суунун буусуна муну эңкейте отургузуп, үстүн чапан, тон менен тумчулаганда тыбырап, чаңырган эле бала: «...апа-а! тумчугуп баратам!» «Чыда биртике,» минткен чоң энеси баланы тумчулаган тон, чапандын этегин кымтып, басып турган калыбында сүйлөгөн: «чыда, кулунум! Соогүндөгү ысыктын табын алып чыксын», «апа-а! Апаке-е!..» Чыцырып, туйлаган бала бууда эмес эле, ошо казандагы кайнаган суунун ичине түшүп кеткендей дени күйүп, тумчугуп бараткан эле ошондо...

Эми бу шаардын аптабына да ошондой камыкты. Үлп эткен жел жок, үп болуп гана турат. Баланы басса турса кара тер басат. Чаңкап, таңдайы так катат. Чаңкаганда суу иче бериштен да чочуйт.

Чоң энесинин эскерткени кулагында: «ысыкта муздак суудан сак бол балам. Чүйдүн аптабында улам муздак суу жута берсе безгек болот дечү. А безгектин бетин ары кылсын!.. Жайлоодо безгеги кармаган бирөөнү көрүп, жаныман түңүлгөм. Үйдөгү жууркан-төшөктү, кийим-кечебизге чейин үйүп-жыйып жаап атып чарчаганбыз. Ошондо титирегендей болсо барбы... Ошо Чүйдүн ысыгында муздак суу ичип ийип, ошол ооруга чалдыккан экен ал бечара! Суусаганда тиги сүзмөңдөн эзип жутуп жүр. Ата-а максым жасап берер киши болсо?..»

Чоң энесинин айтканын бек туткан бала адеп, келгендө канча чаңкап баратса да суу ичип ийиштен чочуду. Баягы кол чаначтагы сүзмөдөн эзип жута койгондо көзү толо түшүп, куду үйүнө кирип келгендей дене-бою жазылчу. Куду чоң энесинин мандайында отургандай ошо кол чаначы да, сүзмөсү да чоң энеси жыттанып кетчү...

Мына, эми сүзмө да түгөндү, аптап каарып турат.

Интернат. Самак өздөрү турган бөлмөнү кызыга карештан тажабайт. Заңгыраган үй сүттөй ак. Зор терезелери күнгө чагылышып турган ак зоодой мектеп да, аппак жатаканада балага өзгөчө көрүндү. Мектепти эми жаңы көрүп тургандай кудайдын-кутту күнү айлана басып карай берет. Чоң энесин ойлой берет; ал да шаарга келип калсачы!.. «апаке-е! Мына! Мына менин мектебим!» Ал ушинтип алаптап, ашыга көргөзмөк чоң энесин. Мектепке таң калганынан оозу ачылып турган кемпир баланын көз алдында, анын үнү кулагында: «ыя, айланайын! ушундай да чоң там болот экен ээ? Там үстүндө там турабы? Кантип гана, кандай уста салды муну? Э, Чүрпөм, сен да ушунун үстүнө чыгасың ээ? А башың айланбайбы, ошончо бийиктен?»

Деги чоң энеси келер бекен? Бала муну өзүнөн-өзү сурап, анан, өзүнчө кыялдана бериштен тажабайт: «келет да, келбей коймок беле. Шаарга катташар киши болсо аны менен жүрө берсе, анан, сураса таап алар эле: «баланча мектепте окуган балам бар эле?..» Ушинтип сурай-сурай мектепке келип калган чоң энесине балдар заматта чакырып чыгышмак муну:

«Жумаев, сенин чоң энең турат тышта!» —Ушинтип бир баланын кабарлаганы да угулат мунун кулагына. Кыял канатында жүргөн баланын жүрөгү тайдай туйлайт: «апам...

ал келип калса ээ?! Ал ушу кезде мектеп аппак кезинде, мектеп кирдей элегинде келсе экен?..»

Кош терек түбүндөгү өздөрүнүн жепирекей тамын актаганда да мына ушинтип ашыкчы эле бала. Жепирекей тамды жылыга Октябрь майрамында гана бир жолу акташчу да, ошо күндөрү бала бая Гүлай эжекесин чакыргыча ашыкчу. «Кирдей электе көрсө экен эжекем? Биздин там аппак!..»

Чоң энесинин бу шаарга келе албасын жакшы билсе да өзүнүн таттуу кыялынан кол үзбөйт бала... Мектепке, интернатка үйүр алып, өзүнө теңтуш балдар менен таанышып, а бирок, айыл эсинен кетпейт; ырацы сеңселген көк шалбаа; ошо шалбаа четинен шаркырап жатчы көк кашка өзөн... шаардын бийик теректеринин түбүнөн булдурап жаткан каштай сууну көргөн сайын ошо айылдагы көк өзөн көрүнөт балага. Күндө түш көрөт, түшүндө: чоң энесин, жепирекей тамын, кош терегин... а кош терек эле түгүл, түндө ошо терек башынан күкүгүн да көрдү. Күкүгү!.. Ар жылы жазында адашпай келип, кош терекке конгон күкүктү небересине энчилеп койгон Зуура кемпир: «Самагымын күкүгү!» «Апаке, а күкүк меникиби?» «Сеники, кагылайын! Сеники үчүн терегице конуп жүрбөйбү дайым». Муну уккан бала ого бетер кубанчы койнуна батпай, элеп-желеп, айылдагы теңтуш балдардын баарын атап, алардын бирде-бирин күкүгү жок экенин айта берчү: «Апаке-е, а тиги, Кабылдын да, Сабырдын да, Белектин да күкүгү жок ээ? Аларга барбайт ээ, менин күкүгүм?» «Барбайт, садаган, а күкүгүң сени тааныйт да».

Ушундан кийин тиги күкүктү биротоло энчилеп алган Самак, аны дайым карап тургусу, аны менен сүйлөшкүсү келчү; а түгүл, өзү жеген тамактан күкүгүнө беришке ашыкчу. Терек башында таңшып турган күкүккө өзү жеп турган колундагы нанынан сунчу бала: «күкүгүм! Күкүгүм! Мына, мына, нан жей кой? Сен ачка болбодуңбу? Мына, нан жей кой?..»

Күкүк аны туйбай таңшый берчү; кээде, ошо таңшып отурган бойдон шарт учуп кетчү. Күкүгүнө нан сунган калыбында элее калчу бала: тээ, чоң суу аралындагы жылгын тарапка зымырап бараткан күкүгүнөн көз айырчу эмес; күкүгү ошондон ары кайрылбай кетчүдөй коңулдай түшчү... Дүнүйөкапар паристе күкүгүнүн үнүн тыңшап ойгончу, күкүгүнүн үнүн тыңшап уктачу. Анан, күкүктүн үнүн укпай калган мезгилдер да келчү: күз, кыш... жылдын ушул мезгилдеринде баланын өңү-түшүнөн кетчү эмес, оозунан түшчү эмес күкүгү: «апа! А күкүгүм кайда кетти? Кайда жүрөт ал?» «Алыска»,— дейт кемпир, күкүктүн бу маалда кайда

кеткенин өзү да билалбай. «Алыска?» чоң энесинин бу жообуна бала канааттанып жарыбайт да тактап сурайт: «ыя? алыс болгондо кайда?» «Э, кыштайт да, балам, өзү үйүр алган бир жылуу жакка барып». «Каякка? Каякка?» деп туруп алган небересине чоң эне өз билишинче: «а тиги Мекеге Медина жакка, ошоякка барат дешет го». «Кайда? Кайда ошо Меке-Медина?» Небересинин аягы бүтпөс суроосуна камалган кемпир минтип иет: «Э, балам, мен эмине Мекеге барып көрдү дейсиңби? Ага барган илгерки ажылар билбесе анын кайда экенин...» «А күкүгүм эми ошо жерге кыштайбы? Ал жерде да анын үйү барбы? Биздин көш терегтей тереги барбы? Ал жерде да мендей бала барбы?» «Бар,— дейт кемпир небересинин бу учуна чыкпас суроосуна чогултуп бир сөз менен. «Анда... — минтип саал элее түшкөн бала дагы сурайт:— анан, ошо баланын күкүгү болуп калабы? Ошо бала да менин ошо күкүгүмү жакшы көрөбү?» «ооба, жакшы көрөт,» — дейт, тирилигине алагды болгон кемпир, небересинин кызыга, кызгана сурап атканын кээде, байкабай калып. «Анда, ошо бала менин күкүгүмү жибербей коебу ыя?» бала кооп санайт. «Жибербей койгудай эмне-е!.. Анын канатын эле кыркып салбаса, токтобой калсын куш». Бала мына бу сөздөн да чочуй калат: «канатын эле кыркып салбаса...» «Ой, ээй, ошо бала күкүктү кармай алабы? Ал теректин башына чыга алабы ыя?» «Жетпейт; кармай албайт! — деп кесе айтат кемпир, бу небересинин чочуп кеткенин сезери менен анын көңүлүн жайкайт. — Күкүгүң келет, өзүңө эле келет». «Качан, апаке? Качан эми? Эртеңби?» «Келет балам, өлбөгөнгө жаз келет, ошо жаз менен күкүгүң да келет...»

Ошо менен жазды, жазда келер күкүгүн күн сайын күтө берчү бала.

Ошо күкүгү түндө түшүнө кирбедиби... шамал, шамалга жапырылган чөп, шамалга баш ыргаган терек мына. Терек башында күкүгү конуп отурган экен. Күкүгү каадасынча таңшып жатат, бейм? Тиги теректин кылда учуна конгон аның канатының мүрү кыймылдап, учуп кетчүдөй улам алга жүткүнө берип, тумшугу ачыла түшкөнү тигине, бирок, үнү угулбайт. «Бул эмнеси? Үнү бүтүп калганбы? Ээй, күкүктүн да үнү бүтөбү?» — ушинтип өзүнөн-өзү сурады бала; сурады да, ага бая өзү кичинекей кезиндегидей нан сунмак болду. Үйдөн нан апкелмек болуп, үйгө чуркамак болуп кайрылса чоң энеси... Кемегенин жанында отурат ал; баягы өздөрүнүн сүт бышырчу, нан бышырчу кемегеси; үйүлгөн нан; казанга жабылган нанды үйүп-жыйып коюптур. Бала баарыдан чоң энесин көрүп сүйүнүп кетти; ага ашыга же-

тип аны кучактай каларында: чоң эпеси жок! Анын ордунда — нан... үйүп-жыйган нан...

Бала буйдалган жок; жапкан нандан бирди ала коюп, мал короону карай тыз койду. Мына кызык! Анда чоң эпеси да, а түгүл чоң эпеси да жок; бир гана баягы кош терек... терек башында кукук!..

Бала сүйүнүп кетти. Сүйүнүп кетти да баягы наристе кезиндей ага нан сунуп турду: «кукук! Кукугум, мына нан!..» Терек башындагы кукук муну кылчайып карады; карады да мунун жанына шарт учуп түшүп, мунун колундагы нандан жей баштады. Анан, бир оокумда: кубулжуп-таңшып ийсе болобу! Бала сүйүнгөнүнөн ошо тапта оозуна сөз кирбей, өрөпкүп турду. Чоң энесин издеп чуркамак, мупу чоң энесине айтмак эле, бирок, буту шилтенбей калса болобу! Чоң энеси көрүнбөйт; бирок, өз колуна конуп турган кукугу гана тынбай таңшый берди...

...Ойгонуп кетти Самак. Аппак бөлмө. Мелт-калт сүтү бар ак чарадай көрүндү бу өзү жаткан бөлмө. Дубалдар да, потолок да ак; өзү да кроватында аппак шейшеп оронуп жаткан.

Чоң терезеден жууратай таң бери төгүлүп, ошо таң төгүлгөн терезе жактан булбул сайрап жатат. Самак али-уйкусоонун арасында эле. Ушул азыр булбул эмес, өзүнүн кукугу келип калгансыды. Уйкулуу көзү менен тура жөнөп, терезеге жетти: терезе тушундагы оболонгон теректин кылда башында конгон узун тушмук, кара чыйырчыкты көрдү бала; таңды тиктеп, таңга маашыр болгон ал кубулжута сайрап отурат!.. Карачыйырчыктын мынча сайрагынан көргөн да, билген эмес Самак.

Терезени дароо ачып ийгиси келди; тигинин сайрагынын дагы даана уккусу келди; рамадагы туткадан алып тартты-тартты, былк этпейт. Эшик-төрдөй чоң терезенин аяк-башынан илген жалтырак килитин көрдү; аягын шарт ачып, баш жагына бою жетпеди; отургуч койсо бекен? Мына тиги стол жанындагы отургучту алды; балдар кызык уйкуда. Чыйырчык тынбай сайрап жатат. Отургучту терезенин алдына төшөгөн тактайга коюп көрдү эле токточудай эмес; эндүү экен. Эмне коюп чыгуу керек? Самак биртике ойлонуп, бөлмө ичине көз чаптырды: балдар кызык уйкуда, тээ, төркү кроваттын астындагы чемоданды көрдү: «Аскаттын чемоданы,— деди бул; ээсинин ойгонбосуна ишенген бул, ошо чемоданга акырын жетип, табыш чыгарбай алды. (Антпесе, Аскат аны карматпайт эмеспи! Өзү жеткен чатак бала. Анүстүнө ушу чемоданын күнүгө нечен ирет антарып: ичиндеги буюм-тайымын түгөлдөп, мындай чемодан бу шаар

боюнча жок экенин айтып, мактана берчү; болгондо да бу чемоданды атасы тиги эле, Германиядан алып келгенин улам айта берип тажатчу). Ошентип, бу дар дүйнөдөн табылбас чемодандын ээсин мындагы балдар — Аскат дешпей, «Астай» дешчү; көрсө, эне-атасы ошентип эркелетишчү экен. Бир үйдүн жалгыз эрке баласы — ашкан тентек, жеткен ызакор, чыргоо экенин мында бир окуп, бир жатышкан балдар билип калышкан. Бир класстагы балдардын кийимдүүсү да ошо Астай.

Шылкылдаган шайкелек, бала бирди кийип, бирди чече берет. Ата-энеси тынбай катташат; эрке-тентек ою кырынан тайрандайт да момпосуй менен жер-жемишти ошо жаткан жеринен жеп, ошо төшөгүнөн турбай түкүрмөй адаты бар. Буга кыжыры кайнаган балдар өздөрү тил алдыра албаган соң, интернат башчысына арызга отурушту эле майнап чыкпады. Интернат башчысы кызыл келин ага соомойүн кесеген болуп гана кайра эркелетип койчу эле: — «Астайчик!» минткен интернат башчысы өзүнүн таежеси экенин айтып, мактанып салган. Ушуну укkандан кийин балдар да ага даттануудан калышты: «...баары бир, ага жаза жок; тыйбайт».

Самак чемоданды алды да терезенин алдыңкы тактайына койду. Кудай жалгап: тактайга эндеш экен чемодан!

Балдар кызык уйкуда; чыйырчык сайрап жатат. Адегенде терезенин тактайына анан чемоданга чыккан Самак башкы килитке дароо жетип, аны шырт төмөн басты. Чыйырчык сайрап жатат!.. Самак жанагыдан бетер дегдеп, чыйырчык үнүн мына ушу ачык терезеден угууга, а түгүл, терезе ачылар замат мындан тышка түшө калып, тиги терек түбүнө барып, бая өзүнүн күкүгүн карагандай карап тургусу келди; терезени ачууга ашыкты: чемодандын үстүндө турган бойдон терезенин туткасынан алып жулкулдата тартты. Эмнегедир катуу бекип калган терезе бир оокумда шарт ачылып кетип, шаңгыр эткен айнек тышка ыргып, а бу Самак өзү ичке кулап түштү!..

Бөлмөдөгү балдар чочуп ойгонушту. Бири-бирин карап эленделген алар терезеден жыгылып тура калган Самакты дароо көрүштү:

— Ой! Ой, Самак!

— Ой, эмне бу!?

— Ой! Эмне жыгылдың?!

Жалаң турсичен тура калышкан эки-үч бала дароо анын жанына жетти.

— Ой, энеңди кана урайын! Энеңди кана... —ушинткен Астай бет алдындагы балдарды туш-тушка түрткүлөп, шар жакадан алды Самакты:

— Ой, энеңди урайын уруу! Менин чемоданымды уурдап бараткан тура! Ууру кана энеңди...

Терезеден жыгылып түшүп, эти ооруп, анан, бу өзү чыгарган дүрбөлөңдөн өзү аптыга калган Самак, бир оокумда эсин жыйды. Алка жакадан алып, койгулап да, боктоп сөгүп да жаткан Астайды берки эки бала кармады:

— Астай! Астай токто!

— Астай, муштаба!

— Энеңди... энеңди кана... — ушинтип боктогон Астай арачага келбей күчөп кетти. — Энеңди кана... атаңдын кана оозуга... ууру! Уурулар! чемоданымды уурдап... мени... мени уруп жатышат! Аа!.. Астай ацылдаган бойдон тышка чуркады.

* * *

Тарбиячы да, интернат башчысы да ашыга жетип келишти. Алар ачылган, сынган терезени, ошо ачылган терезеде турган Астайдын чемоданын көрүштү.

— Мына-а! Тигинекей! — Астай ацылдаган калыбында терезени, чемоданды көргөзө кыйкырды. — Тетиги терезени сындырып, менин чемоданымды алып түшө качып бараткан жеринен карман калдым! Мынакей, мобулар көрүп турушат! — ушинтип бакырган ал берки эки баланы күбө тартты:

— Айтпайсыңарбы?! Айтпайсыңарбы, ууруну?!

— Жок, биз анын уурдаганын...

— Самактын уурдаганын көргөн жокпуз, әжей,— ушинткен бери эки баланын жанагыдан бетер кекете кетти Астай:

— Көргөн жокпуз дейт тура! Карап тургула, силерди элеби!!!

— Токтой тур, Астай? — деди тарбиячы. — Кана, Самак, сен өзүң айтчы? Самактын оозуна сөз кирбеди ушу тапта; капыстан болгон бул окуядан коркуп да, аптыгып да калган эле; таңдайын шык эттирип баш чайкады. Муну карап туруп, «уурдап бараткана» ишенген тиги интернат башчысы — Астайдын таежеси ачуулуу чаңк этти:

— Айтпайсыңбы?! Тилиң байланып калганбы?!

— Эмне уурдайсың, Астайдын чемоданын?! Эмне сындырдың терезени?!

Самактан үн чыкпады; баягыдан башын жерден көтөрбөй, кара тер акты тула-боюнан. Интернат башчысы баягыдан бетер чаңкылдады: — Ууру бала турбайбы! Мындан

мурда жоголгондун баарын ушул уурдап жүргөн тура! Чыктың интернаттан! Окуудан да чыгаруу керек! Коё тур... — деди ал кайра, чыгаруудан мурда: мына бу сындырган айнекти, буга чейин жоголгондорду бүтүн төлөтүү керек. Атасы келип, баарын төлөп берсин; анан, чыгаруу керек; бүттү, башка сөз жок!

Минткен интернат башчысы өзү чыгарган бүтүмгө өзү кол койду да бөлмөдөн шарт чыгып кетти.

Самактын бут алдынан жер көчүп, көзүнө эчтеке көрүнбөй, жатакана боз чаңгыл боло түшүп, кулагы чуулдап калганын элес-булас баамдады. Оозу батташып, кургап кетти баланын. Муну тегеректеген беркилер да бир оокумга делдейип гана, унчукпай турушту: «ушу чынбы? Чын эле уурдап баратты беле тиги чемоданды?» Тегеректеген балдардын оозу сурабаганы менен өңүндө мына ушул суроо бар эле.

Ошо тапта берки балдардан бөлүнүп, чемоданын кроватынын үстүнө коюп алган Астай, чемоданынын ачкычын өз чөптөктөрүнөн издеп да, буркан-шаркан түшүп, сөгүнүп да жатты:

— Кое тур! Азыр чемоданды ачтарамын! Кокус, ичинен бир нерсе жоголсочу, ээ?! Таарынба! Көрөөсүң менден, ууру!

— Болду эми, Астай! Болбодубу, андан аркы... — деп ачуулана кетти, Самакка болушкан алагай көз, мурду оңколуу кара бала.

Бул Самакка жанаша кроваттагы Айдар аттуу бала. Шаарга Самак түшкөн күнү бул да келген айылдан. Ал экөө келген эле күнү сырдашып, өзгөлөрдөн бири-бирин жакынсып калышкан. Самакка окшоп, Айдардын да атасы согуштан жарадар болуп кайтып, айылдан каза таап, а энеси ошо атасына улай-удаа көз жумган экен. Томолой жетим Айдар туугандарынын колунда жүрүп, анан быякка мектеп-интернатка келиптир.

Ошентип, мында келген адепки күндөн тартып, эки бала бири-бирин эш тутуп, басса-турса жубу бөлүнбөй ынак болуп калышкан.

Экөөнүн сөзү канчу эмес. Экөө тең айылындагы окуяны айтып түгөтө алчу эмес. Экөөнүн кызуу да таттуу аңгемесине кээде, тиги Астай-кежир жолтоо болчу: «эп, бабыраган энеңди урайындар! Э, бир үнү басылбайт, үнүн өчүрсө!» Астай-кежирдин анткенине адеп унчугушкан эмес, ал да йым кычаштык кылып тийише берген соң, булар да аның бетине чыгышты: «кимдин үнүн өчүрөсүң сен?! Эмне, бу сенин үйүңбү?!» «Меники!» «Сеники эмес! Баарыбызды-

кы — өкмөттүкү бул үй!» — деп тура калган Айдарга даай алчу эмес, Астай-кежир, Айдар андан бойлуу да калбаат эле; муштап ийчүдөй жүткүнө келген ал даай албай кайра тартып сүйлөй кетчү: «кое тур! Шашпагыла! Ушул интернаттан куудура албасам силерди, карап тургула!..» Астай-кежирге жемин жедирбей жанагы сөзүн кайра кайталачу Айдар: «интернат сеники эмес, баарыбыздыкы!»

Мына, ошо демейки айтыштар азыр да болуп кетти, баса, ошол айтыштагы демейки сөздөр азыр чынга чыккапсыды: «интернаттан силерди эле куудура албасам!..» Астай-кежирдин ушинткени берки экөөнүн кулагынан кетпей туруп алды; ошентсе да Самакка болуша кеткен Айдар тиги Астай-кежирдин боктогопуна чыдабай минтти:

— Сөкпө, кишини! Сен эмнеге!.. Энеси жок жерден чыктың беле, акмак! Чемоданын оодарып жаткан тиги тиртеңдеп тура калды:

— Бас, жаагыңды! Ким акмак?! Уурулар! Эпеңди кана... уурулар!.. Адатынча жүткүнүп, бет мандайында турган Астай-кежирди кроватына жыга түртүп ийди Айдар.

— Аа-ай! Уруп атышат эже-ей! — Астай бакырып чуу чыгарды да тышты карай чуркап баратты.

* * *

Чүйдүн коңур күзү өтүп, күн чыкыроондоп калган. Баягы аптапта жалаң шейшепти оордогон балдар эми жууркан жамынып, чаңкап, таңдайы так катып турчу балдар эми жылуугa качырып, ысыксырап калчу болду.

Эрте туруп ашыга жуунган балдар чайга кетишкен. Жатаканада жалгыз калган Самак китеп бетин ачып, кроватында биртике отурду да китепти ошол ачылган жеринен белгилеп, ордунан турду: «бүгүн күтпөй эле коеюнчу,— деди ичинен. — Уят да күнүгө... Айдарга да ыңтайсыз...

Самактын минткени: бир Айдарга анан, өзүнө белгилүү. Алиги, чатактан кийин Самак интернатка гана араң түнөп, бирок, ашканадан тамак ичпей калган: «атасы айылдан келип эсептешкенче жата турсун; бирок, тамак ичпесин!» Баягы интернат башчысынын ушул буйругу аны тамак ичүү укугунан каккан. Антсе да бая чоң энеси айткандай, «элдүү түлкү — ачка өлбөдү». Анткени, Айдар амал тапты; өзүнө тийген шыбыгасынан жармын жымыра келип берип жүрдү: бир кесим нан, бир котлет, же бир тилим колбаса күндө Айдардын жеңине катылып келчү эле. Ушуну да баягы Астай кежирге көргөзбөй шам-шум этчү бала.

Самак жолдошун аяйт: «мени багам деп, өзүң ач калчу болдуң, Айдар!» Самактын минткенине Айдар колун тетири

шилтеди: «эч кандай ачка болбойм! А баягы согуш убагындачы... нан жыттабай эле жүргөнбүз; ошондо да өлгөн эмеспиз. Ал эми бүгүн... жетишет; борщту, чайды бүт өзүм ичип жатам. Алардан да ала келсем болор эле, бирок, баары карап турушат... а бу кургагын көргөзбөй жеңиме жымырам».— Ушинтип өз амалына өзү маашыр боло күлдү Айдар.

Мына, күндөгүсүнчө жатаканада калган Самак бүгүн да Айдардын колун карашка батынбады; китебин колтугуна кысты да мектебине жөнөдү. «Класска барып окуп, тапшырманы дагы бир сыйра бышыктап алайын».

Ушул оюн ээрчий кирген Самак класстагы өз партасына отурду: ортоңку катардагы парта жаркырата көк сыр менен сырдалган эле. Бул партанын терезе жагында — өзү, бер жагында — Айдар отурчу. Алдыңкы китеп текчесине да экөө энчилеп, өз аттарын жазып алышкан: «Жумаев Самак» «Дүйшеев Айдар» мына, өз ордуна отурган Самак, колтугундагы китептерин алдыңкы текчеге отуруп жатып, сыя карандаш менен жазылган катар аттарды мына азыр көргөндөй тиктеди: «Самак», «Айдар»

Ээн класста жалгыз экенин эсинен чыгарды ушу тапта бала; жанында Айдар отургансыды; анан, күнүгө саат сайын өзүнүн жүрөгүнүн үшүн алган түрү суук сөздү эстеди: «Бүгүндөн баштап интернаттан чыктың; бирок, атаң келип, баарын: сынган терезени, жоголгон буюмдарды бүт төлөп бергиче жата турасың. Тянь-Шанга атаңа чакыруу кагазын жибердик. Ал эми тиги Астайдын чемоданын уурдаганың үчүн, тартип бузганың үчүн окуудан чыгасың! Атаң келип, алып кетет...»

Интернат башчысынын ушул буйругу айтылганы мына бир жума болду. Самак андан бери күнү-түнү сары-оору; уктаса чочуп ойгонот; интернат башчысынын эле заар үнү кулагынан кетпейт; анын заар жүзү козүндө: «Интернаттан чыктың! Мектептен чыгасың!» Мына, азармандан-безарман; партанын алдыңкы текчесин, анда жазылган өз атын тиктеген бойдон боортоктогон бала боздоп ыйлады:

— Кетемби-и?! Сенден кетип каламбы-ы?!.

Самак ушу тапта куду бир боорунан бөлүнүп жаткандай ичи ачышты. Партага эмес, ошо бир бооруна датын айтып, бир бооруна эркегендей өпкө-өпкөсүнө батпай жатты: — Ай... Айдардан... Айдардан да... бө... бөлүн... бөлүнөмбү?! Ай... Ай...

Ушинтип жашка муунуп, эс-учун жыя албай жаткан баланы бирөө ийинден тартты, аны ойготуп жаткансып, унчукканы угулду:

— Эй! Эй жигит! Эмне ыя? Эмне болду сага ыя?

Өпкөлөгөн бала бир аз чочуду; партадан башын көтөрө коюп, өзүнө тааныш улгайган, аксаргыл кишини көрдү. Узун бойлуу, кагелес орус киши ушул мектептин көп жылдан берки директору — Рудов. Кыргызча суудай сүйлөгөн бул ак жаркын адам балдарга өз атасындай мээримдүү да боорукер эле: «кагылайындарым! Байкуштарым!..» деп эркелетчү балдарды. Төтөн, алыскы тоо арасынан келип, ата-энесин сагынып, айлын эстеп, чүнчүй калган балдарды дайым бөлөп турчу. Күндө эртең менен өзү интернатка келип, балдар уктаган бөлмөлөрдү кыдырып, алардын кандай эс алып ойгонгонун көзөмөлдөчү; «чыр-чатак жокпу? Ачынып жатып, ооруп калганы жокпу?» Анан, ашканага барып, балдар ичер тамактын даамын, анын сапатын текшерчү: аларга тегиз куюлуп, алар тегиз ичип жатышабы? Күн сайын баарын көздөн өткөрүп, баарын көзөмөлдөп турчу.

Селт башын көтөргөн Самак жаштуу көзү менен аны бир тынымга тиктеп калды. Аны тааныбай, бүшүркөп тургансыды. Кайра өз көзүнө-өзү ишене албай жаткансып, өз ичинен минтти: «ооруканада эмес беле, агай?»

Ушинткен Самак ойдо жок жерден өз атасы мандайына келип калгандай жүрөгү дикилдеди. Бая чатак чыккан эле күнү барып, болгонун болгондой айтмак бу агайга; ооруканада дагы көпкө жатарын уккан. Баса, Айдар экөө ооруканага да барышпадыбы бая. Чала-моңол орусчалап, ак халатчан дежурныйга зарылышты: «Рудов агай! Рудов агайнаш! Агай надо!» «Ну и что ж?» — деди, а күнү бу жарыша сүйлөгөн эки баланын оюн түшүнүп турса да дежурный жүзүн үйүрдү; оорунун үстүнө киши киргизбесин, аны чакырып да бербесин айтып, буларды жолотподу. Аны менен экөөнүн айласы түгөнүп кайра тартышты.

Ошо күнү оозунан сөз түшкөн балдар кыйла жерге үнсүз келатышкан; Самактын кабак-кашын караган Айдар кайра да аны минтип жубатты:

— Айылдан атаң келгиче, Рудов агай да айыгып чыгып калар? А балким бүгүн-эртең деле келип калса интернат башчысына сүйлөшүп көрөр, чыгарып жибербес? — Ошо тапта ызага муунуп, ичи ачышып турган Самак мына ушуга биртике алаксыган; Айдардын сөзүн да, өзүн да атайын сүйөк кылган.. А бүгүн интернат башчысы булардын бөлмөсүнө баш багып, баягыдан бетер буга жүзүн үйүрдү:

— Жумаев! Атаң келген жокпу?! — Самак жоон ордуна кибиндеп, жер карады да таңдайын шык эттирди. — Келбесе... — деди тигил аял заарын бетине алып,— келбесе болуптур! Баласынан качкан кандай неме ал өзү? Атаңа керегиң жок болсо — бизге да керегиң жок сенин! Давай!.. —

деди башын тетири чулгуган ал кызматынан кечигип жаткандай саатын карады: — давай, бүгүн акыркы срок! Эртең бошот кроватты! Ордуна башка бала жатат!

Самакты чыкыйга чапкандай зиркирей түштү...

Азыр эле кужурап туруп атышкан балдар тым-тым болуп, баарынын көзү Самакка жамырап, аны аяй карашты. Ошо тапта бир гана Астай-кежир муну табалай ышкырды... Самактан өзгөлөр жапырт чайга жөнөп, бөлмө ээндей түшкөн эле. Каалга кайра да шарт ачылып, Самак чочуп кетти. Анын эсинде кайра эле интернат башчысы турган; Айдар тура. Китебин унут калтыргандай шаша кирген ал Самактын жанына жетип келип, өнтөлөп турду:

— Сен... капа болбо. Эчтеке ойлонбо, макулбу? А интернат башчысы эжей тимеле ошентип аткандыр? Бүгүн-эртең атаң келип калар? Сүйлөшөр? Мен болсо чайды бат эле ичем да сага пан-пан алып азыр келем.

Айдар мына ушинтип чыгып кеткенден он минут өтпөй бу класска келип отурса директор агай:

— Эй! — партанын берки четине көчүк баскан Рудов баланын куурайдай ичке карысынан кармады. — Сен, Жумаевсиңби? Самаксыңбы? — деп тактады эле Рудовдун өз аты-жөнүн укkан бала ого бетер эркеп кетти; курсагына кусасы кайнап чыккандай эчкирип ыйлап ийди.

— Самак!.. Самак!.. — Рудов аны сооротуунун камында болду. — Эмне? Эмне болду ыя? Бирөө тилдедиби? Же, балдар урдубу? Ким ал? Айтчы мага? — Самак ансайын өпкөлөп, сөзгө келалбай отурат. — Жүрү, жүрө гой деди Рудов,— бетинди жуу, тамактан, анан сүйлөшөбүз.

* * *

Самакты ууктурган зарна басылды. Канча күндөн бери кыйнаган сароору жел айдаган түтүндөй жоголду. Энеси Жамыйла жаңы өлгөндөй телмирип турчу баланын жылдызы жайнады. Анын балалык көңүлү шаттыкка толуп, көзүндө күлкү ойноду. Самактын өзүнөн да тиги Айдарчы!.. Ал да эне-атасы катар тирилип келгендей өрөпкүп, айтарга сөз таппайт.

— Болду, болду Самак! — ушинтип энтиге сүйлөйт ал.— Кокус сени чыгарып ийсе... ой-оой!.. анда жаман болмок. Анда мен эмне кылат элем?! Билбейм, анда эмне кылармынды... эми баары жайында!

— Мына, эми мектепти бат эле бүтөбүз; анан, институт; ал деле ары-бери карагыча бүтүп калат!.. Самак, сен институтту бүткөндө кайда иштейсиң ыя?

Ушинткен Айдардын үнү мунун кулагында; күлө бакканц өңү анын көзүндө. «Сен институтту бүткөндө кайда иштейсиц ыя?..»

22

Мына, институт да бүттү; мына, кызматка да келди...

Астындагы Көк кашка мүдүрүлүп кетип, анын оюн үздү. Көк кашка бу тоо жолунда эмес, тиги түздө деле мүдүрүлбөй баса албасын көргөзгөн. Эми да башмалдырык атып, аз жерден жыгыла жаздап оңолду. Көк кашканы такымга басып алды Самак, бу мукур жылкыга кыжынды:

— Мал эмес экен, чочко!

Үстөккө-босток теминип, камчылана жүрдү. «Эл орунга отургуча жетип барасыц», деген атчы; эл орунга отурмак түгүл, эл оор уктап, мына — түн ортосу; али айылдан дайын жок. Мындан башка жакшыраак ат болгондо эбак кирип барары бышык эле.

Жол мынча узарып, өзү түнгө калганын алдындагы Көк кашкадан көргөн Самак айланасын көсөй карады: лөкүйүп-лөкүйүп сулк жаткан адырлар карарат. Сыркаар. Тоодо коңур түн жатат. Түнкү тоонун ээн жолунда жалгыз баратканан атчан чочулагыдай эле. Чоочун өрөөн... Баягы булардын жайлоо-кыштоосу болсо го бир жөн; Самак ат үстүндө ырдаган бойдон эч нерседен капарсыз кете бермек. Атчан, эмес, уйчан деле түнгө калып көргөн тиги Сары-Ала-Сазда; бая Жунуш байкесинче жол бою улам бир обонду созолонтуп, айылга кирип барчу эле...

Эми, мына бу көзгө чоочун, ээн тоонун түнү да карарган адырлары, кокту-колоту да сүрдүү. Тоо болгон жерде ууру-бөрүдөн куру эместир? «Ууру» дегенде ал өткөн согушту, андагы качкындарды эстеди: ээн тоодо өткөн-кеткен жалгызжарым жолоочунун тоногон ууру-качкындардын окуясын айылдагылардан угуп жүрчү: «түнкүсүн жалгыз чыкпай жүр, жолго,— деп чоц энеси какшап эскертчү. — Жоо чаап баратыппы? Күндүз деле келесиц. Бармактай бала сен эмес, дардайган эр азаматты карактап кетишпедиби, тиги, Карадардайган эр азаматты карактап кетишпедиби, тиги, Кара-Талдын ичинен! Дагы өзүн тирүү калтырган ымандуу экен. А бая илгерки Жинди-акече ташка корумдап кетсе не болмок?!»

«...Жинди-акече!..» ушул окуя Самактын эсинен кетпейт. Ошо бечара «жинди-аке» Самактын көзүнөн кетпейт...

...Күз. Айыл тиги боздо отурган. Чак түш эле. Чоц энеси тышта ойноп жүргөн Самакты ашыга чакырды:

— Самак! Оо, Самак ке-ел! Электи алып, тыз койгон бала Жинди-акеникине көз ачып-жумгуча жетти; жо, ал боз үйгө жете элек жатып, чалдын ачуу үшкүрүгүн, кемпирдин ыйын укту:

— ...Ыя, айланайын! Уу!.. Ушинтип көзүн көрбөй калчубузбу-у... жаңгыз кыздын?!. Деги тирүү бекен байкуш, кызым?!.

Ушу тапта эшик алдына жетип барды бала. Боз үйдүн эшиги түрүлүү экен. Ыйлаган кемпир ашкана жакта, буурул сакал, кара чал коломто боюнда отуруптур. Бүктөй кармаган камчысы менен коломтону таптап отурган кара чал ачуу үшкүрүп, кемпирин карады:

— Өгү-үш! Болду!.. — ачуу үшкүргөн чалдын көзүндө да ачуу жаш бар экен: суукта калгандай кардыккан үнү угулду чалдын, түйрүлүп, кызарган көзүн көрдү анын: «Ээй! — деди өзүнчө, бу тапта босогону таянып тыштa турган бала. — Жинди-акенин көзү кызыл экен ээ?» (эпеси кимди кандай ат менен тергесе кошо ошондой айткан айыл балдарынын биринде Самак да тиги Алыбай чалды «Жинди-аке» дечү.

— Болду эми, басыл кемпир!.. — деди чал,— мен эми аттанайын. Кудай сактасын, аман-эсен элдир?..

Ушинткен чал азыр өзү тиги коломтону таптап отурган камчысын таянып туруп жатты. Сөөмөйүн оозуна сала, босогого таянып турган Самак баланы бу кемпир-чал элес албады. Мында элек сурап келгенин бала да эсинен чыгарды. Үйүнөн чыгып келаткан чалды ээрчий караган бала а тиги үйдөн окчун мамыда турган тору бээни көрдү. Токулуу тору бээни ноктолуу тору кулун ээмп турат. Кулагы кыйган камыштай, узун моюн, сыйда жал тору бээнин соорусу жумуру келип, төрт аягы шырыктай не бир көркүү жылкы экен. Аны ээмп турган тору кулун да не бир... «Аргымак тура жарыктык!» деп койчу эле, Самактын чоң энеси бу чалдын бээсин. Чынында бу «аргымак», «тулпар» дегендерди бала жомоктордон гана укчу; эми ошо жомоктогу аргымак ушул чалдын бээси боло калганына таңыркаган бала чоң энесинен асылып сурачу: «апа, а тиги Жинди-акенин бээси аргымакпы же тулпарбы? «Аргымак тура, жарыктык! Аргымак чалыш...» — деп саал, бүдөмүктөй калгансыган сөздү кайра тактачу бала: «апа, аргымак мыктыбы же... тулпар кыйынбы?» Небереси берген суроонун бирине такалып көрбөгөн кемпир ушерде саал мокой түшчү да сөздү үзүп койчу: «эп балам, мен эмне а тулпарга минип көрүпмүнбү?! А илгерки баатырлардын аты го?»

Бала ого бетер таң калчу; кыялында аргымак менен тулпарды салыштыра берчү: «кимиси чоң экен? Кимиси күлүк экен, ыя? — анан, баатырлардын айтылуу тулпарларын саначу: — Аккула — тулпар, Тайбуурул — тулпар, Сарала да — тулпар; анан, аргымак кайсы болду экен, ыя? Ошо тапта баатыр минген аргымакты өздөп таба албай турган баланын көз алдына кайра ошо Аалыбайдын тору бээси келчү: «ээй, аргымак бээ болобу, ыя? Ушу тору бээ аргымак болсо, анын ээси Жигиди-аке — баатырбы?»

Татынакай тору кулунун эркиткен аргымак тору бээсин минген чал тетиги, көк кашатты ашты да көрүнбөй калды. Ушундан канча күн өткөнүн бала биле албайт; бир күнү кечинде бу боздогу айылга бир чоочун кишн келди да айыл кишилери чогулуп, сүйлөшө калышып, анан, ошо чогуусу менен Аалыбай чалдыкына окүрүп ийишти: «Оо, эсил кайра-ап!..»

Эмне окуя, эмне кырсык болуп кеткенин бири-бирине айтып жатышты, бу айыл кишилери ошо кечте: «Ата-а, курган чал! Басмачыга кабылган тура!» «Кап! Айылдан ошо күнү аттанбаганда...» «Ээ, барып-келип тарткылык да!» «Ажал айдаган да акыры!.. Ажалдан кайда качат адам!» «Тоодонбу, сууданбы, мандайга жазылган да...»

Үшинткен кишилер бу чалдын кандайча кокус болгонун да ичиркене кобурап, басмачыга наалат айтышты: «ары ашын баратканда жолугуппу?» «Ооба, Аламүдүндү ары ашын баратканда жолугуп калган тура! Белден ары энкейип, кууш кокту менен баратканда башынан ок чуу этет. Чочуган чал жан-жагын карагыча жанындагы бадал арасынан экөө тура калып, мылтык кесейт: «ээй, чал! Жаныңдан үмүт этсең бээңи ташта!»

Куту учкан чал бир оокумга оозуна кеп кирбей бир оокумга дел боло калган экен, тиги басмачылар кайра да зекип, кайра да башынан алыс ок чуулдатыптыр: «кулагың угабы, айтканды?!»

Тула-бою калтырап, аптыгып, оозунан келмеси түшкөн чал, аптыгып, ыйлактап, тиги Чүйдөгү оорулуу кызына баратканын айткыча, ага басмачынын огу жооп бериптир: «Сөзгө туюнбас алжыган чал! Мына, жаныңдан бээң артык болсо!!!»

Ок жеген чал муну уктубу же укпай калдыбы, колу тизгинге оролгон бойдон бээсинен кулаптыр!

Аалыбай чалдын бөөдө өлүмү жөнүндөгү бу кеп айылда дайым айтыла жүрдү... Чүй багытына жалгыз-жарым аттанар киши болсо чочулай, эскерте кетишчү: «ой, байкасаңчы! Баягы Аалыбай чалча кесептин-кесе алдынан чыгып калба...»

* * *

Өзүнүн наристе чагында Аалыбай чалдын белде тоскон басмачыдан өлүмүн эми да эстеген Самак бу түнкү жолду көсөй карап баратты. Кararган адырлар лөкүйүп, сулк. Тоонун коңур түнү. Сыркаар. Самак саал чочулап, кайра өзүнчө бырс күлдү: «Аалыбай чалдын го аргымак бээсине кызыккан басмачылар. Анда ачарчылык экен. Ач борүдөй жорткон басмачылар жүрчү анда, тоолордун арасында... Азыр токчулук; басмачы жок... А ошо басмачы мына азыр алдыман чыккан күндө да мына бу, мукур көк чолокко кызыга койбос?!»

Баса, ууру-бөрү дегенден улам Самактын эсине атасы — Жуманын баягы бир кышта ээн жолдо аны карышкыр камаганы, ат үстүнөн ацтарып, жарып салууга тап берген карышкырды так маңдайга чаап сулатканы... Атасынын ыкчыл, балбандыгына Самак азыр да сыймыктанды...

...Кыш. Кырчылдаган чилденин түнү эле. Зуура кемпир жанына неберелерин алып жацы эле жаткан эле. Үйдө үлпүлдөгөн май чырак. Жалпак там ичи — бүл-бүл, бозомтук. Каалга карс ачылып, тыштан тончон Жума кирди. Аның өңү да ушул бозоргон там ичинен айрып алгыз боп-боз экен; оозунда сөз жок... Зуура кемпир ордунан атып туруп аптыкты:

«...кагылайын!.. деги... деги аман-соосуңбу?! Өцүң эмне болгон? — Уулу жооп бере электе аның колундагы темир үзөңгүнү көрдү кемпир; үзөңгү боого карышкан аның шадылуу манчаларын көрдү. Үзөңгүгө тоңгон кан аралаш агарган немени көрдү. Эне кургур баягыдан бетер үрөйү учуп, жүрөгү оозуна капталып, ашыга сурады: — ыя?..Ыя айланайын! Үзөңгүң колуңда?.. Үзөңгүң кан?.. Бу не шумдук?!»

Зуура кемпир уулунун карышкан колуна асылды; бирок жаза албады; эне ошентип, чар көпөлөк айланып жатты. Жума оо, бир оокумда үн катты: уулунун кардыга түшкөн үнүн укту эне: «Боролдойдоп карышкыр камап!..»

Эртеси айылдагылар уу-дуу болуп калышкан эле: «түндө Жума карышкыр чаап келипир!» «О, баса, аны карышкыр камапыр дейби?» «Ошо тиги Боролдойдун ак чабыпан карышкыр камаган экен, ач карышкыр тура... ээ, өзү балбан эмеспи, анүстүнө атынын тыцдыгынан кутулуптур ээ?!» «Ооба, таз маңдайын жара чапкан экен! Өлгөн карышкырды эртең менен уйчулар таапыр.»

Жуманын карышкыр чапканын кышы менен айтып жүрүштү. Ансыз да бул айылдан чыккан балбан эмеспи: кү-

рөштө жер таянбай, оодарышта алдырып көргөн эмес; чоң майрамдарда ортого чыккан канжайган алп жигитти караган эл дуулдап калчу: «Оу, кайран Жума! Карачы, азаматтын жотосун!» «Эми эр болсо чыксын буга тигилер!»

Жума ат таптап — чаап, куш таптап — сала да койчу; узана да коер жайы бар эле. А Зуура кемпир жалгыз уулунун ар өнөргө шай экенине ичинен ыраазы болуп, аны мактап ийишкен кишилерден ичи тартынчу: «Ээ, жараткан! Көзү жамандын — көзүнөн сактагайсың? Кепке-сөзгө эби жок, куулук-шумдугу менен иши жок долдойгон жаман эмем эптеп оокат кылып жүрөт...» — ушинткен кемпир кээде, бу небересин карап отуруп, өзүнчө гана жумшак жеме артчу буга: «кагаз тиктегенден өзгөгө шыгы жок болот бейм? Атасынча же балка кармап узанбаса, же булчуң түйүп күч сынашпаса, же ат таптап минип, колуна куш кондурар да белгиси билинбейт; ата-кесибинин бирин кармабай калчубу, капырай?! — Минткен кемпир кайра өзүн сооротчу: — ээ, мейличи, аман болсун. Жалгыздын жалгыз туягын кудайым аман эле койсо болду; бир оокаты өтөөр. Узун жаны эле аман болсо, акыры...»

Чоң энесинин ушул айтканын азыр эстеген Самак өзүнчө баратып саал ызаланды: «апам туура айткан экен; ырас эле ата-кесибинен бирин билбей... кесиби түгүл, анын күчкубатынын чейреги болсочу менде!.. Кокус мына ушул жолдо аны камаган карышкырлар мени камаса кантмекмин? Ыя, анда эмне кылмакмын?..» — Самак ушу тапта үзөңгү боосун сыйпалап обдулуп, эки жагын карап койду.

Тоодо коңур түн жатат. Жылдыз толгон карагөк асман тигине. Тоонун күзгү зыркаары алдастаган суунун шарын коштойт. Алды жактан иттин үргөнү угулду; түтүндүн жыты келди; бирок, эч нерсе көрүнбөйт; не жылт эткен от, не караан көзгө чалынбайт. Сыркаар гана, тиги түн гана, Кара-Кужур суусунун шары гана түн койнунда алдастайт.

Самак тизгин тартып тура калды; айланасын тыңшай карады: иттин үргөнү суу шарына аралашып, суу шарына аласалып бараткандай угулду. Не от, не караан көрбөсө да өзүнчө баамдады Самак: «ойдо — суу жээгинде экен го?» — ушинтти да туура бурулду. Терең коктуну карай эңкее бергенде отту көрдү: керегенин аягынан от балбылдап, түндүктөн учкун жабалактайт. Тоонун кургак отунунун жыты кеңилжерди өрдөп, жанагы иттин үнү бет алдыдан абалады.

— Аа-ууй! Оо-ууй!

Түндү жарып суунун шарын коштоп чыккан аялдын үнү келди буга. Улам жакындаган сайын ит абалап ичип-жейт.

22*

Аялдын үнү жанагыдан да катуулап, бир оокумда мылтык атылды: «та-арс!»

Көк чолок селт этип үрккөн болду; Самак тизгин жыйып тура калды: «Кой, ууру экен деп атып ташташы мүмкүн! Ыя, эми канттим? — Минтти да ошо замат чукул чечимге келди. — Үн берейин; не бар, не жок...»

— Оо-оой! Оо-оой!..

Самак үн салганда жанагы аялдын үнү басылып калды. Иттин гана абалаганы күчөп, суунун шарына аласала берди. Самак бир аз илгери бастырып, жана да үн салды: — Оо-оой! Мында ким ба-ар?

Самактын кыйкырыгынан улам бир саамга жым боло түшкөн соң аялдын үнү кайра чыкты:

— Аа-аай! Бу ки-им? Келаткан ки-им?..

— Ме-ен... — деди Самак, өз аты-жөнүн айтуудан мурда, өзү келаткан колхоздун атын айтты: — «Ылайлы-Суунун» чабандары кайда-а? Буга жооп кылып аялдын үнү кайра чыкты; мунун өзүн такыды:

— Ыя-а?.. — «Ылайлы-Суу» дейсиңби-и? Ал — ушу-у! Оо-оой, кимсиң дейм? Айтпайсыңбы-ы?

Самак дале унчукпай бастыра берди эле, алиги үн али, жемелей, ачуу чыкты эми: — Ээ-эй! Токто-о! Деги сен, кимси-иң ыя-а?! Оо-ой, деги атың жок кишисиңби? Капырай!..

Бул дагы эле үн катпады; э, үн катканда — атын айтканда булар таанып коюппу?

Самак бута атым кирип барганда гана: жуушап жаткан койду, ошо кой четинен эки карааңды көрдү:

— Ой, сен кимсиң дейм ой?! — аялдын катаал үнү чаңк этти.

— Мен эле... — деди Самак жай унчукту.

— «Мен» деген ким? Атың жокпу?!

Короо четиндеги эки караан экөө тең аял заты экенин көрдү Самак; алар менен атчан туруп учурашты:

— Саламатсыздарбы, жеңелер?

— Бу ким өзү? Сен кимсиң ыя? — Кайра да чочуй сурады аял.

— Мен... — деп саал муунала калган Самак, өз атынан мурда кесибин айтты: — мен — зоотехник болом,— деди бул, элге кеңири белгилүүрөк жагын атады; антпесе, ветеринарлыгын билдирем деп тиги жакадан башкармадан кагуу жеп албадыбы: «бытырынар-сытырынарыңды билбейбиз!»

— Соотекиник? — деп кайталады тигил аял,— ии, анан, ошентпейсиңби, ботом?! Эмне бир жаныбыз калсын!.. — ушинтип саал жайлана түштү да түкшүмөлдөп койду: — а биздин соотекиник эмессиң го?

Самактын ууртунан күлгөну беркилерге көрүнгөн жок, ошо күлө багып:

— Ооба, мен жаңы...— деп келатканда берки аялдын жанында тургандын назик үнү ошо аялды тыйды:

— Апа!.. — ушул үндөн улам аял кайпактап, саал ыңтайсыздана калды да атчанга өтүндү:

— Ии, ошо... жакадан кеч чыккансың го? Түш эми?

Ушуну гана күткөн Самак Көк чолоктон шарт түшө калганда тиги энесин тыйган кыз атын алды мунун.

— Ай, ай, Закен...— деп калды тиги ат жетелеген кыздын артынан шаша унчукқан аял,— атты кырчоого эле байлай турчу; ат казыкка жаңа музоо байлап койбодум беле; атаңын атынын казыгына музоону... — деп кайталаган бойдон эми жанындагы Самакты утурлады: — Ии, жүрү эми, жүргүлө үйгө? — Самактын али бала экенине карабай үй ээсинин салтын унуткан жок бул аял, боз үйдүн эшигин өзү ачты. Улгайган аялга эшик ачтырганына оңтойсузданып, кысына калды Самак:

— Кокуй!.. Жөн эле койбой...

Камчысын бүктөй кармаган Самак эңкейип кирип бараткан калыбында, бул отор үй ичин: төргө тыпыйта жыйылган жууркан-төшөктү, ошо жүк үстүндөгү чоң кара тебетейди, адеп көзү чалды. Коломтодогу жылгындын жалыны басандап, тоң чычалаанын башын ак күл алып бараткан экен.

— Ии, өткүлө?.. — минтип, улууну урматтагансыган аял бу Самактын али боз улан экенин баамдай койду да: — Ии, өт, өтө гой, айланайын,— деп өнтөлөдү.

Аял улагадагы жылгындан тутамдап алып, от ичкертип, а тиги өчүп бараткан жылгын дароо дуу этип тутанды да: аялдын башындагы — күрөң жоолугун, мандайынан көрүнгөн буурул чачын, бырышка толгон чүткөрдөй арык бетин көргөздү. Ошо бырыштуу бети-башы тиги жылгындын жалыны илебинде саал калтырагансыйт. Жылгынды ичкереткен калыбында тышка үн катты аял:

— Ээ, Зарыл! Зарылта-ай!

— Ии? — ушул үнү менен кошо өзү кирди тыштагы: чоктой жоолугун чекесин бастыра, чыкчыйта бууган кырдач мурун, кызыл кыздын оттуу көзү чалынды Самакка. Жылгындын жалынына чагылыша алоолонгон ойнок көз куду күзгүгө чагылгандай Самактын көзүнө бир жалт этип, анан, берки от жагып отурган аялга бурулду:

— Ии, апа?

— Бол! — деп шаштырды аял,— бол казаныңы аса сал. Суу... суу апкелчи? Жо, кое тур, сууга өзүм...

Калай чаканы ала койгон кыз аны угуп, токтой калды. Энеси сууга жибербесин эстей койду: «суунун ээси бар; түнкүсүн кыз бала анан, боюнда бар аял сууга барбайт» деп калчу.

— Келе,— кызынын колунан чаканы алган аял ага минтти: — отунду күчтөп, казанынды аса тур, мен азыр эле...

Кыз энеси айткандай: отко жылгындан чоң салып, тыштагы тулганы апкелип, сар жалын алоологон коломтого койду.

Кыздын көзү кайра да чалынды Самакка: кыз көзүндө да мына бу сары жалын балбылдап турган экен. Негедир Самактын жүрөгү дикилдеп, жаны-дени ысый түштү.

Ак чакага мелт-калт сууну босого аттап жерге койгон аял, ошо чакадагы суунун чайпалганы басыла электе, өзү да демигип туруп, кызын шаштырып жатты:

— Ий, отунду... эми казанынды... ата-а, чал үйдө болгондо!.. «Конок менен өлүм айтып келбейт» деген ушу да!..

Минтип, саал кейип алган аял, чалы жакага кечээ кеткен себебин сүйлөп да жүрдү, өзү тиги кызы менен жарыша казан-аягын кармап да жүрдү.

— Койго котур жабышты. Жүнү кызыл-гөш болуп... «жүнү кызыл гөш» деп коем! — деп сөзүн ондоду: — жүндөн эчтеке калбай жыдып, кыпкызыл эле гөш болуп баратат! Минтип отурса, кыштан кантип чыгаарын билбейм!

— «Котур?! — деп чочуп алды Самак. — Кандайча котур болду? Дарыланды беле?

— Караташтын дарылаганыбы! — деп ийди аял. — Ошо гиралинге салынбай калып отурбайбы! Бу бизге өткөрүп жатышканда: «баары жайында! Биринин да оорусу жок; дарыланган» деп макташкан экен актүптөрү, анан, мамингип отурбайбы!..

— Ий, сиздер?.. — минтип келаткан Самактын оюн айттырбай туйган аял сөзүн улады:

— Биз бу койду алганыбыз бир эле ай болдубу, же... ыя, Закен? — ушинтип кызына карады аял.

— Ий,— деди кыз,— эртең бир жарым ай болот.

— Тигипе... ошончо эле,— аял кызынын сөзүн коштоп койду. — Ушу кыз он сынып бүткөнү кайсы ай эле? Ошонун кийинки айында өткөрүп албадыкпы. Закеним, ошо мактебин ударник бүтпөдүбү! Ошо тиги мактебиндеги өзү менен окуган улан-кыздардын ири алды болуп...

Кыз жалт этип энесин карады: «койсоң боло эми, бу чоочун кишиге мактаганынды?!» деген белги берди. Аны энеси да сезе коюп, а сөздү андан ары улаган жок. Бирок, кызынын да, энесинин да көзүндө так ошо мектеп бүткөндөгү салтанаттуу жыйын турду...

Өзгөчө, эненин өзүнө гана белгилүү катып койгон бир асыл буюмдай купуя сыр азыр эненин бет алдында алдас уруп жатты.

Үй тым-тырс боло калып, а тышта түндү жара алдастаган Кара-Кужур суусунун шары гана...

* * *

Эски мектептин жанына чогулган кишилер бая илгертен берки ашынасын көргөндөй жылмая кобурап турушту.

Үстү чатыр көрбөгөн боз токол там булардын көзүнө ысык. Бир убакта салынган тамдардан бу тапта өзү эле калган эски мектептин жепирейип бараткан дубалдарын жаан жеп, балык жондоп жабылган, үстү жукарган... Көп күндү кечкен карыяны кепке алгансыган береги кишилер ушу мектеп туурасында билгенин чок ортого төгүп киришти. Үстөкө-бостоок отун салынган очоктой сөз ээ-жай бербей, сөз алоолоп кетти заматта:

— Ушу мектепти салчуда... — деп келаткан тигини берки жирей сурады:

— Деги ушу мектеп салынганы канча жыл болду ыя?

— Баягы, калкостошчуда...

— «Калкос» дейби?! О, бу салынганда, тегеле калкостон кабар жок болчу.

— Кайран мектеп!.. Анда ушул өрөөндө керегеси бийик там көтөрүлсө эле айыл-апа ага таңыркай карап, кыйкыра сүйлөшчү: «О, ботом, тимеле, чоң мектеп салгансың го?!»

— Анан, бу мактеп ошондо биздин көзгө ак чокудай эле көрүнчү!

— Оу, кайран, Нурак! Бу мактепти салыштa Нуранын эмгеги күч! Чамынып элди үгүттөп: «Ой, биздин көзүбүздү ушул мактеп ачат! Мактеп салалы!» Ушинтип жүрүп түнгө кыш койдуруп, керегесин көтөртүп... Ой, анан, не таба алалы, үстүнө жабууга казыктык жыгачты:

— Баса, ошондо...— деп туурадан кие кеткен кишиге сөз бербеди кызып калган берки.

— Сөздү үзбөчү ой, сен?! ...Карасай ажынын тамын бузбадыбы ошондо. Кыштоосун кым-куут кылып, бир күндө буздуруп: бир күндө быякка ташытпадыбы! Журтунда ит улуп калган.

— «Ит» дейт ажынын катып-калачы улуп, Нуракты каргап калган.

— Баса, Нурак ошо Карасай ажынын малайы эмес беле?

— Ажынын отунун алган малайы болчу. Ошо күнкү Нуранын чартылдаганы азыр да кулагымда: «Бай-кулакгын күнү бүткөн! Бу биздин заман!»

— Атаң көрү десең!..

— Оу, кайран, Нурак! Өрт эле болуп турган кези анда!..

— Айтпа! Астында ошо ажынын жоргосу... Ошо тиги белден чаң чыкса — кишилердин сези каччу: «Жачейке келатат! Нурак!

— Оо, анда, «Нурак келатат!» дегенде ыйлаган бала соорончу. Жолдун чаңына жеткирбей жорго менен арылдаткан анын жүрүшү бай-манаптын үрөйүн учуруп, бая топто чартылдаган бий-болушту кынына кийирчү, эр неме!

— Ой, ал көрүнбөйт го бүгүн?

— Ноокас дейт го.

— Баса, мындайда ири алды келчү эле.

Ырас, Нурак жыйындан калып көргөн эмес. Жыйын сайын сөздөн калып көргөн эмес. Жыйында ири алды сөз алган аны көргөн айрымдар алдыртан кер какшык агыта салышчу: «А, Нукамбы! Ал өзү ачат да, өзү жабат чогулушту!»

Өткөн жолку мектеп чогулушунда эл алды болуп соз алган Нурак тиги эле капкачанкы балалык күнүн, малай кезин, анан, төңкөрүшкө аралаш азаттык, теңдик алган таптагы алоолонгон жаштык чагын айда-а кызый сүйлөп, а сөзүнүн чындыгына Телегейди күбө тарткан: «Мына, Телегей тип-тирүү түрат го! А ошондо Телегей деле...»

Бажактап алган Нурактын көзү бир оокумда өз кызы — Зарылга чалынып, ошондо араң басаңча тарткан. Аны кишилер сезген, өзү сезген.

Абышка жалгыз кызын эркелетип, а түгүл, кемпири экөө тең кызына баш ийип коюшчу. Үйдөгү оокат-тириликтен тартып, тыштагы ишке чейин Зарылды кийлигиштирип: «ал андай эмес — мындай» деген бүтүмдү кызы чыгарса, ошого жетине албай калышчу кемпир-чал: «Садага кетейин, Зарылым айтты! Мейли ошол айткандай болсун».

Нурак кемпири экөөнүн сырын билгендер анда киргенде, саламдан мурда Зарылды сурачу: «Зарылтай кайда?» «Зарылтай чоңоюп атабы?»

Чөп чабык маалында Зарылга нечен курдай чөп байланып, Нурак нечен курдай козусун союп, коюн союп чалгычыларга той түшүргөн. Бүгүн казан толтура эт салып, чөп байлаган эркектерге талатса, эртеси аялдардан бир боо көк беде келчү: «Зарылтай тайына салсын!» Кап толтура боорсок жасап, да бир козусун же улагын союп, аялдардын батасын алса, ошолордо арабалап, чийнелеп, чөп тарткан улардар да куру калбай: «Зарылдын улагына, Зарылдын музоосуна, козусуна...» аталган бир гана тесте сеңселген чөп улам келип турчу. Ага ата-эне тажачу эмес. Нурактыкына устү-

көбосток казан астыра бериш айылдагыларга да көнүмүш сыяктуу эле. Бир эле Зарыл өзү кашын үйрүп, чырындай кетчү: «Кызык экен ушулар! Биздеги мал аттуунун баарына бериштиго? Эми өзүм жеймби чөптү?!»

— Балакетинди, алайын! — Ушинткен эне кызына өзөлөнүп, аны жайкачу. — Аа, эмне капалык. Кудай ушу жакшылыкка жеткирди, болду! Зарылап жүрүп сени көрүп... Биз сенден түгөнбөйбүз. Ушу сенин жакшылыгыңан түгөнбөйбүз. Чал экөөбүзгө эмне... жыйган-тергенибиз сен үчүн. Сен эле аман болсоң — биздин байлыгыбыз, тирилигибиз ошо!

Атасы — Нурак Зарылы үчүн отко-чокко түшкөн учуру көп болду. А эпеси Нуракка караганда сабырдуу, айыл-апага алпейим эле.

Айыл-апа демекчи, булар ушу Зарылдын айынан мындан качып, Ат-Башы, Нарында жүрүштү: «Ушу жашка келгэпи балабыз токтобой, анан, ушунун айынан, ушуну көрүп чынбы-төгүнбү?..» деген созду сүйлөшүү барган жерине. Ошондо да ууру кылып, качып жүргөнсүгөн экөөнүн жүрөгү түпөйүк. Негедир эрли-зайып кулак түрүшөт. Айыл-апанын кабарын ар кимден, өткөн-баргандан сурашат. Кандайдыр бу өздөрүн түкшүмөлдөп, өздөрүн изден кирип келчү бирөө бардай...

Нурак оргу-баргы эле. Бетине келгенин сүйлөп, кээде, жакшы көргөндөрүнө да бакылдап коё берер жайы бар. Үйдө отуруп аялы тыят аны:

— Тек-жай жүрсөңчү, чал? Сенин кыялыңды билген бар, билбеген бар, бирөө болбосо бирөө... Минткен аялына оңурандай кетет ал:

— Ии?! Бирөөгө не кылган экем мен?!

Ии, дегицкисин айтам да... ушинткен аялы жүрөгүнө уюган дартты бери чыгарбайт.

Нурак өз курбуларын эле демитпей кээде, ушундагы уландарды да өмгөктө кетчү. Алардын жүрүм-туруму жакпай калган учурда оюн-чынынан аларды жаза-буза чаап, бакылдап жибермейи бар. Бирок, андай учурдун баары зымпыйып тегиз өтпөйт. Нуруктын мүнөзүн билген улан-кыздын көбү мыйыгынан гана күлүп коюшат, тамашаны көтөрөт. Кээсинин көзү бузула калган учуру да болот, андайлар менен тамашасын чарт үзөт чал: «Э, кеп көтөрбөс кырс тура өзү!»

Деги анан, мындай жерде Зарыл атасын саксактап турчу, сырын билбес бирөөгө урунуп алабы деп коопсуп, өзүнчө ыңтайсызданып турчу атасынан көзүн албай. Адатынча ээ-жаа бербей бакылдап кеткен атасы кээде, тигинтип кызы-

на уруна түшкөн көзүнөн улам өзүнүн аша чаап кеткенин баамдап, анан, не дээрин билбей кызына жалына кетчү:

— Дадагаң, кетейин! Дадагаң! Койдум, койдум... — Чалдын кечирим сураганы ушул, өз ээликмесин сезе койгону ушул. Мындайда Нурак Зарылга атадай эмес, куду тентектик кылган баладай жазакер.

Кызынын кылайган тиешеси жок нерсеге да аны кийлигиштирбесе ыраазы эмес эне-ата: — «Зарылтайга айталычы, ага оң келер бекеп?» Мындай учурдун көбүнчө кыз да туйтуң этип: «Менин ишим эмне? Өзүңөр бүтүрө бербейсиңерби!» — дегенди айтчу. Ушунда да эне-атанын оозунда жаяптоо, кызына жалтактоо бар эле: «Дадагаң, кетейин, сарым! Өзүбүз эмне... Сен турганда өзүбүз куруйлу! Ушу ак-көктүн, тапкан-ташыгандын ээси өзүңсүң, сарым!»

Кичинесинде муну эне-атасы ошо «сарыма» кошуп «дарым» дешчү. «Дарым!.. Бизди айыктырган дарыбыз го-о! Атасы экөөбүздүн жүрөк оорубуздан айыктырган дарыбыз ушу го-о!..» — Ушинтип өзөлөнгөн энепи наристенин көзүн тиктеп турчу анда. Ал «дары» деген эмне экенине, өзү кандайча «дары» боло калганына айран эле.

Мунун ымыркай чагынан, күлүшкөн күнүнөн тартып, көзгө көрүнгөн кызыл-тазыл буга, гана, энчиленип, буюмтайым буга гана, арналып жасалып, дүкөндөн да ушуга гана арналып сатып алынып, үйдөгү чыны-чөйчөктөн, тушкийиз, килемге чейин Зарылга гана энчиленип, тыштагы мал аттуунун баары: козу-улак да, бир уй, бир бээ да ал эле түгүл, айдалган огород да кызга арналат. «Зарылдын арпасы, буудайы, картөшкөсү...» Өзгөнү айтып не, тыштагы барак көк дөбөт да эмдиге күчүк аты өчпөй, өзүнө энчилүү аты айтылбай «Зарылдын күчүгү» болуп жүрөт.

...Бу Зарылбүбү кайда гана барып, кандай жердеп орун алып, кандай окуу бүтөр экен? Кандай кызмат иштер экен? Эне-атанын кыял-ою эми ушунда. Кайда бир укмуш жакшылыкты, кайра бир керемет бактыны ушу кызына ыйгарып, кызына жорушат эне-ата: «Зарылтай баланчадай окууну бүтүп, төлөнчөдөй кызматта болсо... Анан, биз жөнөп жатсак самолет менен Зарылтайга! Аппак жибекке чулганган Зарылтай колтугу толо китеп көтөрүп алдыбыздан чыкса, тегеренейин!»

«...Же, кундуз кийген Зарылтай көк «Волгада» зымыран кышында үйгө келип түшсө, лөк күйөөсү менен... Ошондо, ошо күнү эмне гана болуп кетер экенбиз? Айыл-апага дүң болуп: «Нурактын кыз-күйөөсүн көрөбүз»,— деп келип жаткандар... Ой, ошондо бир көлдөтүп той берсек!.. Анан, Зарылыбыз эркек балалуу болсо,— дегенди улап ойлойт энеси,—

Зарылтайымын наристесин өзүм багып, анын эжигей жытына элжиресем!.. Ээ, берешен кудай! Бергей элең, биз байкуштун тилегин бир кабыл кылгай элең?! Чың эткен баланын айынан чал экөөбүздүн көрбөгөнүбүз...» Мына ушул жерге келгенде каңырыгы түтөп кетет, көзүнө ачуу жаш тегерене түшүп, алкымына ачуу ыза кептелип, мууна соолуктап, токтойт. Байкоостон кайнак даам ууртап алгандай өзөгү өрттөнөт. Ушинтип алып өзү коркуп кетет. Ушуну унуттууга, ушул беймаза абалдан качып кутулууга далбас урат. Бирок, андан кутулмак түгүл, кайра ошо бир күйгүлтүк, коркунучтуу сезим таң кындап, өзүн-өзү токтото албай калат. Буулугуп, бир перше ичин жарып кетчүдөй уугуп тургансыйт, ал ичинен чыкса эс ала түшчүдөй, ичиндегисин азыр жарыялап, буркурап жибергиси келип, бирок, ошондон өлүмдөй коркуп токтойт...

Кыз эненси негедир кейикчил болуп кетти. Кылдан кыйкым таппай ыйлак болуп кетти. Адегенде энесинин көзүнүн гана кызарып, шишип, калганын көргөн кыз селт этип, анан, ашыга сураган.

— Апа! Апаке! Эмне? Эмне болуп кетти?! Көзүң эмне, көзүң? Ушкүрө, чекесин укалаган эне кызын эркелете унчукту:

— Тегеренейин! Көзүм эмне болсун, баягы шакыйым кармап... — Зарыл энесинин маңдайына лып отура калып, башын кучактачу:

— Келе, бери?.. Бери, бол, мен ушалап берейин?

Кайдагы шакыйды азыр оозуна сала бергенине эне бир чети, күлкүсү келсе, бир чети, кыздын ишенчектигине, боорукерлигине ыраазы болуп, Зарылдын колун жаздапчу:

— Ошентчи! Ушалай гой! —Андай учурда энесин армаңы басаңча болбой кайра күчөп, ичинен солуктачу. — «Аа, колуңдап!.. Сенин, колуңдап!.. Кокус бир шайтан азгырып, буга чейин уга электи кулагыц чалса, менден да жат болорсуң ээ?.. Шордуу башым! Сага жат гана түгүл, шумшук болормун ээ?!.. Кайдагы бир азезим мастан көрөсүң ээ менин?!» — Ушуну ойлоп башын ушалатып жаткан, ушундай күндөрдүн биринде эне ээ-жаа бербей буркурап ийди. Өзүн токтото албай, көкүрөгүнө толуп-ташып турган бук, музду жарган жазгы суудай ташкындап тоскоол бербей жатты. Зарыл баягыдан бетер селейип, апасынын башын кучактаган бойдон чый-пыйы чыкты:

— Апа! Апаке дейм?! — Жаның койбой тырмалаган кызга эне бу сапар да жооп таап, тайсалдап койду. Болгондо да Зарылдын өзүнө сала-сал кеп таштады:

— Аа, балам! Ыйлабаганда кантейин! Сен кетсең... Ме-

на уруна түшкөн көзүнөн улам өзүнүн аша чаап кеткенин баамдап, анан, не дээрин билбей кызына жалына кетчү:

— Дадагаң, кетейин! Дадагаң! Койдум, койдум... — Чалдын кечирим сураганы ушул, өз ээликмесин сезе койгону ушул. Мындайда Нурак Зарылга атадай эмес, куду тентектик кылган баладай жазакер.

Кызынын кылайган тиешеси жок нерсеге да аны кийлигиштирбесе ыраазы эмес эне-ата: — «Зарылтайга айталычы, ага оң келер бекен?» Мындай учурдун көбүнчө кыз да туйтуң этип: «Менин ишим эмне? Өзүнөр бүтүрө бербейсиңерби!»— дегенди айтчу. Ушунда да эне-атанын оозунда жаяптоо, кызына жалтактоо бар эле: «Дадагаң, кетейин, сарым! Өзүбүз эмне... Сен турганда өзүбүз куруйлу! Ушу ак-көктүн, таңкан-ташыгандын ээси өзүңсүң, сарым!»

Кичинесинде муну эне-атасы ошо «сарыма» кошуп «дарым» дешчү. «Дарым!.. Бизди айыктырган дарыбыз го-о! Атасы экөөбүздүн жүрөк оорубуздан айыктырган дарыбыз ушу го-о!..» — Ушинтип өзөлөнгөн энеси наристенин көзүн тиктеп турчу анда. Ал «дары» деген эмне экенине, өзү кайдайча «дары» боло калганына айран эле.

Мунун ымыркай чагынан, күлүшкөн күнүнөн тартып, көзгө көрүнгөн кызыл-тазыл буга, гана, энчиленип, буюмтайым буга гана, арналып жасалып, дүкөндөн да ушуга гана арналып сатып алынып, үйдөгү чыны-чөйчөктөн, тушкийиз, килемге чейин Зарылга гана энчиленип, тыштагы мал аттуунун баары: козу-улак да, бир уй, бир бээ да ал эле түгүл, айдалган огород да кызга арналат. «Зарылдын арпасы, буудайы, картөшкөсү...» Өзгөнү айтып не, тыштагы барак көк дөбөт да эмдиге күчүк аты өчпөй, өзүнө энчилүү аты айтылбай «Зарылдын күчүгү» болуп жүрөт.

...Бу Зарылбубу кайда гана барып, кандай жерден орун алып, кандай окуу бүтөр экен? Кандай кызмат иштер экен? Эне-атанын кыял-ою эми ушунда. Кайда бир укмуш жакшылыкты, кайра бир керемет бактыны ушу кызына ыйгарып, кызына жорушат эне-ата: «Зарылтай баланчадай окууну бүтүп, төлөнчөдөй кызматта болсо... Анан, биз жөнөп жатсак самолет менен Зарылтайга! Аппак жибекке чулганган Зарылтай колтугу толо китеп көтөрүп алдыбыздан чыкса, терененийин!»

«...Же, кундуз кийген Зарылтай көк «Волгада» зымыраң кышында үйгө келип түшсө, лөк күйөөсү менен... Ошондо, ошо күнү эмне гана болуп кетер экенбиз? Айыл-апага дуу болуп: «Нуранын кыз-күйөөсүн көрөбүз»,— деп келип жаткандар... Ой, ошондо бир көлдөтүп той берсек!.. Анан, Зарылыбыз эркек балалуу болсо,— дегенди улап ойлойт энеси,—

Зарылтайымын наристесин өзүм багып, анын эжигей жытына элжиресем!.. Ээ, берешен кудай! Бергей элең, биз байкуштун тилегин бир кабыл кылгай элең?! Чың эткен баланын айынан чал экөөбүздүн көрбөгөнүбүз...» Мына ушул жерге келгенде каңырыгы түтөп кетет, көзүнө ачуу жаш тегерене түшүп, алкымына ачуу ыза кептелип, мууна соолуктап, токтойт. Байкоостон кайнак даам уурдап алгандай өзөгү өрттөнөт. Ушинтип алып өзү коркуп кетет. Ушуну унуттууга, ушул беймаза абалдан качып кутулууга далбас урат. Бирок, андан кутулмак түгүл, кайра ошо бир күйгүлтүк, коркунучтуу сезим таң кындап, өзүн-өзү токтото албай калат. Буулугуп, бир персе ичин жарып кетчүдөй уугуп тургансыйт, ал ичинен чыкса эс ала түшчүдөй, ичиндегисин азыр жарыялап, буркурап жибергиси келип, бирок, ошондон өлүмдөй коркуп токтойт...

Кыз эненси негедир кейикчил болуп кетти. Кылдан кыйкым таппай ыйлак болуп кетти. Адегенде энесинин көзүнүн гана кызарып, шишип, калганын көргөн кыз селт этип, анан, ашыга сураган.

— Апа! Апаке! Эмне? Эмне болуп кетти?! Көзүң эмне, көзүң? Ушкүрө, чекесин укалаган эне кызын эркелете унчукту:

— Тегеренейин! Көзүм эмне болсун, баягы шакыйым кармап... — Зарыл энесинин маңдайына лып отура калып, башын кучактачу:

— Келе, бери?.. Бери, бол, мен ушалап берейин?

Кайдагы шакыйды азыр оозуна сала бергенине эне бир чети, күлкүсү келсе, бир чети, кыздын ишенчектигине, боорукерлигине ыраазы болуп, Зарылдын колун жазданчу:

— Ошентчи! Ушалай гой! —Андай учурда энесинин арманы басаңча болбой кайра күчөп, ичинен солуктачу. — «Аа, колундан!.. Сенин, колундан!.. Кокус бир шайтан азгырып, буга чейин уга электи кулагың чалса, менден да жат болорсуң ээ?.. Шордуу башым! Сага жат гана түгүл, шумшук болормун ээ?!.. Кайдагы бир азезим мастан көрөсүң ээ мени?!» — Ушуну ойлоп башын ушалатып жаткан, ушундай күндөрдүн биринде эне ээ-жаа бербей буркурап ийди. Өзүн токтото албай, көкүрөгүнө толуп-ташып турган бук, музду жарган жазгы суудай ташкындап тоскоол бербей жатты. Зарыл баягыдан бетер селейип, апасынын башын кучактаган бойдон чый-пыйы чыкты:

— Апа! Апаке дейм?! — Жаның койбой тырмалаган кызга эне бу сапар да жооп таап, тайсалдап койду. Болгондо да Зарылдын өзүнө сала-сал кеп таштады:

— Аа, балам! Ыйлабаганда кантейин! Сен кетсең... Ме-

нин күнүм не болчу?! — Сөздү кай багытта бараткапын Зарыл айттырбай билди: Энеси кыздын окууга кетерин, күйөөгө кетерин айтып жатат.

Зарыл энесинин башын кучактаган бойдон анын жаштуу көзүн, жаш жуурган бетин аймалап, жалынып жатты:

— Апакем!.. Мен эч жакка кетпейм! Сени таштап мен эч жакка кетпейм. Ыйлаба, ыйлабачы эми?!

Жароокер кыздын кыялы энени соороттот. Кыз кыялы анын ичин мына бүгүнкү буктан саал боксөртөт. Көжөкөй жүрөк ойүгөн дарты дары ичкендей саал басыла түшөт. Апан, күн өтөбү, апта өтөбү, анан, бая көнүмүш оору кайра жүрөк ойүп чыгып, ууктуруп турат. Эне көбүнчө үйдө кызы жокто, аны ойлоп сапаага батканда кармайт.

...Анын бет алдында бир коркунучтуу тупарып бараткан көз көле калып, ошого — тупарган көзгө аралаш окуя өз жүрөгүн титиретет.

Баланын ыцаалагапы... Жо, эси ооп, каны качып бараткан бир келиндин көзү чанагынан чыгып жан талашканы мына:

— «Апа! Аппа!.. Апаке?!» Кээде, тимден-тим туруп ушул үп кулагына жацырып тула-бою дүр этип... Баса, ошол үн ушу өзүнүн Зарылынын үнүнө окшоп кетет. Зарылдын үнү әле эмес өцү да: мурду, көзү, ээги, а түгүл, күлгөнү... Зарыл жыл сайын эмес, ай сайын, күн сайын ошого окшоп бараткансыйт.

Зарыл кээде, жумуштан келгенде... баса, ал өзүнүн классташтары менен талаа жумушунда, жазы — сакманда, күзү — эгин жыйноодо, жайы — чөптө, талаага каткырык толтуруп, каткырык күүсү менен чарчоону унутуп, иштеген жаштар чарчаганын качан үйгө кайтканда, босогону аттаганда бир билишчү.

Талаадан күн менен топурактын, жашаң чөп менен кызыл дандын жытын ала келген кыз үйгө баш бакканда энесинө әркелей карап үшкүрүп ийчү:

— Ө-өг-үш! Чарчадым!

Мындайда эне селт деп, өзү менен кошо жүрөгү селт этип, үнү чоочуй чыгат:

— Ок! Үшкүрбөчү балам!

— Хи-хи-хи! — кыз шыцк этип апасынын мойнуна асылат. — Ии? Эмне болот экен? Эмне болот үшкүрсө? Чарчасамчы?

Кызынын бетинен аймалап, чачынан жыттаган эне өзөлөнө кетет:

— Чарчаганыңдан айланайын! Кой, үшкүрбө. Чарчасаң да үшкүрбөчү?

* * *

Эненин жүрөгүн селт эттирген башка үшкүрүк. Анын кулагына үшул Зарыл өзү төрөлөр күнкү ошо толготкон жаш эненин үшкүрүгү угулду. Дал ушундай эле анын үшкүрүгү да... Капырай, ээ!..

Баса, ал үшкүрүк менен бул үшкүрүктүн айырмасы — ал арман менен өксүгү ичине бараткан үшкүрүк эле, бул үшкүрүк — ойноо, жайдары үшкүрүк. Анын көзүндө — кайда бир кусалык, оюн-күлкүгө, жаштык кумарына канбай калган кусалык — тунарган карегинде чогүп бараткан беле?! Мунун көзүндө — өзү жаккан оттун жалынындай ойноок жалын кызгылт учкун чачат. Же чагылышкан күн нурундай бир... өзү кайраган чалгынын мизине чагылышкан күндөй бир жарк эткен учкун...

Бул чарчоо дегенди кайра ошондон ары талаага ташпап, көзүнө, жүзүнө талаа желинин эпкинин, денине алдастап аккан өзөн шарын ала кирген эле. Кыздын чарчадым дегени анчейин гана энеге эркелегени. Кашын үйрүп, үшкүрүп койгону — наздангаңы. Аны эне да, өзү да билет.

...Ыя? Же ошо «чарчадым» дегенге эне өзү да үйрөтүп алды бекен? Талаада жумуш бүтүргөн мындай турсун, чырак жарыгында, столдо жалгыз отуруп сабагын жазып, же китебин окуп отурга кызынын жанынан өтүп баратып, шыпшына, кейий кетчү эне:

— Балакетинди гана алайын, ий а! Көзү карыгып кетти го! — Кээде, мектебинен жаңы келген аны да утурлап жалбарчу:

— Тегеренип гана кетейин, ий аа! Эрди кеберсип, көзүнүн көк тарамышы чыгып турабы? Ботом, өзөөрүп калган го балам, тимеле!

Мына, ушундан уламбы, кыз да бу сөзгө улам үйүр алып, эненин ушу сөзүнө атайын ыгып алды белем, адегенде «чарчадың» дегенди коомайлап жүрсө, бара-бара ошо чарчадың дегенди укпаса коңултуктап, эненин оозунан ошо «чарчадың» чыкпаса ага туйтундап, таарына калчу болду кыз. Анда кызынын чарчаганы энеге сүйкүмдүү, эненин өзөлөнгөнү кызга жагымдуу эле го? Эмичи?.. Эми ушу кызды сүйлөгөнү, баскан-турганы, дем алганынан өйдө дал ошо өз үйүнөн, өз колунан көз жумган келинге окшоп баратакан сайын бул эненин жүрөгү опколжуйт. Өзүнүн ушу коркунучун ичинен бирөөгө чыгара албай, бук. Абысын-ажынга ишенип болобу. Бирөө болбосо оозу бош бирөөнүн оозунан мунун өз сөзү чыгып кетсе...

Кемпир жедеп, чыдамы кеткенде чалына башынан айтып, бир бугун чыгаргысы келди эле, ага да даабады. Кыя-

лы чорт немеден кагуу жеп калар жагын ойлоп, артып кайтарды.

* * *

Зарылбүбүнүн төрөлүшү... аны жерден өзү алып, ымыркайды өз кызыл этине каткан күнү... Анан, кайтып эле муну төрөгөн жаш келиндин өңү мунун көзүнөн кетпес болду. Көкүрөктөгү сары зил улам ууктуруп барат. Аны басар дары табылбай зил көөдөндө ачып, кекиртекти кыйып бараткансыйт...

Э, дүйнө! Нурактын үйүнө асмандан кут түшүргөнсүгөн күнүң кана?! Бу эрли-зайыпты ошондо сүйүнүчкө чалкыткан күнүң эми ушинтип, сары ооруга айланмак беле?! Адам билбес, кишиге айтылбас сары ооруга айланып кетмекпи ушинтип?!

Булардын үйүнө ошо мугалима келбегенде...

Кана, анда жай өтүп бараткан эле. Тоонун чөбү эбак жыйылып, кыйгас орок маалы эле. Мугалимдер жайлоо кыдырып, мектепке быйыл барчу балдарды чогултуп жүрдү. Бу балдарга: мектепке баруу, класска отуруп окуучу болуу, кубанычы укмуш го! Алар жай бою китеп-дептерин чогултуп, портфелине тыкыйтып салып, окуу башталар күндү, окуучу болор күндү дегдеген наристелер эми мына бу жаказа, мектепке алып кетер мугалимдерди көргөндө саал сүрдөп-апкаарый түштү. Кантсе да эне койнунан, ата колтугунан чыга элек балдар өздөрүн ыңгайсыз сезди. Кай бир кыйыктанган балдарына жалбарган энелердин үнүн угуп, жүрөгү ачышты бу Нурактын зайыбынын, ичинен өксүдү:

— Аа, арман! Өмүр бою баланын үнүнө зар болуп өтмөк белем?! Тигил катындарча мен да бойтондотуп бала узатсам эмне мектепке!.. Өз эле балам эмес, неберелеримди окушка жиберер кезде минтип!..

Ушуну ичинен айтып сыздаган зайып, айылга келген бирин-эки мугалимди да, чогултуп жүргөн балдарды да көчө жаккы терезесинен көрүп турду. Ушу күнү ал үйүнө казан аспады, от жакпады. Тиги, карацгы бурчта түйүлүп жатты. Кирген-чыкканга да, абышкасына да бери карабай эски жүрөк оорусу кармап калганын айтты. Аны укkан абышка да тынчын албады:

— Ушинтип бир аз жатат, анан, эс алып калат.

Муну айтып, бакылдап, тышка кеткен Нурактын үнүнө ичинен жооп кайтарды, ичинен сызды зайып: «— Кургурум аа!.. «эс алат» дейт бу менен жүрөгүм, өмүр бою оорун өтөрүн неге туйбадың экен?!»

Ушунун кийинки күнү мектепке завучун ээрчип, бир бейтааныш кыз келди мында. Жаркырап күлө баккан кыз сылык учаршып: сыпаа көчүк басты тигиндейрек. Нурак үйдө жок эле. Антсе да бу, үйдүн аялынын жылы чырайын көрүшкө келген завуч менен кыз. Аял ашыга туруп, казандары, бейтааныш кызга алдыртан көз чаптыра кетти: кыз сыяак жагына барды да буларга даам ооз тийгизүүгө камынцар тизелеп, тыныйып отурат. Анын үстү-башы да тараз боюна жарашыктуу экен: башында асман түстүү бир барча жибек үлбүрөп, жүндөн жука токулган мала-кызыл кофта кыздын саал албырыцкы жүзүнө өңдөшөт. Анын али, ууздай өңү өзгөчө бактылуу жадырайт. Жаан күнкү карагаттай кареги ойнок күлүңдөп, ууртунда, албырган эрдинде тубаса күлкү жүрөт. Ак маңдай алдындагы кыйгач кашына, татынакай кырдач мурдуна сүйкүм көз таштаган бул аял, бу бейтааныш кызды кыргыз кызына окшоштурбады, өзбек кызы го деп боолголоду. Ал, анан, текчеден ширепке алып, колуна чайнек кармай бергенде завуч үн катты:

— Калыйпа жеңе, биз чайга күтпөйбүз.

— Ии, ботом? — бул ошо калыбында завучту карап калды.

— Ошо!.. Жумуштарыбыз бар.

— Ээ, жумушуңар тура турар бир чыны чай ичкиле.

— Жоо жеңе, рахмат! — деп завуч жана ашыкты эле бул ансайын көжөлүп, меймандостугун тартты:

— Ие, ботом, сен ичпесең, бу кызым кантип кур ооз чыгат анап? Кой, аптпегиле?

— Кызыцыз менен жай ичесиз чайды, тил алып коюцуз жеңе? Эми бу Нурак акем да жок экен го?

— Э, чал жок болсо мен бармын. Бир чыны чайга менин да бийлигим өтөт!

— Аныцыз ырас,— завуч аны коштоп кетти,— дал ошо керек бизге.

Тигилердин жөн-жай келбей жумуштап келгенин бул эми туюнду.

«Ээ, баягыга келишкен да». Өзүнчө, ушиптти да тиги татынакай кызга кайра да тигиле карады: «Бу кыз артис го сыягы? Ошо баягыга... Ошого эле келишкен экен»...

«Баягы» мунун өзүно эле эмес, айыл-апанын баарына дайын. Ал өзүнүн кыз кезиндеги кемери менен шөкүлөсү болчу. Аныи кабарын билген улан-кыз сурай беришчү асылып. Алар көбүнесе өздөрү оюи даярдап коёрдо, кээде сүрөткө түшөрдө шөкүлө, кемерди кадыр-көцүл салып сурашт-

чу. Сурагында атын айтпай тергеп «баягыны» дешчу. Айтор, бул алардын ийрин жандырчу эмес, берип атып жумшак эскертчу:

— Деги анан, үзүп-жулка көрбөгүлө, балакетиңи алайындар?

Азыр ошо өз божомолунда уюган Калыйпа колундагы ширецкесин шылдыр эттире чайкап алып, тышка жономок болду да беркилерге тамаша сүйлөдү: — «Чайга күтпөсөңөр, ошо күсөп келгениңер да берилбейт эмесе!..

— Ха-ха-ха-ха! — завуч каткырып жиберди. — Аа, Калыйпа женемин оюн билдим, баягыны сурап келди деген тура? Ал эмес, шөкүлө эмес, сурагапыбыз, ошо шөкүлөңүздү киер кыз ээрчитип келдим минтип! — завуч тиги кызды колу менен көргөздү буга.

Калыйпа өз оюнан дале жаңган жок:

— Ии, мен деле билип турам ошону.

— Билсеңиз ошо жакшы! — деди завуч эми сөздү түзүнө салды. — Бул кыз мына биздин мектепке мугалима болуп келбедиби. Өзүңүз көрүп турасыз, бой. Ары ойлоп, бери ойлоп өзүңүздөрдү ылайык таптык. Турак алып иштеп турушуна силердикинен оңу жок.

Завучтун сөзүн укқан Калыйпа алиги кызды карап, өзү болсо ширецке кармаган калыбында элейип турду. Анан, азыр «макул» же «аның» дээри белгисиз эле. Кайра да жандырып бая чайды айтты:

— Ботом, деги чай коёюнчу?..

Завуч менен мейман кыз бу сапар Калыйпаны токтото алышкан жок.

Тышта бир аз айланып кайра кирген Калыйпанын кабагы жаркып, кыздын жанына отурду:

— Ии, балам, деги өзүң кай элдин кызы болосуң?

Кыз бул суроого саал буйдалды эле аны башка тилге которо салгансыган завуч Калыйпанын суроосун дароо ондой койду:

— Кай жерденсиң дейт?

— Ии... — кыздын назик ичке үнү адеп чыгышы ушу үйгө киргени.

— Мен — Токтогулдан болом, Токтогул районунан...

— Ии, Кетмен-Төбөдөн дебейсиңби,— тактай сурады Калыйпа,— А Кетмен-Төбөнүн кай жериненсиң, кагылайын?

— Толуктан, апа.

Калыйпанын көзү жүлжүйө түшүп, кызды баягыдан да бүшүркөдү:

— Ыя-а?.. Э, ботом, бу сен баягыдан да өз сиңдимсиң го? Бу таңта мына бу экөөнүн оозуна гана карап, тим отурган

завучка мына бу кеп жага бербей калды бейм, сүрөп кетти:

— Аа, мына, мына — а! Өз сиңдиңизди ээрчитип келген турбаймбы?

* * *

«Жер тамырынан — эл тамыры көп» калети жок кеп тура. Минтип, Калыйпа сиңди таап, жаңы мугалима кыз ойдо жок жерден эжелүү болду. Баарыдан Нурак менен Калыйпанын үйү толуп, өздөрүнүн да жарпы жазылып калды. Булар эже-сиңдидей эмес, эне-баладай ысык. Мугалима кыз «эже» дебей «апа» дечү. Ал мектептен кечигип келген күндөрү казандагы бышкан аш чыгарылбай, эрли-зайып отура албай, улам тышка чыгып, аны күтүп жүрүшчү. Кыз кокус кичине кечиксе себебин апасына сүйлөчү: «Бүгүн педсовет болуп...» А сабактан тышкары убакты бура басса суранып басчу: «Апа, мен китепканага баратам». Муну уккан Калыйпанын ичи элжиреп, жетине албай калчу:

— Ботом, тиги Бөтөштүн өз кызы тоотпойт энесин. Бу жеткен ыймандуу тура бечара! Өзү ырыска — шерик, ак-жаркын, адамга жароокер, бак-таалай кетпес башынан. — Өзүнчө минтип алган Калыйпанын кызга болгон ыраазылыгына аралаш өксүгү кылайчу сөзүнүн четинен:

— Ээ, бир таалайлуу азамат тушугар ээ, буга?.. Калыйпанын айласы болсо колунан чыгаргысы жок эле, муну. А тагдыр анын оюна келбеген, анын эркинен тышкары иш кылды...

* * *

Майрамдын күнү менен түнү. Майрам шаңына жер дүңгүрөп, майрам шаңына эл эргип, эл дуулдап, ар үйдүн төрүн той-тамаша ээлеп, ар үйдө оюн-күлкү толуп-ташып жаткан...

Ошо түн кыз үйгө түнөгөн жок. Мугалимдердин үлпөтү өзүнчө эле. Адатынча бу Нурак менен Калыйпа алагды болуп, кызды далайга күтүштү. Акыры бу себепти майрамга тогоп, тим болушту:

— Маалимдеринен бөлүнө алган эмес да. Отуруп калышкан да.

Кыз эртеси да үйгө келбеди, анын эртеси да... Эми ал кызды, болгондо да мугалим кызды ошо мугалимдердин арасынан издеп жүрүштү оңтойсуз көргөн Нурак зайыбы экөө эми аны майрам өткөндө келер деп турушту. Бирок, кыз ордуна алиги завуч келди. Кызуу экен. Сүзө качырып үйгө кирип, одоно, чолок сөзү менен тарс чапты:

— Силер!.. Силер эми!.. Алиги мугалим кызды күтпөгүлө!

— Э, ботом?! — деп Калыйпа тура калгыча берки кайра жарылдай кетти.

— «Ботом-сотому» жок эле аны өзүбүз...— деп ыктыткан тигини шаштырды Калыйпа.

— Ой, айтчы деги айланайын?!

— Айтып-айтпай... айтсам-айтпасам да аны биз өзүбүз... алдык!

— Бу эмне деген кеп, айланайын?! Ой, өзүң алганың кандай?!

— Ой-о-ой! Жарыктык, оой! — деп териге кетти, тиги сөзүн ачпай жатып,— та... такыр сөзгө түшүнбөйт турбайсызбы?! Аны биз... аны биз албадыкпы! Келин кылып!..

Калыйпанын укканы ушу болду. Бет маңдайында илгери-кийин болуп, илгери-кийин сүйлөгөн берегинин сөзүн бир эсе тамашага жоруду. Акыры, ишенген соң эмне дээрин билбей, эмне кылаарын билбей эңги-деңги болду да калды: «Бу, чын эле ия?.. Чын эле ушинтмек беле?! Ашкан ыймандуу, жеткен эстүү кыз эмес беле?! Ушу бизди таштап заматта?!» Зайыбынын дел боло түшкөнүн көргөн Нурак бакылдады:

— Эк, кудаа урган! Эсталма болуп калабы бу?! А, ошо бойго жеткен кыз өмүрү сенин төрүңө отурмакпы?!

Калыйпа ошондо да чалына жооп кайтарып, күйүгө кетти:

— Ботом, аны мен төрүмөн чыгарбайм деп атамбы? Ии, бу ушунча бала-бото болуп калган соң бир эле ооз айтып кетсе, эмне болмок эле, чиркин?!

Минткен Калыйпанын ичи ачышат, үй аңылдайт. Аның, тиги столдогу китеп-дептерин улам которуп кармалай берчү эле анысын да бир мугалим келин келип алып кетти. Кеткен боюнча өзү да кайрылып башбакпай койду. Уялып калган экен, деген ойдогу Калыйпа эми ага өзү барып, барганда да эне болуп, жол-жобосу менен барып көрүүгө камынды эле, бирөөнү жиберип, Калыйпаны «келбесин» дептир.

Калыйпа эми чындап кайгырды: «уялбай-этпей эле көөнү калган тура бизден?! Эмнеден жаздык экен, караңгуң?! Баарыдан да журтка жаман атты болдук ээ?! «Баягы каапырлар какчандап бир чычкандай кызды батырбай! Ээ, ошондоюнан...» —деген өзөк кеп дагы жармаштыэ биз байкушка!?»

Кыздын кеткенинен да мына ушу күйүтү кыйын болду. Баса, ушундан айга айланган жок, кыздын кейиштүү окуясы угулду:

— Бая, Асылкандын күйөөсү аракеч тура! Күндө уруш дейт үйүндө.

— Ал ырас, ошо баткакка оонап жаткан жеринен түндө түн ортосунда таап, эки мугалим менен арац көтөрүп жеткириптир да тац аткыча булганган кийимин жууп чыгыптыр Асылкан.

— А мурда күнү кечинде дүкөндүн алдына жыгылып калганынан Асылкан өзү окуткан балдары көтөрүп бараткан.

Күндө ушул. Түнү бою мас эри менен алпурушкан Асылкан тынччылыктан адашты, уйкуну унутту, убагында тамак ичпей калды. Өтүлчү сабак даярдалбай, конспекти түзүлбөй, коллективге жер карап, окуучулардан уялды. Түнүндө мас агайын көтөрүп жеткирген окуучулар тиги сабыры суз эжейин аяй карап турушчу.

Асылкан күн сайын күйпүйүп баратты. Адеп, көргөн өзгө адам эмес, мына бу эне ордуна кармаган Калыйпа тааныбай калчудай аны.

Жай таңындай кашкайган — кеч күздүн жаандуу күнүндөй бүркөө жана жууган карагаттай баягы сурмалуу күлүц көз, муңдуу, сустайып, ак маңдайы да, бышкан жүзүмдөй мөлтүрөгөн өңдү да куду кеч күздүн тоңголок талаасындай туташ, кара сепкил, бырыш басты. Айтор, күндөн-күнгө суудан калган дарактай солуп бараткан Асылкан эл көзүнөн четтеп турчу болду. Ал өзүн эле эмес, аракеч күйөөсүн да эл көзүнөн ала качып турчу. Арак үстүнөн алдап-соолап, аны эркелете сүйлөп, батырак алып кетишке аракеттенчү. Бирок, Асылкандын мындай далбасы талаага чыгып, андай жерде өзү кайра кагуу жеп, башы жерге кирип, үйдөн өзү таяк жеген күндөрү көп болот. Аны жашырат. Баарын ичине сактап, уугуп барат!..

* * *

Аракеч күйөө кызматтан сүрүлдү. Ал коллективден бөлүндү. Ошо тапта Асылкандын айы-күнүнө жетип калган эле. Ал толгоо тартып, карайлап баратты. Төрөт үйү райондо. Бул үйдө өзүнөн бөлөк жан жок. Аракеч күйөө дайынсыз тентип кеткен.

Мына, Асылкандын көзүнөн чаар чымын учуп, карайлап барат.

Керец түн. Эл уйкуда. Бая сыр билги келиндерден да жок. Ал жанталашты! Ал шаша чуркады. Түндү аралай темтеңдеп, бет келди аяк шилтеди.

Кайда баратканын өзү да билбеди. Бу тапта түн эмес, чак түш болсо да анын көзүнө эчтеке көрүнбөс эле. Кулагы-

23*

на да эч нерсе угулбай... Кыштак аралап баратты беле?.. Бир оокумда бир үйгө урунду. Түндү оор жамынып уктаган үйдөн табыш чыкпайт. Каалга какты эле, үйдөн уйкулуу кишинин үнү угулду бага:

— Ой!.. Бу ким ыя? — Нуранын үнүн тааныды бу. Эми билди кайда келгенин. Быякка барам деп ойлогон эмес. Сокур сезим мында жетелеп келгенин баамы да жете албай турду. Бир гана жер көчүп, көзүнөн чаар чымын учуп, жыгылганы барат. Каалганын туткасын бек карман, ошо каалгага сүйөнүп турду. Кайра каалга каккан жок. Нуранын үнү кайра чыккан жок, бир гана эшик ачылганын билет. Анан... мандайында Калыйпа тургандын элес-булас... андан ары көзүнө эч нерсе көрүнө албады. Кыпкызыл өртко түшүп кеткендей өзү чабалактап... үй ичи бирде кыпкызыл жалын көрүнсө, кайра көөдөй карара түшүп, алачакмактап, Асылкан жөөлүп, бир нерседен, алда-кимден качып, жанталашып жатты. Анын оозуна алган акыркы сөздөрү бу Калыйпанын кулагында:

— Айланайын! Айланайындар!.. Кармагыла!.. Кармагылачы?! Тигине, тигине келатат! Жыгылат, кармагыла!.. Ана... колундагысын алгыла! Чабат!..

Жанталашкан Асылкандын аяк-башында шаштысы кеткен эрли-зайып анын кимден качып, кимден коркуп атканын дароо билишти. Нурак колуна камчы алып, каалганы тарс чаап, тышка бак-бак этип опузалады:

— Кет, ой! Кет, ушунчанда! Ташта, колундагыны!

— Ана, кетти айланайын, кетти! — деп бери баскан Нурак өзүнчө кобурап кейиди. — Ата-а бечара ай, э! Алиги, аракеч ит жеден эле жүрөгүн түшүрүп салган тура!

Ушу таптa Асылкандын башын жолөп отурган Калыйпанын көзү чанагынан чыкты, аптыга, ашыга упчукту:

— Ыя... ыя, айланайын! Э, чал!..

Нурак бу зайыбынын үнү менен кошо жетип, Асылкандын туура кучактай калды. Терге чыланган анын дени муздан баратыптыр. Өңүнөн кан-сөл качып, таноосу кыпчылып... Дени муздап бараткан Асылкан көзүн бир ачып алды, баланын үнү чыккан жакка мойну бурулду. Эненин алсыз үнү үзүлүп-үзүлүп чыкты:

— А... аа... Ап... па!.. Ушу... уну?..

Ал кайтып тилге келген жок. Калыйпанын алдастап жалынганын уккан жок. Келме келтирген Нурак ашыга башын сүйөп турганын туйган жок. Асылкандын акыркы үнү мынабу өз ичинен чыккан ымыркайдын ыңаалаганы эле!.. Асылкан баласынын ыңаалаганына кулак төшөп ме-

миреп кеткендей эле. Анын бүтпөс ой-санаасы да, мына бу өзү көз жуумп бараткан жарык дүйнөгө калтырганы да ошол ыңаалак-ымыркайынын ыңаалаганы эле... Үзүлүп бараткан энепин оюна, анын оозуна ушул гана ушуну дайындоо гана келди: «Апа-а... ушуну?..»

* * *

Калыйпа өзүнөп-өзү элеңдеп, чочуп кетет, кээде. Кайдан-жайдан ушул үн чаңырат. Анан, ошону өзгөлөр да угуп койгонсуп өзүнчө коопсуйт. Төтөн, Зарылы үйдө маңдайында отурганда аны жалт карап, өзүнчө бушайман. Кайра өзүн жемелеп, ичинен келме келтирет:

— «Илаи-лаи-иллала!.. Капырай, мен карап туруп жинди болуп баратамбы?!» Бул абалып өзгө түгүл чалына да оозунан... жо, былтыр бир сапар наалый сүйлөп келатса, чалы адатынча бакылдап салган муну жемеге алып:

— Эх, кудаа урган! Бакшы кемпирдей болуп жок-бар нерсе көзүнө көрүнө берет! Бас! Жарабаган кепти...

Ана, ошондон бери не болсо ичинде...

Денindеги оору качан эмнеден жабышкацын кээде, адам өзү билип, аны өзү сүйлөй кетет го, Калыйпа да бу дарты эмнеден болгонун өзү билет, бирок, анын атын айтып, бирөөгө даттанууга даабайт. Даабаса да көкүрөгүнөн бир нерсе кетпей, каргыштай, өйкөп гана турат.

— Атаа, ошо сааттуу жээн келбегенде!.. Бу, азабың арылбаган чал кайдагы жээнин таба койбогондо бу балаа жок эле! — Мына ушу гана. Өзүнө-өзү, ушуну жүз бир эки айтып, чалын ичинен жемелей берет.

Киши кээде, өз башына келген кырсыкты андан-мындан көрүп, а түгүл, өлүмдү да жок-барга тогоп, өкүнө берет эмеспп. Калыйпа ошонун бири. Айласы кеткенде, ичи бышып баратканда баарын чалынан көрүп, өзүнчө бууракандап ийет. Деги, анан, качантан кабарсыз кеткен жээни буларды ушунча сарсанаага, убайымга сала коерун булардын өзү эмес, ошо жээндин өзү билип коюпурбу!..

25

Нурактын тиги Чүй ичиндеги карындашы согуш учурунда өлүп, андан калган жалгыз баласы ошояктагы жетим балдар үйүнө өтүп кеткенин адегенде, Калыйпа укпады беле. Анда, Нурак согушта. Аны укканда мына, ушу Калыйпанын өзү да сөөгү какшап, нечен кур ыйлап жүргөн:

— Аа, арман! Мында болгондо баланы өзүм эле багып албайт белем!

Согуш басылды. Нурак келди. Акыры арадан он-чакты жыл өтүп жээн табылды. Ал интернаттан тарбиялапып, мектеп бүтүрүп, эми жогорку окуу жайында экен. Бет түспөлүү энесине окшош, аксаргыл уланды Нурак дароо таанды. Учурашып, жөн-жай суроодон мурда кучактап басын жыгылган, бакылдаган, жээрде сакал кишини бүшүркөй карады улан. Мунун бети-башын жаш аралаш сакалы менен жышып, шолоктоп да, жалынып да жатты:

— Садагаң!.. Садагаң гана кетейин!.. Өлгөндөн калган... — Ушинткен, ал бир оокумда гана, уланды кучагынан бөшотуп, маңдайында дале бүшүркөй карап, элейип турган аны тиктеп каргылданды:

— Мени тааныбай турасыңбы? Ыя айланайын, мен таякең эмесминби!

Таякесин бул кымындайында көргөнү элес-булас эсине келди:

Сиз, таякем... Нурак таякемсизби? — Нурак кайра кучактап, аймалап калды:

— Балакетиңди, алайын, сенин!..

* * *

— О, бая Нурак, жетим жээнин таап келиптир! — дешип айыл-ана, доңшуп, жакшы санаалаштар сүйүнүп калышкан аларга кошулуп:

— Ырас, болбодубу байкуштарга!

— Эми, бала-бото болуп калгай эле?

— Кантип, жатсынсын бу таякесин? Нурактан өзгө туугаңы жоктур?

— Ай, ким билет? — деп күмөнсүгөндөр да, айылда. — Бу, эркек балаң опурталдуу болчу эле. Эркек балаң оцой менен боюн берчү эмес эле таякеге?...

Айыл-апанын мындай күпүрүн Нурак да уга жүрдү, бирок, зайыбы экөө тең ага кулак каккан жок. Кайра күчөп, өзүнчө бакылдап таштады каадасынча:

— Мен элдин жээнин сураган жокмун! Жээним мени жатыркап баратса, аны өз кылып бергиле деп да сурабайм, ошол элден!

Жээни ырас эле окуудан келген сайын Нуракты гана байырлап, таяке-таажеңесин — ата-эне тутту. Булардын да эбедени эзилип, жээндүү түгүл, балалуу болгондой жырган калышты. Мына, ушундан кийин айылдагылар да тигини «Нурактын жээни» дешпей, «Нурактын баласы» деп турган болушту.

Айылда, келин алып, кыз берип жаткандарды көрүп, булар да жакшы үмүт этип, уулунун келин алып келчү күнүн күтүп жүрүштү:

«Көрүнгөн тоонун ыраагы жок! Куда кааласа биздин уулубуз да келин жетелеп кирип келет бир күнү!» Муну эрли-зайып көөмөйүндө айтып, күдүндөшүп, кээде, ачыкка жарыялап, жетине албай жүргөн алар эми келин-уулдун оокат-тирлигин камдашып, түш кийиз сайып, жууркан-төшөгүн, стол-кроватынан өйдө дайындап, тойго сойчу малынан өйдө атап коюшкан эле.

Карап туруп, ойго келбес иш болду. Бая, адеп, бул табылчудагы айылдагылардын түкшүмөлү туура чыгып, жээн өз туугандарын таап кетпеспи! «Жээн — эл болбойт, желке — тон болбойт!» дегенди бу Нурак менен Калыйпа түгүл, бүт айылдагылар оозуна алышып, ошо жөн билбес жээнге наалат айтышып, таякесин аяп калышты:

— Байкуштарды күлгө чапкандай кылбадыбы! Ой, өгөйү куруп кана кетсин!

А жээн болсо, бул иште бир кыян-кескилигинен эмес, жооштугунан кылды. Бала жер карамаак, мурда айтканды тилине кирме, оомарак эле. Ошо, окуусун бүтүп, райондогу бир чоң колхозго зоотехник болуп барган балага агатууган табылып, күн-өңүнөн, түн-түшүнөн кетпеди анын: «Карачечекей ага-тууганың болобуз, балам. Сени жоготконубузга канча болду эле, мына эми ишибиз ак экен!.. Таякелериңде жүрүпсүң... Канча айтканы менен таякенин аты — таяке. Кайнап, каның кошулуп кеткенде, аны сага тууган дебейт!»

— «Биз мына, өз намысыбызды ойлоп келип турабыз!» Буга окшогон, быжыңдаган кептин ар кылы ар кандай үн менен нечен ирет айтылган соң, бала уюду да тууганын ээрчиди...

Бул окуяны адегенде, бир коркунучтуу түштөй туйган Нурак менен Калыйпа али, ынана алышпай турушуп, бала биротоло кете бергенде гана бүк түшүп калышты...

* * *

Ушундан бир нече жыл өттү. Андагы күйүт менен өксүк унут болуп, ошо азаптуу жээндин өзү да унутулуп, булардын Зарылбүбүсү бой тартып калган эле. Көөдөндү тос капкан тоңгон качантан берки баланын зары жазгы муздай эрип кеткен эле. Жазгы кызгалдактай Зарылбүбүсү булардын көңүлүн жашартып, булардын үйү да, көңүлү да ошо жаз — баары болуп турганда...

Нурактыкына мейман келди шаардан, мейман аялын, эки баласын ээрчите келиптир. Адеп, аларды көргөндө: «келгиле», деп гана ооз бүлк эттиргени болбосо, эрли-зайын экөө тең сустайып, а түгүл, жүзүн үйрүп коюшту.

Очор-бачар болуп, токтолуп калган балыгыр сары киши да, анын ак куба, сулуу аялы да булар менен «таяке, таажеңе!» деп учурашты. Буларга өзгөчө сонуркай караган Зарылбүбү гана бул үйдөн. Демейде мейманга үзүлүп-түшкөн эне-ата жок бүгүн?.. Ата-энесинин тимден-тим тулу түшүп, мына бу сонун кишилерге сыртын салып, отурушуна таң калды. Бир сапар энесине шыбырап, булардын жайын сурамак болду эле, ал көзүн бузуп, «тим отур!» деп белги берди.

Чай ууртап отурган ак куба сулуу аял Зарылбүбүдөн киргени көзүн алган жок. Жаңы гана көзүн ачып, от ээрчиген баладай ал кыздын ар кыймылын ээрчий карап, кайра Калыйпага алдыртан көз кырын таштап отурду. (Бойго жеткен кызга жандын баары назар салат. Өзгөчө, аялдар кызды сыпоого калганда укмуш эмеспи... тигил аялдын көп караганын Зарылбүбү да, Калыйпа да ошого жоруштү.)

Үйдөгүлөр тым-тым ойпоң, чай ичилди. Дагы далайга кеп түшкөн жок ортого. Тиги, төрдөгү балыгыр, сары киши гана ууртундагы жылмаюусун жогото албай, печен оозун таптап, кайра токтоп жатты. Анын ушу тапталы көрүнүшү: тентектигинен бир ишти бүлдүрүп салып, эми атасына бет бага албай турган балага окшош эле. Ары толгонду, бери толгонду кыйла машакаттан өттү, ал оозундагысын айткыча. Оо, бир оокумда:

— Таяке!.. — деп жалтаң унчукkан тиги жээн бар күнөөнү мойнуна алып, ошо өткөн-кеткенге кечирим суроого келгенин эки ооз гана айтып тим болду.

— Кечтим! — деди Нурак бир тынымдан кийин. — Сен үчүн кечпесем да мына бу бала-чакаң үчүн кечтим.

— Өңгө үчүн болбосо да... — деген Калыйпанын үнү азыр ыйлап, сооронгондой эле. — Жээн келин үчүн да кечпейбизби ботом!.. Ушинткен Калыйпа мындан улай, бүтпөс таарынчын чубап кирет беле, Нурак сөздү чолок үзүп, өзү ордунан козголду:

— Бүттү, кетти баары... эми мындан ары кол үзбө! Болду, ой!.. — деп Калыйпанын үнүн басты. — Жарыкта малга бата кылалы.

Таякесинин жээнине ич күптүүсү, качантан бери жанбас таарынычы ушуну менен жанды. Кеп кайталанып айтылган жок. Кеп жаңыртууга бирде-биринин бети чыдабай тургандай. Баса, айткандан жээн бир ооз гана актануу өндүү кебин күбө тартты:

— Тиги Тогуз-Торого эки жолу барып, ордуңардан таппай калбадымбы? Кайда экениңерди билишпейт экен?

Бу кепке не Нурак, не Калыйпа жооп кайтарган жок. Ошо тапта ал экөө тең ишке алагды сыяктанып, бирөө отту күчтөп, казан менен алек, бири союлган койдун этин бузуп, кепке буямасы келбегендей. Негедир, экөө тең Зарылбубүсүн кыя карап алышты, анысын өздөрү гана билишти. А түгүл, Нурак жээнинин бу кебин такыр эле укпай калгансып, башка сөз сүйлөп жиберди:

— Зарылтай, мына бу ичеги-карынды ары ала кой.

* * *

Жээн мында, биринчиден, таякеси менен учурашып, өткөн ишке кечирим сурагалы, экинчиден, үй-бүлөсү менен тааныштырганы келген. Ал таякесинин кинде үч күн туруп калды. А берки Нурак менен Калыйпанын ич күптүүсү, ичтеги бугу ошол эле түнү тарап, буларга адепкисиндей жалбарып, балдарын алпештеп калышты. Таяке-жээн али үйбүлөлүк кепти таштап, тыштын сөзүн сүйлөштү, илим-өнөр жаатынан кеп салышты. А жээн келин менен Калыйпа эзилише сырдашып: а жээн келин не бир жароокер, ичине тарруудай неме сактабас, ачык-айрым ургаачы экен. Илбериңкилигин айт! Келери менен чечинип ийип, казан-аякка аралашып, ал ичинде болгонун бу тажеңесине төгүп, кымындай кезинен бу күнгө чейин көргөнүн деги калтырбай айтып жатты.

Баса, кишинин ичи-койнуна кирген ал чү дегенде эле булардын канча бала көргөнүн сурап ийбеспи:

— Деги канча бала көрдүңөр, тааже? — Анын суроосун лып илип алган Калыйпа да такалган жок:

— Тууганда-тутунганым ушу кыз, кагылайын! Таякең экөөбүз карганча сарыгып... акыры зарыбыз кудайга өттүбү, ушунубузду кечээ көрдүк.

Жээн келин ушу кептен кийин да бу Калыйпаны кандайдыр алдыртан күмөнсүй карап, тиги кирип-чыгып жүргөн Зарылды негедир бүшүркөй тиктеп жатты. Калыйпа кезектүү суроосун таштады тиги келинге:

Өзүң канча бир туугансың, кагылайын? Төркүндөрүң кайда? Суратпай айтканы турган таржымалын, жээн келин үшкүрүк менен баштады:

— Өг-үүщ!.. Бир эркек, эки кыз элек. Эркегибиз согуштан кайтпады!.. Өзүмөн эки жаш улуу эжем (улуулугу деле жоктой, тең өскөнбүз. Бир жатып, бир туруп, жаныбыз бир-

ге эле) ал, ошо мугалимдер институтун бүтүрүп, Тогуз-Торого мугалим болуп кеткен. Аты — Асылкан...

Ушундан аркы кеп Калыйпанын кулагына угулбай жаңырыктап, деми кысылып баратты, аны өзү эле сезди. Тамагын жазап, шилекейин бир күрмөп алды, маңдайындагы жээн келинге сыр бербөөгө аракеттенди.

Дал, ушул тапта тиги сүйлөп отурган жээн келиндин көзүнө жаш толо түшүп, жашын мөлт эттире ирмеп алып, чөнтөгүнөн алган кок жибек жүз аарчысы менен жаштуу көзүн басып, калбаганда бу маңдайындагы Калыйпанын абалын: бузулуп кеткен иреңин да, кандайдыр коркуп кеткенсиген көзүн да, деми кысыла түшконүн да сезип коер беле?.. Өз жашы менен алек болуп калган, анын жашыган үнүн кыйлада барып укту Калыйпа:

— Мугалим болуп иштеп жүрүп, ошо Тогуз-Тородон... Болгондо да төрөттөн көз жумганын кийин угуп отурбаймбы-ы!.. Ата-энебиз мурда өлүп калып, мен да... А, ата-энем болгондо!.. Асылкандын көзүн көрүп, жок дегенде өз колу менен... Ал кайра шолоктоп кирди. Калыйпа эмне кыларын билбей, нес. Үйдө эркектер жок болчу. Булардын балдары тышта ойноп жүргөн. Үйгө кирип-чыккан Зарылбүбү гана мына бу өзүнөн-өзү басылбай шолоктогон аялды бир, өз энесин бир карап таң. Капырай! Демейде ар кимге аначы болуп, ар кимдин көңүлүн ала чуркап жүрчү элпек энеси — Калыйпа кана бүгүн? Же тиги аялдын ыйлаганын ылайык көрүп турабы? Энесинин нес болуп турганын да, кубара калган өңүн да кыз бала байкап койду, анан, өзүнчө жоруду: «Апам кошо кейип турат, боорукер эмеспи, байкуш!»

Оо, кыйладан кийин гана Калыйпанын үнү зорго чыкты муунагып:

— Кой, эми... айланайын, эми... — дегенге гана араң жарады. Тигиге кайрат айтканы да, тигини соороткону да ошо болду. А тиги солуктаган аял ошо ый аралаш өксүгүн, арманын айтып жатты:

— Шо... шоруң... каткыр... — дын көзүн эле... бир көрүп... оозунан бир ооз сөзүн угуп калсам эмне!.. О, балам менен!... Байкуштун ажалына бүткөн балаа экен го ал бир!.. Анан, кур дегенде... ошо перзентин көрүп калсам эмне?! Куурагырдын ичинен чыккан ийри жылан эле го!.. А желмогуз болсо да... ал мага... Анын тирүү калганын... анын тирүү чоңойгонун көрүп эле калсамчы!

Таманынан дүркүрөгөн бирдеме Калыйпанын төбөсүнө чыкты, ушу тапта. Ал колунун калтырап турганын өзү көргөн жок. Анын жүрөгү зырпылдап сайгылашып, ачышып,

деми кысылгандан кысылып баратты. Тиги мандайында сүйлогон аялдын үнү отко күйгөн керосиндин жытындай думуктуруп жатты Калыйпаны.

— Кур дегенде ошо перзентин эле көрсөм эмне?! Эжемин ордуна демөөр этип кара тутпайт белем!.. — дегенди кайтарып айтты. Ушул кеп Калыйпанын кулагынан түк кетпей койду.

* * *

Калыйпанын санаасына мына ушундан тартып бүлүк түштү. Анын абалкы, сергек мүнөзү күндөн-күнгө көөнөрүп бараткансыйт. Туз көтөрүп жүргөндөй үшкүрүк басып, жакшык болуп кетти. Мына эки жыл ичинде бети бырыштан көрүнбөй, көзү тунарып, денинен эт качып, шүйүп калды. Кемпири эле түгүл, Нуралтын өзү да күүдөн тайып баратканда, эки ийни эңиштеп, шилиси кержейип, сакал-чач куудай боло түштү. Эчтемени капарына албай карсылдап гана жүрчү абышка асан кайгы болуп, кээде, жок-барга кейип, жукарып баратты.

Нурак менен Калыйпанын жукарып кеткенин айылдагылар алардын карылыгына тогошту: «Бу карылыгың билинбей келет экен го! Ушул экөө быйыл эле эңкейди».

Бирок, өздөрүнө гана маалым күйүт, буларды билинбей эритип баратканда. Алиги, жээн чоңойгон соң бая өз туугандын таап алып, баса берчү күн кайтып, башка түшчүдөй: «Алиги таежеси Зарылбүбүнү тааныйт да эртеди-кечтир колуна алат!.. Курган кемпир-чал калбарбыз, ээ журтта?!» — Бу санаа жүрөктө зил болуп...

Китеп-дептерин колтуктап, үйдөн чыккан Зарылын ээрчий караган кемпир-чал бирин-бири тиктеп телмире түшөт. Мына, ошо телмирген пушта экөөнүн ою тигил арманды жарыпа айтат да турат:

«...дагы каларбыз ээ журтта?!» — өзгөчө, мына, быйыл мектеп бүтөт дегенден бери, Зарыл шаарга окууга барат дегенден бери Калыйпанын көзүнөн жаш кетпес болду...

А демейде бу кемпир-чал кызыбыз окуйт дегенде уйкусу келчү эмес. Зарылы тээ, 5-класстан окуп жүргөндө эле, бу Нурак күүлөнүп, сала берчү чогууга:

— Зарылтайымды түз эле Маскөөнүн өзүнөн окутсамбы дейм, балам зээндүү!

Бул эми ооздон түштү. Бая, жээн келип кеткени энеатасынын шайы оон, деми сууй түшкөнүн бу Зарылбүбү өзү да билип, өз ичинде мына ошо жээнди, аялы экөөнү жек көрүп калды.

Мына эми онду бүтүштү. Болгондо да Зарылбүбү Алтын медаль менен бүтүп койбодубу! Бүт колхозго, бүт мектепке дүң болду.

Бүтүрүүчүлөрдүн баасы угулуп, аттестаттары тапшырылып жаткан күндүн салтанаты!.. Ар бир эне-ата улан-кызы жаңы төрөлүп жаткандай жүрөктөрү элеп-желеп. Окуучулар бирден чакырылып, алар алдыга бирден чыгып, шаңдуу музыка алдында аттестаттарын алып жатышкан.

— Нуракова Зарылбүбү!.. — деген салабаттуу үнгө аралаш Нурак карыя өзү тура калбасы, тебетейин колуна кармап:

— Мына, мен! — ошо замат эл дуу күлүп, Нуруктын кулагына эч нерсе угулбай, көзү алачакмактап, бети чымырап кетти. Ошого аралаш шатырата кол чабылды. Кол чабуу далайга басылбай турду. Уялганынан дел болуп турган Нурак күлкүгө аралаш кол чабууга таңкалды, кайра ыза болду: «Мени шылдың кылып жатышкан тура!»

— Атаңын оозуга урайындар! — чал бакылдап кое берди,— а Нурак мен эмей ким экен ыя?! Менмин — Нурак! Кызым — Зарылтай! Ие, чаба бергиле, колуңарды!

Ууртунан жылмайган мектеп директорунун колунда — аттестат, жанында — Зарылбүбү турган.

— Аксакал,— деди ал аттестаттын бетин Нуракка жая көргөзүп, жанындагы Зарылбүбүнүн саамайынан сылап. — Нурак аксакал, сөз угуңуз? Мына — Зарылыңыздын жетилүү аттестаты. Кызыңыз мектепти бүт «5» деген баалар менен бүттү. Андыктан Зарыл Алтын медаль менен сыйланды! Зарылбүбүдөй кыз өстүргөнүңүз үчүн сизге жана Калыйпа апага биздин мектеп, мугалимдер коллективи алкыш жарыялайт!

Бүт «5»ке толгон аттестат чалдын колунда куду желге тийген жалбырактай делбиреп турду. Нурак көзүнө жаш алды. Үнү да, сакалы да дирилдеп муну айтты:

— Оо, айланайын! Алкышты кемпир экөөбүз силерге айтабыз! Зарылымды адам кылганыңар үчүн, мына силерге айтабыз алкышты! Мен эсим киргенден тартып, төңкөрүштүн ураанын чакырып, совет өкматына кызмат кылдым! Ал үчүн каны-жанымды аябай ар дайым алдыда жүрүшкө адет алдым! Мына, кызым да өзүмү тартыптыр! Мына эми, мээнетим жанды! Мындан ары да карым-казык, башым-токмок болгуча...

Дүркүрөгөн кол чабууну ураалаган үндөр коштоп, мектеп зоодой жаңырып турду.

Түш оой кетти. Самак гаражда эртеден бери турат. Анын күткөнү: жүк тарткыч машина, анан, тоого барчу кишилер; эртеден бери же, машина же кишилер жок зарыкты. Баса, жанараак бир шыпылдаган улаң менен арык чал келип, кайра кетишти: «биз үйгө бара туралы; машина дайын болгондо келе калабыз да».

А Кара-Кужурга барышка дайындалган полуторканы жулкунта айдаган жүлжүк көз жигит жаңа таң эртең ушу гараждан кимгедир ачуулана чыккан: «башкармасы талаага бар!» десе, пермеси, «тоого бар!» дейт! Баары эле оозуна келгенин оттоп, баары эле чоң! Э, атаңдын оозуга...» Ушинтип булкунган, анын ачуусун машинанын күркүрөгү коштогон бойдон кеткен. Гараждан чыгып бараткан машинаны жандай чуркаган Самак андан оң жоон алалбай калды: «тура тур!» деп булк этти да кетти ал.

Мына, «тура турганы» качан!..» Кой ферма башчысын издеп, бу кыштактын түтүнүн түрө кыдырды. «Жүрөт эле, ушуларда...» дегенди ар кимден угуп, аны эч жерден таба албады. Гаражка улам чуркап келип, кайра бая кой ферма башчысынын шоферун, анан, тиги, Кара-Кужурга барар, арык чал менен шыпылдаган баланы издеп суй жыгылды. Машташын алгандай бирде-бири таптырсачы!..

Гаражда алиги котур койлорду дарылоого даярдалган дарысы бар цистерна гана солк этпей күтүп турат. Гаражда бирин-эки механизаторлор гана: майлы-гөө колдору менен сан-түркүн буроолорду тескеген, береги, көзү көгүлтүр, өзү балыгыр, толмоч жигит эле, бу Самакты аяй карап, таңдайын шык эттире, башын чайкап коюп жатты, өзүнчө кобурап:

— Эмне кереги бар кишини убара кылып! — деп койду ал бир оокумда, кимгедир ачык нааразылыгын билдирип. — Ырас баргысы келбесе: «барбайм» де, анан, курулай... качан болсо ушинтет жанагы Рашиткул — акмак!

Бул жаңа эртең менеңки ушу гараждан уруша чыккан жүлжүк көз шоферду айтып жаткандын Самак түшүндү; арыта басып келаткан, тартагай механизатор берки балыгыр жолдошун коштой кетти:

— А сен жанагы Жупуштун жүзүкарасын айтасыңбы?!

— Ии, ошо шофер — Рашиткулчу?

— Оо, ал барып турган кыянат шумшук да! Анын «макул» дегени «апый» дегени! Анын сырын мен беш колумдай билем го!

— Жарабайт да ошо,— деди берки,— уят да ошо!

— Кызык экенсиң, сен! Уятты билип коюпсу ошо?! Уяттан кийин туулган ал. Бирөөнүн муктажына жарагыча аны какшатканды жакшы көрөт. Жүгүн көтөрүп, жолдо зарылып турган кишини көргөндө машинасын жин ургандай чымын-куюн кылып токтобой өтөт да кетет. «Ой, айланайын! Мени ала кетсең?» деген жолоочуну сөгө жооп берип, ага түкүрүнүп өткөнүн өз көзүм менен көрдүм: «атаңдын башы ала кетем!»

— Таш боор акмак! — деп кыжынды берки. — Баса, баягы Ыбырайымдын келинин жолго таштап кеткен ушул ээ?

— Так ушул! Ушул акмак болбогондо, операция өз убагында жазалса тирүү калмак экен! Докторлор ачып көрүшсө: сокур ичегиси жарылып кеткен тура бечара келиндин...

— Анык таш боор айбан экен ээ?!

— Адам эмес, анын ордуна жырткыч айбан болгондо боору оорумак. Деги кайдан көрдүң эле, өлүп бараткан адамды таштай качканды!.

— Ошо бечара келин жанталашып: «айланайын!.. Айланайын Рашит!.. Жансоога! Аз эле калды! Жеткире салсаң?.. Жансоога!..» — десе, тиги Жунуштун шүмшүгү орондоп, түртүп түшүрүптүр кабинасынан: «убактым жок деп атпаймбы! Кандай укпаган эмесиң?! Азыр арттан машина келсе түшөсүң да!» Ушинтиптир да, өзү, ары Бугучунун токоюна кирип кетиптир, көрсө, ошо токой арасына уурдап каткан малдын жеми бар тура... Ошо уурдап каткан эки мешок жем үчүн бир келинди өлтүрдү акмак!

— О, ууру ит! — деди берки. — А бечара келинди оорукканага жеткирип кайра келсе деле албайт беле!

Кара-Кужурга алып кетчү цистернанын түбүндө отурган Самак эми өйдө турду да тигилердин жанына басып барып, алиги көзү көгүлтүр, балыгыр, толмоч жигитке кол сунду:

— Таанышып алалы: менин атым — Самак, Жумаев Самак,— деп, аты-жөнүн толук айтты эле, берки балыгыр сары, май болгон манчасын майланышкан чүпөрөккө сүртө берип, билегин берди:

— Менин атым — Бейшенбек.

— Калп айтат! Анын аты — Колчой! ха-ха-ха-а! — деп өзүнчө каткырып калды канжайган узун кара. «Колчой» да тигиге жемин жедирген жок:

— Атаңдын башы! — деп барк этти, күлө баккан калыбында,— А сенин атың — Турна!

— Ха-ха! — этип, күлкүсүн баспай Самакка кол берген, тартагай, кара жигит өз аты-жөнүн атады: — Эрмегаалы!

Сааданалиев Эрмегаалы деген биз болобуз! Бу калкостун алдыңкы мыканысатыры! — ушинтип оюн-чынынан үнүн көтөрө чыгарды.

Айылда бир өскөн теңтуштар бири-бирине өз ара ат коеру бу Самакка да белгилүү эле...

Бейшенбек — Колчой менен Эрмегаалы — Турнанын тамашасына бат аралашып, бул колхоздун абалы, адамдары жөнүндөгү маекти кунт коё тыңшаган Самак өзүнүн эртеден берки зарыккынын саал унуткарды.

— Анткени менен башкармага ал жагат,— деди Бейшенбек.

— Жакпаганда... — коштоп койду Эрмегаалы. — Ал жакпаганда... анын, кыянаттыгы да, таш боордугу да ошо башкарманын өзүндөй да. Ал өзгө элге кыянаттык кылганы менен башкарманын көзүнүн агы менен тең айланат. Басса-турса: «башкарма, башкарма», дейт да турат. А башкармадан башканы көзүнө илип койбойт. Башкармадан өзгө жан жоктой бу калкосто!

— Айтор, ал айбанды башкарма алпечтеди го!..

— Анын ууру-ушагынын баарын башкарма жаап жатат.

— Ырас, бу башкарма болбогондо баягы жүндүн окуясы муну оң таптырмак эмес ээ?

— Ыя? «жүндүн окуясы» дейсизби?

Минтип кызыга калган Самакка карап, мыштыя күлдү Бейшенбек:

— Ээ, ал бир... — деп андан аркысын айткысы келбей, берки Эрмегаалыны карады эле, ал буга кол шилтеп койду:

— Айта берсеңчи, анын эмнесин жашыргыдай!..

...Ушул Рашиткулдун Жекен деген бир шум жолдошу бар эле. Анын атын — Жекен деп жалгыз айтпай, ага «уурусун» кошуп айтышчу: «Жекен ууру»... А чынында, бу Рашиткулдан да ашкан, түндүктөн түшкүр эле.

...Өткөн жай. Кыйгас кыркын учуру. Балыкчыга жүн тартып баратышкан экөө жол боюндагы ашканага токтоп, арак ичишип отуруптур. Каршы-терши зуулдаган жеңил машиналар Рашиткулдун көз жоосун алат: каймак түстүү москвичтер, көлдүн ирминдей «Волгалар;» учу-кыйры көрүнбөс көгүлтүр асфальтта: Нарын жактан — көл тарапка, көл тараптан — Нарын жакка жарыша зымырайт... кооз машиналардын ачык терезелеринен тышты караган жүргүнчүлөр теребелге кызыга, суктана карашат. Алар машинада эмес эле сыйкырдуу бир куш канатында зыпылдап учуп жатышкандай... жер үстүндө ошо жеңил машинада барат-

кандардан бактылуу жоктой эле ошо тапта бу Рашиткулга... Алты кыр стакандын белинен аракты жутуп ийип, туздан жалап койгон Рашиткул бир тыпымдан кийин тамшанып минтти:

— Атандын көрү ай, э! Ушундай бир машинем болсо!..

Ошо тапта табактагы лагманын бурдай сугунуп жаткан Жекен ууру оозундагысын жутпай туруп, муну тунжурай карады: бош табагын столдун тиги четин карай жылдырып жатып, жолдошуна суроо салды:

— Ко-ош, кандай машине алгың келет?

Муну укkan Рашиткул кырс-кырс күлдү:

— Хи-хи-хи! Менин каалаган машинемди сен алып берет белең?

— Кое тур,— деди берки, кырсылдап күлгөн жолдошун сынай да салабаттуу карап,— кое тур, күлбөчү, сен?

— Хе-хе-хе! Күлбөй турган жорукпу? Бу машине аттуунун баарын эле өзүң таратып тургандай сүйлөйсүң?.. Хе-хе-хе!..

— Жо, сен, күлбө деп жатпаймбы! — берки Жекен ууруунун үнү баягыдан катуу чыкты. — Серьезный иште — серьезный сүйлошүү керек; мында күлө турган перее жок. Айт? Кандай машине алгың келет? «Волгабы»? же «Москвичпи»? Айт?!

— Ии, «Волга»! — деди бул жанагыдай кытылдап күлбөгөнү менен берки жолдошун караган бетинде дале тамашалуу-мыскыл турду.

Сигаретин шашпай күйгүзүп, жай тарткан Жекен ууру, түтүндү Рашиткулдун бетин карай үйлөп минтти:

— Болуптур!.. «Волга» минесиң. Только, мен айтканды аткарсаң гана?

— Кана, айтып көрчү? — Рашиткулдун өңүнөн мыскыл дале кеткен жок.

Жекен ууру эки жагын, ашкана ичин чалгындай карап алды. Ашкана ээн эле: буфетчи да, а түгүл, буларга ичкилик, лагман алып келген официанка да көрүнбөйт. Отурган экөөнөн өзгө киши жок болгон соң алар да өздөрүнчө го?

Жекен ууру Рашиткулга көз кысып, терезени көргөздү: терезе тушунда толтура жүн жүктөлгөн бул экөөнүн гана «ЗИЛ-110» маркасындагы машиналары турган.

— Экөөндө канча тип, жүн бар? — Жекен ууру жанагыдай эле түтүндү Рашиткулдун бетин карай үйлөп сүйлөдү.

— Отуз беш... жана отуз беш... ии, жетимиш,— деди берки.

— Жетимиш... — деп көзүн сүзө калган Жекен ууру, адегенде жүндүн салмагын, анан, анын акчасына кошуп да-

роо чыгарды: — жетимишиң — алты тонна... алты тоннаңын ар бир килограммы он сомдон — алтымыш миң! Уктуңбу? Ал-ты-мыш ми-иң!.. — деп ошо сөздүн ар бир муунуна тонанын салмагы түшүп аткандай, бөлүп-бөлүп ныгыра айтты: — ошо алтымыш миңдин жы-гыр-ма ми-ңин приемщике, кассирге ж. б. ларына жумшасак, мынабу жанга,— деп жан чөнтөгүн чапты,— мына бу жанга — жүндүн дакументине кошулуп, чип-чистий кы-рык ми-иң түшөт! Жы-гырма-сы се-нин, а жы-гыр масы-менин чөнтөгүмдө-ө!..

Рашиткулдун оозу ачыла түштү. Жанагы күлкүсү токтоп, одүнүн мыскылын жел айдагандай жоголду: «Бу Жекен уурубу кадимки же?» Мына ушинтип жанындагы жолдошун таңыркай карап отурду. Жекендин өңү өзүнө окшоп турганы менен сөзү окшобойт, сөзү!.. Жекен мындан мурда бир шумдуктуу шпиондордун мектебин бүтүп келгендей көрүнүп турду.

— Любой «Волганы» чекеге чертип туруп ала бересиң!..»

...— Айтор, ал экөө ошо жолу айтканын-айткандай кылып, алты тонна жүндүн акчасын өз ара бөлүшүп, документтерин жик чыгарбай тууралап, анан, «Волга» алууга соодалашып турган жеринен кармалышыптыр.

Баса, алардын ушул ишине башкарма да өнөк экени ырас го ыя? — деди Бейшенбек, Эрмегаалыны карап.

— Ой, ырас болбогондо... башкармасыз кыймылдай алышабы тигилер. Ошо өнөк үчүн жанын үрөп жүрүп кут-карып албадыбы буларды; эп, баатыр айэ! — деди кара майга чыланган, чүпөрөк менен буроолордун биринен сала экинчисин сүртүп жаткан Эрмегаалы.

Күн түштөн ооп кетти. «Же иттен жок, же ит байлаган жиптен жок» болуп отурду Самак. Эки механизатордун үйлөрүнөн ала келген азыгына орток болду түштө: бир чөйчөк айран ичип, нан жеп алды да кайра жөнөдү кыштакты аралап. Ферма башчысын таппаса, башкармага жолугуп калар?

Ана, башкарманын эшигинин алдында токтоп турган ГАЗикти көрө койгон Самак шаша басты: «ии, үйүндө экен! Кетип кала элегинде жетейин».

Дарбазадан кирип баргап Самак тигинде суу сээп, короо шыпырып жаткан, арыкчырай, кара тору аялды көрөрү менен тааныды: муну бая күнү контордон көргөн; ошо конторду иштерин байкаган.

«Бул аял мында кайдан жүрөт? Же башкарманын келиндериненби?» — ичинен ушинткен Самак ал аял менен учурашты да сурап калды:

— Саламатсыздарбы? Башкарма аксакал бар бекен?

— Тигинде, кире бергиле... — ал аял тышкы ашканаңы көргөздү.

Эшик-терезеси көк менен жаркырата сырдалган кооз ашкана бу чоң үйдүн эшик алдына жарашыктуу курулган экен. Кышкысын тиги чоң үйгө ушул ашкана жылуулук берип, (меш ушундан жагылчу) чоң үйдөгүлөргө тамак-аш да ушундан бышып барарын сезди Самак: «ашканасында отурса, демек, үйүндө мейманы жок; озү эле экен да,— — ушинтти да каалганы тарта босогону аттап, шар кирип барган бул, оозундагы саламын да толук айта албай, артына кетенчиктей токтоп калды:

— Ассалоом... — минткен Самактын көзүнө адеп, урунганы: булчундап тамак чайнаган башкарманын оозу; алдындагы күроң чарага толтура бышкан эт; ошол этти элей отурган атлас көйнокчон аял: тасторкондун түбүндө — четинде боксөргөн коньяк...

Башкарманын эки жаагы чулчуйган калыбында, оозундагы этти жутпастан, бу капыстан кирип келген Самакты жек көрө тиктеп калды. Атлас көйнокчон аял да селт этип, Самакка кылчайды, анан, эрине суроолу карады: «мунуң кайдагы бала?» Тыштан кирген кишини «кел» деш салты бу эрди-катындын оозунан эбак качып кеткендей тымтым...

Ушу тапта тыштан жанагы короо шыпырган аял баш бага калды эле, бу башкарманын аялы ага алкына кетти:

— Кайда жүрөсүң?! Каякта жүрөсүң дейм ыя, сен?!

— Жеңе, мен... тиги короону шыпырып...

— «Короону шыпырып!» — тигил аялдын тилин тууралы,— тилиң байланып калды беле?! Тыштан чоочун бирөө келатканда ит да үрүп табыш берет! Итче жоксуңбу?! — Самак менен тиги алма-терме акыраңдай карап кекетти башкарманын аялы. Же кайра чыгып кете албай, же бери өтө албай босогодо каккан казыктай болуп турган Самак бир оокумга башкармага кайрылды:

— Аксакал!..

— Эмине-е?! — деп барк этти көзүнөн чаары чыккан Байдалиев, суурдун таманындай бырtыйган кара манчасын майлыкка сүртүп жатып.

— Аксакал, машина эмгиче келбеди?..

— Эмине-е?.. Эмине дейси-иң?! — ачуусу катуу келген Байдалиевдин үнү кый-чый этти. — «Машине-е»? — деп бу Самактын айтканын туурады эле, «машине-е» эмес, «мише-е»? — деп угулуп, анын май баскан алкымы ого бетер кый-чыйлап жатты. — Эмине, машине-е?!

— Алиги, Кара-Кужурга барчу машина,— деди Самак,— котур койлорду дарыламак эмес белек? Анан, ошого креолин жеткирмек эмес белек?

Байдалиевдин аялы экөөнүн тең өңү-башы тырышты: Самактын сөзүнө жийиркенгенин дароо мына бу пейилдүү карасур аял. Мурдун чүйрүп, терс карады да жанагы короо шыпырган аялга минтип буйруп, кергиштей кетти:

— Ой! Ой, неме... — деди анын атын таппай,— алчы, ботом, бересилерди! Жыйначы идишти! Капырай, тамакты да бир жөн ичирбеген эл экен! Кайдагы акыр-чикир, котур-сотурун айтып кирип келишет! Сен эми,— деди ал эрине кергиштеп,— тынчыраак тамак ичип алышка да укугуң жокпу ыя?! Аныкбир кудай урган эмелер экен!

— Эл эмес экен! — деди Байдалиев, жанагыдан бетер демиге сүйлөп, мыштыңдай кетти. — «Котур кой», «кыралин» деп мага!.. Котур койду мен саламбы кыралинге?! А кыралинди мен... — деп саал мууна ла калган Байдалиев тасторкон жайылган тегерек столдун үстүн таяна кыркырады: — Мен... мен — киммин сага ыя?!

Жанагы бойдон босогодо былк этпей турган Самак арына келди: «Э, деги жаным ушунун колунда турса да!..» Өзүнчө минтип ичиркенип алды да тигинге түз жооп берди:

— Сиз — башкармасыз жолдош Байдалиев! — Муну уккан Байдалиевдин быркыйган семиз тулкусу саал солк этип, ууртгары дирт-дирт тартты; таноосу да дердеңдей түшкөн үн байкады Самак; тигинин ачуудан туттуга түшкөн үнү, оо, бир оокумда куду бироо муунтуп жаткандай кыркырай чыкты:

— Э... э.. эмине, ыя-а!!!

Самак да аны жанагы калыбында аны тике карап, тике сүйлөдү:

— Сиз бул колхоздун башкармасынын председателисиз, жолдош Байдалиев. Колхоздун элинин тагдырын чечер, муктажын билер, талабын капаттандырар жетекчисиз!

— Эм... эмине-е?!. А... а сен... а сенчи?! — минткен Байдалиевдин бети тултуя, кара гөк тартып, чыцалып тургапын көрдү Самак.

— Ссе... сеп... сенчи, бала!!!

— А мен бала да болсом — адисмин. Ишимин адисимин. Өкмөт мени окутту; өз адисим боюнча кызматка жиберди; мен өкмөттүн талабындай иштешке милдеттүүмүн.

— А... сенден башка эле... а сенден башкалар эмине!.. — деген Байдалиевдин майланышкан көзү чанагынан чыгып, таноосу дердеңдеп,— А... а... — этип, акактаганда оозунан когултур кызгылт тили көрүндү жондонуп. — А

сеп... а сенден башка эл ойноп жүргөн бекен ыя-а?! Жо-жо--жогго-ол, азыр!!! — Минткен анын мыртыйган кара манчалары эшик тарапка сунулуп турду. — Э... эл болгон атандын оозуга-а...

Самак тышка кандай атып чыкканын билбей калды. Байдалиевдин чарылдап согүнгөнү артынан угулуп турду. Ыза болду; өзүнө-өзү ачуулуу сүйлөп баратты: «мен эмне... машинаны өз керегиме сурадымбы?! Өзүм үчүн, оз оокатым үчүн ушинтип жатамбы?!» Минтип Байдалиевге айтса болмок, бирок, аны угар түрү жок.

Самактын кечээ, окуу бүтүп жаткан күнү эсине келди. Өмүр бою айыл-чарба адистерине билим берип, нечен мыкты жетекчи кызматчыларды уядан учурган мугалимдин токтоо да, коңур үнү кулагында:

...«Силерди чарба күтүп турат; силерди эл күтүп турат...»

Мугалимдин бул айтканынан улам ар дайым өзүн күткөн, чоң эненси — Зуура кемпир, атасы — Жума көз алдына келген. Өзү кызматка жиберилген ушул колхоз да, анан эли, активдери да Самакты жылуу-жумшак кабыл алып, колмо-колдоп кетчүдөй көрүнбөдү беле: «силерди иш күтүп турат; силерди мына биз күтүп турабыз; «кары келсе — ашка, жаш келсе — ишке» мына эми иш да, чарба да силердики.»

Колхоздун жетекчилеринен, өзгөчө, мына бу башкарманын председателинен ушул создү күтпөдү беле; муну кадимки мээримдүү ага, камкор ата тутуп келбеди беле ыя!.. Бая күнү антип кабыл алды; бүгүн минтип!.. Деги кантип иштер экен муну менен?..

Ушул ою менен алпурушкан Самак кайра тартып, гаражка келип калганын бир билди. Жанагы эки механиктин бири — трактордун астында, беркиси үстүндө буроо чыгарып, буроо бекитип жатышкан экен. Козүнөн бери кара май болгон Бейшенбек трактордун тумшугуна мүнүп алган калыбында кандайдыр бир обонду ышкырып, ачкычын салмай кармаган бойдон бу Самакты карады:

— Баягыны тапкан жоксуңбу?

Самак тандайын гана шык эттирди.

— Ой, ал таптырбайт дебедимби; издеген убарың,— деди трактордун астынан, тартайган буту чыгып жаткан Эрмегаалы.

Кара-Кужурга алып кетчү цистернанын түбүнө келип, аны айланта карап, аны кантип тоого жеткириштин айласын ойлоп турду Самак.

«Машина келип калар? Келем дегенден кийин алиги шофер келип калар? — деген бул дагы эле үмүтүн үзгөн жок. — Азыр ал кайда жүрсө да акыры, токтоор жери ушул гараж го?» Самак ушул оюн тигил экөөнө да айтты ушул азыр:

— Акыры гаражка келер? — трактордун тумшугунда ышкырып отурган Бейшенбек ийнин куушуруп койду:

— Келбей да калышы ыктымал.

— Ой, ал... — деп муну коштой кетти, алдыдан Эрмегаалы,— ал, бу гаражка машинеси бузулганда римунтка жө бир сапчас алыш үчүн гана кайрылбаса, ансыз оңой менен жолобойт; машинесин үйүнө токтотот.

Муну укkан Самак не бар, не жок, ошо Рашиткул — шофердун үйүнө барып келмек болуп, тигилерден анын үйүн сурады эми:

— Үйү кай жерде эле анын, ыя?

— Дүкөндү билесиңби? — Самактын өзүнөн кайра сурады Эрмегаалы, тиги трактордун астында жаткан калыбында,

— Ооба.

— Ии, ошо дүкөндүн артындагы көк дарбаза.

Дүкөндү бет алып ылдамдай баскан Самак: ошо дүкөн алдындагы токулуу аттарды, анан, полуторканы көрдү. Машина Рашиткулдуку экенин беритен тааныш өзүнчө кымындап койду Самак: «акыры кармадым го! Эми менден кача албассың?!»

Жалгыз бөлмө дүкөндүн ичи мына: тамекинин түтүнү менен кишилердин күжүлдөгүнө жык толтура экен. Күйүшө сүйлөгөн жан жок. Дүкөндүн тосмо тактайына ташөбөктү салган төрт-беш кишинин алдында: бош бөтөлкө, ошо тактай үстүнө төгүлгөн туз бар экенин ачык эшиктен көрдү Самак. Алардын бакылдагы там жарат:

— Э, кой, эми качпа!

— Ой, оозуң оозбу сенин?!

— Ий, ата-а!.. Ушу бир бөтөлкө үчүн...

Булар бири-бирин доого жыгып, бирөөнөн арак өндүрө албай турганын Самак дароо билди. Бул колхоздун дүкөнү жайынан-кышына, эртеден-кечке ушунусу-ушул. Айланасында сыңар талы жок, боз такырдагы ушул боз тамдын алдынан токулуу аттар, топураган кишилер кетпейт. Демейде жолукпас кишилер ушундан жолугушуп, да элек создөр ушундан угулат. «Ой, деги, качантан бери көрүшпөй кеттик эле!..» Ушинтип, көрүшкөнүнө кубанып кеткен кишилер бөтөлкөнү ашыга ачышып, дегеле кой, стаканды шыңгырата кагышып, жакшы тилек айтышып, таттуу сыр-

дашып, ооба, булар ошентип, таттуу сырдашып турганда тыштан дагы бирөө баш багып, дагы бөтөлкө ачылып, жана да бирөө дүкөндүн босогосун аттап, ачылган бөтөлкө көбөйүп, көтөрүлгөн стакандын эсеби жоголуп... жанагы таттуу көрүшүүнү бу дүкөндөн ачуу сөгүшү айдап чыгып: кызыл чеке, чак-челекей... ооба, бу дүкөнгө колтукташып кирген достукту куун чыгып, кастыкты чакырып келгенин бир билсе арак билет... Ырас, кишилердин санаасында жок кастыктын, кырсыктын кайдан аңдып турганын дагы эле бир ушу дүкөн, бир арак билет... Ага карабай ушул дүкөн да тиги дүкөнчү да, айрыкча, дүкөнгө кирип келип, аденки бөтөлкөнү ачкан киши да тыштан улам кирчү кишини күтөт.

— Ассалоому алейкум! — салам айтып дүкөндүн бозогосун аттаган Самакка тигилердин көздөрү жамырай калды; ушу саатта тигилердин ар бири: «бөтөлкөлөш достордонбу?» деген таттуу үмүттө эле.

— Ии, кел!

— Келициз, келициз... — дешкен булар ушу саатта астыларында арагы жок болсо да бир ооздон бу Самакка сыр алдырбай сыпайгерчилик этип, элпек мамиле жазашты; бир гана тиги шофер Рашиткул муну көзү чалаары менен терс бурулуп, терезе жакты карап калды; анын анткенин беркилер элес алышкан жок; дүкөнүнө бейтааныш жигиттин киргенинен уламбы, тиги дүкөнчү гана беркилерди какмалап тартипке чакырды:

— Дүкөнгө тамеки тартпагыла деп канча айтам, ыя! Ой, сен... — деди тамекисинин түбүн жерге таптап, түкүрүп койгон мурутчанды карап: — тышка чыгып түкүр! Бул өзү магазин — Муну — обшистивиний месте дейт билсец! — тиги тамекисинин түбүн шыпкап жаткан, сары мурутчан дүкөнчүгө оң көзүн кысып, сол колун көтөрдү:

— Койдук, таксыр! мына... — ушиптти да таштаган тамекисин колтойгон кирза отүгүнүн тумшугу менен таптап таштады.

Булардын баарынын көздөрү коюлуп, кызымтал экенин байкады Самак. Бу тааныш болгондо босогодон аттай электе кажылдашып, арак доолаша кетишмек эле, азыр муну жөн гана аңдып турушту: «азыр пол литр алып «келгиле» дечу немеби?» деген үмүт баарында бар эле. А Самак пол литр алыштын ордуна тигинде терезе тарапты карап, муну көргүсү келбей турган Рашиткулду карап минтти:

— Рашит, качан жөнөйбүз эми?

Тиги болсо, коркунучтуу кабар уккандай Самакты чочуй карап, олоң этти:

— Каякка? Кайда жөнөгөндү айтасың?!

Муну укkан Самак саал селее түштү. Шофердун өңүнө тигилди: эртең мененкидей эмес, анын бети балжая шишип да, кызарып, тердеп турат. Сүзөнөөк буканыкындай козүнүн агы ачарылып — буга заардуу. Анын ушу заардуу козүнөн — көзүн албай туруп унчукту Самак:

— Унутуп калдыңызбы? Кара-Кужурга жөнөмөк эмес белек?

— Кайда-а?! — үнүнөн кайра да ызгаар бүрктү шофер. — Кайда-а?!

— Мына кызык! — деди Самак да чыйрыга түштү. — Ой, тап атпай тиги ферма башчысы болуп макулдашпадык беле?

— Кара-Кужур, мара кужурунду билбейм! — деди тиги,— перме-сермең менен ишим жок! Мага башкарманын гана буйругу керек! А өзгө итибай-кушубайың айдаган жакка жүро бергидей мен эмне бир...

Муну угуп турган Самактын күйбөгөн жери күл болду. Баарыдан бу Рашиткулдун жандимилигине, ушунча ишти үзгөн кыянаттыгына күйдү; өзүн-өзү кармай албай калды да ачуу бүрктү:

— Уят жок турбайбы!

— Эмне-е?! Эми-не-е?! — деп коркурады Рашиткул,— эмне дедиң?! Кайра айтчы?! — Көзү ачарылып, күрөө тамырлары көөп кеткен Рашиткулдун түрү жанагыдан да бузулуп, далысын дүгдүйтө, муну тооруп келаткан эле. Муну көрүп турган Самактын ого бетер кыжыры кайнап, каны дүр этип, башына чыкты; эки чыкыйы лукулдап, дем алуусу тездеди:

— Уятсыз! — деди аны теше тиктеп туруп,— кызыл жүздүү жигит экен десе... жеткен кыянат турбайсыңбы!..

— Мына-а, сага уятсыз! — Рашиткул муну капталга коюп калды эле Самак кырынан кетип баратып, дүкөндүн босогосун жөлөнө калды. Дүкөнчү тосмо жыгачынан бери секирип түшө калып, буларды тышка түрткүлөп орусча-кыргызча аралаш тилдеп жатты:

— Акмакта-ар! Суволучта-ар! Чыккыла-а! Муну магазин де — ейт! Бул — общественный места дейт! Хулигандар! Суволучта-ар!

Ага карабай жулунуп жатты Рашиткул:

— Эмине-е?! Кое берчи! Кое бергиле-е!

Арача бербей жолдошторунун колунан кайра да жулунуп чыккан шофер босогодо турган Самакты керилип келип, бетке коюп иеринде Самак эңкее калып, шарт буйтай берди эле, тиги күүлөнгөн бойдон ачык каалгадан ары көмкө-

рөсүнөн кетти; таш тепкичти кулачтай жыгылган Рашиткул бир паска дымы чыкпай сулап, анан, айкырып тура калды. Күүлөнө муштайм — деп сүрдүккөн неменин алаканы таш тепкичке сүрүлүп, мурду канжалай түшүптүр; тура калып бакырды:

— Кое бер! Кое бергиле, дейм! Энеңди гапа...

— Кармабайсыңарбы! Ой, кармагыла алдагыны! Акмак го ыя, булар!.. — Оң колуна дүкөндүн чоң кулпусун алган дүкөнчү сол колу менен тиги Самакты тышка итерип жаткан эле: — Ой, эмне турасың?! Кетпейсиңби! Бол, кач батырак! Чоң чырга айлана элегинде качып кет!

Дүкөнчүнүн бул айтканын дароо кармай калган Самак ачуу аралаш эсине келди да, бу жулкулдашкандардын арасынан өзүн күч менен жулуп алып, дүкөндөн чыга качты. Бу колхоздо өз үйү болгондо Самак үйүн карай чуркамак, же тиги жинденген шоферду тыйып коер эстүү-баштуу киши издемек; үйү да жок, мында калыстыгын айтар сакалдуу киши да жок... эртеден бери өзү отурган гаражка келип бир тийди.

Бүгүнкү ишин аяктаган жанагы эки механизатор гараждын оозунан жолугушту; мунун өңүн көрө койгон Эрмегаалы чочуп кетти:

— Ии, эмне болду?!

Таноосу кыпчыла, демигип турган Самак болгонун айтты.

— Кап! — деди берки Бейшенбек. — Акмак эле ал, ырбатпагай эле? Жүрү кеттик.

Бекер шекшибептир; Самак бу Бейшенбектикинде отурган эле; астына чай жаңы эле келгенде тыштан участкалык милиционер шарт кирип, муну шаштырып алып жөнөдү:

— Шофер Жунушов Рашиткулду урган сенсиңби? Жүрү, кеттик!

Коркунучтуу күнөкөрдү кармап алгансыган участкалык милиционер колхоздун конторуна Самакты айдап кирип, жүзүн үйүрдү:

— Бас! Отур, тигиндей!

Алиги дүкөндөгү ботолкөлөш достор булардын артынан эрчише кириштп. Рашиткул жанагы калыбында: эки алаканы ташка сүрүлүп, мурду канжалаган бойдон экен; ал Самакты көрө коюп, кайра да согунду:

— Мына, отурбайбы! Колго түштүңбү?! Ой эненди гана...

— Чиц!.. — деп оң колун көтөрдү милиционер. — Жунушов!

Ушу тапта тыштан Байдалиев башкарма да кирди чалкалай басып. Босогодон аттай берип Самакты жекире ка-

раган, анын көзү ачтарылып, түйрүк эрди калбайып, таноосу дердеңден турган экен. Отургандар аны ызаттай тура калышты. Калем, кагазын жаңы алып жазууга даярданган милиционер өзү да ордунан түйшөлдү:

— Ии, келиңиз, келиңиз аксакал!

Колунун гана башын жаңсап, ага отура бер деген белгини берген Байдалиев Самакты карап ызырына кетти:

— Ээ-ийий, күлган! Муну эмне кылдың ыя?! — Байдалиевдин мыртыйган кара манчасы тиги Рашиткулду көрсөтүп турду. А Самактан үн чыккан жок; мына бу төрөпейил, орой Байдалиевди гана теше карап отура берди. Байдалиев болсо ээлиге, баркылдады: — «окуп келген испписалисмин» дейт! «соотекиникмин» дейт, о, соотекиниктен айлангыр!

— Тилдебеңиз, аксакал! — деди Самак.

— «Тилдебе» дейт тура бу! А сен тилдемек түгүл тигинтип ударник шоопурдун башы-көзүн жарып, уруп атпайсыңбы?!

— Мен урганым жок.

— Анан, мен урдумбу, ыя?! Көз-көрүнөө танганын кара бу жубарымбектин, ой! Саа тандырбайт мына булар! Шоопур эмес, мына мени да уруп кое жаздабадыңбы бүгүн! Катыным арачалабадыбы, ыя?!

— Коюңузчу? Чын элеби? — Милиционер таңыркай сурап, башкарма менен тиги Самакты алма-терме карады.

— Койбой-этпей эле,— деп улады башкарма; мунун мыртыгый, кара манчалары калтырап, көзү канталап кеткен эле. — Ой, катыным арачалабаганда мени да уруп коймок! Кызылдай күлүгандын окуусун окуткан тура бу жубарымбекке! Э, кызыталак!..

Ушуларды угуп турган Самактын оозуна кеп кирбей калды: ызасынан ыйлай албай, күлө албай каракушу лукулдап, башына кан тээп чыкты; ичи уйгу-туйгу, өзүн коерго жер таппай, эмне дээрин билбей турат. Башкарма башкарма башы менен чатакты ырбатып, минтип көрүнөө жалаа жапты. Эми мунун актыгына ким күбө болот? Тиги шофердун өзү согүп, өзү кол салып, анан, өзү жыгылганын ким айтып берет?! Мында тургандардын баары бир ооздон муну каралап гана чыкты.

Самак оор улутунуп, ызалуу жылмайды. Муну жутуп ийчүдөй тиктеген башкарма кайра да олуна кетти:

— Тикиңи, тигиңи! Күлүп коет дагы!.. Ой, өлгөнүндө күлгөн... — деп келатты эле, милиционер үзду сөзүн:

— Аксакал, азыр акт жазалы; болгонун-болгондой айтып бериңиздер?

рөсүнөн кетти; таш тепкичти кулачтай жыгылган Рашиткул бир паска дымы чыкпай сулап, анан, айкырып тура калды. Күүлөнө муштайм — деп сүрдүккөн неменин алаканы таш тепкичке сүрүлүп, мурду канжалай түшүптүр; тура калып бакырды:

— Кое бер! Кое бергиле, дейм! Эпенди гана...

— Кармабайсыңарбы! Ой, кармагыла алдагыны! Акмак го ыя, булар!.. — Оң колуна дүкөндүн чоң кулпусун алган дүкөнчү сол колу менен тиги Самакты тышка итерип жаткан эле: — Ой, эмне турасың?! Кетпейсиңби! Бол, кач батырак! Чоң чырга айлана элегинде качып кет!

Дүкөнчүнүн бул айтканын дароо кармай калган Самак ачуу аралаш эсине келди да, бу жулкулдашкандардын арасынан өзүн күч менен жулуп алып, дүкөндөн чыга качты. Бу колхоздо өз үйү болгондо Самак үйүн карай чуркамак, же тиги жинденген шоферду тыйып коер эстүү-баштуу киши издемек; үйү да жок, мында калыстыгын айтар сакалдуу киши да жок... эртеден бери өзү отурган гаражка келип бир тийди.

Бүгүнкү ишин аяктаган жанагы эки механизатор гараждын оозунан жолугушту; мунун өнүн көрө койгон Эрмегаалы чочуп кетти:

— Ий, эмне болду?!

Таноосу кыпчыла, демигип турган Самак болгонун айтты.

— Кап! — деди берки Бейшенбек. — Акмак эле ал, ырбатпагай эле? Жүрү кеттик.

Бекер шекшибептир; Самак бу Бейшенбектикинде отурган эле; астына чай жаңы эле келгенде тыштан участкалык милиционер шарт кирип, муну шаштырып алып жөнөдү:

— Шофер Жунушов Рашиткулду урган сенсиңби? Жүрү, кеттик!

Коркунучтуу күнөкөрдү кармап алгансыган участкалык милиционер колхоздун конторуна Самакты айдап кирип, жүзүн үйүрдү:

— Бас! Отур, тигиндей!

Алиги дүкөндөгү ботолколош достор булардын артынан эрчише кириштн. Рашиткул жанагы калыбында: эки алаканы ташка сүрүлүп, мурду канжалаган бойдон экен; ал Самакты көрө коюп, кайра да согунду:

— Мына, отурбайбы! Колго түштүңбү?! Ой эпенди гана...

— Чиц!.. — деп оң колун көтөрдү милиционер. — Жунушов!

Ушу тапта тыштан Байдалиев башкарма да кирди чалкалай басып. Босогодон аттай берип Самакты жекире ка-

раган, анын көзү ачтарылып, түйрүк эрди калбайып, таноосу дердеңдеп турган экен. Отургандар аны ызаттай тура калышты. Калем, кагазын жаңы алып жазууга даярданган милиционер өзү да ордунан түйшөлдү:

— Ип, келиңиз, келиңиз аксакал!

Колунун гана башын жаңсап, ага отура бер деген белгини берген Байдалиев Самакты карап ызырына кетти:

— Ээ-ийи, күлган! Муну эмне кылдың ыя?! — Байдалиевдин мыртыйган кара манчасы тиги Рашиткулду көрсөтүп турду. А Самактан үн чыккан жок; мына бу төрөпейил, орой Байдалиевди гана теше карап отура берди. Байдалиев болсо ээлиге, баркылдады: — «окуп келген испсалисмин» дейт! «соотекиникмин» дейт, о, соотекиниктен айлангыр!

— Тилдебеңиз, аксакал! — деди Самак.

— «Тилдебе» дейт тура бу! А сен тилдемек түгүл тигинтип ударник шоопурдун башы-көзүн жарып, уруп атпайсыңбы?!

— Мен урганым жок.

— Анан, мен урдумбу, ыя?! Көз-көрүнөө танганын кара бу жубарымбектин, ой! Саа тандырбайт мына булар! Шоопур эмес, мына мени да уруп кое жаздабадыңбы бүгүн! Катыным арачалабадыбы, ыя?!

— Коюңузчу? Чын элеби? — Милиционер таңыркай сурап, башкарма менен тиги Самакты алма-терме карады.

— Койбой-этпей эле,— деп улады башкарма; мунун мыртыгый, кара манчалары калтырап, көзү канталап кеткен эле. — Ой, катыным арачалабаганда мени да уруп коймок! Кызылдай күлүгандын окуусун окуткан тура бу жубарымбекке! Э, кызыталак!..

Ушуларды угуп турган Самактын оозуна кеп кирбей калды: ызасынан ыйлай албай, күлө албай каракушу лукулдап, башына кан тээп чыкты; ичи уйгу-туйгу, өзүн коерго жер таппай, эмне дээрин билбей турат. Башкарма башкарма башы менен чатакты ырбатып, минтип көрүнөө жалаа жапты. Эми мунун актыгына ким күбө болот? Тиги шофердун өзү согүп, өзү кол салып, анан, өзү жыгылганын ким айтып берет?! Мында тургандардын баары бир ооздон муну каралап гапа чыкты.

Самак оор улутунуп, ызалуу жылмайды. Муну жутуп ийчүдөй тиктеген башкарма кайра да олуна кетти:

— Тикини, тигини! Күлүп коет дагы!.. Ой, өлгөнүндө күлгөн... — деп келатты эле, милиционер үздү сөзүн:

— Аксакал, азыр акт жазалы; болгонун-болгондой айтып бериңиздер?

— Э, мына, даярбыз,— деп култулдап койду да бер жакта турган төртөөнү зекиди: — Эй! Дүкөндө чогуу болгонудар чынбы? Урушту көргөнүңөр ыраспы? Айткыла танбай! Тандырбагыла, мына бу күлганды!

— Ырас.

— Ырас, аксакал,— дешти беркилер бир ооздон.

Самактын иши ушундай башталды.

Ошо күнү Кара-Кужурга чыгып, кой дарылоонун ордуна, муну милиционер районго алып жөнөдү. Ак жеринен караланган бу жазага тартыларында баягы дүкөнчү актады муну: шоферду бул урбай, ал, кайра буга кол салганын, анан, өзү сүрдүгүп жыгылганын бурбай айтып берди. Тиги айылдагыдай жалаа жаппай, тиги шофердун бөтөлкөлөш достору да адепти айтканынан тайсалдашты; дүкөнчүнүн чын сөзүнө кошулушту.

Самак акталып чыкканга бир топ күн болду; бирок, ал кайтып баргысы келбеди. Райондук айыл чарба башкармасына кирди да андан башка чарбага жиберүүнү суранды:

— Келе элегимде ушундай болду, эми «Ылайлы-Сууда» иштеш кыйын го? Өзгөчө, башкарманын председатели — Байдалиев аксакал мени батырбас?..

— Коркпо,— деди райондук айыл чарба башкармасынын начальниги — толмочунун келген, мамыраган кызыл чийкил киши. — Байдалиев менен иштебейсиң, эл менен иштейсиң.

Ошондо Самак суранып жатып, Тогуз-Торого которулуп кетти.

27

Жыл тегеренди. Күз өтүп, кыш түшүп, мына жазга, жаздан жайга айланып баратат. Койду котурдан дарылап, айыктырып алган менен ага эми жайыт тардык кылып, Самак бүгүн алыскы жайлоо жолунда эле.

Ат алды жагына күүлөнө секирип, атчан ыргып кетчүдөй октос берип оңолду. Кара тер баскан чабдар өргө жүткүнө чыгып баратты. Тоонун жалгыз аяк жолун каршы-терши зор таштар бөгөп, жол секиртме, жол тар... Тоонун бу жолун эми көрүп отурган жок Самак; кичинесинде колго илинген унаага айран, кымыз артынып далай өткөн мындай жолдон. Туура бөгөгөн таштардан унаа секирип өтүп, артынан чанач ташка илинип жарылчу кээде... бирибири жаздана жаткан зор таштардын беттерин кызгылт-көгүлтүр эңилчек каптан — таш бетиндеги сепкил оңдүү-

Аркайган таштар арасынан жамырай көктөгөн итмурун, карагат багжаят.

Бу чолкомдон мал-жан көрүнбөдү; дүйүм чөптүн жыты аңкып, түркүн канаттуунун сайраганы гана тоонун сыркаарын коштойт. Бийиктен түшкөн суу шары алдастайт. Айланасын чабыттай карап баратты бул: адырлардан этек түргөн моңгү тээ, бийикке качып, бел-белестер, анай беттер карагок тартып магдырап жаткан экен: «Бах! — өзүнчө суктанды Самак,— малдын тиши тие элек экен! Мал түгүл, кийик да искей элекпи?» Миңткен Самактын козу күнгөй-тескейди тинтип жүрдү: ага тээ, тескейден агарган кемер көрүндү. «Кой марча жалаган кемерби?» — деди бул. Антейин десе буларга кой келбейт экен. Келген күндө да азыркы мал туздан кем эмес; а марчаны тузсыраган кой жалачу.

Дааналап көз токтоткон ал, беттин казылганын көрдү да дароо эсине келди: «Аа, бул өрөөндө геологдор бар эмеспи, баса...» Ушундан төмөн ийри-буйру жолдун нугу түшүп, ошо чубаган көтөрмөдөй жол учунда тектир таштай карарган бирдеме... Самак көз токтотуп тааныды: трактор экен; да биртике бастыра түштү эле суу жээгинде чатырлар көрүндү; Самакка бул ой кылт этти: «Адегенде ушуларга жолуксамбы? Макмалды булар жакшы билишет; бу жайлоонун коен жатагына чейин ушул геологдордун алаканында. А быякка жол чыгаруу жонүндө да ушулар менен кеңешүүгө болот.» Ушул оюн туура тапкан Самак ат тизгинин тартты: атынын башын бурду да ошо чатырларды карай бастырды; чатырлардын туура тушуна келип тык токтоду бул; геологдор суунун ары өйүзүндө эле, бул туура кечип өтө албады; өрүдөн тик түшкөн азоо дайра өкүрө чамынып жаткан экен. Шарды карап, жээкке тура калган Самак тиги чатырдын алдындагы жылаңбаш кишини көрдү: анын өңүнөн мурда агарган тиши көрүндү буга; колу менен сууну көргөзүп айтып атканы, суунун шарына кетип угулбады; угулбаганын тиги өзү да билди, анан, колун жогору шилтеп, ошо шилтеген колун өзү турган чатырга имерди; Самак туюнду аны: «жогорто кечүү бар, ошондон өтүп кел», дегени.

Суу жээктеген Самак оо, далай жүрдү; кечүү көрүнбөйт. Кээ жери кууш тартып, иримден, кээ жеринде төөдөй таштарды койгулаган ак буурул толкун атчан түгүл, төөчөн кишини камгактай агызчудай. Суу жээгинин жашыл ыраңы кулпунат; жашыл ыранда кышкызыл жоргөмүш жайнап, тоо тамашындай чемирчек ак өзөк алыптыр; Самактын козу жайнады: балдар менен суу жээгинен жоргөмүш терип,

көйнөгүнүн этегине ушалап, суу жээгинен чемирчек казган наристе чагы кана?!. Жөргөмүштү талаша терип, чемирчекти талаша казчу эмес беле бир кур мадыра баштар... алма-өрүк бышпас, жер-жемиш бышпас өрөөндүн суу жээгинде ушу жөргөмүш менен чемирчектен өзгө эмне бар эле анда; тоосунда — ышкыны менен көбүргөнү, күзгө тартканда карагатынан өзгө не бар эле. Ошон үчүн бул күндөр бу тоо балдары үчүн кадимки майрам эле. Жайды чыдамсыз күткөн балдар жайлоону эңсеп, жайлоо-«жемишин» сагынып дегдешчү: «ышкын уулайбыз!» «Көбүргөнгө чыгабыз!» «Карагат теребиз!»

Самакка ушул азыр ышкын, көбүргөндүү кок беттер көрүнүп, ошо бетке жарыша жамыран, тетигинден көрүнгөн ышкынды мындан туруп ээлеп ала койгон ыкчам балдардын чыцылдагы угулат: «оо-ээй, тетиги, ышкын меникии, тийбе-е!» балдардын баарынан октом Абыл ошенчү.

— Ай-ай, Абыл, ай! хе-хе-хе! — өзүнчө, сүйлөп да, күлүп да ийди Самак.

Өзүнүн бала чагына бир замата барып келди.

Мына, күркүрөгөн дайра жээги — жашыл ыраң; жашыл жээкте албырган туудай жөргөмүш жайнайт. Самак аттан түшө калып, шиберге оонагысы, кадимки бала кезиндей шиберге оюн салып, чуркагысы келип кетти. Ат үстүнөн обдула берип, арт жагына кылчайды: геологдордун чатырлары, чатыр алдында алиги жылаңбаш киши турат. Аны көрө коюп, атын камчылана жүрдү; өзүнчө шашып койду: «күтүп турат; менин кечүү издеп баратканымды жанатан карап турат, жетейинчи,» — өзүнчө ушинтти да тигини карай камчылана жүрдү.

Самак суунун башынан сайроондоп кечип, өйүздөгү геологдорго келгиче түш оой кеткен эле. Чатыр алдынан көрүнгөн алиги жылаңбаш киши суу бойлоп басып туруптур.

— Ассалоому алейкум! — алыстан салам айткан Самакка тигил аликтен мурда агарган тишин көргөздү. Жадырап, жана тиги өйүздөн көрүнгөн бойдон оозун кымтыбай күлүп тургандай көрүндү; Самактын абалын сурай кетти турган жеринен:

— Ой, деги аман кечип өттүңбү? Кечиккениңен эмне болду деп... Бу суудан мурда кечкен эмессиң го?

— Жок,— деди Самак да жылмая күлүп геологко кол берди.

Геолог тармал, кара чаптуу, кең таноо, көзү бадыраңган кара сур жигит экен. Буга сунган колу менен кошо атынжөнүн, кесибин айтты:

— Байжанов Шарап, геолог.

— Жумаев Самак,— деди бул ат үстүнөн.

— Давай, түш,— деди Байжанов буга буюра сүйлөп, эзелки досундай мамиле жазады. Бир эле көргөн кишинин миңткепине Самак да жетине албай, шарт түшө калды. Байжанов атты өзү алып, чатырдын түбүнө каккан казыкка байлады да чатырдын эшигин ачты:

— Давай, өт? — чатырдын ичинде геологдордун буюмтайымы: жыйып-жая салма стол, стул, кроваттар, калай идиштер, аскага чыкчу кабелтең ботинкалар тигинде чатыр түбүндө жатат.

Байжанов тиги бурчтагы филяганын шыкап, бекилген капкагын ача берерде тарс дей түшүп, филягадан оргуштаган ак көбүк атылды. Кымыздын ажайып жыты кеңилжерди жарып, чатыр ичине кымыз жыты толуп кетти. Чоң жагылган отто ташып кеткен сүттөй кымыз оргуп-ташып, чатыр түбүндөгү шиберди жайпай берди.

— А-а-ний! Ха-ха-ха-а! — кымызы менен кошо көбүрүп каткырды бу Байжанов. — Аа, коногум да ушундай долу экен ээ? ха-хаа!

Геологдордун кулактуу, калай чөйчөгүнө көбүртө кымыз куйган Байжанов күлкүдөн оозу жыйылбаган бойдон Самакка сунду:

— Ке, суусап келген экенсиң, көзүңдү жуумп туруп тартып ийчи? Айтпаса да чаңкап турган Самак калай чөйчөктүн кош кулагынан кош колдоп, кере жутту эле чөйчөк түн түбү көрүнө түштү. Ууртуна сигарет кыскан тиги Байжанов мунун жүткануна маашырлана карап турган экен. Калай чөйчөктү жерге койгон Самактын көзүнө адеп, эле тигинин аппак тиши көрүндү. — Ке,— деди күлөбаккан Байжанов. — Ке, чөйчөктү? Ошо кымындай чөйчөккө да эркектин суусуну канабы!

— Жо, бир аз,— деп Самак саал сыпайгерчилик этти эле, Байжанов аны омгоктоп ийди:

— Ке, давай, чөйчөктү? «бир аз-мир азыңды» кой! Сыңар идиш ичпей жүр, сыңар болуп каласың. Мен да кичине чагымда айылда экенде жалгыз эле пияла чай ичип жүрүп, мына жалгыз болуп калдым!.. Атадан жалгызмын... — Байжановдун айтканы тамашага аралаш арман угулду буга. Ушу тапта Самак өзүнүн да жалгыз экенин эстеди.

Байжанов ушу жадыраган тышындай ичи да ачык — даалдак өңдөнөт. Тиги сыңар чөйчөк кымыздан сөз чыгып кетип, өз таржымалын ортого төгө салды: — Ата-энени катары менен эрте жуттум да балдар үйүнө кеттим; ошондон мектеп бүтүп, анан, ушу горно-геологический институтту Киевден окуп алып, оокат кылып жүрөбүз.

Минтип күлө баккан Байжанов шыпкай соргон сигаретин тышка ыргытты да Самактын алдындагы калай чөйчөккө кайра кол сунду: —Ке, ич, бата берет; ууз кымыз.

— Быякта жылкы барбы? — куюлган кымызды алып атып сурады Самак.

— Бар, бар,— минткен Байжанов башын кошо ийкеди.

— Мал көрүнгөн жок эле быякта,— деди Самак,— ал деги кайсы колхоздун жылкысы?

— Ээ, баатыр,— деп койду Байжанов. — Колхоздукун эмне кылабыз, өзүбүздүкү турганда...

— Ии, геологдордун жылкысы турбайбы? — эми түшүнүп, өзүнчө тактап койду. — Баса, дайым тоодо жүргон силерде дайым жылкы болот эмеспи?

— Сага көрүнбөгөнү жылкыбыз тиги төрдө — Үч-Эмчектин башында, биз ал жактан кечээ эле келдик мында; мен саал ноокастап калыпмын; анан, үй кайтартып кетишкен, ха-ха-ха! Геологдордун баары жумушта; көзүмөн кара учун турганда, ырас, сен келип калбадыңбы!.. Ко-ош?.. Байжанов кымыз куйган филягадан бери жылып, мейманына жакындады: — эми, өзүң сүйлөй отурчу?

Самак өзүнүн кыска таржымалын, быякка келаткан себебин эки ооз сүйлөп токтоду эле, Байжанов жанагыдан да жанданып, мунун келген ишине кызыга калганы сезилди: — Баса, мен сени адегенде тиги ойүздөн көргөндө: бизден геологдордонбу деп, анан, бери суу жээгине келип тура калганында жок издеп жүргөн немеби дегем; кечүү таппай турганынды байкадым дароо эле. Ии, анда жакшы кебиң бар экен; быякта биз көпкө иштейбиз; айлап, а балким, жылдап иштеп каларбыз?.. Андай болгон соң бизге да каражоро керек эле; ошо бизге да малчы болгону жакшы эле бу коктуда.

Муну угуп турган Самактын көктөн тилегени — жерден табылгандай сүйүнүп кетти да дароо жабыша калды:

— Ой, анда Шаке, жакшылап сүйлөшсөк каптет? Силер ансыз да мында иштейт экенсиздер, анын үстүнө техникалар тигине; келишим түзүп, ушуякка жол чыгаруу маселесин колго алсак?..

Саал ойлоно калган Байжанов шар кетти:

— Макулдашууга болот; силерге мына бу тик белден жол чыгарып берсек бүттү да? Бөгөп турган ушу гана бел; а көп болсо үч километр; биз үчүн чепуха! — деген ал да бир унчукпай калып кайра улады: — мейли, эки иштен — бир иш; биз да ушу белди ашып ары бетине түшмөк элек; оюнун ар жагынан бирдеме жыттанат... булдозер тигине; кээ жерлерин жардырабыз, иш баштоого болот.

Ушул азыр куду кардуу бороондо жол таппай турган-сыган Самакты бу Байжанов ат мингизип жетелеп кеткендей болду да Самак сүйүнгөнүнөн ырдап жибергиси келди.

— А сен... — тамекисин соро берип үн катты Байжанов,— тиги Чоң-Кырды көрдүң беле?

— Үч-Эмчектен аркыбы? — деди Самак.

— Жо-о, кайдагы Үч-Эмчек... жана өзүң келген жолду айтасың го? А-а, алар эмне бир торпу да; кеп, тиги Чоң-Кырда-а! Бекеринен аны Чоң-Кыр дешпейт да... Анда мындай кылалы,— деди Байжанов саал ойлоно калган соң,— се-ен кымыз ичип тур; мен ат алып келейин.

— Атыңар алыспы? Анда мен деле кошо барайын? — Минтип ордунан обдула калган Самакка Байжанов алаканын көтөрүп койду:

— Жо-о, сен отура бер; мына бу эле жабытта жылкы; биз Чоң-Кырга чыгып кайра тарткыча геологдор да келип калышат; анан алар менен чогуу кеңешебиз. А сен бүгүн мында коносуң да. Конок бол бизге?

— Ракмат! — деди күлө баккан Самак,— адегенде ишти бүткөролучу, анан.

— «Ракмат-сыракматыңды» кой! — Байжанов колун шилтеп салды,— э, былтыркыдан калган иш жок; Чоң-Кырга барып келгиче баары бир түн кирет.

Тик бетке жармашкан экөө куйругулаш барат; аттардын омуроосунан соорусуна андан, чаткаягына чейин ак көбүк буркулдап, кош таноо устанын көөрүгүндөй шуулдайт; аттар бийикке тырмаңдайт; алдындагы бийикти карап алып, улам өжөрлөпө жүрөт; өпкө көөдөнгө батпай жарылып кетчүдөй чыңалат; ат жонуна ээр-токум токтобой улам чычаңга шыпырылат; Самактын ээринде көмөлдүрүк жок экен, артка жылбышып, сооруга минип калган сайын токтоп, алдыга жылдыра токуп жүрүп отурду.

Күн тоо башына кылкылдаганда араң чыгышты Чоң-Кырга; экөө тең аттан түшүп, басмайылдарын бошотушту; демиккен аттар өпкө кагып болоктойт; ак көбүк аралаш кара терден ысык буу көтөрүлөт; ат үстүндө ээр-токум ат менен кошо солкулдайт.

Ана, Чоң-Кырдан аркы төр; батып бараткан күн алдында сөөлөттөнүп жаткан жайлоо төрү... төргө быкылдап, кой жуушап калгандай чаар-ала таш...

— Ана, тигини: «Чаар-Төр» дешет,— Байжанов камчысынын учу менен көргөздү төрдү.

Туланга көлбөп жаткан арчалуу беттер... арчанын жыты

аңкыйт!.. Кечки күн чубагында чыгыштан-батышка көрбөн тарткансыган адыр-белестер тигине...

Асынган дүрбүсүн алып, күн кылкылдаган тоолорду бир чабыттап алган Байжанов эми Самакка сунду:

— Кана, сен карап көрчү? Быякка келе элек турбайсыңбы? Сен карап турчу: тээ-тиги ийри коктуну — Балык-Суу дейт; Балык-Сууну өрдөп жүрүп отуруп, Көгөндү-Кыя, Көк-Талаага, андан, Эки-Баланын-Бейитине... тээ-тигинде, мунарыктап жаткан чоң бетти көрдүңбү? Ошону Эки-Баланын-Бейити дейт; илгери ошо беттен жетелешкен эки бала учуп өлгөн экен... Эки-Баланын-Бейити да карагай, арчага толгон; арча арасын сагалап, бозоргон төө куйрук, арча арасында карагат, итмурун, ышкын, кымыздык, көбүргөнүн ат аралап жүрө албайт... эми, ошо Эки-Баланын чыгыш жагын карачы? Чыгыш жагын?.. Карадыңбы?

— Ии, карадым, боз... — ушинтип келаткан Самактын сөзүн үздү Байжанов.

— Ии, боз чоку көрдүңбү?

— Ооба.

— Ошо... мындан кичирээк чоку көрүнгөнү менен түбүнө барсаң, асман тирөп, бозоргон аска. «Ботойдун зоосу» деген ошо. Илгерки заманда Ботой деген мерген ошо зоодон учкан экен... Анын тескейи — Арчалы, Жыланач, анын ичи — Көл-Айрык, Көк-Айрык, Таш-Айрык, Чара-Таш, андан Үч-Кара-Жылга, Ак-Байтал, Кең-Суу, Кең-Суудан ары Жаңы-Жерге түшүп кетесиң. Жаңы-Жер ичинде: Ботойдун-Күнгөйү, Шар-Суу, Дүңгүрөмө, Аюу-Төр, Суусарлуу-Төр, Кулаган-Таш, Ажыдаар-Үңкүр... анан .Ак-Жыра... Ітээ, ак зоодон түшүп кеткен текелерди ошо жырадан өңүп, тацынан атып алчу экен быяктын мергендери... Эми, мин, атына,— деп буюрду Байжанов буга,— мен сага кызык жерди көргөзөмүн; ышкын тердиремин.

Экөө кырдан бастырып, ары күнгөй бетте .эрчишип баратышты.

Күнгөй. Тонун жамгырына кириниш алган тулаң күлпунуп туруптур. Дүйүм чөптүн жыты аңкыйт. Көйколүп жаткан тулан арасынан жаңы жарылып келаткан кызгалдактай ышкындын башы кылтыят; адеп, андан-мындан көрүнгөн ышкын барган сайын жайнап, куду тулаң арасына кызгалдак сээп салгандай көздүн жоосун алат. Аттан учуп түштү Самак; ышкынга көзү кычышып кетти; аттын чылбырын таштап ийип калың ышкынды чуркап терип кирди:

— Бах! Дал убагы экен! — Солкулдак ышкынды бартылдата чайнады бул ышкындын керемет ачкыл ширесине

маашырлана. Ышкынга бир заматта колтук толуп, дагы терип кирди эле, үстүртөн Байжанов кыйкырды:

— Оо-ой! Чакта-а! А бу Ойнок-Жардын ышкынын атың которо албайт бала, байка-а! Ха-ха-ха-а! — Адатынча катыкырыгы менен коштоду сөзүн.

Самактын колтугунда да, оозунда да ышкыны бар эле. Ал ышкындын жагымдуу, ачкыл ширесин илеп тартып, бир көзүн кыса, ыракаттана бартылдатып турган. Адатынча тишин гана кашкайткан Байжанов буга колун шилтеп буюрду: — Байла канжыгаңа! Жакага ала кетесиң. Аттан, эми сага Ойнок-Жарды көргөзөм.

— «Ойнок-Жар»? — тигинин айтканын кайталап, оюнчынынан сурады бу:

— Ыя? Быяктын жары да ойнойбу?

— Бастыр, бастыр,— деди тиги,— ойногондо да кандай ойнойт, азыр көрөсүң.

Тулаңы көйкөлгөн күңгөйдө бараткан булар бет алдынан жарга кептелди; бийик бетти башынан ылдый көчкү алып кеткендей көк ырач жок, ак чопо — тик жар; жар түбүнөн жылжыган булак жылтылдап, тээ, көктудагы күркүрөгөн дайрага кошулат; чоң жардын башынан туруп кыйкырган үнүң аягына жетчүдөй эмес.

— Ии, көрдүңбү? — жар кырында атчан турган Байжанов Самакты карады. — Ойнок-Жар ушу. Эми муну кандай ойногонун байкадыңбы? Бул адегенде тээ, дарыя боюнда гана түндүк бою жар экен. Ошондон ойноп отуруп мына быякка чыгып кетиптир; жылыга жогорулап барат... Бу беттеги жолду көрдүңбү? — Ал тиги, өздөрү бастырып келген жолдун нугун көргөздү. — Жарга кептелдиби? Эми мындан төмөн жагыңы кара?

Самак ушу ышкындуу беттеги чолок жолдорду көрдү; алардын баары келатып ушул жардан үзүлө бериптир да жол улам бийиктеп кетиптир. Ошондон улам быяктын эли улам ойноп чыгып бараткан жарды «Ойнок-Жар» аташкан. Тоонун боройлогон жаандуу күндөрүндө бу беттен жайылып келаткан нечен мал опат болгон экен: өткөндө тиги тордо жаткан бир короо уй жаандуу күнү учту ушу жардан. Уй түгүл ушу тарапка чатырап үркүп келаткан бир үйүр субай жылкы ушу кочуп турган жардан гүү этип жапырт кетиптир.

— Ушундан тетиги күн баткан тарапты карачы? — Самакты өзүн карай тартып күн батып бараткан тарапка соомойун сунду Байжанов. — Карагай, арчалуу бет көрүндүбү? Ошону Узун-Кыр дейт, ошо кырдан ары бети — Балыкты-Суу ала, Каргалы, чалкайган сонун жайлоо, атаң

көрү!.. Бети ачык, төрлөрү кенен, жайык. Ушу тапта гүл бурап эле турган убагы, атаңкөрү!..

— «Каргалы»? — Самак ошо жайлоо тарапка дүрбү салып турган калыбын жазбай сурады: — неге «Каргалы» атады экен?

— Аа... — минткен Байжанов суроого токтолгон жок,— айтпадымбы, тайпак-тайпак кең төрлөрү бар; ошо төрлөрүнө борчук таштан короо кармап койгонсуган кырка жапыс боз борчуктар, ошо борчуктарга карга уялайт; тоо-талаанын каргасын бүт ошондо айдап баргандай, деги калың жарыктык; карганын гана үнү; борчуктардын жырасына самсып кирип, самсып чыгып жаткан каргалар... шашпа, аманчылык болсо аны да көргөзөм.

Саргыч күн чубагында жон-жону закымдай мунарлаган көгүлтүр тоолор көз учунда сөөлөттөнүп жатат.

— Тээ, узата көк жондон түшкөн суу көзүңө чалындыбы? — Байжанов өзү ошоякты тиктеп сурады.

— Ии, ии... — минткен Самактын көзүнө тээ, ары мөңгүдөн төмөн чубап таштаган күмүш чынжырдай жылтылдап жаткан кашка суу көрүндү.

— Ошо — Узун-Булак; Узун-Булактын эңкейишиндеги көк тайпак көрүнөбү? Ал — Талаа-Булак; ошо жерден бир ачык жашыл аянт көрүнөбү? Ошо — арпа; тээ, аркы райондун арпасы. Узун-Булактын суусун ошоякка алып түшүп кетишпедиби, эргулдар! Ээ, бу адамдын эмгеги деген!..

— Ой-ээй! Тетиги төрдө мал жүробү ыя? — Самак дүрбүдөн көзүн албай таңыркады,— быякка мал ашпайт дебеди беле?

— Кана? Кайсы төрдө? Ке, берчи? — Байжанов дүрбүнү алганда Самак колун жаңсады:

— Мына, бет алдыңы кара; тетиги, сары асканын этегиндеги төрдүн оозун туура кыр тозуп жатат го, ошо туура кырда жаткан мал го?

— Аа,— Байжанов аны дароо коро койду. — Көл-Төрдү айтасыңбы? Ал — Көл-Төр ошо; тиги — уйлар; анда бир малчы бар: «Тогуз-Торонун малчысымын» дейт. Анын ую, кою, жылкысы да бар, дайым ошо Көл-Төрдө. Ал малчы жайында эле эмес, кышында да ошо Көл-Төрдө калат экен. Азыр ошо тиги Көл-Төрдүн башында бээ байлап отурат; менчик бээлери. Бир жолу барып кымыз ичкенбиз; ал бизден да керек-жарагын алып турат кез-кез...

Муну уккан Самак таңыркай кызыкты: «кайдан ашып келди экен ал? Кантип кыштайт экен? Дегеле ошо төрдүн өзү кандай? Кенен бекен? Малга ошончо жайлуу бекен?» Өзүнүн бул оюн тышка чыгарды Самак:

— Анда, ошо төрдү барып көрсөк кантет Шаке?

— Көргүң келдиби? — чукул суроо берген Байжанов чукулунан макул болду. — Жүрү, көрсөң, атасынын көрү, азыр эле чыгып барабыз.

Деги андагы малчыдан да Көл-Төр өзү кызык... Аңыр да бар.

Мындан илгерек мергенчилер да көп келчү экен; кийин аларды тыйып койбодубу. Тиги сары аскада кийик көп болот.

Күңгөйдөн тип-тике ойго түшкөн коктуну өрдөп баратышты.

Кокту ылдый таштан-ташка секирип, шаша чуркаган кашка сууну жаңсады Байжанов: — Көл-Төрдүн суусу ушул. Башы, куду эле суу сактагычтан чыккандай, өзүң көрөсүң го.

Кашка суунун кылда кыры менен чыгып баратышат экөө.

Жайлоо кечи. Узун кыр коктуга калдайган көлөкөсүн таштады. Таштан-ташка ак канат серпкен кашка суунун шары кеч кирген сайын өктөм чыгып, шапатасы бетке урат. Шүүдүрүмгө аралаша суу жээктей чыккан жалбыз жыты аңкыйт. Алкым жактан кокту таманындагы зор жалпак ак ташты көрдү Самак; ошо жалпак ак таш астынан суу шарылдайт.

— Көрдүңбү? — деди Байжанов ошо суу үстүнөн көпүрө болуп жаткан ак ташты көргөзүп,— төрдүн моңгүсү али кете элек минтип. Үстү саргыч-киргил тартып, кокту таманына катып калган кадимки моңгу экенин эми тааныды Самак; ат туягы кырт-кырт басып баратты; каткан моңгу бетинде жалгыз таман жол бар экен; мындан тиги Көл-Төргө чыккан атчан, а түгүл, мал чубашып өткөн түрү бар.

Төрдүн коктусун туура тозуп жаткан боз адыр мына: адыр түбүндө уюп калган боз борчуктар; адырдын бетинен төмөн куюлган шагыл; ошо шагыл арасында топ-топ көбүргөн жайнайт; борчуктарды жарып чыккан жапалак арчалар тармалданып карагөк; кашка суу адырдын боорун жарып шаркырап жатат.

— Мына, көрдүңбү? — деди Байжанов,— бу көлдүн суусу; көлдүн өзүнөн чыгып жатат; эми бастыр, көлдүн өзүн көрөбүз.

Боз адырды кыялап чыгып баратты экөө; зор таштардын жаракасынан жабалактап, кайра ошо таштын өзүн жабуулап жайыла кеткен жапалак арчанын жашыл көкүлү кыя жолдо төшөлүп жатат. Кыя жолдун ташына кытыр-

кытыр табыш таштаган ат туягы, кайра жолго төшөлгөн жумшак арчаны басып, изин да, табышын да жоготот; арча арасынан ооз сарайгыр койкоңдоп, ошол арадан жылкычы чымчык ышкыра; тоонун жели дирилдеп, шыбактын кермек жытына аралаш эрмендин ачкыл жытын алып келип жатты; күңгөйдүн таштагында карагөк шыраалжын менен саргыч-бозомтук эрмен ушу кечки сыдырымга дирилдейт; эңилчек баскан боз таш алдынан шып чыга калган чакчыгай таш башына лып конуп, бу чолкомдун күзөтчүсүндөй куйругун кыйпыңдатып отурат.

Эки атчан адырдын жонуна чыга беришип, ээк алдынан көлдү көрүштү: көл көк тиреген асканын түбүндө жаткан экен; шырп-шырп табыш таштап, коктуну туура тоскон боз адырдан тээ, аскалуу төрдүн алкымына чейин чалкып жатат.

— Жүрү, бастыр,— Байжанов алдыга оттү. — Чукул жээгине барып түшөлү, көлгө чайканалы; быякка келгендер көлгө чайканып, көлдүн суусунан ооз тийип кетишет, хи-хи! — ушиптти да Самакты карап тишин кашкайтты адатынча.

Жээкке катар тура калышкан эки атчан куду күзгүдөн көргөндөй өздөрүн көрүштү көлдөн; бул экөө эле түгүл, тигги тоо тоо башы менен көлдөн көрүнүп турат: күңгөйүндө жылаңач сары аска, булут челип, тескейинде караган-бута, жапалак арчалуу, бийик чоку, мына, түбүндөгү көл бетинен өз соолотүн карашат; кечки сыдырымга тунук жүзүн чайып, шырп-шырп гана үн катат көл.

— Көрдүңбү? — деди Байжанов көлдү карап, ушу көлдү тозуп жаткан тиги боз адырды карап; менимче, бул жерде мурда эч кандай көл болгон эмес; — Самак муну суроолу карады эле, тиги минтти: — ырас, аны сага далилдеп берем; бул көлдүн суусу тээ, алыскы моңгүдөн түшүп, ушу кокту менен азыр биз бойлоп келген суу; баштатан нугу ошо. Ал эми бул көлдүн мында пайда болушуна менимче, башкы себеп: жер титироо болгон сыяктанат. Бир замандагы катуу жер титироодо тиги сары асканын чыгыш тарабы кулап түшүп, ушул коктуну богоп калган да кыйла убакка суу акпай буулган. Мына бу аскалар курчап турган коктуга көл толгон. Көрдүңбү: суу тээ-тиги жогорку кысыкка — асканын алкымын карай тепкенин көрүп турасыңбы? Эми, мына бу коктуну тоскон адырды кара да аның үстү жагына көз чаптырчы?

Самак баарына таң кала, кызыга карап, акыры бу Байжановдун баамдаганына ынанбай кое албады; озунчо баш чайкап, таңыркай берди:

— Ээ, сырдуу табыйгат! Көрө берип канбас сулуулугу, ага тете али адамга белгисиз табышмагың, сырың канча!..

— Биз геологбуз да! — деп койду, берки тамашага чалып, көзүн кысып,— силерге караганда биз тоо-таш менен сырдашпыз; менин гипотезама ынанбай да кое албайсың; карачы, табыйгат өзү эле бир заманда бу тоо башына сонун суу сактагыч күруп койгон; бу Кол-Төрдү кадимки суу сактагыч ордуна пайдалана берсе болор эле; оюн эмес, өзгөчө, суу каат жылдарда барбы!.. Сен чарба кызматкери болгон соң мына ушуну эске алышың керек; мына ушуну көргөзөйүн деп эрчитип келбедимби... Оо, бу биздин тоолордо ачылбай жаткан,. биз толук биле албай, билсек аны алып пайдалана албай жаткан укмуш байлыктар бар эмеспи. Бу биздин тоолор... өзгөнү коюп мына бу сары асканы эле карачы: ушул эле асканын ташынан жомоктогудай шаарлар курулат, биз билип пайдалана турган болсок. Мунун өзү — мрамор аска да!.. Ээ, бу мрамор дегениндин өзү...

Биздин геология кайсы тоолордон кандай түстүү мрамор ташканын ошончо кызый сүйлөгөн Байжанов, не бир, көз уялткан мрамордун кындигин азыр көрө коюп, колуна алгандай жүзү жадырап, күрөктөй ак тиштери кашкайып турду. Кепке кызыган ал күн кечтегенин да сезбей калгандай ушу тапта, кызый сүйлөп жатты.

Күн чубагы сары асканын чокусун карай качып, тескей тегиз колоко жамынып, колоко менен кошо кечки жымжырттык колбөп жатты, арчалуу бетте; жым-жырттыкты бузуп, суур аңкыштады арчалуу беттен; үндү улай караган Байжанов тиги беттен агарган ийинди, ошо ийин оозунда коп аяктап, тик турган суурду көрдү:

— Ана, тетигини! — беттеги суурга сөөмөй кеседи. — Бизди карап турат; тиктеп туруп аңкыштаганын, бизди айроктогонсуп... мылтык жок экенин билет да кызыталак! Андай аке... — ушинтип, жерден таш алып үн сала ыргытты эле, кызгылт-күрөң суур, ой: «кырр-мыш! кыррмыш!» деп ийгенсиди; жана бир аңкыштап алып ийнине кире качты.

Жылацач сары асканы карашты булар: сары аска бетин карай капаттуу сабалайт; түнөгү ушунда экенин билдирет; аска бетинде жаракалар көрүнөт; аска бетинин ар-ар жерин аары уюктагандай майда тешик; капаттуулар мына ошо тешиктерге шып жетип караан үзөт...

— Тетигини көрдүңбү? — Байжанов. Беркини карыга пукуду; эмнени экенин али көрө элек Самак кайра анын өзүнөн сурады:

— Кайсыны?

— Чищ! — деди Байжанов беркини чочутуп ийчүдой үнүн баса чыгарды,— тетигини карабайсыңбы?

Самак али эч нерсени көрө элек эле.

— Тээ, жыранын алдын карабайсыңбы? Тээ, топ караган турат го?..

— Кулжа! — деди Байжанов,— мүйүзүн карабайсыңбы!

— Ии... — Самактын козүнө эми чалынды. — Кийик жүрөт го ыя?

— Кечинде сууга түшүп келген экен жарыктык! Суу ичет да... ана топ карагандын алды жагындагы аркарлары!.. Ошолордун үстү жагындагы аска боорунан дагы бирдеме көрөсүңбү?

— Дагы аркарбы? — деп кайра анын озүнөн сурады бу.

— Асканын боорунда агыш-бозомтук так жатабы?..

— Ии, ии... — Самак аска бооруна түшүп келген боз көтөрмөдөй такты көрдү.

— Көрсөң — ошо жол,— деди Байжанов,— ошо тиги кайберендер чубаган жол. Мергендер да ошо жол менен жүрчү экен. Ошо жол таманында чоң-чоң сыйынттар да бар.

— Сыйынт? Кандай сыйынт? — деп сурады Самак.

— Сыйынт — таш үңкүрлөр бар аска боорунда; аларды мындагы жаныбарлар — тоонун илбирстери сыйынттаган. Анан, бир убакта тээ, жыйырманчы, отузунчу жылдарда басмачылар мекендеп, элден талап-тонон алганын мына ушул үңкүрлөргө бекитишкен экен. Ээ, жүзү каралар! — деп кыжынды Байжанов сөз арасында,— малы түгүл, кээлердин мончоктой кыздарын тартып келишип, ошол үңкүрлөргө бекитишкен экен; бир жолу колунан кызын алдыргап, кыз атасы жаны күйүп, артынан из кууп келген экен. А кыз атасы да бу тоолордун коен жатагынан ойдо билген көзгө атар мерген экен — Кутуш мерген... Кутуш мерген ошо тиги аска боорундагы үңкүрдөн кызын табат; жолсуз аска бооруна адам түгүл, канаттуу каттабасын жакшы билген басмачылар ээн-жайкын чардан жатышкан экен: жаңы союлган тайдын этин казан толтура салып коюшуп, кызыл чапачтарга кымыз чайкап... Түн экен. Ушундай жайдын түнү. Кутуш мерген үңкүрдүн төбөсүнөн туруп, тигилерди окко туткан экен кайран мерген! Ырдалган ыр, чертилген комуз, аны сүрөткөн басмачылардын үндөрү муунткандай басылыштыр; төбөсүнөн удаа-удаа ышкырган ок үнүн укканда таш үңкүрдөн бери суурулушка бирде-бири даай алышпаптыр; ошондо Кутуш мерген үн каткан экен үстүртөн: «Оой, Айтмарек! Жаныңдан үмүтүң болсо, кызымды аман алып чыгып бер?! Анда аман каласың — шертим ушу! Мен — Кутуш мергенмин! Уктуңбу?!»

Ал жылдарда Айтмарек корбашы бу арка элинин жүрөгүнүн үшүн алып, көрүнө кырсык болуп, көз көрүнө тоноп-талай качып турган...

...Ойдо жок жерден Кутуш мергендин камоосунда калганын билишти басмачылар: тышка жан баш ката албайт; түнкү аска да, аска боорундагы үңкүр да тым-тырс, сестее калды бир тынымга; аска-аска башы менен, үңкүр-үңкүр башы менен бир шойком болорун туйгансыды...

Тым-тырс боло калган үңкүр ичинен үн чыкты бир оокумда:

— Мерге-ен! Оо, мерген! — бул Айтмарек корбашынын үнү эле.

— Ии,— деди мерген мылтыгын мээлеген калыбында,— кулак сенде?!

— Мерге-ен! — Айтмаректин корулдаган үнү кайра да издеп тапты үңкүр үстүндөгү Кутушту. — Бу, кызың биздин колдо турганда... бизге карай ок чыгарба-а! Кан чыгарбайлы — шерт ушу!

— Болуптур,— деди үңкүр үстүнөн Кутуш,— кызымды аман колума сал! Ок чыгарбайм анда, шертке-шерт!

Аска да, түн да бир тынымга сестее калды...

— Оо, мерген,— Айтмарек корбашынын үнү бу сапар муңайым чыкты. — Жазык бизде... улуусуң... тентектик кылдык... элдешели; астыңа ат тартып, үстүңө — тон жаап узаталы; ата-бабаның салтын жасайлы; бери түшүп кел...

Биртике тынымдан соң Кутуштун үнү чак этти:

— Айтмарек сен... ата-салтты оозанба! Аны эбак бузгансың! Ок чыгарбайм; баламды; менин... кызымды аман алып чыгып бер?!

...Үңкүр ичинде жан жоктой тым-тырс боло түшүп, анан, кыздын чыңырганы угулду:

— Ата-а! Атаке-е!..

— Бала-ам! Мен... мен мына-а! — Кутуштун үнү кыздын чыңырыгын таап барды. — Коркпо-о! Кара жаным курман саа!!!

Тым-тырс сестее түшкөн аска Кутуштун үнүн коштоп жаңырыктады.

«...ку-ур-ма-ан... са-а-а!!!»

Түнкү асканын жаңырыгын коштоп, ачуу чыкты эми Кутуштун үнү:

— Айтмаре-ек! Шерт бузбайлы-ы! Кан чыгарбайлы-ы! Кызымды бе-ер?! «бе-ер!» Өз үнүнүн жаңырыгы аскадан басыла электе үңкүр оозунан серейген карааңды көрдү Кутуш мерген. Кызынын карааның дароо тааныды ата...

Аска да, түн да бир тынымга сестейди... ата-баланын үнүн тыңшады.

...— Бала-ам! Бери, бери, чык, балам?..— опо тапта шашып да, сүйүнүп да кетти мерген кызынын карааның көргөнүнө. — Караанында-ан... Бери, кагылайын!.. Бери чык?.. Мына-мен... атаң мында-а... — мергендин үнү калтырап, каргылданып чыкты бу сапар; а тиги серейген караан таш боорун жаза басып, таш боорунан мүдүрүлө эмгектеди.

— Келе... келе, балам, колуңду?..— кызынын колунан тартып алды мерген. Анан, Кутуштун калтыраган, чорлуу манчасы кызынын бети-башын сыйпалап жатты. Түн. Карама сокурча сыйпалаган атанын чорлуу манчаларын кыздын ысык жашы нымдады; кыздын алсыз тыноосун туйду ата;

Аска да, түн да кызы менен атасын карап сестейди...

— Болду, болду!..— деди Кутуштун калтыраган үнү,— аман көрдүм көзүңдү!.. Алдыга түш... жо-жок,— деп мерген сөзүн алды. — Мени эрчи, жол билбейсиң да; мени эрчи...

Түнөгүнөн үркөн эликтин баласындай эрбеңдеген караан тоо боорунан улам мүдүрүлүп-оңолуп, атасын эрчип баратты. Аска тым-тырс... тээ, теренде кararган көл гана шырп-шырп этет...

— Болду, болду... көзүңдү араң көрдүм!..— ушул сөзүн гана улам кайталап баратты Кутуш мерген.

«Та-арсс! ччу-уу!!!» ок үнү түнкү асканы жара чаап, ага аралаш кыздын чыңырыгы кара түнгө үзүлүп түштү:

— ...Атта-аа!..

— Каралды-ым! Коку-уй!!! — Кутуш мерген жыгылган кызын кучактай калып бакырып ийди. Ок үнүнө аралаш кишинин ачуу бакырганын тиги түнөргөн аска күңгүрөпө коштоп басылды: «күңц-гүү-у!..»

* * *

Асканын кылды учунда ойноп жүргөн күндүн саргыч чубагы жылт учуп кетти; күңгөй-тескейге кечки салкын өкүм сүрдү; кечки тынчтыкка карагок тартып мемирей түшкөн көл бетине катар учкан канаттуу конуп, көл бетине беймалал калкыды; алар сарала моюн аңыр экен; аска бетинен кайып учкан чөкөтаан чаңк этет.

— Ана,— деди асканын жанырыгын тыңшай калган Байжанов,— байкадыңбы? Өзгө түгүл чөкөтаандын үнү да жа-

цырат. А кишинин үнү тимеле... мына угуп тур эми; ушинткен ал, сары асканын башын карай үн салды:

— Ээ-эй!.. Э-э-ээй!!! Ха-ха-ха-а!

Сары аска үндү ала качып, кошо кыйкырып, кошо каткырып, бийиктен-бийикке жаңырык таштап жатты.

— Ээ, баатыр,— деди, жээктеги атын бери жетелеп келаткан Байжанов тигил асканын, бул колдун биз билбеген дагы кандай сырлары бар... Эмнелерге гана күбө болбоду дейсиң, бу сырдуу жаратылыш... деги бу илгертен ууру-бөрүнүн баш каткан уюгундай экен; быякка бекинген жанкести, тетиги жалгыз аяк жолду тозуп койсо — бүттү!.. Быякка из кууп келген бирди-жарым киши, түгүл, бир отряд болсо дагы бирден терип турун, анан, мойнуна таш байлап тиги колго уруп ийсе бүттү...

Аны бир — ушу кол, бир — тиги сары аска билбесе; же жана тигинден бизди карап аңкыштаган суур эле корбөсө...

Эми тетиги төрдү карабайсыңбы? — колдун тиги башын жаңсады бул: жомоктогу Жезтумшуктун азуусундай миздүү аскалар колдун баш жагын тозуп жаткан экен. Жанагы суур аңкыштаган арчалуу беттен бери чубаган үйлар көрүндү; тик бетте алар бирден гана жай-аяр чубап келатышат; үйлар келаткан жол томоосу береги колго бийиктен куюлган көк шагылды кесип түшүп, колдон жоголот; жол учу — колдо калат; чубап келаткан үйлар: бири-бирине коендон окшош, ак чандыр, мала кашка өгүздөр экен; көөдөнү саландап, моюну күржүйгөн алардын жону уюп, кылкылдеп, кырарканын жиги билинбей калыптыр.

— Бах! — деп ийди Самак, үйлардын семизине көзү түшүп,— жайын жеген экен ээ жарыктыктар! Төрдүн оту укмуш экен го?

Минткен Самак тиги үйларды ошо учбаган калыбында санады:

— Бир, эки, үч, төрт, беш... отуз эки! Асыл тукуму эттүү өгүздөр; булардын ар бири үч жүздөн кем чаппайт.

— Колхозду тундурган мына ушулар да-а! — деп койду Байжанов тамекинин түтүнүн ошо тарапка үйлөп жатып,— эл болсо эттен камсыз...

— Мыкты багылган экен! — Самак али суктана карап турган эле өгүздөрдү.

— Бу төрдө ушул өгүздөрдү багып деле убара болбойт малчы,— деди Байжанов. — Төрдүн аягы — бул, а башын аска тозуп жатат. Анан бу төрдүн оту укмуш! Өзгө колхоздун малы да жок; булар ою-кырынан оттоп, кечинде сууга түшүп кайра чыгып барат. Аттан! — минтип, өзү шарт

аттанып, алдыга түшкөн бу, эми, тиги уйлар чубаган кыя жолго тартты. — Эми төргө чыгып ошо малчыныкынан кымыз ичели.

Көлдүн алкымындагы кууш капчыгайдан шып суурулган эки атчан ээк алдынан коргулдуу төрдү көрүштү: төр мөңгүлүү, ак зоонун астында экен; коргулдун асты жагында так ошо коргулга өңдөш, калың кой жуушап жатат; бийиктен кулап келип токтоп калгансыган боз таштай жалгыз үй турат; кеч курун коюнун четинде чылым чегип турган чабандай көрүндү түтүн булаган жалгыз үй. Үйдүн үстү жагындагы кериде жылкы, жылкы четинде жайдак тай минген тестиер бала ары четинен имерип турат; бээ сааган аял-эркек жүрөт; бараткан эки атчанды адеп, көрө койгон дөбөттүн үнү кечки асканы жаңыртты:

— О-оу-оуф! жылкы арасында жүргөндөр ит үргөн жакты карагыча күрсүлдөгөн дөбөт аларды тозо чыкты; союл куйрук, көк жон дөбөт буларды аттан алып түшчүдөй тик качырып келет.

— Абайла! — деди Байжанов берки Самакка,— камчыңы оңтойло! Бул чек арачылардын овчаркасынан! — ушинткен тиги анын ээсин кыйкырды:

— Оой, Багыш! О, итиңди карма-а!

Ушу тапта бээ сааган аял да бээ саадырган эркек да буларды сестее карап калышты: «кайдан чыга калышты?!» деген караш. Бир гана тиги жылкы четиндеги тайчан баланын итти карай чыңылдагы:

— Кабыла-ан! Кой! Кабыла-ан!..

Ит аны тоготор эмес, союл куйругун чамгарактата, Самактын атынын толорсугунан бурдады эле, чунаң эткен ат кош аяктан серпип ийди. Кулун кармап турган эркек анын ноктосун шыпырып, аялына тумшугун шилтеп, өзүнчө күң-мацк этти:

— Тиги экөөнү саабай эле агытып ийчи! Баягы-ы... гейелок эмеби? Ээ, атаңдын оозуга... ушулар деги кайдан-жайдан келе калды эле!..

Мунун, бул күңкүлүн бир аялы, бир өзү гана укту.

— О, кой! Кой, кет, ары! Э, чак түштө сагын мунун, атаңдын...

Ушундан улам ит үнү саал бастады. Атчандар үй астына келип калышкан эле; утурлай баскан үй ээсине салам айтты Байжанов:

— Ассалоому алейкум!

— Аалейкума... — деп алик алган үй ээси атчандарга колун берди; өзү менен кол алышып турган келте мурун, кызыл жигитти көрдү Самак: жигиттин оозу күлкүдөн жы-

йылбай, бетинен каны таамп турат; жапалдашынан келген мунун денеси — куйган кыттай чымыр да, кабелтең экен; бая кыркынчы жылдардагы кызматкерлердикиндей күрөң китель, шымы, бутунда апкытын майра баскан кызгылт хром өтүгү бар экен; желкесине баса кийген бырышкан калпагы.

— Ой-оой!.. келип калдыңыздарбы? Келгиле, келгиле,— деп эпилдеген анын жүзү жадыраң, кыпкызыл бети ого бетер нурданып тургансыды. Мунун көрүнүшү жагып калды Самакка: «адамды салабатынан...» деген, бу деги жүзү жакшы экен, пейли ак, мээнеткеч малчы көрүнөт?» Мына ушинтип болжоду Самак.

— Келдик, дос! — деди, Байжанов, атынын чылбырын анын колуна калтырып,— ии, кандай иш?

— Жакшы, жакшы аксакал,— Самактын атын алып жаткан үй ээси эми желе жакка кыйкырды: — Кабы-ыл! Оо, Кабылбек! Жылкыны ары коргулдан өткөрүп ташта-а! Оой, Сырга,— деди чакасын желенин жанына коюп, ноктo жыйнап жаткан аялга. — Эмне жыйнап атасың? Аны ким алмак эле?

— Ээ, жыйбаганда... — деди аялдын чыцк эткен үнү,— кокус күн жаап калса, кулунга кантип катылат чыйыккан ноктo.

— Бол, бол эми, бас, от жак! — деп жана бак этти үй ээси.

Аттан түшкөн жеринде саал аялдап айлананы карап турушту экөө: тайчан бала кулундуу бээлерди тиги коргулдан өткөрүп баратат; коргул үстүндө калың кой дагы элө ыцкыйт... жайлоонун кечки сыркаары жүрдү; тулаңга шүүдүрүм түшүп, аскалуу тор күүгүмгө үргүлөп барат... Самактын көзү ак боз үйдүн алдын чалды: үйүлгөн күү арча, анын түбүндө локүйгөн арча дөцгөч, дөцгөч жанында кайың сантуу балта жатат; ушундан ары жалпак таш үстүндө чоң кап сүзмө; андан берки кемегеде чоң казан асылып, андагы мелт-калт сүт астынан жагылар отту күтөт...

— Ии, үйгө киресциздер? — кош колун суна үй жакты коргозгон үй ээси өзү алдыга шаша басып эшик ачып жүрдү. — Ии, келициздер, кирициздер, кирициздер?..

Үй көчмөн малчыныкындай кичине алачык эмес, чоң ак боз үй экен. Кирип баргандардын көзүнө: төрдөгү чакан жүк, андан берки чырмап соккон кызыл ашкана, ашкана менен жүктүн аралыгында тизгич тиреген кара саба көрүндү; кыска бутту жыгач тактанын үстүнөн орун алган кара сабанын тыпынан майы чылпылдап, (жаңы эле арчага ыштап туруп майлап койгон экен) тактаны бүт ээлеп, лакы-

йып жаткан төрт бурчунан тээ, тизгич тиреген мойнуна чейин азыр жарылып кетчүдөй тирсийип турат; үйгө толгон кымыз жыты, үйгө жагылган арча жыты бар экен; эр жак кереге башында: бир беш атар, бир чып этме катар илинип-тир.

— Э, Багыш дос! — деди, тиги жарактарга көз салган Байжанов. — Бу сендө бир отряддын куралы бар го, ыя? Эмне кыласың мынча мылтыкты?

— Хе!.. — кыт этип күлдү Багыш, бишкекти кармаган калыбында (ал сабасын бышканы барган эле) — ээ, аксакал, бу ээн тоодо көчүп жүргөн малчыга керек тура. Канча тынч дегенибиз менен ууру-бөрү болбой койбойт. Бая... ии, баса, былтыр эле... — дей кетти. — Кеч күз болуп калган... бүгүн-эртең тиги кыштоого түшөм дегиче болбой кар жаап салды; жалгыз үймүн... үйдө — аялым анан, жанагы кичинекей уулум бар үчөөбүз... кайдан-жайдан бир топ жарактуу ууру камаса болобу! Жанталашканда кыйын экен: өзүм тиги бардакчени алып, катын, баламын экөөнө тең мылтык карматтым... — ушинткен Багыш ошо ууру камаган түнү мына ушу мылтыктарынын аркасында гана аман калганын айтты. Ал ошо түнү өзүн катын-баласы менен жаздым кылып кетчү жан кестилер менен беттешпей эле, анчейин бирөө менен байге сайышып, бута атышканын айткандай жайдандап, күлүп отуруп сүйлөдү...

Байжанов айткандай мына бу Багыш бу чөлкөмдөн эмес, тиги эле Жалал-Абад тараптан экен; Көгарт ашып быякка келип жайлап жүргөн Сузак районун малчысы тура. Келишим менен быякты жайлап эле эмес, кыштап да жүргөнү мына беш жылга айланыптыр; ошо беш жылдан бери быякта мал багып, мал семиртип жүргөн бул жылыга күзүндө эттин малын бел ашырып, жөө айдап барып төгөт экен.

Бул кепти угушуп, кымыз ичип отурушкан берки экөө Багыштын мынча малсарлыгына ыраазы болушту: алыскы райондон өзү жалгыз үй келип, ушу ээн тоодо азыр өзү айткан ажал-азап менен бетме-бет кармашып, анан, ошондон да коркуп койбой бу ээн төрдө дагы эле отурганына таң калышты. Айрыкча, Самактын көз алдына ушул азыр бул эле райондун өз кою ушул төргө жете албай жайыттан тукулжурап, камалып турганын ушул төргө жетүүгө ак эткенденгак этип турган айрым чабандарды эстеп, анан, алардын кою эртең эле быякка жетип, ыңкын калгандай өзүнчө, эргип, таттуу кыялы ушу тапта куш канатындай дир-дир сермелип алды. Кадимкидей көңүлү көтөрүлдү; каны толкуп, башына чыккандын, чыкый тамырлары саал диртилдей калганын

сезди; жүрөгү алып учту. Көңүлү эргири эп эле; бүгүнкү иши башталгандан оңунан чыгып келаткандай; мына ойдо жок жерден геологдорго жолугуп, тиги замандан бери жок бербей жаткан Чоң-Кыядан жол ашырып берүүгө геологоизилдөө отрядынын начальниги Байжанов макул болуп отурат. Анан, төр жайлап жаткан бу малды көрдү; «аякка мал барып көргөн эмес» дешпеди беле кээлер? Эми ушу көргөнбилгенин далилдегенде кантер экен антип айткандар? Көл Төргө, Чаар-Төргө мал жетиш кыйын, ал эми көп малды, малчыны жеткириш үчүн жол керек, жол! А жол чыгарыш үчүн күчтүү техника керек, зор каражат керек экенин заркана сүйлөшөбү беле? Мына эми минтип, «айыгар оорунун дарысы өзү табылат» болдубу?! Чыкый тамыры лукулдай калганын мына бу күчтүү кымыздын таасиринен бекен дей калган Самак өзүнчө, ууртунан жылмайып отурду. Ушу тапта кубанчылуу мунун көзүнө көрүнгөн: береги сөөлөттөнгөн күр жайлоо да, тиги сүрдүү аскалар да, нечен окуяларды ичине сактаган алиги Көл-Төр да, Көл-Төр жайлап, чатыран жаткан мына бу төрт түлүк да, ушул төрт түлүктү баккан мына бу кызыл өтүкчөн жигит да, мунун алиги жылкы четиндеги тайчан баласы да, бээ сааган аялы да, ушунун баарын өзүнүн көргөзгөнү эрчитип келген мына бу геолог Байжанов да өзгөчө ысык көрүнүп турат!.. Айласы эле болсо ушулар менен дайым бирге жүрсө кандай гана сонун болор эле!.. Көргөнү жакшы болду бу төрдү; эми быякка жол чыгарбай коюшка болбойт; Көл-Төргө да, Чаар-Төргө да мына ушу быйылтан баштап, мал чыгаруу керек. Бул төрлөрдөн мал бир эле айда ачкып калат. Минткен Самак кубанып, эргиген калыбында, баарына ыраазы болуп, баарын сонуркап, көзүнө да, көңүлүнө толгон шаттык бар.

— Ии, эми, конок камын көрөлү? Коносуздар да? — минткен Багыш суроолу карады меймандарын. (Бул анчейин гана сыпайыгерчилиги эле.)

— Жо-о, рахмат! — деди, колундагы кымыздан кылк бир жутуп жерге койгон Самак.

— Бүгүн конбойбуз, Багыш баатыр,— сыр аякты жерге койгон Байжанов үй ээсине карады. Биз бир топко иштеп калабыз, быякта, мүмкүн, мына ошондо, кет десең да коно-түнөй жатабыз.

— «Иштейбиз?» дейсизби? Каяктан? — Сестене сурады Багыш.

— Чоң-Күнгөйдөн жол чыгарабыз, быякка.

— «Чоң-Күнгөйдөн»? — деп кайра да сестейди Багыш.— Ии, андан шакты чыгабы? Кеп тапкансыңар го?

— Жо-о, жөн эле жол чыгарабыз деп атпаймбы, кадим-

ки эле жол. Быякка бул райондун малы жайлайт,— деп кесе айтты Байжанов. —Анан, жолсуз кыйын да, малчыга азык-түлүк, малга дары-дармек убагында жете албайт да жолсуз.

Муну айткан тиги Байжанов менен берки Самакты алма-терме карады Багыш: «бул райондогу бир колхоздун башкармасы же совхоздун директору экен го? — деди Самакты. — Малды ушул ашырат экен го быякка? Менин тынчымды мына ушул кетирет экен!»

— Багыш,— деди Байжанов буларды үнсүз тиктеп, ичинен дүрбөлөңгө түшүп турган аны карап,— кымызга тойдук; сен эми бизди узат баатыр?

— Жарайт,— минтип леп этти Багыш, тыштан бирөө чакырып тургандай шашылыш козголду,— анда мен да аттанайын.

...Үч атчан кырга чыкканда кара-күүгүм эле. Кара-күүгүмгө каалгыган ак зоо, кара-күүгүмгө үргүлогон Чаар-Төр тигине; төрдүн чаар ташынан айрылбаган калың кой — ана; күүгүмдө бөтөгөгө ыңкыган калың койдун маараганы гана тиги төрдө кой жатканын кабардайт; төрдүн кара-күүгүмүндө кой кайырган баланын үнү чабак урат:

— Оо-у-у! Оо-у-у-у! Чо-ой!..

Арчалуу бет мына. Күүгүмгө түнөп бараткан тоо-таштын, тулаңга түшкөн шүүдүрүмдүн аралаш арча жыты аңкыйт; коктудан суу шарылдайт. Ана, тиги төрдүн чаар ташына окшоп, чаар төрдө сиңип жаткан кой чогулуп, койчуман баланын үнү арча арасынан чыкты:

— Оо-уу-у! Оо-уу-у! Чо-ой! Төр башындагы мөңгүлүү ак зоо да «за-аңк... за-аңк!» эткен жацырык таштагансыйт, баланын үнүнөн. Күүгүмүндөгү жаандуу карагилең булутту мойнуна орногон ак зоо үстүндөгү асманды тиреп: куду көрпө жака, ак тонун жамынып, дөңдө отуруп алып, бет алдындагы айылга, мал-жанга кеч курун көз салган даанышман бабадай ушул төрдүн жанды-жаныбарына, караган-бутасына, жыбыт-жылгасына, молтүр булагына, адыр-белесине ажайып илебин таштайт...

Боз үйдүн сересине жайылган курутту шилеп жыйгандай тиги чаар төрдөн жыйылган кой берки кыяга чогулду.

— Оо-уу-у! Оо-уу-у! Чо-ой!..

Баланын чыңылдаган үнү эми тиги кыядагы арча арасынан чыгып, койду кыядан төмөн чубуртту; чий бетиндеги курутту канка эңтергендей кыядан чубурган калың, ак кой заматта тиги жалгыз боз үйдүн жанындагы кериге чогулду. Кара-күүгүмдөгү күр жайлоонун бетегеси менен арчасынын жыты аңкып, шүүдүрүмүнүн илеби чыйрыктырат; али түн

нөгүнө кире элек тоо чымчыгынын түркүн мукам сайраганын коштоп, тээ, арча арасынан күкүк таңшыды...

Үч атчан туу кырда эле; аларга кол сермеп токтотуп, аттан түшкүлө деген белгини шашылыш берген баягы Багыш, өзү алдындагы арчаны жамына берип, кайра да шыбырай сүйлөдү:

— Чищ! Былк этпегиле!.. Азыр эликтин жайылар маалы... — минткен тиги эликтин өңүтүн алып, арча арасына тикийди; анан, жонундагы мылтыгын шашылыш алып жатканда тетигил арчадан сагызган чакылыктап учту.

— Ииий!.. Атаңдын оозуга... сагызган! — деп сөгүнүп ийди Багыш,— кабар берип салбадыбы, шүмшүк! Качып кетти!

— Ха-ха-ха-хаа! — каткырып ийди Самак; адегенде тиги өзүнөн-өзү карбаластап калган Багыштын кыймылына толук түшүнө албай жаткан ал, эми, мунун жан далбасы текке кеткенин түшүнө коюп, токтоно албай каткырды да өзүнчө сүйлөдү: — «ажайып табыйгат! Бирине-бири сакчы; бирине-бири көсомол... А биз адам — ушу табыйгатка, анын ушу керемет сулуулугуна кээде, көрүнө зыян кылабыз ээ?! А түгүл, бири-бирибизге да тиги жаныбарларча калка боло албайбыз; бири-бирибизге — жоо, бири-бирибизге — ажал-азапбыз!!!»

Айлана бир тынымга жым боло калды; бир тынымга табыш тыңшай калгансыды... Арчалуу бет үргүлөп баратты... Уйкудагы үй ичи өңдөндү табыйгат; уйкусунан чочуган баланын үнүндөй үн чыкты ушул жымжырттыктан: кандайдыр элик бакырды маңдайдан; ушуга жарыша учкан ок үнү тиги арчалуу бетти тилип өттү: «ччы-уу-уу!» чөгөлөй калып, милтени басып ийген Багыштын оң ийни саал солк этти; «Барстын» оозунан күңүрт-кочкул жалын бурт деп, күүгүмдөгү ошо кочкул жалын дары жыты менен кошо кош таноого бурк этти: мылтык үнүн коштогон тоо экилене «заңк» этип, жаңырыкты-жаңырык улады... Бакырган элик жым басылды; ага кабар берген алиги сагызган да ушу кара-күүгүмгө житип, кайра үн каткан жок.

— Э, Багыш,— жым-жырттан адеп, чыккан Байжановдун ушул үнү, уйкудан ойгонуп кеткендей эле. — Сен эми бизди бир төтө жолго сал да Көл-Төрдүн коктусуна түшүрүп жибер; мына түн кирип калды; алиги өзүбүз келген жол узагырак, чукулуна салбасак...

Карагай, арча жамынган тик бетте коңур түн жатат. Чытырман карагай, арча арасынан аттар булуң-буйтка жол таап, төмөн карай сойголоктойт...

ки эле жол. Быякка бул райондун малы жайлайт,— деп кесе айтты Байжанов. —Анан, жолсуз кыйын да, малчыга азык-түлүк, малга дары-дармек убагында жете албайт да жолсуз.

Муну айткан тиги Байжанов менен берки Самакты алма-терме карады Багыш: «бул райондогу бир колхоздун башкармасы же совхоздун директору экен го? — деди Самакты. — Малды ушул ашырат экен го быякка? Менин тынчымды мына ушул кетирет экен!»

— Багыш,— деди Байжанов буларды үнсүз тиктеп, ичинен дүрбөлөңгө түшүп турган аны карап,— кымызга тойдук; сен эми бизди узат баатыр?

— Жарайт,— минтип леп этти Багыш, тыштан бирөө чакырып тургандай шашылыш козголду,— анда мен да аттанайын.

...Үч атчан кырга чыкканда кара-күүгүм эле. Кара-күүгүмгө каалгыган ак зоо, кара-күүгүмгө үргүлогон Чаар-Төр тигине; төрдүн чаар ташынан айрылбаган калың кой — ана; күүгүмдө бөтөгөө ыңкыган калың койдун маараганы гана тиги төрдө кой жатканын кабардайт; төрдүн кара-күүгүмүндө кой кайырган баланын үнү чабак урат:

— Оо-у-у! Оо-у-у-у! Чо-ой!..

Арчалуу бег мына. Күүгүмгө түнөп бараткан тоо-таштын, туланга түшкөн шүүдүрүмдүн аралаш арча жыты аңкыйт; коктудан суу шарылдайт. Ана, тиги төрдүн чаар ташына окшоп, чаар төрдө сиңип жаткан кой чогулуп, койчуман баланын үнү арча арасынан чыкты:

— Оо-уу-у! Оо-уу-у! Чо-ой! Төр башындагы мөңгүлүү ак зоо да «за-аңк... за-аңк!» эткен жаңырык таштагансыйт, баланын үнүнөн. Күүгүмүндөгү жаандуу карагилең булутту мойнуна орногон ак зоо үстүндөгү асманды тиреп: куду көрпө жака, ак тонун жамынып, дөңдө отуруп алып, бет алдындагы айылга, мал-жанга кеч курун көз салган даанышман бабадай ушул төрдүн жанды-жаныбарына, караган-бутасына, жыбыт-жылгасына, молтүр булагына, адыр-белесине ажайып илебин таштайт...

Боз үйдүн сересине жайылган курутту шилеп жыйгандай тиги чаар төрдөн жыйылган кой берки кыяга чогулду.

— Оо-уу-у! Оо-уу-у! Чо-ой!..

Баланын чыңылдаган үнү эми тиги кыядагы арча арасынан чыгып, койду кыядан төмөн чубуртту; чий бетиндеги курутту канка эңтергендей кыядан чубурган калың, ак кой заматта тиги жалгыз боз үйдүн жанындагы кериге чогулду. Кара-күүгүмдөгү күр жайлоонун бетегеси менен арчасының жыты аңкып, шүүдүрүмүнүн илеби чыйрыктырат; али түн

ногүнө кире элек тоо чымчыгынын түркүн мукам сайраганын коштоп, тээ, арча арасынан күкүк таңшыды...

Үч атчан туу кырда эле; аларга кол сермеп токтотуп, аттан түшкүлө деген белгини шашылыш берген баягы Багыш, өзү алдындагы арчаны жамына берип, кайра да шыбырай сүйлөдү:

— Чищ! Былк этпегиле!.. Азыр эликтин жайылар маалы... — минткен тиги эликтин өңүтүн алып, арча арасына тикийди; анан, жонундагы мылтыгын шашылыш алып жатканда тетигил арчадан сагызган чакылыктап учту.

— Ииий!.. Атаңдын оозуга... сагызган! — деп сөгүнүп ийди Багыш,— кабар берип салбадыбы, шүмшүк! Качып кетти!

— Ха-ха-ха-хаа! — каткырып ийди Самак; адегенде тиги өзүнөн-өзү карбаластап калган Багыштын кыймылына толук түшүнө албай жаткан ал, эми, мунун жан далбасы текке кеткенин түшүнө коюп, токтоно албай каткырды да өзүнчө сүйлөдү: — «ажайып табыйгат! Бирине-бири сакчы; бирине-бири көсөмөл... А биз адам — ушу табыйгатка, анын ушу керемет сулуулугуна кээде, көрүнө зыян кылабыз ээ?! А түгүл, бири-бирибизге да тиги жаныбарларча калка боло албайбыз; бири-бирибизге — жоо, бири-бирибизге — ажал-азапбыз!!!»

Айлана бир тынымга жым боло калды; бир тынымга табыш тыңшай калгансыды... Арчалуу бет үргүлөп баратты... Уйкудагы үй ичи өңдөндү табыйгат; уйкусунан чочуган баланын үнүндөй үн чыкты ушул жымжырттыктан: кандайдыр элик бакырды мандайдан; ушуга жарыша учкан ок үнү тиги арчалуу бетти тилип өттү: «ччы-уу-уу!» чөгөлөй калып, милтени басып ийген Багыштын оң ийни саал солк этти; «Барстын» оозунан күңүрт-кочкул жалын бурт деп, күүгүмдөгү ошо кочкул жалын дары жыты менен кошо кош таноого бурк этти: мылтык үнүн коштогон тоо экилене «заңк» этип, жаңырыкты-жаңырык улады... Бакырган элик жым басылды; ага кабар берген алиги сагызган да ушу кара-күүгүмгө житип, кайра үн катkан жок.

— Э, Багыш,— жым-жырттан адеп, чыккан Байжановдун ушул үнү, уйкудан ойгонуп кеткендей эле. — Сен эми бизди бир төтө жолго сал да Көл-Төрдүн коктусуна түшүрүп жибер; мына түн кирип калды; алиги өзүбүз келген жол узагырак, чукулуна салбасак...

Карагай, арча жамынган тик бетте коңур түн жатат. Чытырман карагай, арча арасынан аттар булуң-буйтка жол таап, төмөн карай сойголоктойт...

* * *

Чыгыш-түштүк тарапта калган тоолорду карап келатты Самак. Көл-Төр, Чаар-төр тигине-тетиги, булут көчкөн ак чокунун астында. Ошо, кечтеги сөздүн өтөсүнө чыгышып, ошо, төрлөргө жол ашырып салышканы ажеп болду да; ага жеткен төрт түлүк магдырап эле калды, малчылар андан бетер алкап жүрүшөт, торго жол ашырып бергендерди.

Төрлөрдү, малчыларды, геологдорду көз алдына келтирген Самак өзүнчө эргип койду; баягы жыйында өзүн карап турган Айдаралиевдин кумсарган өңү, анын кекеткени азыр мунун көңүлүнөн чегинди. Азыр барганда андан кайра жеме угармын деген көңүлүнүн кири да саал тазара түшкөндөй ушу тапта. Тээ, булут көчкөн тоо баштарын сергек да эргий карап, алыстан келаткан ак калпакчан атасын көргөндөй өзүнчө сүйүнүп койду; ошентти, кербен тартып жаткан тоолорду демөөр тутуп, ошо тоолор арасындагы не бир албан адамдарды көз алдынан кетирбеди: «тоо мөңгүсүндө туулуп, тоонун аязынан оозанып, тоонун бороонунда торолгон азаматтар! Алар баарына туруштук беришет; алар менен көп иштерди бүтүрүп, укмуштай кыйынчылыкты жеңишке болот...»

Өзүнчө ушинткен Самак бу колхоздун тээ, үюшкандан берки таржымалын көзүнөн өткөрүп, уккан-көргөнүн өзүнчө эскере келет: адеп, жолуккан башкарманы, атчыны ошо колунан алып токунуп минип кеткен Кулубайдын Көк кашкасын (Көк чолок) Кара-Кужурга бараткан жолду, Нурак карыянын үй-бүлөсүн, алар баккан котур койду, аларды дарылоого байланыштуу окуяны, дүкөнчүнү, дүкөндү, шофердин жалаасын... койчу, айтор, жол бою буларды кайра бир көз алдынан сыдырган Самакка эми мына бу адыр-белес, тетиги ашуу-төр кеңешин сүйлөп, анан, тээ-тиги көөдөнүнө булут жуушаган ак зоолордон үн жаңыргансыйт: «али басар жолуң — узак, али ашар белиң — бийик, кайраттуу бол, намыстуу бол!»

28

Самак обкомдун биринчи секретарынын кабыл алуу бөлмөсүнө кире бергенде, бура-тере карабай такылдата машинка басып отурган кыз селт этип, башын көтөрүп, буга бирпикө көз токтотту да минтип сурады:

— Тогуз-Тородон келдиңизби?

— Ооба.

— Ветеринарсызбы?

— Ооба.

— Кириңиз. Кемел Жаңыбаевич күтүп атат.

Бурчтагы кийим илгичке чолок тонун тумагына кошуп илип аткан Самак биртике аялдай калып күдүктөндү: «Обкомдун биринчи секретарыбы? Колхоздон жалгыз мениби? А райондон ким бар болду экен?»

Ушул суроосу менен кошо кабинетине кирди секретардын.

Кабинетте Жаңыбаев жалгыз эмес, Акбаев да бар экен. Эки секретар тең жылуу жүзү менен карашты Самакты. Ушул областтык жыйындан, кээде райондон эле көргөнү болбосо Жаңыбаев менен бетме-бет сүйлөшө элек болчу; а Акбаевди болсо өткөн чогулушта көрдү. Экөө тең азыр Самак менен эски тааныштардай учурашып, ал-абал сурашып отурушту. Булар колхоздо иштеген жаш адиске көргөзмө же буйрук берер жетекчидей эмес, жөн-жай кепти сүйлөшөр өзүнүн улуу агаларындай көрүндү.

— Ко-ош... бүгүн күн кандай Тогуз-Тородо? — Жаңыбаев ушинтип сурап калды.

— Кечээтен бери жылуу,— деди Самак,— кыштоолордун кары эрип жатат.

— Төл кандай, төл?

— Ылаң чалып атты эле, азыр жакшы. Бардык аракетти жасадык эми, ылаң кайтып калды.

Булар: жазгы кош айдоонун жүрүшү, тууттун, төлдүн абалы жөнүндө кой көктөтүү, мал жайыты туурасында кыйла кеп козгоп отурушкан соң, обкомдун секретары Самакка карап күлө сүйлөдү:

— Чакырык барганда, дагы баягы чогулуш дегендирсиң? Муну угуп, ууртун жыя күлүмсүрөдү Самак, «өткөн чогулуштагы сөзүм үчүн жеме угармын, жаза алармын?» деген оюн сыртына чыгарган жок.

— Бүгүн чогулуш болбойт,— деди обкомдун секретары. — Чогулуштун көп болушу силерди өндүрүштөн алагды кылары бышык. Ал эми аныктап карасак, чогулуштун көбүнөн мурда ошо чогулушта алиги Каптагаевге окшогондордун керексиз сөздү көбүрөөк сүйлөгөнү кишилердин убактысын алып жатканы ырас. Ар бир өткөн чогулуш — ал коммунисттик тарбиянын мектеби болууга тийиш эле, ал эми андай кылбай бу областтык, райондук актив, конференциядан тартып, тиги колхоз, совхоздордогу партиялык чогулуштарды иштен алыс, куру сөздүн мектебине кээде, айландырып ийип жатышканы да сезилип турат. Биз мына ошого жол бербешибиз керек.

«Кой чарбасы — кирешелүү тармак» деген сөздү айрым

кургак чечендер ар күнү жүз жолу кайталай берүүдөн тажабасы анык. Айрым кургак чечендер ушуга окшогон сөздөрдү жаттап алышып, күнү кечке сайрай берүүнү негизги милдетибиз, бүтүрүп жаткан ишибиз деп билишет. Андайлар ошо сөзү менен коомго, коомдук чарбага абдан пайдалуу иш бүтүрдүк деп билишет, жетекчилик мына ушул экен деп ойлошот. А чындыгында бул иш бүтүрүү эмес, ишке тоскоолдук... Демек, бу чогулуштардан качпай, ошо чогулуштарда сүйлөнчү куру сөздөрдөн качуу керек. Куру сөз аны сүйлөгөн бирин-эки кишинин өзүндө турсун, аны калгандар тууралбасын, калгандарга адат болбосун, куру сөз.

Кургак сөз — бул сезимдин уусу экенин билсек, аны жолдошторго түшүндүрсөк иш илгерилейт; алиги кургак чечендер өзүнөн-өзү кынына кирет.

Бул сөз өткөн жыйналышта айтылганын, эскертилгенин Акбаев да Жумаев да муну ушул азыр кайталап отурган Жаңыбаев да жакшы билет. Айтылганды кайталап жаткан обкомдун биринчи секретары ушул азыр элге керек буюм жасап алып, аны өз макирттеринин сынынан кайра да откорүп жаткан устага окшоду.

— Туура, Кемел Жаңыбаевич,— деп кошулду Акбаев.— Өтө турган чогулушту биз чогулуштун өзүнүн гана пайдасына, «чогулуш оттү» деген гана сөз үчүн эмес, ошо чогулуш болгондон кийин андан бир тыянак чыгышы үчүн, ал чогулуштун кишилерге таасири болсун үчүн, эл ишке жан дили менен жапырт чыксын үчүн өткөрөбүз да. Мисалы, райондо эң бир маанилүү иштер болуп калат. Андай иштерди терең акылга салып, коллективге салып, элдин сөзү менен айтканда: «жети өлчөп, бир кесебиз». Андай чогулуштарда бүткөн иштердин жалаң эле ийгилиги эмес, кемчилиги да орой-көз чарай айтылат. Ал эми кээ бир коммунисттер сөзүбүздөн жаңылып калбайлы деп отуруп, сөз өнөрүнөн жарды. Антпей партиялык чогулуштарда коммунисттерди, айрыкча, жаш коммунисттерди сүйлөөгө, өздөрүнүн пикирлерин чын, калыс айтып берүүгө үйротсок мына бу жолдош Жумаевдин сөзүндөй болуп, көптүн көңүлүндөгүсүн табат, өздөрү да туура сүйлөө чеберчилигин үйрөнөт. Мунун мааниси зор. Коммунист болгондон кийин ал эл ичиндеги үгүт-насаатчы да.

— Ал ырас,— деди Жаңыбаев,— коммунисттер ар иштин формалдуулугуна жол бербөөгө тийиш. Чогулушта өзүңүз айттыңыз: «чогулуш өтүлсө, ал тууралу токтом жазылса, эптеп иштин формасы сакталса болду» деген жүр нарылыктардын болуп жаткынын. Мына — формализм! Бу пар-

тиялык иште формализмге эч качан чыдоого мүмкүн эмес. Формализм — бул бюрократизм деген эле сөз да.

Обкомдун биринчи секретары муну айтып жатып, Акбаевден көзүн алган жок. Акбаев да бу маңдайындагы көөлгүгөн, токтоо кишини ойлуу карап, ойлуу угуп отурган эле.

Тоонун күдгөй-тескейинен атырылган кашка суулар бир коктудан кошулгандай бу эки секретардын ой-пикири кошулуп, күркүрөгөн өзөнгө айланып кеткенсиди. Төмөнкү жылгадан буларга кошулган шылдыр булак өңдөндү жаш Жумаев ушу тапта. Эки секретарь тең аны не бир сүймөнчүлүк менен эркелете карашып, анын пикирин угушуп, өздөрү акыл кошуп отурушту:

— Ошентип, чогулуштун баарын жеришке болбойт,— деди Жакыбаев ага,— ошо чогулушта сүйлөнчү керексиз, артыкбаш сөздү жерүү керек. Керексиз сөз убактыны эле алып тим болбой, сезимди ууктурат.

— А түгүл чиритет,— деп кошулду Акбаев.

...Сүт табакты жибитет
Айран тамса иритет.
Маанисиз жок көп айткан,
Мацыз сөздү чиритет...—

Мына, Током бир ооз ыры менен түмөндөгөн пайдасыз сөздүн түндүгүн түшүргөн!

Ушу таптагы Тогуз-Торонун аба ырайынан тартып, кош айдоону, төлдүн абалын жаттаган жадыбалындай айтып берген Самак эми, бу эки секретарга көз кыйыгын гана таштап отурду: «Дагы эмне сурашар экен? Дагы кандай кеңештерди айтышар экен?» «Чогулуштун көбүн жеришпей мурда, керексиз кептин көбүн жериш керек». Муну көңүлүндө кайталаган Жумаев өткөн чогулуштагы өзүнүн ар бир сүйлөмүн эстеп жатты: «Кана, мен ошо күнү сүйлөгөнүмдө керексиз кепти коштум бекен?»...

— Ко-ош,— деди обкомдун биринчи секретары Жумаевди карап отурган калыбында. — Тогуз-Тородо окууну бүтүп баргандан бери иштеп калдың, тажрыйбаң бар, эми башка районго, башка кызматка иштөөгө кандайсың?

Муну укkан Жумаев обкомдун биринчи секретарын караган калыбында бир оокумга үнсүз отуруп калды: «Бу кандай болуп кетти? Тогуз-Тородо иштей албай калдымбы? Же...» минткен буга далайда барып тил кирди; анан, адатынча ууртунан жылмайып, берилген суроону кайталады:

— Башка районго дейсиздерби?

— Ооба,— деди обкомдун биринчи секретары,— башка районго. Ичинен бүдөмүктөп, саал бушайман болуп турга-

нын тышына чыгарган жок Жумаев, ууртунан жылмайган калыбында сурады:

— Кайсы районго?

— Ак-Талаага,— минткен секретарь да бу сапар жүзү жадырай сүйлөдү. — Бул райондун жалпы абалы азырынча кыйын экенин билесиң. Айрым колхоздордуку өтө начар...— минткен Жаңыбаев саал тунжурай калды да ошол абалында Самакка назар сала сөзүн улады. — Андагы «Ылайлы-Суу» колхозуна председателдикке дайындайлы деп жатабыз?..

— «Ылайлы-Суу» колхозуна? — Самактын саал чочуй унчукканын байкашты эки секретарь тең; анан Жаңыбаев сурап калды:

— Ии, билчү белең ал колхозду?

— Хи! Билмек түгүл,— деди жанагы эле калыбында ууртунан жылмайып турган Самак. — Окууну бүтөрүм менен ошо колхозго келгемин, анан...

— Ии? Анан иштедиң беле?

— Жо-о, ошо иштей албай калып отурбаймбы,— минткен Самак анда иштей албай калганын эки ооз гана айтып берди.

— Демек, анда баштоого камынган ишти эми улантат экенсиң,— деди обкомдун биринчи секретары. — Чындыкты жашырууга болбойт; «Ылайлы-Суу» колхозу ошо адеп, сен көргөндөн да алда-канча начарлаган: мал чарбасы бүлүнгөн, дыйканчылыгы кээринен кеткен, колхозчуларынын турмушу начар, колхоз башкармасынын составы — председатель өзү баштап, коомдук байлыкты уурдап, талап, көрүнө зыянкечтикке жол ачкан... Эми мунун баарынын бети ачылып, председатель Байдалиев баштап кызматтан бошотулуп, иштери сотко өткөрүлдү. Башкарманын мүчөлөрү, активдер жаңы шайланат. Демек, сен ишти жаңыдан башташың керек. Чынын айтуу керек,— деди обкомдун биринчи секретары кайра да,— «Ылайлы-Суу» колхозунда ишти жолго коюшка болоттой эрк да, кайрат, иште тынымсыздык, элге жүгүмдүүлүк, уюштуруучулук өнөрү керек. Ал сапаттар сенде бар; сага партия ишенет. Кай жерде кыйынчылык — ал жерде коммунист! Бул максат сага айкын да? Андыктан партиянын обкому сага ошо кыйын чекке барып иштөөнү сунуш этет?..— Сөз арасында саал тыным жазаган обкомдун биринчи секретары жанындагы Акбаевге көз кыйыгын таштап, анан, тиги бет маңдайындагы Самакка назар сала, сөз улады:

— Чынында сен бул эле четтеп райондон келесиң: жер шарты, чарбасы өзүңдүн беш колуңдай таанып. Ал эми,

бул Ак-Талаага жолдош Акбаев тээ, Кыргызстандын түштүгүнөн келип отурат.

Ушу тапта Акбаев да бу Жумаевден көзүн албай отурган эле: «Ай, кыйыктанар бекенсиң? «Ылайлы-Суудан» адеп, жалккан жайың да бар экен, анүстүнө үрөй учурар азыркы абалын уктуң?..» — өзүнчө ушинткен Акбаев мунун өңүтүсүнө өзгөчө көз салып отурду: барууга мойну жар бербей кыйыктанган кишинин өңүнөн көрүнчү эле; кыйналып-кысылганы кабагына көлөкө түшүрүп, а түгүл, андайларды дароо кара тер басчу эле. Ушул азыр Акбаевдин көз алдына баягы Эсен келе калды: «Үлгүгө» барасың дегенди уккан анын жапы азар таппай, аны бирөө байлап туруп, отко салып ийгендей чабалактап, ийип чыга качпады беле: «Бара албайм!» ушинткен анын үнү да угулуп турду Акбаевге.

Эми бу Самакты да ошентеби деди. «Кандай жазаласаңар — жазалагыла, бирок, мен бирөөнүн биттүү тонун жамына албайм! Айтып турам го, билем «Ылайлы-Суу!».. Адеп, аттаган босогом болчу... Бирок, алар ошо босогодон тозуп турушуп, тумшугумду канжалаткан! Ыза-кордук көргөзүп айдашкан. Кандай жазаласаңар — жазалагыла бирок бара албайм!» Ушинтер бекен, шар сөздүү курч жигит?..» райкомдун биринчи секретарынын бул купуя оюна обкомдун биринчи секретары да купуя кошулуп отурду. Экөөнүн тең көз кыйыгы Самакта эле. Бирок, андай болгон жок, саал ойлоно калган Жумаев шар кетти:

— Мейли, Обком тапшырса — пштейбиз. Партия кандай иш тапшырса аткарабыз. Ар дайым партиянын солдатыбыз!

Акбаевдин маңдайында азыр ветеринар жигит эмес, командирине буйрук алып, согуштун алдыңкы катарына жөнөп жаткан жоокер жигит көрүндү. Анын шар жана элпек мүнөзү жаштык жалынына шайкеш көрүндү. Ак саргыл жигиттин ууртундагы жагымдуу жылмаюусун эки секретарь тең сүйкүм карап турушту: «Кабагы кирдебес — ак жаркын, артына кылчактабас, бет алган ишинен кайра тартпас— жүрөгүндө жалыны бар жигит. Мунун бүтүрөр иши зор, басар жолу узак, алыска чуркайт бул...»

Эки секретарь ушинтип жарыша ойлоп, мунун келечегине жарыша көз чаптырышты...

29

Мына, апрель аяктап калды. А жайлоо төрлөрүнүн кары али тунуп, каш кайтара элек. Кыштоодогу кой көк куун, кээлери козуларын тойгуза албай али кара желин. Койго али жем-чөп керек. Алыскы райондордон тартылып келген

жем-чөп мына бу ак чап чыбырлардын арасындагы кашарларга шар жетип, а тиги жолу кыйын Орто-Сыртка жетпейт.

Орто-Сырт — миңдеген мал батар кыштоо. Бир гана жаман жери ошо Орто-Сыртка чыгар жол гана татаал. Ага жемчөптү алыс жол менен: мындан Ат-Башыны басып, андан Нарынга түшүп, Нарынды айланып жүрүп отуруп, аңдан зорго Орто-Сыртка... Ар жолу жеткирилер жем-чөп кыштоодогу малдын кунун жеп бүткөндө чабандын короосуна барат. Антсе да ошо замандан бери баса келген алыс жолду айланып, тоют жеткирбесе мал кырылат. Кыштан бери Орто-Сыртка жөнөтүлгөн жем-чөптү баштап жетип, анан, өзү да машина менен Ат-Башы, Нарынды айланып, печен курдай барган Акбаев андагы чабандардын турмуш-тиричилигине жакшы тааныш. Ар бир чабандын конушу, жайыты көз алдында. Алардын үй-бүлөсү, бала-чакасынын аты-жөнүн жатка билет.

Орто-Сыртка чыгарда аякка кыштаган колхоз, совхоздун кыштагын аралап, кыштоого чыгар чабаандарды, алардын бала-чакаларын издеп, сурап, жүрүп ала кетет: — Орто-Сыртка чыгарыңар барбы? Жүргүло, чогуу барабыз?

Райкомдун жаңы секретарын адеп, көргөн чабандардын балдары түгүл, өздөрү да батына алышпады: «Кантип эле бул райком райком башы менен бизди кыштоого ташысын?» Адегенде ушинтип чоочуркаган алар бара-бара кадимкидей үйүр алышып калды Акбаевге.

— Кечээ, Акбаевдин өзүнүн машинеси менен келдик,— деген чабан өрөпкүй сүйлөчү. — Ой, бир сонун киши экен! Ошо тиги кыштактан чыкканы эзилише, сырдашып отуруп жеттик...

Ушуну укkан бу орто-сырттагылар бу Акбаевди көрүүгө, аны менен бир үзүрлөшүүгө дегдеп калышты. Келген сайын короолорду кыдырып, алар менен кеч-кесири пикир алышып да жүрдү. Акбаевге жолукканда алардын ар бири мына ушул жол жөнүндөгү кепти козгойт. Жолдун азабынан жакага катташ азайып, жолдун алысынан, баарынан тукулжурап, турганын арыздана беришет. Өзгөчө, кышкы жолдун кыйынчылыгы алардын көкүрөгүнө көк талкандай тийген.

— Кыш ушу болсо!..— деди бир жолу чабан аял Батый. — Айчылык белди кышында ашканың бир азап экен! Кары касаба турган бел. Көчкү жүрүп кетпесин деп, жанды оозго тиштеп атып арак ашмай.. Анан, кантебиз?! Катташпай кое албайт экенбиз. Малдын чөп-чары жок кый туруп, кээде, өзүбүздүн ун-талкан түгөнүп, отуруп калганда ошо Чалк-Өйдөнүн муз белине жармашып, анан аркы, капчыгайынын тик бетин кыялап жономой. Ашуу ашкан сайын ошо

ашуу эмес эле, бир ажалдын оозунан аман келгенсийбиз, айланайын! Мында калган үй-бүлөбүз андан бетер бизден чочулап жол карап... а кырсык көп эле болду бу Чалк-Өйдө ашуусунан, анын баарын айта берсе... өңгөдөн да мына быйыл жайыттын оту да ачар, жем-чөп жааты да жетишпейт, ошонун үстүнө мына суук кычап, кыштын мойну узарчудай, эми мына туут, сар-санаабыз ушул. Өңгөдөн да ушу туут маалында чөп эле жеткилец болсо эмне?..»

Акбаевге ушуларды айтып, тызылдаган Батый Социалисттик Эмгектин Баатыры, райондогу көзгө басар, ооздон түшпөй келаткан чабан.

Ушуларды укканы Акбаевдин тынчы кетти. Жатып да, туруп да, жолдо баратып да кабинетинде отуруп да ойлоду: «Чалк-Өйдөдөн Орто-Сыртка түз жол чыгармайын бул кыйынчылыктан чыгуу кыйын...» муну өзүнчө ойлогон, анын көзүндө тоонун карлуу бороону турат дайым. Ушу карлуу бороон арасынан так ошо бороонго өңдөш ач карышкыр кубаңдап, койго тийет. Ач карышкыр болгондо да үйрү менен жүрөт эмеспи. Анан, бу жут дегениң кырчылдаган кыштын ак бороонун жамынган так ошо ач карышкырдан ашпаса кем чаппайт малды. Малды жуттан сактоо керек. Бул үчүн жол керек, жол...

1961-жыл.

Киши өмүрүндө учурар кыйын кезеңдер бар. Киши өмүрүндө басар жолу, ашар бели бар. Киши өмүрүндө кыйын иштин башталышы, анын аякташы бар. Акбаевдин өмүрүндөгү кыйын иштердин бири мына ушул 61-жылдын алгычкы күндөрүнөн башталды бейм. Ак кар, көк муз каптаган дабанга кептелгендей абалда эле бул. Райондун чарбалары начар: малдан да, дандан жарды, белчесинен карызга баткан чарбалар... «Ак-Чыбыр» колхозу эки жарым миллион сом карыз, а киреше жокко эсе; тигинче карызды качан, кантип төлөмөк?..« Сары-Чат» колхозу жети миң койдун эсебин айтса анын миңинин изи жок. Аны кимдер жеген? Алар качан, кантип ордун толтурмак? А «Үлгүнүкү» айтып түгөткүс... Алар антип атса, кечээ, «Ылайлы-Суу» колхозунун абалы тигинтип... Кимдер жешти? күнөөгө кимдер жол беришкен? Кимдер мурунтук болуп өздөрү жеген? Чындап келгенде кылмыштуулар изин жашырып, бир жакка кетип калышкан жок, алар төрт көзү түгөл жашап атышат. Андай болсо аларды кармап соттоо керек го? Анткенде... алар бир-эки киши эмес, ондогон кишилер. Алардын баарын кармап соттогондо акыры кандай болот? Бүлүнгөн чарба ошондон калыбына келе калабы? Ошондон ары элдин ниети оңолобу?

Ал эми алардын бирде-бирине упчукпай, жайына койгондо иш кантер экен? Эл кандай ойдо калар экен?..

Мына, ушул ой Акбаевди муз дабанга кептеп турду. Канеткенде, кандай айла керек мындан чыгууга? Ушинтип тургында өз артынан айтылган не бир ачуу кайбаттарды, сасык ушактарды да угуп жүрдү.

«Ыя, ачурканайынбы? Ачуу го бу ушак-айың? — өзүнөн ушинтип сураган ал өзү жооп кайтарды кайра: — Жок, «ачуу — душман, акыл — дос» буга ачуу чакырсам — жаңылганым. Киши бар жерде кайбат бар, киши арасын ушак аралайт. Анын баарына териккенде, анын баарына кек сананганда элден чыгат киши.» — ушинтет Акбаев, ушинтет да өзүнүн көнүмүш сабырына, акылына, кайратына таянат; анан, эл сөзүн медер тутат: «кеңешип кескен бармак оорубайт» ушуну өзүнчө айтат да бардык иште кишилер менен кеңешүүдөн качпайт.

Ошол жылы ушул райондогу тигинче кыйынчылык менен күрөшүп жатып, үч орчундуу ишти бүтүрүү керек. Ал иштерди бүтүрүүгө бел байлабай туруп, тиги муз дабандан ашуу кыйын. Эң башкы максат: райондун малын жуттан аман алып калуу, малды көбөйтүп, малдын азык-түлүгүн арттырып жергеге береке чачуу... эң башкы милдет мына ушу...

«Жер... Жер-эне!..— деп алды Акбаев өзүнчө. — Адам адам болуп үстүңө жаралганы асырай келген өзүң, дагы асырагайсың Жер-эне?..

Ушинтип тилек этели, бирок... минтип курулай алакан жайсак мечиттеги молдодон айырмабыз не? «Аракет кылсаң — берекет» Жер аракеттүүгө берет. Жерге тер төгөлү!..»

Акбаев жолдо баратып да, тетиги ак шоро басып, кеберлеген талааларды, ак чап адырларды кыдырып жүрүп да, кабинетинде отуруп да, кыйшайып бир аз чырм этерде да Жер менен сүйлөшө берчү: «...мына бу мейкинге жүгөрү айдап, тетиги керилерге эспарцет, чөп, арпа айдоо керек. А тетиги булак чыккан коктуларга кашарларды салуу керек. Тиги кыштактан, тетиги кыштоого жол чыгаруу, аркы Ала-Бука дарыясынан тиги, кеберсиген мейкиндерге суу чыгаруу зарыл...»

Ушуларды өзүнчө жети, жети түгүл жетимиш олчөгөн Акбаев адегенде айылдын айрым жерге сырдаш дыйкандары менен кеңешип анан райком, райисполкомдун аппаратында талкуулап, эми мына, райондук активдин кеңешмесине кеңири коюп отурушат. Орчундуу үч маселе мына:

1. Бардык чарбаларда жүгөрү айдоону колго алуу.

2. Бардык чарбаларда кашарларды (ушул жылы район боюнча 70 кашар) куруп, кой киргизүү керек.

3. Орто-Сырт кыштоосуна чукул жол чыгаруу.

Эч качан кечиктирбей колго алууга тийиш болгон мына ушул үч маселе адегенде райкомдун бюросунда каралып, бюро мүчөлөрү сүйлөшкөн. Бул маселеге баары тегиз демилге көтөрүп, бул ойго баары жандилинен кошулуп ийишкен жок, иш баштоого мойну жар бербеген ыргылжыңдар чыкты. Андайлардын ири алды ушул Асылбеков эле. Адепки бюродо ыргылжың экенин билдирип койгон ал, эми, мына бүгүнкү кеңири активде өзүнчө кыртыштап отурду. Асылбековдун өңү-түсүн көрө коюп, аны тууран кетенчиктегендер болду. Мына, жыйында чыгып сүйлөгөн «Ак-Чыбыр» колхозунун председатели өз сөзүн суроо менен бүтүрдү:

Эми, жүгөрүнү болсо чыкса-чыкпаса айдап сээп таштадык; аны колдон келишинче багып көрөбүз. Эми мына бу кашарды кантер экенбиз? Курулушка жыгач, таш деген керек. Ачык айтканда: кирпич, цемент, карагай... а бизде аның бири да жок. Кашарга устун түгүл, казыктык жыгач кана?! — Угуп отургандын бир-экөөнө майдай жакты белем, алдыртан тиги Асылбековду жактай каран алышты да өздөрүнчө бырс-бырс күлүп ийишип, «Ак-Чыбыр» колхозунун башкармасын коштоду:

— Ошону айтсаң!

— Хи! Жетимиш кашарга устун түгүл, ушу тапта тооканага да... Ошо тапта арытан чыккан үп муну какты:

— Койсоңорчу! Курулай эле оозду куу чөп менен аарчый бергенде кереги эмне!..— мына ушул үн тарапты жапырт караган кишилер Эсенди көрүштү. Сөз сүйлөгөн калыбында али туруп турган тиги «Ак-Чийдин» башкармасы тиги Эсенди ошо жерден капшыра кетти:

— Ии, а сен, оозуңду куу чөп менен аарчыбайт экенсиң, эми тапчы матырыялды?! Кана, курулуш матырыялың?! Же сен башкарма болоруң менен эле «Үлгүгө» жеткирип берди беле, өкүмат курулуш матырыялды?!

Президиумдан жылаажын шыңгырады. Экөөнүн кайымын Акбаевдин үнү басты:

— Айтышпагыла. Кезек менен, сөзүңөр, сунушуңар барбы, кезек менен чыгып сүйлогүлө. Жолдош Таабалдиев бүттүңүзбү? Анда азыркы сөз...— минткен Акбаев Эсендин кол көтөрүп турганын көрдү: — Жолдош Саралаевге берилет.

Өкүрөндөй басып, секиге чыгып барган Эсен адеп эле тер мончоктоп, булоолонгон маңдайын шыпырып алды да минтти:

— Таабалдиев менин сөзүмө чычалап атат. Чычалаган болбойт. «Жокпуз» деп отурганда бирөө жеткирип береби? Ал эми капкайдагы цемент заводунан миң тонналап цемент, кирпич заводунан миллиондогон бышкан кирпич, анан, Сибирден жүздөгөн куба карагай күткөнүбүзчө мындагы малыбыз кантет ыя? Мына ушу тапта тууган койлорду, жаш козуларды киргизээр жай жогунан тиги ак чыбырлардын арасына эптеп алачыктарды тигип, ошолорго киргизип отурбайбызбы?

— Э, чатыр.. жо, алачык тикпей кашарларды заңгыратып ийсең, а сенин колуңду карман турган ким бар?! — деди Таабалдиев, тигиге жемимди жедирбейин деген ойдо кайра да туурадан чыкты. — А кана, эми, курулуш материал сенде жок болсо, бизде бар.

— Баса, ошондой го! — ушинтип какшык соктурду тиги,— ошо, эбак апкелип жыйнап алгансың го, болбосо мынча теминбейт элең?

Кайра да жылаажын шыңгырап, Таабалдиев үнүн баса турду. Эсен үзүлгөн жеринен сөзүн улады:

— Тээ, дарыя жээгиндеги токойду жылыга суюлтуп жатышабы токойчулар, ошону көрүп жүрөсүңбү? Суюлтуп жата-ат. Анан, ошо суюлтулган тал-теректи жылыга үймөк-үймөк кылып тартып жатышпайбы?

— Ошо тартып жатканын сага бере коет бекен? — минткен Таабалдиев кайра да чыкты.

— Берет,— деди Эсен,— ошо берерин билген үчүн айтып жатам.

Биз ал токой башкармасы менен макулдашып алдык; демек, алар суюлткандын алып, ошону менен жабабыз. А кирпичти болсо... топурак эми кудайга шүгүр го; же топуракты да алыстан тартып келмек белең?! Өзгөчө, бу биздин Ак-Талаанын ак чопосунан жүз кашар эмес, жүз шаар салсаң моюбас; же биздин колхозчулар кыш күйгенди унутуп калды деп турасыңбы?! Быякта ким эле кызыл кирпичтен үй куруп жатчу эле ыя?! Баарыбыз эле ушу жерибиздин ак чопосунан кыш куюп, же жөн эле согуп сала коюп жүрбөйбүзбү тамды, ыя? Анан, курулай эле: «ал да жок, бул да жок» деп догуруна бергенде...—минткен Эсенди коштоду кишилер:

— Ал ырас.

— Ип, анан эмне!

— Баса, ак чопону бир жактан тартып келип атпасак..

Күжүлдөп, коштогон үндөрдүн арасынан сөзүн улады Эсен:

— Мына, биздин «Үлгү» колхозу жыйырма кашар салышка күчүбүз жетет. Кептин чыны ушу.

— Ии, ой, ушу быйылбы ыя? — деп сестейди арытан бирөө.

— Ушу быйыл,— Эсен ошо тарапты карап жооп айтты.

— Оу-у! Ой, бу «Үлгү» күчөгөн экен!

— «Үлгү» аныкүлгү болгон экен го ыя?! — деп какшык соктурган үн да күцк-маңк этип басылды.

— Ие, калган элде да жан бар! — минтип бак эткенди да коштоду:

— Ата-а, ошону айтсаң! Үлгү эле — үлгү болуп, биз күлкү боло койбоспуз...

— Ии, биз да кыймылдап көрөрбүз.

— Баса, «Манастан Чубак кем бекен!..»

Куду түтөп туруп, түтанып кеткен оттой дуулдай калган элдин үнүно эргий түштү Акбаев; жыйындагы элди үн-сөзсүз жадырай карады:

Мындан кийинки маек Орто-Сырт жөнүндө.

Бул районго келген адепки күндөрдөн бери бу Орто-Сырт Акбаевдин көңүлүнөн чыкпайт. Бул райондун малы, малынын жайлоо-кыштоосу сөз болгондо чарбалардын жетекчилери да райком, райисполкомдун аппаратындагылар да Орто-Сыртты гана жарыша оозанышкан:

— Койдун кобу Орто-Сыртта.

— Ишенгенибиз ошо Орто-Сырт эми...

— Бирок, ага чыгар жол кыйын.

— Чукул жол болгондо...

— Аякка чукулунан жол чыгарууга эч мүмкүн эмес.

...Январь. Тоонун кышы кирген буурадай чамынып турган кез. Жаныпа киши алган Акбаев Орто-Сыртка адеп, атчан жөнөгөн. Орто-Сыртка чыгар адыр-белести, кууш капчыгайды, бийик дабанды өз көзү менен көрүп келмек болду. Адыр-белесине, кокту-колотуна кар тунган тоону күцгөйлөп жүрүштү булар: мына, шагылы куюлган бийик; булутту жиреп көк сайган пайзадай зоо тигине; мына, ошо ак зоонун түбү — Чалк-Өйдө бели. Так ошо Чалк-Өйдөнү ашып баратышат Орто-Сыртка.

Кар улуу түшүп, туу белди кар касабалап тозуп, ашуу бербей калган күндөр болот. Андай кезде бул Орто-Сырт кыштаган мал түгүл, ошо малын тейлеген киши баласынан ыц-жыц чыкпай калат...

...Акбаевдин көз алдында жүрөк үшүткөн көрүнүш: мицмиңдеген коюменен кар астында калышкан чабандар...

«Жол керек сөзсүз,— деди тиги ак зоону тиктеп бараткан бул ошо күнү. — Кандай болбосун жол куруу керек. Жол — бул Орто-Сырттагы мал-жандын тиричилиги». — Ушул оюна бек турган Акбаев бул иште бир күн да кечээндетүүгө чыдабады. Областка барды, андан ары Фрунзеге жетип, андагы жол курулушунун адистери менен кеңешти: адистердин айтымында Орто-Сырт жолу үчүн бер жагы жарым миллион сом каражат керек; ал эми райондо азыр миллион түгүл, бир нече миң сомду таба коюш кыйын. Анын үстүнө кубаттуу техника: бульдозерлор, грейдерлер, аска тешкич аспаптар, таш жаргыч дарылар... ушунун баарын көрүп, эсептеп чыгышкан соң республиканын министерствосу бу жолдун курулушун баштоого адеп, макул боло коюшпады: райондун чарбалары али, карызга белчесинен батып турганын булар билишет; баары начар, кирешелери али жокко эсе экенин көрүп турушат; ошонун үстүнө бу чоң курулушту кантип баштап ийүүгө болот?.. Мына, ушундай эле ойдо турушат райком, райисполкомдун аппаратындагы айрым адамдар да; деги бул ишке бел байлаш кыйыны-кыйын... муну эстеген сайын Акбаевдин көзүнөн кетпес: кадимки кар тунган кокту-колот, көк тиреген күнгөй-тескей; ана, жылаңач күңгөй.. ошондон сойлоп кеткен жылан изиндей ийри-бозомтук из улам үзүлүп, кайра көрүнүп, тээ, булут көчкөн аскаларга жармашып, анан, ошо аска башындагы чөгүп жаткан ак буурадай айры-өркөч бел бүлбүлдөп... так ошо айры-өркөчтүн кылда кырына чейин зоону талкалап, туура бөгөп калган аскаларды жардырып, а жарылган аска таштарын коңторуп... мунун баарын канеткенде кол күчү?..— Өзүнчө ушинтти да саал тунжурай калды Акбаев, анан, үргүлөп баратып ойгонгондой өзүн ошо тунжуроодон силкип ойготту: «Эмгектен коркуп, суу жүрөктүк кылууга болбойт. Алдыдагы кыйындыктан качып, ийгиликтен үмүт үзүшкө дагы жарабайт... Баягы, Чапчыма дабаны... ошо Чапчыманы ашуу эмне, бизге оңой түштү беле?..» — Ушинткен Акбаев өзү иштеп келген Чаткал өрөөнү, өзү демилге көтөрүп, жол ашырган Чапчыма бели эми да көзүндө: ...көз учу жетпей, батыштан чыгышка суналып, мөңгүлүү чокулары деңиз толкунундай алыстан жылт-жулт бүлбүлдөп жаткан даркан өрөөндүн чыгыш тарабын бөгөп калган улуу тоо... кабат тоолорду бөктөрүнүп, асманга чыгып бараткандай булут жиреп, асманды карай ак чокусу сайылып турган Чапчыма...

Жайынан-кышына булут жиреп, булут минип турган ошол дабандан да жол ашырбады беле булар. Терек-Сай, Касан-Сай капчыгайларычы... алар түгүл, баягы Кочкор-Өтпөс

аскасычы!.. Адам түгүл, чымын буту тайгаланар Кочкор-Өтпөстүн жалама аскасын жара тилип өтүшпөдү беле булар... Ушуну азыр эстеген Акбаев бу сапар да өзүнчө дем байлады. Орто-Сыртка жол чыгаруу сөзсүз керек экенин, ал элдин колунан келе турган иш экенин айтты эле, катышып отурушкан чарба жетекчилери али, бул ишке ыргылжың экенин билдиришип, айрымдарынын минтип күңк-маңк эткени да үзүл-кесил угулду: «калмак кыйнаганын — төө кайтартат!» Ошол арада бир улгайган актив ачык эле минтти:

— А Чапчыманын аскасына бомбу таштасак да жарылбайт го, айланайын!

— Ошону айтсаң,— деп аны бирөө коштоду. — Кетмен, күрөк менен түзөй салгыдай ал бир эшик алдындагы күл дөбө болбосо...

«Чарба жетекчилеринин сөзү ушубу? — деди Акбаев өзүнчө. — Ал эле түгүл, мына райкомдун аппаратындагы айрымдар да иш баштоодон ышынып, каршы чыгып отурушат; ага кошулуп, ишке мойну жар бербегендер тигине! Чарбалары начарлап, бардык жагынан артта калган райондун жетекчилери минтип отурушса эли кантер экен? Буларды көрүп турушкан эл бул ишке дуу этип жапа тырмак чыга алар бекен?..»

Алдындагы муз дабандай мына ушул сурооого такалды Акбаев; оо, кыйлага такалган ага ошо муз дабандан жалгыз аяк чыйыр көрүнгөнсүдү. Ал чыйыр өзүнүн иш тажрыйбасы эле.

«Иштен чыгар майнапка көздөрү жетпей жатышат,— деди Акбаев,— элге да оздөрүнө да ишенбей жатышат. А элге дайым ишенүү керек. Иштин келечегин, ийгилигин элге ынандырганда эл иштен баш тартпайт.

Ооба, бүтөр ишке баарыдан мурда элдин көңүлү үюсун; көңүл үюбай туруп, баштаган иштен эч ким майнап чыгара албайт.

Элди жалпы ишке шыктандыруу, элдин көңүлүн үютуу— башкы милдет. Мына ушундан кийин гана алар бет алган багытына дарыядай күркүрөйт...

«Тиги, тетири сөз сүйлөдү, аркы аны коштоду» көңүлгө алганда иш бузулат, асты мындай-андайды көңүлгө алганда иш кээринен кетет. Анысы менен да, мунусу менен да ачык сүйлөшүп, ак дилден сырдашып, ынак мамиле жасаганда иш оңуна көчөт,— минткен Акбаев бая, адеп, быякка келаткапда өзүнө айтканын дагы бир кайталап койду ичинен:

— Жаман эл жок, жаман жетекчи бар!..»

9-май, 1961-жыл.

Дөрбөлжүнгө кечээ келген Шаана кемпирдин жумушу али бүтө элек болчу; бүтпөгөнү, райсовестен бироонү таппай мында конуп калып, бүгүн аны издеп келаткан. Небереси — Карыбекти чукул коштоп алган. Аны эрчите келгени да ондой берди болуптур. Кемпир баланы ээрчитпей бала кемпирди ээрчитип жүрөт.

— Бу тамда ким бар? А тиги тамың кайсы кеңсалар? — ушинтип бу райборбордун мекемелерин сураган кемпирге небереси шакылдата жооп берип келет кечээтен бери:

— Бул — райондук партия комитети, тиги — райондук аткаруу комитети, а тиги көчөнүн аркы бетиндеги болсо — райондук керек-жарак союзу.

— Керек-жарак? — деп кайталады кемпир,— ыя-а... керек-жарагыбызды ушу тамдан алабызбы?

Бала буга шар жооп бере албады.

— Мейли, эми...— деди аны көрүп турган кемпир,— эмне керек-жарак алмак элек, а көрө жаңкы райсависинди тапчы балам?

Күн кечээндеп калган. Чоң көчөнү бойлой таенесин жетелеп, мекемелердин бетиндеги жазуу аттуунун ар нокотун калтырбай так окуган бала райсовести да бат тээп кемпирди сүйүнтту.

— О, көзүңөн, айланайын! — деп ийди кемпир. — Көзүң ачылып, чоң молдо болгон турбайсыңбы. Мына, «көрүнгөн тоонун ыраагы жок», адам болгонуң ушу! А сен болбосоң мен кантип окуйт элем жазууңду; кайдан табат элем райсависинди?!

Кемпир менен бала кечээ, ушинтип райсовести табарын табышты го бирок, издеген кишисинин ордун басышты. Эртең келет экен. Издегенин дароо таба албай, далай жолу убара болгон кемпир небереси менен мына эми бүгүн келаткан эле кечээги жолун улап.

Райборбордун кең аянтында кылкылдаган эл бар экен. Туулар!.. Аны көргөн кемпир небересинен сурап калды:

— Балам, тиги эмне? Майрам беле бүгүн?

Таенесинин сөзүнөн улам бала да тиги кылкылдаган элди кызыга карап туруп калды эле, кемпир кайра сурады:

— Киши сүйлөп атабы? Майрам эле го? Эмне деп атат сенин кулагың угат го?

— Жеңиш! — деди бала.

— Эңиш? Ыя-а.., эңиш болот бекен?

— Баса, майрамда эр эциш, балбан күрөш болчу эмес беле. Көкбөрү тартып, ат да чабар ээ?

— Хи-хи-хи! — бала кытылдап күлүп калды эле, кемпир небересин коопсуй карап кобурады:

— Ии? Анын эмнесине күлдүң? А эр эциштин эминесине күлөсүң? Эр азаматтар эчишет, күрөшөт ошентип...

— Жо-ок,— деди бала бу сапар күлкүсүн басып, кемпирдин кулагына чыцылдай кетти — эциш эмес, жеңи-иш! Бүгүн жеңиш күн эмеспи; немецтик фашисттерди биздин Армия жеңген күн!

Муну укkан кемпир бир тынымга томсоро түштү.

— Ыя-а?..— деди бир оокумда барып. — Жеңиш? Аскер жеңген күн?.. Менин Касыбегим да аскер эмес беле? Ал ошо аскер бойдон... урушпай келбей калбадыбы!..

Беритен баратышкан кемпир менен бала тиги аянттагы элдин бет маңдайынан чыкты. Эл сустайып, үн-сөзсүз турушкан экен. Элдин бет маңдайындагы бийик эстеликти айланта курчап койгон арча гүлчамбарлар, ошолордун түбүндө тоонун байчечекейи жайнайт, тоо арчасынын жыты аңкыйт... Элдин бет алдынан чыккан калыбында туруп калган бу бала ээрчиткен кемпирге эч ким тил каткан жок. Бири-бирине үн катпай турушкан элдин көзү бир гана тиги бийик эстеликте, кулагы музыкада... ошо мүндүү музыканы коштоп, бийик чыккан армандуу ыр кемпирдин сай-сөөгүн сыздатты...

Атасы кеткен бироонун,
Айланып кайра келбеди.
Бешикте калган баласын
Бир жолу чиркин көрбөдү.

Агасы кеткен бироонун,
Үйүнө тирүү келген жок.
Үйрүлүп турган баласын,
Өскөндө сыйын көргөн жок.

Баласы кеткен бироонун,
Жадыраң кайра келген жок.
Жайкалган аппак сакалдуу
Атасы уулун көргөн жок.

Бүкчүңдөп, уулум келет деп,
Сары май каткан энеси.
Жол карап караан көрө албай,
Суукандай болду денеси...

Эстейли атып ар качан,
Майданда келбей калгандын.
Эл үчүн болот эр курман,
Эсеп ушул армандын...

Армандуу ыр сыздап, музыка муңкана коштоду... а кемпирдин кулагына мына бу саптар улам кайталай берди:

...Бүкчүндөп уулум келет деп,
Сары май каткан энеси.
Жол карап караан көрө албай,
Суугандай болду денеси...

— ...Аа, арма-ан десе-ең!.. Ага сактаган эт-майыман эчтекесин ооз тийгизе албай калбадымбы!..

Атасы кеткен бирөөнүн,
Айланып кайра келбеди.
Бешикте калган баласын,
Бир жолу чиркин көрбөдү...

— Аа, мүшкү-үл!.. Кур дегенде Касыбегимен туяк калса эмне!!! — Колундагы шилби таягына таянган, кайратына таянган кемпир жакшы эле турду эле, ушерден өзүн кармай албай калды. Бырышка толгон бетин ысык жаш жуун, анан, эчкирип ийди эле, ошо тапта бирөө жумшак колтуктап, оңголөп турду:

— Эне... чоң эне... сооронуңуз?.. Касыбегиңиздин балдары — мына бизбиз!.. — Жаштуу көзүн өйдө көтөргөн кемпир аны тааныды, таанып өзүнчө кобурады:

— Башкарма бала.. биздин башкарма бала тура. А Касыбегим да сендей башкарма эмес беле!..

Самак бу кемпирди колтугунан сүйөп турганда кемпир дагы муңканды:

— Аа, айланып кетейин балам!.. Касыбегимден туяк калганда... Касыбегимин көзүн кайтып эле бир көргөндө эмине-е!.. Жүрөгүмүн жарасын апчып албадыбы... жанагы, тиги... ырың! Аа, курган жаным!.. Кайдан келе калдым эле мында?!.

— Чоң эне-е! — деди Самак кемпирге эңкейген калыбында,— Касыбек акем өлгөн жок!..

— Ыя-а? — минткен кемпирдин канап турган жүрөгү сүйүнгөнүнөн бир болк этти. — Ыя? Эмине дейсиң? Касыбегим тирүү бекен? Касыбегим бар бекен, айланайын?! Ооба,— деди анан, өзүнө-өзү жооп берип,— Касыбегим бар эле... ал тирүү эле болчу! Касыбегим... тирүү эле жүрөт бир жерде. Аны жүрөгүм билчү. Оо, караанынан. кагылайыным!..

Минткен кемпирдин үнү калтырап чыкты, башы калчылдап турган эле, ал бет маңдайындагы элди кыдыра карады. Эл арасынан ал уулун издеп тургансыды... Анын карыккан жаштуу көзүнө мына өзүн карап турушкан элдин өңү калк-

калк этти... Кемпирди алп, колтуктап турган Самак анын жашын сүртүп, анын бырышка толгон терлүү маңдайынан жыттап сооротту:

— Чоң эне, Касыбегиңиз тирүү эле, ал дайым биз менен!..

Армандуу ырды коштогон мунду́у музыка өпкө кага, солуктап басылды...

Ушундан кийин эл клубка келишти.

Жеңиш күнүнө арналган митинг ачылды. Согуштун ажал-азабын аркалаган кишилер биринен-сала бири чыгышып: ошо ажалдан азапка чейинки баскан жолун баян этишти. Ар бироонун сөзүнөн ал каардуу күндүн илеби келип, ал куду үйдүн морунан урган бурганактай улуп гана тургансыды. Кишилердин өксүктүү үшкүргөнү менен күрсүнгөнү...

Акбаев кишилердин кычкыл өңүн көрүп турду. Согуш чыккан жайды эстеди. 1941-жылдын коогалуу жайы... Батыштан өрт ороно каптабадыбы ошо жай... Эр азамат өрт аралап, кан кечти!..

Миң-сан ооздон күнүгө угулар ушул сөз куттуу элдин эрдиги менен кайратынын, өксүгү менен мүдөөсүнүн бир кереметмүдөөсүнө окшойт ошо согуш сөзү... Тереңден күңгүрөнгөн күүнүн кайруусундай үн айбаттуу: «Өрт оронгон 41-жылдын коогалуу жайы!..»

Ошо согушка жөнөп жаткан күн... Согуш коммиссариаты... Сереге чыгып сүйлөгөн кишилердин кумсарган өңү ачуулуу-ызалуу үнү... Равилдин үнү мына: — «Жолдоштоор!.. Мына согуш башталды! Гитлерчилер согуш чыгарды! Канкор гитлерчилер!.. Булар өткөн замандан кылымдар бою бизди жанчып келишкен канкорлордун, бай-манаптын, корбашы, басмачылардын заманын кайра орноткону жатышат! Канкор басмачылар!.. Алар менин ата-энемди кордоп, жырткычтык менен өлтүрүшкөн! Мен алардан ата-энемдин кунун куумакмын! Анда мен ошентип ант бергем... Эми гитлердик баскынчылар менен кашык капым калганча салгылашам! Балда-ар! Бизди чоңойткон үйду, бизге билим берген мектебибизди, Ата Мекенибизди коргоого аттаналы! Бизге бакыт берген ушул доорду — Ленин доорун коргоого аттаналы! Бактыбызды коргойлу!»

Ошо күнү согуш коммиссариаты гүүлдөп, уу-дуу үндөр аны коштоп кеткен. Секиден кыйкыра сүйлөгөн Равилдин муштуму түйүлүп, баягы Тойматтын да тарамыштуу муштуму өзүнүн тартайган боюнан жогору көтөрүлүп турган ошондо... Адылдын көзүнө ушулар кайра тизмектелди.

«...Ошо күнү муштумдары түйүлгөн бойдон, гитлерчилерге кекенген бойдон аттанышпады беле... Мына, ошо азамат-

тар коргогон Ата Журтка кайттык. Эми мына ушул Ата Журттун бетине береке-байлык толтуруу үчүн токтоосуз аттануу керек! Аттанганда да мына так ушу Улуу Жеңиш күнү! — согуштан Жеңиш алып кайткандан бери дайым айта келген сөзүн азыр да өзүнчө кайталады Акбаев. Ар жолу майданга аттанарда оозанган ант сыяктанат ушул: «Ата Журттун бетине береке-байлык толтуруу үчүн токтоосуз аттаныш керек!»

— Эл эл болуп жер үстүнө жаралганы нечен кыйынкыстоону баштан кечирип келет,— деп сөз улады сереге чыккан Акбаев, бу жыйындагыларды сыдыра карап. — Согуш менен ачарчылыкты, селдей каптап келген жугуш оорулу, ажал-азапты... а адам түгүл, кээде, Жер — Жер башы менен какшып күйүп кеткен кургакчылык... бул — эл тагдырынын улуу сыноосу боло келди. Кырсыктын мындай селинен жамы киши баласы капетип кечип оттү? Ар адамдын башына келген сынак эле бул; ар бир адам кандайча туруштук берди буга? Кандайча оттү бу сынактан?..

...Согуш сынагынан кечээ эле оттү биздин эл. Биздин элдин эрдиги, биздин элдин бузулгус ынтымагы — болгондо да арасынан жел өткүс ынтымагы, боордоштугу мына бүгүнкү Улуу Жеңишке жол ачты! Эми, биздин эл, биздин ар бир адам ар дайым эмгектин сыноосунан өтүп келишет. Эмгек сыноосу — бул биздин бактыбыздын ачкычы. Адамдын ырыс, бактысынын өзү жер астындагы булак болсо анын көзүн адам өзүнүн эмгеги менен гана ачып аларын өзүңүздөр жакшы билесиздер. Кыскасы, создүн торкүнүн билип турасыздар, мына ушу тапта ушу биздин райондун элин кечикпей өтө турган эмгек сыноосу күтүп турат. Ал — Орто-Сырт жолу. Биздин райондун партиялык уюмдарын, коммунисттерин, жалпы эле эмгекчилерин чоң сынактан өткөрүүчү жол бул. Өзүңүздөр көрүп-билип тургандай оңой-олтоң өтө койчу сыноо эмес, бүгүнкү биздин райондун абалында эң кыйын, эң эле кыйын сыноо. Ар кандай кыйынчылыктан адамды анын эмгеги, кайрат-күчү, ар-намысы гана өткөрөт. Анын баары бизде бар. Бул ишке райком, райисполком ишеним, элге бел байлап, бир чечимге келишти. Элге ишенүү, элге таянуу — бул жеңип чыгуу; демек, Орто-Сырт жолу курулат! Митингидеги элдин көзү биринчи секретарга жамырап, зал ичинде чымын учса угулгудай эле. Демейде «Орто-Сырт жолу» деген сөз башталып-баштала электе ышынган, ыргылжың үндөр бүгүн жок; муну жактырбай манчыркаган өңдөр да көрүнбөдү; Акбаевдин ары ишенимдүү, ары чечкиндү сөзүнө уюган түрү бар залдагылардын: — «Айткандын аткарбай тынбаган киши көрүнөт. Мында келгени төрт

эле ай болду, өзүнөн мурда келип кеткен секретарлардын бир нече жылдан бүтүрбөгөнүн бүтүп ийди го; деги иштин көзүн билген эле киши экен. — «мына ушуну айтып турду мындагылардын ар биринин оңу-түсү. — Өткөн жыйындарда өзүңүздөр айткандай — деп сөзүн улады Акбаев,— бул жол курулушуна жалаң кетмен-күрөк менен эле кире берет экенбиз деп ойлобоңуздар. Биз бул иште жалгыз эмеспиз, партия кам көрүп, өкмөтүбүз көмөгүн көргөзөт. (Область бизге кубаттуу бульдозер анан дагы аска жаргычтарды пайдалануу-га каражат бөлмөк болду. — Акбаев сөзүнүн ушул жерине келгенде залдагылар дуу этип коштоп, дүркүрөтө кол чаап жиберишти:

— Ап, бали-и! Мына, кеп ушунда!

— Бо-олду, жол курулат экен!

— Жол куруучуларды тамак-аш менен камсыз кылуу жагын,— деди Акбаев мындагы ар бир чарбалардын жетекчилери менен макулдаштык. Демек, курулуш үстүнө тамак-аш мол уюштурулат. Курулушчулар турар чатыр-палаткалар мына ушул тартипте дайындалды. Күрөк, кетмен, кайло, лом сыяктуу шаймандан ар бир кишинин колу кур болбосун. Эң негизгиси райондогу ар бир мекеме, ар бир чарба канчадан киши жиберет? Мунун так эсеби мына азыр да бир жолу тактalсын. Бул иште ыктыярдуулардын отряды жол баштаарына ишенебиз; партиялык уюмдар коммунисттердин күрдөолдүү толкунун ишке багыттап, мына ошол коммунисттердин күчтүү толкуну гана алдыдагы муз дабанды жарып өтөрүнө ишенебиз!.. — Минткен Акбаевдин үнү толкундай чыкканын залдагылар баамдады. Аларга бул үн жыйналыштагы жөн-жай үн эмес, жоокерлерди чабуулга баштап бараткан командирдин кайраттуу да, айбаттуу үнү болуп жаңырды.

— Актайбыз ишенимди!

— Ашабыз муз дабандан! — кишилер эргий коштоду Акбаевди.

Ушунун эртеси дагы майрам болуп аткансыды райкомдун алдындагы аянтта. Аянтка жык толгон элдин үстүнөн кызыл туу кылкылдап, ошол туу алдындагы элдин шаңдуу толкуну тиги Орто-Сыртты карай агылды.

Мына, күн түшкө таяды. Элдин агымы белдин түбүнө жетип чалкый түштү. Ошол эл чалкыган кереге чатырлар жайнады заматта. Көчө-көчө жайылган чатырлар чакан шаарчага окшоду. Тоо жаңы көктөп келаткан эле. Көктөм адырлар мына бу жайнаган элди, жайнаган чатырларды жымындай карап турду. Эл болсо тоо көктөмүнө кумарлуу да

шайыр, бири-бирине тамаша, күлкү таштап, а жаштардын шаңшыган ырын тоо жели коштоп, тиги капчыгай бойлой оштоно жаңырып жатты.

...Комуз бердиң колубузга чертсин де-еп,
Тулпар бердиң элим алга жетсин де-еп,
Добуш бердиң, күлкү бердиң, шат берди-иң
Кыргыз үчү бүт дүйнөго жетсин де-еп...

Чатырлардын алды жагындагы тобун жазбай турган жаштардын арасында ушул ырды баштаган баягы Самак Жумаев эле. Кичинесинен ырга шыктуу Самак мындайда эргип кетчү да ыр-күү күсөгөн жаштардын угуту болчу дайым. Чарбанын кай тармагында жүрсө да: кой баккан чабандардын арасындабы, жерге тер төккөн дыйкандардын арасындабы андагы жаштардын делебесин козгоп, ыр-күүгө тартчу Самак. Алардын ыры кыштоодогу кашарлардан да, жайлоонун төрлөрүнөн да жаңырчу. Мына бүгүн ушу Орто-Сырт жолунун курулушуна да ыр менен кириштп Самак баштаган жаштар; береги көк тайпак кокту-колоттор да, караган-бутасы бапыйган капчыгай да, тиги жашыл адырлар да булардын ырына кошулуп, күлпүнүп, а тиги жаздын көкмолтүр асманы да ыр шаңында кашкаят...

Ала-Тоонун аскасынан, кырынан,
Алдас урган тунук суунун шарынан.
Сага салам, сага урмат айтабы-ыз
Эркин кыргыз эркек, кызы ба-арына-ан!

Ушу тапта жаштардын катарына келип тура калган Акбаев да ырдын аяккы кайруусуна сүрөй кошулду. Райкомдун секретарынын көзүнө мындан жыйырма жыл мурунку күн көрүнө калды. Ооба, мындан жыйырма жыл мурда оздөрү ырдашчу эмес беле ушул ырды... ыр-хор кружогу... андагы улан-кыз... Мына береги Самактай болуп, өзү баштачу эмес беле ушул ырды!.. Жыйырма жыл артта калган жаш чактын илеби келди мына! Анда өзү менен бирге ырдаган курбулардын оңү-түсү көрүндү!..

— Ай, балли-и!

— Ой, ананайындар ай э!

— Мына, жаштык!

Ырга жамы кулак төшөп жардана калган кишилер да жапырт сүрөөгө алышты буларды. Илгертен уга жүргөн ырга мындагы элдин көңүлү эргиди.

...Ала-Тоонун аскасынан, кырына-ан....
Алдас урга-ан тунук суунун шарына-ан

Суу шарындай элдин шары Чалк-Өйдө белин карай бет алды.

Тоо этегиндеги элдин кыймылы шаңдуу да, сүрдүү. Көп колдон шилтенген жабдыктар: күрөк менен кетмен, кайло менен ломдордун табышы бу элдин үнүнө, элдин табышына кошулуп, куду таш агыза катуу кирген тоо дайрасынын табышындай күркүрөп, гүү-шаа.

Тээ, бульдозер жаңы жармашкан апай беттин бийигинде Акбаев, анын жанында жол курулушунун адистери. Апай бетке ойку-көйкы кыялап чыгар жолдун кайрылыштарын ченеп жүрүшөт алар. Жол казып жатышкан элдин арасынан үндөр чыкты:

— Ботом, райком өзү да жол ченеп жүрөбү, ыя?

— Ээ, ченесе билгенинен ченейт да.

— Жалаң райком эмес, жол инжинирининн окуусун да бүткөн го, ыя?

— Ээ, бая күнү айтканын укпай калдың беле?

— Ии, эмне деп?

— О тиги Чаткалга ашып түшөр Чапчыма деген дабанды, анын бир шумдуктай Кочкор-Өтпөс деген капчыгайынын аскасын кантип кесип өтүшкөнүн дастан кылганын укпай калдың беле?!

— Ии, анда жол чыгаруунун сырын билет экен.

— Ии, билген үчүн, баарына көзү жетип турган үчүн бул иште баштап отурат го.

— Ал ырас. Кишинин көзү жетпесе, а көзү жеткен күндө да ага бел байлай албаса колдон эмне келмек?

— А бу киши беттеген жагынан кайра тартпай турган киши экен.

— Ар ишке демилгеси кыйын экен.

— Уюштургуч жагы укмуш экен.

— Тигинтип чечинип салып өзү при алды иштеп жүрсө ким уюшпайт!

— Ошону айтсаң, карапайымдыгы жанда жок экен.

— Кишиге жакынын айтпа! Бир көргөндө эле мамилесине ичиң жылыйт.

— Качантан берки асылкечиңдей сүйлөшүп: ачыңа — айланып, тогуңа — толгонуп турса, кантип баш тартасың жумуштан? Кантип сыр жашырасың?

— Ал ырас, айттырбай эле өзүң чуркагың келет экен, ой, ишке.

Кишилер Акбевге жан-дилинен ыраазы болуп, жан дили менен иштеп жатышты. Үй ээсин ызаттаган бүлөдөй аны ак дилинен ызаттоо бар мындагылардын ар кимисинде. Жумуш үстүндө бири-бирин үгүттөгөндөр:

— Кой, бу райком өзү тигинтип жүргондо...

— Бул жумуштан кайпактап качканда жарабайт.

— Ой, бул иш өзүбүздүн эле пайдабыз да,— деди кетменинин сабына таяна калып, маңдай терин шыпырган сарчийкил. — Же бу жолду чаптырып алып, аны Акбаев бир жакка ала кетмек беле.

— Баарыдан да,— деди анын ар жагындагы кайлочон,— бул ишти баштаганы мыкты болду. Чынында эч ким даабай турган ишти баштады.

Жаз — жарыш. Жаздын ар бир күнү, ар бир сааты менен жарышып жатты кишилер. Бүлкүлдөп закым жүргөн боз салкын талаа бетинде, оздору үрөп чачкан айдоо үстүндө дыйкан карааны үзүлбөйт, дыйкан кыймылы тынбайт керели-кечке; көктөм чыбырлар, ошо чыбырдын когүндой жыбыраган жаш төлүнүн жанында дедек болгон чабан тигине... Чалк-Өйдө белине чыгып бараткан жолчулар мына: кубаттуу бульдозерлор улам бийикке жармашып, тээ, булут түнөгөн аска боорунан кочкү жүргондой күркүрөп асканы дары жарды. Жол чапкан элдин агымы да улам бийикти карай оргуп баратты. Тоо козөгөн тоннелге кирген дарыя шарындай элдин шары гүү-шаа, элдин шары улам бийикке оргуп баратты...

32.

Бүлкүлдөп закым жүргөн боз салкын талаадан ошо закым менен кошо дирилдеген ГАЗ-69 Орто-Сырт жолун карай келатты. Ал таң атпай тиги көктөм чыбырлардагы ошо чыбырдын көгүндөй жыбыраган кой төлүн кыдырып, андан мына бу үрөн чачылган даркан талааларды бойлоп, эми быякка жолчуларды карай ашыга келатышы. Акбаевдин бу тор талааны таңынан кыдырып келатышы күндөгү конүмүшү, а Орто-Сыртты карай ашыга келатканы азыр эле тигинден бир түрү суук кабарды кулагы чалды: жана эле бир бульдозер үстүндөгү кишиси менен аскадан учуп кеткен имиш!

Капчыгай ичи, андан тээ, булут көчкөн аскадан көзү өтүп келет Акбаевдин. Кечээ, түштөн кийин ошол аска боорун дары менен жардырышкан; бүгүн так ошо жерден учкан экен бульдозер. ГАЗ-69 тоону карай а алынын барынча дуулдап, Акбаевге ар минут сааттай узарып баратты. Учкан бульдозер да, бульдозерчу да мунун көз адынан бир секунд кетпеди: тула-бою чымыр, кара тоголок жигит эле; бульдозерунун кубатына да, өз күчүнө да ишенгендей эле анын мүнөзү; адеп, иш баштагандан тартып ири алдыда жол баш-

тап жөпөгөн ошол эле; жол бөгөп жаткан уйдай, төөдөй таштарды ойду карай шилеп, улам орго жиреп бараткан аны күндө көрүп, күндө сүйлөшүп турчу эмес беле!.. Тетиги булут кочкол чокунун боорун аралап тилип бараткансыган анын бульдозерунун жанына барган кечээ, Акбаев; лөкүйгөн таштардын биринен сала бирин күтүр-күтүр коштуй берип, ойду карай кулатып жаткан ал теке-маңдайында колун көтөрүп турган райкомдун секретарын көрүп, бульдозерун токтото койгон да, бери түшүп келген.

— Ассалоому алейкум! — Бульдозерчуга ири алды салам берген бул, анын кабелтең манчасын кармаган да ага ары ыраазы боло, ары атасынча үйрүлө карап туруп, минткен: — Мына бу тик беттен чеберде баатыр? — А тиги болсо колун шилтей берип, көзүн жүлжүйтө жылмайган эле:

— Бул эчтеке эмес, мындан тик беттерден да чыккан-быз!.. — Анын үнү ошо тапта ишенүмдүү, саал көтөрүңкү да чыккан.

— Чыкканыца ишенем,— Акбаев аны далыга таптап, ишин мактап да, өзүнө өнтөлөп турган. — Эл айткандай азыр — тоону да томкорор убагыц; а чынында тоону томкорун да жатасыц, мына! Ошондо да абайла, айлапайын? «Ашуусу бийик тоонон сакта, агыны катуу суудан сакта!» дечү элибиз илгертен, жоо-жалаңдан бийик дабан ашып, кирген дарыя кечип баратканда. Эми азыр сенин алдыңда кубаттуу техника — коркпосуңа ишенем; ошондо да «сактыкка — кордук жок» деген; мына бу бийик беттерден түптүү таштарды которуу оңой эмес. Акбаевдин минткенине жооп кылып, кайра жылмайган калыбында унчуккан:

— Эчтеке эмес, агай, ишке кызыганда киши...— деп токтогон апын жапыс, коңур үнү азыр да бир угулуп кетти Акбаевдин кулагына.

«Кандай болду ыя?.. Кандай кырсык бу?! — өзүнчө ушинткен Акбаевдин санаасы санга кетти. Коркунучтуу көрүнүштөр үрөйдү учуруп мына: аскадан учкан бульдозер бырын-чырыны чыгып, тээ, коктуда жатат; ташка жанчылып, канга жуулган бульдозерчунун жансыз денесин эл тегеректеп турушат. Аны аяй караган элдин жүзү ачуулуу, кычкыл. Ошо тапта элдин арасынан жулунган чал чаңырды муну карай: «Мына жолуң! Мына сенин жоктон чыгарган жолуң баламды жутту! Таап бер... таап бер, баламды!!!»

Көз ачып-жумгуча коркунучтуу кыялга жетелеткен Акбаевдин тула-бою дүр этип, эсин жыйгыча болгон жок, отурган ордунан силкине ыргып барып төбөсүн машинага уруп алды. Капчыгайдагы бурулуштан чукул тормоз берген машина оңкосунан кетчүдөй сүрдүгө токтоп, алдыңкы эшикти

ача койгон шофер ошо тиги бурулуш тарапты карап ачууланып калды:

— Тү! Акмак! Анык акмак тура! Тепселип кала жаздады аз жерден!.. Көзү саал карацгылай калып, төбөсү али зыңылдап турган Акбаев ордунда бир аз үнсүз отурду да анан, түштү машинадан. Ири алды атып чыгып кеткен шофер жолдун бурулушунда бирөө менен бакылдашып атканын угуп, ошол жакка басты.

— Бу жердин чукул бурулуш экенин билбейсиңби?!

— А сенин көзүң жокпу?! — бу каяшаны айтып турган — ушу бурулуштагы борчуктун кычыгына жашына калган, жөө экен. Акбаевди көрө койгон ал адепкисиндей чакылдабай саал тайсалдай түштү: — Мен... жол ээн го деп эле...

— «Жол ээн экен деп!» Жол да ээн болчу беле?! — деген шофер аны менен токтогон жок, тигин айыбын ачмак болду. — Качып келаткансың го?! — муну уккан тиги, жөө, бет маңдайындагы шоферду муштап ийчүдөй тирт этти да анан, Акбаевден көзүн ала качты.

— Эмне качмак элем, жөн эле...

— Билебиз сенин качпасыңды! — дей кетти берки шофер,— сен баягы эле Мыктыбек эмессиңби!

Адегенде саал бүшүркөй калып, эми тааныды Акбаев муну. Баягыда буга адеп, жолукчудагы сөзүнөн өйдө эстеди: «тиги токтоп турган машиналар кимки болду экен?» «Билбейсиңби?» «Жок». «Билбесең — ал ошо өкүматтыкы!» Муну угуп, карта ойноп отургандар каткыра сүрөп да кетишпеди беле: «Оо-аа, Мыктыбек тапан!» «Оо, оңбойсуң сен!..»

Ошо өзү менен айтышкан Мыктыбек тапан ушу. Азыр саал жазгангансып, саал оңтойсузданып турганын байкады да мындан өзгөнү коюп бульдозерди сурады:

— Мыктыбек, алиги бульдозерчу аманбы?

— Кайсы бульдозерчу? — Мыктыбек кайра өзүнөн сурады.

— «Кайсы бульдозерчу?» дейт тура! — Шофер кайра да буга ачуулана кетти. — «Жумуштан качкан жокмун» дейт дагы? А жумуштан качпасаң бульдозерчуну көрбөй кайда жүрөсүң сен?!

— Кайсы больдозерчуну дейм? — кайра да сурады Мыктыбек.

— Кудай урган эме го бу?! — жанагыдан бетер ачууланган берки шофер Акбаев үчүн өзү суракка алды тигини. — Ой, жанагы аскадан кулаган бульдозерчу? Жана эртең менен тиги аскадан бульдозер кулаган турбайбы? Аны көрбөй, сен, кайдан келатасың деги?!

— Мыктыбек,— деп кайрылды Акбаев,— айтчы, кырсык болгон жокпу?

— Андай деле...— минткен Мыктыбек шар жооп бере албады. — Андай деле эчтеке...— ушинтип, кыцк-мыцк эткен Мыктыбектин оозунан бир жаман кабар чыкпаганына Акбаев саал жайлана калгансыды да кайра тиги шофер жигит айткандай мунун, жөө, жалгыз тац атпай келатканынан шек алды: «Азыр жолчулар тиги белдин өзүндө; ошондон ушуга, эми эле түшүп келе алмак эмес; бул түндө чыкса керек? Демек, жумуштан качканы, ырас; андыктан, мына бүгүн эртең менен кулаган бульдозерду бул көрбөй да укпай калыпы ыктымал». — Өзүнчө ушуну ойлогон Акбаев неси болсо да муну кайра ала барууну чечти:

— Мыктыбек, кел, түш машинага?

Мыктыбек муну укпай калгандай жапагы ордунда былк этпей турду. Анын кыйыктанганын көрүп турган берки шофер аны шаштыра кетти:

— Ой, эмне турасың, эми? Түшпейсүңбү түш дегенде?!

— Бол, эми, баатыр,— деди анын качып баратканын аныц билип калган айрымдар да мунун жолуна түшүп, ишти таштап, тарай бериши мүмкүн»

Жацы чабылган жол менен машина улам өрүгө чыгып баратты. Жолчуларга жеткенче али кыйла бар. Өзүнүн жүрөгүн өйүп, тынчытпай турган окуяны бу Мыктыбектен кайра да сурады Акбаев:

— Бульдозер кулаганын уккан жокмун дечи?

— Андайды... аны деле уккан жокмун, бирок... кечээ... Муну уккан Акбаев селт этти; «бүгүн эле эмес кечээ да бир балакет болуп кетти беле?!» — деген кыялда элецдей калды. — А бирок, мен кечээ, кеч кайттым эле го? Мен кайткандан кийин бирдеме болуп кеттиби?..»

— Ии, кечээ, эмне болду?

— Кечээ, ошо тиги асканы жардырып, анан, жарылган ташты ойго шилеп, жол ачабыз деп кетишкен,— минтип келаткан Мыктыбекти берки шофер дароо суракка алды:

— А сен кайда жүрдүң эле анда?

— Мен...— деп мокоду Мыктыбек,— мен берки ойдо болчумун; ошо... бүткөн-боюм ооруп турганынан...

— Кай убакта? — деп сурады Акбаев.

— Кеч бешим болчу. Эртең бульдозер чыгып баргыча көп убак отот, анын бүгүн жардырып, анан, жол ачып коебуз, деп кетишкен. Анан... анан, аска жарылганын бир уктум, ошо менен ыц-жыц жок!..

Ушу уккан Акбаевдин көзү саал карацгылай түшкөнсүдү; тула-бою ымыр-чымыр болду. Улам өргө огдорулуп ба-

раткан жаңы жол да, тоо-таш да бирде көрүнүп, бирде көрүнбөй аласалап бараткансыйт. Анын ой-санаасына жанагыдан жаман дүрбөлөң түштү: «Аска басып калдыбы?! Баарын аска басып калдыбы заматта?! Эмне кылам!.. Эми эмне кылам?!» Өзүнчө ушинткен, анын бет алдынан асман-жер ажарылып жатты.

....Кечээги максат!.. Кечээги чоң максатты ушу кырсык күтүп турду беле! Кечээги кубаныч, кечээги шаң кана?!

Ала-Тоонун аскасынан, кырынан
Алдас урган тунук суунун шарынан.

Кечээ, иш баштаардагы алоологон шаң кана?! Кечээ, иш баштап, аны күркүрөтө коштоп кеткен тоо дайрасындай толкундуу күч кана?!. Тоо дайрасындай күркүрөгөн күч... Ал... заматта тиги жарылган асканын астында калдыбы?! Эмгекке дуу көтөрүлгөн кишилердин толкундуу табышы мунун кулагында бул ишке демилге көтөрүп, эми мына баштап турган Акбаевге ыраазы болгон үндөр: «...Ии,анда жол чыгаруунун сырын билет экен». «Ии, ошо билген үчүн, баарына көзү жетип турган үчүн бул ишти баштап олтурат го». «Бу киши беттеген жагынан кайра тартпай турган киши экен». «Ар ишке демилгеси кыйын экен». Мунун кулагында ушул үндөр уу-дуу...

«Көтөргөн демилгем ушу болдубу?! — ызалуу күнк этти өзүнчө. — Айтканымды аткармайын тынбас мүнөзүм ушу кырсыкка туштуктурдубу?!» Ушу тапта мунун көзүнө аден эле бул ишке каршы чыгышкан баягы Асылбеков дагы аны жактагандар көрүндү, алардын айтканы угулду: «Орто-Сыртка жол чабуу колдон келбес иш». «Жолдогу асканы бомбу таштасаң да бузулбас!» Өзүнө жарыша угулган үндөргө жооп кылгансыды мунун ою өкүнүчтүү: «Алардын айтканы келдиби?! Ошол аска ушунча кырсыкты...— минткен Акбаев ушул азыр өзүн куду эрмендин түтүнүндөй каптап келген санаадан ачурканды же күйбөй же койбой быкшып, туруп алган суу эрмендин түтүнү көз ачырбай ууктурат го, дал ошол абалда уугуп гана баратты оз санаасына өзү: — Эл бетин кантип карайм?! Өкмотко эмне дейм?! Маселе козгоп, аны ишке ашырууда областтын тынчын албадымбы! Республиканын Борбордук Комитети билет... Анан, жол-катнаш министерствосучу... Бу жолго кетүүчү каражатты толук эсептеп чыгып, азырынча бул кыйын маселе экенин айтып турушса болбой алардын да өңү-түшүнөн кетпей жатып: кээлеринен кеңешин алып, кээлеринен сураныл, өтүнүп, кээлерине карандай эле жалынып-жалбарып жатып бул ишти баштоого макулдашпады беле! Ооба, бул ишти башташ

үчүн мунун кирбеген гана эшиги калды беле! Кээлерди көрүнө эле тажатып отуруп акыры... ырас, министерстводогу кээлер мунун тажатып ийгенин оюн-чыныпан айтып, күлгөндөрү да болгон эле. Ошо мезгилде өзүн жактырбагандарды да же жактагандарды да оңу-түсүнөн көрүп эле турбады беле... «Өжөр экенсиң,— дешкен айрымдар мунун көзүнө. — Жеткен кок экенсиң. Беттегениңин ташын талкан чыгармайын тынбас неме экенсиң. «Иш үстүндө мунун өжөрлүгүн жактап, а түгүл, ошол мүнөзүн туурагандар да жок эмес эле. Түштүк жергесинде канча азамат бар эле, айрыкча, баягы Чапчыма белинде муну менен бир жатып, бир туруп, жаныш таштап иштеп жаткандар... Эми мындагы айрым азаматтар: Самак, Эсенчи!.. Алар да ошо аска жарылган жерде бекен?! Албетте,— деп алды деми кысыла түшкөн Акбаев,— «...Майданда командир өзү ири алдыда жүрөт. Мына, эмгек майданынын командири — силерсиңер, демек, силер дайым алдыда жүрүшүңөр керек. Контордун столуна отуруп буйрук бериштен майнап аз. Ар дайым эмгектин кайнаган жеринде, дайым ири алдыда жүрүп, дайым ойлоп тапкыч болушуңар керек, чечкиндүү, өжөр болушуңар — ар иштин көзүн ачат». Ушинтпедим беле, ушинтчү эмес белем дайым... Алар ошо мен айткан «чечкиндүүлүк», «өжөрлүк» менен кечинде аска жардырып... анан... анан, тобу менен ошол жарылган асканын астында калыштыбы?! Күүгүмдөгү түрү суук жырткычтай түрү суук ой шүдүңдөп турат мунун маңдайында. — Канча киши барды экен аскага? Канчасы тирүү калды экен? Дегичи...— ушинтип буулукту анын ою. — Деги тирүү калганы бар бекен?!. — Оюнун ушу жерине алгберки Мыктыбекти карады андан сурагысы келди: «Сен ачык айтчы?.. Жашырбай айтчы, коргонүңдү? Алар тигил жарылган асканын астында тобу менен басылып калганын көрүп качтыңбы? Айтчы! Айтчы, жашырбай?!»

Акбаев ушинтип сурагысы келди, бирок, сурай албады, сурай албады тук... Мыктыбектин таноосу кыпчылып, саал оңу бузулуп тургандай көрүндү бирине-бирин салаалап алган эки колу, бирине-бири тынымсыз жышып турган экен. Мунун көрүнүшүнөн ого бетер шекшиди да шоферге унчукканы шашыла, үзүлө чыкты:

— Тезде.. ылдамдачы, айланайын?..

ГАЗ-69 өргө атырылып, жаңы казылган жолдун чаңы машинанын өзүн үйөрлөп басып, анан, артка оргуп калып жатты. Ушу жолдун чаңындай үйөрлөгөн санаа Акбаевди думуктура басып келатты: «Бат жетип анан... али жаңы барлары болсо... айла кылып, аман алып калар бекенбиз?..» Ушинтип мунун көзүнө согуш талаасы: согуштун кара-коч-

кул өртү, күрсүлдөп бомба түшүп ачтарылган жер, ачтарылган жер алдында калган адамдар... бөлүнүп-жулунуп калган адамдын колу-буту... баягы Тоймат менен Равилдин колдору үзүлүп... Канга жуурулган топуроктагы алардын колдору мына!.. Акбаевдин тула-бою дүр этип, колу калтырап баратканын өзү сезген жок. Анын колу түгүл, жүрөгү да калтырап бараткан эле ушу тапта. Ага жол да, тоо-таш да ачтарылып баратты...

Кечээги жайчылык болсо мына бу жол өткөн коктуларды өзүнчө атын атап: «мына — Төө-Куйрук, тигине — Тоора-Суу, а Жаман-Дабанга түшө бериште... — деп, булардан соёлонуп өткөн жолду эргий карап баратмак. — Мына бу жерлерин кайра бир тегиздеп, тетиги тумшуктан дагы кеңейтүү керек. Бурулуштар, кайрылыштар кең болсун, антпесе опурталдуу болот». Ушинтип өзүнө кеңеш берип, өзүнө буйрук берип бармак.

Азыр, мына бу кокту-колот, адыр-белес көз алдыда ачтарылып, көчүп эле бараткансыйт. Баягы бомба түшкөн талаа өндөнүп аласалып, мына бу тоо тоо башы менен чайпалып бараткансыйт. Ошо саатта бул жутуп жаткан суудай чайпалып...

...Согуш. Талаа кухнясы. Буга аял сузуп бере салган чөмүчтөгү суу чайпалып, ошо сууга түшкөн күн да кошо чайпалып турган... Жеден, каны каткан бул ошо күн чайпалып турган чөмүчтөгү сууну шыңгытып жатканын бир билет... Аңгыча асман гүрр-шарр! дей түшүп, чөмүч колунан ыргып, өзү тиги жактагы Тоймат менен Равилди карай чуркаганын бир билет; Равилдин кыйкырганын, анан, өзү мүдүрүлүп оңкосунан кетип, дүйнө көөдөй карара түшкөнүн бир билет...

Адыл бир оокумда көзүн ачса — асман-жер чалмакей болуп калгандай... Күн көзүн көрө албай койгон. Белчесинен баскан топуроктан зорго суурулуп туруп, азыр эле өзү суу ичкен жерге денесин зорго сүйрөп жетсе талаа кухнясы бырын-чырын... Өзүнө суу сузуп берген аял жок, арыта картошка тазалап отурган эркек да жок, алардын ордунда оңурайган коо, берите — чоң дөбө топурак калыптыр...

Калай чөмүчтөгү суу менен күн кайра да көзүндө чайпалып турду Адылдын... Асман мунарыктап, ошо мунарык асмандан күн тунара карап турду, жана Адылдын колунан ыргып кетип тээ-тигинде чөмүчтөн төгүлгөн суунун ордун... Ошентти, Адыл да эси ооп карады тиги бомба ачтарып кеткен жерди...

«...Ээ, кайгың менен кубанчың аралаш дүйнө!.. — деп алды Акбаев азыр. — Күнү кечээ, четин көргөзгөн кубанчыңдын ордуна — бүгүн кайгың даяр беле?! Жыйырма жыл

мурда бомба алдында калган көп жолдоштарымдын, алардын арасындагы Равилим менен Тойматымдын кырсыгын-күйүтүн эми бүгүн кайталап көргөзмөк белең?! Анда... анда алар душмандын бомбасынан ажал тапса... — өзүнчө минткен Акбаевдин деми кысылгандан кысылып баратты; жүрөгү үюп анан, сайгылашып баратты... — Бүгүн... бүгүн буларга... буларды ажалга мен түрттүмбү, ыя?! Ошол асканы, ошо тиги кырсыктуу аскадан жолду мен каздырып... ошол асканы ошо асыл кишилердин үстүнө мен жардырып түшүрдүм ээ?! Ооба, мен!.. Мен... алардын канына забын мына — мен!!!»

Коктудан-коктуга, андан кыяга жармашкан жол түгөнбөй, жолдон көтөрүлгөн чаң сүюлбай үюлгүп, ушу чаң менен кошо тумандаган түрү суук ойдон арыла албай келаткан Акбаевдин көзү эми бет алдындагы чоң кырга урунду. Ушу кырга чыкса алиги жарылган аска, ошо аскадагы абал алаканга салгандай көрүнмөк. Эми кыялап отуруп чоң кырдын тээ, кайкысына жеткиче али кыйладай; чыдамы кеткен Акбаев неси болсо кырга батырак чыккысы келди да шофердон суранды:

— Ушерден эле туура чыга калчы, айланайын?

Жолдон бурулган ГАЗ-69 капталга жармашты. Бет алдынан жыт алган кийиктей арыш керген ал дароо кырга чыкты. Ана, калдайган сар аска, Акбаевдин көзү аска боорупа кадала калды: асканын белчесинен таарып-тилип бараткансыган бульдозер тигине; ошо таарындыны шилеп бараткансыган кишилер — каз катар, кишилердин кыймылы — ана!

Акбаев өз көзүнө ишенбей турду. Тиги, сары асканы мына, азыр көрүп тургандай, аска боорундагы бульдозерди да, кишилерди да кадалана карай берди: кишилердин шаңы бая күнкүдөй, аска боорундагы жолдо каз катар кыймылдаган алар не бир шайдоот да шандуу, бая күнкүдөй үн алышып ырдап атышкандай, ооба, ошо күнкү обон угулду:

...Ала-Тоонун аскасынан, кырынан
Алдас урган тунук суунун шарына-ан...

Ырдын ар бир сөзүн шамал жеткирди бу кырга. Туу кырда арылдаган шамал бар эле. Жер какшытып ийер кургак шамалды Акбаев демейде жаман көрчү, эми күду чаңкап тургандай андан кере-кере жутту. Четте жүрүп, тууган жерине эми келген кишидей эле Акбаев ушул азыр: анын көзүнө баары ысык, баары ажайып көрүнүп кетти: мына бу өзү турган бийик кыр да, тиги көк челген сары аска да, анын боорунда жүргөн кишилер да, бульдозер да, а түгүл,

кул өртү, күрсүлдөп бомба түшүп ачтарылган жер, ачтарылган жер алдында калган адамдар... бөлүнүп-жулунуп калган адамдын колу-буту... баягы Тоймат менен Равилдин колдору үзүлүп... Канга жуурулган топуроктагы алардын колдору мына!.. Акбаевдин тула-бою дүр этип, колу калтырап баратканын өзү сезген жок. Анын колу түгүл, жүрөгү да калтырап бараткан эле ушу тапта. Ага жол да, тоо-таш да ачтарылып баратты...

Кечээги жайчылык болсо мына бу жол өткөн коктуларды өзүнчө атын атап: «мына — Төө-Куйрук, тигине — Туура-Суу, а Жаман-Дабанга түшө бериште... — деп, булардан соёлонуп өткөн жолду эргий карап баратмак. — Мына бу жерлерин кайра бир тегиздеп, тетиги тумшуктан дагы кеңейтүү керек. Бурулуштар, кайрылыштар кең болсун, антпесе опуртал болот». Ушинтип өзүнө кеңеш берип, өзүнө буйрук берип бармак.

Азыр, мына бу кокту-колот, адыр-белес көз алдыда ачтарылып, көчүп эле бараткансыйт. Баягы бомба түшкөн талаа өндөнүп аласалып, мына бу тоо тоо башы менен чайпалып бараткансыйт. Ошо саатта бул жутуп жаткан суудай чайпалып...

...Согуш. Талаа кухнясы. Буга аял сузуп бере салган чөмүчтөгү суу чайпалып, ошо сууга түшкөн күн да кошо чайпалып турган... Жедеп, каны каткан бул ошо күн чайпалып турган чөмүчтөгү сууну шыңгытып жатканын бир билет... Аңгыча асман гүрр-шарр! дей түшүп, чөмүч колунан ыргып, өзү тиги жактагы Тоймат менен Равилди карай чуркаганын бир билет; Равилдин кыйкырганын, анан, өзү мүдүрүлүп оцкосунан кетип, дүйнө көөдөй карара түшкөнүн бир билет...

Адыл бир оокумда көзүн ачса — асман-жер чалмакей болуп калгандай... Күн көзүн көрө албай койгон. Белчесинен баскан топурактан зорго суурулуп туруп, азыр эле өзү суу ичкен жерге денесин зорго сүйрөп жетсе талаа кухнясы бырын-чырын... Өзүнө суу сузуп берген аял жок, арыта картошка тазалап отурган эркек да жок, алардын ордунда оңурайган коо, берите — чоң дөбө топурак калыптыр...

Калай чөмүчтөгү суу менен күн кайра да көзүндө чайпалып турду Адылдын... Асман мунарыктап, ошо мунарык асмандан күн тунара карап турду, жана Адылдын колунан ыргып кетип тээ-тигинде чөмүчтөн төгүлгөн суунун ордун... Ошентти, Адыл да эси ооп карады тиги бомба ачтарып кеткен жерди...

«...Ээ, кайгың менен кубанчың аралаш дүйнө!.. — деп алды Акбаев азыр. — Күнү кечээ, четин көргөзгөн кубанчындын ордуна — бүгүн кайгың даяр беле?! Жыйырма жыл

мурда бомба алдында калган көп жолдоштарымдын, алардын арасындагы Равилим менен Тойматымдын кырсыгын-күйүтүн эми бүгүн кайталап көргөзмөк белең?! Анда... анда алар душмандын бомбасынан ажал тапса... — өзүнчө минткен Акбаевдин деми кысылгандан кысылып баратты; жүрөгү уюп анап, сайгылашып баратты... — Бүгүн... бүгүн буларга... буларды ажалга мен түрттүмбү, ыя?!. Ошол асканы, ошо тиги кырсыктуу аскадан жолду мен каздырып... ошол асканы ошо асыл кишилердин үстүнө мен жардырып түшүрдүм ээ?! Ооба, мен!.. Мен... алардын канына забын мына — мен!!!»

Коктудан-коктуга, андан кыяга жармашкан жол түгөп-бөй, жолдон көтөрүлгөн чаң суюлбай уюлгуп, ушу чаң менен кошо тумандаган түрү суук ойдон арыла албай келаткан Акбаевдин көзү эми бет алдындагы чөң кырга урунду. Ушу кырга чыкса алиги жарылган аска, ошо аскадагы абал алаканга салгандай көрүнмөк. Эми кыялап отуруп чоң кырдын тээ, кайкысына жеткиче али кыйладай; чыдамы кеткен Акбаев неси болсо кырга батырак чыккысы келди да шофердон суранды:

— Үшерден эле туура чыга калчы, айланайын?

Жолдон бурулган ГАЗ-69 канталга жармашты. Бет алдынан жыт алган кийиктей арыш керген ал дароо кырга чыкты. Ана, калдайган сар аска, Акбаевдин көзү аска бооруна кадала калды: асканын белчесинен таарып-тилип бараткансыган бульдозер тигине; ошо таарындыны шилеп бараткансыган кишилер — каз катар, кишилердин кыймылы — ана!

Акбаев өз көзүнө ишенбей турду. Тиги, сары асканы мына, азыр көрүп тургандай, аска боорундагы бульдозерди да, кишилерди да кадалана карай берди: кишилердин шаңы бая күнкүдөй, аска боорундагы жолдо каз катар кыймылдаган алар не бир шайдоот да шандуу, бая күнкүдөй үн алышып ырдап атышкандай, ооба, ошо күнкү обон угулду:

...Ала-Тоонун аскасынан, кырынан
Алдас урган тунук суунун шарына-ан...

Ырдын ар бир сөзүн шамал жеткирди бу кырга. Туу кырда арылдаган шамал бар эле. Жер какшытып ийер кургак шамалды Акбаев демейде жаман көрчү, эми күду чаңкап тургандай андан кере-кере жутту. Четте жүрүп, тууган жерине эми келген кишидей эле Акбаев ушул азыр: анын көзүнө баары ысык, баары ажайып көрүнүп кетти: мына бу өзү турган бийик кыр да, тиги көк челген сары аска да, анын боорунда жүргөн кишилер да, бульдозер да, а түгүл,

күл өртү, күрсүлдөп бомба түшүп аңтарылган жер, аңтарылган жер алдында калган адамдар... бөлүнүп-жулунуп калган адамдын колу-буту... баягы Тоймат менен Равилдин колдору үзүлүп... Канга жуурулган топурактагы алардын колдору мына!.. Акбаевдин тула-бою дүр этип, колу калтырап баратканын өзү сезген жок. Анын колу түгүл, жүрөгү да калтырап бараткан эле ушу тапта. Ага жол да, тоо-таш да аңтарылып баратты...

Кечээги жайчылык болсо мына бу жол өткөн коктуларды өзүнчө атын атап: «мына — Төө-Куйрук, тигине — Туура-Суу, а Жаман-Дабанга түшө бериште... — деп, булардан соёлонуп өткөн жолду эргий карап баратмак. — Мына бу жерлерин кайра бир тегиздеп, тетиги тумшуктан дагы кеңейтүү керек. Бурулуштар, кайрылыштар кең болсун, антпесе опуртал болот». Ушинтип өзүнө кеңеш берип, өзүнө буйрук берип бармак.

Азыр, мына бу кокту-колот, адыр-белес көз алдыда аңтарылып, көчүп эле бараткансыйт. Баягы бомба түшкөн талаа өндөнүп аласалып, мына бу тоо тоо башы менен чайпалып бараткансыйт. Ошо саатта бул жутуп жаткан суудай чайпалып...

...Согуш. Талаа кухнясы. Буга аял сузуп бере салган чөмүчтөгү суу чайпалып, ошо сууга түшкөн күн да кошо чайпалып турган... Жедеп, каны каткан бул ошо күн чайпалып турган чөмүчтөгү сууну шыңгытып жатканын бир билет... Аңгыча асман гүрр-шарр! дей түшүп, чөмүч колунан ыргып, өзү тиги жактагы Тоймат менен Равилди карай чуркаганын бир билет; Равилдин кыйкырганын, анан, өзү мүдүрүлүп оцкосунан кетип, дүйнө көөдөй карара түшкөнүн бир билет...

Адыл бир оокумда көзүн ачса — асман-жер чалмакей болуп калгандай... Күн көзүн көрө албай койгон. Белчесинен баскан топурактан зорго суурулуп туруп, азыр эле өзү суу ичкен жерге денесин зорго сүйрөп жетсе талаа кухнясы бырын-чырын... Өзүнө суу сузуп берген аял жок, арыта картошка тазалап отурган эркек да жок, алардын ордунда оңурайган коо, берите — чоң дөбө топурак калыптыр...

Калай чөмүчтөгү суу менен күн кайра да көзүндө чайпалып турду Адылдын... Асман мунарыктап, ошо мунарык асмандан күн тунара карап турду, жана Адылдын колунан ыргып кетип тээ-тигинде чөмүчтөн төгүлгөн суунун ордун... Ошентти, Адыл да эси ооп карады тиги бомба аңтарып кеткен жерди...

«...Ээ, кайгың менен кубанчың аралаш дүйнө!.. — деп алды Акбаев азыр. — Күнү кечээ, четин көргөзгөн кубанчыңдын ордуна — бүгүн кайгың даяр беле?! Жыйырма жыл

мурда бомба алдында калган көп жолдоштарымдын, алардын арасындагы Равилим менен Тойматымдын кырсыгын-күйүтүн эми бүгүн кайталап көргөзмөк белең?! Анда... анда алар душмандын бомбасынан ажал тапса... — өзүнчө минткен Акбаевдин деми кысылгандан кысылып баратты; жүрөгү уюп анан, сайгылашып баратты... — Бүгүн... бүгүн буларга... буларды ажалга мен түрттүмбү, ыя?! Ошол асканы, ошо тиги кырсыктуу аскадан жолду мен каздырып... ошол асканы ошо асыл кишилердин үстүнө мен жардырып түшүрдүм ээ?! Ооба, мен!.. Мен... алардын канына забын мына — мен!!!»

Коктудан-коктуга, андан кыяга жармашкан жол түгөнбөй, жолдон көтөрүлгөн чаң суюлбай уюлгуп, ушу чаң менен кошо тумандаган түрү суук ойдон арыла албай келаткан Акбаевдин көзү эми бет алдындагы чоң кырга урунду. Ушу кырга чыкса алиги жарылган аска, ошо аскадагы абал алаканга салгандай көрүнмөк. Эми кыялап отуруп чоң кырдын тээ, кайкысына жеткиче али кыйладай; чыдамы кеткен Акбаев неси болсо кырга батырак чыккысы келди да шофердон суранды:

— Ушерден эле туура чыга калчы, айланайын?

Жолдон бурулган ГАЗ-69 капталга жармашты. Бет алдынан жыт алган кийиктей арыш керген ал дароо кырга чыкты. Ана, калдайган сар аска, Акбаевдин көзү аска бооруна кадала калды: асканын белчесинен таарып-тилип бараткансыган бульдозер тигине; ошо таарындыны шилеп бараткансыган кишилер — каз катар, кишилердин кыймылы — ана!

Акбаев өз көзүнө ишенбей турду. Тиги, сары асканы мына, азыр көрүп тургандай, аска боорундагы бульдозерди да, кишилерди да кадалана карай берди: кишилердин шаңы бая күнкүдөй, аска боорундагы жолдо каз катар кыймылдаган алар не бир шайдоот да шаңдуу, бая күнкүдөй үн алышып ырдап атышкандай, ооба, ошо күнкү обон угулду:

...Ала-Тоонун аскасынан, кырынан
Алдас урган түнүк суунун шарына-ан...

Ырдын ар бир сөзүн шамал жеткирди бу кырга. Туу кырда арылдаган шамал бар эле. Жер какшытып ийер кургак шамалды Акбаев демейде жаман көрчү, эми күду чаңкап тургандай андан кере-кере жутту. Четте жүрүп, тууган жерине эми келген кишидей эле Акбаев ушул азыр: анын көзүнө баары ысык, баары ажайып көрүнүп кетти: мына бу өзү турган бийик кыр да, тиги көк челген сары аска да, анын боорунда жүргөн кишилер да, бульдозер да, а түгүл,

мындан көзүн ала качып, машинада култуюп отурган Мыктыбек да ысык көрүндү. Тигинде Мыктыбек менен кер-мур айтышып, аны кекете машинага салган мына бу шофер жигитке эбедени.эзилип турду Акбаевдин.

— Аман го?.. Эл аман го, айланайып?.. — Ушинткен Акбаевдин үнү дирилдеп, бар балаадан элди ушул шофер тозуп калгандай сурай берди:

— Ыя?.. Ыя, айланайып... эл чын эле аман калдыбы?.. Бульдозер кулаган жокпу? Тигине ал! Эл аман калдыбы?! Айтсаң?..

Ушинткен ал дагы эле өз көзүнө ишенбей тургандай ашыкты:

— Тез, айланайып! Тиги, элге тез жетели! Эл аман бекен деги?..

Азыр эле бу беттен соелонгон кийик кайра тиги беттен көрүнө калгандай кокту ылдый кудуп кирген «газик» эми тиги аска боорундагы элдин жанына жетти. Эрегише ишттеген элдин кыймылы шайдоот, ыкчам эле өздөрү түгүл, алардын колундагы шаймандары: кетмен менен күроктүн, кайло менен ломдун табышы да жарыша, эрегише, тоо арасына жаңырык таштап, жаңырыкты-жаңырык улайт. Жумуштан чарчагандай түрү жок, кишилердин маанайы жарык экен. Кайнаган эмгек үстүндө шаңдуу үндөр, шайыр күлкүлөр алоолоп туруптур.

— Ой, оой, жол четинен бери бол!

— Кечээги Кемелче зуулдап учкан турган го ыя, бу? Ха-ха-а!

— Ой, абайла-а! Анын бульдозерунун канаты бар да, а сенин канатың кана? Болсо, көргозчү? Ха-ха-ха-а!

— Ой,ал — Гагарин да!

Кишилердин арасынан бери суурулган Самак Акбаевге жетип кол алышып турду:

— Саламатсыздарбы?

— Кандай, Самак? — минткен Акбаев тиги сөз каткыча кайра сурады: — Аман-эсенсиңерби деги? Ой, а бульдозердун кулаганы ыраспы?

— Ырас,— деди Самак ууртунан жылмайып. — Кызык болду Адыл Акбаевич!

— Хе-хе! — күлө сүйлөдү Акбаев. — Кызыкты тапкан экенсиң! Бульдозер тоодон кулаганы кызык болсо...

— Жо, Адыл Акбаевич! — дей кетти Самак. — Кызыгы анын кулаганы эмес, шумдуктай болуп анын аман калганы кызык болду.

— Ии, ии? Айтчы, кай жерден? — утурлап калды Акбаев.

— Тетиги урчук таштан учуп, анан, тиги жерге түшүп отурбайбы,— Самак мына бу саландаган аска-ташты анан, ошонун алды жагындагы тектирчени көргөздү. — Эми бир кызык болду да! — деди жанагы «кызыкты» дагы бир кайталап,— тигинден шарт этип тайып кетип, анан, тиги тектир ташка барып дөңгөлөгү менен туруп калып отурбайбы! Тимеле бирөө колу менен алып кое койгондой болду!

— «Колу менен койгондой» дейсиң да! — арытан бирөө жиреди Самактын айтканын, — учуп барып конгондой болду. Куду эле бир канаттуу таштан-ташка учуп конгондой лып этип туруп калды тектирге.

Булардын айтымында: кечке жуук жарылган асканы жиреп кирген экен бульдозерчу. Эртең эрте жабыла чыгабыз, кеч кирди, эс алалы дешкен тигилердин сөзүнө кол шилтептир: «карацгы киргенче качан! А түнө чейин муну чүкөдөй эле шилеп таштайм».

Бульдозер учкан минутту көз алдына келтирди Акбаев; тула-бою кайра бир дүр этип, жүрөгү болк дей түштү да бульдозерчуну издеди:

— Кайда жүрөт ал? Чакырып койгулачы?

Тээ-тигинде асканы белчесинен араалап бараткансыган ал чакырыктан улам машинасы токтотту да бери түшүп келатты.

— Кеме-ел! Бас, ылдам!

— Оо, Гага-арин!

Өзүн тосо чыккан үндөрго тиги күлүп келатты. Ошо калыбында алыстан салам айтты топко:

— Ассалоому алейкум!

— Аалейкум ассалам! Кел, баатыр! — деди ири алды алик алган Акбаев,— Сен кечээ, анык баатыр болгон экенсиң го! Албетте, аман калышың — бул баатырдык! Ал эми бул элдин тилин албай кеч-күүгүмдө ишке чыкканың кандай болот? Ыя? — Жанына келген бульдозерчуга кол берген Акбаев аны далыга таптап, эркелетип турду. А тиги көзүн жулжүйтүп гана күлүп турду. Ошо, өзү аскадан учаардан аз мурдарак Акбаевдин айтканын эскерткенин анан, өзүнүн берген жообун эстеди: «мына бу тик беттен чеберде, баатыр».. А өзү колун шилтеп унчуккан: «мындан тик беттерден да чыкканбыз». «Чыгарыңа ишенем, ошондо да» «сактыкка кордук жок», деген, мына бу беттерден түптүү таштарды омкоруш оңой эмес».

Өзүнүн аша, эрдемсип ийгенине өзү уялып турду бул. Антсе да, муну оюн-чынынан «төө басты» кылар теңтуштарынан бар экен, ушуларда турган, ошолордун бир-экөөнүн үнү мунун кычыгына тийди:

— «Чүкөдөй шилечүмүн» деп туруп, өзүң чүкөдөй шиленип кала жаздадың!

— Анан, дегеле тилазарың кантесиң, ой! — ушинткендерди арытан бир үн басып кетти:

— Анткени менен бу баатыры — баатыр эле экен! Эр болсоң эми ушунчылап, бириң үчүп көрчү аскадан ха-ха-ха!

— Ошон үчүн — Гагарин да бул!

— Ырас,— деди, Акбаев да буга кошулду. — Оңой-олтоң эмес бу... Кечээ, Гагарин Жерден бир нече миң чакырым бөлүнүп чыгып, Космостун түбөлүк бек турган дарбазасын Адамга ачып берип кайра Жерге консо, эми, бу биздин Кемел,— деди аны далыга таптаган калыбында эргип күлдү: — Куш учуп өтө алгыз аскадан бульдозеру менен учуп аман түштү! Ха-ха!

Ооба, Акбаев азыр жаны-денинен жыргап күлдү.

Коркунучтуу түштөн ойгонуп кеткендей жаны-дени жеңилденди.

Мунун көзүнө: береги булут челген аска да, аска бетиндеги жол да, өзүнүн жанындагы кишилер да, а түгүл, тигил аска боорундагы бульдозер да не бир сүйкүм көрүндү... Ушунун баары бир аз эле мурун көз алдында чалмакей болуп, асман-жер аңтарылып баратпады беле...

Ой-ээй... көз ирмемге тыпбас тирилик!.. Сенин күйүнчүң менен сүйүнчүң дайым ээрчишип, кайгың менен кубанчың — эгиз экен го!..

1976—1982-жылдар.